# ИСЛАМ ДИНИ

## жана өзгөртүлгөн диндер менен топтор (секталар)

Даярдаган
Осман Карабыйык

Редакцияланган
үчүнчү басылма

Бишкек 2016

УДК 29
ББК 86.38
К 21

К 21 Ислам дини / Карабыйык Осман, 2016. - 320 б.

ISBN 978-9967-26-737-4

Соңку кездерде элибиздин ыймандуулукка жүзүн бурганы канчалык кубанычтуу болсо, анын таза болгон ыйманын сырткы күчтөрдүн токтоосуз уулоо максатында жүргүзүп жаткан саясаты да ошончолук кайгылуу экендиги талашсыз. Элибиздин биримдигине кооп туудуруп жаткан улуттук аң-сезимине жат багыттардын дин эркиндиги деген ураандын аркасында жашырынган иритки салуу үгүттөрүнө каршы туруу жетиштүү диний маалыматы болбогон мекендештерибиз үчүн оңойго турбайт.

"Ислам дини" китеби ошондой жагдайда элибиздин чындык менен калпты ажыратып алуусу үчүн көмөктөшүү максатында ишеничтүү булактардан алынып даярдалган.

Жалпы окурмандардын коомуна арналган бул китептин негизги максаты – салттуу болгон ахли сүннөт жолубуздун сыртындагы башка секталар жана диний агымдарды окурмандарга ошол топтордун өздөрүнүн эле китептери аркылуу тааныштыруу гана болуп саналат. Адашкан топтордун динди идеологияга айлантып алгандыгынын натыйжасында канчалаган мусулмандардын туура жолдон адашуусуна себеп болгондугу, элдердин, мамлекеттердин башына кооп туудуруп жаткандыгы тууралуу далилдердин негизинде маалыматтар берилген. Ушуну менен катар китепте адашкан топтор жана ишенимдер тууралуу атактуу Ислам аалымдарынын берген жооптору да орун алган.

К 0403000000-12
ISBN 978-9967-26-737-4

УДК 29
ББК 86.38
© Карабыйык Осман 2012

# АЛГЫ СӨЗ

Аллаху таалага хамд (мактоолор) болсун. Анын улуу пайгамбары Мухаммед алейхиссаламга салам жана салаваттар болсун. Анын ахли бейтине жана сахабаларына Аллахтын нуру жаасын.

Аллаху таала алгачкы адам жана алгачкы пайгамбар катары Адам алейхиссаламды жаратты. Адам алейхиссаламдан бүткүл адамзат тарады. Жер бетинде адамдар көбөйгөндөн кийин алардын бул дүйнөдө эркин жана тынчтыкта жашоолору, акыретте да түбөлүк бактылуу болуулары үчүн пайгамбарларды жиберди. Ошол пайгамбарлары аркылуу туура жолду көрсөттү. Адам алейхиссаламдан бери ыймандуулар менен ыймансыздар күрөшүп келет, күчтүү тарап жеңген. Ыймандуулар жеңген кездерде адамзат дүйнөдө маданияттуу болуп жашаган. Анткени, маданият дегенибиз бир гана техника эмес, адамдарды рух, дене жана пикир жагынан да эркин жашоого ээ болуулары дегенди билдирет.

Пайгамбарыбыз жана анын төрт халифасынын доорунда Омаяддар (Эмевилер), Андалусия мамлекети, мусулман түрк мамлекеттери, Селчук жана Осмон мамлекети доорунда адамзат эң эркин, тынч жана жаркын доорун башынан өткөрдү. Христиан динин карманган Европа чиркөө инквизициясына учураган, поптор акчага күнөө кечирип, оорулар өтө көбөйгөн, адамдар азгындап кеткен кезде, б.а., Европалыктар орто кылымдын караңгылыгында кыйналып жаткан маалда чыгышта Ислам дини алып келген адилеттүүлүк, илим жана адамгерчилик эрежелери аркылуу элдер адамдык бакытка жетишкен эле. Ошол кездерде түрк дүйнөсүндө, Мавераунахрда, Индия жарым аралында, Жакынкы Чыгыш жана Анатолияда миңдеген Аллах жолуна кирген адамдар жана олуялар бар эле. Ал эми, Аллаху тааланын: "Ниматтарымдын (оомат) баркын билип, шүкүр кылсаңар, б.а., буйруктарыма ылайык колдонсоңор аларды көбөйтөм. Баркын билбей, жактырбай убал кылсаңар аларды силерден алып, катуу азапка дуушар кыламын", - деген буйругун унуткан мусулмандардын башына Андалусияда Испандык балээ келди. Андан мурда Багдадды Хулагу басып алып, миңдеген мусулмандарды кырып, канын төккөн эле. Кийинки кылымдарда түрк дүйнөсүндө орустар менен кытайлардын акылга сыйбай турган кандуу аракеттери орун алды.

Азыр ошол сыяктуу кыйынчылыктарга, чабуулдарга дуушар болбой, жыргалчылыкта өмүр сүрүү, акыретте түбөлүк бакытка жетүү үчүн пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын сахабаларына көрсөткөн, сахабалар да ахли сүннөт аалымдарына түшүндүрүп берген, китептерде жазылган ахли сүннөт ишенимин карманып, Аллаху тааланын буйруктарына моюн сунуп, бир гана жакшылык кылууга умтулуубуз керек.

Бул китепте биз ахли сүннөт ишенимин, б.а., пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам көрсөтүп берген туура ыйман негиздерин жана ушундай ишенбеген адашкан диний агымдар жана негизи бузулган диндер тууралуу кененирээк маалымат бердик.

Аллаху таалага бизге ушундай туура жолду көрсөтүп, таза ыйман бергендиги үчүн чексиз мактоолор айтабыз.Мазмуну

# Мазмуну

**Кириш сөз ........ 8**
Дин деген эмне? ........ 8
Дин адамга эмне үчүн керек? ........ 8
Исламияттан таасирленген атактуу кишилердин сөздөрү ........ 10
Исламиятты кабыл кылган адамдардын Ислам тууралуу орток пикирлери ........ 16
Ислам деген эмне ........ 20
Ислам дининин булактары (Адилла-и шариййа) ........ 21
Курани карим ........ 21
Хадиси шарифтер ........ 22
Ижмаи уммат ........ 22
Кыяси фукаха ........ 22

## Биринчи бөлүм ........ 23

Ыйман деген эмне? ........ 23
Ыйман келтирүүнүн алгачкы шарты: Калимаи таухид ........ 24
Ыймандын туура болуусунун шарттары ........ 25
Ыйман туура болуш керек ........ 26
Ыймандын шарттары (Аманту) ........ 28
Ыймандын биринчи шарты: Аллаху таалага ишенүү ........ 29
Аллаху таала бар жана Ал жалгыз ........ 29
Бардык нерсени Аллаху таала жаратты ........ 32
Аллаху тааланы көрүү ........ 33
Аллаху тааланын ысымдары ........ 34
Аллаху тааланын сыпаттары ........ 36
Аллахка болгон махабат жана Аллахтан коркуу ........ 37
Аллаху тааладан коркпоонун белгилери ........ 39
Аллаху тааланын ыраазычылыгы ........ 39
Аллаху таалага хамд жана шүкүр кылуу ........ 40
**Ыймандын экинчи шарты: Периштелерге ишенүү ........ 40**
Периштелерге кандай ыйман келтирилет? ........ 40
Улуу периштелер ........ 42
Жиндер тууралуу ........ 42

**Ыймандын үчүнчү шарты: Китептерге ишенүү ................................ 44**
Самавий китептер........................................................................... 44
Курани карим ............................................................................... 46
Курани каримдин котормолору жана тафсири ................................. 47
Курани каримдеги маалыматтар ...................................................... 49
Курани каримди окуу...................................................................... 50
**Ыймандын төртүнчү шарты: Пайгамбарларга ишенүү........................ 51**
Пайгамбарлардын сыпаттары ......................................................... 52
Пайгамбарлардын саны.................................................................... 53
Мухаммед алейхиссалам ................................................................. 54
Мужиза, керемет, парасат, истидраж жана сыйкыр.............................. 58
Вахий, хадиси кудси жана хадиси шариф .......................................... 59
Сахаби деп кимдерди айтат.............................................................. 60
Расулуллах дайындаган акимдер ..................................................... 63
Расулуллахтын катиптери (катчылары)............................................... 64
Эң акыркы кайтыш болгон сахабалар ............................................... 64
Төрт улуу халифа............................................................................. 65
Абу Бакр Сыддык «радыйаллаху анх ................................................. 65
Омар бин Хаттаб «радыйаллаху анх.................................................. 69
Осман бин Аффан «радыйаллаху анх»............................................... 70
Али бин Абу Талиб «радыйаллаху анх» ............................................. 71
Расулуллахтын жубайлары ............................................................... 72
Расулуллахтын балдары ................................................................... 77
Расулуллахтын үй-бүлөсү (ахли бейт)............................................... 78
**Ыймандын бешинчи шарты: Акырет күнүнө ишенүү ........................... 81**
Кыяматтын белгилери ...................................................................... 81
Кабыр жашоосу................................................................................ 81
Кабыр суроктары жана жооптору........................................................ 82
Кабыр абалдары.............................................................................. 83
Сырат көпүрөсү ............................................................................... 85
Шапаат ........................................................................................... 86
Бейиш жана Тозок............................................................................ 87
**Ыймандын алтынчы шарты: Тагдырга ишенүү ..................................... 94**
Тагдырга ишенүү кандай болот?........................................................ 95
Таваккул (тобокел) деген эмне? ...................................................... 102
Ахли сүннөт ишеними (акыйдасы) .................................................... 105

Мусулмандар ахли сүннөт ишениминде болууга тийиш ........................ 112
Ыймандуу адамды кийин ыймансыздыкка алып бара турчу нерселер ... 113
Ыйманды жаңыртуу ........................................................................... 115
Ыйман дубасы..................................................................................... 118
Таждиди ыйман дубасы ...................................................................... 119
Жан чыгарда ыймансыз кетүүгө себеп болот турган нерселер................ 120
Тасаввуф, олуя жана керемет .............................................................. 120
Ыйман менен амалдын байланышы ...................................................... 130
Ыйман менен амалды буза турган жагдайлар ....................................... 137
Бидат .................................................................................................. 137
Куфур деген эмне? ............................................................................. 142

## Экинчи бөлүм........................................................146

Мазхаб, мужтахид, фыкх...................................................................... 146
Фыкх илими негизги төрт бөлүмгө бөлүнөт ............................................ 150
Мазхаб имамдары................................................................................. 153
Итикадда (ишенимде) мазхаб имамдары................................................. 153
Имам Абу Мансур Матуриди ................................................................ 153
Имам Абул Хасан Ашари ...................................................................... 155
Салафилик........................................................................................... 156
Амалдагы мазхаб имамдары.................................................................. 160
Имам Азам Абу Ханифа ....................................................................... 160
Имам Малик бин Анас.......................................................................... 169
Имам Шафии....................................................................................... 170
Имам Ахмед бин Ханбал....................................................................... 171
Ибадаттын түрлөрү .............................................................................. 173
Афали мукаллафин .............................................................................. 174
Фарз................................................................................................... 174
Важиб................................................................................................. 174
Сүннөт................................................................................................ 175
Мустахаб............................................................................................. 175
Мубах ................................................................................................. 176
Харам ................................................................................................. 176
Макрух................................................................................................ 177
Муфсид ............................................................................................... 177
Такваа, вараа, зухд .............................................................................. 177

Белгилүү фарздар ........ 178
Белгилүү харамдар ........ 182
Ислам дининдеги ыйык түндөр ........ 184

**Үчүнчү бөлүм ........ 195**

Негизи бузулган диндер жана секталар ........ 195
Яхудилик ........ 195
Христиандык ........ 214
Брахманизм, мажусийлер, сихтер, хиндулар ........ 235
Буддизм, Будда, Конфуций ........ 238
Шаманизм ........ 240
Бахаилик ........ 241
Ахмадия (Кадиянилик) ........ 242
Даразилер ........ 246
Язидилер ........ 247
Сурянилер ........ 249
Хуруфилик ........ 250
Шиилик ........ 253
Ваххабилик ........ 276
Диндеги кээ бир реформисттер ........ 304
Мусулмандар эмне себептен артта калган? ........ 321
Түркстандын кээ бир олуялары ........ 329

# КИРИШ СӨЗ

## Дин деген эмне?

Дин - адамдардын түбөлүк бакытка ээ болуулары үчүн Аллаху таала тарабынан көрсөтүлгөн жол. Аллаху таала Адам алейхиссаламдан бери ар миң жыл сайын пайгамбарлар аркылуу адамдарга дин жиберип турган. Адам алейхиссалам - алгачкы адам жана алгачкы Пайгамбар. Пайгамбарлар - Аллаху тааланын диндерин үгүттөөчү, жеткирүүчү, билдирүүчү адамдар. Жаңы динди алып келген пайгамбар **"Расул"** деп аталат. Ар кылым сайын эң таза адамды пайгамбар кылуу аркылуу диндерди кубаттандырып турган. Расулдарга баш ийген бул пайгамбарлар **"Наби"** деп аталат.

Бардык пайгамбарлар бир гана ыйман тууралуу айтышкан, б.а., үммөттөрүнөн бир нерсеге ыйман келтирүүлөрүн каалашкан. Адам алейхиссалам жана Мухаммед алейхиссаламдын билдирген ыйман негиздери бирдей. Бир гана жүрөк жана дене менен аткарыла турган амалдар жана сактануу керек болгон жагдайлар гана айырмаланып турган. Аллаху таала Расулдары аркылуу жиберген диндердеги бул сыяктуу жагдайлардын кээ бирөөлөрүн колдонуудан чыгарып, жаңы өкүмдөр киргизип турган. Ар бир дин өзүнөн мурда келген диндин өкүмдөрүн жоюп турган.

Соңку пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам өзүнөн мурда келген бардык диндердин өкүмдөрүн колдонуудан чыгарган. Азыркы учурда дүйнөдө жалгыз гана туура дин - Мухаммед алейхиссалам алып келген Ислам дини. Бул диндин эч бир өкүмү бузулган эмес. Эч качан бузулбайт дагы. Бул диндин ыйык китеби болуп эсептелген - Курани карим эч өзгөрбөй бул күнгө чейин сакталып келген.

## Дин адамга эмне үчүн керек?

Бүткүл жандууларга бардык ниматтарды, жакшылыктарды берүүчү бир гана Аллаху таала. Бардык нерсени бар кылып турган да - Ал. Айрым жакшы касиеттер адамдарга Аллахтын мээриминен

улам берилет. Тиричилик кылуу, билүү, көрүү, сүйлөө, кыймылдоо сыпаттары Аллах тарабынан берилет. Чексиз ниматтарды берген да – Аллаху таала. Адамды кыйынчылыктардан куткарган, дос-душманга, ыймандуу-ыймансызга бардык керектүү нерселерди жаратып жиберүүчү да – Аллаху таала. Ал ыймансыздарга да нимат берүүнү токтотпойт, жазалануусу керек болгондорду жазалоого да шашпайт. Ниматтарын доско да душманга да бирдей берип турат. Бүткүл ниматтардын эң чоңу болгон Исламиятты ачык айкын көрсөтүп берген. Жараткандарынын ичинен эң жакшылары болгон пайгамбарларына моюн сунуп, түбөлүк бакытка жетүүнү буюрат.

Жакшылык кылган адамга рахмат айтылыш керек экендигин адамдардын баары билет. Бул адамдык парз. Ал адамга сый урмат көрсөтүлөт. Андай болсо бардык ниматтардын жалгыз ээси болгон Аллаху таалага шүкүр кылуу - адамзатка парз. Аллаху таала бардык айып жана кемчиликтерден таза, адам баласынын кемчиликтери болсо өтө көп, ошондуктан, алардын Аллах менен байланышы жок. Аны кандай улуктоону, Ага кандай шүгүр кылууну, Ага кандай сыйынууну билбейт. Ага айтыла турган жакшы сөздөр Анын алдында жаман болуп болуусу мүмкүн. Ага болгон сый урматтар, Ага кылынган ибадаттардын түрлөрү эгер Анын Өзү тарабынан түшүндүрүлбөгөн болсо, бул сыяктуу иш-аракеттер татыктуу болуп эсептелбейт. Мына, өзү көрсөткөн ыйман, ибадат жана шүгүр кылуунун түрлөрү - пайгамбарлар билдирген диндер болуп саналат.

Адамдар пайгамбарлар билдирген ошол диндерге ишенип, Аллаху таалага туура ыйман келтирип, туура ибадат кылган. Ошентип, бул дүйнөдө да эркиндикте жана тынчтыкта жашап, акыретте да түбөлүк жана чексиз ниматтарга ээ болгон. Ал эми ишенбегендер болсо бул дүйнөдө адамдай жакшы жашай алган эмес, акыретте болсо чексиз азапка дуушар болгон. Мына ошондуктан, акылы толук болгон ар бир адам баласына дин, б.а., Ислам дини керектүү. Ага ишенүү жана моюн сунуу - акылдын талабы.

## Исламияттан таасирленген атактуу кишилердин сөздөрү.

Төмөндө өздөрү мусулман болбосо да Аллаху таалага ишенген жана Исламияттан абдан таасирлерген бир топ атактуу адамдардын Ислам тууралуу ойлорун жазып жатабыз. Мындай адамдар өтө көп. Биз бир гана дүйнөгө атагы чыккан адамдардын сөздөрүн билдиребиз.

**Наполеон**

Аты тарыхта аскер башчы, ошону менен бирге саясий ишмер катары таанымал болгон Франция императору Биринчи Наполеон (1769-1821) Египедге кирген жылы (1798.ж) Ислам дининин улуулугуна, тууралыгына таң калып, жада калса, кээ бир учурларда Исламиятты кабыл алуу тууралуу да ойдо болгон. Төмөндөгү айтылган сөздөр Черфилстин **“Bonaparte et Islam”** деп аталган китебинен алынган: “Ал мындай дейт: “Аллаху тааланын бар жана бир экендигин Муса алейхиссалам өз үммөтүнө, Иса алейхиссалам да өз үммөтүнө, ал эми Мухаммед алейхиссалам болсо бүткүл ааламга билдирди. Аравия эли толугу менен буттарга (жасалма теңирлерге) сыйынчу. Иса алейхисаламдан алты кылым кийин Мухаммед алейхиссалам өзүнөн мурда келген Ибрахим, Исмаил, Муса жана Иса алейхиссаламдар билдирген Аллаху тааланы арабдарга таанытты. Арабдарга жакын болгон ариандар (Ариус мазхабындагы христиандар) жана Иса пайгамбардын чыныгы динин бузуп, ага үч кудай, б.а., Аллах, Аллахтын уулу, Ыйык рух сыяктуу түшүнүксүз ишенимдерди жаюуга аракет кылгандар чыгыштын ыракат жана тынч жашоосуна залакасын тийгизген эле. Мухаммед алейхиссалам аларга чыныгы жолду көрсөткөн, Аллахтын бир экендигин, Анын атасы да, баласы да жок экендигин билдирүү аркылуу бир канча кудайга сыйынуунун буттарга сыйынуучулуктан калган адат экендигин түшүндүргөн”. Китептин дагы бир жеринде Наполеон: “Жакын арада бүткүл дүйнөнүн интеллигенттерин жыйнап, бир мамлекет куруугa жана бул мамлекетти Куранда жазылган өкүмдөрдүн негизинде башкарууга мүмкүнчүлүк табам деп ойлоймун. Бир гана Куранда жазылган негиздердин туура экендигине ишенемин. Алар адам баласын бакытка жеткирет”, - деп айтат.

**Профессор Карлайл**

Дүйнөгө белгилүү болгон атактуу окумуштуулардын бири Шотландиялык Томас Карлайл (1795-1881) 14 жашында университетке кирип, укук, адабият жана тарых боюнча билим алып, немис жана чыгыш тилдерин үйрөнгөн. Атактуу немис адабиятчысы Гёте менен кат жазышып, аны менен кездешип турган. Ага Ислам тууралуу ойлорун билдирип турган. Ал Единбург университетине ректор болуп шайланат. Карлайлдын “Негр маселеси”, “Франция революциясы”, “14-15чи кылым немис адабияты”, “Гёте жана анын өлүмү”, “Азыркы жумушчулар”, “Баатырлар жана аларга сыйынуу, тарыхтагы баатырдык”, “Алты конференция” аттуу эмгектери бар.

Мына бул үзүндү анын “Арабдар, Мухаммед алейхиссалам жана анын доору” аттуу эмгегинен алынды: “Мухаммед алейхиссалам келерден мурда арабдар жашаган жерге чоң от келип түшкөндө алар какырагаган кумдун үстүндө жок болуп, издери дагы билинбей калмак. Бирок, Мухаммед алейхиссалам келгенде кумга толгон бул чөл күкүрт толгон челекке айланды. Делиден Гренадага чейинки жерлер бир заматта асманга көтөрүлгөн алоологон отко айланды. Бул улуу зат чагылган сыяктуу болду жана айланасындагы бардык адамдар андан учкун алышкан эле”.

Конференциясынан:

“Курани каримди окуган сайын анын жөнөкөй эле бир адабий чыгарма эмес экендигин дароо сезесиз. Курани карим - жүрөктөн чыккан жана бардык жүрөктөргө тез өтө турчу чыгарма. Башка бардык чыгармалар бул укмуштуудай чыгарманын жанында дайны чыкпай калат. Курани каримдин эң башкы өзгөчөлүгү анын туура жана толук жол көрсөтүүчү экендигинде. Менимче, Курани каримдин артыкчылыгы мына ушунда”.

Саякат эстелигинде:

“Германияда досум Гётеге Ислам тууралуу жыйнаган маалыматтарымды жана Ислам жөнүндө ойлорумду билдирген элем. Гёте мени көңүл коюп угуп турду да: “Эгер Ислам ушундай болсо, анда биз баарыбыз мусулманбыз”, - деп айты.

**Махатма Ганди**

Ганди (1869-1948) Батыш Индиянын атактуу христиан үй-бүлөсүнөн чыккан. Атасы Порптандар шаарынын башкы попу болгон. Ал өтө бай киши эле. Ганди Порптандар шаарында туулган. Лицейде окуу үчүн Англияга барат. Окуусун бүткөндөн кийин Индияга кайтып келет. 1893-жылы бир Индиялык фирма тарабынан Түштүк Африкага жиберилет. Ганди ал жердеги Индиялыктардын оор шарттарда эмгектенип жаткандыгын, аларга өтө жаман мамилеле жасалып жаткандыгын көрүп, алардын жакшы саясий укуктарга ээ болуулары үчүн күрөшүүгө аттанат. Өзүн Индия элине түбөлүк арнайт. Индиялыктардын укутарын коргоо максатында Түштүк Африка өкмөтү менен күрөшүп жатканда камакка алынат. Бирок, күрөшүүдөн кайткан эмес. Африкада 1914-жылга чейин калат. Анан бул жердеги акчалуу жумушун таштап, Индияга барат. Индиянын эгемендүүлүгү үчүн 1906-жылы мусулмандар тарабынан курулган Индия мусулмандарынын биримдиги менен бирге аракет кыла баштайт. Атасынын жана өзүнүн бардык байлыгын бул жолго сарптайт.

Британ империясынын экинчи жолу зордук зомболук аракеттерине даярданып жаткандыгын угуп, мусулмандар менен биригип, бардык досторунун мамлекеттик кызматтардан чыгып, купуя күрөшкө кирүүлөрүн камсыз кылат. Денесине ак чүпөрөк ороп алып, бир гана сүт ичүү менен чектелүү аркылуу каршылыгын билдирди. Британдыктар алгач анын иш-аракеттерине күлүшөт. Бирок, убакыт өткөн сайын, өз пикирлеринде бекем туруп жана мекени үчүн бардык нерсесин берүүгө даяр болгон бул адамды бүткүл Индия эли ээрчигенин алар таң калып жана коркуп карап турушту. Аны камакка алуу эч кандай майнап берген эмес. Гандинин иш-аракеттеринин натыйжасында Индия эгемендүүлүккө ээ болду. Индиялыктар тарабынан ага “Касиеттүү” деген маанидеги Махатма деген лакап берилди.

Ганди Ислам динин жана Курани каримди кылдаттык менен изилдеп чыгат жана Исламиятка таң калат. Бул тууралуу мындай дейт:

“Мусулмандар эң жаркын жана эң жеңиштүү күндөрүндө да чектен чыгышкан эмес. Ислам дини дүйнөнү Жаратуучуга жана Анын

жаратуучулугуна таң калууга чакырат. Батыш, өтө жаман абалда турганда Чыгышта жарк эткен Ислам жылдызы азаптанып жаткан дүйнөгө нур, тынчтык жана эркиндик алып келген эле. Ислам дини жалган дин эмес. Индия эли бул динди урматтап изилдеп чыга турган болсо, алар дагы Исламды мен сыяктуу эле сүйүп калышат. Мен Ислам дининин Пайгамбарын жана анын жанындагылардын кандай жашагандыктары жөнүндө жазылган китептерди окудум. Алар мени ушунчалык кызыктырып калгандыктан, китептер бүткөндөн кийин, алар тууралуу жазылган китептердин аз экендиги мени капалантты. Мен мындай деген жыйынтыкка келдим: Исламияттын тез жайылуусу кылычтын жардамы менен жүзөгө ашкан эмес. Тескерисинче, баарынан мурда жөнөкөйлүгү, рационалдуулугу жана Пайгамбарынын кичи пейилдүүлүгү, ар дайым сөзүнө бекем болгондугу, жакындарына жана бардык мусулмандарга карата өтө мээримдүүлүгү аркылуу адамдардын жүрөктөрүндө орун алган.

Ислам дини монахтык системаны алып таштаган. Исламда Аллаху таала менен пенде ортосунда эч кандай ортомчулдук болгон эмес. Ислам дини башынан эле баштап коомдук адилеттүүлүккө чакыруучу дин. Аллах менен пенде арасында эч кандай жеке мекеме жок. Курани каримди (анын тафсирин, Ислам аалымдарынын китептерин) окуган ар бир адам Аллаху тааланын буйруктарын үйрөнүп, Ага моюн сунат. Андай болсо, Аллаху таала менен пенде арасында эч кандай кедерги жок. Христиандыкта көптөгөн кемчиликтер болгондуктан, түрдүү реформаларды жасоого аргасыз болушкан. Ал эми Ислам дини эч кандай өзгөрбөстөн ошол бойдон сакталган. Христиан势 udininde демократиялык рух жок. Бул динге демократиялык дем берүү үчүн христиандар улуттук сезимдерин күчөтүп, ушуга байланыштуу реформаларды жасоолору керек болгон".

**Профессор Эрнест Ренан**

Француз ойчул Э. Ренан тууралуу айта турган болсок ал 1823-жылы Франциянын Трегуэр шаарында туулган. Атасы капитан катары кызмат кылган. Беш жашында атасы кайтыш болот. Энеси жана эжесинин тарбиясын алып чоңойот. Апасы аны диндар адам болуусун каалап, чиркөө колледжине окууга берет. Ошол жерде дин илимин терең үйрөнөт. Ал чыгыш тилдерине өтө кызыгып,

араб, ибраний жана суряний тилдерин үйрөнөт. Андан кийин, университетке кирип, философия багытында билим алган. Илими терендеп, Немис философиясы менен чыгыш адабиятын кылдаттык менен изилдеген сайын христиан done дининде бир катар кемчиликтер бар экенин байкайт. 1848-жылы 25 жашында университетти бүтүргөн кезде христиан динине толугу менен каршылыгын билдирип, өз ойлорун "Билимдин келечеги" аттуу китебинде билдирет. Бирок, каршылык билдирүү катарында болгон бул китепти эч бир басмакана басып чыгарууга даай алган эмес. Бул китеп 42 жылдан кийин гана 1890-жылы басылып чыккан.

Ренан баарынан мурда Иса алейхиссаламдын Аллахтын баласы эмес экенин айтар эле. Ал Версаль университетинин профессору наамын алгандан кийин, бул оюн акырындык менен түшүндүрө баштады. Алгачкы сабагында: "Иса алейхиссалам өтө сый урматтуу жана башка адамдарга караганда өтө бийик даражадагы адам эле. Бирок, ал эч качан Аллаху тааланын уулу болгон эмес", - деп айтчу. Анын бул сөздөрүнө Рим папасынан баштап бардык католиктер каршы чыккан. Папа аны элдин көзүнчө чиркөөдөн кууп таштаган. Франция өкмөтү аны кызматынан кетирүүгө аргасыз болот. Бирок, Ренанга көптөгөн жактоочулар табылат. **"Дин тарыхы тууралуу тажрыйбалар", "Сын жана этика тууралуу изилдөөлөр", "Философиялык маектер"** жана **"Исанын өмүр баяны"** аттуу чыгармаларды жазат. Франция академиясы аны мүчөлүккө (1878.ж) кабыл алат. Франция өкмөтү да Ренанды кайра кызматка чакырып, аны Франция колледжине директор кылып дайындайт.

Ренан "Исанын өмүрү" аттуу эмгегинде аны адам катары изилдейт. Ренандын оюу боюнча: "Иса алейхиссалам биз сыяктуу эле адам. Энеси Мариям Юсуф аттуу жыгач уста менен никелешкен. Иса алейхиссаламдын бала кезинде айткан сөздөрүнө көптөгөн аалымдар таң калышчу. Аллаху таала аны пайгамбардыкка татыктуу деп, ага бул милдетти жүктөйт. Иса алейхиссалам эч качан: "Мен Аллахтын баласымын", - деп айткан эмес. Бул поптор тарабынан жабылган жалаа".

Католик поптор менен Ренан арасындагы күрөш көпкө созулат. Католиктер аны динсиз деп айыптаса, ал эми Ренан аларды жалганчы жана эки жүздүү деп айыптачу. Ренан: ***"Чыныгы Насрани дини -***

***Аллахты бир жана Иса алейхиссаламды бир гана адам жана пайгамбар деп кабылдаган дин”,*** - деп айтчу. Ренан кайтыш болгондо ага черкөөдө диний жөрөлгө кылынбоосун жана жаназага поптордун катышпоолорун керээз кылып айтып кеткен. 1892-жылы ал кайтыш болгондо анын жаназасына сүйгөн достору жана аны жактап жүргөн чоң жамаат гана катышкан.

**Ламартин**

Франциянын дүйнөгө белгилүү чоң адабиятчысы жана коомдук ишмерлеринен бири болгон Ламартин (1790-1869) жумушуна байланыштуу бүткүл Европаны жана Американы кыдырып, Султан Абдулмажит хандын доорунда Осмон мамлекетине да (азыркы Турция) барган. Падыша тарабынан жылуу тосуп алынган Ламартинге Айдын аймагынын тегерегинде чарбачылык жер белекке берилген. Ламартин “Түркия тарыхы” аттуу эмгегинде Мухаммед алейхиссалам тууралуу мындай деп жазат: “Мухаммед «саллаллаху алейхи васаллам» жалган пайгамбар беле? Анын эмгектерин жана өмүр баянын изилдеп чыккандан кийин мындай деп айта албайбыз. Анткени, жалган пайгамбарлык - эки жүздүү дегендик болот. Эки жүздүү адамда ынандыруучулук касиет болбойт.

Механикада бир нерсени ыргытканда анын жеткен жеринин алыстыгы аны ыргытуу күчүнө байланыштуу болот. Руханий илхамдын күчү да анын чыккан жери менен өлчөнөт. Ушунча көп нерсени камтыган, ушунчалык көп территорияга жайылган жана ушунча убакыт өзүн күчүн жоготпой сактап келген Ислам дининин жалган болушу мүмкүн эмес. Мухаммед алейхиссаламдын өмүр жолу, иш-аракеттери, элдердин жасалма теңирлерге сыйынууларына баатырларча каршы туруп, аларды жоюусу, буттарга сыйынган уруунун көрсөткөн кыйынчылыктарына каршы эр жүрөктүүлүгү, өзүнө көрсөтүлгөн каршылыктарга карабастан 13 жыл бою Мекке шарындагы капырлардын кыйноолоруна жана зордуктарына чыдоосу, Медина шаарына көчүүсү, токтоосуз кылган үгүт-насааттары, күчтүү душманга каршы кылган жихаттары, жеңишке болгон ишеними, эң оор убакыттарда да сабырдуулугу, жеңишке ээ болгондо да көрсөткөн сабырдуулугу жана тобокели, сөздөрүн кабыл кылдыра алган касиети, Аллахка кылган ибадаттары, Аллаху таала менен болгон

ыйык сүйлөшүүлөрү, өлүмү жана андан кийин да уланып турган атагы, жеңиштери анын эч качан жалган пайгамбар болбогонун, тескерисинче, өтө бекем ыйманга ээ мусулман экенин көрсөтөт.

Мына, анын бул ыйманы, Раббине болгон ишеничи эки түрдүү итикад, ишенимди пайда кылды: Биринчиси - жалгыз, түбөлүктүү болгон Аллахтын бар экендиги, экинчиси - буттардын кудай эмес экендиги. Биринчиси аркылуу арабдарга ошол доорго чейин таанылбай келген бир Аллахты таанытты, экинчиси аркылуу ошол доорго чейин теңир деп билинген буттардын жоюлуусун камсыз кылды. Кыскасы, бир кылыч соккусу менен жалган теңирлерди, буттарды жок кылып, анын ордуна бир Аллах ишенимин жайгаштырган эле.

Философ, насаатчы, пайгамбар, мыйзам чыгаруучу, жаңы ыйман негиздерин көрсөтүүчү, 20 улуу империя аркылуу улуу Ислам мамлекеттерин жана маданияттарын курган улуу адам бул – Мухаммед алейхиссалам «саллаллаху алейхи васаллам»

Улуктугу кандай курал менен өлчөнсө өлчөнсүн, бирок, Андан да улук адам барбы? Болуусу мүмкүн эмес «саллаллаху таала алейхи ва саллам»".

**Исламиятты кабыл кылган адамдардын Ислам тууралуу орток пикирлери**

Өз диндеринен чыгып, Ислам динин кабыл алган түрдүү улут өкүлдөрүнүн Исламды эмне себептен кабыл кылгандыктары, динибиздин башка диндерден айырмачылыктары жана артыкчылыктары тууралуу мындай деген пикирлерди айтышкан:

Ислам召 дининде Жаратуучу бирөө гана. Анын аты - Аллаху таала. Башка диндердеги көп Теңир түшүнүгү бул акылга сыйбай турган нерсе.

Ислам дини адамдарга бир гана руханий илим берүү менен чектелбестен бул дүйнөдө да эмне кылуу керектиги тууралуу да билдирип, жол көрсөтөт.

Христиандар адамдардын күнөөкөр болуп туулушун, алар бир гана азап тартуу үчүн жашоолору керек экенин айтышат. Ислам дини

болсо адам баласы күнөөсүз туулат деп, ар бир адамдын Аллахтын сүйүктүү кулу экенин, акылдуу жана балагат жашына толгон ар бир адамдын кылган иштери үчүн жеке өзү жоопкер боло тургандыгын, туура жолдо жүргөндөр болсо акыретте чексиз сыйлыктарга ээ боло турганын айтат.

Ислам дини ибадат, дуба кылуу, тообо кылуу үчүн кул менен Аллаху тааланын ортосуна эч кимди киргизбейт. Буларды орундоо үчүн поптордун да кажети жок.

Ислам дини адамдардын улутуна, түсүнө, тилине, мамлекетине карабастан бардык мусулмандардын бири-бирине бир тууган экендигин көрсөтөт. Исламда Аллаху тааланын алдында адамдардын баары тең. Намаз окуганда бардык адамдардын даражасы бирдей. Бай менен кедей, ак менен кара баары бир катарда туруп, бирге сажда кылышат.

Ислам714 дининде пайгамбарлар (алейхимуссалам) биз сыяктуу эле адамдар болуп эсептелет. Алар бардык жагынан алып караганда адамдар арасында эң жогорку даражалуулар. Алардын милдеттери - Аллаху тааланын буйруктарын бизге жеткирүү. Жакшы мүнөз жана адамгерчилигине карап Аллаху таала аларды тандап алып, аларга бул милдеттерди берген. Ислам дини ушул күнгө чейин келген бардык пайгамбарларды тастыктап, аларды урматтайт.

Ислам дини – негиздүү, мааниилүү дин. Курани каримде түшүнүксүз, турмуштун талаптарына жооп бербеген жана табият дал келбеген эч кандай өкүм кездешпейт. Берген буйруктары пайдалуу.

Христиан дини адам баласын Аллаху тааладан коркууга чакырат, ал эми Ислам Аллахты сүйүүгө чакырат. Мусулман адам Аллахтын махабатынан алыстап калуудан коркот.

- “Мусулман бол”, - деп эч ким эч кимди мажбур кыла албайт. Курани каримдин **“Бакара”** сүрөсүнүн 256-аятында **“Динге мажбурлап киргизүү жок”** деген буйрук бар. Бирок, христиан миссионерлери адамдарды мажбур кылып же бир нерсеге кызыктырып өз диндерине киргизүүгө аракет кылышат.
- Исламда ибадаттар жалгыз Аллаху таалага шүгүр кылуу, Анын сүйүүсүнө жетүү үчүн кылынат. Ибадат кылуу убакыттары белгилүү болгондуктан булар адамды тартиптүүлүккө көндүрөт,

жылына бир жолу орозо кармоо болсо адамга өз эркин бекемдөөгө жана напсин жеңүүгө машыктырат.

- Ислам тазалыкка аябай маани берүүчү дин. Ибадат кылуудан мурда дененин таза болуусун буюрган жалгыз дин – Ислам дини. Башка диндерде мындай нерсе жок. Ибадаттар да кыска болгондуктан күнүмдүк тиричиликке терс таасирин тийгизбейт.
- Христиан динаятчыларынын насааттарында айтылуучу, бирок, өздөрүнүн жана башка христиандардын эч качан аткарбай турган кичи пейилдүүлүк, мээримдүүлүк сыяктуу жакшы мүнөздөр мусулмандарда гана бар.[1]
- Ислам дини экономикалык жактан капиталисттик жана коммунисттик түшүнүктөрдү кабыл кылбай четке кагат. Кедейлерди коргоп, байларды күнөөлөбөйт. Байларды кедейлерге зекет жана садага берүүлөрүн буюрат. Ошондой эле, жер жүзүндөгү түрдүү улуттарга жана коомдорго таандык болгон мусулмандар бир жерге жыйналышып (Ажылык сыяктуу), дүйнөдөгү эң жакшы социалдык тартипти түзгөн.
- Ислам дини алкогол ичимдиктерин, кумар оюндарды жана наркотикалык заттарды харам кылган. Дүйнөдөгү эң чон жамандыктар ушул үч балээден улам пайда болууда.
- Адамдардын өлүмдөн кийинки абалы, акырет жашоосу тууралуу эч бир христиан дин адамы түшүнүк бере албайт. Булар тууралуу эң так түшүнүк берген дин - Ислам дини.
- Ислам дини - кедейлерге, жетим жесирлерге, жолоочуларга жана кайсы динде болгонуна карабастан муктаж адамга жардам берүүнү буюруучу жалгыз дин.
- Ислам дини эч бир адамдан ал түшүнбөгөн нерселерди кабыл кылууну талап кылбайт. Башка диндердегидей купуя, сыр катары кабыл алууну негиздөөчү ишеним жок.
- Исламда кандайдыр бир маселе алгач Курани каримден изделет, андан табылбай турган болсо Расулуллахтын сүннөттөрүнөн изделет. Андан да табылбай турган болсо буга илими эгедер болгондордун ижтихад кылуулары (ошол ишке өкүм берүүлөрү) негиз болуп каралат.
- Ислам дини эң жаңы дин. Курани каримде алгачкы күнүнөн баштап азыркыга чейин эч кандай өзгөрүш болгон эмес. Анда

1 Kemahlı Feyzullah Efendi, “Herkese Lazım Olan Iman”, 255-бет, Стамбул 2010.

бардык керектүү нерселерди камсыз кылуучу өкүмдөр бар. Булар ушунчалык ачык айкын болгондуктан Исламдан башка дин келбей тургандыгын, адамдардын диний керектөөлөрүн толук камсыз кыла турганын түшүнүүгө болот.

- Исламда бардык жерде ибадат кылууга уруксат берилет. Ибадат кылыш үчүн милдеттүү түрдө мечитке барууга мажбур кылынбайт. Мусулман адам башка диндердин ибадатканаларына зулумдук кылбайт, муктаж болгон учурларда чиркөөдө да намаз окуй алат.
- Ислам дини аял затын өтө жогору баалап, аларга эң чоң укуктарды берет. Исламда бир канча аялга үйлөнүү сыяктуу буйрук жок. Бул маселеде белгилүү бир сандан ашпоо жана кээ бир милдеттерди аткаруу шарты менен гана уруксат берилген. Ислам дини келген кездерде арабдар каалашынча аял менен алардын укуктарына маани бербестен жашай бере турган. Ислам дини аларды ушундай жаман жагдайдан куткарып, алардын укуктарын коргогон. Мухаммед алейхиссалам: **“Бейиш энелердин таманынын астында”,** - деп айтып, аялдарга өзгөчө орун берген. Бул болсо эч бир динде жок.
- Ислам дини адамдарды эмгектенүүгө, пайдалуу нерселерди үйрөнүүгө, алгач өз акылы жана аракети менен эмгектенгенден кийин Аллаху тааладан жардам суроого чакырат. “Бир саат ойлонуу жана пайдалуу жумуш менен алектенүү бир жыл (нафил) ибадат кылууга тете”, - деген Исламдан башка дин жок.
- Ислам - рух жана дененин тазалыгы. Ушул экөөнө бирдей көңүл бурат. Исламда бир гана мээримдүүлүк, жарык маанайлуулук, жылуу сөз, чынчылдык жана жакшылык кылуу сыяктуу касиеттер бар.
- Ислам дини Аллаху тааланы **Раббульалемин,** б.а., бүткүл ааламдардын Аллахы деп баяндайт. Башка диндердеги сыяктуу бир гана ошол дин өкүлдөрүнүн сыйына турган Кудайы катары түшүнүүгө болбойт.

Тынчтык издеген көңүлдөр аны бир гана Курани каримде табышат. Курани каримде муктаждардын көңүлүн алуучу, аларды ыракатка бөлөөчү, эмне кылуулары керек экендигин үйрөтүүчү насихаттыр бар.

## Ислам деген эмне?

Аллаху тааланын Жабраил периште аркылуу сүйүктүү жана акыркы пайгамбары Мухаммед алейхиссаламга жиберген дини Ислам деп аталат. Ислам - адамдардын дүйнөдө тынчтык жана эркиндикте жашап, акыретте түбөлүк бакытка жетүүлөрүн камсыз кылуучу эрежелердин жыйынтыгы. Эски диндердеги бардык жакшы касиеттерди Ислам дини өзүнө камтыган. Бардык бакыт жана жакшылыктар ошондо. Ислам - аң-сезимдүү адам сөзсүз кабыл ала турган негиздер жана руханий маанилүү нерселердерден турат.

Жаратылышында тазалык болгон адамдар Исламга душман болушпайт. Исламдын ичинде эч кандай зыяндуулук жок. Анын сыртында да эч кандай пайда жок.

Ислам адамдарды бири-бирин сүйүүгө, бири-бири менен жардамдашууга, бир туугандардай өмүр сүрүүгө чакырат. Мамлекеттерди өнүктүрүүнү, адамдардын руханий, дене жана пикир жагынан эркин жашоолорун каалайт. Аллаху тааланын буйруктарын урматтоону, бардык жандууларга мээримдүү болууну буюрган. Ислам жандуу-жансыз ар бир жаратылганга карата жоопкерчиликти жүктөнгөн. Ушуну менен катар, адам напсинин бардык ыпластыктардан арылуусун камсыздайт. Жаман көнүмүш адаттардан алыстап, напсини тарбиялоого чакырат. Жалкоолукка, убакытты текке кетирүүгө тыюу салып, билимге, техникага, өнөрчүлүккө, соодага, дыйканчылыкка, өндүрүшкө өтө чоң маани берет. Дини, мекени жана ишеними башка адамдарга каршы күч көрсөтүүгө тыюу салат. Жеке адамдын, коомдордун жана улуттардын укуктары жана милдеттерин так көрсөтөт. Тирүүлөргө, өлгөндөргө, туула тургандарга, баарына өзүнө тийиштүү укук жана жоопкерчиликтерди жүктөөдө. Ислам дини адамзаттын эки дүйнөдө тең бактылуу болуусун көздөйт.

Башка диндердин негизи өзгөртүлүп, диний өкүмдөрдүн ордуна адамдар ойлоп чыгарган пикирлер орун алган.

Аллаху таала адамдардын дүйнөдө тынчтык жана эркиндикте жашап, акыретте түбөлүк бакытка жетүүлөрүн каалайт. Ошондуктан, бакытка жеткире турчу пайдалуу нерселерди жасоону буюрган. Зыяндуу нерселерге тыюу салат. Динге ишенсин-ишенбесин, каалаган бир адам билип же билбей Аллаху тааланын буйруктарына моюн сунса дүйнөдө ыракат өмүр сүрөт. Азыркы учурда динсиз

адамдардын жана улуттардын бир топ иштерде өнүгүүлөрүнүн себеби, Ислам désininde айтылгандай аракет кылгандыктарына байланыштуу болууда. Ал эми, акыретте бактылуу болуу үчүн Ислам динине ишенип, ыйман келтирүүлөрү да кажет.

Ислам үч негиз: **илим, амал, жана ыкыластан** турат. Б.а., Ислам тууралуу билим алуу, үйрөнгөндөрүн орундоо, кылган бардык амалдарын бир гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жасоо керек. Ислам - ыйман илими, фыкх илими, калб (көңүл-жүрөк) илимдери болуп үчкө бөлүнөт. Мусулман адам ыйман илимин **Ахли сүннөт аалымдары**нын китептеринен үйрөнөт. Амал илимин төрт мазхабдын фыкх китептеринен үйрөнөт. **Ахли сүннөт аалымдары** бул илимдерди сахабалардан үйрөнүшкөн. Ал эми, сахабалар Пайгамбарыбыздан үйрөнүшкөн.

## Ислам désininin булактары
## (Адиллаи шарийа)

Ислам дини төмөндөкү төрт далилге таянат:

### 1. Курани карим

**Курани карим** - Аллаху таала тарабынан Жабраил алейхиссалам аркылуу Мухаммед алехиссаламга жиберилген китеп. Курани каримде 114 сүрө, 6236 аят бар. Курани карим Мухаммед алехиссаламга жиберилген калыпта сакталган, эч кандай өзгөртүү киргизилген эмес. Мухаммед алейхиссалам кайтыш болгондон кийин Халифа Абу Бакр «радыйаллаху анх» Курани каримди жатка билгендерди жыйнап, жазылгандарды топтоп, бир кеңешме тобуна баарын жаздырган. Отуз үч миң сахаба ошол жазылган китептин ар бир тамгасынын туура экенин бир добуштан тастыкташкан. Бул китеп **“Мусхаф”** деп аталат. 1400 жылдан бери ушул күнгө чейин Курани карим өзгөрбөстөн келген. Азыркы учурда дүйнөдөгү Куран китептеринин баары бирдей.

Курани карим - Аллаху тааланын сөзү. Аллаху таала Курани каримди Мухаммед алейхиссаламга жиберген. Ошондуктан, да аны эң жакшы түшүнгөн адам - Мухаммед алейхиссалам. Пайгамбарлыктын эмне экенин жакшы түшүнбөгөн кээ бир динсиздер Курани каримди өзүбүз түшүнө алабыз деп ойлошот. Мухаммед алейхиссалам Курани каримди **сахабала**рга окуп, **хадиси**

**шариф**тер аркылуу түшүндүрүп берген. **Ахли сүннөт аалымдары** бул түшүндүрмөлөрдү китептерине жазып алышкан. Курани карим жана хадиси шарифтерден жаңылыш маани чыгаргандар **бидат ээлери** (бидатчылар, өзгөртүүчүлөр) деп аталат. Өз ойлорун сөздөрүн аят жана хадис деп эсептегендер зындык (динсиз) болуп эсептелет.

**2. Хадиси шарифтер**

Мааниси да, сөзү пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламга таандык болгон хадистер **Хадиси шариф** деп аталат. Мааниси Аллаху тааладан келген, сөздөрү Мухаммед алейхиссалам тарабынан айтылган хадистер **Хадиси Кудси** деп аталат. Мухаммед алейхиссаламдын хадистери баалуу хадис китептерде жыйналган. Ислам аалымдарынын бардыгы тарабынан туура деп тастыкталган алты хадис китеби бар. Алар "**Кутуб-у Ситта"** деп аталат. Алардын ичинен эң таанымалы **"Бухари-и Шариф"** хадис китеби. Калгандары: **"Сахих-и Муслим", "Муватта",** Тирмизинин **"Жами'ус Сахих"** китеби, Абу Давуддун **"Сунан"** китеби, Имам Насаинин **"Сунан-и Сагир"** китеби.

**3. Ижма-и уммат**

Бир доордо жашаган мужтахиддердин, б.а., Курани каримден жана хадистерден өкүм чыгара алуучу ахли сүннөт аалымдарынын бир маселенин чечиминдеги сөз бирлиги **"Ижма-и уммат"** деп аталат. Ижманын да даражалары болот. Эң жогорку даражадагы ижма сахабаларга таандык. Сахабалардын ар бири мужтахид болуп эсептелет. Сахабалар менен табиин'ул-изамдар, ошол эки муундун аалымдары бирге **"Салаф-ус салихин"** деп аталат. Алардан кийин хижраттын 400-жылына чейин келген ахли сүннөт аалымдары **"Халеф-ус Садыкин"** деп аталат. Алар ыйман, амал илимдери жана калб (көңүл) марифаттарында (руханий илимдер) салаф-ус салихинден алысташкан эмес.

**4. Кыяс-ы фукаха**

Курани карим, хадиси шарифтердин жана Ижма-и умматтын негизинде чыгарылган Ислам өкүмдөрү - **"Кыяс-ы Фукаха"** деп аталат. Муну жасай турган аалымдарды "мужтахид" деп аташат.

Бир мужтахиддин чыгарган өкүмдөрүнүн жалпы аталышы - **"Мазхаб"**. Ахли сүннөттүн төрт мазхабы болгон Ханафи, Шафии, Малики, Ханбали мазхабдарынын бардык өкүмдөрү китептерге көчүрүлгөн.

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ

## Ыйман деген эмне?

**Ыйман** - акыркы пайгамбар Мухаммед алехиссаламдын пайгамбар катары көрсөткөн нерселерин акыл, тажрыйба жана философияга таянбастан кабыл кылып, аларга ишенүү жана ыйман келтирүү дегенди билдирет. Акыл пайгамбар тарабынан билдирилген нерселерди туура деп эсептей турган болсо, бул толук жетилген акыл болуп саналат.

Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын пайгамбар катары билдирген буйруктарына ишенбөө же шектенүү - куфур болуп эсептелет. Б.а., бул - Ислам динине ишенбегендикке жатат. Мындай адам **"кафир"** (капыр) деп аталат.

**Ыйман** – бул Курани каримде жана хадис экендиги так белгилүү болгон хадиси шарифтерде анык көрсөтүлгөн нерселерге толук ишенүү. Буларга ишенген адамдар **"момун"** жана **"мусулман"** деп аталат. Алар Мухаммед алейхиссаламдын үммөтү болуп эсептелет. Мухаммед алейхиссаламдын үммөтүнүн ичинде туура жолду карманган, Пайгамбар билдиргендей ыйман келтирген жалгыз бир топ бар, ал **"ахли суннат вал жамаат"** тобу. Мусулмандар жетимиш үч топко бөлүнөт. Алардын жетимиш экиси туура жолдон тайып **"Бидат фыркасы"** болгон, ал эми жалгыз бир гана топ туура жолду карманган. Ошол туура жолдогу топ **"ахли суннат вал жамаат"** тобу деп аталды. Бул тууралуу пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам хадиси шарифте мындайча билдирет: **"Исраил уулдары жетимиш бир топко бөлүнөт, алардын жетимиши Тозокко барып, бирөө гана кутулат. Христиандар да жетимиш эки топко бөлүнөт. Алардын жетимиш бири Тозок отунда күйөт, бирөө кутулат. Бир канча убакыттан кийин менин үммөтүм да жетимиш үч топко бөлүнөт. Анын жетимиш экиси Тозокто күйүп, бирөө гана калат".** Сахабалар Тозоктон кутулган топ кимдер деп сурашканда: "**Тозоктон кутулган топ - менин жана сахабаларымдын жолу менен жүргөндөр",** - деп жооп берди. Бул хадис төрт **"Сунан"** деген китебинде жазылган.

## Ыйман келтирүүнүн алгачкы шарты: Калима-и таухид

Таухид - ***“Ла илаха иллаллах Мухаммадун расулуллах”*** деген сөз. Мааниси - Аллаху таала жалгыз, шериги, окшошу жок. Мухаммед алехиссалам - Анын сүйүктүү кулу жана Пайгамбары.

Калима-и шахадат - ***Ашхаду ан ла илаха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулуху***. Б.а, адамдын жерде да, асманда да Андан башка сыйынууга, кулчулук кылууга татыктуу эч кими, эч нерсеси жок деп ага жүрөк менен ишенүү керек. Жана көркөм мүнөздүү, Хашим уулдарынан чыккан ***Абдуллахтын уулу Мухаммед (алехиссалам) аттуу улуу адам - Аллахтын кулу жана расулу*** экендигине ишенүү кажет.

Хадиси шарифте: **“Лаа илаха иллаллах деп айтуучуларды капыр деп атабагыла”,** - делген. Б.а., ***“Ла илаха иллаллах”*** деген жана ***ахли кыбыла*** болгон адам ишеним жагынан ижма менен көрсөтүлбөгөн, жана милдеттүү түрдө билинүүсү шарт деп билдирилбеген нерселерде ахли сүннөттүн туура жолунан айрылса же чоң күнөө кылса да ыйманы кетпейт. Ал эми, ахли сүннөттөн айрылган адам ар бир мусулмандын милдеттүү түрдө билүүсү шарт болгон диний өкүмдөрдүн бирине ишенбей турган болсо, ошондо гана ыйманы кетет.

Ислам дининин улуу алымдарынын бири болгон **Ханафи мазхабы**нын негиздөөчүсү Имам Азам Абу Ханифа жана **Шафии мазхабы**нын негиздөөчүсү Имам Шафии мындай дейт: “Ахли кыбла (Кыбылага карап намаз окуучу) адамды капыр деп айтууга болбойт”. Бул сөздүн мааниси “ахли кыбла болгон мусулман күнөө кылса дагы капыр болбойт” дегенди билдирет. Жетимиш эки сектанын аалымдары менен алардын жолунда болгондор да ахли кыбла болуп эсептелишет.

Пайгамбарыбыз «саллаллаху алейхи васаллам» мындай дейт: **- Кимде ким Калима-и таухидди айтса, Аллаху таала менен ошол калиманын ортосундагы парда көтөрүлүп, сөз түз Аллаху таалага жетип барат. Аллаху таала: “Эй, калима, токто!” - деп буюрат. Ал эми калима болсо: “Мени айткан адам Сенин рахматыңа, кечиримиңе ээ болмоюнча токтой албаймын, - деп айтат. Ошондо Аллаху таала айтат: - Улуулугумдун, кудуретимдин, кемелдигимдин акысы үчүн Мени зикир кылган** (эсине алган) **кулумду кечирдим.**

Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам мындай деп айтты: **“Кимде ким чын жүрөктөн, чын ыкылас менен бир жолу Калима-и таухидди айтса, Аллаху таала ага Бейиште төрт миң даража берип, төрт миң күнөөсүн кечирет”.** Сахабалар: “Эй, Расулуллах! Анын төрт миң күнөөсү жок болсочу?” - деп сурашканда: **“Жубайынын, бала-бакырасын жана туугандарынын күнөөлөрүн кечирет”,** - деп жооп берди. Калима-и таухидди ар дайым окуп жүрүү кажет.

Ислам désiнинде ыйман келтирилүүсү керек болгон нерселерге Мухаммед алейхиссалам кандай билдирген болсо, ошондой ишенүү керек. Анын айткандарын сахабалар ахли сүннөт аалымдарына үйрөттү. Алар болсо үйрөнгөндөрүн китептеринде жазып калтырышты. Ушул ыйман негиздерин филасофиялык жол менен түшүндүргөн китептерди окубаш керек. Исламда философия жок. Б.а., “Ислам философиясы” деген түшүнүк такыр болбойт. Анткени, философия адамдын жеке ой-пикирлерин чындык деп көрсөтүү, таасирдүү сөздөр менен түшүндүрүүгө аракет кылуу. Адамдар тарабынан ойлонуп чыгарылган ойлор болгондуктан ал адамга жана убакытка жараша өзгөрүп турат. Ал эми, Ислам дининин ыйман негиздери эч качан өзгөрбөйт.

Ислам дини тарабынан билдирилген маселелерден бирине шектенген адам: “Аллаху таала жана Анын пайгамбары Мухаммед алейхиссалам бул аркылуу эмнени билдирүүнү каалаган болсо, ошого ыйман келтирдим жана ишендим”, - деп айтуусу керек. Дароо күмөндөн арытуучу, илиминде жана диндеги такыбаасында ишеничтүү, дин илимдеринин өтө ичке маселелеринен кабардар, татаал маселелерди чече алуучу бир ахли сүннөт аалымын издеп табуусу фарз болот. Ушундай бир адамдан сурап, бул күмөндөн арылуусу кажет.

## Ыймандын туура болуусунун шарттары

Ыймандын бизде толук орун алуусунун шарттары жана себептери төмөндөкүлөр:

1. Биз кайыпка ишендик. Биздин ыйманыбыз жашыруун, ачык эмес. Анткени, биз Аллаху тааланы көзүбүз менен көрө албайбыз. Бирок, көргөн сыяктуу ишендик. Буга эч кандай күмөнүбүз жок.

2. Жерде да, көктө да адам, жин, периште жана пайгамбарлардын эч бири кайыпты билбейт, аны бир гана Аллаху таала билет. Каалаган

кулуна кайыптан каалаган нерселерин билдирет. (“Кайып”- сезүү органдары менен жана тажрыйба аркылуу сезилбеген, билинбеген нерсе деген сөз).

3. Харамды харам деп билип, анын харам экендигине ишенүү.

4. Адалды адал деп, анын адал экендиге ишенүү.

5. Аллаху тааланын азабынан ар дайым коркуу.

6. Канчалык көп күнөө кылган болсо да, Аллаху тааланын ырайымынан, кечириминен үмүтүн үзбөө.

Ушул алты нерседен бирөө кем болсо, ал адамдын ыйманы туура болбойт.

## Ыйман туура болуш керек

Адамдын беш сезүү органдары менен акылы аркылуу сезилген нерселер анын ыйман келтирүүсүнө жардам берет. Табият таануу илимдери ааламдагы системанын, тартиптин кокустук эместигине жана бир Жаратуучунун бар экенине ишенүүгө, Ага ыйман келтирүүгө себеп болот.

Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам Аллаху таала билдиргендерди сахабаларына айтты. Алар аны өздөрүнүн шакирттерине жеткиришти. Алар аны кипептерине жазышты. Бул китептерди жазган аалымдар **ахли сүннөт аалымдары** (сүннү аалымдар) деп аталат. Ыймандын туура жана да Аллаху таала тарабынан кабыл болушу үчүн ахли сүннөт аалымдарынын китептеринде билдирилгендерге шайкеш болушу кажет.

Ал үчүн:

1. Ыйман туруктуу болуш керек. Ар дайым ыйман менен бирге болуу керек. Мусулманчылыктан чыгууга ниеттенген адам ошол замат ыймандан чыгып, муртад болот. Мусулманчылыктан чыккан адам **муртад** деп аталат.

2. Мусулмандын ыйманы коркуу менен үмүттүн ортосунда болушу керек. Аллаху тааланын азабынан коркуу, бирок, ырайымынан да үмүт үзбөө шарт. (Кылган күнөөдөн кайтып, тообо

кылуу керек. Күнөөлөрдөн качып, алардан улам ыйманын жоготуп алуудан коркуу керек.)

3. Жан (рух) чыгар кезде акыреттин бардык белгилери көрсөтүлөт. Ушул учурга чейин ыйманга келүү керек. Жан чыгар алдында бардык мусулман эместер ыйман келтирип мусулман болгулары келет. Бирок, бул кабыл кылынбайт. Себеби, көрбөй туруп ишенүү керек. Бул маалда бир гана момундардын тооболору кабыл болот.

4. Күн батыштан чыгаардан мурда ыйман келтирүү керек. Кыяматтын чоң белгилеринин бири - күндүн батыштан чыгышы. Муну көргөн адамдар ыйман келтиришет. Бирок, алардын бул ыйманы кабыл кылынбайт.

5. Кайыпты бир гана Аллаху таала билет. Жана да Анын билдиргендери билет. Маанилүү болгон нерсе кайыпка ыйман келтирүү.

6. Ислам дининин ыйманга жана ибадатка тийиштүү өкүмдөрүн кабылдоо керек. Диндин буйруктарын төмөнсүнтүү, мазактоо куфур. Б.а., динден чыгып, ыймансыздыкка алып барат.

7. Ислам дини тарабынан ачык билдирилген нерселерге күмөн кылбаш керек. Намаздын жана орозо кармоонун фарз экендигине, алкогол ичимдик ичүүнүн, кумар ойноонун, пайыздын (процентке акча алышып-беришүүнүн), паракорлуктун харам экендигине ишенбөө же шектенүү динден чыгууга себеп болот.

8. Ыйман келтирген адам бир гана Аллаху таала үчүн жакшы көрүп, Аллаху таала үчүн душмандык кылуусу керек. Бул **“хубб-у филлах”** жана **“бугд-ы филлах”** деп аталат. Булар ыймандын негизги жана эң күчтүү белгилери болуп саналат.

9. Ыйман ахли сүннөт аалымдары көрсөткөн абалда болуусу керек. Акыл менен философтордун айтуулары боюнча ишенүү ыйманга туура келбейт. Туура ыйман ахли сүннөт аалымдары көрсөткөн боюнча жүзөгө ашат. Себеби, алар бул ыйман негиздерин сахабалардан алышкан. Сахабалар Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдан үйрөнүшкөн. Ошондуктан, ахли сүннөт аалымдары билдирген ыйман – Паайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам билдирген ыйман болуп эсептелет.

## ЫЙМАНДЫН ШАРТТАРЫ (Аманту)

**Ыйман** – Ахли сүннөт аалымдарынын китептеринде жазылган, пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдан келген кабарларга ишенүү жана ишенгендигин айтуу дегенди билдирет. **Аманту биллахи...**де орун алган алты нерсеге ишенген жана Аллаху тааланын буйруктары менен тыюу салган нерселерин кабыл кылдым деген адам мусулман болот. Ар бир мусулман: **“Аманту биллахи ва Малааикатихи ва Кутубихи ва Русулихи вал йавмил ахири ва бил кадари, хайрихи ва шаррихи миналлахи таала вал басу бадал мавти хаккун, ашхаду ан лаа илаха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулуху”,** - деген сөздү жаттап, маанисин билүүгө тийиш. Балдарына да үйрөтүүгө тийиш. Бала бул алтоону билбесе, үйрөнбөсө жана ишенгенин айтпаса, балагатка жеткенде мусулман болбой муртад болот. **Муртад** – Ислам дининен чыккан адам деген сөз. Муртад болгон адамдын аялы экөөнүн никеси бузулат. Ошол бойдон кайтыш боло турган болсо, түбөлүк Жаханнамда (Тозокто) калат.

Мусулмандан туулган бала балагатка жеткенде бир гана: **“Лаа илаха иллаллах Мухаммадун Расулуллах”,** - деп айтуу менен мусулман боло албайт. Ыйманды, Исламды билүү, түшүндүрө алуусу да керек. Ыйманды түшүндүрүү деген сөз – ишенүүгө тийиш алты нерсени түшүнүү, суралганда айтып бере алуу деген сөз. Исламды билүү – Аллаху тааланын буйруктары менен тыюуларын толук кабыл кылуу дегенди билдирет.

**Аманту**нун мааниси:

Аллаху тааланын бар жана бир экендигине ишенүү. Периштелерине, китептерине, пайгамбарларына, акырет күнүнө, тагдырга, жакшылык менен жамандыктын Аллахтан экендигине ишенүү.) Бул алты нерсе **ыймандын шарттары** деп аталат.

## Ыймандын биринчи шарты

## Аллаху таалага ишенүү

### Аллаху таала бар жана Ал жалгыз

Айлана чөйрөбүздө болуп жаткандарды биз сезүү органдарыбыз аркылуу билебиз. Сезүү органдарыбызга таасир этүүчү нерселер **“болмуш”** деп аталат. Болмуштардын сезүү органдарыбызга тийгизген таасири **“өзгөчөлүк”** же **“сыпат”** деп аталат. Болмуштар бири-бири менен ошол өзгөчөлүктөр аркылуу айырмаланат. Жарык, үн, суу, аба, айнек - булар болмуш (дене) б.а мавжуд (бар) нерселер. Салмак жана көлөмгө ээ болгон нерселер “материя” деп аталат. Материялар бири-бири менен спецификалык сыпаттары аркылуу өзгөчөлөнөт. Аба, суу, таш, айнек, булар – материя. Ал эми, жарык жана үн болсо материя эмес. Себеби, алардын көлөмү жана салмагы жок. Бардык нерседе энергия, кубат болот. Б.а., иш аткара алат. Зат катуу, суюк жана газ сыяктуу үч абалда болот. Материянын белгилүү бир түрү **“дене”** деп аталат. Денелер жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт. Материяда болуучу өзгөрүштөр **“кубулуш”** деп аталат. Кубулуш физикалык жана химиялык болуп экиге бөлүнөт.

Материянын эң кичинекей бөлүгү **“атом”** деп аталат. Окшош атомдордун биригүүсүнөн **“элемент”** пайда болот. Бүгүнкү күндө бизге 105 элемент белгилүү. Ошол 105 элементтин бардыгы абалын өзгөртө ала тургандыгы, ар бир элементте физикалык жана химиялык кубулуштардын жүзөгө аша тургандыгы белгилүү. Атом ядролорунда да өзгөрүштөр боло тургандыгы, ядронун да бөлүктөргө бөлүнө тургандыгы да белгилүү. Ядро бөлүнгөндө материя өзгөрүшкө учурайт, **энергияга** айланат.

***“Шарх-и акаид”*** китебинин башында мындай деп жазылган: “Бардык болмуштар Аллаху тааланын бар экендигинин белгиси болгондуктан жаратылыштагы нерселер ***“аалам”*** деп аталат. Болмуштардын бир тектүү болуусу да аалам деп аталат. Мисалы, адамзат ааламы, периштелер ааламы, жаныбарлар ааламы, жансыз нерселер ааламы”.

***“Шарх-и мувакиф”*** деген китебинде: “Аалам (бардык нерсе) жаратылган, б.а жоктон бар кылынган”. Денелердин материасы да, сыпаттары да кийин жаратылган деп айтылган. Бул жерде ушул төрт нерсени айтууга болот:

1. Мусулмандар, яхудилер, христиандар жана мажусийлердин (отко сыйынгандар) пикири боюнча денелердин материасы да, сыпаты да кийин жаратылган.

2. Аристотель жана анын жолунда болгондордун ою боюнча денелердин материясы да, сыпаттары да мурунтан бар. Бул пикирдин ката экенин азыркы химия илими так көргөзүп турат. Бул пикирге кошула тургандар да мусулмандыктан чыгат. Ибн Сина менен Фарабий да ушул пикирде эле.

3. Аристотельден мурдагы философтордун пикири боюнча материя мурдатан бар, бирок, өзгөчөлүктөрү кийин жаратылган. Буга ишенүү да куфур болуп эсептелет.

4. Материянын кийин жаратылгандыгы анын өзгөчөлүктөрүнүн эчактан эле бар экени тууралуу эч ким эч кандай пикир билдирген эмес.

Мусулмандар материя жана анын сыпаттары кийин жаратылгандыгына ишенишет жана аны бир канча жолдор менен далилдешет. Мусулман болуу үчүн ушуга ишенүү керек. Аалам жоктон бар болгон болсо, анын жаратуучусу да бар. Ал **важиб-ул вужуд.** Б.а., жоктон бар болбогон, мурдатан бар. Ар дайым бар болот. Бар болуусу керек. Бар болуу үчүн эч нерсеге муктаж эмес. Ар дайым бар болуусу керек эмес болгондо, анда **мумкин-ул вужуд** болоор эле.

**“Вужуд”** – бар болуу деген сөз. Анын үч түрү бар:

**1. Важиб-ул вужуд:** Бар болуусу зарыл болгон “вужуд” дегенди билдирет. Жалгыз Аллаху таала гана – важиб-ул вужуд болуп саналат.

**2. Мунтани-ул-вужуд:** Бар болбойт. Ар дайым жок болууга тийиш. Мисалы, Аллаху тааланын шериги, Ал сыяктуу башка кудай бар болбойт.

**3. Мумкин-ул-вужуд:** Бар болуусу да мүмкүн, жок болуусу да мүмкүн. Бүткүл аалам, жаратылыш ушул сыяктуу. “Вужуд” сөзүнүн антоними – **“адем”** (жок болуу). Аалам бардык нерсе бар болуудан мурда адемде болчу. Б.а., жок болчу.

4. Аллаху тааладан башка нерселердин баары **“масива”** же болбосо аалам деп аталат. Азыр болсо **“табият”** деп атайт. Аалам мурда жок

болчу, аны Аллаху таала кийин жараткан. Аалам жоктон бар болгон. Кайра жок болуусу да мүмкүн. Хадиси шарифте: **“Аллаху таала бар эле. Башка эч нерсе жок эле”,** - деп айтылган.

Аллаху таала – важиб-ул вужуд, чыныгы жаратуучу. “Ушул дүйнөнү жана акыреттеги бардык нерсени денесиз, убакытсыз, жана теңдешсиз түрдө жоктон бар кылган бир гана Аллаху таала деп толук ишенүү зарыл. Бардык материяны, атомдорду, молекулаларды, элементтерди, органикалык заттарды, клеткаларды, өмүрдү, өлүмдү, бардык окуяларды, ар бир реацияларды, ар түрдүү күчтөрдү, энергия түрлөрүн, аракет козгогучтарды, закондорду, рухтарды, периштелерди, жансыз- жандуу бардык нерсени жоктон бар кылган бир гана Аллаху таала. Ааламдагы бардык нерселерди бир заматта жоктон бар кылганы сыяктуу, ар дайым бири-биринен да бар кылууда. Кыямат убактысы келгенде бардык нерсени бир заматта жок кылат. Бардык нерсенин жаратуучусу, ээси, кожоюну Аллаху таала деп ишенүү керек. Бардык жогору сыпаттар Ага таандык. Анда эч кандай кемчилик болбойт. Ал каалаган нерсесин жасайт. Жасаган нерселери өзүнө же бирөөлөргө пайдалуу болушу үчүн эмес. Ал нерселерден жооп да күтпөйт. Ушуну менен бирге, Анын ар бир ишинде даанышмандык менен жакшылык, мээрим орун алган.

Кулдарына жакшы, пайдалуу нерселерди берүүгө, бирөөгө сооп жазып, бирөөнө азап берүүгө Ал мажбур эмес. Күнөөкөрлөрдүн баарын Бейишке киргизсе мээримдүүлүгүнө жарашат. Өзүнө кулчулук, ибадат кылгандарды Тозокко жибере турган болсо, адилеттүүлүгүнө кайчы келгет болбойт. Бирок, Ал мусулмандарды жана ибадат кылгандарды Бейишке киргизип, аларга чексиз ниматтарды бере турганын, ал эми ыйманы болбогондорду Тозокто түбөлүк азапка калтыра турганын билдирген, каалаган жана убада берген. Ал убадасында турат. Бардык жандуулар Ага ыйман келтирип, кулчулук кылса да Ага эч кандай пайдасы болбойт. Бүткүл аалам ыймансыз болуп, кутуруп, Ага каршы келсе да Ага эч кандай зыяны тийбейт. Пендесинин кылгысы келген нерсесин Ал дагы каалабай турган болсо эч нерсе жүзөгө ашпайт. Ал каалабаса эч ким ыймансыз боло албайт. Аны сынга алууга, себеп суроого да эч кимдин акысы жок. Аллахка шерик кошуудан, ыймансыздыктан башка күнөө кылып, тообо кылбай кайтыш болгон адамды кечирүүсү мүмкүн. Ыймансыздар менен муртаддарды эч качан кечирбей турганын, аларга чексиз азап кыла тургандыгын билдирген.

Мусулман (ахли кыбла) болуп, кулчулук кылган, бирок, ишеними **ахли сүннөт** ишенимине шай келбей турган жана тообо кылбай кайтыш болгон адамды Тозок азабында калтырса да, андай **(бидат ишенимдүү)** мусулмандарды Тозокто түбөлүк калтырбайт.

## Бардык нерсени Аллаху таала жаратты

Аллаху таала бардык нерсени жаратты. Мурда эч нерсе жок болчу. Бир гана Аллаху таала бар болчу. Ал ар дайым бар болот. Кийин бар болгон эмес. Мурда жок болгондо, Аны жараткан бир күчтүн бар болуусу керек эле. Анткени, жок нерсени жарата турган бир күч болбосо, ал нерсе жок болмок. Бул күчтүн ээси - Аллаху таала. Эгерде, ошол күчтүн ээси да кийин бар болгон дей турган болсок, аны жараткан күч болуусу керек. Ошентип, түбөлүккө улануусу мүмкүн. Ал эми бул - баштапкы жаратуучунун болбошу деген сөз. Ал жок болсо, анда эч нерсе бар болбошу керек. Материя жана рухтар бар болгондуктан алардын бир жаратуучусунун да бар болушу керек.

Аллаху таала алгачкы инсанды жансыз денелерден жана рухтан жаратты. Андан мурда эч кандай адам болгон эмес эле. Жаныбарлар, өсүмдүктөр, жиндер жана периштелер алгачкы инсандан мурда жаратылган. Бул инсандын аты - Адам (алейхиссалам). Ал алгачкы инсан жана алгачкы пайгамбар. Андан Хавва деген аялды жаратты. Бүткүл адамзат ал экөөнөн тарады.

Жаныбарлар да өз түрлөрүнөн көбөйгөн. Жандуу денелердин арасында биринин денесинен башкасына көчүп өтүү деген кубулуш жок. Ар бир түр өз ичинде өзгөрүүгө учурайт. Ч. Дарвиндин эволюция теориясынын эч кандай негизи жок. Жандуу-жансыз бардык нерсенин ар дайым өзгөрүп туруусу белгилүү. Түбөлүктүүлүк сыпаттагы, башы менен акыры болбогон нерсе гана эч качан өзгөрбөйт.

Аллаху таала – жалгыз жаратуучу. Андан башканы кандай максатта болсо да жаратуучу деп атоо бул - куфур. Б.а., Ислам дининен чыгууга себеп болот. Адамдарды “жаратуучу” деп айтууга болбойт. Жалгыз Аллаху таалага таандык болгон **“Аль-Халик”** (кыргызча - Жаратуучу) деген ысым башка эч бир нерсеге карата колдонулбашы керек. “Рахман” жана “Рахим” аттары да ушундай.

Аллаху таала ар бир нерсенин жаратылышы үчүн бир нерсени себеп кылган. Ошондуктан, бир нерсенин жаратылуусун каалаган

адам, анын жаратылуусуна себеп кылынган нерсеге кол жеткизиши керек.

Мусулмандардын жетимиш эки адашкан тобунун бирөө болгон **“Мутазила”** тобунун өкүлдөрү: “Адам өз ишинин жаратуучусу”, - деп айтуу менен туура жолдон тайышкан. Алар ушул ката ишенимдерин Курани карим жана хадистерден бурмалап чыгаргандыктан ыйманын жоготпосо да, хакты (чындыкты) кабыл кылбагандыктары үчүн белгилүү бир убакыт Тозокто күйүшөт. Ал эми, аят, хадис, дин, ыймандан кабары жок адамдардын кереги тийе турчу адамдарга жагынуу үчүн аларды жаратуучу деп айтуулары куфурга жатат. Алар динден чыгышат. Аллаху тааладан башка жаратуучу жок. Ал ар бир нерсени себеби менен жаратууда. Ошол себептердин баарына таасир кылуу күчүн берген да Аллаху таала. Ал адамдарга акыл жана эрк да берген.

Аллаху тааланын атын уккан, айткан, жазган кезде **“Субханаллах”, “Табаракаллах”, “Жалла жалалуху”, “Азза исмух”, “Жаллат кудратух”** же **“таала”** сыяктуу урмат мамилени билдирген сөздөрдү кошуп айтуу биринчисинде важиб, кайталанганда айтуу мустахаб болуп эсептелет.

## Аллаху тааланы көрүү

Аллаху таала бул дүйнөдө өзүн көрсөткөн жок. Сезүү органдары аркылуу да билинген жок. Кыямат күнү махшарда ыйман келтирбегендерге, күнөөкөр адамдарга кудуреттүү каары менен, ал эми ыймандууларга мээримдүүлүгү, көркөмдүүлүгү менен көрүнөт. Ыймандуулар Бейиште Аны жамал сыпаты менен көрүшөт. Периштелер жана аялдар да көрүшөт. Ыйман келтирбегендер мындай ниматтан куру калышат. Жин тайпасынын да ушул бакыттан куру кала тургандыгын билдирген кубаттуу кабарлар бар. Аллаху тааланын көрүнө тургандыгына ишенүү керек. Кандай көрүнөөрү тууралуу ойлобоо керек. Себеби, Аллаху тааланы таанып билүүгө акылдын күчү жетпейт.

Аллаху таала физика жана химия илимдери менен өлчөнбөйт. Аллаху таала материя да, дене да, элемент да эмес. Эч нерсе менен аралашпаган, өлчөнбөйт, эсептелбейт, өзгөрбөйт, орду, мезгили, мекени жок. Өткөн чагы, келечеги, алды, арты, үстү, оңу, солу жок. Ошондуктан, адамзаттын акылы, аң-сезими, илими, Аллаху

тааланын эч бир ишин, кандай көрүнө тургандыгын элестете албайт. Кол, бут, жак, жер жана ошол сыяктуу Аллаху таала үчүн колдонулуусу жаиз болбогон (уруксат берилбеген) сөздөрдүн Куран аяттары жана хадиси шарифтерде кездешүүсү, биз түшүнгөн, билген жана жашоодо колдонуп жаткан маанилерде эмес. Мындай аят жана хадистер **“Муташабихат”** деп аталат. Буларга бир гана ишенип, бирок, кандай экенин элестетүүгө тырышпоо керек. Же болбосо бул сөздөргө узун же кыска **тавил** кылуу керек болот. Б.а., Аллаху таалага жараша турган башка маанилер берилет.

Мухаммед алейхиссалам Аллаху тааланы Мираж түнү көргөн. Бирок, Пайгамбарыбыздын көрүүсү бул дүйнөдөгү баш көзү менен көрүү эмес болчу. Кимде-ким Аллаху тааланы бул дүйнөдө көрдүм десе, ал динсиз болот. Кээ бир олуялардын көрүүсү - акырет жана дүйнөдөгү көрүү эмес. Б.а, **руйат** эмес. Аларды **“Шухуд”** абалы каптайт (көңүл көзү аркылуу мисалын көрүү). Кээ бир олуялардан көрдүм дегендер чыккан болсо да, алардын ушул сөздөрү сакр (илахий махабаттын мастыгы) абалында шухудту (көргөндөй болуу сезими) руйат (көрүү) деп сезүүдөн пайда болгон. Же болбосо тавил менен түшүнүлө турган сөздөрүнүн бири болушу мүмкүн.

Аллаху таала үчүн убакыт маселеси жок. Анда эч бир жактан эч кандай өзгөрүш болбой тургандыктан мурда да, кийин да мындай эле/болот деген сыяктуу сөздөрдү айтуу ката болот. Аллаху таала эч ким менен, эч нерсе менен бирикпейт, кошулбайт. Анын каршылашы, окшошу, ортогу, шериги, көмөкчүсү, коргоочусу, ата-энеси, уул-кызы, жубайы болбойт. Ага бир гана хазыр жана назыр деп айтылат, б.а., ар дайым бүткүл барлык менен бирге, курчап жана көрүп турат. Ичинде жана сыртында, үстүндө эмес. Адамдарга күрөө тамырынан да жакын. Бирок, Анын курчап туруусу, бирге жана жакын болуусу биз билген мааниде эмес. Аллаху тааланын жакындыгын аалымдардын илими менен, окумуштуулардын аң-сезими менен, олуянын кашифтери (көңүлдө пайда болгон илими) менен түшүнүүгө болбойт. Бул нерсенин табиятын адамдын акылы түшүнө албайт. Аллаху таала заты жана сыпаттарында бир. Эч биринде өзгөрүш, башка көрүнүш алуу деген нерсе болбойт.

## Аллаху тааланын ысымдары

Аллаху тааланы Ислам дини билдирген ысымдар менен айтуу керек. Алардан башкасын айтууга болбойт. Мисалы Аллаху таалага "Алим" (Аалым) деп айтылат. Бирок, Аны аалым маанисин түшүндүрө турган факих деп айтууга болбойт. Себеби, Ислам Аны факих деп атаган эмес. Ошол сыяктуу, Аллахтын ордуна "көктеңир" деп айтууга болбойт. Башка тилдердеги "Гад", "Бог" деген сөздөр да "Аллах" ысымынын ордуна колдонулбайт. Булар бир гана илах маанисинде колдонулушу мүмкүн.

Аллаху тааланын ысымдары көп. Санын билбейбиз. Токсон тогуз ысымын Куранда адамзатка билдирген. Ал **"Эсмаи хусна"** (эң сулуу ысымдар) деп аталат. Ал ошол ысымдары менен аталып, ошол ысымдары менен зикир кылынат.

Нух алейхиссаламдын уулу Яфес ыймандуу эле. Урпактары көбөйүп, аларга башчы болгон. Бардыгы атасы сыяктуу Аллаху таалага кулчулук кылышчу. Яфес дарыядан өтүп баратып, сууга чөгүп кайтыш болуп, анын ордун "Түрк" аттуу кенже баласы ээлейт. Анын урпактары "түрктөр" деп аталат. Алар да атасы сыяктуу эмгекчил, сабырдуу момундар эле. Убакыт өтүшү менен алар көбөйүп отуруп, Азияга тарашкан.

Аларды башкарган кээ бир заалым эл бийлөөчүлөр чыныгы динди бузуп, элди буттарга сыйындыра башташты. Алардын ичинде азыр Сибирде жашаган якуттар ушу күнгө чейин буттарга сыйынышат. Динден алыстагандан кийин мурдагы маданияттары менен үрп-адаттары да жок болгон. Ислам маданияты Мекке шарында пайда болуп, илим, ахлак, ыйман нурлары бүткүл ааламга тарай баштаган алгачкы доорлордо, византиялыктардын Азия менен Африкага тараган зулумдуктары жана бузуку бийлик алдындагы элдердин Исламды угууларына тоскоол болгон эле. Бул тоскоолдор кылычтын жардамы менен жоюлган. Ал эми Түрк хандары башка динсиз диктаторлор сыяктуу Исламдын жайылуусуна тоскол болушкан эмес. Ошондуктан түрк элдери Исламды топ-топ болуп кабыл кыла башташкан. Түрктөрдөн мурда ассириялыктар Түркстанга келип, түрктөрдү күнгө, жылдыздарга сыйынууга үйрөтүшкөн. Таң аткандан кийин, күнгө сыйынышчу, ошол себептен улам күндү "таңйери", кийин "теңри" деп аташкан. Курани каримде: **"Менин ысымым Аллах. Мени "Аллах" деп чакыргыла. Аллах деп**

**кулчулук кылгыла, Аллах деп жалбаргыла",** - деген аяттар бар. Андай болсо, Аллаху тааланы Ислам дини билдирген ысымы менен оозго алып, кулчулук кылуубуз керек.

## Аллаху тааланын сыпаттары

Осмон мамлекетинин Кадизада Ахмед бин Мухаммед Амин деген аалымы ыймандын алты шартын билдирген **Аманту биллахи...**нин түркчө түшүндүрмөсүн берип, эки жүз элүү беттен турган китеп жазган. Бул китеп **"Фараид-уль фаваид"** деп аталат. Аалым Сеййид Абдулхаким Арваси бул китептин өтө баалуу экенин айткан. Ушул китепте Аллаху тааланын алты сыфат-ы затиясы жазылган. Алар **"сыфат-ы вужудия"** жана **"улухият сыпаттары"** (кудайлык сыпаттары) деп аталат. Алар:

1. **Вужуд:** "Бар болуу" дегенди билдирет. Аллаху таала - важиб-ул вужуд. Мааниси "Анын бар болуусу зарыл вужуд" дегенди билдирет.
2. **Кыдем:** Аллаху тааланын бар болуусунун башталышы жок.
3. **Баки:** Бар болуусунун соңу жок, түбөлүк.
4. **Вахданиййат:** Аллаху тааланын затында, сыпаттарында, иштеринде окшошу жана ортогу жок.
5. **Кыям би-нафсихи:** Аллаху таала затында, сыпатында, иштеринде мекенге муктаж эмес. Материя, мекен жок кезде да Ал бар эле. Материя жана мекенди Ал жараткан.
6. **Мухалафатун-лилхавадис:** Жаратылгандардын эч бирине окшобойт.

Аллаху тааланын сыфат-ы субутиясы булар:

1. **Хаят:** "Тирүү болуу" деген сөз. Анын өмүрү башка жаратылгандардын өмүрүнө окшобойт, Ага ылайыктуу өмүр түбөлүк сыпатта болот. Башы жана акыры жок.
2. **Илим:** Аллаху таала бардык нерсени билет. Анын билүүсү башкалардын билүүсүнө окшобойт. Адамдын ойлорун да билип турат.
3. **Сам:** Аллаху таала угат. Куралсыз, багытсыз угат. Анын угуусу кулдарыныкына окшобойт.

4. **Басар:** Аллаху таала көрөт. Куралсыз жана шартсыз түрдө көрөт. Анын көрүүсү көз менен эмес.

5. **Ирада:** Аллаху тааланын каалоосу бар. Бардык нерсе Анын каалоосу менен болот. Каалаганын жасайт. Анын эркине кедерги боло турчу эч бир күч жок. Анын пенделеринин каалоосу **“Ирада-и жузия”** (чектелген каалоо), ал эми Аллаху тааланын каалоосу **“Ирада-и куллия”** (чексиз каалоо) деп аталат.

6. **Кудурет:** Аллаху тааланын бардык нерсеге күчү жетет. Ал чексиз кудуретке ээ.

7. **Калам:** Аллаху таала сүйлөйт. Анын сүйлөөсү кандайдыр бир курал, тамга, үн жана тил аркылуу сүйлөбөйт.

8. **Таквин:** Аллаху таала - Жаратуучу. Андан башка Жаратуучу жок. Бардык нерсени Ал жаратат. Ал бардык нерсени бир себеп менен жаратат, бирок, себептердин таасири Анын жаратуу ишине эч кандай катышы жок.

Аллаху тааланын сегиз сыпаты туруктуу. Алар өзгөрбөйт. Аллаху таала ушунча көп нерсени жаратты. Аларды ар дайым жок болуудан коргойт. Ал эми Анын өзү болсо жалгыз. Анын окшошу жок. Жаратылган нерселердин бардыгы ар дайым Ага муктаж. Анын өзү эч кимге муктаж эмес.

## Аллахка болгон махабат жана Аллахтан коркуу

Аллахтан коркуу жана Аллахты сүйүү адамды бакыт менен жан ырахатына жеткизе турган кош канат сыяктуу. Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам: **“Кимде ким Аллахтан корксо, бардык нерсе ал адамдан коркот. Кимде ким Аллахтан коркпосо, ал адам баарынан корко турган болот”,** - деп билдирген. Дагы бир хадиси шарифте: **“Акылдын толук экендиги – Аллахтан канчалык корко тургандыгынан белгилүү болот”,** - деп айтылган. Аллахтан корккон адам Анын буйруктарын орундоого, тыюуларынан сактанууга аракет кылат. Эч кимге жамандык кылбайт. Башкалардан келген жамандыктарга сабыр кылат. Кылган күнөөлөрүнө өкүнүп, тообо кылат. Сөзүндө турат. Бардык жакшылыкты Аллах үчүн кылат. Эч кимдин мал-мүлкүнө, ар-намысына, жанына кол салбайт. Жумушта, соода-сатыкта эч кимдин акысын жебейт. Күмөндүү нерселерден оолак турат. Жогору мартабалуу кишилердин жанында артыкча карапайымдыкка берилип, жагынууга аракет кылбайт. Билимдүү

жана адеп-ахлактуу адамдарды жана досторун сыйлап урматтайт. Начар кулк-мүнөздүү адамдарга насаат кылат, аларды эрчип кетпейт. Кичүүлөргө ызат кылат. Коногун сыйлайт. Зыяндуу жана пайдасыз сөздөрдү сүйлөбөйт. Эч ким менен корс мамиледе болбойт, жоомарт болот. Мал-мүлк жана мартабаны элге пайдалуу болуу үчүн талап кылат. Эки жүздүүлүк кылбайт. Аллаху тааланын ар дайым көрүп турганын билип, эч кандай жаман иштерге барбайт.

Аллахка деген сүйүү Исламдын эң жогорку даражасы болуп саналат. Бирок, дүйнөдө тартипти, иреттүүлүктү камсыз кылуу үчүн ошонун өзү жеткиликтүү деп эсептеп, Аллахтан коркуу маселесин назардын сыртында калтырып койбош керек. Мухаммед алейхиссалам: **“Араңарда Аллаху тааладан эң көп корко турган киши - менмин”,** - деген. Аллахтан коркуу бир заалымдан коркуу сыяктуу эмес. Бул коркуу – урмат жана сүйүүгө толгон коркуу. Ашык адамдардын өз сүйүктүүсүнө арнап жазган ырларында ушундай коркуу сезимин кездештирүүгө болот. Бул коркуу - сүйүктүүсүн таарынтып албайын деген коркуу.

Курани каримдин “Фатыр” сүрөсүнүн 28-аятында: **“Илими көптүн Аллахтан коркуусу да көп”, “Рахман”** сүрөсүнүн 46-аятында: **“Раббисинин улуулугунан корккон адамга эки Бейиш берилет”, -** деп кабар берилген. **“Анфал”** сүрөсүнүн 2чи жана **“Хаж”** сүрөсүнүн 35-аяттарында: **“Момундар - Аллахтын ысымы айтылган кезде жүрөктөрүндө коркуу сезими пайда болгон адамдар”, -** деп айтылган. **“Нур”** сүрөсүнүн 52-аятында: **“Аллаху таала жана Анын Расулуна моюн сунгандар жана Аллахтан корккондор кыяматта азаптан кутулушат”** - деп айтылган. Бул аяттар адамдарды Аллахтан коркууга чакырат. **“Хужурат”** сүрөсүнүн 13-аятында: **“Аллахтын алдында эң кадырлуу адамдар - Андан корккондор деп айтылган”, -** деп билдирилген. Бул дүйнөдө да Ислам аалымдарын жана Аллаху тааланын олуяларын урматоо өтө баалуу мүнөз болуп саналат. Ошондой эле, улууларга урматсыздык кылуу, аларды таарынтуу көптөгөн балээлерге дуушар кылат. Ислам жолунда жогору даражага ээ болгон аалымдар Аллаху тааланын алдында өзүн төмөн көрсөтүүнү өтө чоң аброй деп билишкен. Аллахтын кудуретинен коркуу - Аны сүйүү сыяктуу маанилүү жана маңыздуу амал. Аллаху тааланы бир гана сүйүп, Андан коркпоо, Аны бир гана жакшылык ээси деп эсептөө, Ал күнөөкөрлөрдү жазалабайт деп билүү жаңылыш. Аллаху тааланын көркөм сыпаттары менен бирге каххардык (каардуу, жазалоочу) сыпаты да бар.

## Аллаху тааладан коркпоонун белгилери:

1. Ниеттин алсыздыгы.
2. Текебердик.
3. Өлүмдү алыс деп эсептеп, каалоо-тилекке көп берилүү.
4. Аллаху тааланын ыраазычылыгына маани бербей, элдин каалоолорун орундоо.
5. Сүннөттү таштап, бидат иштерди кылуу.
6. Күнөөсүн аз деп эсептөө.

Ушул алты нерседен алыс болгон адамды Аллаху тааладан корккон адам деп айтууга болот.

## Аллаху тааланын ыраазычылыгы

Аллаху таала Муса алейхиссаламдан: **“Мен үчүн эмне амал кылдың?”** - деп сураганда, ал: “Эй, Раббим! Сен үчүн намаз окудум, орозо кармадым, зекет бердим, ысымыңды көп зикир кылдым”, - деп жооп берди. Аллаху таала айтты: **“Эй, Муса! Намаздарың - сага далил. Кармаган орозоң - Тозоктон коргоочу, зекет - кыяматтын ысыгынан коргоочу көлөкө. Менин ысымымды зикир кылууң - кабыр жана кыяматтын караңгылыгынан куткара турган нур. Б.а, бул амалдарыңдын пайдасы сага тийет. Мен үчүн эмне кылдың?”,** Муса алейхиссалам: **“Эй, Раббим! Сен үчүн эмне кылуу керектигин мага билдирчи!”** - деп жалбарат. Аллаху таала: **“Эй, Муса! Досторумду Мен үчүн сүйдүңбү? Душмандарыма Мен үчүн душмандык кылдыңбы?”** - деп сурады. Муса алейхиссалам Аллах үчүн кылына турган амалдын Анын досторун сүйүү, душмандарына каршы туруу экендигин түшүнөт.

Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам айткан: **“Ыймандын негизги жана эң күчтүү белгиси - мусулмандарды сүйүү жана мусулмандарга душмандык кылгандарга каршы болуу”.** Аллаху таала Иса алейхиссаламга айтты: **“Жер менен асмандагы бардык жаратылгандардын ибадаттарын кылсаң да Менин досторумду сүйүп, душмандарыма каршы болмоюнча, ибадаттарыңдын эч кандай пайдасы жок”.**

Бардык нерсени бир гана Аллахтын ырызаалыгы үчүн кылуу **“Ихлас”** (ыкылас) деп аталат. Ыкыластуу мусулман бардык жакшы

амалдарды, жакшы иштерди, ибадаттар жана кайрымдуулуктарды, мусулмандарды кубантууну бир гана Аллахтын ыраазылыгы үчүн кылат. Жакшы мусулман Аллаху тааланын көрсөткөн тагдырына ыраазы болот. Жаман адамдар болсо тагдырга ыраазы болбой, кыйын абалга туш келгенде ызы-чуу салышат.

## Аллаху таалага хамд жана шүкүр кылуу

**Мактоо (хамд)** – бардык ниматтарды Аллаху тааланын жаратканына жана жибергенине ишенүү жана айтуу деген сөз. **Шүкүр кылуу** - бардык ниматтарды Ислам динине ылайык колдонуу дегенди билдирет. **Нимат** - пайдалуу нерсе. Ниматтар ахли сүннөт китептеринде жазылган.

Мусулман адам колу менен харам нерсени кармабашы керек. Кулагы менен харам нерсени укпашы, буту менен харам жерге барбашы, оозуна харам нерсени албашы, көзү менен харам нерселерди карабашы, тили менен харам нерселерди сүйлөбөшү керек. Адамдын дене мүчөлөрү харам нерселер менен, б.а., Аллаху таала тыюу салган нерселер менен байланышын үзө турган болсо, адам түбөлүк бакытка жетет. Антпесе, оор жазаларга дуушар болот.

## Ыймандын экинчи шарты
## Периштелерге ишенүү

Ыйман келтирүү тийиш болгон алты нерсенин экинчиси - периштелерге ишенүү. Периште – “элчи”, (кабарчы же күч-кубат) дегенди билдирет. Алар денеден (материядан) турат жана өтө назик болушат. Алар нурдан жаратылган, өмүр сүрүшөт, акылдары бар. Адамдардагы жаман касиеттер периштелерде кездешпейт. Алар бардык түргө кире алышат. Христиандар периштелерди улуу адамдардын денесинен бөлүнүп чыккан рухтар деп эсептешет. Андай ишенүү жаңылыш. Мурдагы философтордун кээ бирөөлөрү аны энергия, газ сыяктуу денесиз нерсе деп эсептешкен. Бул да туура эмес. Периштелер жандуулардын ичинен эң алгач жаратылганы болуп саналат.

## Периштелерге кандай ыйман келтирилет?

Периштелер Аллаху тааланын кулдары болуп саналышат. Алар Аллаху тааланын шериги эмес. Ыйманы жоктор периштелерди Аллаху тааланын кыздары деп эсептешет. Мындай ишенүү туура эмес. Аллаху таала периштелердин баарынан ыраазы. Периштелер Аллаху тааланын буйруктарына моюн сунушат жана күнөө кылышпайт, эркек-аял болуп бөлүнүшпөйт, үйлөнүшпөйт, балалуу болушпайт. Алар жандуу, өмүр сүрүшөт. Периштелердин кишилик каталары (бул “зелле” деп аталат) алардын күнөөсүздүгүнө таасир кылбайт.

Периштелердин саны өтө көп. Алардын канча экенин Аллаху тааладан башка эч ким билбейт. Асманда периштелер ибадат кылбаган бош жер жок. Асманда да, жерде да, өсүмдүктөрдө, жылдыздарда, жандуулар жана жансыздарда, жамгыр тамчыларында, бактын жалбырактарында, ар бир молекула, ар бир атомдо, ар бир реакцияда, ар бир кыймыл-аракетте, кыскасы бардык нерседе периштелердин аткара турган милдеттери бар. Алар ар бир жерде Аллаху тааланын буйруктарын орундашат. Аллаху таала менен Анын жараткан нерселеринин арасындагы курал сыпатында болуп, кээ бирөөлөрү башка периштелерге башчылык кылат, кээ бирөөлөрү пайгамбарларга кабар жеткирүү менен алек болсо, дагы кээ бирөөлөрү адамдын жүрөгүнө жакшы ойлорду салат, ал **“илхам”** (көңүл чабыты) деп аталат. Кээ бирөөлөрү адамзаттан жана жаратылыштан кабары болбойт, бир гана Аллаху таалага ибадат кылуу менен алектенишет. Периштелердин канаттары бар. Алардын канаттарынын кандай экендигин биз биле албайбыз. Канаттары да өздөрүнүн денесинен болот. Христиан чиркөөлөрүндө кээ бир китептерде жана фильмдерде periште деп көрсөтүлүп жаткан аял сүрөттөрү ойлоп чыгарылган нерселер. Алар периште эмес. Бейиштин периштелери Бейиште болушат. Эң улуусунун аты - **Рыдван.** Тозок периштелери Тозокто Аллаху тааланын буйруктарын аткарышат. Алар Забани деп аталышат. Эң чоңунун аты - **Малик.**

Ар бир адамдын кылган жакшылыктары менен жамандыктарын жазып турган, экөө күндүз жана экөө түндө келүүчү төрт периште **“кираман катибин”** же **“хафаза периштелери”** деп аталат. Хафаза

периштелери алардан бөлөк деп да айтылат. Оң жактагы периште сол жактагы периштеге амир (башчы) болуп саналат, жакшы иштерди жана ибадаттарды жазып барат. Сол жактагы периште кылган жаман амалдарды жазып барат. Кабырда ыйман келтирбегендерди жана күнөөкөр мусулмандарды азаптай турган жана кабыр суроосун сурай турган периштелер бар. Сурак сураган нериштелер **“Мункар”** жана **“Накир”,** мусулмандардан сурай тургандары **“Мубашшир”** жана **“Башир”** деп аталат.

## Улуу периштелер

Периштелердин бири-биринен үстөмдүктөрү бар. Эң улуулары төртөө:

1. **Жабраил** алейхиссалам: Милдети - пайгамбарларга **вахий** жеткирүү, буйрук жана тыюуларды билдирүү.
2. **Исрафил алейхиссалам:** “Сур” деген кернейди үйлөй турган периште. Сурду эки жолу үйлөйт. Биринчи үйлөгөндө Аллаху тааладан башка жандуу нерселердин бардыгы өлөт. Экинчи жолу үйлөгөндө бардыгы кайта тирилет.
3. **Микаил** алейхиссалам: Жокчулук, молчулук, арзанчылык сыяктуу экономикалык система куруу, тынчтык орнотуу, бардык нерселерди кыймылга келтирүү милдетин аткарат.
4. **Азраил** алейхиссалам: Адамдардын жанын алуу кызматын аткарат.

Ушул төрт периштеден кийин **“хамала-и арш”** периштелери деп аталуучу төрт периште бар. Алар кыямат күнү сегиз болот. **Мукаррабин, Карубиян, Руханиян** аттуу периштелер да бар. Булардын бардыгы – Улуу периштелер. Алар пайгамбардан башка бардык адамдардан жогору турат. Мусулмандардын олуялары жана чыныгы салих момундар төмөн саптагы периштелерден жогору турушат. Катардагы периштелер катардагы мусулмандардан жогору турат. Ал эми ыйман келтирбегендер болсо жаратылган бүткүл нерседен да төмөн болушат.

## Жиндер тууралуу

Жиндин бар экенинен күмөн саноо адамдын мусулманчылыктан чыгуусуна себеп болот. Б.а., жиндердин бар экенине ишенбеген адам мусулман эмес.

Жиндер аба менен оттон жаратылган. Оттун жалыны көрүнбөйт. Курамындагы катуу молекулалар ысыкта жалтырап көрүнөт. Ошондуктан, жиндер көзгө көрүнбөйт. Жалын экиге бөлүнөт: “зулманий” жана “нураний”. Экөөнү тең көз менен көрүү мүмкүн эмес. Зулманий жалындан жиндер, нураний жалындан периштелер жаратылган. Топурактан (ар түрдүү элементтерден) жаратылган адамдагы элементтердин органикалык түрлөргө кире турганы сыяктуу, периштелер менен жиндердеги оттун да түрү өзгөрүп, каалаган бир сыпатка кире алат.

Жиндердин да мусулманы жана мусулман эместери болот. Периштелер менен жиндер жаратылышы жагынан бир-бирине жакын. Периштелер кадырлуу, ал эми жиндер кадырсыз. Периштелерде жарык жагы, ал эми жиндерде от жагы басымдуулук кылат. Периштелердин жиндерге жакындыгы адамдын жаныбарларга болгон жакындыгына окшош. Адамдардын улуулары периштелерден кадырлуу, жиндер да жаныбарлардан кадырлуу болуп эсептелет. Философтордун бир тобу жана Кадария сектасындагылардын (тагдырды адам жаратат деп ишенгендердин сектасы) кээ бир өкүлдөрү жин менен шайтанга ишенишпеди. Ошондуктан, алар Ислам дининен чыгышкан.

Курани каримдин **“Зарият”** сүрөсүнүн 56-аятында: **“Адамдарды жана жиндерди Мени таанып, кулчулук кылуулары үчүн жараттым”,** - деп билдирилген. **“Ар-Рахман”** сүрөсүнүн 74-аятында жиндердин Бейишке бара тургандыгы тууралуу айтылат. Б.а., мусулман жиндер Бейишке барат. **“Ар-Рахман”** сүрөсүнүн 31-аятындагы **“Сакалейн”** калимасы да **“Эй, адамдар менен жиндер”** дегенди билдирет. **“Нас”** жана **“Жин”** сүрөлөрү да жиндердин бар экенин ачык түрдө далилдөөдө. Жиндин бар экенин көрсөткөн аяттарды башка мааниде чечмелегендер Ислам дининен чыгат. Жиндер тууралуу Сейийд Абдулхаким Арвасинин **“Кашкул”** китебинен алынып **“Сеадети Эбедийе”** китебинде кеңири маалымат берилген.

## Ыймандын үчүнчү шарты
## Китептерге ишенүү

Ыймандын алты шартынын үчүнчүсү - **Аллаху таала жиберген китептерине ишенүү.** Аллаху таала бул китептерди периштелер аркылуу кээ бир пайгамбарлардын кулагына айтып, кээ бирине жазуу түрүндө жеткирсе, кээ бирин периштесиз угузуу жолу менен түшүргөн. Бул китептердин бардыгы Аллаху тааланын сөзү. Абадий (түбөлүк, соңу жок) жана азалий (башталышы жок) болгон сөздөрү жаратылган эмес. Алар периштелердин же болбосо пайгамбарлардын сөздөрү эмес. Аллаху тааланын сөзү биз сүйлөй турган, биз жаза турган сөздөргө окшобойт. Ал тамгалар жана тыбыштардан турбайт. Аллаху тааланы жана Анын сыпаттарын адам баласы түшүнө албайт. Бирок, Анын сөзүн адамдар окуйт, эсте сактап, жазышат. Бул сөздөр биз менен бирге болуу жагынан жаратылган сыпатка ээ. Аллаху тааланын сөзү иретинде каралганда түбөлүк болуп эсептелет.

## Самавий китептер

Аллаху таала жиберген сухуфтардын саны жүз, ал эми китептери болсо төртөө.

Он сухуф - Адам алейхиссаламга, элүү сухуф - Шит алейхиссаламга, отуз сухуф - Идрис алейхиссаламга, он сухуф - Ибрахим алейхиссаламга жиберилген.

“Сухуф” – барактын бир бети дегенди билдирбейт. Чакан китеп, рисала деген сөз.

**Тоорат** китеби Муса алейхиссаламга,

**Забур** китеби Давуд алейхиссаламга,

**Инжил** китеби Иса алейхиссаламга,

**Курани** карим Мухаммед алейхиссаламга жиберилген.

Адам бир нерсени айткысы же болбосо сурагысы келсе аны алгач ой элегинен өткөрөт. Адамдын оюндагы бул маанилер **“калами нафсий”** деп аталат. Аларга арабча, кыргызча же башка бир тилде деп айтылбайт. Ар түрдүү тилдерде айтылышы алардын маанисинин өзгөрүүсүнө себеп боло албайт. Ошол маанилерди сыртка чыгара турган, түшүндүрө турган сөздөр **“калами лафзий”** деп аталат. Калами лафзий түрдүү тилдерде айтылышы мүмкүн.

Мындан калами нафсийдин калам ээсинин башка илим, ирада ж.б. сыяктуу сыпаттарындай карапайым, өзгөрбөй турган сыпаты экени түшүнүлөт. Ал эми калами лафзий калами нафсийди түшүндүрө турган, кулакка угула турган тамгалардын жыйынтыгы болуп эсептелет.

Аллаху тааланын сөзү – токтобой турган, өчпөй турган, тозулбай турган Жараткандын заты менен бирге боло турган түбөлүк сөз. Ал тамга жана тыбыштан турбайт, өзгөрүшү, бөлчөктөнүүсү мүмкүн эмес. Каалаган тилде айтылат. Араб тилинде айтылса – **“Курани карим”**, Ибраний тилинде айтылса - **“Тоорат”,** Суряний тилинде айтылса - **“Забур”,** Грек тилинде айтылса- **“Инжил”** деп атала турганын **“Шарх-уль макасид”** китеби билдирүүдө.

Калами илахий (Аллахтын сөзү) түрдүү нерселерди түшүндүрөт. Кыссалар, б.а., окуялар тууралуу айтылса ал **“кабар”** болот. Же болбосо **“инша”** деп аталат. Аткарылуусу тийиш болгон нерселерди билдирсе **“эмир”** болот. Тыюуларды билдирсе **“нахий”** болот. Ушуну менен катар Калами илахийде эч кандай көбөйүү жана азайуу сыяктуу өзгөрүштөр болбойт. Түшүрүлгөн китептер менен сахифалардын баары Аллаху тааланын калам сыпатынан пайда болот.

Аллаху таала жиберген сахифалар менен Тоорат, Забур, Инжил китептери ошол абалында сакталбай, адамдар тарабынан өзгөртүлгөн. Азыркы кезде туура болгон сухуфтар, Тоорат, Забур, жана Инжил китептери калган эмес. Яхудилердин колдорундагы Тоорат менен христиандар окуп жүргөн Инжил да адамдар тарабынан жазылган туундулар болуп саналат. Ушуну менен катар, ар бир доордо жыйналып турган поптор консулунда да аларга өзгөртүүлөр киргизилип турган. Бири-бирине таптакыр кайчы келе турган Инжилдер да жазылган.

Курани карим ошол китептердин бардыгынын өкүмдөрүн жойгон. Курани каримден башка китепке, Мухаммед алейхиссаламдан башка пайгамбарга моюн сунуу туура эмес. Мусулман болуу үчүн Курани каримге жана Мухаммед алейхиссаламга ишенүү шарт. Мусулмандар Аллаху таала жиберген бардык китептерге ишенип, аларды урматтайт. Бирок, Курани каримден башка өзгөртүлбөгөн китеп жок. Курани карим ошол калыбында өзгөртүлбөстөн ушул кезге чейин жеткен.

## Курани карим

Курани карим мурунтан бар. Бул “кадим” деп аталат. Кийин жаратылган эмес. Муну туура жолдогу ахли сүннөт аалымдары бир ооздон билдиришкен. Калами нафсий - Аллахтын сөзү, б.а., Аллаху тааланын Калам сыпаты дегенди билдирет. Калами лафзий да Аллахтын сөзү, бирок, бул Аллахтын сыпатынан эмес, жаратуусунан пайда болгон деген маанини билдирет.

Курани каримдин сөздөрү арабча. Ал эми, бул сөздөрдү кураштырган Аллаху таала. Адамдын ойлору эмес. Курани каримдеги арабча сөздөр Аллах тарабынан кураштырылып аяттар түрүндө иреттелип, Жабраил аттуу периште аны ошол сөздөр жана ариптер менен Пайгамбарыбызга окуган. Мухаммед алейхиссалам аны угуп, жаттап алып, дароо сахабаларына окуп берген. Аллаху таала Курани каримди арабдардын арасынан Курайш уруусунун диалектикасында жиберген.

Курани карим алгачкы жолу Кадыр түнүндө түшө баштаган. Бул жыйырма үч жылга созулган. Ал эми, Тоорат, Инжил жана башка китептер жана сахифалардын бардыгы бир убакытта түшкөн. Курани карим Мухаммед алейхиссаламдын мужизаларынын эң чоңу жана ал адамдын сөзүнө окшобойт.

Жабраил алейхиссалам жылына бир жолу келип, ошол убакытка чейин түшкөн Курани каримди лавхул махфуздагы (тагдырлар жазыла турган китептеги) ирети боюнча окучу. Пайгамбарыбыз аны тыңдап, кайталачу. Ал кайтыш боло турган жылы эки жолу келип баарын окуду. Мухаммед алейхиссалам менен сахабалардын көпчүлүгү Курани каримди толугу менен жаттап алышкан эле. Кээ бирөөлөрү кээ бир жерлерин жаттап, көп бөлүгүн жазып алышкан эле. Мухаммед алейхиссалам дүйнөдөн өткөндөн кийин халифа Абу Бакр Сыддык «радыйаллаху таала анх» аяттарды жатка билгендерди жыйнап, жазылгандарды чогултуп, Зейд бин Сабит жетектеген кеңеште Курани каримди толугу менен кагаз бетине түшүрткөн. Ошентип, **“Мусхаф”** деп аталган китеп пайда болду. **Отуз үч миң сахаба** бул мусхафтын ар бир тамгасын туура экендигине бир добуштан күбөлүк беришкен. Үчүнчү халифа Осман «радыйаллаху анх» хижраттын жыйырма бешинчи жылы сүрөлөргө бөлүп, мусхафтан алты көчүрмө жаздырып, Бахрейн, Шам, Мысыр, Багдад (Куфа), Йемен, Мекке жана Мединага жиберди. Азыр бүткүл

дүйнөдөгү мусхафтар ушул жетөөнөн көбөйтүлгөн. Алардын арасында бири-биринен эч айырмачылык жок.

Курани каримде 114 сүрө, 6236 аят бар. Аяттардын санынын өзгөртүлүп айтылуусунун себеби узун бир аяттын бир нече кыска аят деп көрсөтүлүүсүнөн, же бир нече кыска аяттын бир аят деп эсептелишинен, же болбосо сүрөлөрдүн башындагы "бисмиллах" сөзүнүн бөлөк аят деп эсептелинишен улам болгон.

## Курани каримдин котормолору жана тафсири

Курани каримди эч бир тилге, жада калса, араб тилине да которулбайт. Курани каримдин маанисин түшүнүү үчүн анын котормосун окубаш керек. Аяттын маанисин түшүнүү деген сөз Аллаху тааланын ушул аятта эмне дегиси келгендигин түшүнүү дегенди билдирет. Бир аяттын котормосун окуган адам Аллаху тааланын бул аяттагы максатын түшүнө албайт. Которгон адамдын илим деңгээлине жараша жазган маанисин гана окуган болот. Жахил (сабатсыз), динсиз адам жазган котормону окуган киши Аллаху тааланын айткандарын эмес, котормочунун өзүнчө түшүндүм деп ойлогон өз акылындагы нерсени үйрөнөт.

Курани карим - ахками илахий (Аллахтын өкүмдөрү) болуп эсептелет. Бул - Жараткандын белгилеген мыйзамдары дегенди билдирет. Аллаху таала Курани каримде кулдарына бакытка жетүүнүн жолдорун көрсөткөн жана өзүнүн сөзүн адамдардын эң улуусуна жиберген. Курани каримдин маанисин бир гана Мухаммед алехиссалам түшүнөт. Башка эч ким толук түшүнө албайт. Сахабалардын өздөрү араб тилдүү болушканына карабастан, кээ бир аяттардын маанисин түшүнө албай, аны Мухаммед алехиссаламдан сурашкан.

Хазрети Омар «радыйаллаху анх» бир күнү бир жерден өтүп бара жатып пайгамбарыбыз Мухаммед алехиссаламдын Хазрети Абу Бакрга бир нерсени түшүндүрүп жатканын көрөт. Алардын жанына келип, угуп турат. Муну башка сахабалар да көргөнү менен, алардын жанына келип угуудан тартынышат. Алар эртеси күнү Хазрети Омардан сурашат: "Эй, Омар! Расулуллах «саллаллаху алейхи васаллам» кечээ сизге эмнени түшүндүрүп берди эле? Бизге да айтыңыз, биз да билип алалы". Анткени, Расулуллах: **"Менден уккандарыңарды дин бир тууганыңарга да айткыла. Бири-**

**бириңерди кабардар кылгыла”, -** деген. Хазрети Омар «радыйаллаху анх»: “Кечээ Абу Бакр «радыйаллаху анх» Курани каримден түшүнбөгөн бир аяттын маанисин сураптыр. Пайгамбарыбыз «саллаллаху алейхи васаллам» ага түшүндүрүп берди. Мен дагы бир саат бою угуп турдум. Бирок, эч нерсе түшүнө алган жокмун”, - деп жооп берет. Себеби, Расулуллах аны Абу Бакрдын жогору даражасына ылайыктап түшүндүрүп берген эле. Хазрети Омардын «радыйаллаху анх» даражасы да жогору болчу. Бул тууралуу Пайгамбарыбыз: **“Мен - пайгамбарлардын эң акыркысымын. Менден кийин пайгамбар келбейт. Эгер менден кийин пайгамбар келгенде, Омар пайгамбар болоор эле”, -** деген. Ошондой жогорку даражасына жана араб тилин өтө жакшы билүүсүнө карабастан Курани каримдин тафсирин дагы түшүнө албады. Жабраил алейхиссаламдын өзү да Курани каримдин маанисин Пайгамбарыбыздан сурачу. Абдулгани Наблусий **“Хадика”** китебинде: “Расулуллах (саллалаху алейхи васаллам) Курани каримдин толук тафсирин сахабаларына түшүндүрүп берген. Бул тууралуу улуу Ислам аалымы Жалалиддин Суюти кабар берген”, - деп жазат.

Кыскача айтканда Курани каримдин маанисин бир гана Мухаммед алейхиссалам түшүнгөн жана аны хадистер аркылуу түшүндүрүп берген. Курани каримге толук жана анык тафсир кылган адам - Мухаммед алейхиссалам. Эң туура тафсир китеби да - анын хадиси шарифтери, аларды эң жакшы түшүнгөн адамдар да - сахабалар. Ислам дининин улуу аалымдары тынымсыз эмгектенишип, болгон күчтөрүн, өмүрлөрүн ошол хадистерди жыйнап, тафсир китептерин жазууга арнашкан. Алардын ичинен эң баалуусу - **“Байдави” (“Энвар-ут-танзил”)** (казы Абдуллах бин Омар Байдави, 1286-ж. Табризде кайтыш болгон) китеби. Ушул тафсир китептерин түшүнө алуу үчүн да көп жылдар окуп, эмгектенүү керек.

Ислам илими 20 бөлүмдөн турат. Алардын 80 тармагы бар. Алардын бири - тафсир илими. Ушул ар бир илим тармагынын өз аалымдары менен китептери бар. Бул 80 илим тармагын үйрөнгөндөр тафсирлерди түшүнүп, башка мусулмандарга түшүндүрүп берүү үчүн миңдеген китептерди жазышкан. Түрк тилинде жазылган **“Мавакиб”, “Тибян”** жана **“Абуллайс”** аттуу баалу тафсир китептери бар. Ислам душмандары, бидатчылар Курани каримдин маанисин бурмалап бузуу үчүн жаңылыш тафсир жана котормолорду жазууга аракет кылышкан. Андай

ууланган китептерди окугандар бидат оорусуна чалдыгат. Курани каримди жана хадиси шарифтерди жаңылыш түшүнүү же ага шектенүү адамдын ыйманын кетирип, куфурга түшүп калуусуна себеп болот.

Курани каримдин туура, акыйкат маанисин түшүнүнгүсү келген адам ахли сүннөт аалымдарынын **“калам”, “фыкх”** жана **“ахлак”** китептерин окуусу керек. Ахли сүннөт аалымдары бул илимдерди **асхабы кирам**дан үйрөнүшкөн. Алар да Пайгамбарыбыздан угуп үйрөнүшкөн.

Курани каримдин башка тилдердеги котормолору Куран деп эсептелбейт. Алар **“Курани каримдин түшүндүрмөлөрү”** деп аталат. Алар адис болгон, илимдүү мусулмандар тарабынан которулса, аны окууга болот. Бирок, аларды Куран деп окууга болбойт. Курандын мааниси деп окуса күнөө болот. Мусулмандар Курани каримди Аллаху таала кандай түшүргөн болсо ошол бойдон окууга тийиш. Маанисин түшүнбөй окуса да сооп болот. Ал эми, маанисин түшүнүп окуса, албетте, чоң сооп алган болот.

Курани карим латын же кирилл тамгалары менен жазылбашы керек. Анткени, бул тамгалар Курани каримдин тыбыштарын дал өзүндөй кылып бере албайт. Ошол себептен мааниси да бузулат. Азыркы учурда көптөгөн кишилердин ушундай жаңылыш котормолорду жана латын (кирилл) тамгаларында жазылган түшүнүксүз китептерди **“Эне тилинде Куран”** деген жагымдуу ураан менен жаштарга сунуп жатышкандыгы байкалат. Ушуларга алданып калбоо керек. Исламды үйрөнүүнү андай китептерден баштабаш керек. Курани каримдин котормолорунан динибиздин өкүмдөрүн үйрөнүү мүмкүн эмес. Динде хадис, ижма жана кыяс аркылуу чыгарылган өкүмдөр да кездешет. Бул төрт негиз **“адилла-и шарийа”** (Шарияттын далилдери ) деп аталат.

## Курани каримдеги маалыматтар

**“Мавдуат-ул-улум”** (Кемаледдин Мухаммед, 1623-ж. Стамбулда кайтыш болгон) китебинде: “Курани каримдеги маалыматтар үч бөлүмдөн турат.

Аллаху таала маалыматтардын <u>бир бөлүмүн</u> эч бир кулуна билдирген эмес. Анын өзүн, ысымдарын жана сыпаттарын өзүнөн башка эч ким биле албайт.

Экинчи бөлүм бир гана Мухаммед алейхиссаламга билдирилген болуп, аны да улуу пайгамбарлар менен анын мурасчылары болгон расих аалымдардан башка эч ким түшүнө албайт.

Үчүнчү бөлүм – Аллаху тааланын Мухаммед алейхиссаламга көрсөтүп, аны үммөттөрүнө да үйрөтүүсүн буйрук кылган маалыматтар. Бул маалыматтар да экиге бөлүнөт. Биринчиси, “кысас” жана “ахбар”. Кысас - өткөн үммөттөрдүн жагдайын билдирет. Ахбар - бул дүйнө жана акыретте жараткан жана жарата турган нерселерин билдирүүчү илим. Экинчиси, акыл, тажрыйба жана араб тили илимдери аркылуу үйрөнүлө турган илимдер болуп эсептелет”, - деп билдирилген.

## Курани каримди окуу

Мусулмандар өздөрүнүн ыйык китеби Курани каримди түп нуска түрүндө Аллаху тааладан сооп үмүт кылып окушат.

Пайгамбарыбыз (алейхиссалам) бир хадисинде: **“Үммөтүмдүн кылган ибадаттарынын эң жакшысы – Курани каримди мусхафка** (китепке) **карап окуу”,** - деген. Хазрети Али айтат: “Намазда окулган Курандын ар бир тамгасы үчүн жүз сооп жазылат. Намаздын сыртында даарат менен окулса, ар бир тамгасы үчүн 25 сооп, дааратсыз (жаттагандарын) окуса он сооп жазылат. (Бирок, Курани каримди дааратсыз кармоого болбойт). Жүрүп бара жатып же иштеп жатып окула турган болсо, аз сооп жазылат. Маанисин түшүнүп, бир аят окуу - башка нерсени ойлоп отуруп Куранды баштан аяк окуудан артык”. Соңку кездерде карилердин Куранды музыкалык обон менен окуулары кездешип жатат. Бул - өтө чоң күнөө. Курани каримди Аллаху тааладан коркуп, муң менен окуу керек. Сүрө же аят окуганда “аузу” менен баштоо - важиб. Башка сүрөлөрдү “бисмиллах” менен баштоо - сүннөт. Курани каримди тажвид эрежелерине ылайык окуу керек. Куранды башынан аягына чейин окуунун, б.а., хатим кылуунун сообу өтө көп. Пайгамбарыбыз «саллаллаху алейхи васаллам» бир хадисинде мындай дейт: **“Ибадаттардын эң жакшысы – Курани каримди баштан аягына чейин окуп бүткөндөн кийин кайрадан баштоо”.** Дагы башка хадиси шарифтерде: **“Курани каримди тажвид менен окуган адамга шейиттин сообу**

**берилет", "Адамдын тыңдаган бир аяты кыяматта өзүнө нур болот", "Куран окуган кезде Аллаху тааланын ыраазылыгын жана Бейишти тилегиле! Дүнүйөлүк нерселерди сурабагыла. Ушундай убакыт келет, ал убакытта карилер Курани каримди адамдарга жакындоонун куралы кылып алышат", "Курани каримди толук окуган (хатим кылгандын) адамдын дубасы кабыл болот",** - деп айтылган.

Курани каримди китеп бетинен окуган кезде төмөндөкү жагдайларга көңүл буруу керек:

1. Даарат менен окууга тийиш. (Азыркы учурда кээ бир дин адамдары: "Курани каримди дааратсыз окууга болот", - деп айтып жүрүшөт. Шайтандын өкүлдөрү болгон андай адамдарга алданып калбоо керек). Кыбыланы карап окуу керек.

2. Шашпай, маанисин түшүнүп окуу керек. Маанисин түшүнбөсө да акырын окуу керек.

3. Ыйлап отуруп окуу керек.

4. Ар бир аяттын маанисин сезип окуу керек. Бул деген, азап аяттарын коркуу менен, рахмат аяттарын берилүү менен жана танзих (Аллахты жаман сыпаттардан алыс деп билүү) аяттарын тасбих (мактоо) менен окуу дегенди билдирет.

5. Окууну "аузу-бисмиллах" менен баштоо керек.

6. Акырын добуш, тажвидге ылайык окуу керек.

7. Курани карим - Аллаху тааланын каламы, б.а., сөзү. Ушуну назарга тутуп окуу керек. Окуудан мурда Аллаху тааланын улуулугун эске алып, ойлонуу керек. Башка нерселерди ойлонбой, ар бир сөзгө маани берип окуу кажет.

## Ыймандын төртүнчү шарты
## Пайгамбарларга ишенүү

Ыймандын алты шартынын төртүнчүсү - **Аллаху тааланын пайгамбарларына ишенүү.** Аллаху таала пайгамбарларды адамдарга туура жолду көрсөтүү үчүн жиберген. Исламда "Расул" сөзү "жаратылышы, мүнөзү, илими жагынан замандаштарынын эң улуусу, жогорусу, кадырлуусу" деген маанини билдирет. Пайгамбарларга "исмат" деген сыпат берилген. Алар пайгамбар болуудан мурда да, кийин да эч кандай күнөө кылышкан эмес.

## Пайгамбарлардын сыпаттары

Пайгамбарларда пайгамбар экендиктери билдирилгенден кийин дүлөйлүк, сокурдук сыяктуу кемчиликтер болбойт. Ар бир пайгамбарда төмөндөгү жети сыпат бар экенине ынануу керек:

1. **Аманат:** Аманатка кыянат кылышпайт.

2. **Сыдк:** Сөздөрүндө турушат. Ката сүйлөшпөйт.

3. **Таблиг:** Аллаху тааланын буюрган жана тыюу салган нерселерин ошол бойдон толугу менен үммөттөрүнө билдиришет.

4. **Адилдик:** Бардык пайгамбарлар адилеттүү болушкан.

5. **Исмат:** Күнөөлөрдүн баарынан сактанышкан. Алар пайгамбар боло электе да күнөө кылышкан эмес.

6. **Фатанат:** Абдан акылдуу жана түшүнүгү мол деген сөз. Бардык адамзаттан акылдуу болот.

7. **Эмнул-азл:** Пайгамбарлыктан чыкпайт.

Жаңы дин алып келген пайгамбарлар **“Расул”** деп аталат, адамдарга өзүнөн мурда келген динди насыйхат кыла турган пайгамбарлар **“Наби”** деп аталат. Аллахтын динине чакыруу ишинде Расул менен набинин аткара турган кызматтарында айырмачылык жок.

Пайгамбарларга ишенүү – алардын баарын садык, чынчыл экенине ишенүү дегенди билдирет. Алардын бирине гана ынанбаган адам алардын эч бирине ынанбаган болот. (Яхудилер Муса алейхиссаламга ынанып, Иса алейхиссалам менен Мухаммед алейхиссаламга ишенишпейт. Християндар болсо, Иса пайгамбарга ынанып, соңку пайгамбар Мухаммед алейхиссаламды моюндашпайт. Ал эми, Муса алейхиссалам да, Иса алейхиссалам да Мухаммед алейхиссаламдын келе тургандыгын үммөттөрүнө кабар берген, Пайгамбарыбыздын өзгөчөлүктөрү жана артыкчылыктарын түшүндүрүп беришкен. Мусулмандар Иса алейхиссаламдын да, Муса алейхиссаламдын да пайгамбар экендигине ишенишет.)

Пайгамбардык касиетине көп эмгектенүү, көп ибадат кылуу, ачка калуу же азап тартуу аркылуу кол жеткизүү мүмкүн эмес. Жалгыз гана Аллаху тааланын тандоосу жана каалоосу менен болот. Адамдардын дүйнөдөгү жана акыреттеги иштери пайдалуу болушу үчүн жана зыяндуу иштерден сактанып, туура жолдо жүрүп, ырахатка жетүүлөрү үчүн пайгамбарлар аркылуу диндер жиберилди. Пайгамбарлар Аллахтын жолунда өзүнө душманчылык кылган

заалым адамдардын келтирген зыяндарына, күлкү-мазактоолоруна карабастан, Аллахтын ынануу жана амал кылуу үчүн жиберген буйруктарын үгүттөөдө душмандарынан корккон эмес. Аллаху таала пайгамбарлардын чынчыл экенин көрсөтүү үчүн аларды **мужизалар** менен колдогон. Бул мужизаларга эч ким каршы чыга алган эмес.

Бир пайгамбарга моюн сунуп, ага ишенген адам ошол пайгамбардын үммөтү деп аталат.

Пайгамбарлар кабырларында бизге белгисиз болгон түрдө жашашат. Алардын ыйык денелери топуракта чирибейт.

Пайгамбарлардын көздөрү уйкуда болгону менен алардын көңүл көздөрү ачык болот. Пайгамбардык милдетин орундоодо жана пайгамбардык артыкчылыктары жагынан бардык пайгамбарлар бирдей. Жогоруда корсөтүлгөн жети сыпат баарында кездешет. Пайгамбар пайгамбарлык милдетинен чыгарылбайт, бошотулбайт. Аларадамдардынарасынантандалат.Пайгамбарлардынбири-биринен өзгөчөлөнүп турган жактары бар. Мисалы, үммөттөрүнүн көптүгү, элинин көптүгү, илиминин кеңири жайылгандыгы, мужизаларынын көп жана үзгүлтүксүз болушу сыяктуу. Ушул сыяктуу өзгөчөлүктөр жагынан эң жогору турган Мухаммед алейхиссалам болуп эсептелет. Анын үммөттөрү да башка үммөттөргө караганда жогору турушат. Улул-азм деп аталган пайгамбарлар калган пайгамбарлардан жогору жана расулдар да набилерден жогору болот.

## Пайгамбарлардын саны

Пайгамбарлардын анык саны белгилүү эмес. Алардын 124 миңден көп экендиги айтылат. Алардын ичинен 313 же 315и Расул. Алардын баарынын жогору болгон алтоо **Улул-азм** пайгамбарлар де аталышат.

**Улул-азм пайгамбарлар:** Адам, Нух, Ибрахим, Муса, Иса жана Мухаммед (алейхимуссалату вассалам). Отуз үч атактуу пайгамбар бар: Адам, Идрис, Шит, Нух, Худ, Салих, Ибрахим, Лут, Исмаил, Исхак, Якуб, Юсуф, Аййуб, Шуайб, Муса, Харун, Хызыр, Юша бин Нун, Ильяс, Альяса, Зулкифл, Шемун, Ишмоил, Юнус бин Мета, Давуд, Сулайман, Локман, Закария, Яхйа, Узайир, Иса, Зулкарнайн жана Мухаммед (алейхимуссалату вассалам).

Булардын ичинен жыйырма сегизинин ысымы Курани каримде берилген. Шит, Хызыр, Юша, Шемун жана Ишмоил Куранда

көрсөтүлгөн эмес. Зулкарнайн, Локман, Узайрдын пайгамбар экендиги анык эмес.

Ибрахим алейхиссалам - халилуллах, б.а., Аллахтын адал досу. Анын жүрөгүндө Аллаху таалага болгон махабаттан башка эч нерсе жок эле. Муса алейхиссалам - калимуллах, анткени, ал Аллаху таала менен сүйлөшкөн. Иса алейхиссалам - калиматуллах, анткени, анын атасы болгон эмес. Бир гана “бол” деген буйрук менен энеси аны дүйнөгө алып келген. Адам алейхиссаламды ата-энесиз жараткан Аллаху таала Иса пайгамбарды да атасыз жаратты. Иса алейхиссалам Аллаху тааланын дааанышмандыкка толгон сөздөрүн адамдарга жеткирди. Мухаммед алейхиссалам – хабибуллах, б.а., Аллаху тааланын сүйүктүү жана эң кадырлуу кулу.

## МУХАММЕД АЛЕЙХИССАЛАМ

Пайгамбарыбыз (алейхиссалам) 571-жылы Чын куран айынын жыйырмасына дал келген Рабиул аввал айынын он экисинде, Дүйшөнбү күнү таңга маал Мекке-и Мукаррама шаарында дүйнөгө келген. Дүйнөнүн бардык түпкүрүндөгү мусулмандар жыл сайын ушул түндү **мавлид түнү** катары белгилеп келишет. Атасы Абдуллах эрте кайтыш болгон. Энесинин аты Амина, чоң атасынын аты Абдулмутталиб болгон. Курайш уруусунун Хашим уулдарынан чыккан. Алты жашында энеси, сегиз жашында чоң атасы Абдулмутталиб кайтыш болгон. Абдулмутталиб Курайш уруусунун башчысы эле. Анын он эки уулу, алты кызы болгон. Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам атасы кайтыш болгондон кийин, атасынын бир тууган агасы Абуталиптин колунда болот. Жыйырма беш жашында Хазрети Хатижага үйлөнөт. Андан төрт кыз, эки уулдуу болот. Кырк жашында Рамазан айында **Хира** тоосунда Жабраил алейхиссалам келип, бүткүл адамзатка жана жиндерге пайгамбар болгондугун кабарлайт. Үч жылдан кийин Пайгамбарыбыз алейхиссалам бардык адамдарды ыйман келтирүүгө чакырат. Пайгамбарыбызга Жабраил алейхиссалам жыйырма төрт миң жолу келген (Жабраил алейхиссалам Адам алейхиссаламга он эки, Нух алейхиссаламга элүү, Ибрахим алейхиссаламга кырк, Муса алейхиссаламга төрт жүз, Иса алейхиссаламга он жолу келген). Элүү эки жашында Ражаб айынын 27-түнүндө Меккеге Жабраил

алейхиссалам келип, аны Масжиди Харамдан Кудусдагы Масжиди Аксага алып барат да, андан ары асманга көтөрүлүшөт. Анын бул сапары **“мираж”** деп аталат. Ушул миражда бизге түшүнүксүз абалда Аллаху тааланы көрдү. Миражга рух жана денеси менен бирге чыккан. Ошол түнү мусулмандарга **беш маал намаз** фарз кылынды. 53 жашында Мединага **хижрат** кылган (көчүп барган). Ошол убакытта жанында биринчи халифа Абу Бакр Сыддык болгон. Мединада 27 жолу согушка катышты. Анын тогузунда аскер, ал эми калгандарында аскер башчысы катары согушкан. Бадр, Ухуд, Хандак, Хайбар, Мута, Меккенин алынуусу, Хунайн, Тайф, Табук согуштары - белгилүү ыйык согуштар. Пайгамбарыбыз хижраттын 11-жылы Раббиул-аввал айынын он экиси, дүйшөнбү күнү Мединада кайтыш болгон. Кайтыш болгон бөлмөсүндө жерге берилген. Хижрий жыл менен 63, Григорян календары боюнча 61 жашта эле.

Пайгамбарыбыз бардык адамдардын эң сулуусу эле. Мубарек жүзү бираз тоголок эле. Ал кубанганда ыйык жүзүнөн нур чачылчу эле. Күндүз кандай көрсө, түндө да ошондой көрө турган. Алдындагыларды кандай көрсө, артындагы нерселерди да ушундай көрө турган. Муну далилдеген жүздөгөн окуя китептерде жазылган. Көз менен көрүүнү жараткан Аллаху тааланын башка дене мүчөлөрү менен көрүүнү да жаратууга кудурети жетет. Кирпиктери узун, көз кареги капкара эле. Көздөрүндө бираз кызылдык бар эле. Маңдайы ачык, жарым ай сымал каштарынын ортосу ачык эле. Сүйлөгөндө мубарек оозунан нур төгүлгөндөй болчу. Аллахтын кулдары ичинде ал сыяктуу эч ким так жана асемдүү сүйлөй албайт. Анын сөздөрүн түшүнүү оңой жана көңүлдөрдү өзүнө тартчу эле. Сүйлөгөндө сөздөрү бермет-маржан сыяктуу даана-даана болгондуктан санагысы келген адам кыйналбастан санай алмак. Кээде жакшы түшүнүктүү болушу үчүн сөздөрүн үч жолу кайталачу. Бейиште адамдар Мухаммед алейхиссалам сыяктуу сүйлөшөт. Ыйык үнү да эч кимдин үнү жетпей турган жерлерге чейин жеткендиги керемет болчу. Аз сөз менен көп нерсени түшүндүрө турган. Жүз миңдеген хадиси шарифтери анын аз сөз менен көп нерсени түшүндүрүүчү **“жавамиул-калим”** экенин көрсөтүп турат. Кээ бир Ислам аалымдары Мухаммед алейхиссаламдын Ислам дининин төрт негизин төрт хадис менен билдиргенин айтышат.

Алар: **“Амалдар ниеттерге жараша бааланат”, “Адал да белгилүү, харам да белгилүү”, “Доочунун күбө көрсөтүүсү, жоопкердин ант берүүсү керек”, “Адам өзүнө эмнени тилесе, диндеш досуна да ошону тилемейинче ыйманы толук болбойт”.**

Бул хадистердин биринчиси ибадат илиминин, экинчиси муамалат (турмуш) илиминин, үчүнчүсү адилет менен саясат илиминин, төртүнчүсү адеп-ахлак илиминин негиздери болуп саналат.

Мухаммед алехиссалам жылуу жүздүү эле. Жылмайып күлгөндө тиштери көрүнчү. Күлгөндө да, ыйлаганда да добушу чыкчу эмес. Бирок, ыйлаганда ыйык көздөрүнөн жаш агып, ыйык көкүрөгүнөн үнү угулуп турчу. Үммөтүнүн күнөөлөрүн ойлоп ыйлачу. Аллаху тааладан коркуп же Куранды тыңдаганда, кээде намаз окуканда ыйлачу. Ыйык денесинин жыты мушк-амбардан (миск) да жыпар жыттуу, жумшак жана кубаттуу эле. Сахаба Анас бин Малик мындай дейт: “Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламга он жыл кызмат кылдым. Ыйык колдору жибектен да жумшак, ыйык териси гүлдөн да жыпар жыттуу эле”.

Алдыга карап, ылдам басчу. Бир жерден өткөнүн анын жыпар жытынан билип алуу мүмкүн эле. Бою узун да, кыска да эмес, орто бойлуу эле. Жанына узун бойлуу адам келсе, андан узун болуп көрүнчү. Отурганда ыйык ийини башкалардын ийининен бийик көрүнчү. Ыйык чач-сакалы жаратылышынан бираз тармал болчу, аларды боёчу эмес. Кайтыш болгон кезде чачы жана сакалынын агы жыйырмадан аз эле. Мурут коюп жүрчү. Мурутунун узундугу каштарындай эле.

Мухаммед алейхиссалам ак жуумал эле. Бардык адамдардын эң сулуусу эле. Сулуулугун ар кимге билдирчү эмес. Кимде-ким: “Ал кара түстүү болчу”, - десе, динден чыгат. Пайгамбарыбыз Арабстанда туулуп чоңойгондуктан араб болчу. “Араб” сөзү сөздүктө “сонун, кооз, көркөм, сулуу” дегенди билдирет. Пайгамбарыбыз Ибрахим алейхиссаламдын урпагынан болот.

Көркөм мүнөздүн бардыгы Мухаммед алейхиссаламда жыйналган эле. Бул жогору ахлак ага Аллаху таала тарабынан берилген болуп, эмгектин аркасынан кол жеткизиле турган касиеттер эмес эле. Ал эч качан бир мусулмандын атын атап каргачу эмес, ыйык колу менен эч кимди урчу эмес. Өз напси үчүн эч кимден өч алууга тырышчу эмес. Бир гана Аллах үчүн, Аллах жолунда өч алчу. Туугандары, сахабалары, кызматчылары менен өтө карапайымдуулук менен

карым-катнаш кылчу. Үй жумуштарында өтө жумшак жана жарык маанайлуу эле. Ооруп калгандардын жагдайын сурап, жаназаларына катышчу. Сахабаларына жардам берип, балдарды көтөрүп ойночу. Руху периштелер ааламында болчу. Мухаммед алейхиссаламды кокустан көрүп калган адамды коркуу басчу. Ал эми өзү жылуу жүздүү болбогондо, пайгамбардык сүрү себебинен анын жанына эч ким отуруп, сөзүн тыңдоого батына алмак эмес. Бирок, өзү болсо катаал мүнөздүү эмес болчу жана уяттуулугу ушунчалык көп болгондуктан маңдайында маектешип турган адамдын бетине тик карачу эмес. Ал адамзаттын эң жоомарты эле. Көзү уйкуда болгону менен жүрөгү ойгоо турчу. Ачка жатса да ток болуп турчу. Эч качан эстечү эмес. Ыйык денеси нурани (нурдуу) болгондуктан көлөкөсү жерге түшчү эмес. Кийимдерине чымын-чиркей randomly кончу эмес, жандыктар аны чакчу эмес. Кимде ким түшүндө Пайгамбарыбызды көрсө, Пайгамбарыбыздын өзүн көргөн болот. Анткени, шайтан Пайгамбарыбыздын сүрөтүнө кире албайт. Анын кабырын зыярат кылуу эң куттуу ибадаттардын бири болуп эсептелет.

Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын алгачкы жубайы - Хатижа «радыйаллаху анха». Андан Касым, Абдуллах, Умму Гүлсүм, Рукыя, Фатима, Зейнеп деген балдары болгон. Кызы Фатимадан башка балдары өзүнөн мурда кайтыш болгон. Ибрахим аттуу баласы Мария деп аталган күңүнөн туулган эле. Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам биринчи жубайы кайтыш болгондон кийин Абу Бакрдын кызы Айша Сыддыкага үйлөнөт. Андан кийинки аялдарга ал диний жана саясий себептерге байланыштуу үйлөнгөн.

Мухаммед алейхиссалам – **“хатем-уль анбия”** (пайгамбарлардын акыркысы) болуп эсептелет. Андан кийин эч кандай пайгамбар келбейт. Анын руху бардык пайгамбарлардан мурда жаратылган. Пайгамбардык даражасы эң алгач ага берилген. Пайгамбардык милдети анын дүйнөгө келүүсү менен аяктады.

Мухаммед алейхиссалам – Пайгамбарлардын эң улуусу. Ал бардык адамдардын жана жиндердин пайгамбары. Калган пайгамбарлар белгилүү бир элге, коомго жиберилген. Ал эми, Мухаммед алейхиссалам – бүткүл ааламдын, жандуу-жансыз бүткүл жаратылган нерселердин пайгамбары. Калган пайгамбарларга берилген сыяктуу ага да мужизалар берилген. Аллаху таала сүйүктүү пайгамбарына башкаларга караганда көп мужиза берген. Алардын эң чоңу – Курани карим эле. Башка кээ бир мужизалары:

миражга чыгуусу, бармагы менен ишарат кылганда Айдын экиге бөлүнүүсү, алаканындагы таштардын Аллахты тасбих кылуусу, ага бак-дарактардын салам берүүсү, манжаларынан суу акканы, акыретте улуу мартаба берилүүсү, көркөм мүнөзү, эсепсиз жакшылыктары. Анын дини бардык диндердин өкүмүн жойду. Заманыбыздагы эң акыйкат дин – Ислам дини.

Анын ар бир сөзүн жаттап алуу үчүн жан берип эмгек кылынган, затынын жана өмүрүнүн маанилүүлүгү, баалуулугу ага жакын болгондорго да таасирин тийгизип, бардыгынын өмүр баяны, үстөмдүктөрү бүт өзгөчөлүктөрүнө чейин китептерге жазылуусуна себеп болгон жер бетинде Мухаммед алейхиссалам сыяктуу экинчи бир адам келген эмес.

## Мужиза, керемет, парасат, истидраж жана сыйкыр

Аллаху таала бардык нерсени бир себепке байлап жараткан. Ушул себептерге бир ишти жүзөгө ашыра турган, таасирин тийгизе турган күч-кубат берген. Бул күчтөрдү табият күчтөрү, физикалык, химиялык жана биологиялык закондор деп атайбыз. Бир жумушту аткаруубуз, бир нерсеге ээ болуубуз үчүн ар дайым ошол нерселердин себептерине жармашуубуз керек. Бардык нерсени себептери менен жаратуу Аллаху тааланын адаты. Адамдардын бардык аракеттери Аллаху тааланын ушул адатынын негизинде жүзөгө ашат. Бирок, Аллаху таала сүйүктүү пенделерине жакшылык, белек катары, ал эми душмандарын алдап, адаштыруу үчүн сүйүктүү пенделерине таң калардык иштерди адатынан тышкары жол менен жаратып берет.

1. **Мужиза:** Пайгамбарларда Аллаху тааланын кудурети менен жаратылган адаттан тышкары жагдайлар кездешет. Бул - **“мужиза”** деп аталат. Мужиза - пайгамбар экендигин айткан адамдын айткандарынын чын экенин далилдөөчү адаттан тышкары кубулуштар. Пайгамбарлардын өз үммөттөрүнө мужиза көрсөтүүлөрү милдеттүү. Мужиза пайгамбарлардан башка эч кимдин колунан келбейт.

2. **Керемет:** Ар бир пайгамбардын үммөттүнүн ичинде жетилген олуяларда кездеше турган адаттагыдан тышкары абалдар **“керемет”** деп аталат. Олуялардын керемет көрсөтүүсү милдеттүү эмес. Абдулкадир Гейлани жана Имам Раббанинин кереметтери белгилүү. Бир олуянын көп керемет көрсөтүүсү анын кереметти аз олуядан

жогору экендигин билдирбейт. Өтө бийик даражада болгон көптөгөн олуялардын аз керемет көрсөткөндүгү белгилүү.

3. **Парасат:** Үммөт ичинде олуя болбогон салих, такыбалуу адамдарда кездеше турган таң калардык нерселер **“парасат”** деп аталат.

4. **Истидраж:** Ушундай адаттан тышкары таң каларлык нерселер ачыкча күнөө кылган фасык адамдарда көрүнө турган болсо, анда бул **“истидраж”** деп аталат. Ал эми истидраж болсо аны көрсөткөн адамды бара-бара кадыр-баркын түшүрүп, ыйманынын алсыздоосуна түртөт.

5. **Сыйкыр:** Мусулман болбогондордо кездешүүчү адаттан сырткары таң калардык нерселер **“сыйкыр”** деп аталат.

## Вахий, хадиси кудси жана хадиси шариф

Аллаху тааланын пайгамбарларына кабар жиберүүсү **“вахий”** деп аталат. Вахийдин эки түрү бар. Жабраил (алейхиссалам) аттуу периште Аллаху тааладан алган кабарларды пайгамбарларга окуду. **“Вахи-уль матлу”** деп аталган ушул вахийдин сөздөрү менен маанилери да Аллаху тааладан келген. Мисалы, Курани карим – вахи-уль матлу. Вахийдин экинчи түрү **“вахи-уль гайри матлу”** деп аталат. Ал Аллаху таала тарабынан пайгамбарлардын жүрөгүнө билдирилет. Пайгамбар аны өз сөзү менен башкаларга билдирет. Ушул сөздөр **“хадиси кудси”** деп аталат. Хадиси кудсилердин сөздөрү пайгамбарлардан, мааниси Аллахтан болот. Ал эми, сөзү да, мааниси да Пайгамбар тарабынан айтылса ал **“хадиси шариф”** деп аталат.

Хадиси шарифтерди Пайгамбардын өз оозунан уккан асхабы кирам аны өздөрүнөн кийинкилерге накыл кылышып, айтып жеткизген. Хадис аалымдары да хадистерди бир нече топторго бөлүп, аны накыл кылган адамдары менен бирге китептерине жазышкан. Хадиси шарифтер аркылуу Курани карим менен сүннөткө кандай амал кылуу керектиги, Исламдын шарттары, тасаввуф (сопулук) илимдери, муамалат (турмуштагы карым-катнаш) илимдери, исламий ахлак (кулк-мүнөз), сахабалардын артыкчылыктары, пайгамбарлар менен маанилүү инсандардын өмүр баяндары, кыяматка чейинки маанилүү окуялар, кыямат, хашр, нашр, Бейиш, Тозок, пайгамбардардын өмүр баяндары, Курани каримди окуу жана

тафсир кылуу, периштелер, шайтандар жана медицина илимдери тууралуу маалыматтар берилген.

Аллаху тааланын ысымын айткан, уккан, жазган кезде **"Субханаллах", "Табаракаллах", Жалла жалалух", "Азза исмух", "Жаллат кудратух" же "таала"** сыяктуу урмат сый билдирген сөздөрдүн бирөөсүн кошуп айтуу алгачкысында - важиб, кайталанып келгенде айтуу мустахаб болот. Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын аты өткөн жерлерде салават айтуу да ошол сыяктуу маанилүү. **"Аллаху таала", "Курани карим"** деп урмат сый менен толук айтып жазууну өзүбүзгө адат кылуубуз керек. Пайгамбарыбыздын аты аталганда, жазылганда: **"Саллаллаху алейхи васаллам", -** деп, толук айтуу жана жазуу керек. Бул сөздөрдү кыскартып, бир гана баш тамгаларын жазып коюу мусулмандардын адаты эмес. Сахабалардын аты аталганда: **"Радыйаллаху анх",** Ислам аалымдарынын аттарына: **"Рахметуллахи алейх"** сөзүн кошуп жазуу жана айтуу туура болот.

## Сахаби деп кимдерди айтат?

Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламды бир жолу болсо да көргөн, сокур болсо сүйлөшкөн аял же эркек адам, бала же балакатка жеткен мусулман **"сахаби"** деп аталат. Бир канча сахаби **"асхабы кирам"** же **"сахаба"** деп аталат. Пайгамбарыбыз жиндердин дагы пайгамбары болгодуктан жиндердин арасында да сахабалар болот.

Пайгамбарлар менен периштелердин улууларынан кийин бүткүл жаратылгандардын ичинде эң улуулары асхабы кирам болуп саналат. Сахабалардын ар бири ушул үммөттүн баарынан жогору. Мухаммед алейхиссаламдын пайгамбар экендигине ишенген ар бир адам, кандай тектен, кайсы элден чыкса да Мухаммед алейхиссаламдын үммөтү деп аталат. Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламды мусулман катары билүүдөн артык үстөмдүк болбойт. Ошондуктан, асхабы кирам бардык мусулмандарга жана башка үммөттөргө караганда бийик даражага ээ. Сахабалар тууралуу жазып, сүйлөп жатканда өтө адептүү болууга аракет кылуу керек. Улуу Ислам аалымы Абдуллах ибн Мубарактан "Муавия менен Омар бин Абдулазиз экөөнүн кайсынысы абзал (жакшыраак)?" - деп сурашканда: "Расулуллухтын «саллаллаху алейхи васаллам» жанында бара жаткан Муавиянын

«радыйаллаху анх» минген атынын мурдуна кирген чаң Омар бин Абдулазизден жүздөгөн эсе кадырлуу", - деп жооп берет. Сахабалар (алейхимуррыдван) – Аллаху тааланын сүйүктүүсүнүн сухбатына катышууга ылайыктуу кылып жаратылган адамдар.

Курани каримде "Али Имран" сүрөсүнүн 110-аятында: **"Силер үммөттөрдүн кайырлуусусуңар",** - деп айтылган. **"Тообо"** сүрөсүнүн 100-аятында: **"Биринчи мусулман болгондордун ичинен мухажирлер менен ансарлардан алгач кошулгандарына жана ошолордун жолундагыларга Аллаху таала ыраазы. Аллаху таала алар үчүн Бейиштерди даярдайт. Ал Бейиштердин астында өзөндөр агып турат. Алар Бейиште түбөлүк калышат!"** - деп билдирилген.

Пайгамбарыбыз Мухаммед (алейхиссалам) бир хадисинде мындай дейт: **"Адамдардын эң жакшылары – менин заманымдагы мусулмандар** (б.а., сахабалар). **Алардан кийинки жакшылар – аларды көргөндөр** (б.а., табииндер). **Алардан кийинки жакшылар – аларды көргөндөрдү көргөн адамдар** (б.а., таба-табииндер). **Алардан кийин келгендердин ичинде жакшы эместер да кездешет".** Дагы бир хадисте: **"Сахабаларым – көктөгү жылдыздар сыяктуу. Каалаган бирөөнү эрчүү аркылуу хидаятка** (ыйманга, туура жолго) **жетесиңер"**, - деп айтылган.

Дагы бир хадиси шарифте: **"Асхабымды сөкпөгүлө. Сахабаларымдан кийин келген каалаган бир адам Ухуд тоосундай алтынды садага кылып берсе, каалаган бир сахабанын бир ууч арпа берип алган сооптун жарымын да алалбайт",** - деп билдирилет.

Ал эми, бул хадисте: **"Мени көргөн жана мени көргөндөрдү көргөн мусулман Тозок отунда күйбөйт",** - деп айтылган. Бул аяттар менен хадистер сахабалардын артыкчылыктарын ачык айкын көрсөтүп турат. Акаид китептеринде ар бир сахабанын улуу деп таануу, алардын адилеттүү жана чынчыл экендиктерине ишенүү, аларга тил тийгизбөө, каргабоо, душмандык кылбоо керек экендиги жазылган. Асхабы кирам арасында болгон айрылуулардын жакшы себептерден улам болгондугуна ишенүү кажет. Эч бирин жамандоо жаиз эмес (б.а., жамандоого болбойт). Хадиси шарифте: **"Асхабым тууралуу сөз ачылганда оозуңарга сак болгула! Алардын**

**абройлоруна жарашпай турган сөздөрдү оозуңарга албагыла!” -** деп айтылган.

Ахли сүннөт аалымдары сахабалардын артыкчылык даражасын үч топко бөлөт:

1. **Мухажирлер** – Мекке шаары алына электен мурда Меккеден же башка жерлерден өз мекендерин, элдерин таштап, Медина шаарына хижрат кылып (көчүп) баргандар. Булар Расулуллахтын жанына ыймандуу келгендер жана келгенден кийин ыйман келтирген мусулмандар.

2. **Ансарлар –** Медина шаарында же ушул шаарга жакын жерлерде жашаган жана Авс менен Хазраж аттуу эки араб уруусунан болгон мусулмандар кирет. Алар Пайгамбар үчүн ар түрдүү көмөк жана курмандыктарга даяр экендиктерине сөз беришкен жана сөздөрүндө турушкан.

3. **Калган сахабалар –** Мекке шаары алынган кезде жана кийинки мезгилде Меккеде жана башка жерлерде ыйман келтиргендер.

4. **Ашара-и мубашшара** – Бейишке кире тургандыктары тууралуу тирүү кезинде эле кабар берилген он сахаба. Алар: 1. Абу Бакр Сыддык. 2. Омар-ул Фарук. 3. Осман Зиннурейн. 4. Али бин Абу Талиб. 5. Талха. 6. Зубайр бин Аввам. 7. Абдуррахман бин Авф. 8. Саад бин Абу Ваккас. 9. Саид бин Зейд. 10. Абу Убайда бин Жаррах.

Тирмизиде жана Ибн Мажеде жазылган Саид бин Зейд кабар берген хадиси шарифте: **“Он киши Бейиште. Абу Бакр, Омар, Осман, Талха, Зубайр, Абдуррахман бин Авф, Али бин Абу Талип, Саад бин Абу Ваккас жана Абу Убайда бин Жаррах”,** - деп, тогуз адамдын ысымын атайт. Онунчусунун аты суралганда: “Абул Авар”, - деп өзүн ишарат кылган.

Ушуларды жана жалпы мусулман калкты артыкчылык даражалары боюнча мындай көрсөтүүгө болот:

1. **Хулафа-и рашидин,** б.а., төрт улуу халифа.
2. Ашара-и мубашшара.
3. **Бадр** согушуна катышкан 313 сахаба.
4. **Худайбияда** Расулуллахка сөз берген 1400 сахаба.
5. **Асхабы кирам** ( бардык сахабалар).
6. Мухаммед алейхиссаламдын үммөтү.
7. Башка пайгамбарлардын үммөтү.

860-жылы Анатолиянын Ларенда шаарында кайтыш болгон Алауддин Али Самаркандинин **“Бахр-уль-улум”** аттуу тафсиринде билдирилген хадистерде мындай жазылган: **“Үммөтүмдүн эң мээримдүүсү- Абу Бакр «радыйаллаху анх». Динде эң күчтүүсү – Омар. Эң ар-намыстуу, уяттуусу – Осман. Диндин бардык суроосуна жооп бере ала турчу адам – Али. Адал менен харамды эң жакшы билген – Муаз. Курани каримди эң жакшы окуган адам – Эбий бин Кааб. Мунафыктарды, эки жүздүүлөрдү таанууучу адам – Хузайфат ибни Йаман. Исанын (алейхиссалам) такыбаасын көргүсү келген адам Абу Зардын такыбаасына карасын! Бейиш Салман Фарисиге куштар. Халид бин Валид – Аллахтын кылычы, Хамза – Аллаху тааланын арстаны. Хасан менен Хусейн – Жаннат жаштарынын эң жакшылары. Жафар бин Аби Талип – Жаннатта периштелер менен бирге учат. Жаннаттын эшигин биринчи ача турган – Билал. Сухайб Руми – эң алгачкы болуп Кавсардын даамын татат. Кыямат күнү периштелер эң алгач Абуддарда менен саламдашат.**

**Ар пайгамбардын бир досу болот. Менин досум – Саад бин Муаз. Ар пайгамбардын асхабынын ичинен тандагандары болот. Менин тандагандарым – Талха менен Зубайр. Ар пайгамбардын жакын көмөкчүсү болот. Менин көмөкчүм – Анас бин Малик. Ар үммөттө бир даанышман адам болот. Менин үммөтүмдүн ичинде даанышмандыкты, хикматты көп айткан адам – Абу Хурайра. Хасан бин Сабиттин сөздөрү Аллах тарабынан таасирдүүлүк сыпатка ээ. Абу Талханын согуш майданындагы добушу бир топ аскерден да күчтүү”.**

### Расулуллах дайындаган акимдер

**Базан:** Иран шахы Хусрав тарабынан Йеменге аким кылып дайындалган эле. Ошол жерде ыйман келтирип, Исламиятты кабыл алат. Расулуллах аны аким кылып Йеменге калтырат. Алгачкы Ислам акими Базан болуп эсептелет. **Халид бин Саид** Сана шаарына, **Зияд бин Асад** Хадрамут шаарына, **Абу Мусал Ашари** Аден шаарына, **Абу Суфян бин Харб** Нажран дубанына, Муавиянын тууганы **Йазид** Тайма шаарына, **Аттаб бин Эсйед** Мекке шаарына, **Амр бин Ас** Амман шаарына аким болуп дайындалган.

## Расулуллахтын катиптери (катчылары)

Пайгамбарыбызга катчылык кызматын көрсөткөн сахабалар: Хазрети Абу Бакр, Омар, Осман, Али, Зубайр, Талха, Саад бин Аби Ваккас, Мухаммед бин Салама, Аркам бин Абу Аркам, Абдуллах бин Аркам, Мугира бин Шуба, Абий бин Кааб, Зейд бин Сабит, Абу Суфян бин Харб, Муавия бин Абу Суфян, улуу агасы Йазид бин Абу Суфян, Халид бин Валид, Амр бин Ас, Хузайфа бин Йаман «радыйаллаху таала анхум ажмаин».

Расулуллах чет элдерге 14 элчи жиберген. Алардын бири Амр бин Ас. Кийин аны Амман шарына аким кылып дайындаган.

**“Истиаб”** деп аталган китепте 2700 эркек жана 381 аял сахабинин өмүр баяны жазылган.

Расулуллахтын кайтыш болуусуна чейин ыйман келтиргендердин саны өтө көп. Мекке шаары алынган кезде он миң, Табук согушунда жетимиш миң, Веда ажылыгында токсон миң, Расулуллах кайтыш болгон кезде жер бетинде жүз жыйырма төрт миңден ашуун **САХАБИ** бар эле.

## Эң акыркы кайтыш болгон сахабалар

Абдуллах бин Абу Авфа хижраттын 86-жылы Куфа шаарында, Абдуллах бин Йаср 88-жылы Шамда, Сахл бин Саад 91-жылы жүз жашында Мединада, Анас бин Малик 93-жылы Басрада, Абуттуфайл Амр бин Васила 100-жылы Меккеде кайтыш болгон. Сахабалардын эң акыркы кайтыш болгону ошол эле.

Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам өзүнөн кийин кимдин халифа боло тургандыгы тууралуу эч кимге эч нерсе айткан эмес эле. Өзүнөн кийин Абу Бакр Сыддыктын халифа боло тургандыгын ишарат кылган эле. Мисалы, Медина шаарына көчкөн кезде Мединада мечит салдырды. Ушул мечитти салдырарда пайдубалынын биринчи ташын өзү койгон. Өзү койгон таштын жанына алгач Абу Бакрдын, кийин Омар Фаруктун бир таш коюусун жана анын жанына Осман Зиннурейндин бир таш коюусун буюрат. **“Менден кийин халифаларым ушулар”**, - деп айтат.

Сахабалардан Анас бин Малик «радыйаллаху анх» мындай дейт: “Бани Мусталак кабиласы (уруусу, эли) мени Расулуллахка жиберди. “Сенден кийин зекетти кимгееребиз деп сура”, - деп айтышты.

Барып сурадым. Пайгамбарыбыз: **“Абу Бакрга бергиле”,** - деп жооп берди. Мени кайра жиберишти. Барып Абу Бакрдан кийин кимге берүүнү сурадым. **“Омарга”,** - деп айтты. Андан кийин Османга бериле тургандыгын айтты. Расулуллах эң акыркы жолу ооруганда өзүнүн ордуна Абу Бакрди имам кылып дайындаган эле”.

## Төрт улуу халифа

### Абу Бакр Сыддык
«радыйаллаху анх»

Өз аты - Абдуллах бин Абу Кухафа бин Амир бин Амр бин Кааб бин Саад бин Тайм бин Мурра. Эң алгач ыйман келтирген эркектердин бири. Ал ири соодагер болчу, мал-мүлкүн, бардык дүнүйөсүн пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламга арнады. Алар бала кездеринен эле жакын дос болушкан. Ал - мусулмандардын алгачкы халифасы. Расулуллах «саллаллаху алейхи васаллам» кайтыш болгондон кийин Мекке, Медина жана Таифтен сырткары бүткүл Арабстан динден кайтты. Халифа Абу Бакр Сыддык алгач Мединага жакын болгон төрт кабилага (урууга) аскер жиберип, баш ийдирди. Андан кийин он бир элге аскер жиберди. Хазрети Икрима жетектеген аскер Йамамада жалганчы пайгамбар Мусайламанын кырк миң аскерине каршы туруштук бере албады. Халифа Абу Бакр Сыддык Халид бин Валидди көмөккө жиберди. Халид бин Валид Талиха, Сужах жана Малик бин Нувайраны жеңип, Мединага кайтат. Йамамада да чоң жеңишке жетти. 20 000 муртадды (ыйманын чангандарды) өлтүрөт. Эки миңге жакын мусулман шейит болот. Хазрети Амр бин Ас Хузаа уруусун ыйманга келтирет. Хазрети Ала бин Хадреми Бахрейнде согушуп, капырларды талкалады. Хузайфа, Арфажа жана Икрима «радыйаллаху анхум» Умман менен Бахрейнде биригип, муртаддарды жеңишти. Алар он миң душманды өлтүрүшөт. Халифа Халид бин Валидди Ирак тарапка жиберет. Хирадан жүз миң алтын жизйа[2] алат. Хурмуз жетектеген Иран аскерин кырат. Басрада отуз миң адамдан турган аскерди жеңет. Көмөккө келген чоң аскерден жетимиш миң капыр өлтүрүлгөн. Андан кийин чоң жеңиштер менен чоң шаарларды алышат. Халифа Мединада аскер жыйнап, Абу Убайда жетектеген аскерди Шам тарапка, Амр ибн

2 Мусулман болбогондордон алына турчу салык.

Асты Палетинага жиберет. Кийин Йазид бин Абу Суфиянды Шамга көмөккө жиберет. Дагы аскер жыйнап, Муавия жетектеген колду тууганы Йазидге көмөккө жөнөтөт. Халид бин Валидге Ирактан Шамга баруусун буюрат. Халид аскердин бир бөлүгүн Мусаннага калтырып, чоң жеңиштер менен Сирияга барат. Ислам аскерлери биригип, Ажнадайнда чоң грек аскерин жеңет. Андан кийин Йармукта 46 миң Ислам аскери Византия королу Гераклиусдын 240 миң аскери менен болгон көпкө созулган согушта жеңишке жетет. 100 миңден ашуун грек аскерлери өлтүрүлөт. Үч миң мусулман аскери шейит болот. Бул согушка мусулман аялдар да катышкан эле. Аскер башчы Халид бин Валид менен түмөнбашы Икриманын таң калардык каармандыктары көрүлгөн. Бул жеңиштердин бардыгы Абу Бакр Сыддыктын эр жүрөктүүлүгү, даанышмандыгы, мыкты башкаруучулугу жана берекети аркылуу жүзөгө ашкан. Йармук согушу жүрүп жаткан кезде Абу Бакр Сыддык Мединада кайтыш болду.

Абу Бакр Сыддык – ашара-и мубашшаранын эң алгачкысы. Пайгамбарлардан кийин адамзат ичинде эң улуусу. Бардык согуштарга катышты. Аяттар менен макталды. Ал Курани каримди алгачкы жолу китеп ирээтинде жыйнатты. Хижраттын он үчүнчү жылы, азыркы жыл саноо боюнча 634-жылы Жамазил-ахир айынын 28инде шейшемби күнү түнү 63 жашында кайтыш болду. Расулуллахтын жанына жерге коюлган. Ак жуумал, көздөрү чуңкурча, жылуу жүздүү, бетинде сакалы сейрек эле.

Хадиси шарифтерде мындай билдирилет: **“Абу Бакр Сыддык – Адамзаттын эң жогоркусу жана эң жакшысы. Бирок, ал пайгамбар эмес”.**

**“Абу Бакрдын аты көктө да, жерде да атик** (б.а., эң жакшы, эң сонун)”.

**“Абу Бакр - Аллаху тааланын оттон азат кылган адамы”.**

**“Пайгамбарлардан башка Абу Бакрдан да башка жогорку даражалуу адамдын үстүнө күн чыккан эмес”.**

**“Мага эч ким сухбаты жана мал-дүйнөсү жагынан Абу Бакрдай пайдалуу болгон эмес. Эгер Раббимден башкасы менен дос боло турган болсом Абу Бакр менен дос болор элем”.**

**“Үммөтүмдүн ичинен эң биринчи болуп Бейишке Абу Бакр кирет”. “Абу Бакрди сүйүү жана ага мактоо айтуу - үммөтүмдүн баарына важиб”.**

**“Кыямат күнү адамдардын бардыгы суракка тартылат. Бир гана Абу Бакр суракка тартылбайт”.**

Бир хадисте: **“Үч жүз алтымыш жакшы мүнөз бар. Аллаху таала кааласа бир кулуна ошол мүнөздөрдүн баарын берет. Ошол мүнөзүнө байланыштуу аны Жаннатка киргизет”,** - деп айтылганда, Абу Бакр: **“Эй, Расулуллах! Ошол мүнөздөрдүн бирөө менде барбы?”** - деп сураганда, **“Ооба, ал мүнөздөрдүн баары сенде бар”,** - деп жооп берет Пайгамбарыбыз.

Бир күнү: **“Эй, ыраазы болгон напси!..”,** - деген аят аягына чейин окулат. Хазрети Абу Бакр «радыйаллаху анх»: “Йа, Расулаллах! Бул кандай керемет нерсе!” - дейт. Ошондо, Расулуллах: **“Сен өлгөндө периште сага ушундай дейт”,** - деп айтат.

Бир күнү Абу Бакр бир сахабиге таарынып калат. Расул алейхиссалам муну угуп калып, сахабаларын жыйнады: **“Аллаху таала мени силерге пайгамбар кылып жиберди, силер ишенбедиңер. Бир гана Абу Бакр ишенди. Мага бардык нерсеси менен жардам берди. Мен үчүн бул досумду таарынтпагыла”, -** деп айтат. Мындан кийин эч ким аны таарынта турган сөз айтпады жана таарынта турга бир иш кылбады.

Бир хадиси шарифте: **“Жабраил алейхиссаламдан Хазрети Омардын артыкчылыктары тууралуу сурадым. Жабраил мага Омардын артыкчылыктарын Нух алейхиссаламдын пайгамбарлыгы мөөнөтү боюнча** (950 жыл) **айтсам да бүтүрө албайм. Ушуну менен катар, Омардын бардык жакшылыктары Абу Бакрдын жакшылыктарынын бирөөнө гана барабар”,** - деп айтылган.

“Эң көп кимди сүйөсүз, йа, Расулаллах?” - деп суралганда, Пайгамбарыбыз: **“Айшаны”,** - деп жооп берген. **“Эркектерден кимди?”** - дегенде: **“Айшанын атасын”,** - деп жооп берген. “Андан кийин кимди?” - делгенде: **“Омар бин Хаттабды”,** - деп айтты. Бир күнү Хазрети Абу Бакр менен Хазрети Омарды көрсөтүп: **“Бул экөө Жаннатта пайгамбарлардан башка бүткүл адамдардын эң улуулары болот”,** - деп айтты. Бир кезде Расулуллахтын оң жагына Абу Бакр, сол жагына Омар келет. Пайгамбарыбыз алардын колунан кармап, мечитке кирет да: **“Кыямат күнү үчөөбүз ушундай келебиз”,** - дейт.

Бир күнү Расулуллах Абу Бакр менен Омарды көрүп: **“Бул экөө менин көзүм менен кулагым”,** - деп айтат.

Ал экөөнө: **“Мени силер экөөңөр менен кубаттандырган Аллаху таалага хамд (моктоо) болсун”,** - деп айтат. Ошондой эле, бир хадиси шарифте: **“Экөөңөр келишкен нерселерде силерден айрылбайм”,** - деп айтылат.

Дагы биринде: **“Ар бир пайгамбардын жакын досу болот. Менин жакын досум Абу Бакр”, “Ар бир пайгамбардын үммөтү арасында өзгөчө сүйгөн адамдары болот. Менин тандоом – Абу Бакр жана Омар”, “Үммөтүмдөн ла илаха иллаллах калимасын айтууну талап кылганым сыяктуу Абу Бакр жана Омарды сүйүшүңөрдү да талап кыламын”, “Абу Бакр жана Омарды сүйүү – ыймандан. Аларга душман болуу - куфур”,** - деген хадиси шарифтер бар.

Жогорудагы хадиске байланыштуу бардык аалымдар Абу Бакр менен Омарга акаарат кылуу, аларга душманчылык кылуу куфур боло тургандыгын бир добуштан айтышкан жана: “Аллаху таала шииттерге лаанат кылсын”, - дешкен.

Бир хадисте: **“Абу Бакрдын ыйманы бүткүл адамзаттын ыйманынын топтомунан да күчтүү”,** - деп билдирилген.

Хазрети Али «радыйаллаху анх»: **“Кандай сооптуу иштерде биринчи болууга аракет кылсам да, ар дайым Абу Бакрды алдымда көрдүм”,** - дейт. Дагы Хазрети Али айтат: “Расулуллахтан кийин адамзаттын эң кайырлуусу Абу Бакр жана Омар. Бир мусулмандын жүрөгүндө мага деген урмат жана Абу Бакр менен Омарга деген душманчылык бирге тура албайт”. Хазрети Али ар хутбасында “Эй, Рабби! Хулафа-и рашидинди[3] багыштаганың сыяктуу бизди да багышта!” - деп айтчу. Андан “хулафа-и рашидин ким?” - деп суралганда, көздөрүнөн жаш куюлуп: “Алар мен сүйгөн адамдар Абу Бакр менен Омар”, - деп айткан.

Хазрети Омар «радыйаллаху анх» Сыддык тууралуу: “Абу Бакр биздин сеййидибиз – улуубуз”, “Абу Бакрдын денесиндеги бир түк боло алсам кана!”, “Бейиште ар дайым Абу Бакрды көрө турган болсом экен!”, “Эч бир жакшылыкта мен Абу Бакрга жете албадым”, - деген.

Жабраил алейхиссаламдын Расулуллах менен сүйлөшкөнүн жалгыз гана Хазрети Абу Бакр уккан.

3 Төрт улуу халифа.

## Омар бин Хаттаб
«радыйаллаху анх»

Ал – пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын экинчи халифасы. Ашара-и мубашшарадан. Хижрат болгон жылы 40 жашта эле. Алгач Исламдын душманы болгон. Пайгамбарыбызга пайгамбарлык билдирилгенден алты жыл өтүп кыркынчы же кырк бешинчи киши болуп ыйманга келген. Анын Исламды кабыл кылуусу менен мусулмандар кубаттанган. Куралданып, ачык айкын хижрат кылган. Расулуллахтын келе жаткандыгы тууралуу кубанычтуу кабарды Мединадагы мусулмандарга сүйүнчүлөгөн. Ыйык согуштардын бардыгына катышты. Өтө көп эрдик көрсөттү. **“Фарук”** лакабын алган. Абу Бакр Сыддыктын халифа болуусуна себепчи болуп, түшүнбөстүктүн чыгып кетүүсүнө тоскоол болгон. 13-жылы Жумазил-ахир айынын 28инде шейшенби күнү халифа болуп шайланган. Көп элдерди баш ийдирген. Исламдагы адилеттикти бүткүл ааламга көрсөткөн. Хижраттын 23-жылынын акыркы айында мечитте таңкы намазды окуп жатканда Хазрети Мугира бин Шубанин кулу Абу Лулу Фируз деген ыймансыз тарабынан бычакталып, 24 сааттан кийин көз жумган. Ал Расулуллахтын жанына жерге коюлган. Айыптуу болгон уулуна дин талабы менен дарра согулуп жазасын берүүгө буюрат. Сахабалар канчалык жалбарышса да, дарра жазасын азайтпайт. Дарра жазасын алган уулу эстен танат. Канчалык кайгырган болсо да бул ишине өкүнбөйт. Ал көптөгөн хадиси шарифтер менен макталган. Ошол хадиси шарифтердин көпчүлүгүн Хазрети Али риваят кылган. Ири денелүү, буудай түстүү, узун бойлуу, көздөрү кызыл, мурутунун учтары сары эле. Кайгыга, ойго батканда мурутунун учтарын бүкчү. Сакал-муруту калын болуп, чекесиндегилер сейрек эле. Сол колун оң колу сыяктуу жакшы колдоно алчу. Ээрди кармабай туруп атка мине берчү. Айбаттуу, кубаттуу эле. Бирок, Расулуллахтын жанында адептүүлүгүнөн улам ушунчалык акырын сүйлөгөндүктөн Пайгамбарыбыз жылмайып: **“Катуурак сүйлөсөңчү, Омар, укпай калдым”,** - деп калчу. Ал Расулуллахтын кайнатасы, Хазрети Алинин күйөө баласы эле. Бани Ади уруусунан Хаттаб бин Нуфайл бин Абдул – узза бин Рабах бин Курат бин Разах бин Адий бин Каабдын тегинен чыккан.

Тирмизи, Абу Давуд жана Хаким кабар берген хадиси шарифтерде: **“Аллаху таала акыйкатты Омардын тили жана жүрөгүнө жайгаштырган”,** - деп айтылган.

Бухари менен Муслимде келген хадиси шарифте: **“Шайтан Омардын көлөкөсүнөн качат”,** - деп айтылган.

Хазрети Омар умра кылуу үчүн Расулуллахтан уруксат сураганда, Пайгамбарыбыз уруксат берип: **“Тууганым, дуба кылганда бизди унутпа”,** - деген.

Абдуллах ибн Аббас билдирген бир хадиси шарифте: **“Омар ыйман келтирген күнү Жабраил алейхиссалам келди жана периштелер бири-бирине Омардын мусулман болгондугу тууралуу айтып, сүйүнчүлөштү”,** - деп айтылган.

Тирмизиде жазылган Акаба бин Амирдин риваятындагы хадиси шарифте: **“Менден кийин пайгамбар келе турган болгондо, Омар бин Хаттаб пайгамбар болоор эле”,** - деп айтылган.

Тирмизиде жазылган дагы бир хадиси шарифте, Имам Зайнал Абидин Али атасы Хазрети Хусейнден, ал атасы Хазрети Алиден риваят кылат: “Расулуллахтын жанында отурган элем. Абу Бакр менен Омар келди. Пайгамбарыбыз аларды көрсөтүп: **“Бул экөө пайгамбарлардан башка Бейиштегилердин эң улуулары”,** - деп айтты”.

### Осман бин Аффан
«радыйаллаху анх»

Абуль ас бин Умаййа бин Абди Шамс бин Абди Манафтын урпагынан. Ашараи мубашшарадан. Осман – үчүнчү халифа. Расулуллахтын эки кызын алгандыктан **“Зиннурейн”** деп аталган. Төртүнчү болуп Исламиятты кабыл алган. Жубайы Рукыя менен бирге эки жолу Хабашистанга (Эфиопия), андан соң Мединага хижрат кылган. Өтө бай соодагер болгон. Бардык мал-мүлкүн Ислам жолуна жумшаган. Хилми жана хаясы менен (жумшак мүнөзү жана уяттуулугу) аты чыккан. Хижраттын 24-жылы 1-Мухаррамда халифа болуп шайланган. Кипр аралын мусулмандарга алып берген. 35-жылы Зилхижжа айында Курани карим окуп отурган учурда шейит кылынган. Хадиси шарифтерде ага мактоолор айтылган. Орто бойлуу, сакалы калын, саргыч өңдүү, өтө сулуу жүздүү эле. Бадр согушунан башка бардык согуштарга катышкан.

Намаздын бир рекетинде Курани каримди баштан аяк окуп чыккан төрт адамдын бири болуп саналат. Көп окугандыктан эки мусхафты эскиртет. Хазрети Абу Бакрдын жыйнаган Курани каримден дагы алты нуска жаздырып, алты жерге жиберген.

Ислам дини жайыла баштагандан кийин ар тараптан мусулман болгондор Медина-и Мунавварага келе башташат. Масжид-и шариф тар болгондуктан келгендерге орун тар боло баштаган. Талаага чадыр тигип отурушат. Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам: **“Кимде-ким биздин ушул мечитти бир зра кеңейтсе, Бейишке барат”,** - дегенде, Осман «радыйаллаху анх» “Эй, Расулуллах! Менин мал-мүлкүм Сиздин жолуңузга курман болсун. Мен кеңейтем”, - деп айтат. Ошентип, мечитти кырк зра кеңейтип берет.

Ошол окуядан кийин Аллаху таала: “Аллаху тааланын мечиттерин бир гана Аллахка жана акырет күнүнө ишенген, намазын толук окуган, зекетин берген жана Аллаху тааладан корккон адамдар курушат. Ошол сыпаттагы адамдарга Бейишке алып баруучу амалдарды жасоо керек”, - деген маанидеги Тообо сүрөсүнүн 18-аятын жиберет.

## Али бин Абу Талиб
«радыйаллаху анх»

Ал – Расулуллахтын аталаш агасы Абу Талибдин уулу. Ислам халифаларынын жана Бейиш менен сүйүнчүлөнгөн он адамдын төртүнчүсү. Расулуллахтын күйөө баласы. Ахли бейттин биринчиси. Хижраттан 23 жыл мурда Меккеде туулган. Он жашында ыйман келтирген. Бардык согуштарда эрдик көрсөткөн. Бир гана Ухуд согушунда он алты жеринен жаракат алган эле. 35-жылы Зулхижжа айында халифа болгон. Х. 40-жылы (м.660) 17-Рамазанда Жума күнү таңкы намазга бара жатканда Абдуррахман ибн Мулжам деген харижит сектасынын мүчөсү тарабынан кылыч менен маңдайына урулуп, шейит кылынган. Куфада, б.а., азыр Нажаф деп аталган шаарда жерге коюлган. Буудай өңдүү, узун бойлуу, жылуу жүздүү чоң кара көздүү, кең денелүү, келбеттүү киши эле. Соңку убакыттарда чачы менен сакалы аппак куу болуп агарып кеткен эле. Олуялардын улуусу, олуялык жолунун жол башчысы. Бардык тарикаттарда олуялыктын марифаты жана фейзи, б.а., руханий илими Хазрети Алиден келет.

## Расулуллахтын жубайлары

### Хатижа-тул-Кубра
«радыйаллаху анха»

Ал – Хувайлид бин Асад бин Абдил Узза бин Кусайдын кызы. Расулуллахтын алгачкы жубайы. Өтө бай, илимдүү жана өтө акылдуу эле. Бүт мал-мүлкүн Расулуллахка арнаган. 24 жыл жакшы кызмат кылды. Хижраттан үч жыл мурда 65 жашында Меккеде көз жумган. Эң алгачкы ыйман келтирген аял. Расулуллахтын бардык кыздарынын жана эки уулунун энеси.

Айша «радыйаллаху анха» айтат: “Пайгамбарды башка жубайларынан Хатижаны кызганганым сыяктуу кызганып көргөн эмесмин. Аны өзүм көргөн жокмун. Бирок, Пайгамбар ал тууралуу көп айтчу. Көбүнчө, кой сойгондо анын этинен Хатижанын жакындарына берип жиберчү. Хатижанын атын айта баштаса: “Дүйнөдө андан башка аял жокпу?” - дечү элем. Расулуллах болсо анын маанилүү иштерин атап: **“Ал менин балдарымдын энеси”, -** деп жооп берчү”.

### Айша
«радыйаллаху анха»

Расулуллахтын жубайы. Абу Бакр Сыддыктын кызы. Өтө акылдуу, зейиндүү, илимдүү, адептүү, тартиптүү аял эле. Адабият билими өтө күчтүү эле. Эсте сактап калуу жөндөмдүүлүгү күчтүү болгондуктан сахабалар көп нерсени андан сурап үйрөнүшчү. Аят аркылуу макталган. Ижтихады Хазрети Алиден башка болгондуктан Жамал окуясында Хазрети Али менен күрөшкөн сахабалардын катарында болгон. Хазрети Али шейит болгондо өтө катуу кайгырган. Шииттер аны Алини көрө алчу эмес деп айыптап жалаа жабышат. Ал эми: **“Алини жакшы көрүү - ыймандуулуктун белгиси”, -** деген хадиси шарифти Хазрети Айшанын өзү риваят кылган. Ошентип, аны сүйүүнү жана бардык адамдардын аны сүйүүсү керек экендигин билдирген. Хижраттан 8 жыл мурда туулуп, хижраттын 57-жылы Мединада кайтыш болгон.

Айша «радыйаллаху анха» айтат: “Сахабалар Пайгамбарыбызга белектерин менин үйүмдө болгон кезинде алып келишчү. Ушундайча Расулуллахтын көңүлүн алууну каалашчу”. “Расулуллахтын жубайлары эки топко бөлүнүшчү. Биринчи топто мен, Хафса, Сафия жана Савда болчубуз. Экинчи топто Умму Салама жана калган жубайлары эле. Экинчи топтогу аялдар Умму Саламаны Расулуллахка жиберип, Пайгамбарыбыз сахабаларына “Белек бергиси келген адам Мен кайсыл үйүмдө болсом, ошол жерге алып келсин”, - деп айтсынчы дейт. Умму Салама ушуну айтканда **“Мени таарынтпагыла. Мага периште вахийди бир гана Айшанын үйүндө болгон убагымда алып келет”,** - дейт. Умму Салама: “Эй, Расулуллах! Сизди таарынтып коюудан Аллах сактасын. Тообо кылдым”, - дейт. Ал аялдар кийин Хазрети Фатиманы да ошол өтүнүч менен жиберишет. Ошол учурда: **“Эй, кызым! Менин жакшы көргөнүмдү (Айишаны) сен да жакшы көрбөйсүңбү?”**- деп айтат. Фатима «радыйаллаху анха»: “Ооба”, - деп жооп берет. Пайгамбарыбыз: **“Андай болсо аны жакшы көр”,** - деп айтты”.

## Жувайрия
«радыйаллаху анха»

Бани Мусталак уруусунун башчысы болгон Харистин кызы болчу. Хижраттын 5-жылы болгон **“Мурайси”** согушунда туткунга түшөт. Аталаш агасынын баласы болгон күйөөсү согушта өлтүрүлөт. Өзү 20 жашта, өтө сулуу болчу. Жувайрияны сатууга алып чыкканда атасы аны сатып алуу үчүн Мединага бир нече төө алып келет. Эки жакшы төөсүн кыйбай, шаардын сыртында бир жерге жашырып коёт. Расулуллах алейхиссалам: **“Баягы жерге жашырып койгон эки төөңдү да алып кел”** - дейт. Бул мужизага таң калган Харис эки баласы жана көптөгөн адамдары менен бирге ыйман келтирет. Расул алейхиссалам төөлөрүн алып, кызын кайтарып берет. Ошол кезде кыз да ыйман келтирген болчу. Расулуллах «саллаллаху алейхи васаллам» Жувайрияны атасынан сурап, никесин кыйдырат. Жувайрия «радыйаллаху анха» хижраттын 56-жылы (м.675) кайтыш болгон.

## Савда
«радыйаллаху анха»

Савда бинти Зам’а – Расулуллахтын жубайы. Күйөөсү менен бирге ыйманга келип, Хабашистанга көчүп барышкан эле. Меккеге кайтып келишкенде күйөөсү кайтыш болот. Расулуллах алгач Айшаны анан Савданы никесине алган. Хазрети Омардын халифалыгы кезинде дүйнөдөн кайткан.

## Умму Хабиба
«радыйаллаху анха»

Ал Абу Суфян бин Харб бин Умаянын кызы эле. Хазрети Муавиянын карындашы. Апасы Хинд болгон. Күйөөсү Убайдуллах бин Жахш менен бирге мусулман болуп, Хабашистанга хижрат кылган эле. Күйөөсү ошол жердеги попторго алданып калып, динден чыккан. Кийин кайтыш болду. Умму Хабиба жалгыз калат. Жокчулукка дуушар болсо да “Расулуллахтын дининен айрылбаймын”, - деп айткан. Расулуллах аны кубантуу үчүн аны никесине алууну каалады. Нажашиге, б.а., Хабаш султанына кат жазат. Нажаши никесин кыйдырып, Умму Хабиба энебизди Мединага жиберет. Атасы Абу Суфян ал кезде али ыйман келтирген эмес болчу. Меккенин капырларынын башчысы эле. Кийин Абу Суфян, жубайы Хинд жана Умму Хабибанын бир тууганы Муавия «радыйаллаху анхум» ыйман келтирип, Исламиятты кабыл кылышкан.

Абу Суфян бин Харб Таиф согушунда чоң каармандык көрсөткөн. Бир көзүнөн айрылат. Ошондо Расулуллах: **“Эй, Аба Суфян! Кай бирин каалайсың? Эгер кааласаң дуба окуюн, көзүң ордуна келсин, эгер кааласаң Аллаху таала Бейиште бир көз берсин”,** - дейт, Абу Суфян: “Эй, Расулуллах, Бейиште бериле турганын каалайм”, - дейт да, колунда кармап турган көзүн ыргытып жиберет. Абу Суфян Йармук согушунда да чоң каармандык көрсөтөт. Экинчи көзүнөн да айрылып, ошол согушта шейит болгон. Умму Хабиба 44-жылы (м.664) Мединада кайтыш болгон. (Хабаш бийлөөчүлөрү “Нажаши” (Негус) деп аталчу. Ошол кездеги нажашинин аты Асхама болуп, мусулман болгон эле).

## Умму Салама
«радыйаллаху анха»

Чыныгы аты Хинд эле. Күйөөсү Абу Салама экөө Хабашистанга алгачкылардан болуп хижрат кылган. Абу Салама – Расулуллахтын тай эжеси Барранын уулу Убайдуллах бин Жахштын бир тууганы эле. Ал Мединада Ухуд согушунда алган жаракатынан кайтыш болгон. Умму Салама Абу Бакр менен Омардын никелешүү талаптарын кабыл албайт. Расулуллах менен никелешүү бакытына ээ болот. Х.59 (м.678) жылы Мединада 84 жашында кайтыш болгон. Пайгамбарыбыздын жубайларынын арасында эң акыркы кайтыш болгон энебиз ушул киши эле.

## Зейнеп бинти Жахш
«радыйаллаху анха»

Ал – Расулуллахтын тай эжеси болгон Умайманын кызы, Абдуллах бин Жахштын карындашы эле. Атасынын аты – Бурра. Исламды кабылдабагандыктан “Жахш” деп аталды. Зейнеп алгачкы ыйман келтиргендердин бири. Расулуллах алгач аны баласы сыяктуу болгон Зейд бин Хариса менен никелейт. Зейд Зейнептин укугун орундай албай турган болгондуктан экөө хижраттын 3-жылы ажырашат. Кийин Расулуллахтын өзү аны никесине алууну каалайт. Зейнеп аны укканда кубанганынан эки рекет намаз окуду. “Эй, Раббим! Сенин Расулуң мени каалайт. Эгер аны мени менен никесин жазсаң, мени ага Сен бер”, - деп дуба кылат. Дубасы кабыл болуп, “Азхаб” сүрөсүнүн: **“Зейд аны менен ажырашкандан кийин биз аны сага жубай кылдык”,** - деген 37-аяты түштү. Зейнептин никеси Аллах тарабынан кыйылгандыктан Расулуллах нике жөрөлгөсүн кылган жок. Хазрети Зейнеп «радыйаллаху анха» ошол тууралуу ар дайым сыймыктанып, “Ар бир кызды атасы никелейт. Ал эми мени болсо Раббимдин өзү никеледи”, - деп айтчу эле. Ал кезде 38 жашта эле. Хижраттын 20-жылы 53 жашында кайтыш болгон. Кайрымдуулук иштерин, садага берүүнү жакшы көрчү. Кол өнөрчүлүктө кыйын эле. Жасаган нерселери жана колуна түшкөн нерселерин баарын туугандарына жана кедейлерге таратчу. Халифа Омар «радыйаллаху анх» Пайгамбарыбыздын жубайларынын ар

бирине он эки миң дирхамдан берчү эле. Ал болсо буларды алар замат баарын садага кылып берчү. Расулуллахтын өзүнөн кийин алгач кайтыш болгон жубайы болчу. Хазрети Айша Зейнеп энебизди көп мактаган. **“Жубайларымдын арасында мага эң алгач жете турганы колу ачык** (жоомарт) **болгон жубайым”, -** деген хадиси шариф аны биринчи болуп кайтыш боло тургандыгынан кабар берген. Анткени, эң көп садага берген жубайы ошол болчу.

Француз акыны Вольтер Расулуллахтын (алейхиссалам) Хазрети Зейнеп энебиз менен болгон никелешүүсүн чындыкка терс сүрөттөп, жалааларга толгон музыкалык пъеса жазган. Чыгармачыга, адабиятчыга жарашпаган ошол ишке ашпай турган чыгармасы Вольтерди өз убагында “динден безген” деп айыптаган папага жагып, ал ага мактоо кат жазат. Мусулмандардын халифасы султан экинчи Абдулхамид Хан бул пъесанын сахнага коюла тургандыгын угуп, Франция жана Англия өкмөттөрүнө шарт коюу (ультиматум) аркылуу коюлуусун алдын алат. Ошентип, ал бүткүл адамзатты адам уяла турган намыссыздыктан куткарган.

### Зейнеп бинти Хузайма
«радыйаллаху анха»

Ал көп ибадат кылып, көп садага берчү. Мурун Абдуллах бин Жахштын аялы болгон. Абдуллах – Расулуллахтын тай эжеси Умайманын баласы болуп, Ухуд согушунда шейит болгон. Зейнеп Расулуллах менен никелешүү бактысына ээ болгондон кийин сегиз ай өтүп кайтыш болгон.

### Хафса
«радыйаллаху анха»

Ал – Хазрети Омардын кызы. Күйөөсү экөө Хабашстанга жана Мединага мусулмандар менен бирге хижрат кылган. Алгачкы күйөөсү Хунйас бин Хузафа Бадр согушуна катышкан. Кийин кайтыш болгон. Хижраттан эки жарым жыл кийин Расулуллах менен никелешет. Х.45 (м.665) жылы алтымыш жашында кайтыш болгон.

## Маймуне
«радыйаллаху анха»

Чыныгы аты – Бирра, Пайгамбарыбыз аны Маймуне деп атады. Хайбар шаары алынгандан кийин Меккеге умрага барган кезде Маймуненин күйөөсү кайтыш болот. Ага Расулуллах менен никелешүү мартабасы насип болду. 53 жылы (м.673) Меккеде ооруп калат. “Мени Меккеден чыкаргыла! Анткени, Расулуллах мени Меккенин сыртында дүйнөдөн кайтаарымды айткан”, - дейт. Шаардан чыгарылгандан кийин, Расулуллах менен никеси кыйылган жерде кайтыш болгон.

## Сафийа
«радыйаллаху анха»

Хайбар яхудилеринин башчысы Хуай ибни Ахтабдын кызы. Хайбардагы бир яхуди менен кудалашып коюлган эле. Кийин өтө бай адам Кенан бин Хакикке турмушка чыгат. Хижраттын 7-жылы Хайбар шаары согуштун натыйжасында мусулмандардын колуна өткөндө Сафийа да туткунга түшөт. Пайгамбарыбыздын ырайымы менен туткундан бошотулат. Ыйман келтирип, Расулуллах менен никеленет. Хижраттын 50 (м.670) жылы Мединада кайтыш болот.

## Расулуллахтын балдары

1. Абдуллах «радыйаллаху анх»
2. Касым «радыйаллаху анх»
3. Ибрахим «радыйаллаху анх»
4. Фатима «радыйаллаху анха»
5. Рукайа «радыйаллаху анха»
6. Умму Гүлсүм «радыйаллаху анха»
7. Зейнеп «радыйаллаху анха»

Ибрахим – Мария деп аталган жариядан (күң), калгандары Хатижадан «радыйаллаху анха» дүйнөгө келген эле. Мария мусулман болуп, Хазрети Омардын халифалык кезинде кайтыш болгон.

### **Расулуллахтын үй-бүлөсү** (Ахли бейт)

**“Тирмизи”** хадис китебиндеги ушул маалыматтар сахаба Зейд бин Эркамдан алынган. Хадиси шарифте: **“Силерге эки нерсени калтырамын. Аларга бекем кармансаңар, менден кийин туура жолдо каласыңар. Биринчиси экенчисинен артык. Ал – Аллахтын китеби. Экинчиси – ахли бейтим. Кыяматта Хавуз башында мага жеткенге чейин бул экөө бири-биринен айрылбайт”,** - деп айтылган. “Бири-биринен айрылбайт” деген сөз – Курани каримди карманган адамдын ахли бейтти жакшы көрүүсү, урматтоосу керек дегенди билдирет. Ахли бейтти кармануу – аларды сүйүү дегенди билдирет. Бул - Курани каримге моюн сунуу канчалык сооп болсо, ахли бейтти жакшы көрүү да ошончолук сооп экенин билдирет. Ахли сүннөт ишениминде болгон бир мусулман ахли бейтти да, асхабы кирамдын бардыгын жакшы көрөт.

Бир хадиси шарифте: **“Менин урпактарыма тил тийгизип мени таарынткандарга Аллаху таала өтө катуу азап берет”,** - деп билдирилген.

Дагы бир хадиси шарифте: **“Силердин эң жакшыңар – менден кийин ахли бейтиме жакшылык кылганыңар”,** - деп айтылган.

Хазрети Али риваят кылган эки хадиси шарифте: **“Ахли бейтиме тийишкен адамга кыямат күнү анын азабы жеткиликтүү болот”** жана **“Сырат көпүрөсүнөн эң оңой өтө турганыңар – ахли бейтиме жана сахабаларыма өзгөчө махабат менен урмат көрсөткөнүңөр”,** - деп айтылган.

### **Али** «радыйаллаху анх»

Ал – Расулуллахтын аталаш агасы Абу Талибдин уулу. Ислам халифаларынын жана Бейиш менен сүйүнчүлөнгөн он адамдын төртүнчүсү. Расулуллахтын күйөө баласы. Ахли бейттин биринчиси. Хижраттан 23 жыл мурда Меккеде туулган. Он жашында ыйман келтирген. Бардык согуштарга катышып, эрдик көрсөткөн. Бир гана Ухуд согушунда эле он алты жеринен жаракат алган. 35-жылы Зулхижжа айында халифа болгон. 40-жылы (м.660) 17-Рамазанда Жума күнү таңкы намазга бара

жатканда Абдуррахман ибн Мулжам деген харижит кылыч менен чаап, шейит кылган. Куфада, б.а., азыр Нажаф деп аталган жерде көмүлгөн. Буудай өңдүү, узун бойлуу, жылуу жүздүү, кара көздүү, келбеттүү жана ири денелүү эле. Соңку маалдарда чачы менен сакалы аппак куудай агарып кеткен эле. Олуялардын улуусу, олуялык жолдун башчысы болгон.

**Фатима** «радыйаллаху анха»

Расулуллахтын төртүнчү кызы. Хазрети Алинин жубайы жана Хазрети Омардын кайын энеси. Никеси кыйылганда 15 жашта эле. Ал эми Хазрети Али ал кезде 21 жашта эле. Ак жүздүү, сулуу кыз эле. Хижраттан он үч жыл мурда Меккеде туулган. 11-жылы 24 жашында кайтыш болгон. Хасан, Хусейн жана Мухсин деген үч уулу жана Умму Гүлсүм, Зейнеп аттуу эки кызы болгон. Расулуллахтын урпактары Фатима энебизден тараган.

**Хасан «радыйаллаху анх»**

Ал – Расулуллахтын кызы Хазрети Фатиманын уулу. Ак жуумал, көркөм келбеттүү эле. Жүзү Расулуллахтын жүзүнө окшош жети адамдын бири болчу. Расулуллахка аябай окшош эле. Он эки имамдын экинчиси, Ислам халифаларынын бешинчиси. Хижраттын үчүнчү жылы Мединада туулуп, 49 жылы Мединада кайтыш болгон. Атасы Хазрети Али шейит болгондон кийин 40 жылы Куфада халифа болуп шайланган эле. Куфа, Басра, Ирак, Хорасан, Мекке, Медина, Хижаз жана Йеменге халифа болгон. Калган жерлер Хазрети Муавиянын колунда эле. Жети айдан кийин Багдадга жакын Анбар деген жерде экөөнүн аскери согушууга даяр турган кезде мусулмандардын каны төгүлбөсүн деп, халифалыкты Хазрети Муавияга өткөрүп берет. Мединага кайра барып өмүрүн аягына чейин ошол жерде жашайт. Анын урпактары “шариф” деп аталат.

**Бухари** жана **Муслим** хадис китептеринде Бара риваят (накыл) кылган хадиси шарифте Расулуллахтын Хазрети Хасанды алдына

отургузуп: **“Эй, Раббим! Мен муну жакшы көрөм. Сен дагы жакшы көрө көр!”** - деп айтканы билдирилген.

**Бухари**де келген, Абу Бакр накл кылган хадиси шарифте: Расул алейхиссалам минбарга чыккан эле. Хазрети Хасан колунда болчу. Бизди бир, Хасанды бир карап: **“Бул менин уулум Сейийд. Аллаху таала балким бул аркылуу эки мусулман аскеринин арасында ынтымак орнотот”,** - деп айтат.

Тирмизиде келген хадиси шарифте Усама бин Зейд айтат: Расулуллах алейхиссалам Хасан менен Хусейнди тизесине отургузуп: **“Бул экөө менин балдарым жана кызымдын балдары. Эй, Раббим! Мен бул экөөнү жакшы көрөм. Сен дагы жакшы көрө көр. Буларды жакшы көргөндөрдү да жакшы көрө көр!”** - деп айтты.

## **Хусейн** «радыйаллаху анх»

Ал – Расулуллахтын небереси, Хазрети Алинин экинчи уулу. Он эки имамдын үчүнчүсү, ахли бейттин бешинчиси. Анын урпактары **“Сейийд”** деп аталат.

Хижраттын 6-жылы туулуп, 61 (м.680) жылы Мухаррем айынын 10-да Кербелада шейит болгон. Башы Мысырдагы Карафа кабрыстанында. Расулуллахтын сүйүктүү небереси болгондуктан сүнни мусулмандардын да сүйүктүүсү. Шииттер аны Алинин уулу болгондугу үчүн сүйөбүз деп 10-Мухаррем күнү аза күтүшөт. Исламда аза күтүү деген нерсе жок. Алардын ахли бейт жана он эки имам менен эч кандай байланышы жок экендиги байкалат. Анткени, аларды чынында сүйүп, жолун кармангандар – ахли сүннөт ишениминдегилер. Хадиси шарифте **“Хасан менен Хусейн – Бейиш жаштарынын эң улуулары”**, - деп айтылган.

## Ыймандын бешинчи шарты

## Акырет күнүнө ишенүү

Ыйман келтирилүүсү зарыл болгон алты шарттын бешинчиси **акырет күнүнө ишенүү.** Бул убакыттын башталуусу – адамдын өлгөн күнү болуп саналат. Кыяматтын аягына чейин уланат. “Соңку күн” деп аталуусу андан кийин түн болбой тургандыгына же бул дүйнөдөн кийин боло тургандыгына байланыштуу айтылган. Хадиси шарифте көрсөтүлгөн бул “күн” биз билген күн жана түн сыяктуу эмес. Белгилүү бир убакыт, белгилүү бир заман деген сөз.

## Кыяматтын белгилери

Кыяматтын качан боло тургандыгы тууралуу бизге билдирилген эмес. Бирок, Пайгамбарыбыз (алейхиссалам) бир нече белгилерин билдирген. **“Хазрети Махди келет, Иса (алейхиссалам) асмандан Шамга түшөт. Дажжал чыгат. Йажуж – Мажуж деп аталган коом бардык нерсени талкалайт. Күн батыштан чыгат. Чоң жер титирөөлөр болот. Дин илимдери унутулат. Фасыктык, жамандык көбөйөт. Динсиз, адамгерчиликтен узак, ар-намыссыз адамдар бийликке келет. Аллаху тааланын буйруктарын аткарууга тыюу салынат. Бардык жерде харам иштер жасалат. Йеменден бир от чыгат. Асман жана тоолор майдаланып талкаланат. Күн менен ай карайат. Деңиздер бири-бирине аралашып, кайнап, суусу тартылат”.**

## Кабыр жашоосу

Күнөө кылган мусулман **“фасык”** деп аталат. Ислам динине ишенбеген жана диндин буйруктарына маани бербеген адам **“капыр” (мусулман эмес)** деп аталат. Фасыктар менен ыйман келтирбегендердин бардыгы кабырда азапка дуушар кылынат. Буга ишенүү керек. Өлгөн адам кабырга коюлгандан кийин биз билбеген түрдө тирилип, амалдарына жараша ырахатын көрөт же азап тартат. **Мункер** жана **Накир** деп аталган эки периштенин

коркунучтуу адам кейпинде мазарга келип сурак сурай тургандыгы тууралуу хадистерде ачык айкын билдирилген. Кабыр жашоосуна ишенүү керек.

## Кабыр суректары жана жооптору

Раббим – Аллаху таала. Пайгамбарым – Хазрети Мухаммед алейхиссалам. Диним – Ислам. Китебим – Курани карим. Кыбылам – Кааба-и шариф. Ишенимдеги мазхабым – Ахли сүннөт вал жамаат. Амалда мазхабым – Имам азам Абу Ханифа мазхабы. (Башка амал мазхабында болсо, ошону айтат). Кыямат күнү адамдар карманган мазхаб имамдарынын аты менен чакырыла тургандыгы, мисалы: “Ханафилер келгиле! Сүннүлөр келгиле!” - деп айтыла тургандыгы **“Рух-ул-баян”** тафсиринде “Исра” сүрөсүнүн 71-аятында жазылган.

Кээ бир аалымдардын пикири боюнча кабыр суректары кээ бир ишенимдерден суралат, кээ бирлеринин пикири боюнча бир канча акаид маселесинен (ыйман маселесинен) суралат. Ошондуктан, балдарыбызга: “Раббиң ким? Диниң эмне? Кимдин үммөтүсүң? Китебиң эмне? Кыбылаң кайда? Ишеним жана амалда мазхабың кайсы?” - деген суректардын жоопторун үйрөтүүбүз кажет. Ошол суроолорго дүйнөдө ахли сүннөт жолунда болбогондордун жооптору туура болбойт. Туура жооп бергендердин кабыры кеңейип, ага Бейиштен бир терезе ачылып, Бейиштеги жерлери көрсөтүлөт. Периштелер ага жакшылык кылышат, кубанычтуу кабарлар айтышат. Туура жооп бере албай турган болсо, темир токмоктор менен урушат. Үнүн адамдардан жана жиндерден башка бардыгы угат. Кабыры тарайып, денесин кысат. Тозоктон бир терезе ачылып, Тозоктогу бара турган жерин көрүп, Сурак күнүнө чейин азап тартат. Кабырдагы, кыяматтагы жагдайларды дүйнө иштерине окшотууга болбойт. Андагы өмүр – акыйкат өмүр!

Өлгөндөн кийин кайрадан тирилүүгө ишенүү – шарт. Эт менен сөөк чирип, топурак, газга айлангандан кийин, кайрадан жыйналып, рух денеге кирип, мазардан турат. Ошондуктан, бул убакыт **“Кыямат күнү”** деп аталат.

## Кабыр абалдары

Өлгөндөр кабырда төрт абалда болушат. Кээ бири таманы менен отурат. Көзү чыгып, денеси ысып, денеси топуракка айланганга чейин ошол бойдон турат. Андан соң руху периштелер ааламына чыгат.

Кээ бирине Аллаху таала уйку берет. Биринчи сур үйлөнгөндө чейин эмне болуп жаткандыгынан кабары болбойт. Биринчи сур үйлөнгөндөн кийин ойгонуп, анан кайра өлөт.

Кээ бири кабырында эки же үч ай турат. Анан руху Бейиш кушуна минип, Бейишке барат. Муну билдирген хадиси шарифтер сахих хадистер болуп саналат. Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам: **“Мусулмандын руху куш менен бирге болот. Бейиш бактарынын биринде конуп турат”,** - деген. Ошол сыяктуу шейиттердин рухтары тууралуу суралганда: **“Шейиттердин рухтары жашыл куштардын ичинде болуп, Жаннат бактарына конуп турат”,** - деп жооп берген.

Кээ бир адамдар каалаган учурда орундарынан көтөрүлөт. Кээ бирлери сур үйлөнгөнгө чейин ошол жерде калат.

Төртүнчү абалда боло тургандар – набилер менен олуялар. Алардын кээ бири кыяматка чейин учуп жүрөт жана көпчүлүгү түнү көрүнөт. Абу Бакр Сыддык жана Омар-уль Фарук ошолордун бири болуп эсептелет.

Пайгамбарыбыз: **“Адамдар уйкуда, өлгөн кезде ойгонот”,** - деп айткан. Бул хадис үчүнчү өмүрдү, б.а., кабыр жашоосун билдирет.

Кабыр жашоосундагы жагдайлар өлгөндөрдүн акыйкаттары менен сыпаттары ачыла турган кезиндеги жагдайлар болуп саналат. Өлгөндөрдүн кээ бири бир орунда калат. Кээ бири кыдырып жүрөт. Кээ бири катуу азапка тартылат. Буга далил: **“Мумин” сүрөсүнүн 46-аяты: “Нар (от) күнөөкөрлөрдүн үстүнө таңда жана кечинде берилет. Кыямат күнүндө да Тозокто милдет аткаруучу периштелерге Фараонго ээрчигендерди азаптын эң коркунучтуу жерине таштагыла деп буйрук берилет”.**

Өсүмдүктөр көмүртек диоксиди газын жана топрактан суу менен тузду алып, аларды бириктирет. Ушунун негизинде органикалык заттар калыптанат. Жылдар бою улана турган химиялик реакциянын катализатор аркылуу бир заматта жүзөгө аша тургандыгы белгилүү.

Мына ошол сыяктуу эле Аллаху таала мазарда суу, көмүртек диоксити жана топурак заттарын бириктирип, органикалык заттарды, жандуу мүчөлөрдү бир заматта жаратат. Ушул сыяктуу тириле турганыбыз тууралуу Мухаммед (алейхиссалам) кабар берет. Табият таануу илимдери анын бул дүйнөдө да жүзөгө ашып жаткандыгын көрсөтүп турат.

Жаратылган жандуулардын бардыгы машхарда жыйналат. Ар бир адамдын амал дептери учуп ээсине келет. Аларды Аллаху таала жүзөгө ашырат. Ушулардын боло тургандыгы тууралуу Аллаху тааланын Расулу кабар берген. Анын айткандары туура. Алардын баары милдеттүү түрдө жүзөгө ашат.

Жакшы адамдардын амал дептерлери оң жагынан, жаман адамдардын амал дептерлери аркасынан же сол жагынан берилет. Жакшы, жаман, чоң, кичине, ачык, жашыруун кылынган бардык амалдар дептерге жазылган болот. **Кираман катибин** периштелери билбей турган иштер адам мүчөлөрүнүн билдирүүсү жана Аллаху тааланын билдирүүсү менен белгилүү болуп, бардык нерседен суракка тартылат. Махшарда Аллаху тааланын каалаган жашыруун нерсеси ачыкка чыгат. Периштелерден: **“Асманда, жерде эмне кылдыңар?”** - деп, пайгамбарлардан: **“Аллаху тааланын буйруктарын анын пенделерине кандай жеткирдиңер?”** - деп, адамдардан: **“Пайгамбарларга кандай моюн сундуңар, милдеттериңерди кандай орундадыңар?”** - деп суралат. Махшарда жакшылык кылган адамдар сый-урматка бөлөнүп, жамандык кылган адамдар оор азапка учурашат.

Аллаху таала каалаган ыймандуулардын күнөөлөрүн кечирүүсү мүмкүн. Аллахка шерик кошуу жана куфурдан башка бардык күнөөлөрдү кааласа кечирет. Кааласа кичинекей күнөөлөрдөн улам да азап берет. Мушрик жана ыйман келтирбегендерди эч качан кечирбей турганын билдирген. Китептүү, китепсиз мусулман эместер, б.а., Мухаммед алейхиссаламдын бүткүл адамзаттын Пайгамбары экендигине ишенбеген, ал билдирген өкүмдөрдүн бирөөсүн болсо да жактырбаган адамдар ошол абалдары менен өлө турган болсо, сөзсүз түрдө Тозокто түбөлүк азап чегет.

Кыямат күнүндө амалдарды өлчөй турган, биз билбеген өлчөө куралы – **“Мийзан”** (тараза) бар. Жер да, асман да бир тарабына бата

сургандай өтө чоң болот. Сооп жагы жарык, Арштын оң жагында, Бейиш тарабында. Күнөө жагы караңгы, Арштын сол жагында, Тозок тарабында. Дүйнөдө жасалган иштер, айтылган сөздөр, ой-пикир, көз караштар ошол жерде көз менен көрүлө тургандай абалга келтирилет. Сооптуу иштер жарык, ал эми күнөөлөр караңгы, жийиркеничтүү түс алып, таразага тартылат. Бул тараза дүйнөдөгү таразага окшобойт. Оор жагы жогору көтөрүлөт. Жеңил жагы төмөн түшөт деп айтылган. Ахли сүннөттүн кээ бир аалымдары бир нече тараза болот деп айтышкан. Көпчүлүгү таразанын канча жана кандай тартыла тургандыгын динде ачык билдирилбегенин айтып, бул тууралуу ойлонбоо керек экенин билдиришкен.

## Сырат көпүрөсү

**Сырат көпүрөсү** - бул акыйкат. Аллаху тааланын буйругу менен Тозоктун үстүнө курулат. Адамдардын бардыгына ошол көпүрөдөн өтүү буюрулат. Ошол күндө бардык пайгамбарлар: **“Эй, Раббим, амандык бер!”** - деп жалбарышат. Бейишке бара тургандар көпүрөдөн оңой өтүшөт. Алардын кээ бири чагылгандай, кээ бири желдей ылдам жана кээ бири чапкан аттай тез өтөт. Сырат көпүрөсү кылдан ичке, кылычтан өткүр. Бул дүйнөдө Исламды кармануу да ушуга окшош. Исламды толук кармануууга аракет кылуу – Сырат көпүрөсүнөн өтүү сыякту. Бул жерде напси менен күрөшүп, анын азгыруусуна берилбей, ошол кыйынчылыктарга сабыр кылгандар сыраттан оңой жана жеңил өтүшөт. Ислам динин туура карманбай, напсине баш ийгендер Сыраттан кыйынчылыктар менен өтүшөт. Ошондуктан, Аллаху таала Исламдын билдирген туура жолун **“сырати мустаким”** деп атаган. Аталыштардын бири-бирине окшоштугу Ислам жолун кармануу Сырат көпүрөсүнөн өтүү сыяктуу экендигин көрсөтөт. Тозокко бара тургандар Сыраттан өтө албай, Тозокко түшүшөт.

Сырат көпүрөсү дегенде дүйнөдөгү көпүрөлөрдү ойлобоо керек. Мисалы: “Класстан класска өтүү үчүн сынак көпүрөсүнөн өтүү керек”, - деп айтылат. Ар бир окуучу сынак көпүрөсүнөн өтүүгө милдеттүү болгондугу үчүн биз муну көпүрө дейбиз. Ал эми сынактын көпүрөгө окшоштук жагы албетте, жок. Сынак көпүрөсүнөн өткөндөр боло

тургандыгы сыяктуу өтө албай кулай тургандар да болот. Бирок, бул кулоо көпүрөдөн сууга кулоого таптакыр окшобойт. Сынак көпүрөсүнүн кандай экендигин ал жерден өткөндөр билет. Сырат көпүрөсүнөн да адамдардын бардыгы өтөт. Кээ бирөөлөрү болсо өтө албай Тозокко кулайт. Демек, бул көпүрө, ал жерден өтүү, Тозокко кулоо дүйнө көпүрөлөрүн менен сынак көпүрөлөрүнө окшобойт.

## Сырат көпүрөсүндө жети суроо суралат

1) Ыйман. 2) Намаз. 3) Орозо. 4) Ажылык. 5) Зекет. 6) Кул акысы. 7) Гусул, истинжа жана даарат. Ушул жети суроого жооп бере алгандар гана көпүрөдөн өтө алат.

Пайгамбарыбыз Мухаммед Мустафа саллаллаху алейхи васалламга таандык **“хаузи кавсар”** (кавсар көлү) бар. Чоңдугу бир айлык жолдой. Суусу сүттөй аппак, даамы керемет. Тегерегиндеги чынылардын саны жылдыздардын санынан көп болот. Андан бир жолу ичкен адам Тозокто болсо да кайра суусабайт.

## Шапаат

Махшар күнүндө шапааттын боло тургандыгы чындык. Тообо кылбай кайтыш болгон мусулмандардын чоң-кичине күнөөлөрүнүн кечирилүүсү үчүн пайгамбарлар, олуялар, такыбаалуу кишилер, периштелер, Курани карим, Аллаху таала тарабындан уруксат берилген башка кулдары да шапаат кылышат жана шапааттары кабыл кылынат. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи вассаллам) бир хадисинде: **“Үммөтүмдүн ичинен чоң күнөө кылгандарга шапаат кыламын”,** - деп айткан. Беш түрдүү шапаат бар.

**Биринчиси:** Кыямат күнү махшарда адамдын көптүгүнөн, көп күтүүдөн чарчаган күнөөлүлөр ызы-чуу салышып, тезирээк эсептин башталуусун каалашат. Эсептин тезирээк башталуусу үчүн шапаат кылынат.

**Экинчиси:** Сурактын, эсепке тартуунун оңой жана тез болуусу үчүн шапаат кылынат.

**Үчүнчүсү:** Күнөөсү бар мусулмандардын Сыраттан Тозокко кулабоосу, Жаханнам азабынан коргонуулары үчүн шапаат кылынат.

**Төртүнчүсү:** Күнөөсү көп мусулмандардын Жаханнамдан чыгарылуулары үчүн шапаат кылынат.

**Бешинчиси:** Бейиште чексиз ниматтар берилип, түбөлүк кала турган жер болсо да, ал жердеги лаззаттар бөлөк-бөлөк сегиз даражада болот. Ар бир кишинин даражасы, орду, ыйманы жана амалдарынын санына байланыштуу болот. Бейиштегилердин даражаларынын көтөрүлүүсү үчүн дагы шапаат кылынат.

## Бейиш жана Тозок (Жаннат жана Жаханнам)

Бейиш жана Тозок азыр да бар. Бейиш жети кат асмандын үстүндө. Тозок болсо бардык болмуштун астында. Сегиз Бейиш, жети Тозок бар. Бейиш жерден, күн жана асмандан да чоң. Ал эми Тозок күндөн да чоң.

**Арасат** аянты **“мавкиф”** жана **“махшар”** деп дагы аталат. Бул жерде кабыр жашоосунан кийин адамдардын бардыгы жыйналып, суракка тартылат. Бул жердегилердин кандайча чакырыла тургандыгын Ислам аалымдары ар түрдүү сүрөттөгөн. Аллаху таала эң алгач адам өлтүргөндөрдү суракка тартат. Эң алгач эсептери кылына тургандар, сооптору бериле турган кулдар – дүйнөдө ыйманы туура болгон сокурлар болот. Алардын сурагы жүрүп жатканда бир периште сокурлардын атынан: “Дүйнөдө көрүүдөн чектелгендер кайда?” - деп сурайт. Ага: “Алар Аллаху тааланын жамалын көрүүгө баарынан да көбүрөөк ылайыктуу”, - деген жооп айтылат. Анан Аллаху таала аларга: **“Оң жакка баргыла!”** - дейт.

Алар үчүн бир туу байланып, Шуайб алейхиссаламдын колуна берилет. Шуайб (алейхиссалам) аларга имам болот. Алардын алдына санын Аллаху тааладан башка эч ким билбеген өтө көп нурдуу периштелер келишет. Булар Сыраттан тез эле өтүп кетишет. Сабырда жана жумшак мүнөздүүлүктө алар сахаба Абдуллах ибни Аббас «радыйаллаху анх» сыяктуу болушат.

Андан соң: “Кыйынчылыктарга сабыр кылгандар кайда?” - деп суралат. Өтө катуу жана жугуштуу оорулар менен сыналган пенделер майданга алып келинет. Аллаху таала аларга салам берет. Аларга да: “Оң жакка баргыла!” - деп айтат. Алар үчүн да жашыл туу байланат. Аларга имам болгон Аййуб (алейхиссалам) Пайгамбарга берилет.

Сахабалардан Укайл бин Аби Талиб «радыйаллаху анх» жана ага окшогондор ошол топто болушат.

Андан соң: "Ислам душмандарынын жалгандарына, жалааларына алданбай, ахли сүннөт ишенимине бекем карманган жана ошол туура ыйманын кемел даражасында сактап калган ыймандуу, ар-намыстуу жаштар кайда?" - деп суралат. Бир топ киши алып келинет. Аларга да Аллаху таала салам берип, илтифат (илтифат - жакшылык кылып көңүлүн көтөрүү) кылат жана: "Оң жакка баргыла!" - дейт. Алар үчүн даярдалган туу Юсуф алейхиссаламга берилип, аларга имам болот. Ал жаштардын өзгөчөлүктөрү – харамдардан качып, чоочун аялдарды карабагандыктары. Рашид бин Сулейман «рахимахуллах» жана үммөт ичиндеги ал сыяктуу адамдар ошол топто болушат.

Андан соң: "Аллаху таала үчүн бири-бирин сүйгөндөр, мусулмандарды сүйгөндөр жана ыймансыздар менен муртаддарды сүйбөгөндөр кайда?" - деп суралат. Алар да Аллаху тааланын алдына алып келинет. Алар да оң жакка жиберилет. Аллаху тааланын душмандарын сүйбөй тургандардын сыпаты сабырдуулук жана мээримдүүлүк. Алар дүнүйөлүк себептерге байланыштуу мусулмандарга эч кандай жамандык кылышпайт. Хазрети Али «радыйаллаху анх» жана бул үммөттөн ага окшогондор ушул топко кирет.

"Аллаху тааладан коркуп, харам иш кылбагандар жана ыйлагандар кайда?" - деп суралат. Алардын көз жашы шейиттердин каны жана аалымдардын сыясы менен бирге таразага тартылат. Көз жашы оор келет. Алардын да оң жакка баруулары буйрук кылынат. Алар үчүн түрдүү түстө туу байланат. Анткени, алар ар түрдүү харам иш кылгандардын арасында жүргөндө да: "Аллах ырайымдуу, ал кечирет", - деген алдоолорго берилбей, харамдарга колун тийгизбеген адамдар эле. Алар түрдүү күнөөлөрдөн сактанып, Аллаху тааладан коркуп, көз жаштарын төгүшчү. Алардын туусу Нух алейхиссаламга берилет. Аалымдар алардын алдынан өтүүнү каалашат. "Аларга Аллах үчүн ыйлоо керектигин биз айттык", - дешет. Бир үн: "Эй, Нух, ошол жерде токто!" - дейт. Нух алейхиссалам токтойт. Жамаат да аны менен бирге токтойт.

Ахли сүннөт алымдарынын сыясы менен шейиттердин каны таразага тартылат. Аалымдардын сыясы оор келип, алар оң

жакка өтүшөт. Шейиттер үчүн да сары туу берилет. Ал Яхйа алейхиссаламдын колуна берилет. Алардын алдында Яхйа алейхиссалам жүрөт. Аалымдар алдына өтүүнү каалашат. Алар мындай дейт: "Шейиттер биздин илимибизди үйрөнүп согушка катышкан. Биз алардан алга жүрүүгө ылайыкпыз", - деп айтышат. Аллаху таала: **"Аалымдар менин алдымда Пайгамбарым сыяктуу"** - деп айтат. Аалымдарга: **"Каалаган адамдарга шапаат кылгыла",** - дейт. Аалымдар балдарына, кошуналарына, мусулман досторуна, жолундагы шакирттерине шапаат кылышат.

Аалымдардын ар бири үчүн бир периште чакырылат. Периште адамдарга айтат: "Баланча аалымга Аллаху таала шапаат кылууну буюрду. Ким анын бир кажетин орундаган болсо, же бир жутум суу берген, китептерин тараткан болсо, аларга шапаат кылат". Ошол аалымга дүйнөдө жакшылык кылган, китептерин тараткан адамдар орундарынан турушат. Аалым ошол кишилерге шапаат кылат.

Хадиси шарифте эң алгач шапаат кыла тургандар – расулдар, андан кийин набилер, андан кийин аалымдар экендиги билдирилет. Аалымдар үчүн ак туу байланат. Ибрахим алейхиссаламга берилет. Ибрахим алейхиссалам жашыруун илимдерди жарыкка чыгаруу жагынан Расулдардын ичиндеги эң улуусу. Ошондуктан, туу ага берилет.

Андан кийин: "Нафакасын терип жеш үчүн эмгектенип, тер төккөн, тапканына канаат кылган кедейлер кайда? - деп суралат. Аллаху таала аларды чакырып, саламдашат. "Кош келдиңер! Эй, дүйнө өздөрүнө зындан болгон адамдар", - дейт. Алар да Бейишке жиберилет. Алар үчүн да бир сары туу байланып, Иса алейхиссаламга берилет. Иса алейхиссалам аларга имам болот.

Андан соң: "Байлар, б.а., шүкүр кылган, мал-мүлкүн, акчасын динди кубаттандырууга, мусулмандарды заалымдардан коргоого жумшаган байлар кайда?" - деп суралат. Аллаху таала берген байлыктарынын эсебин беш жүз жыл сурайт. Алар үчүн түрдүү түстүү туу алып келинет. Аларга Сулейман алейхиссалам имам болот. Алар да Бейишке барышат.

Чоң күнөө кылган адамдардын жүрөгүндө ыйман бар болсо, азабын тартып бүтүп, анан шапаатка жетишет. Аллаху таала аларга ырайым кылып, миңдеген жылдардан кийин аларды Тозоктон

чыгарат. Тозоктогулордун терилери күйүп бүткөндөн кийин кайрадан жаратылат. Улуу олуялардын бири болгон Хасан Басри: ”Мен дагы ошондой кишилердин катарынан болсом го”, - деген. Хасан Басри акырет тууралуу өтө жакшы билген адам эле. Кыямат күнү бир мусулман келет. Анын энчисинде эч кандай кылган жакшылыгы болбойт. Аллаху таала анын ыйманынын урматына ырайымы менен ага айтат: “**Адамдарга бар, сага жакшылыгын жана сообун бере турган адам изде. Ошол аркылуу сен Бейишке киресиң”.** Ал адамдардын арасына кирет. Адамдар арасына кирип дартына чара боло турган адамды издейт. Кимге айтса да: “Менин дагы жакшылыктарым жетпей калат деп корком. Мен соопко сенден дагы муктажмын”, - дейт. Ал таарынып кетип калат. Андан кийин жанына бир адам келип: “Эмне каалайсың?” - деп сурайт. Баягы киши: “Мага сооп керек. Канча адамдан сурадым, бардыгы бир шылтоо айтат”,. - дейт. Ошондо жанагы киши: “Мен Аллаху тааланын алдына бардым. Менин амал дептеримде болгону бир гана сооп бар экен. Ал дагы мени куткарууга жетпейт. Ошону сага берейин”, - деп айтат. Ал кубанып, ыраазы болуп, таразанын башына келет. Аллаху таала ал пендесин абалын билип турса да: **“Кандай келдиң?”** - деп сурайт. Ал болгон окуяны айтып берет. Өзүнүн сообун берген адамга Аллаху таала: **“Ыймандууларга Менин жоомарттыгым, сенин жоомартыгыңан, жакшылыгыңан алда канча көп. Досуңдун колунан карма, Бейишке киргиле”,** - деп айтат.

Таразанын эки тарабы да тең болуп калса, Аллаху таала айтат: **“Бул кул Бейиште да эмес Тозокто да эмес”.** Ошол кезде бир периште таразанын күнөө жагына бир барак алып келип коёт. Ал баракта “уф” деген сөз жазылган болуп, ошол тарап оор басып кетет. Анткени, “уф” деген сөз ата-энеге каршылыкты билдире турган сөз. Ал кишинин Тозокко ыргытылуусу буйрулат. Ал адам эки жагына карап турат. Аллаху тааланын чакыруусун каалайт. Аллаху таала аны чакырат. “**Эй, күнөөкөр кул! Менин чакырuumду эмне үчүн каалады ң?”** - деп сурайт. “Эй, Раббим! Ата-энемге каршы чыкканым үчүн Тозокко бара жатамын. Алардын азабын мага кошуп бер, аларды Тозоктон куткар”, - дейт. Аллаху таала айтат: “Ата-энеңе дүйнөдө каршы чыктың. Акыретте сыйладың. Алардын колунан карма, чоогу Бейишке киргиле”, - деп айтат.

Бейишке жиберилбегендерди периштелер кармайт. Анткени, периштелер акырет өкүмдөрүн өтө жакшы билишет. Ал эми, акыреттен насиби жок элге алардын Тозок отуну экендиктери айтылат. Алар Тозокту толтуруу үчүн жаратылган. Аллаху таала “Саффат” сүрөсүнүн 24-аятында: “Аларды токтоткула! Алардан сурак суралат”, - дейт. Алар ошол жерде туткунда калышат. “Саффат” сүрөсүнүн 25-аятында билдирилгендей: “Силерге эмне болду, бири-бириңерге жардам кылбайсыңарбы”, - деп айтылганга чейин кармалып турушат. Алар күнөөлөрүн моюндарына алышат. Бардыгы Тозокко жиберилет. Мухаммед алейхиссаламдын үммөтүнүн чоң күнөө кылгандары да ушинтип алып келинип, кары, жаш, аял, эркек баары бир жерге жыйналышат. Тозоктун күзөтчүсү Малик: “Силер жаман топтонсуңар. Бирок, колдоруңар байланган эмес. Жүзүңөр карайган эмес. Тозокко киргендердин арасында силерден өткөн сулуу эч ким жок”, - деп айтат. Алар: “Эй, Малик! Биз Мухаммед алейхиссаламдын үммөтүбүз. Бирок, кылган күнөөлөрүбүз бизди Тозокко алып келди. Бизди койо бер, кылмыштарыбызга ыйлайлы”, - дешет. Малик аларга: “Ыйлагыла! Бирок, эми ыйлаганыңардын эч кандай пайдасы жок”, - деп айтат. Алардын бардыгы харамга баткан өмүрлөрүнө өкүнүп ыйлашат.

Аллаху таала: “Эй, Малик! Буларды биринчи Тозокко жибер”, - деген буйрук келет. Тозок аларды ичине алайын дегенде алар: “Лаа илаха иллаллах”, - деп кыйкырышат. Тозок бул сөздү укканда беш жүз жылдык алыска качат. (Бир нерсенин көптүгүн билдирүү үчүн чоң сандар менен сыпаттоону Арабстанда адат экендиги Ибни Абидиндин “Радд-уль-мухтар” китеби “ал-хазар вал ибаха” бөлүмүндө жазылган. Б.а., диний адабияттардагы сандар анык өлчөмдөрдү эмес, көптүктү билдирет.) Дагы бир үн угулат: “Эй, Тозок! Буларды ал! Эй, Малик! Буларды биринчи кезекте Тозокко ташта!”. Ошол кезде күндүн күркүрөгөнүндөй бир добуш чыгат. Тозок аларды жүрөгүн өрттөмөкчү болгондо Малик ага кедерги болуп: “Эй, Тозок! Ичинде Курани карим бар, ыймандын мекени болгон жүрөктү күйгүзбө! Рахман болгон Аллахка сажда кылган маңдайды күйгүзбө!”- деп айтат. Ошол бойдон бул коом Тозокко ташталат. Ошол кезде Тозоктон бир адамдын башкалардан да катуураак үн менен кыйкырып ыйлаганы угулат. Аны Тозоктон

чыгарат. Анын териси эле күйүп үлгүргөн болот. Аллаху таала ага: “Сага эмне болду? Эң көп кыйкырып ыйлаган сенсиң?” - деп сурайт. Ал: “Эй, Раббим! Мени эсепке тарттың. Сенин ырайымыңан алиге чейин үмүт үзгөн жокмун. Сенин мени уга тургандыгыңды билем. Ошондуктан, кыйкырып ыйладым”, - деп айтат. Алаху таала: “Кимде-ким Аллаху тааланын ырайымынан үмүтүн **үзсө ал адашкан адам”,** - деген маанидеги “Хижр” сүрөсүнүн 56-аятын көрсөтүп: **“Бар, сени кечирдим”,** - дейт.

Акыреттин таң калардык жагдайы – ар бир адамды Аллаху таала эсепке тартат. Ар бир адамдын сооптору менен күнөөлөрү тартылат. Ар бир адам ошол кезде Аллаху таала бир гана өзүнүн эсеби менен алектенип жатат деп ойлойт. Бирок, Аллаху таала бир убакыттын ичинде санын өзүнөн башка эч ким билбеген көп адамды эсепке тартат.

Ал жерде кээ бир адамдар кээ бирөөлөрдү көрбөйт. Бири экинчисинин сөзүн укпайт. Балким, ар бири Жараткандын пардалары астында болоор. Кандай чоң кудурет! “Лукман” сүрөсүнүн 28-аятында: **“Силердин дүйнө жана акыретте жаратылууңар бир дем алгандай убакытта жүзөгө ашат”,** - деп айтылат. Аллаху тааланын бул сөзүндө сырлар бар, бул – мекенсиздик жана убакытсыздык сыры. Анткени, Аллаху тааланын иштеринде чек менен кедерги жок. Аракеттеринин эч бири башка иштерди жасоосуна кедерги боло албайт.

Ал кезде адам өзүнүн баласына: “Эй, балам! Мен сени кийинттим, жедирдим, ичирдим. Сага динди, ыйманды үйрөттүм. Сени Куран окутуп үйрөтүүчү устазга бердим. Бирок, кыяматтын азабын көрүп турасың. Күнөөмдүн көп экенин да билесиң. Ошонун биразын сен жүктөн. Күнөөм азайсын. Мага бир сооп бер. Сообум оор бассын”, - деп айтат. Баласы андан качып: “Ошол бир соопко мен сенден дагы көбүрөөк муктаж болуп турам”, - деп айтат.

Ушундайча, бала менен эненин арасында, эрди-катындардын арасында ошол сыяктуу ангемелер болуп өтөт. Мына, Аллаху таала “Абаса” сүрөсүнүн 24-аяты аркылуу ошону кабарлайт: **“Ал күндө адам бир тууганынан, эне өз баласынан качат”.**

Хадиси шарифте: **“Адамдар кыямат күнү жылаңач бойдон жыйналышат”,** - деп билдирилген. Айша энебиз муну угуп: “Алар

бири-бирине карашпайбы? - деп сурайт. Пайгамбарыбыз: "**Ал күнү бардык адамдын жагдайы оор, ар ким бир гана өзү менен алек болот",** - деген маанидеги "Абаса" сүрөсүнүн 37-аятын окуду.

Адамдар бул кезде бир жерге жыйналышат. Алардын үстүнө бир кара булут келет. Ал булут адамдардын үстүнө амал дептерлерин жаадырат. Барактар учуп түшөт. Барактар адамдардын оң же сол жагына түшөт. Бул адамдын каалоосу менен болбойт. Аллаху таала "Исра" сүрөсүнүн 13-аятында: "**Кыямат күнү анын китебин ачык түрдө жиберебиз",** - деп билдирет.

Кээ бир мусулмандар кыйын эсепке тартылбастан эле Бейишке кирет. Аларга тараза курулбайт. Алар дептерлерин алышпайт. Аларга бериле турган барактарга **"Лаа илааха иллаллах, Мухаммадун расулуллах. Бул баланчанын уулу баланчанын Бейишке кире тургандыгына күбөлүк",** - деп жазылган болот. Бир кулдун күнөөлөрү кечирилсе, бир периште аны Арасат аянтына алып барат. "Бул баланчанын баласы баланча, Аллаху таала анын күнөөлөрүн кечирди. Эми ал шаки (күнөөкөр) болбойт, саид (акырет бактылуусу) болуп, Бейишке кирет", - деп айтат. Ошол кезде адамга бул кабардан да сүйүнүчтүү башка кабар болбойт.

Кыямат күнү Расулдар минбарлардын үстүндө болушат. Ар бир Расулдун минбары өзүнүн даражасына байланыштуу болот. Ахли сүннөт иненимин карманган жана амалдарды орундаган аалымдар нурдан жасалган орундарда болушат. Аллаху тааланын динин коргоо жана таратуу үчүн шейит болгондор менен салихтер, б.а., Ислам динине моюн сунган адамдар, Курани каримди урмат менен тажвидге ылайык окуган каарылар, азанды сүннөткө ылайык окуган азанчылар жыпар жыттуу жерлерде болушат. Исламдын өкүмдөрүнө моюн сунуп, жакшы амалдарды кылгандыктары үчүн аларга Адам алейхиссаламдан баштап пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламга чейин келген бардык пайгамбарлардан кийин шапаат кылууга уруксат берилет.

Хадиси шарифте: **"Курани карим Кыямат күнү жылуу жүздүү, көркөм мүнөздүү адам сүрөтүндө келет. Андан шапаат кылуу суралат. Ал шапат кылат. Өзүн музыкалык аспаптар менен окуп, көңүл ачуу максатында жана акча табуу үчүн**

**окугандардын үстүнөн арызданат. Андай адамдардан өз акысын талап кылат. Ыраазы болгон адамдарды Бейишке алып кирет",** - деп билдирилген.

Ал эми, дүйнө (б.а., кулчулук кылууга тоскоол болгон, харам иштерди кылууга себеп болгон нерселер жана адамдар) болсо картаң, ак чачтуу, жийиикеничтүү аял сүрөтүндө көрүнөт. Адамдардан суралат: "Силер муну таанийсыңарбы?" Алар: "Биз андан тартынып, Аллаху таалага сыйынабыз", - деп айтышат. "Силер ага жетүү үчүн бири-бириңер менен урушуп, бири-бириңерди жек көрчү элеңер", - деп айтылат.

Жума күнү болсо сүйкүмдүү адам сүрөтүндө көрүнөт. Ыймандуулар ага суктанып карашат. Жума намазын окуган момундардын үстүндө нур болот. Баары ага карап таңданат. Жума күнүнө көрсөткөн урматтарына байланыштуу Бейишке жиберилет.

Мусулман бир тууганым! Аллаху тааланын ырайымдуулугуна, Курани каримдин, Исламдын жоомарттыгына назар сал! Курани каримдин жолундагылардын намаз, орозо, зекет, сабырдуулук жана көркөм мүнөздөн турган Исламдын канчалык кадырлуу экенин эсиңде тут.

## Ыймандын алтынчы шарты

## Тагдырга ишенүү

Ишенүүгө тийиштүү алты нерсенин алтынчысы - **тагдырга, жамандык менен жакшылыктын Аллаху тааладан экендигине ишенүү.** Адамдарга келе турган жакшылык жана жамандык, пайда жана зыяндын баары Жараткандын жазуусу менен жүзөгө ашат.

Тагдыр: сөздүк мааниси "көп нерсени өлчөө", "өкүм" жана "буйрук", "чоңдук", "көптүк" болуп эсептелет. Аллаху тааланын бир нерсенин болуусун эзелтеден каалоосу "тагдыр" деп аталат.

Каза – тагдырдын, б.а., "бар болсун" деп каалаган нерсенин бар болуусу. "Каза" жана "тагдыр" сөздөрү бири-биринин ордуна колдолуна берет. Демек, "каза" деген сөз эзелден чексиз акырына чейинки жаратыла турган нерселерди Аллаху тааланын эзелден

каалап коюусу. Ушул нерселердин баарын казага ылайык түрдө жаратылышы **“тагдыр”** деп аталат. Аллаху таала боло турган нерселердин баарын эзелден билет. Ушул илими **“Каза жана тагдыр”** деп аталат.

## Тагдырга ишенүү кандай болот?

Тагдырга ишенүү үчүн мына ушуларга жакшы ишенип, билүү керек. Аллаху таала бир нерсени жаратууну эзелтеден каалаcа, аз да көп да эмес, дал ошол каалаганыдай болууга тийиш. Бар болуусун каалаган нерселердин жок болуусу жана жок болуусун каалаган нерселердин бар болуусу мүмкүн эмес.

Бардык жандуулардын, өсүмдүктөрдүн, жансыз нерселердин, катуу, суюк, газ түрүндө бардык нерсенин, асмандагы объекттердин, молекуланын, атомдордун, электрондордун, электромагниттик толкундардын козголуусу, химиялык жана физикалык кубулуштар, ядро реакциялары, энергиялык алмашуулар, физикалык кыймылдар, пенделердин жакшы жана жаман иштери, дүйнө жана акыретте жасаган иштеринен жоопко тартылуу – бардыгы Аллаху тааланын илиминде эзелтеден бар эле. Аллах эзелтеден чексиз акырына чейин бар боло турган заттарды, алардын сыпаттарын, кыймыл-аракеттерди, кубулуштарды эзелдеги илимине ылайык жаратууда. Адамдардын жакшы-жаман, эрктүү-эрксиз бардык иштерин, мусулман болууларын, ыймансыз болууларын Аллаху таала жаратат. Жаратуучу, бар кылуучу тек гана Ал. Себептердин таасири менен жүзөгө аша турган бардык тиричилик Анын жаратуусу менен болот. Бардык нерсени бир себеп менен жаратат.

Мисалы, от күйгүзөт. Бирок, күйгүзгөн Аллаху таала. Оттун күйгүзүү менен эч кандай тийешеси жок. Ал эми, Аллаху тааланын адаты (белгилеген мыйзамы) боюнча бир нерсеге от тиймейинче күйгүзүүнү жүзөгө ашырбайт. От тутануу температурасына чейин ысытуудан башка эч нерсе кылбайт. Органикалык заттардын курамындагы көмүртекти, суутекти, кислородду бириктирип, электрондорду алмаштыра турган от эмес. Акыйкатты көрүүгө кудурети жана илими жетпегендер буларды от аткарат деп ойлойт.

Күйгүзүүчү, күйүү реакциясын жүзөгө ашыруучу от эмес. Кислород да эмес. Ысыктык да эмес, электрондордун аралашуусу да эмес. Күйгүзгөн - бир гана Аллаху таала. Ал булардын бардыгын күйүүнүн себептери кылып жараткан. Илими жок адам "от күйгүзөт" деп эсептейт. Илим илгерилеген сайын себеп деп эсептелген нерселердин аркы жагында башка канча деген себептердин бар экендиги аныкталууда, илимдердин сырын билген, акыйкатты толук көргөн пайгамбарлар жана алардын жолундагы илим дарыясынан ичип канган Ислам аалымдары азыркы кезде көпчүлүктүн күйгүзүүчү, бар кылуучу же болбосо жаратуучу деп ойлогон нерселердин алсыз, бир фактор, себептер экенин; чыныгы Жаратуучунун Аллаху таала экенин айтышууда. Күйгүзө турган – Аллаху таала. Ал отсуз деле күйгүзө алат. От менен күйгүзүү – адаты. Күйүүсүн каалабаса, от ичинде да күйбөйт. Ибрахим алейхиссаламды от ичинде да күйгүзгөн жок. Аны өтө жакшы көргөндүктөн адатын бузду. Ал оттун күйгүзүү аракетинин алдын ала турган нерселерди да жараткан. Аларды химиктер табууда.

Аллаху таала кааласа, бардык нерсени себепсиз, адатсыз да жаратмак. Отсуз күйгүзөр эле, тамаксыз тойгузар эле, учаксыз эле учурар эле, радиосуз да алыстан угузар эле. Ал эми, пенделерине жакшылык кылып, бардык нерсени бир себеп менен байланыштырды. Белгилүү бир нерселерди белгилүү бир куралдар менен эрежелер менен жаратууну каалады. Өзүнүн күчүн, аракеттерин эрежелер жана себептердин ичине жашырган. Анын бир нерсени жаратуусун каалаган адам ошол нерсенин себебине жармашып, тилегине жетет. Башы ооруган адам даары ичет, Бейишке кирүүнү каалаган адам Исламга моюн сунат, өзүн пистолет менен аткан, уу ичкен адам өлөт, тердеп туруп суу ичкен адам ооруйт, күнөөгө батып куфур кылып ыйманынан айрылган адам Тозокко кетет. Ким кандай себепке жармашса, ошол себеп аркылуу натыйжага ээ болот. Ахли сүннөт аалымдарынын китептерин окуган адам Исламды үйрөнүп, сүйүп, мусулманчылыкты кабыл кылат. Динсиздердин арасында чоңойгон, алардын сөздөрүн тыңдаган адам динден алыс болот. Алардын көпчүлүгү ыймансыз болушат. Адам кайсы багыттын унаасына түшсө ошол багытка карай кетет. Аллаху таала өз иштерин эрежелер менен, себептер менен жаратпаганда эч ким эч кимге муктаж болмок эмес.

Ар ким керек болгон нерсесин Аллахтан сурап, эч бир чара көрмөк эмес. Андай кезде адамдар арасында башчы, кызматкер, жумушчу, өнөрпоз, шакирт, устаз сыяктуу адамдар арасындагы мамилелер жоюлуп, дүйнө жана акыреттин тартиби бузулмак. Сулуу менен көрксүз, жакшы менен жаман, күнөөсүз менен күнөөкөр арасында айырмачылык калмак эле.

Аллаху таала каалаbacktest эрежелерин башка түрдүү да жасамак. Мисалы, каалаcа ыйман келтирбегендерди, өз кызыкчылыгынан башка эч кимди ойлобой турган, башкалардын жанынын, мүлкүнүн, намысынын эсебинен күн көргөндөрдү Бейишке жиберер эле. Ыймандууларды, ибадат, жакшылык кылгындарды Тозокко жиберер эле. Бирок, аяттар менен хадистер муну каалабагандыгын көрсөтүп турат.

Адамдардын ар бир ишин, эрктүү-эрксиз жасай турган бардык аракеттерин жарата турган Аллаху таала кулдарын каалаган аракетин болгузуу үчүн кулдарына **ыктыяр,** б.а., тандоо жана **ирада** (каалоо) өзгөчөлүгүн берген, ошол тандоо менен каалоону иштердин жаратылуусуна себеп кылган. Пенде бир нерсе жасоону каалаcа, аны Аллаху таала да каалаcа, ошол ишти жаратат. Пенде да, Аллаху таала да каалабаса ал нерсени жаратпайт. Ал нерсе бир гана пенденин каалоосу менен да жаратылбайт. Аллах да каалаcа гана жаратылат. Пенделердин каалаган иштерин жаратуусуна, мисалы, от тийгенде күйүүнү жаратканы сыяктуу жүзөгө ашат. Бычак тийгенде кесүүнү жаратат. Кесе турган бычак эмес, Аллаху таала. Бычак – кесүү куралы. Демек, Ал пенделердин каалаган иштерин алардын кааалоолору, тандоолору менен жаратууда. Ал эми, жаратылыштагы кубулуштар пенделердин каалоолоруна байланыштуу эмес. Алар бир гана Аллаху тааланын каалоосу менен башка себептерге байланыштуу жаратылууда. Асман, жер жана бардык ааламдагы кыймыл-аракеттердин жана кыймылсыздыктардын баары бир гана Аллахтын жаратуусу менен болууда. Андан башка Жаратуучу жок. Бир гана жансыз нерселердин кыймыл-аракеттери жана адам менен жаныбарлардын эрктүү аракеттери арасында да мындай айырмачылыктар бар; адамдар бир нерсе кылууну каалап, аны Аллах да каалаcа, адамга ошол нерсени кылууга күч берип, колдойт, ошол ишти жүзөгө ашырат. Кулдун аракет кылуусу анын

өзүнүн колунда эмес. Ошондой эле, кандай кыймылдап жатканын да билбейт. Адамдын ар бир аракети көптөгөн физикалык жана химиялык кубулуштар аркылуу жүзөгө ашат. Мындан өзүнүн да кабары болбойт. Жансыз нерселердин аракеттеринде **тандоо** деген нерсе болбойт. От тийген кезде, Аллахтын жагуу, күйүү процессин жаратуусу, оттун күйгүзүүнү каалосу менен жүзөгө ашпайт.

Сүйгөн, мээримдүүлүк көрсөткөн кулдарынын жакшы, пайдалуу тилектерин Ал дагы каалап, жүзөгө ашырат. Алардын жаман, зыяндуу тилектерин Ал каалабайт жана орундабайт. Бул пенделерден бир гана пайдалуу иштер жүзөгө ашат. Алар, бир катар тилектеринин жүзөгө ашпагандыгына таарынышат. Бул иштердин натыйжасы ал үчүн зыяндуу боло турганын түшүнгөндө таарынышпайт болчу. Тескерисинче, ага кубанып Аллаху таалага шүкүр кылышаар эле. Аллаху таала адамдардын эрктүү иштерин алардын көңүлдөрү каалагандан кийин жүзөгө ашырууну эзелтеден каалаган. Мурда мындай каалабаган болсо эрктүү иштерибизди да биз каалабай туруп эле мажбурлап жүзөгө ашырат болчу. Анын эрктүү иштерибизди биз каалагандан кийин жаратуусу – эзелтеден ошондой каалагандыгы үчүн. Демек, биздин каалообуздун үстүндө Анын каалоосу ар дайым өз үстөмдүгүн, Аллахтын абсолюттук ирада ээси экендигин көрсөтүп турат.

Пенделердин эрктүү аракеттери эки нерседен турат: Биринчиси – пенденин жүрөгүнүн каалоосу жана күчү. Ошондуктан, пенденин аракеттери **"касб"** деп аталат. Касб – адамдык сапат.

Экинчиси: Аллаху тааланын жаратуусу, бар кылуусу. Аллаху тааланын буйруктарды, сооп жана азапты жаратуусу адамда касб сыпаты болгондуктан жүзөгө ашат. "Саффат" сүрөсүнүн 96-аятында: **"Аллаху таала силерди жаратты жана иштериңерди жаратты",** - деп жазылган. Бул аят адам аракеттеринде көңүлүнүн каалоосу жана **ирадаи жузийа**сы (тандоо эркиндиги) бар экендигин билдирет. Мажбурлоонун жок экендигин ачык айкын билдирип турат. Ошол себептен **адамдын иши** деп аталат.

Кулдун иши жасалуусу үчүн алгач бул ишти кулдун жүрөгү каалоосу керек. Кул күчү жеткен нерсени каалайт. Бул каалоо "касб" деп аталат. Хазрети Амиди бул касбдын иштердин жаратылуусунун себеби, таасири экенин айтат. Кул каалаган нерсесинин бардыгын

жасай албайт. Кээде каалабаган нерселеринин да орундалуусу, жаратылуусу мүмкүн. Кулдун каалагандарынын бардыгын жасап, каалабагандарын болтурбай коюусу кулдукка жатпайт, кудуретке таандык нерселер болуп саналат.

Пенделерге Аллаху таала жакшылык, мээримдүүлүк кылып, аларга буйруктарын аткара тургандай жана өздөрүнө керектүү боло тургандай деңгээлде күч-кубат, б.а., энергия берген. Мисалы, ден-соолугу жакшы, акчасы жетиштүү адам өмүрүндө бир жолу ажылыкка бара алат, жылына бир жолу орозо кармай алат, күнүнө беш маал намаз окуй алат, зекет бере алат. Мындан белгилүү болуп тургандай, адам өз эрктүү иштерин кааласа кылат, каалабаса кылбайт. Аллаху тааланын улуулугу ошол жерден байкалат. Жахил (сабатсыз) адамдар тагдыр тууралуу эч нерсе түшүнбөгөндүктөн ахли сүннөт аалымдарынын сөзүнө ишенишпейт. Кулдардын күчү менен каалоосуна шектенет. Адамды эрктүү иштеринде күчсүз жана мажбур деп эсептешет. Кээ бир иштерде кулдардын каалоосу жүрбөгөндүгүн көрүп ахли сүннөткө тил тийгизишет. Алардын бул айткандарынын өзү аларда каалоонун, тандоонун бар экендигин көрсөтүп турат.

Бир нерсени кылууга же болбосо кылбоого күчтүн жетүүсү **“кудурет”** деп аталат. Кылууну же кылбоону тандоо **“ыктыяр”** (тандоо) деп аталат. Тандалган нерсени кылууну тилөө, **“ирада**” (каалоо) деп аталат. Бир нерсени кабылдоо, ага каршы келбөө – **“риза**” (ыраазылык, макулдук, жактыруу) деп аталат. Иштин орундалуусуна милдеттүү түрдө таасир кылуу шарты менен ирада менен кудуреттин биригүүсү **“халк”** (жаратуу) деп аталат. Ал эми, таасирлүү болбой биригүү **”касб”** деп аталат. Бир ишти ыктыяр кылган, тандаган ар адамдын халык, б.а., жаратуучу болуусу милдетүү эмес. Ошол сыяктуу ар бир кааланган нерсеге ыраазы болуу да милдеттүү эмес. Аллаху таала халык (жартуучу) жана мухтар (каалоочу), ал эми, кул болсо касиб (орундоочу) жана мухтар (каалоочу) деп аталат.

Аллаху таала кулдардын жакшы жана жаман иштерин каалайт жана аны жаратат. Ал эми, Ал жакшы, соопту иштерден ыраазы. Жаман, күнөө иштерден ыраазы болбойт жана жактырбайт. Бардык нерсе Анын жаратуусу менен бар же жок болот. “Эн’ам”

сүрөсүнүн 102-аятында “**Андан башка илах жок. Бардык нерсенин Жаратуучусу бир гана Ал”,** - деп билдирилген.

**“Мутазила”** сектасындагылар ирада менен ыраазылык арасында айырмачылык жок деп эсептеп, тагдыр жана казага каршы болушуп, ишенишпейт. **“Жабрия”** сектасындагылар адамдын тандоого укугу жок деп ойлоп, адамды ташка, отунга теңдештирет. Адамдар күнөө иш кылбайт. Бардык жаман нерселерди кылдыра турган Аллаху таала деп эсептешет. Эгер “жабрия” өкүлдөрүнүн айтканындай адамда ирада жана ыктыяр болбосо, жамандыктар менен күнөөлөрдү Аллах кыйнап кылдырып жаткан болсо, колу-буту байланган адамдын тоодон төмөн карай жыгылуусу менен өз буту менен тегеректи кыдырып, басып баратып тоодон жыгылуунун арасында айырмачылык болбошу керек эле. Ал эми, биринчисинин жыгылуусу мажбурлуу түрдө, ал эми экинчисинин жыгылуусу ирада жана ыктыяр, б.а., өз каалоосу менен жүзөгө ашып отурат. Бул айырмачылыкты көрбөгөндөр – аң-сезими төмөн болгондор. Дагы алар аяттарга да ишенбеген болуп чыгат. Аллаху тааланын буйруктарын орунсуз деп эсептеген болот.

Аллаху таала дүйнөдө бүткүл адамзатка мээримдүүлүк кылууда. Адамдарга кажеттүү нерселерин жаратып, баарына берүүдө. Дүйнөдө тынч өмүр сүрүү жана акыретте түбөлүк бакытка жетүү үчүн эмне кылыш керек экендиктерин ачык айкын билдирүүдө. Напсилерине, жаман досторуна, зыяндуу китеп, гезит, теле-радио берүүлөргө алданып, куфр жолуна түшкөндөрдүн ичинен каалаганын туура жолго салууда. Аларды туура жолго тартууда. Азгын, заалым адамдарга мындай ниматтарды бербөөдө. Аларды өздөрү жактырган, каалаган, өздөрү түшкөн куфурлук баткагында калтырууда.

Каза жана тагдыр зээндүү адамдардын көп такала турган маселеси болуп саналат. Бул анын туура түшүнбөөсүнөн улам пайда болот. Тагдырдын эмне экени жакшы түшүнүлө турган болсо, эч бир адамдын көңүлүндө күмөн калбайт жана ыйманы бекемдейт.

Ааламдардын Жаратуучусу болгон Аллаху таала жараткан жана жарата турган нерселердин баарын эзелден соңсузга чейин чоң-кичине бардыгын, заттарды, маанилерди бир арада жана бир мезгилде билет. Ар бир нерсени жаратпастан мурда эле билчү.

**Ахли сүннөт вал-жамаат** мусулмандар тагдырга ишенген, тагдырга ишенүүнү ыймандын шарты деп эсептеген. Б.а., тагдырга ишенбеген адам момун деп эсептеген.

Тагдырдын ачуусу менен таттуусу, жаманы менен жакшысы - баары Аллахтан. Анткени, тагдыр – билген нерселерин жаратуу деген сөз.

Улуу Ислам аалымы Имам Бегави "Тагдыр илими – Аллаху тааланын өз пенделеринен жашырган сырларынын бири. Бул илимди эң жакын периштелери жана дин ээси болгон пайгамбарларына да ачып билдирген эмес. Бул илим – чоң дарыя. Эч ким бул тууралуу сүйлөбөшү керек. Бир гана мына буларды билүү жетиштүү: Аллаху таала адамды жаратат. Алардын бир канчасы күнөөкөр. Алар Тозокко барат. Бир канчасы Бейишке барат. Бир киши Хазрети Алиден тагдыр тууралуу сурайт. "Ал – караңгы жол. Ал жол менен барба", - деп жооп берет. Дагы сурайт. "Терең деңиз", - дейт. Дагы сурайт. Бул жолу: "Тагдыр –Аллаху тааланын купуясы. Аны сенден жашырган", - деп жооп берет".

**Адамдын эрктүү аракети мына ушул төрт нерсе аркылуу жүзөгө ашат:**

1. Ошол нерсени оюнда элестетүү.

2. Ошол нерсени жактырып, жакшы сезимге бөлөнүү.

3. Ошол нерсени кылууну чын жүрөктөн каалоо, б.а., аракет кылууну тилөө.

4. Аракеттин пайда болушу. Биринчи жана экинчилерди Аллаху таала жаратат. Себеби, ойлоо менен жактыруу бар нерселер. Бар нерселер жаратылууга муктаж. Ал эми каалоо менен тандоо – пендеден. Аракетти жарата турган – Аллаху таала. Пендеде каалоо менен ирадаи жузийанын (тандоо эрки) пайда болушу алгач пендеде аны ойлоо жана жактыруу деген нерселердин жаратылуусунан кийин ишке ашат. Мисалы, бир адам садага берүүнү жана сообун ойлосо, ошол нерсе тууралуу анда кызыгуучулук же жек көрүүчүлүк пайда болот. Ошол амалды кылууну же болбосо кылбоону тандайт. Жактыруу, кызыгуучулук бул каалоо эмес. Жек көрүү, жаман ойдо болуу да пенденин каалоо укугун колдонбоосу дегендик эмес.

## Таваккул (тобокел) деген эмне?

Аллаху таалага жакындагандардын өтө турган тепкичтин бири бул - таваккул. Анын даражасы өтө жогору. Ал эми, таваккулду үйрөнүү өтө кыйын. Аны орундоо андан да кыйын. Анткени, кимде-ким иштеринде Аллаху тааладан башка бирөөнүн таасири боло тургандыгына ишенсе, ал адамдын таухидинде (бир Аллахка ишенүүсүндө) кемчилик бар. Эгерде эч кандай себеп керек эмес деп айтса, Ислам дининен чыгат. Эгерде себептерди арага кою кажет эмес десе акылга да кайчы болот. Эгер кажет десе себептерге таваккул кылган болуп, бул болсо, таухидде кемчилик болот. Демек, таваккулду акылга, Исламга, ары таухидге ылайык түшүнүш керек. Ал үчүн терең илим кажет.

Таваккулдун фазилети: Аллаху таала бардык адамдарга таваккул кылууну буюрган. **“Таваккул – ыймандын шарты”,** - деген аят ушул буйруктардын бири. “Маида” сүрөсүнүн 23-аятында: **“Эгер ыйманыңар бар болсо, Аллаху таалага таваккул кылгыла!”,** “Али Имран” сүрөсүнүн 159-аятында: **“Аллаху таала таваккул кылгандарды албетте сүйөт”** - деп билдирилген. “Талак” сүрөсүнүн 3-аятында: **“Ким Аллаху таалага таваккул кылса Аллаху таала ага жетиштүү болот”,** - деп билдирилген. Ушундай маанидеги көптөгөн аяттар бар.

Расулуллах мындай деген: **“Үммөтүмдүн бир бөлүгү мага көрсөтүлдү. Алардын өтө көп экендигине таң калып, кубандым. “Кубандыңбы?” - деп сурады. “Ооба”, - деп айттым. “Булардын бир гана жетимиш миңи суракcыз Бейишке кирет”, - деп айтты. “Алар кимдер?” - деп сураганымда: “Иштерине сыйкыр, пал сыяктуу нерселерди аралаштырбай, Аллаху тааладан башкага таваккул кылбагандар, Аллахтан башкага таваккул кылбаган, сүйөнүп ишенбегендер”,** - деп жооп берди”. Угуп отургандардын ичинен Укаша «радыйаллаху анх» туруп: “Я Расулуллах! Дуба кылыңыз, мен дагы ошолордун бири болоюн”- дейт. Расулуллах: **“Я Раббим! Муну ошолордун катарына кош!”** - деп дуба кылат. Дагы бирөө туруп ошондой дуба тилегенде, Расулуллах ага: **“Укаша сага караганда ылдамыраак аракет кылды”,** - дейт.

Бир хадисте: **“Аллаху таалага толук таваккул кылсаңар, куштарга ырыскы бергени сыяктуу силерге дагы жиберер эле. Куштар таң эртең ачка чыгышат. Кечинде болсо тоюп кайтышат”,** - деп билдирилген. Дагы бир хадиси шарифте: **“Кимде-ким Аллаху таалага сүйөнсө, Аллаху таала анын бардык иштерине жардам берет. Күтпөгөн жерден ага ырыскы жиберет. Кимде-ким дүнүйөсүнө ишенсе аны дүнүйөсү менен жалгыз калтырат”,** - деп кабар берилген. Капырлар Ибрахим алейхиссаламды отко ыргытабыз деп жатканда: **“Хасбияллаху ва нимал вакил** (Мага Аллахым жетет. Ал эң жакшы камкор - өкүл)”, - дейт. Отко түшкөн кезде Жабраил алейхиссалам келип: “Тилегиң барбы?” - деп сурайт. Ал: “Бар, бирок, сенден эмес”, - деп жооп берет. Ошентип “хасбиаллах” сөзүндө тургандыгын көрсөттү. Ушуга байланыштуу “Ваннажми” сүрөсүнүн: “Сөзүндө турган Ибрахим”, - деген аяты менен мakталган. Аллаху таала Давуд алейхиссаламга: **“Ким бардык нерседен үмүтүн үзүп, бир гана Мага ишенсе, жер бетиндеги жана асмандагы бардык нерсе ага каршы чыкса, зыян келтирүүгө аракет кылса да Мен аны куткарамын”,** - деген аятты жиберет.

Улуу олуя Ибрихим Эдхем «куддиса сиррух» бир поптон: “Кантип күн көрүп жүрөсүң?” - деп сураганда, поп: “Кайдан жибериле тургандыгын ырыскы берүүчүдөн сура, мен билбейм”, - деп жооп берет. Бир адамдан: “Күн бою Аллахка ибадат кыласың, эмне жеп-ичесиң?” - деп сурайт. Ал жооп катары тишин көрсөттү. Б.а.: “Тегирменди жасаган анын суусун да жиберет”, - демекчи болгон.

Харем бин Хаййан Вейсел Караниден: “Кайсы жакка барайын?” - деп сурайт. “Шамга (Дамаск)”, - деп жооп берет. “Шамда тиричилик кылуу кандай?” - деп сураганда Вейсел Карани: “Ырыскысына шектенген жүрөктөргө өкүнүчтөр болсун. Аларга насаат пайда бербейт”, - дейт.

Таваккул, б.а., тобокелчилик – бул жүрөктүн аткара турган иши, ал ыймандан пайда болот. Ыймандын да түрлөрү бар. Ал эми, таваккул эки нерсеге таянат. Алар таухидге ыйман келтирүү жана ырайымдуулук менен Аллахтын мээриминин чексиздигине ынануу.

Таваккул жүрөктө таухидге жана Аллаху тааланын мээримдүүлүгүнүн чексиздигине ишенүү аркылуу пайда болот. Бул

абал адамдын чын жүрөктөн өз өкүлүнө толук ишенүү жана аны менен көңүлүнө тынчтык берүү деген сөз. Мындай адам дүнүйө мүлкүнө таянбайт. Дүнүйөлүк иштеринин бузулуусуна убайымданбайт. Аллаху тааланын кайдан болсо да милдеттүү түрдө ырыскы жибере тургандыгына ишенет. Ошол абалда болгон адамды төмөндөкү мисал менен оңой түшүнүүгө болот: Бир адамга жалаа жабылып, сотко тартылса, ал өзүнө адвокат жалдайт. Үч нерседе адвокатка толук ишенсе, ал адамдын көңүлү тынч болот. Биринчиси, адвокаттын жалпы жагдайды, жабылган жалаа тууралуу бардык окуяны жакшы түшүнгөн болуусу. Экинчиси, билгендерин түшүндүрүп берүү үчүн чындыкты айтуудан тартынбоосу жана ачык сүйлөй билүүсү. Үчүнчүсү, адвокаттын ал адамга мээримдүүлүк кылып, анын укугун коргоого чын пейилден киришүүсү. Адвокатына ушундай чексиз ишенсе, өзү да адвокаттан бөлөк бул маселе менен алектенип убара болбойт. "Али Имран" сүрөсүндөгү: **"Аллаху таала бизге жетиштүү. Ал кандай жакшы камкорчу - өкүл",** - деген 173-аятты жакшы түшүнгөн адам: "Бардык нерсени Аллаху таала жасайт. Андан башка эч ким эч нерсе жасай албайт", - деп, Анын илиминде, кудуретинде кемчилик жоктугуна жана рахматынын чексиздигине ишенген адам чаралар менен себептерге таянбайт.

"Ырыскы бөлүнгөн, жазылган, убакты келгенде мага да жетип келет. Аллаху таала өзүнүн улуулугуна, ырайымдуулугуна жарашкан иштерди кылат", - деп эсептейт. Мындай ишенген адам көп экендигине карабастан, көпчүлүгүнүн ичинде кандайдыр бир убайым, коркунуч, үмүтсүздүк болот. Дагы да көп адамдар болот. Алар бир нерсеге ишенет. Бирок, табияттары ишенген ыйманына эмес, убайымдаган күмөнү жакка оолак болот. Дал убайымынын, күмөнүнүн туура эместигин, орунсуздугун билип туруп ошолорго баш ийет. Таваккул үчүн күчтүү ыйман жана күчтүү жүрөк керек. Ошондо гана жүрөгүндө эч кандай күмөн калбайт. Эгер ишеним менен өзүн өкүлүнө тапшыруу ишенимдүүлүгү толук болбосо таваккул да толук болбойт. Анткени, таваккул – жүрөктүн ар кандай иште Аллаху таалага өзүн толук тапшыруу жана күмөнсүз ишенүү болуп эсептелет.

Ибрахим алейхиссаламдын ыйманы, ишеними толук эле. Бирок, жүрөгүнүн тынычтануусу үчүн: **"Эй, Раббим! Өлгөндөрдү кантип тирилтесиң? Мага көрсөтчү", -** дейт. Бакара сүрөсүнүн 260-аятында билдирилгендей: **"Ишенген жоксуңбу?"** – деп

суралганда. Ибрахим пайгамбар: **“Ишендим. Бирок, жүрөгүм тынчтык тапсын”,** - деп айтат. Бирок, жүрөгүндө ыйманы, ишеними бар болчу. Ал жүрөгүнүн ыракат болуусун, тынчтык табуусун каалады. Анткени, жүрөктүн тынчтык табуусу алгач сезим менен кыялга баш ийет. Андан соң жүрөк да ошол якиинге (жакындоо) баш ийип, ачыктан-ачык көрүүгө муктаж болбойт.

## Ахли сүннөт ишеними (акыйдасы)

Имам Мухаммед Газали «рахметуллахи алейх» **“Кимйаи саадат”** китебинде мындай дейт: “Мусулман болгон адам эң алгач **Ла илаха иллаллах,** Мухаммадун расулуллах сөзүнүн маанисин билип, ишенүүсү керек. Бул сөз **калимаи таухид** деп аталат. Ар бир мусулмандын таухид калимасынын мааанисине күмөн келтирбей, бир гана ишенүүсү жетиштүү. Аларды аят-хадистер менен далилдөөсү жана акылга салуусу керек эмес. Расулуллах «саллаллаху алейхи васаллам» арабдарга далил менен билип, бул далилдерин айтууну, күмөндөрүн талкуулоолорун буйрук кылган жок. Бир гана ишенүүнү, шектенбөөнү буюрган. Ар бир адам ушундай ыйман келтирсе, бул жетиштүү. Ал эми, ар бир шаарда бир нече дин аалымынын болушу “Фарзы кифайа” болуп саналат. Алардын далилдерди билүүсү, шектерди жоюулары, суроолорго жооп берүүлөрү – важиб. Алар бир жагынан мусулмандарга ишеним (ыйман) илимин үйрөтөт. Экинчи жагынан дин душмандарынын жалааларына жооп беришет.

Калимаи таухиддин маанисин Курани карим билдирген. Расулуллах «саллаллаху алейхи васаллам» аларды түшүндүрүп берген. Сахабалардын бардыгы ошол түшүндүрмөлөрдү үйрөнүп, өзүнөн кийинки урпактарга билдиришкен. Сахабалардын билдиргендерин өзгөртпөстөн, ошол бойдон китептерине жазып, бизге жеткирген дин аалымдары **“ахли сүннөт”** деп аталат. Ар бир адамдын ахли сүннөт ишенимин үйрөнүүсү, ошол жолдо бардыгы биригүүсү керек. Түбөлүк бакыттын булагы ушул ишеним болуп саналат.

Калимаи таухиддин маанисин ахли сүннөт аалымдары мындай түшүндүрөт: “Адамдар жок болчу. Алар кийин жаратылган. Адамдардын бир жаратуучусу бар. Жаратылган нерселердин бардыгын Ал жаратты. Анын шериги, окшошу жок. Ал ар дайым бар эле. Бар болуусунун башталышы жок. Ар дайым бар. Бар болуусунун

соңу жок. Эч качан жок болбойт. Ар дайым да бар болууга да тийиш. Бар болуусунда эч нерсеге муктаж эмес. Ал эч кандай себепке муктаж эмес. Ага бардык нерсе муктаж. Ар бир нерсени бар кылган жана барлыкта кармап турган күч - Аллах. Ал материя эмес, дене да эмес. Бир жерде эмес. Түрү жок, өлчөнбөйт. Аны кандай деп сурооого болбойт. "Аллах" дегенде акылга, ойго, кыялга келген нерселердин бардыгы Ал эмес, алар жараткандары. Ал өзү жараткан нерселерге окшобойт. Акылга, ойго келген бардык нерсени Ал жараткан. Жогоруда да, төмөндө да эмес. Орду жок. Орунга муктаж эмес. Бардык жаратылган нерселер Арштын астында. Ал эми, Арш Анын кудуретинде. Ал Арштын үстүндө. Бирок, бул "Арш Аны көтөрүп турат" деген сөз эмес. Арш Анын кудурети менен бар. Ал эзелтеде кандай болсо, азыр да ошондой. Аршты жаратуудан мурда кандай болсо түбөлүккө ошондой болуп кала берет. Ал өзгөрбөйт, Анын **Субути сыпаттары** сегиз: **хаят, илим, сам, басар, кудурет, ирада, келам, таквин.** Бул сыпаттарында да эч кандай өзгөрүү болбойт. Өзгөрүүгө дуушар болуу алсыздык жана кемчилик болуп саналат. Аллаху таала кемчиликсиз. Жараткан бардык жандуу-жансыз нерселеринин эч бирине окшобосо дагы Анын дүйнөдө өзү билдирген даражада билүү жана Аны акыретте көрүү бар. Дүйнөдө кандай экенин белгисиз түрдө билингени сыяктуу, Акыретте да кандай боло турганы түшүнүксүз абалда көрүнөт".

Аллаху таала кулдарына пайгамбарларды жиберди. Ошол улуу адамдар аркылуу кулдарына бакыттын жолун көрсөттү. Пайгамбарлардын эң улуусу соңку пайгамбар – Мухаммед алейхиссалам. Ал жер жүзүндөгү бардык адамзат баласына пайгамбар катары жиберилген. Бардык адамдардын, периштелердин жана жиндердин пайгамбары. Дүйнөнүн бардык жериндеги адамдар ага моюн сунуусу керек.

Улуу аалым жана камил муршид Абдулхаким Арваси «рахметуллахи алейх» айтат: " Расулуллахтын үч түрдүү милдети бар эле:

Биринчиси - Курандын өкүмдөрүн жана фыкх өкүмдөрүн бүткүл адамзатка **"таблиг кылуу"** б.а., угузуу, билдирүү. "Ахками фикхийа" деп аталган фыкх өкүмдөрү – аткарылуусу буйрулган жана тыюу салынган нерселерден турат.

Экинчи милдети – Курани каримдин руханий өкүмдөрүн, б.а., Аллаху тааланын заты жана сыпаттарына таандык болгон жогору марифат – илимдерди үммөтү ичиндеги улууларынын жүрөгүнө салуу. Бул милдетти биринчи вааз кылуу милдети менен чаташтырбоо керек. Мазхабсыздар ушу экинчи милдетти кабылдашпайт. Ал эми, Абу Хурайранын «радыйаллаху анх» билдирген кабарында: “Расулуллахтан эки түрдүү илим үйрөндүм. Булардын бирин силерге айттым. Экинчисин айтсам мени өлтүрөсүңөр”, - дегендиги **“Бухари”, “Мишкат”** жана **“Хадика”** китептеринде жана **“Мактубати Раббани”** китебинин 267-катында жазылган.

Үчүнчү милдети – фыкх өкүмдөрүн вааз менен насаат аркылуу аткарбаган мусулмандарга күч менен аткартуу.

Расулуллахтан кийин төрт халифанын (Хазрети Абу Бакр, Омар, Осман, Али «радыйаллаху анхум» ар бири ушул үч милдетти толук орундашкан. Хазрети Хасандын «радыйаллаху анх» имамдыгы кезинде бөлүнүүлөр, бидаттар көбөйдү. Ислам үч тарапка жайылды. Расулуллахтын нуру жер бетинен алыстады. Сахабалар «радыйаллаху анхум» азайды. Бул үч милдетти бир адам аткара албай турган абалга келип калды. Ошондуктан, ошол үч милдет башка-башка үч топко бөлүндү. Илимде “Усул жана Фуру өкүмдөрү деп аталган ыйман жана фыкх өкүмдөрүн үйрөтүү милдети дин имамдарына, б.а., мужтахиддерге жүктөлдү. Алардан ыйманды үйрөтө тургандары **“Мутакаллимин”,** фыкыхты үйрөткөндөр **“Фукаха”** деп аталды. Экинчи милдет – каалаган мусулмандарга Курандын руханий жогорку өкүмдөрүн үйрөтүү милдети ахли бейттин он эки имамы жана тасаввуф (сопулук) жолундагы аалымдарга жүктөлдү. Улуу олуялар Жунайд Багдади менен Сырри Секати – алардын катарына кирет.

Үчүнчү милдет – диний өкүмдөрдү күч жана бийлик аркылуу орундатуу иши падышалар менен султандарга, б.а. өкмөт ээлерине жүктөлдү. Биринчи топтун бөлүмдөрү **“Мазхаб”**, экинчиси **“Тарикат”,** үчүнчүсү **“Мыйзам”** деп аталды. Ыйманды билдирген мазхабдар **“Итикадда мазхаб”** (б.а., ишенимдеги мазхаб) деп аталат. Итикад мазхабдарынын 73 топко бөлүнө тургандыгын, алардын бирөө гана туура, калгандарынын жаңылыш экенин Пайгамбарыбыз кабар берген эле. Ал дал ошондой болду. Туура жолдо экендиги кабар берилген топ **“Ахли сүннөт вал жамаат”** мазхабы деп аталат. Туура

эместиги айтылган 72 топ **“бидат топтор”** деп аталат. Булардын бардыгы мусулман болуп саналат. Ал эми, 72 бидат жолдун бирин карманган адам Куран жана хадистерде ачык билдирилген жана мусулмандар арасында жайылган илимдин бирине ишенбесе ыйманы кетет. Азыркы кезде ахли сүннөт мазхабынан чыгып, жолдон тайган же ыйманынан ажыраган, мусулман деп аталган адамдар көп кездешет.

Имам Мухаммед Биргивинин **“Тарикат-уль-Мухаммадиййа”** деп аталган китебинде жана ошол китептин шархы (түшүндүрмөсү) болгон **“Барика”** жана **“Хадика”** китептеринде мындай айтылган: “Имам Бухари жана Имам Муслим тарабынан билдирилген хадисте: **“Бир заман келет, менин үммөтүм Исраил уулдары** (б.а., яхудилер жана християндар) **сыяктуу болушат. Бир жуп бут кийим сыяктуу аларга окшош болушат. Алардын бири өз энеси менен зина кылса, үммөтүмдөн да ошол сыяктуу иштерди жасагандар кездешет. Исраил уулдары 72 топко бөлүндү. Менин үммөтүм 73 топко бөлүнөт. Алардын 72си жаңылыш ишенимдерине байланыштуу Тозокко барат. Бирөө гана Тозокко барбайт. Ал – менин жана сахабаларымдын жолун кармангандар”,** - деп айтылган. Исраил уулдарынын Муса алейхиссаламдан кийин 71, Иса алейхиссаламдан кийин 72 топко бөлүнгөндүгү тууралуу **“Милал ва Нихал”** жана **“Барика”** китептеринде жазылган. Ишенимдерине байланыштуу Тозоктон кутула турган жалгыз топ **“Ахли суннат вал жамаат”** деп аталат. 72 топтун ар бири өзүнүн ахли сүннөт экендигин айтып кубанууда. Бейишке бара тургандыгына ишенүүдө. Ал эми, карманган жолун туура деп ойлоо, айтуу адамдын туура жолдо экенин көрсөтпөйт. Чыныгы туура жолдо болуу сөздөр менен иштердин аяттарга жана сахих хадистерге ылайык болуусу менен түшүнүлөт.

Ахли сүннөт мазхабы **Матуруди** жана **Ашари** болуп эки бөлөк ысым менен аталса да, экөөнүн негизи бир болгондуктан жана бири-бирине каршы келбегендиктен бир деп эсептелет. Ахли сүннөт тобу ибадатта жана башка иштерде төрт мазхабга бөлүнөт. Төртөөнүн имамдары бирдей болгондуктан бардыгы бир жол. Алар аяттар жана хадиси шарифтерде ачык билдирилбеген өкүмдөр маселесинде бири-биринен бөлүнгөн. Төртөө да бул өкүмдөрдү түшүнүү үчүн ижтихад[4] кылган, күч жумшаган. Аны ар бири ар

4 Ислам укугунда “ижтихад” – аяттар менен хадиси шарифтерден маанилери ачыкча билдирил-

кандай түшүнгөн. Бул мазхабдардын Курани карим менен хадиси шарифтерде ачык айкын билдирилген өкүмдөрдө бири-биринен айырмачылыгы жок. Маанилери ачык түрдө билдирилген аяттар жана хадистерде ижтихад кылынбайт. Ыйманга байланыштуу өкүмдөр арасында ачык билдирилбеген маселелерде ижтихид кылам деп жаңылган адам кечирилбейт. Ушундай жаңылган, ишеними бузулган 72 топ **“бидат ээси”** деп аталат. Бирок, алар “ыймансыз” деп аталбайт. Ислам done дининде ачык айкын билдирилген өкүмдөрдүн бирине ишенбөө - адамдын ыйманын кетирет. Ал адамдын ыйманы кетет. Жаңылыш өкүм чыгарып, ыймандан айрылгандар **“мулхид”** деп аталат. Адашкан жетимиш эки топтун ичиндеги Батини, Мужассима, Мушаббиха жана Ваххабилердин бир бөлүгүнүн жана Ибахи тобунун мулхид экендиги **“Радд-ул-мухтар”** жана **“Нимат-и Ислам”** китептеринде жазылган.

Жогорудагы хадисте айтылгандай, адамдар ыймандуу жана ыймансыз болуп экиге бөлүнөт. Ыймандуу болгон мусулмандар дагы хак жолдогу ахли сүннөт мазхабынан жана адашкан бидат жолдордон турат. Булардан ахли сүннөт мазхабында болбогондордун, б.а., мазхабсыз адамдардын адашкан жана ыйманынан айрылган адам экени маалым болот.

Ар бир мусулмандын ыйман келтирүүгө тийиш болгон нерселерди ахли сүннөт аалымдары кандай билдирген болсо, ушундай үйрөнүп, анын негизинде ишенүүсү, б.а., ыйман келтирүүсү шарт. Жогоруда билдирилгендерге кыскача ыйман келтирген адам момун, ыймандуу болот. Бир гана ыймандуулуктун себептерин үйрөнбөгөндүгү, издебегендиги күнөө болот. Ыйманга байланыштуу өкүмдөрдү себептери менен үйрөнүү буюрулган. Аткарылуусу жана колдонулбоосу тийиш болгон өкүмдөрдүн далилдерин, себептерин изилдөө буйрук кылынган жок. Б.а., амалдарга байланыштуу өкүмдөрдүн себептерин билбөө күнөө эмес.

Чоң күнөө кылган адамдын ыйманы кетпейт. Харам нерсеге адал десе, ыйманы кетет. Күнөөлөр чоң жана кичине болуп экиге бөлүнөт. Чоң күнөөлөрдүн башында бул жети күнөө турат: 1. Бир нерсени Аллахка шерик кылуу (ширк). Ширк – куфурдун эң жаманы. 2. Бир адамды же өзүн-өзү өлтүрүү. 3. Сыйкыр кылуу. 4. Жетимдин мал-

бегендерин ачык билдирилген башка диний өкүмдөр менен салыштыруу аркылуу жана өкүмдөр чыкарууга аракет кылуу, күч жумшоо болуп саналат.

мүлкүн жесе. 5. Пайыз алып берүү 6. Согушта душмандан качуу. 7. Таза аялдарга намыссыз деп жалаа жабуу.

Каалаган бир күнөө чоң күнөөлөр катарында болуп калуусу да ыктымал. Ошол себептен улам, алардын баарынан узак туруу керек. Кичине күнөөнү дайым кыла берсе чоң күнөө болот. Чоң күнөө тообо кылган кезде кечирилет. Адам тообо кылбай кайтыш болсо, Аллаху таала кааласа шапаат аркылуу же шапаатсыз да кечирет. Кечирилбесе адам Тозокко кетет.

“Зуннар” деп аталган поптордун белге байлаган жипти, крест жана ошого окшогон куфурлук белгилерин колдонуу, буттарга урмат көрсөтүү, дин китептерине урматсыздык кылуу, дин аалымдарын мазактоо, куфурга себеп болгон бир сөз айтуу, кыскасы, Ислам дини боюнча урмат көрсөтүү керек болгон нерселерди кордоо, тескерисинче урматтоого тыюу салынган нерселерди урматтоо куфур болуп саналат. Булардын баары Ислам динине ишенбөөнүн, ага болгон каршылыктын белгилери болуп саналат.

Аллаху таала тообо кылган адамдарды жакшы көрөт. Аларды кечирет. Анан ал кайра ошол күнөөнү кылса, тообосу бузулбайт. Экинчи жолу тообо кылуусу керек болот. Тообо кылган адам бир күнөөсү эсине түшкөндө, ошол күнөөнү кылгандыгына кубанса кайрадан тообо кылышы керек. Акысы калган адамдардын акысын берүү, ушактаган адамынан кечирим суроо, анын ыраазычылыгын алуу, кылбаган фарздарынын казасын орундоо – фарз. Булар тообонун шарттары болуп саналат. Бир тыйынды өз ээсине кайтаруу миң жыл нафил ибадат кылгандан жана жетимиш нафил ажылыктан артык. Күнөө кылгандан кийин: “Бул күнөөнү кайра жасап койсом биринчи тообом бузулат”, - деген ой менен тообо кылууну кечиктирүү туура эмес. Бул шайтандын васвасасы жана жахилдик (сабатсыздык) болот. Ар бир күнөөнү кылгандан кийин дароо тообо кылуу керек. Тообону бир саат кечиктирүү күнөөнү эки эсеге көбөйтөт. Мындан белгилүү болуп жаткандай казага калган намаздардын күнөөсү ар бир намаз маалы өткөн сайын эки эсеге көбөйө берет.

“Тообо кылдым”, - дегени менен тообо кылынды деп эсептелбей. Тообонун кабыл болуусу үчүн үч шартты орундоо керек: 1. Дароо күнөө ишти токтотуу. 2. Күнөө кылганына Аллахтан коркуп, уялуу жана өкүнүү. 3. Бул күнөөнү кайра кылбайм деп чын көңүлдөн сөз берүү. Аллаху таала шарттарына ылайык кылынган тообону кабыл

кыла тургандыгына сөз берген. (Кул акысы бар күнөөнүн тообосу үчүн акысы бар адамдын кечирүүсү керек).

Мүнөз өзгөрөт. Жакшы мүнөздүү болууга аракет кылуу керек.

Адамдын акыретте ыймандуу болуп-болбой тургандыгы анын акыркы деминде белгилүү болот. Алтымыш жыл ыйман келтирбеген адам өлүмүнөн аз убакыт мурда мусулман болсо, акыретте момун (ыймандуу) болуп тирилет. Пайгамбардан жана Бейишке бара тургандыгы билдирилген адамдардан башка эч кимди Бейиштик деп айтууга болбойт. Анткени, жан чыгаарда жагдайдын кандай боло тургандыгы белгисиз. Ыймандуу киши кайтыш болгондон кийин артында кайрымдуу иштери калган болсо, пайдалуу китептери калса, балдары жакшы болуп ага дуба окушса, ал кишиге сооп жазылат. Адам өлгөндөн кийин анын жакшылык (сооп) жана жамандык (күнөө) дептери жабылбайт. Асхабы кирамдан Саад бин Убада «радыйаллаху анх»: “Эй, Расулуллах! Энем кайтыш болду. Ага кандай жакшылык кыла аламын?” - деп сураганда, Пайгамбарыбыз: **“Адамдарга суу садага кылуу, таратуу жакшы болот”,** - деп айткан. Дуба кылып, сооп багыштаган кезде момундардын баарынын рухтарына (арбактарына) багыштоо керек. Ал баарына жетип барат. Дуба – кырсык жана жамандыктардан сактайт. Садага берүү – Аллаху тааланын азабын жумшартат. Ооруп жаткан адамдын ажалы жетпеген болсо даба таап бутуна туруусуна себеп болот. Аллаху таала дуба кылбагандарды жактырбайт.

Ар бир мусулмандын **ишеним (итикад)** жана амалдагы өз мазхабын үйрөнүүсү важиб. Мазхаб – жол деген сөз. Курани каримде жана хадистердеги жабык маанилүү маалыматтарды мужтахид аалымдар ижтихад кылуу аркылуу чыгарат. Ишенимдеги мазхабыбыз – **ахли сүннөт вал жамаат** мазхабы. Бул – Расулуллахтын сахабаларынын жана жамаатынын ишеними жана ыйманы дегенди билдирет. Сахабалардын бардыгы мужтахид. Алар Ислам дининин нуру. Мусулмандардын имамдары – алардын жол башчылары жана кармана турган далилдери. Алардын жолунан тайгандар Тозокко барат. Ахли сүннөт тобунун эки имамы бар:

**1. Абу Мансур Матуруди** «рахметуллахи таала алейх». Ал Имам Азам Абу Ханифанын «рахметуллахи таала алейх» мазхабында жетилген улуу аалым. Ханафи аалымдары итикадда, б.а., ишенимде анын мазхабында, жолунда.

**2. Абул Хасан Ашари** «рахметуллахи таала алейх» – Шафии мазхабындагы аалымдардын улуусу. Бул эки мазхаб арасында өтө аз айырмачылык бар.

Азыркы учурда ижтихад аркылуу шариат өкүмүн чыгара ала тургандай жогорку илимдүү мужтахид аалым жок. Ошол себептен ар бир мусулман белгилүү төрт мазхабдын бирин **"Илмихал"** китебин окуп үйрөнүп, ыйманын жана бардык иштерин ага ылайык орундоого тийиш. Ошентип бир мазхабды карманган болуп эсептелет. Төрт мазхабдын эч бирин карманбаган адам ахли сүннөт боло албайт. Мазхабсыз болот. Мазхабсыз адам же 72 адашкан топтун бирине түшөт же болбосо ыйманынан да ажырап куфурга түшөт.

## Мусулмандар ахли сүннөт ишениминде болууга тийиш

Мусулман болуунун алгачкы шарты – ыйман келтирүү. Бул "туура ыйман" – **"ахли сүннөт аалымдары**нын китептеринде билдирилгендей ишенүү" дегенди билдирет. **Ахли сүннөт ишеними**нде болуу үчүн төмөндөгүлөргө туура ишенүү керек:

1. Ыймандын алты шартына ишенүү кажет.

2. Ыйман көбөйбөйт жана кемибейт. Ыйманда аздык, көптүк болбойт. Бир гана кубаты артып же азайуусу мүмкүн.

3. Чоң күнөө кылган адамдын ыйманы кетпейт.

4. Кайыпка ишенүү керек.

5. Ыйман маселесинде кыяс (салыштыруу) болбойт.

6. Аллаху таала Бейиште көрүнөт.

7. Таваккул – ыймандын негизи.

8. Амалдар, ибадаттар ыймандын бөлүгү эмес.

9. Тагдырга ишенүү – ыймандын шарты.

10. Амалда, ибадат кылууда бир мазхабды кармануу керек.

11. Сахабалардын баарын жана Пайгамбардын ахли бейтин жакшы көрүү, урматтоо кажет.

12. Төрт халифанын даражасы халифалык ирети боюнча.

13. Намаз, орозо, садака сыяктуу напил ибадаттардын сообун башкаларга багыштоого болот.

14. Мираж – рух жана дене аркылуу жүзөгө ашкан.

15. Олуялардын кереметтери – бул акыйкат.

16. Шапаат кылуу – акыйкат нерсе. Пайгамбарлар, олуялар, шейиттер шапаат кылат.

17. Маасыга масх тартууга болот.

18. Кабырда сурак суралат.

19. Кабыр азабы рух менен денеге бирдей болот.

20. Адамдарды да, алардын арекеттерин да Аллаху таала жаратат. Адамда ирадаи жузийа (тандоо эркиндиги) бар.

21. Ырыскы, насип адамга халал жолдон да, харам жолдон да келет.

22.Олуялардын рухтары менен тавассул кылынат. Алардын урматына деп дуба кылынат.

## Ыймандуу адамды кийин ыймансыздыкка алып бара турчу нерселер

1. Бидат ээси болуу, б.а., туура эмес акыйдада болуу. (Ахли сүннөт аалымдары билдирген акыйдадан кичине болсо да айрылган адам бидатчы болот же ыйманынан ажырайт.) Ыйман келтирүү милдеттүү болгон нерселердин бирөөнө ишенбесе ыймансыз болот. Ыйман келтирүү милдеттүү болбогон нерселердин бирин моюндабоо бидат, же болбосо адашуу болот. Бул болсо акыркы демде ыймансыз кетүүгө себеп болот.
2. Алсыз (күмөндүү) болгон ыйман.
3. Тогуз мүчөсүн туура жолдон чыгаруу.
4. Чоң күнөө кылууну улантуу. Ошондуктан, спирттик ичимдик ичпеш керек. Мусулман кыздар менен аялдардын башын-чачын, балтыр, билектерин бөтөн эркек адамдарга көрсөтпөө керек.
5. Ислам ниматына шүгүрчүлүк кылбоо.
6. Акыретке ыймансыз баруудан коркпоо.
7. Орунсуз зулумдук кылуу.
8. Сүннөткө ылайык окулган азанды тыңдабоо. Мындай азанды урматтабаса дароо ыйманы кетет.
9. Ата-энеге каршылык көрсөтүү, алардын Исламга каршы болбогон буйруктарын орундабоо.
10. Туура болсо да көп ант ичүү.
11. Намазда тадили эрканды[5] сактабоо.

5 Түш.: намазда руку, сажда, кавма (рукудан кийин тик туруу) жана желседе (эки сажданын ор-

12. Намазды үйрөнүүгө жана бала-чакасына үйрөтүүгө маани бербөө, намаз окугандарга тоскоол болуу.
13. Арак-шарак жана мас кыла турган кандай ичимдик болбосун аз болсо да ичүү.
14. Мусулмандарга кысым көрсөтүү.
15. Жалган жерге олуялык, молдолук кылып, оюна келгенин дин деп сүйлөй берүү. (Ошондой ойдон жазылган китептерди окубаш керек)
16. Күнөөсүн унутуп, аны кичине деп эсептөө.
17. Бой көтөрүү, өзүн жакшы көрүү.
18. Ужуб, б.а., илимим жана кылып жаткан амалым жетиштүү деп айтуу.
19. Мунафыктык, б.а., эки жүздүү болуу.
20. Ичи тардык, дин бир тууганына келген жакшылыктарды көрө албастык.
21. Өкмөтүнүн же устазынын Исламга каршы келбеген өкүмүн аткарбоо.
22. Кимдир бирөөнү байкап, билбей туруп жакшы деп айтуу.
23. Калп сүйлөөнү улантуу.
24. Ислам аалымдарынан качуу. Ахли сүннөт аалымдарынын китептерин окубоо.
25. Мурутун сүннөт ченеминен узун узатуу.
26. Эркектердин жибектен кийим кийүүсү.
27. Ушак айтууну улантуу.
28. Мусулман болбосо да кошунасына кыйынчылык тарттыруу.
29. Мал, дүйнө үчүн ачуулануу.
30. Пайыз алып, берүү.
31. Мактануу максатында көйнөгүнүн колдорун жана этегин чегинен көп узартуу.
32. Сыйкыр кылуу, төлгө салуу.
33. Мусулман жана салих махрам[6] болгон тууганды зыярат кылбоо.

тосунда отуруу) бардык дене мүчө кыймылсыз абалда белгилүү бир убакыт күтүү.
6 Дин боюнча үйлөнүп нике кыйылуусу арам болгон, тыюу салынган адам.

34. Аллаху таала сүйгөн адамды жактырбоо. Исламды бузууну каалагандарды жакшы көрүү. (ХУББ-И ФИЛЛАХ, БУГД-И ФИЛЛАХ ыймандын шарты.)
35. Момун дин бир тууганына үч күндөн ашык кек сактоо.
36. Зина кылууну улантуу.
37. Ливата кылып, тообо кылбоо.
38. Азанды фыкх китептеринде билдирилген маалда жана сүннөткө ылайык окубоо жана сүннөткө ылайык айтылган азанды уккан кезде ага урмат кылбоо.
39 Харам иш кылган адамды көрүп туруп күчү жетсе да жылуу сөз менен андан кайтарбоо.
40. Аялынын, кызынын жана насыят берүүгө укугу бар аялдардын башы, колдору, буттары ачык, кооздонуп, жыпар жыт сүрүнүп көчөгө чыгуусуна жана жаман адамдар менен жолугуусуна ыраазы болуу, уруксат берүү.

## Ыйманды жаңыртуу

**Ыйман** – Мухаммед алейхиссаламдын Аллаху тааладан алып келгендиги бир добуштан билдирилген нерселердин баарын жүрөктүн тастыктоосу, б.а., ишенүүсү дегенди билдирет. Аллаху тааланы бар жана бир экендигине, кайрадан тирилүү, намаз окуунун, Рамазан айында орозо кармоо фарз экендигине, спирт ичимдиктерин ичүү, аялдардын башы, чачы, буттарын чоочун эркектердин жанында ачып жүрүүнүн харам экендигине ишенүүнү билдирет. Ишенгенин айткан адам **“момун”,** б.а., **“мусулман”** деп аталат. Бутка сыйынуу, Курани каримди жаман жерге таштоо, куфур болгон нерсени кылуу ыйманды жоготууга алып барат. Даараты жок экенин билип туруп намаз окуу, сүннөт болгон нерсени жактырбоо да – куфур. Аят менен хадистерде ачык айкын билдирилбеген, ачык айкын билдирилсе да ижма (сөз бирдиги, бир добуштан макулдук) аркылуу билдирилбеген нерсени кабыл кылбоо куфур болбойт. Харам экендиги анык билдирилген нерсени адал деп айтуу – куфур. Шарап ичүү, чочко этин жеш да ушул сыяктуу. Негизинде адал болгон, бирок, бир себеп менен харам болгон нерсени адал деген адам ыйманын жоготпойт. Башкасынын мал-мүлкүн алуу да ошол сыяктуу. Бир мусулмандын бир сөзү же аракети бир канча жактан

куфурга жана башка жактан да ыймандуулукка ишара кылса, анын бул сөзү **“Тавил”** кылынат. Б.а., ыймандуу экендигин билдирген маанисине таянып ыйманы жок дебей, тескерисинче, мусулман экендигине өкүм берилет. Ал эми, өзү ошол ыймандуу экенин көрсөтө турган мааниде айтпаганын мойнуна ала турган болсо гана мусулман эмес экендиги белгилүү болот. Ушуну менен катар айтылган сөздүн куфурга себеп болуусу же болбоосуна аалымдар эки түрдүү өкүм билдирген болсо, ошол сөздү айткан адам мусулман эмес деп эсептелбейт.

Мусулман эркек менен аялдын бири муртад болсо, б.а., динден чыкса, никелери бузулат. Андан кийинки балдары никесиз туулган бала болуп эсептелет (б.а., велед-и зина болот). Эркек тообо кылса, никелерин жаңыртуулары зарыл. Бирок, аялды никеге турууга мажбурлоого болбойт. Эгер аял динден чыга турган болсо, тообо кылууга жана кийин никесин жаңыртууга мажбурланат. Талак кылынбагандыктан хулла[7] керек болбойт. Аалымдардын ижма менен (бир добуштан) билдирбеген бир өкүмдү кабылдабай, кийин тообо кылган адамдын ар ыктымалга каршы никесин жаңыртып алуусу туура болот. Муртад болгон кезде адамдын мүлкү анын ээлигинен чыгат. Бардыгы колунан алынат. Тообо кылса, кайра кайтарылып берилет. Кайтыш болсо, же Франция, Италия сыяктуу мусулман эмес мамлекеттерге кете турган болсо, мусулман мурасчыларына берилет. Мусулман болуп, ислам өлкөсүнө кайтып келсе мурасчыларына берилген мүлктүн калганы өзүнө кайтарылат. Муртаддын эч кандай ибадаты кабыл болбойт. Эч кандай аял менен никеси кабыл кылынбайт. Сойгон, уулап алган жаныбарларын жегенге болбойт. Күбөлүгү эч бир жерде өтпөйт. Эч кимге мурасчы боло албайт.

Кээ бирөөлөр айтат: Адам намазын окуп, бардык ибадаттарды, бардык жакшылыктарды жасаса да, бир сөз айтуу менен кааапыр болуп калабы?” Кадизада Ахмед **“Биргиви шархи”** китебинде: “Мусулман эмес бирөө бир таухид калимасын айтуу аркылуу мусулман болгону сыяктуу эле бир мусулман да бир сөз айтуу

7 Хулла – киши аялынан үч талак менен ажырашса, б.а. башка-башка үч убакытта бир жолудан “талак кылдым” (ажыраштым, бошсуң) деп айтса, же бир убакытта “үч талаксын” (үч жолу бошсуң) деп ажырашса, аялы менен болгон никеси толук бойдон бузулат. Баягы кишинин ажырашкан аялы менен жаңыдан никеге туруусу үчүн хулла кажет. Хулла – аялдын башка эркекке күйөөгө чыгып, той кылып, бирге болуп, кийин ошол күйөөсү андан талак кылып ажырашуусу натыйжасында идда (ажырашкан аялдын экинчи никеге туруусу харам болгон, Ханафиде алгачкы таза күндөрүнүн башынан үчүнчү этек киринин соңуна чейинки) убакытын күтүү дегенди билдирет.

менен ыйманынан ажырайт. Аял менен эркек адамдын бири куфур аркылуу муртад болсо, никелери бузулат. Бул талак эмес. Ошол себептен ыйманы жана никесин эч кандай хулласыз эле үчтөн көп жолу жаңылап алса болот”. Бир тараптын гана никени жаңыртуусу жетишсиз. Эркек менен аялдын эки күбөнүн алдында никесин жаңыртуусу керек. Шафии мазхабында идда (ажырашкан аялдын экинчи никеге туруусу харам болгон белгилүү бир мезгил) убактысы ичинде тообо кылса, никесин жаңыртуусу керек эмес. Ханафи мазхабында болгон кишинин, керектүү жагдайда никесин оңой жаңыртуусу үчүн, аялынан өкүлдүк алып, эки күбөнүн жанында: “**Мурдатан эле никемде болгон аялымды анын өкүлү катары жана мен жактан асыл катары өз никеме алдым”,** - деп айтуусу керек. Мечитте жамаат көп жыйналган намаздын дубасынан кийин имам таждиди ыйман жана нике жаңыртууну жамаат менен бирге окуса, жамаат бири-бирине күбө кылган болуп, никелери да жаңыртылат. Жан чыгаар кезде мусулмандын тообосу кабыл кылынат. Бирок, ыйманы жоктордун ыйман келтирүүсү кабыл кылынбайт. Ар бир мусулман күн сайын ыймансыздыктан сактануу үчүн төмөндөгү ыйман дубасын окууга тийиш: **“Аллахумма инни аъузу бика мин ан ушрика бика шайан ва ана аламу ва астагфирука лима ла аламу иннака анта алламул гуйуб”.** Таңкы дуба түн ортосунан баштап, кечки дуба түш кайткандан баштап окулат. Кишинин муртад экендигин моюндабоосу тообо кылгандыгын билдирет.

**“Барика”** жана **“Хадика”** китептеринде “тил апааттары” бөлүмүндө жана **“Мажма-ул-анхур”** китебинде мындай деп айтылган: “Эркек же аял мусулман аалымдардын бир добуштан куфурга себеп боло тургандыгы билдирилген сөз же аракеттердин бирин ыймандын кетүүсүнө себеп болуусун билип туруп, мажбурлоосуз, өз каалоосу менен чындыкта же күлдүрүү үчүн айтса, же жасаса, маанисин түшүнбөсө да, **муртад** болот. Б.а., ыйманы кетет. Бул **“куфри инади”** (билип туруп капыр болуу) деп аталат. Мындай адамдын мурда кылган ибадаттарынын сообу жок болот. Тообо кылса да, кайра келбейт. Бай болсо, кайрадан ажылыкка барууга тийиш. Муртад кезинде окуган намаздарын, кармаган орозосун, берген зекетинин казаларын ыйманга келген кезде орундабайт. Муртад болуудан мурда кылбагандарын каза кылат. Анткени, муртад болгондо мурунку күнөөлөрү жоюлбайт. Муртад кезиндеги кылбагандарын да

каза кылбайт. Куфри инади менен муртад болгондордун никеси да бузулат. Кайрадан ыйман келтиргенден кийин эки күбөнүн алдында **“таждиди никах”** кылуусу (нике жаңыртуусу) керек. Хулла керек эмес. Тообо кылуу үчүн бир гана таухид калимасын (Лаа илааха иллаллах Мухаммадун Расулуллах) айтуу жетишсиз. Куфурга себеп болгон ишине, сөзүнө да тообо кылууга тийиш. Эгер куфурга себеп болгонун билбей айткан, кылган болсо же куфурга себеп болот-болбойт деп аалымдар эки түрдүү билдирген сөз жана ишти өз эрки менен айтса-кылса, ыйманынын кетүүсү жана никесинин бузулуусу күмөндүү болуп саналат. Бул жагдайдан сактануу үчүн ыйман менен никесин жаңыртуу жакшы болот. Билбей айтуу “куфр-и жахли” деп аталат. Анткени, **ар бир мусулмандын билүүгө тийиш нерселерди үйрөнүүсү фарз**. Билбегендик шылтоо эмес, чоң күнөө болот. Куфурга себеп боло турган сөздү жаңылып, адашып, же башка маанидe айткан адамдын ыйманы менен никеси бузулбайт. Ошондой болсо дагы тообо-истигфар окуп, ыйманын жаңылап туруусу жакшы болот. Никесин жаңылоосу шарт эмес”.

Мечитке барып жүргөн мусулмандын куфри инади менен муртад болуусу мүмкүн эмес. Себеби, мусулман ар дайым илим издеген, билбегенин сурап үйрөнгөн адам. Башка төрт түрдүү куфурга түшүп калуу ыктымалы бар болгондуктан имамдар мечитте жамаатка: **“Аллахумма инни уриду ан ужаддидал имана ва никаха таждидан би кавли лаа илааха иллаллах Мухаммадан расулуллах”,** - деп окутуп, тообо жана ыйман менен никени жаңылаттырат. Ушуну менен: **“Лаа илааха иллаллах деп ыйманды жаңылагыла!”** - деген хадистин буйругу орундалган болот.

## Ыйман дубасы

Хадис аалымдарынан Мухаммед Тирмизи айтат: “Кимде-ким таң намазынын сүннөтү менен фарзы арасында бул дубаны ичинен окуса ыйман менен кайтыш болот: **Йа хаййу йа каййуму зал жалали вал икрам. Аллахумма инни ас алука ан тухйийа калби би нури марифатика абадан йа Аллах, йа Аллах, йа Аллах жалла жалалух”.**

Расулуллах (алейхиссалам) айтат: “Эй, үммөттөрүм жана сахабаларым, таңда туруп мына бул дубаны окугула: Субханаллахи

ва бихамдихи субханаллахил азим". Бул дуба ошол күндөгү күнөөлөргө каффарат (күнөөлөрдүн кечирилүүсүнө себеп) болот.

Дагы бир хадиси шарифте: **"Кимде-ким бул дубаны күнүнө он жолу окуса, Аллаху таала ал адамга кырк миң сооп жазат: "Ашхаду ан лаа илааха иллаллаху вахдаху лаа шарика лаху илахан вахидан самадан лам йаттахиз сахибатан ва ла валадан валам йакун лаху куфуван ахад",** - деп билдирилген.

Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам айтат: **"Катышкан сухбатыңардан чыгаарда мына бул дубаны окугула: <u>Субханака аллахумма ва бихамдика, ашхаду ан ла илаха илла анта вахдака ла шарика лака ва астагфирука ва атубу илайка.</u> Ошол сухбаттагы күнөөлөр кечирилет".**

Жүрөктү өлтүрбөө (сезимсиз, таш жүрөк кылбоо) үчүн мына бул дубаны оку! Бул дубаны Расулуллах осуят кылган: "Йа хаййу, йа каййум йа бадиассамавати вал арди йа зал жалали вал икрам, йа ла илаха илла анта ас алука ан тухйийа калби би нури марифатика йа Аллаху йа Аллаху йа Аллаху жалла жалалух".

Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам кайтыш болоор кезинде бул дубаны окуган: **"Субханаллахи ва бихамдихи астагфируллаха ва атубу илайх".**

## Таждиди ыйман дубасы

Эй, Раббим! Балагат жашыман азыркыга чейин Ислам душмандарына жана бидат ээлерине алданып, жуктурган бузук ишенимиме жана бидат, күнөө эсептелген сөздөрүмө, тыңдагандарыма, көргөндөрүмө, кылгандарыма өкүнөмүн. Эми мындай бузук нерселерге ишенбөөгө жана кылбоого бел байладым. Пайгамбарлардын алгачкысы – Адам алейхиссалам, акыркысы – биздин сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам. Ошол эки пайгамбарга жана экөөнүн арасында келген бардык пайгамбарлардын баарына жана билдиргендерине ыйман кылдым. Алардын бардыгы хак жана айткандарынын баары туура.

Аманту биллах ва бима жаа мин индиллах, ала мурадиллах, ва аманту би Расулиллах ва бима жаа мин инди Расулиллах ала муради Расулиллах.

Аманту биллахи ва малаикатихи ва кутубихи ва русулихи вал йавмил ахири ва бил кадари хайрихи ва шаррихи миналлахи таала вал басу бадал мавти хаккун ашхаду ан ла илаха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулух.

## Жан чыгарда ыймансыз кетүүгө себеп боло турган нерселер

1. Аллаху тааланын буйрук жана тыюуларын үйрөнбөө.
2 Ыйманды Ахли сүннөт ишенимине жараша оңдобоо.
3. Дүйнө, мал-мүлк, атак-даңкка берилүү.
4. Адамдарга, жаныбарларга, өзүнө зулумдук кылуу.
5. Аллаху таалага шүгүр кылбоо жана жакшылыктын келүүсүнө себеп болгондорго рахмат айтпоо.
6. Ыймансыз болуудан коркпоо.
7. Беш убакыт намазды маалында окубоо.
8. Пайыз алышып-беришүү.
9. Динин карманган мусулмандарды кемсинтүү. Аларга жаман сөздөрдү айтуу.
10. Уят сөздөрдү сүйлөө, уят жазууларды жазуу жана сүрөттөрдү тартуу.

## Тасаввуф, олуя жана керемет

Исламда вилайат (олуялык) жана тасаввуф илими бар. Адамда сырткы (захири) кемелдиктер (жетилгендик), жетилүү жагдайлары бар болгону сыяктуу, ички (батыни), жүрөккө таандык артыкчылыктар да болот. Сыркы артыкчылыктар ахли сүннөт аалымдарынын Курани карим менен хадистерден түшүнүп чыгарган өкүмдөрүнө ылайык ишенүү жана фарздарды, важибдерди, сүннөттөрдү, мустахабдарды орундоо жана харам, макрух, шектүү, бидат нерселерден сактануу дегенди билдирет. Батыни б.а., жүрөккө таандык артыкчылыктар адам жүрөгүнүн, рухунун бийик даражаларга көтөрүлүүсү болуп саналат.

**Бухари** жана **Муслим**дин хадис китептеринде билдирилген бир хадисте: Хазрети Омар «радыйаллаху анх» айтат: “Бир күнү

Расулуллахтын жанында отурган элек. Биз таанybаган бир адам келди да: “Ислам деген эмне?” - деп сурады. Расулуллах: **“Калима-и шахадат айтуу, күнүнө беш маал намаз окуу, Рамазан айында орозо кармоо, зекет берүү жана алы жетсе, ажылыкка баруу”, -** деп айтты. Ал киши: **“Туура айттың”,** - деди. Өзү сурап, өзү туура дегенине таң калдык. Анан: **“Ыйман деген эмне?”** - деп сурады. Расулуллах: **“Ыйман – Аллахка, периштелерге, китептерге, пайгамбарларга, кыямат күнүнө жана тагдырга ишенүү”,** - деп жооп берди. Ал дагы: **“Туура айтасың”**, - деди. Анан: **“Ихсан деген эмне?”** - деп сурады. Расулуллах: **“Аллаху таалага Аны көрүп тургандай кулчулук кылуу. Сен Аны көрбөсөң да, Ал сени ар дайым көрүп турат”,** - деп айтты. Андан кийин: “Кыямат күнү качан болот?” - деп сурады. **“Ал тууралуу сенден артык билбейм”,** - деп жооп берди Расулуллах. Андан кийин жанагы адам: **“Кыяматтын белгилери кандай?”, -** деп сурады. Пайгамбарыбыз кыяматтын белгилерин бирден санап айтып берди. Анан бизге карап: **“Буларды сурап кеткен адам Жабраил алейхиссалам эле. Ал силерге диниңерди үйрөтүү үчүн келди”,** - деп айтты. Бул хадис **“Хадиси Жибрил”** деген ат менен таанымал болду.

Бул хадиси Жибрилден ыйман менен ибадаттан башка да бир **“ихсан”** деп аталган даража, кемелдик бар экендиги түшүнүлөт. Биз бул үстөмдүктү **“Вилайат”** же **“олуялык”** деп атайбыз. Олуя Аллаху тааланын махабатына, сүйүүсүнө бөлөнгөн кезде анын жүрөгүндөгү дүнүйөлүк нерселерге деген байланыш жана куштардык жоголот. Бул абал **“фана-и калб”** (жүрөктө дүнүйөлүк нерселердин жок болуусу) деп аталат. Адамды Аллахтын махабаты каптаган бул жагдай – Аллаху тааланы көрүү деген сөз эмес. Аллаху таала бул дүйнөдө көрүнбөйт. Ал эми, олуя Аллаху тааланы көргөн сыяктуу жагдайды башынан өткөрөт. Бул жагдайга каалоо аркылуу кол жеткизүүгө болбойт. Мына, Расулуллах: **“Аллаху тааланы көрүп тургандай ибадат кылуу”**, - деп ошол жагдай тууралуу айтат.

Бир хадиси шарифте: **“Адамда бир бөлүк эт бар. Ал салих, таза болсо, бүткүл дене салих, таза болот. Ал фасид, жаман болсо, бүткүл дене жаман болот. Бул бир бөлүк эт – жүрөк!”** - деп билдирилген. Дененин таза, салих болуусу үчүн жүрөктүн таза болуусун сопулар “фана-и калб” деп атайт. Жүрөк Аллаху таалага деген сүйүүдө фани болот, б.а., өзүн жоготот. Аллахтын сүйгөндөрүн

жүрөк да сүйөт. Бул жүрөк кошунасы болгон напсине да таасирин тийгизет. Напси дагы жамандыгынан кутула баштайт, “Хубб-и филлах” (бир гана Аллах үчүн сүйүү) жана “бугд-и филлах”ка (бир гана Аллах үчүн душман болуу) кол жеткизет. Б.а., Аллаху тааланын жактырган нерселерин жактырып, Анын жактырбагандарына да душман болот. Ага байланыштуу бүткүл дене Исламдын өкүмдөрүнө моюн сунууну каалайт.

Асхабы кирамдын сахаба эмес мусулмандардан жогору экендиги белгилүү. Ал эми, кыяматка чейин келе турган Ислам аалымдары арасында илими жана амалы кээ бир сахабалардын илими жана амалдарына барабар болгондору бар. Хадиси шарифте: **“Башкалар Аллахтын ыраазычылыгы үчүн Ухуд тоосундай алтынды садага кылып берсе да, сахабаларымдын Аллах жолунда берген жарым саъ** (1750 грамм) **арпасынын сообун алалбайт”,** - деп кабар берилген. Сахабалардын ибадаттарынын ушундай кадырлуу болуусу алардын Расулуллахтын сухбатына катышуусу жана Пайгамбар менен сүйлөшкөндүктөрү натыйжасында жүрөктөрүндө пайда болгон **“Батыний кемелдикке”** (ички руханий жетилгендикке) байланыштуу. Алардын жүрөктөрү Расулуллахтын ыйык жүрөгүнөн нур алды. Жүрөктөрү нурданган эле. Хазрети Омар кайтыш болгондо уулу Абдуллах: “Илимдин ондон тогузу кетти”, - деген эле. Аны уккан жаштардын таң калганын көрүп: “Силер билген фыкх жана калам илимдерин айтып жаткан жокмун. Расулуллахтын ыйык жүрөгүнөн аккан батыний, руханий илимдин, марифаттын ондон тогузу кетти демекчимин”, - деп айтат. Сахабалардан кийин келген мусулмандар арасында ошол батын илимдин нуруна ээ болгондор өздөрүнүн устаздары, пирлери болгон муршиддеринин (жол көрсөтүүчү) сухбаттарында ээ болушчу. Ошолор аркылуу Расулуллахтын жүрөгүнөн чыккан нурга ээ болушкан. Бирок, ал Расулуллахтын сухбатындай болбойт. Сахабалардын «радыйаллаху таала анхум ажмаин» артыкчылыгы мына ушул жерде. Демек, белгилүү болгон нерсе – мусулманчылыкта адамдын **“захирий”** (сырткы) кулчулугу, сырткы такыбаасы, сырткы жетилгендиги менен бирге анын **“батыний”** деп аталган ички жетилгендиги да бар. Бул жетилүүлөрдүн даражалары болот. Буга мына бул хадиси кудси далил: **“Кулум мага бираз жакындаса, Мен ага көп**

**жакындайм. Кулум мага көп жакындаса, Мен ага андан да көп жакындайм. Кулум** (фарздары менен кошо) **көп напил ибадат кыла турган болсо, мага ушунчалык көп жакындайт, аны сүйөм. Аны сүйгөндөн кийин, анын дубаларын кабыл кылам. Анын көрүүсү, угуусу жана бир нерсеге күчү жетүүсү Мени менен ишке ашат", -** деп айтат. Аллаху тааланын ушундай сүйүүсүнө себеп болгон напил ибадаттар – сопулук жолундагы амалдар, милдеттер, аракеттер болуп саналат.

Миң жылдан ашуун убакыт ичинде ааламдын үч чоң тарабында дүйнөгө келген миллиондогон мусулмандар тасаввуф-сопулук жолдо эмгектенүү жана салих кишилердин сухбатына катышуу аркылуу жүрөктөрүндө өзгөчө бир абалдын пайда болгонун айткан жана жазган. Жалган нерсе үчүн ушунча көп адамдын тил бириктирип, кеңешип алып айтуулары акмактык болмок. Ушундай ааламдык бир добуштан биригүү менен айткандардын көпчүлүгүнүн өмүр баяндары китептерде жазылган. Бардыгынын илимдүү, такыбаалуу, салих, чынчыл адамдар болгондугу айкын. Мындай руханий жетилген салих адамдардын баарынын жалган айтуулары мүмкүн эмес. Мына, ошондой миллиондогон салих, такыбалуу адамдар өз муршиддеринин сухбатына катышуу аркылуу жүрөктөрүнүн Расулуллахтын сухбатында тараган нурга толгонун бир добуштан маалымдап мындай деген: "Салихтердин сухбаттарында жүрөгүбүздө ыйман менен фыкх илиминен башка өзгөчө бир абал пайда болду. Ушул абал пайда болгондон кийин, жүрөгүбүз Аллахка деген сүйүүгө, Аллахтын сүйгөндөрүнө болгон сүйүүгө жана Аллаху тааланын буюрган нерселерине болгон сүйүүгө толду. Жакшы амалдарды, ибадаттарды аткаруу лаззаттуу боло баштады. Ахли сүннөт аалымдары билдирген туура ишенимдер көңүлдөрүбүзгө орноду". Жүрөктөрдө пайда болгон бул абал, арийне, жетилүү, жогорулоо эле.

Олуяда кереметтер болот. **Керемет** – Аллаху тааланын адаттагыдан тышкары, б.а., табият таануу жана табият илимдеринин сыртында жараткан нерселери. Ал эми, бир адамда табият таануу мыйзамынан сырткаркы жагдайлардын көрүлүүсү ал адамдын сөзсүз эле олуя экендигин билдирбейт. Аллаху таала жактырбаган адамдарда да, мусулман эместерде да ушул сыяктуу

адаттагыдан сырткары, таң каларлык нерселер көрүнүүсү мүмкүн. Олуяда «рахметуллахи таала алейхим ажмаин» керемет менен бирге такыбаа да болот. **Такыбаа** – Аллаху тааладан коркуу, Анын буйруктарына, тыюу салгандарына баш ийүү дегенди билдирет.

Олуялык Аллаху таалага жакын болуу деген маанини билдирет. Бирок, адамдардын Аллаху таалага жакын болуусу эки түрдө жүзөгө ашат. Биринчи жакындык Аллаху тааланын бардык адамдарга жакын болуусу. **“Кахф”** сүрөсүнүн 16-аятында: **“Биз ага күрөө тамырынан да жакынбыз”** жана **“Хадид”** сүрөсүнүн 4-аятында: **“Кайсы жерде болсоңор да Аллаху таала силер менен бирге”,** - деп билдирген. Экинчи жакындык - Аллаху тааланын адамдардын бир гана улууларына жана периштелерге жакындыгы. **“Алак”** сүрөсүнүн соңку аятында: **“Сажда кыл да, Аллаху таалага жакында!”** - деп айтылган. Жогоруда келтирилген кудси хадисте: **“Кулум мага напил ибадаттарды кылып ушунчалык жакындайт, аны жакшы көрөм...”,** - деген. Ушул аят жана хадисте билдирилген жакындык бир гана тандалган, бийик даражадагы улуу адамдарда болот. Бул жакындык **“Вилайат”,** б.а., **“олуялык”** деп аталат. Ошол жакындыкка жетүү үчүн алгач ахли сүннөт ишенимине ылайык ыйманга ээ болуу керек. **“Али Имран” сүрөсүнүн 68-аятында: “Аллаху таала ыйман келтиргендерди жакшы көрөт”,** – деп айтылган. Ал эми, момундардын ичиндеги тандалгандарды өтө жакшы көрөт. Жараткандын бардык момундарды жакшы көрүүсү **“вилайат-и амма”** (жалпы олуялык) деп аталат. Тандалган момундарды жакшы көрүүсү **“вилайат-и хасса”** (өзгөчө олуялык) деп аталат. Жогорудагы аталган кудси хадисте айтылган сүйүү – мына ушул. Бул сүйүүнүн да даражалары бар.

Аллаху тааланын кулдарына деген ошол эки жакындыгы аяти карима жана хадиси шарифтер менен билдирилгендиктен экөөнө ишенүү важиб болот. Аллаху тааланын бизди көрүп тургандыгына ишенгенибиз сыяктуу эле, Анын бизге деген ошол эки жакындыгына да ишенүүбүз керек.

Толук такыбаалык бир гана олуяда болот. Кызгануу, кек сактоо, текебердик, атак-даңкка болгон махабат сыяктуу напсинин жаман сыпаттары толугу менен жок болбой туруп толук такыбаалыкка ээ болуу мүмкүн эмес. Булардан толугу менен тазалануу үчүн

напсинин фани (өз табигый сыпаттарынан тазаланып, өздүгүн жоготуу) болуусу шарт. Аллаху тааланы сүйүү, дүнүйөлүк бардык нерселерден артык болмоюнча толук ыйман жана толук такыбаалык болбойт. **“Бухари”** жана **“Муслим”** китептеринде айтылган хадиси шарифте: **“Бир мусулман мени ата-энесинен жана балдарынан да көбүрөөк сүймөйүнчө, анын ыйманы толук болбойт”,** - деп билдирилген. Дагы бир хадиси шари**фте: “Үч түрдүү адам ыймандын даамын тартат; 1. Аллах менен Анын Расулун бардык нерседен артык сүйгөндөр. 2. Бир гана Аллах сүйгөн адамдарды сүйгөндөр. 3. Ыйманга ээ болгондон кийин аны жоготуп алуудан отто күйүүдөн да катуураак корккондор”,** - деп билдирилген.

Расулуллах: **“Сахабаларымды урматтагыла!”** - деп айтат. **“Хужурат”** сүрөсү, 13-аятта: **“Урматка ылайыктуулар – Аллахтан көп корко турган такыбаалуулар”,** - деп кабар берилген. Ошондуктан да, Ислам аалымдары бир добуштан сахабалардын бардыгы ушул үммөтүн эң улуулары жана такыбаалуулары экендигин билдиришет. Анткени, сахабалардын бардыгы Аллахтын Расулунун сухбаттарына катышуу аркылуу олуялык даражасынын эң жогору тепкичине көтөрүлүшкөн. **“Тообо”** сүрөсүнүн 101-аятында: “**Ыймандары алдыда болгондор жана хижрада** (көчүү) **алдыда болгондор”,** - деп макталган сахабалар эле. **“Вакиа”** сүрөсүнүн 10-аятында: **“Ыймандары алдыда болгондор – Аллаху таалага жакындыкта алдыда болгондор. Алардын бардыгы Аллахга жакын мукарраб** (Аллахтын жакын достору)”, - деп айтылган.

Батындын (жүрөктүн, рухтун) кемелдикке жетүүсү үчүн тасаввуф жолунда илгерилөө - важиб. **“Али Имран”** сүрөсүнүн 102-аятында: **“Эй, момундар! Аллаху тааланын тыюу салган нерселеринен толук сактангыла!”** - деп буюрулган.

Такыбаага бир гана напил ибадаттарды жасоо аркылуу ээ болуу мүмкүн эмес. Такыбаа фарздар жана важибдерди орундоо, харам нерселерден сактануу дегенди билдирет. Ыкылассыз, туура ниетсиз кылынган фарз жана важибдердин эч кандай кадыры жок. **“Зумар”** сүрөсүнүн 2-аятында: **“Аллахка ыкылас менен ибадат кыл, ибадат бир гана Ага кылынат”,** - деп айтылган.

Такыбаанын даражалары чексиз, эсепсиз. Хадиси шарифте: **“Ичиңерде Аллахты эң жакшы таануучу жана Андан эң көп**

**коркуучу менмин”, -** деп айтылган. Адам олуялык даражаларында көтөрүлгөн сайын, Аллаху тааладан коркуусу да арта берет. **“Хужурат”** сүрөсүнүн 13-аятында: **“Аллаху тааланын жанында эң урматтууңар – Андан эң көп корко турганыңар”, -** деп билдирилген. Такыбаанын даражалары чексиз болгондуктан олуялык даражаларында илгерилөө үчүн ар дайым эмгектенүү, умтулуу – важиб. Батын илимин арттырууну каалоо, талап кылуу – ар дайым фарз. **“Таха”** сүрөсүнүн 114-аятында: **“Сүйүктүү Пайгамбарым! Сен ар дайым: “Эй, Раббим, менин илимимди арттыр”, - деген дубаны оку”, -** деп айтылган. Бир олуянын ээ болгон даражада (рухани баскычтарда) калуусу, ары карай көтөрүлүүсүн калабоосу харам болот.

Батын (жүрөк, рух) маселесинде даражасын көтөрүүгө тырышуу важиб болгондуктан ушул рухани жолдо чебер жол көрсөтүүчү муршидди издөө да важиб болот. Ал эми, жалганчы жол көрсөтүүчүлөргө алданып калбоо керек.

**“Муршиди камил”** деп аталган кемел муршиддин белгилери бар. Биринчиси, ахли сүннөт ишениминде болуусу жана Ислам өкүмдөрүнө толук амал кылуусу. Экинчиси, хадиси шарифте кабар берилгендей, алар менен сүйлөшкөндө жана аларды көргөндө Аллаху тааланы эске түшүрүү. Ушундай чыныгы муршидди жолуктурган адамдын жүрөгүнө Аллаху тааладан башка бардык нерселер суук сезилет. Расулуллахтан олуялардын белгилери туралуу суралган кезде: “**Аларды көргөн кезде Аллаху таала эске түшөт”, -** деп жооп берген. Бир хадиси шарифте: “Аллаху таала: **“Мен зикир кылынган кезде олуяларым, алар зикир кылынган кезде Мен эске түшөм”, - деген”, -** деп билдирилген. Ал эми, Аллахты эстөө үчүн олуя менен байланышуу кажет. Олуялыгына ишенбеген, мойнуна албаган жана кабылдабаган адам ага байланган болбойт. Ишенбеген адам бул ниматка жете албайт.

Исмат – пайгамбарларга таандык болгон касиет, сыпат. Исмат – билип туруп же билбей чоң жана кичине эч кандай күнөө кылбоо деген сөз. Олуяда исмат сыпаты бар деп айтуу куфур болот.

Бардык сахабалар «радыйаллаху анхум» бардык олуялардан жогору турат. Табаи табиин болгон Абдуллах ибни Мубарек: “Хазрети Муавиянын «радыйаллаху анх» Расулуллахтын алдында

минген атынын мурдуна кирген чаң Вейсел Караниден жана Омар бин Абдулазизден алда канча кайырлуу", - деген сөзү Пайгамбардын замандашы болуунун артыкчылыгын өтө жакшы түшүндүрөт.

Фарздарды, важибдерди орундап, харамдардан, шектүү нерселерден сактангандан кийин напил ибадаттардын эң таасирлүүсү зикир болуп саналат. Ар дайым Аллаху тааланы зикир кылуу керек. Хадиси шарифте: "**Бейиштегилер эң көп дүйнөдө Аллаху тааланы зикир кылбастан өткөргөн убакыттарына катуу өкүнүшөт",** - деп айтылган. Напси фани болбой туруп, б.а., жаман сыпаттарынан тазаланбай туруп башка напил ибадаттар менен алектенүү жана Курани каримди окуу аркылуу Аллаху таалага жакындоо мүмкүн эмес. Батынды, б.а., ички дүйнөнү тазалабай туруп, булар аркылуу көтөрүлүү, илгерилөө жүзөгө ашпайт. Батынды тазалоо Аллахты зикир кылуу менен жүзөгө ашат. Хадиси шарифте: **"Зикирдин эң жакшысы - ла илаха иллаллах деп айтуу",** - деп билдирилген. Ошондуктан, бош убакыттарда ушул таухид калимасын окуп жүрүү керек. Андан калган убакыттарда салих адамдар менен, акырет адамдары менен бирге болуп, маектешүү кажет. Андай салих адам табылбаса, алардын китептерин издеп таап окуу керек. Муртаддар менен, бидатчылар менен, фасыктар менен дос, маектеш болбоо керек. Көз көрүнөө харам иш кылган адам "фасык" деп аталат. Динде илими аз сабатсыздар менен, дүйнөгө берилген адамдар менен, мазхабсыздар менен аралашпаш керек. Алар менен сүйлөшүү адамдын батынын (ички дүйнөсүн, рухун, жүрөгүн) бузат. Олуянын сухбатына катышуу – зикирден жана башка напил ибадаттардан да пайдалуу. Асхабы кирам "радыйаллаху таала анхум" бири-бирин көргөн кезде: "Бираз мени менен бирге отурчу. Ыйманымды жаңылап алайын", – дешчү эле.

Мухаммед Париса **"Рисалаи кудсийа"** китебинде айтат: "Хазрети Юсуфи Хамаданиден "камил устаз таба албасак эмне кылабыз?" - деп сурагандарга: "Күндө алардын китептерин окугула", - деп жооп берген эле". Бул доордо ыйман саламаттыгына жетүү үчүн Имам Раббанинин «рахметуллахи алейх» **"Мектубат"** китебин окуу керек.

Керемет – бул чындык. Керемет – Аллахка шерик кошуудан кутулуп, марифатка – Аллахты таануу илимине жетүү деген сөз. Керемет менен истидражды бири-бири менен чаташтырбаш керек.

Керемет ээси болууну максат кылуу, каалоо – Аллахтан башканы сүйүү болуп саналат. Керемет – курб (жакын болуу) жана марифатты (Аллахты таануу) билдирет. Кереметтин бир салих кишиде көп көрүнүүсү тасаввуф (сопулук) жолунда даража-даража көтөрүлүү убагында өтө илгерилөөнү жана түшүүдө аз төмөндөөнү көрсөтөт. Керемет “йакин” деп аталган көз менен көрүп тургандай өтө бекем ишенүү сезимин күчөйтүү үчүн керек. Йакинге ээ болгон олуя кереметке муктаж болбойт. Жүрөктүн зикирге адаттануусунун жанында кереметтин эч кандай баркы жок. Бир олуянын кашифи (жүрөгүнө аян болгон илим), илхамы башкалар үчүн далил болбойт. Ал эми, бир мужтахиддин сөзү анын мазхабындагы адамдардын бардыгына далил болот. Кашиф, керемет ээси болуу даражанын жогору экенин билдирбейт. Андай руханий укмуштай өзгөчөлүктөр сопулук жолундагыларда пайда болот. Жолдун аягына жеткендер Аллахтын улуулугу алдында таң басып, ибадатка толук бойдон берилишет. Ошондуктан, олуянын алдына карапайым болуп, башын ийип баруу, алардан көп пайдаланууга себеп болот. Олуянын кийимин адеп менен, урматтап кийип жүргөн киши чоң пайдаларга жетет. Аллаху таала олуяларды чоң күнөөлөрдөн сактайт. Кээ бир олуялардын өзүнүн мекенинен алыс жерлерде көрүнгөндүгү белгилүү. Бул көрүнүш алардын рухтарынын өз денелеринин сүрөтүндө көрүнүүсүнөн башка нерсе эмес. Бул дагы Аллаху тааланын сүйүктүү кулдарына берген сыйлыгы. Олуялар кичинекей күнөөлөрдөн корголгон эмес. Бирок, ага дароо тообо кылып, жакшы иштерди жасап, кечирим сурашат. Олуялар адамдарды Исламда ачык билдирилген буйруктарды орундоого жана руханий, жашыруун илимдерди үйрөнүүгө чакырат. Олуялардын бир бөлүгү сопулук жолунда руханий бийик даражаларга көтөрүлгөндөн кийин кайра “себептер дүйнөсү” деп аталган биздин жашообузга рухтары менен кайтпайт. Ошондуктан, алар себептер ааламына толук түшкөн пайгамбардык артыкчылыктарынан кабарсыз калат да, элге пайдалары тийбет жана фейз бере алышпайт. Андайларды адамдар дервиш, мажнун, жинди деп ойлошот. Олуялардын көпчүлүгүндө олуялыктын эң жогорку касиеттери көрүнөт. “Кутубдар”, “автад” жана “абдалдар” (чилтен-кырктар) ушуларга жатат. Булардын

жаштарды жетилдире алуулары Хазрети Алинин «радыйаллаху таала анх» жардамы менен болот.

Олуялардын бийиктиктери арасындагы айырмачылыктар Аллаху тааланын аларды жакшы көрүү даражасына байланыштуу болот. Олуялык – жаман кулк-мүнөз, жаман адаттардан кутулуу дегенди билдирет. Олуя өзүнүн олуя экенин билүүгө милдеттүү эмес. Бир кулга олуялык берилсе, бирок, өзүнө билдирилбесе бул эч кандай кемчилик эмес. Олуя болуу үчүн дүйнө жана акырет махабатын көңүлдөн чыгаруу керек. Пайгамбардык даражаларында акыретке берилүү жакшы болуп саналат. Адамда рух ааламынан келген он латифа – он кубат бар. Олуялык жана пайгамбардык даражаларынын касиеттери мына ушул он латифада (күчтө, кубатта) көрүнөт. Олуялык – **фена** (жок боло тургандардан тазаруу) жана **бэка** (түбөлүккө байлануу)дан турат. Б.а., жүрөктү дүйнөгө берилүүдөн куткарып, Аллаху таалага ашык кылуу. Олуялыкты акыл-ой менен түшүнүүгө болбойт. Олуялык Аллаху таалага жакындык болуп, жаратылган нерселер тууралуу ойлонууну көңүлүнөн чыгара алган адамдарга гана берилет. Аллахтан башка бардык нерсени көңүлдөн өчүрүү **“фена”** деп аталат. Олуялыктын бардык даражалары бир гана Исламга моюн сунуу аркылуу жүзөгө ашат. Олуялык даражаларынын бардыгынан өтүп, чынына жеткендердин кашиф жана илхам менен жүрөктөрүндө пайда болгон илимдеринин бардыгы ахли сүннөт аалымдарынын китеп менен сүннөттөн чыгарып билдирген илимдерине ылайык болот. Олуялык даражаларынын аягы, чеги кулчулук мартабасы (даражасы) болуп саналат. Кулчулук мартабасынан жогорку мартаба болбойт.

Эч бир Ислам аалымы «рахимахумуллаху таала»: **“Мен керемет ээсимин, тилектериңерди орундай алам”,** - деп айткан эмес. Тескерисинче, кереметтерин жашырууга аракет кылышкан. Алар Ислам динин, Курани карим жана хадиси шарифтердин маанилерин түшүндүрүү менен алектенишкен. Эч бир Ислам аалымы: **“Лавхул махфузду, кайыпты билемин”,** - деп айткан эмес. Аллаху таала каалаган, сүйгөн, тандаган кулуна кайыптан кээ бир нерселерди билдирет. Кереметтерди насип кылат. Бирок, алар бул кереметтерин эч кимге жарыя кылбайт, айтпайт. Аллахтын бул таң калыштуу сыйлыктары аларда өздөрүнүн каалоолорусуз эле пайда болот.

## Ыйман менен амалдын байланышы

Ахли сүннөт мазхабы боюнча чоң күнөө кылган адамдын ыйманы кетпейт. Күнөө кылган мусулман “фасык” деп аталат. Ишеними, ыйманы туура болгон фасыктар акыретте Тозок азабын тартуусу да, тартпоосу да мүмкүн. Азапка тартылса да, кийин кечирилип, Тозоктон чыгарылат. Исламияттын негизи – Аллаху тааланын бирдигине жана Аллаху тааланын пайгамбары болгон Мухаммед алейхиссаламдын билдирген өкүмдөрдүн, б.а., буюруктары менен тыюуларынын бардыгынын Аллаху таала тарабынан жиберилгенине ишенүү. Б.а., буюруктарды орундоо жана тыюу салынган нерселерди кылбоо ыймандын шарты болбосо да, аларга ишенүү ыймандын шарты болуп эсептелет. Ошондуктан, ыйман келтирбей, мусулман болбогон адам **“капыр”** (б.а., ыйман келтирбеген) деп аталат.

Ыйман келтирбегендер канчалык жакшылыктарды кылып, пайдалуу жаңылыктарды ойлоп тапса да, акыретте азаптан кутула алышпайт. Ибадаттар менен бардык кайрымдуу амалдар канчалык жакшы болсо да, аларды жасоо аларга ыйман келтирүүнүн жанында экинчи орунда турат. Негизги нерсе – ыйман. Жакшы амалдар ыймандан кийин келет. Ыйман менен жасалган иштер дүйнөдө да, акыретте да пайдалуу болуп, адамды бакытка жеткизет. Ыймансыз жасалган кайырдуу амалдар адамды дүйнөдө бакытка жеткизүүсү мүмкүн, бирок, акыретте пайдасы болбойт. **“Нур”** сүрөсүнүн 39-аятында: **“Ыйман келтирбегендердин дүйнөдө жасаган жакшы иштери** (пайдалуу жаңылыктары) **чөлдөгү закым сыяктуу. Суусуз калган адам аны алыстан көрүп суу деп ойлойт. Бирок, жанына барса жок болот. Ыйман келтирбегендер да кыямат күнү дүнүйөдө жасаган жакшылыктарын закымга айландырган, б.а., жок кылган Аллахты табышат жана Ага эсеп беришет”.** Ошондой эле, Ибрахим сүрөсүнүн 18-аятында: **“Аллахка ыйман келтирбегендердин жасаган жакшы иштери жел учурган күлгө окшойт. Акыретте ал иштердин эч кандай пайдасын көрбөйт”** жана Фуркан сүрөсүнүн 23-аятында: “Кыямат күнү алардын жакшы иштерин биз үчүн жасабагандыктан ким үчүн жасаса ошого карай шашылган шамга айлантабыз” жана Кахф сүрөсүнүн 103 жана кийинки аяттарында: **“Эмгектери бошко кеткендер тууралуу айталыбы? Алар дүнүйөдө жакшы иш кылдык деп ойлошот, бирок, алар бош**

**жерге тер төккөн адамдар. Алар Раббилеринин аяттарына жана кыяматта Анын алдына бара тургандыктарына ишенишпеди. Биз да алардын жакшы иштерин жок кылабыз. Жакшылыктары менен жамандыктарын өлчөбөйбүз",** - деп билдирилген. Бул аяты карималар ыйман-амал байланышы тууралуу Ахли сүннөттүн карманган ишениминин туура экендигин көрсөтүүдө. **"Ыйман келтиргендер жана жакшы иш кылгандар",** - деген маанидеги (Аср-3) аят менен: **"Ыймандуу катарында салих, туура амалдарды кылгандар",** - деген маанидеги (Нур 55) аяты ыйман менен амалдын бөлөк-бөлөк нерселер экендигин көрсөтөт. Эгер амал ыймандын бир бөлүгү болсо, аятта бөлөк-бөлөк айтылбайт болчу. **"Хужурат"** сүрөсүнүн 9-аятында: **"Момундардын (ыймандуулардын) эки тобу бири-бирилери менен согушса, аларды жараштыргыла",** - деп айтылган. Аллаху таала бул аятта бири-бирилери менен согушуу менен күнөө кылгандарды деп айтты. Андан кийинки: "Момундар – албетте, бир тууган. Бир туугандарыңарды жараштыргыла!" - деген маанидеги аят алардын ыймандуу экендигин көрсөтөт. **"Ниса"** сүрөсүнүн 47 жана 115- аяттарында: **"Аллаху таала ширкти (Өзүнө шерик кошконду), албетте, кечирбейт. Каалаган кулдарынын шерик кошуудан, б.а., ыймансыздыктан башка күнөөлөрүн кечирет",** - деп айтылган. Бир хадиси шарифте: **"Жабраил алейхиссалам мага келип, мына бул нерсени сүйүнчүлөдү: Аллаху таалага шерик кошпой, б.а., ыйманын жоготпой кайтыш болгон адам зинакорлук кылса да, уурулук кылса да акыры Бейишке барат",** - деп билдирилген.

Жогоруда билдирилген аяттар менен хадистер ыйман менен амалдын бөлөк нерселер экендигин көрсөтүп турат.

Амалдын ыймандын бир бөлүгү экендигин айткан Мутазила тобу менен Харижи тобундагылар далил катары: **"Кимде-ким ыйманынан кайтса, Аллаху таалага зыяны болбойт. Анткени, Аллаху таала эч нерсеге муктаж эмес",** - деген маанидеги **"Али-Имран"** сүрөсүнүн 97-аяты менен: **"Аллаху таала силерге ыйманды жакшы көрсөтүп, аны жүрөктөрүңөрдө орнотту жана куфурлукту, Аллаху таалага каршы келүүнү жаман кылып көрсөттү",** - деген маанидеги **"Хужурат"** сүрөсүнүн 7-аятын билдирди. "Али-Имран" сүрөсүнүн 97-аятынан чыгарылган маанини Хазрети Омардын мына бул сөзү менен кубаттайт: "Сыртка кызматкерлерди жиберсем дейм.

Мал-мүлкү болуп туруп, ажыга барбаган адамдарды таап, жизйа[8] алдыртайын. Анкени, алар мусулман эмес". Бирок, аяттагы жана Хазрети Омардын сөзүндөгү **"куфур"** сөзү ажылыктын фарз экенине ишенбөө дегенди билдирет. Соңку аятта ыйман менен күнөөнүн бири-бирине каршы коюлганы менен ыйманды күнөөнүн карама-каршысы деп ойлобоо керек. Анткени, көрктүү жана көрксүздүк жагынан алганда бири-биринен айырмаланган канчалаган нерселер бир жерде кошулуп келе алат. Бул да ошол сыяктуу. Ушул сүрөдөгү: **"Ыйман келтиргенден кийин күнөөкөр болуу кандай жаман нерсе",** - деген аят ыйман жана күнөөлүү болуунун ордун ачык айкын көрсөтөт.

Күнөөкөрлүктүн момундарга (ыймандууларга) жарашпай турган сыпат экендигин билдирет. Бул ыймандуу адамдын күнөөкөр болушу мүмкүндүгүн, күнөө кылуу менен ыйман кетпей тургандыгын, күнөөкөрдүн ыймандуу экенин көрсөтөт. Анткени, нагыз жаман нерсе – ыйман менен күнөөкөрлүктүн бирге болушу. Ыйман келтирбегендин күнөөкөрдүгү анчалык жаман нерсе эмес.

Аллаху тааланын бар жана бир экенин жана Пайгамбары аркылуу билдирген өкүмдөрүн кабыл кылган момун, ушул өкүмдөргө моюн сунууда кемчилик кетирсе, ага албетте өкүнөт. Аллах менен Пайгамбарды моюндабай турган жана кылган жакшы иштерин Аллахтын буйругу болгондуктан эмес, башка себеп менен жасаган адам Аллахтын кулу болууну да кабыл кылбайт. Бул экөөнө Аллаху таала, албетте, бирдей карабайт. Мисалы, бир адамдын эки баласы бар. Биринчиси окубайт, эмгектенбейт, эч кимге пайдасы жок. Бирок, атасынын алдында адеп сактайт, каталарын, кемчиликтерин ойлоп, өкүнөт. Атасы бул баласынын кайгысын чегет.

Экинчи баласы өтө аракетчил, шамдагай, адамдарга пайдасы тийген жумуштарды аткаруу менен алектенет. Бирок, бир күнү атасына каршы чыгып, "Сен ким экенсиң ошончолук? Сени тааныбайм!" - деп, оор сөздөрдү айтат. Ошол убакытта жасаган бардык жакшылыктары жок болот. Кайсы ата болбосун мындай опаасыз перзентин кууп жиберет. Анын жалбарып, кечирим суроодон башка чарасы калбайт. Мына, күнөөкөр момун менен момун эмес ошол эки балага окшош.

8 Мусулман мамлекеттин дини башка жарандарынан ала турган салыктын түрү.

Мусулманчылыкка ишенген жана аны жакшы көргөн адамды кемчиликтерине байланыштуу мусулмандыктан чыгарууга болбойт. Ыймандуулук мусулмандыкты кабыл кылуу жана бардык буйруктарына моюн сунууда кемчилик жасаса да, ага урмат көрсөтүү болгондуктан бул Исламияттын негизи деп эсептелет. Амал ыймандын бир бөлүгү болгондо күнөө кылган ар бир адам ыйман жоготор эле. Жер жүзүндө мусулман калмак эмес. Хадистерде кээ бир жакшылыктар ыйманга, кээ бир жамандыктар куфурга катыштуу кылып көрсөтүлгөн. Ушундай көрсөтүлүүсү ушул жакшылыктар менен жамандыктардын даражасын көрсөтүү үчүн берилген. Башка аяттар менен хадистердин көмөгү менен алардын ыймандын же куфурдун бир бөлүгү эместигин түшүнүүгө болот. **“Уят – ыймандын бир бөлүгү”, “Тазалык – ыймандын жарымы”, “Ыйман бул – намаз”, “Момун киши – адамдар ишенген адам”, “Момун, момун болуп туруп зина кылбайт”, “Момунда бардык мүнөз болушу мүмкүн, бирок, анда саткынчылык менен жалганчылык болбойт”,** - деген хадистер ушуга мисал болот. Бул хадиси шарифтер уяттуулук, тазалык, намаз, аманат, ар-намыс, чынчылдык сыктуу касиеттердин адамда кездешүүсү ыймансыздыктай жаман деген салыштырмалуу мисал менен алардын канчалык маанилүү экендигин көрсөтүүдө. Кээ бир амалдар ыйман сыяктуу жогору бааланууда.

Күнөө иштер напсиге жагат. Ыймандуу киши напсине алданып, күнөө кылышы мүмкүн. Бирок, күнөө кылган кезде акылы менен ыйманы аны кыйнайт. Адам акылы менен ыйман келтирет. Напсине жагымдуу келгендиктен күнөө иштерге барат. Ошол себептен ыйман менен напсине берилүүнүн эки башка нерселер экендиги байкалат.

Иштердеги, амалдагы каталыктар, бузукулуктар адамды динден чыгарбайт. Күнөө экендигине ишенбей же маани бербей кыла турган болсо, анда куфур болот жана динден чыгат. “Зуннар” деген поптордун белине байлаган жипти колдонуу же буттарга сыйынуу сыяктуу мусулман эместерге таандык, куфурдун белгиси болуп эсептелген иш жүрөктөгү ыйманды кетире турган иш деп кабылданат.

Белге жип байлоо жана бутка сыйынуу сыяктуу иштер Исламда куфурдун белгиси деп саналат. Бир адам башка динге таандык нерсени кылуу аркылуу ошол динге кирген деп эсептелбесе да, ошол

динге таандык нерсенин өзүндө көрүнүш бергенин каалаган болуп саналат. Ошондуктан, жүрөгүндөгү ыйманына зыян келет. Имам Азам Абу Ханифа: “ Исламга кандай жол менен кирилген болсо – ошол жол менен чыгуу мүмкүн”, - деп айткан. Бул жердеги жол – жүрөктүн ишенүүсү дегенди билдирет. Б.а., жүрөк ыйман келтирсе, мусулман болот. Ыйман кетсе, мусулмандыктан чыгат.

Өзүн мусулман деп эсептеген адам мусулман эместерге таандык нерселерди зарыл болбой туруп кылбоосу жана мусулман эмес деп эсептелүүдөн качуусу керек. Мусулмандар Исламиятка таандык болгон нерселерди жасаганда шылдың болом деп ойлобошу керек. Сый-урматка ээ боло турганын ойлоп, ошол аракеттерин аброй деп эсептөөсү керек. Ислам аалымдары билдирген нерселердин жүрөктөгү ыйманга эмне катышы бар деп, кайдыгерлик кылбаш керек. Анткени, жүрөктөн бүткүл органдарга тараган жол бар. Ислам дини буйрук кылган нерселер – жакшы нерселер, тыюу салган нерселер – жаман нерселер. Адамдар муну бүгүн түшүнбөсө да бул чындык. Ислам тыюу салган нерселерди жасаган кезде жүрөк караят. Чоң күнөөлөр көп жасалганда, ыймандын жоголуусу мүмкүн.

Ислам дининин билдирген милдеттерин орундоо керек болгондугу сыяктуу алардын милдет экендигине ишенүү да керек. Ушундай ишенген мусулман адам бул милдетти, албетте, жакшы көрүү менен аткарат.

Жүрөктөн ишенүү – Исламияттын негизи болуу менен бирге, амалдардын да эң жакшысы. Расулуллахтан: “Иштердин эң улуусу кайсы?” - деп суралганда: **“Аллахка жана Расулуна ишенүү”,** - деп, **“Амантуну”** окуган. Бул хадиси шариф **Бухари** хадис китебинде жазылган.

Ислам негизинин ыйман экени амалдардын, аракеттердин, ибадаттардын маанилүүлүгүн азайтпайт. Анткени, аракеттердин аткарылуусуна себеп боло турган нерсе – ыйман. Себептин күчтүү болуусу натыйжанын коопсуздугун камсыз кылат. Ыйманы күчтүү мусулман кыймыл аракеттерине (амалдарына) өтө маани берет. Мусулмандар ар бир амал-аракетине, ар бир милдетке ыйман келтирүү керек болгондуктан күнөө кылган адамдар ыйманын жоготуп алуудан коркот. Ал эми, күнөө кылбаган адам ошол күнөөгө

маани бербей: “Эмне болуптур ошончолук?” - десе ыйманынан ажырайт.

Диндин буйруктарын кабыл кылып, ыйман келтиргенден кийин аларды жасасаң да, жасабасаң да өзүң билесиң деп эсептөө да жаңылыш. Себеби, аларга маани бербеген адам ыйманын жоготот.

Ыйман чын жүрөктөн ишенүү дегенди билдирет. Ага жетүү үчүн алгач илим керек. Илим менен амал эки башка нерселер. Амал илимге өтө муктаж болгону менен, экөө бир нерсе боло албайт.

Аллаху таалага ишенгендиктен эмес, башка себептер менен кылынган жакшы амалдардын, б.а., ыймансыз жасалган иштердин эч кандай пайдасы жок. Амалы, ибадаты жок болсо да ыймандуу болуу өтө баалуу жана пайдалуу. Мусулмандар акыретте азаптарга дуушар болуудан кутулуу үчүн Исламдын өкүмдөрүн орундашат. Дүйнөдө бактылуу болуу да мына ушуга байланыштуу. Амал ыймандын шарты болбосо да, ыймандын толук болушу үчүн шарт. Ыйман бир жагынан илим болуп саналат. Дүйнөдөгү ар бир ийгилик менен бакытты илимден күтүшөт да, бирок, акыретте күчтүү илимге таяна турган ыйман аркылуу адамдын бакытка жете турганына эмне үчүн таң калуу керек? Ушунчалык маанилүү болгон ыйманга кайдыгер кароо туура эмес. Анын жеткизе турган түбөлүк бакытын аз көргөндөр ага кол жеткизе албагандар.

Азыркы учурдагы адамдар дүнүйөлүк пайда үчүн бардык күчтөрүн салып ой жүгүртүп, эмгектенет да, бирок, түбөлүк бакыт менен азаптын алдында тургандарына ишенүүгө маани беришпейт. Аллаху таала адамдарга акыл берди. Аны менен бирге аларга пайдалуу милдеттерди жүктөдү. Буларды кулдарына билдирүү үчүн пайгамбарларды жиберди «алейхимуссалавату ваттаслимат». Адам дүйнөдөгү жашоо күрөшү менен жашоо мыйзамдарын билип ошолорго ылайык аракет кылбай турган болсо, анын зыянын тартат. Ушул мыйзамдарды койгон Аллаху тааланын чоң маанилүүлүк менен билдирген дин жана акырет мыйзамдарын билбегендик, билсе да аларга моюн сунбагандык – албетте, зыяндуу. Дүйнөгө келүү жана өлүмү өз колунда болбогон адам баласынын Аллаху тааланын дүйнө менен акырет мыйзамдарына тил тийгизгенге эч кандай акысы жок. Бир гана ушул мыйзамдарга моюн сунуу аркылуу бакытка ээ боло алат.

Ислам динине ишенбеген адамдар: “Дин дегениң кайдан чыкты? Бейиш менен Тозокту ким көрүп коюптур? Булар байыркы адамдардын жөө-жомоктору, ойлоп тапкан нерселери”, - деп айтышат. Алар табият таануу илимдерин жана Ислам тарыхын ак ниеттүү мугалимдерден окуп түшүнсө, табият таануу илимдериндеги жетишкендиктер жана ачылыштардын Исламдын ишенимдерин бекемдеп, далилдегенин көрө турган болсо, Исламга ишенип, ага берилишмек. Жок дегенде, аны урматташар эле.

Мухаммед пайгамбардын (алейхиссалам) өмүрү тууралуу туура жазылган китептерден окуй турган болсо, анын адамгерчилигине, акылына, жетишкендиктерине таң калаар эле. Жүз миңдеген адамдын Ага чын жүрөктөрү менен берилгендиктери, ага деген сыпайылык сезимдери, жанын анын жолунда курман кылуулары тууралуу жазылган окуялар канчалаган тарых китептеринин миңдеген беттерин толтуруп турат. Бардык илимдердин булагы, көркөм мүнөз менен жакшы амал-иштердин устазы болгон ушундай инсандын Аллахтын Пайгамбары экендиги айдан ачык. Жалгыз өзү ишке киришип, акылы менен, сабырдуулугу менен, үстөмдүү көз карашы менен жер бетиндеги эки чоң мамлекетти (Иран жана Византия) ала турган эр жүрөк, өзүнө жанын курман кылууга даяр элди 23 жыл ичинде калыпташтыруусу жана кайтыш болгондон кийин да кыяматка чейин бардык адамдарды тынчтыкка, бакытка, ак ниеттүүлүккө жеткире турган өзгөрбөс китеп калтыруусу – акылдуу, ынсаптуу адамдардын ыйман келтирүүлөрүнө жетиштүү. Башка мужиза же күбө издөөнүн кажети жок. Ушул улуу Пайгамбардын сөздөрүнө ишенбегендик – тарыхты жана окуяларды жокко чыгаруу дегенди билдирет. Ушундай инсан тууралуу билип туруп, ага ишенбеген адам напсинин кулу болот. Же болбосо, жакшылыкты, эмгекти, жетилгендикти, сүйүүнү, адилеттүүлүктү каалабай турган, өзүн жана адамзаттын бакытын ойлобой турган бузуку адам. Же болбосо, тарыхтан, илимден кабары жок жахил (сабатсыз). Расулуллахтын өмүр-баянын, Ислам дининин буйруктары менен тыюуларын хикматын, пайдасын окуп үйрөнгөн акылдуу адамдын ага дароо ишенип, ага чын жүрөктөн берилүүсү адамдык милдет болуп саналат. Абу Лахаб менен Абу Жахл аны көрүп

туруп ишенген жок, Византия императору Гераклиус менен Иран падышасы Парвиз анын катын окуп туруп ишенген жок. Алардын ага ишенбегендиги – алардын жахил (сабатсыз), акмак, же болбосо, жаман рухтуу, начар жүрөктүү тетири адамдар экенинин белгиси.

Ибадаттын милдет экенине ишенүү ыйманга жатат. Ишенүү башка, амал кылуу башка нерсе. Аларды бири-бири менен чаташтырбаш керек. Ишенип туруп жалкоолук менен кылбаган адам ыйманын жоготпойт.

Абдулгани Наблуси «рахимахуллаху таала» мындай дейт: "Ыйман көбөйбөйт да, азайбайт да. Ыймандын күчү артат. Же болбосо, ибадаттардын аз же көп болушу менен ыймандын баркы айртпайт да, кемибейт да. Ыймандын азайып, арта тургандыгын билдирген аяттар менен хадистерден ушундай маани чыгарылган. Бул кабарлар ижтихад кылууга боло турган кабарлар катарында болгондуктан, буга түрдүү түшүндүрмөлөр жасалган. Эч бир аалым башкача түшүндүрмө жасагандарды жамандаган эмес. Ибадаттар ыйманга көркөмдүк берет. Даракттын бутактары сыяктуу деп айтууга болот. Ыйман ибадат кылуу менен артпайт, күнөө кылуу менен азайбайт. Имам Азам Абу Ханифа, Имам Малик, Имам Абу Бакр Ахмед Рази жана башка аалымдар «рахимахумуллаху таала» ушундай дешкен. Анткени, ыйман – толук ишенүү дегенди билдирет. Ал эми, ишенүүнүн азы-көбү болбойт".

## Ыйман менен амалды буза турган жагдайлар

### Бидат

**Бидат** – "сүннөткө (Мухаммед алейхиссаламдын билдирген динине) каршы келүүчү ишеним (ыйман), амал жана сөздөр" дегенди билдирет. Аллаху таала кулдарын өзүнө кулчулук кылыш үчүн жаратты. "Ибадат" – төмөндүк, кулдук дегенди билдирет. Б.а адамдын Раббисине, Жаратуусуна муктаждыгын, алсыздыгын, төмөндүгүн көрсөтүүсү. Бул да ар бир акыл, напси жана эреженин жакшы жана жаман деп кабыл кылганына эмес, бир гана Жаратуучусунун жакшы – жаман дегендерине сөзсүз моюн

сунуу, Анын жиберген китеби жана пайгамбарларына ишенүү жана аларга моюн сунуу дегенди билдирет. Бир адам каалаган бир ишти аткарууда Аллахтын уруксат бергенин же бербегенин ойлобой, өз акылынын макулдугу менен аткарса, бул аракети Аллахка кулчулук кылбагандык, мусулманчылык милдетин орундабагандык болуп эсептелет. Эгерде бул кайдыгерлик ишеним маселесинде болсо, ыйман келтирүү бир добуштан бекитилген маселеде болсо, анда бул аракет **“куфурга себеп боло турган бидат”** болот. Бул иш ыйман маселесинде эмес, сөз менен иш жүзүндө болсо, фыск, чоң күнөө болот. Хадиси шарифте: **“Кимде-ким динде болбогон нерсени динге аралаштырса, ал нерсе кабыл кылынбайт”**, - деп билдирилген. Демек динде болбогон бир ишеним, бир иш, бир сөз же жагдай динге аралаштырылса жана ага дин-ибадат деп ишенилсе, Ислам дини билдирген нерселерге сырттан бир нерсе киргизилип же алынып ташталып бул амалдан сооп күтүлө турган болсо, бул жаңылыктар, өзгөрүштөрдүн бардыгы **“бидат”** болот. Булар кылынганда Исламга моюн сунулбаган жана ага ыйман келтирилбеген болот. Диндеги, ибадаттагы эмес, үрп-адаттагы жаңылыктар, б.а., кылууда сооп күтүлбөй турган өзгөрүштөр бидат болбойт. Мисалы, ичип-жегенде, унаада, имараттарда жасалган өзгөрүштөр жана жаңылыктарга динибиз каршы эмес. Ошол себептен столдо, бөлөк идиштер менен, кашык жана вилка менен тамак жеп-ичүү, машина айдоо, самолетто учуу, ар түрдү имарат, үй жана ашкана оокаттарын колдонуу жана бүткүл жаратылыш таануу илимдери жана куралдары динде бидат деп саналбайт. Аларды жасоого жана пайдалуу жерлерге колдонууга болот. Бул фарзы кифайа (жок дегенде элдин арасынан бир канчасынын алектеннүүсү фарз) болуп эсептелген сыяктуу. Мисалы, радиолорду, электрондук машинкаларды жасоого жана аларды ибадаттардын сыртында колдонууга болот. Микрофонду дүнүйөлүк иштерде пайдаланууга болот. Бирок, аны менен азан, Курани карим, мавлид окуу ибадатты өзгөртүү, бидат болот. Азандын алыстан угулуусу үчүн микрофон колдонбош керек, мечит куруп, ал жердеги азанчылар өз алдынча азан айтууга тийиш.

Сахабалардан Анас бин Малик «радыйаллаху анх» бир күнү ыйлап отурган эле. Себебин сурагандарга: “Расулуллахтан үйрөнгөн ибадаттарымдын ичинде өзгөртүлбөгөн бир гана намаз калган

эле. Эми анын да өзгөртүлүп жатканын көрүп ыйлап жатам", - деп айтат. Б.а., "азыркы адамдардын көпчүлүгү намаздын шарттарын, важибдерин, сүннөт, мустахабтарын орундашпайт, макрух, муфсид, бидаттарынан сактанышпайт. Ошондуктан ыйлап жатам", - деп айткан. Алар – пайгамбарлардын, олуялардын, салих (чыныгы) момундардын улуулугун түшүнбөгөндөр. Алардын жолун четке кагып, жеке көз караштары боюнча ибататтарды өзгөртүп жатышат. Анас бин Маликтин «радыйаллаху анх» ыйлаганын себеби – намазга кошумчаларды киргизип, кээ бир жерлерин кыскартып, өзгөртүп жатышкандарды көргөндүктөн эле. Мына ошентип, сүннөт, б.а., Исламият өзгөртүлүүдө. Сүннөттү өзгөртүү – бидат.

Бир хадиси шарифте: **"Бир үммөт, пайгамбары кайтыш болгондон кийин динде бидат жасай турган болсо, ага окшош бир сүннөт жок болот",** - деп билдирилген. Б.а., куфурга себеп болбой турган бидат жасалса, ошол сыяктуу бир сүннөт ташталган болот.

Дагы бир хадиси шарифте: **"Бидатчы бидатын таштабаганча тообо кылууну Аллах ага насип кылбайт",** - деп билдирилген. Б.а., кимде-ким бир бидат чыгарса же болбосо башка бири тарабынан чыгарылган бидатты кылып жүрсө, бул бидатты туура деп эсептеп, андан сооп күтүп жүргөндүктөн тообо кыла албайт. Бул бидаттын зыянынан же куфурга себеп боло тургандыгынан эч кандай күнөөсүнө тообо кылуусу насип болбойт.

Бир хадиси шарифте: **"Аллаху таала динде бидат болгон нерсени кылган адамды ошол бидатты Аллах ыраазычылыгы үчүн таштамайынча анын эч кандай амалын (ибадатын) кабыл кылбайт",** - деп билдирилген. Б.а., акыйдада (ишенимде), амалда (ибадатта), сөздө, ахлакта бидат нерселерди кылуудан тыйылбаган адамдын ошол бидаттагы ибадаттары туура болсо да кабыл болбойт. Ибадаттардын кабыл болушу үчүн бул бидатты Аллаху тааладан коркуп, андан сооп күтүп же Анын ыраазылыгына жетүү үчүн таштоо керек.

Бир хадиси шарифте: "**Аллаху таала бидатчынын орозосун, ажылыгын, умрасын, жихадын, күнөөдөн баш тартуусун, адилеттүүлүгүн кабыл кылбайт. Камырдан кылдын оңой чыкканы сыяктуу ал Исламдан чыгат",** - деп айтылган. Б.а., ибадаты туура болсо да кабыл болбойт. Сооп жазылбайт. Себеби,

куфурга себеп болбой турган бидатты ибадат деп эсептеп орундоодо. Ал эми куфурга себеп боло турган бидат ээсинин ибадаты ансыз деле сахих (туура) болбойт, фарз, нафил ибадаттарынын эч бири кабыл кылынбайт. Бидат напсини, шайтанды ээрчип аткарыла тургандыктан аны жасаган адам Аллаху тааланын буйруктарына жана Исламга моюн сунуудан чыгат. Ыйман жүрөк менен болот. Ислам жүрөк жана тил менен болот. Ыйман жүрөккө таандык. Ал эми, Ислам жүрөк, тил жана дененин бардыгын камтыйт. Жүрөктөгү ыйман менен жүрөктөгү Ислам бирдей нерсе. Бидатчыны таштап кете турган Ислам – тил жана дене мүчөлөрдөгү Ислам. Бидат жолуна түшкөн адам напси менен шайтандын жолуна түшүп, аларга моюн сунат. Динге эч кандай өзгөртүү киргизбей, аны кандай болсо ошондой кабылдаганы менен буйруктарын орундоодо жалкоолук кылып, күнөө кылган адам бир гана фасык, б.а күнөөкөр болот, ал “бидатчы” же “бидат ээси” деп аталбайт. Ал эми, динге жаңыча бир нерсени киргизген же кээ бир ибадаттарды өз акылы менен кыскарткан, динден чыгарып таштаган адамдар фасык да, бидатчы да болот. Ушундай бидат жолунун өкүлү бул бидатын ибадат деп эсептейт, андан сооп күтөт. Ошондуктан, ушул бидаты хадисте айтылгандай туура кылынган ибадаттардын кабыл болушуна да тоскоол болот. Бидатчы эместердин ибадаттан сырткары кылган күнөөлөрү башка ибадаттарынын кабыл болушуна тоскоол болбойт.

Дагы бир хадиси шарифте: **“Менден кийин үммөтүмдүн ичинде бөлүнүүлөр пайда болот. Ал кездегилер менин сүннөтүмө жана рашид халифалардын сүннөтүнө баш ийсин! Динде пайда болгон** (бидат) **нерселерден алыс турсун! Динде жасалган ар бир** (жаңылык) **өзгөрүш бидат болот. Бидаттын баары адашуучулук. Жолдон адашкандардын барар жери – Тозоктун оту”,** - деп кабар берилген. Бул хадис Ислам үммөтүнүн ичине фитна (бүлүк) түшө турганынан, топторго бөлүнүп кете турганынан кабар берет. Алардын ичинде Расулуллахтын жана анын төрт халифасынын жолунда болгон жамаатты ээрчигиле деп айтат. Сүннөт – Расулуллахтын сөздөрү, бардык ибадаттары, иштери, ишеними, кулк-мүнөзү жана бир нерсени көргөндө ага тыюу салбашы.

Хадиси шарифте: “**Үммөтүмдүн арасында фитне-фасат тараган кезде менин сүннөтүмө жармашкан адамдарга жүз шейиттин**

**сообу берилет!”** - деп кабар берилген. “Б.а., адамдар напсин, бидаттарды жана өз акылын ээрчип, Исламдын сыртына чыккан кезде менин сүннөтүмдү карманган адамга кыямат күнү жүз шейиттин сообу берилет. Себеби, фитна-фасат тараганда, динде чындык менен жалган нерсе аралашып кеткен кезде Исламды кармануу – капырлар менен согушуу сыяктуу оор иш”, - деп айтылат.

Дагы бир хадиси шарифте: **“Ислам гарип** (эч кимисиз, көмөкчүсүз) **болуп башталды. Соңунда да гарип болуп калат. Ошол гарип адамдарга сүйүнчүлөр болсун! Алар адамдар бузган сүннөтүмдү оңдошот”,** - деп билдирилген. Б.а., “Исламдын алгачкы жылдарында көпчүлүк элдер мусулманчылыкты билбегени үчүн аны мазакташкан. Акыр заманда да динди билгендер азаят. Алар менден кийин өзгөртүлгөн сүннөтүмдү бидаттардан тазалашат. Бул максатта амри маруф жана нахйи анил мункар кылышат. Сүннөттү, б.а., Исламды кармануда башкаларга үлгү болушат. Ислам илимдерин туура жазып, китептерин таратуу менен алектенишет. Аларды тыңдай тургандар аз, каршы чыга тургандар көп болот. Ошол замандарда көпчүлүк сүйгөн дин адамдары – чындыктын арасына жаңылыштарды да аралаштырып сүйлөгөн, адамдарга напсине жаккан нерселерди айта турган адам болот. Анкени, бир гана чындыкты жана туура нерселерди айткандын душманы көп болот”.

Бир хадиси шарифте: “**Исраил уулдары 72 топко бөлүндү. Менин үммөтүм дагы 73 топко бөлүнөт. Алардын 72си отто күйөт, бирөө гана кутулат. Алар – менин жана сахабаларымдын жолун кармангандар”,** - деп айтылган. Б.а., Исраил уулдары динде 72 топко бөлүндү. Мусулмандар да динде 73 топко бөлүнөт. Алардын эч бирөөсү ыйманын жоготпосо да Тозокто көп убакытка болушат. Расулуллахтын жана анын сахабаларынын ишениминде болгон жана алар сыяктуу ибадат жасоочу топ гана Тозокко кирбейт. Ишеним-ыйман маселесинде ижтихад кылууда Расулуллах менен анын сахабаларынын ишениминен айрылган дин аалымдары ыйман келтирүү милдеттүү болгон жана бир добуштан бекитилген акыйдадан (ишенимден) бөлүнсө ыйманы кетет. Алар “мулхид” деп аталат. Ыйман келтирүү милдетүү эмес жана бир добуштан (иттифак) бекитилбеген ишенимден бөлүнсө ыйманын жоготпойт, ишенимде (акыйдада) бидатчы болот. Алар “ахли кыбла” деп да аталат.

Амал жана ибадат маселесинде ижтихад кылган кезде милдеттүү жана бир добуштан билдирилген ибадаттарга ишенбеген адам да ыймансыз, б.а мулхид болот. Бирок, милдеттүү жана бир добуштан билдирилбеген ибадаттардан баш тарткандар, эгер мужтахид аалым болсо гана сооп алат. Анткени, мужтахиддик даражасына жеткен аалымдын китептен жана сүннөттөн түшүнгөнү боюнча амал кылуусуна уруксат берилген. Туура тапса эки,ката кылса бир сооп алат деген кабар ушуларга байланыштуу. Мужтахид болбосо, амалда бидат өкүлү “мазхабсыз” болот. Себеби, мужтахид эмес адамдын ижтихад жасоосу болбойт. Ал бир мужтахиддин мазхабын кармануугa милдеттүү. Хадиси шарифте Пайгамбарыбыз: **“Ла илаха иллаллах деген адамды күнөө кылгандыгы үчүн капыр деп айтпагыла. Аны капыр деген адамдын өзү капыр болот”,** - деп айткан. Акыйдасы, ишеними, ахли сүннөт, б.а туура болгондугу үчүн Тозокко кирбей турган адам кылган күнөөлөрүнөн улам Тозокко кирүүсү мүмкүн. Эгер салих киши болсо, б.а., күнөөлөрүнө тообо кылган болсо же кечирилген, шапаат кылынган болсо, Тозокко эч качан кирбейт. Билүүсү милдеттүү болгон, б.а., мусулмандардын окубагандары да билген, аалымдар бир добуштан билдирген акыйда (ишеним) же ибадаттан бирин кабылдабаган адам ыймансыз жана муртад боло тургандыктан “Ла илаха иллаллах” деп айтса жана бардык ибадаттарды кылса, бардык күнөөлөрдөн сактанса да, ал адам таухид ээси жана ахли кыбла же болбосо бидатчы мусулмандардын эч бирине кирбейт.

## Куфур деген эмне?

Расулуллахтын айткан сөздөрүнүн бирөөнө болсо да ишенбегендик же болбосо туура экендигине шектенүү **“куфур”** деп аталат. Ушундай ишенбеген адам **“капыр”** деп аталат.

Жамандыктардын эң жаманы – Аллаху таалага ишенбөө, атеист болуу. Динибизде ыйман келтирүү керек болгон нерселерге ишенбөө куфур болот. Мухаммед (алейхиссалам) пайгамбарга ишенбөө куфур. Мухаммед пайгамбардын Аллаху тааладан алып билдирген нерселердин баарына жүрөктөн ишенип, тил менен тастыктап айтуу **“ыйман”** деп аталат. Айтууга кедерги боло турган нерсе болуп,

аны айтпоо кечирилет. Ыйманга жетиш үчүн Ислам дини куфур деп эсептеген нерселерден да сактануу кажет. Ислам өкүмдөрүнүн бирөөнө болсо дагы маани бербөө, Курани каримди, периштелерди, пайгамбарлардын бирин мазактоо – куфур. Каршы чыгуу, б.а., уккандан кийин аны кабыл албоо, ишенбөө, ырастабоо жана күмөн келтирүү да ыймансыздык болот.

**Куфурдун үч түрү бар:**

I. Ыйманды, Исламды укпагандыктан, ойлонбогондуктан ыймансыз болгондордун куфурлугу **"куфур-и жахли"** деп аталат. Жахлдын эки түрү бар: Биринчиси – жөнөкөй. Мындай адам жахилдигин (сабатсыздыгын) билет. Аларда ката акыйда болбойт. Айбан сыяктуу. Себеби, адамды айбандан айырмалаган нерсе - илим менен менен түшүнүк. Экинчиси – жахл-и мураккаб. Ал ката, бузулган ишеним. Грек философторунун жана мусулмандардан жетимиш эки тобунун ишенимдери ушундай. Бул биринчи сабатсыздыктан да жаман, дабасы жок оору сыяктуу.

II. **Куфр-и инади:** билип туруп өзүнүн айтканынан кайтпай ыймансыз болуу дегенди билдирет. Текебердик, атак-даңкка берилүүчүлүк же айыпталууда коркуудан чыга турган бул куфурлукка мисал катары Фараон жана жолдошторунун, Византия королу Гераклиустун куфурларын айтууга болот.

III. Куфурдун үчүнчү түрү – **куфр-и хукми.** Исламдын ыймансыздыктын белгиси деген сөздөрүн айткан же кылган адам жүрөгү менен тастыктап ишене тургандыгын айтса да ыйманы кетет. Ислам дини урматтабаган жаман нерсени урматтоо, урматтаган жакшы нерсени урматтабоо куфурлук болуп саналат.

Эркек же аял мусулман Ислам аалымдары бир добуштан куфурга себеп болот деп билдирген сөздөрдү же иштерди билип туруп, мажбурлоосуз өз каалоосу менен же чындап, күлдүрүү үчүн айтса же кылса, маанисин түшүнбөсө дагы ыйманы кетет, **"муртад"** болот. Бул **"куфр-и инади"** деп аталат. Куфр-и инади менен ыймансыз

болгон адамдын мурдагы ибадаттарынын сооптору өчүрүлөт. Тообо кылса да кайтарылбайт. Бай болсо, кайрадан ажыга баруугa тийиш. Муртад кезде окуган намаздарын, кармаган орозосун же берген зекетин каза кылбайт. Муртад болуудан мурдагы кылбагандарын каза кылат.

**Тообо кылуу үчүн бир гана шахадат калимасын айтуу жетишсиз. Куфур болгон нерсеге (ишине, сөзүнө) да тообо кылуу керек.** Исламдын кайсы эшигинен чыккан болсо, кайра да ошол эшиктен кирүүсү зарыл. Эгер куфурга себеп боло тургандыгын билбей айтса же кылса же куфурга себеп боло тургандыгы аалымдар арасында бир добуштан тастыкталбаган сөздү өз эрки менен эч кандай коркутуусуз айтса, анын ыйманы менен никесинин бузула тургандыгы күмөндүү болот. Ушул сыяктуу ыктымалдан алыс болуу үчүн ыйманын жана никесин жаңылап алганы туура болот. Жогорудагыдай сөздү билбей айтуу **“куфр-и жахли”**ге жатат. Билбестик шылтоо эмес, чоң күнөө болот. Себеби, **ар бир мусулмандын билүү керек болгон нерселерди үйрөнүүсү фарз.** Куфурга себеп болгон сөздү жаңылыштык менен же тавил менен[9] айткан адамдын ыйманы жана никеси бузулбайт. Бирок, ушундай болсо да тообо кылып, ыйманын жаңылап алганы жакшы болот. Никесин жаңылоосу шарт эмес.

Каалаган бир ыйман келтире элек киши калимаи таухид[10] айтуу аркылуу мусулман боло тургандыгы сыяктуу бир мусулман да бир сөз айтуу менен ыйманынан ажырайт.

Мусулман адамдын бир сөзүнүн же ишинин жүз мааниси болсо, б.а., анын кыймыл-аракеттери же сөзүнөн жүз нерсени түшүнүүгө болсо, алардын бири ал адамдын ыймандуу экендигине, калгандары ыймансыздыгына ишарат кылса, ал адамды мусулман деп айтуу керек. Б.а., куфурду билдирип турган 99 мааниге каралбайт. Ыйманды билдирген бир мааниге каралат. Бул сөздү жаңылыш түшүнбөш керек. Ал үчүн эки маселеге абдан көңүл буруу керек. Биринчиси, сөз менен иштин ээси мусулман болуусу керек. Мисалы, бир француз Кураны каримди мактаса же бир англичан “Аллах бир” деп айтса, бул аларды мусулман деп эсептөөгө себеп боло албайт.

9 Тавил – бир сөздү же ишти белгилүү болбогон алгачкы маанисинен башка бир мааниде колдонуу.

10 Таухид – Ла илаха иллаллах Мухаммадур расулуллах

Экинчиси, бир сөздүн же бир иштин жүз мааниси деп айтылды. Жүз сөздүн же жүз иштин бири ыйманды көрсөтүп, токсон тогузу куфурду билдирип турса, ал адамды мусулман деп айтылат делген жок. Ушуга көңүл буруу керек.

Ар бир мусулмандын ар бир сөзүндө, ар бир ишинде Аллаху тааланын буйруктары жана тыюулары, б.а., фарздары жана харамдарын көз алдында тутуу керек. Бир фарзды орундоого, бир харамдан сактанууга маани бербеген адамдын ыйманы кетет. Ыймансыз абалда өлгөн адам кабырда азап тартат. Акыретте Тозокко барат. Тозокто түбөлүк калат. Кечирилүүсүнө, Тозоктон чыгарылуусуна эч кандай мүмкүнчүлүк да болбойт. Ыймандан ажырап калуу өтө оңой. Ойлонбогон адам үчүн ар бир сөздө, ар бир иште ыймандан ажырап калуу ыктымалы жогору. Куфурдан да кутулуу өтө оңой. Эч кандай куфурга түшпөгөн болсо дагы же куфурдун себеби билинбесе дагы, күнүнө бир жолу "Эй, Раббим. Билип-билбей куфурга себеп болгон бир сөз айткан болсом же бир иш кылган болсом, ага өкүндүм. Мени кечире көр", - деп тообо кылса, Аллаху таалага жалбарса, албетте, кечирилет. Тозокко баруудан кутулат. Тозокто түбөлүк күйбөш үчүн милдеттүү түрдө күндө тообо кылуу керек. Ушул тоободон да артык маңыздуу милдет жок. Кул акысы аралашкан күнөөлөргө тообо кылган кезде ээлерине акыларын өтөө керек, окулбай калган намаздарга тообо кылганда карыз фарздардын да казаларын окуу керек.

Ар бир мусулман таңда жана кечинде мына бул ыйман дубасын окуусу керек:

**"Аллахумма инни аъузу бика мин ан ушрика бика шайан ва ана аламу астагфирука ли ма лаа аламу иннака анта алламул гуйуб".**

"Аллахумма инни уриду ан ужаддидал имана ван никаха таждидан би кавли ла илаха иллалах Мухаммадун расулуллах", - деп, тообо кылып, ыйманы менен никесин жаңыртуу керек.

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

### Мазхаб, мужтахид, фыкх

Бир мужтахид тарабынан чыгарылган өкүмдөрдүн жыйынтыгы “мазхаб” деп аталат. Ахли сүннөттүн жүздөгөн мазхабдарынын ичинде азыркы кезде төрт имамдын мазхабы гана китептерге толук жазылып, калгандары унутулуп кеткен. Мужтахид болбогондор бардык аракет жана ибадаттарында ушул төрт мазхабдын бирин кармануусу керек. Демек, Пайгамбарыбыздын жолу Курани карим менен хадистер аркылуу, б.а., сүннөт менен мужтахиддердин ижтихады аркылуу билдирилген жол болуп саналат. Бул үч далилден башка ошондой эле **“ижма-и уммат”** деп аталган төртүнчү далил да бар. Ал сахабалар менен табииндердин добуш бирдиги (бир добуштан макулдугу), б.а., көргөн, уккан кезде эч биринин каршылык көрсөтпөгөн, жокко чыгарбаган нерселери болуп эсептелет.

Ислам дини бизге ушул төрт далил жолу менен жетип келген. Динибиздин бул төрт далили **“адиллаи шария”** (шарияттын далилдери) деп аталат. Ушул төрт нерсеге негизделбеген нерселер бидат, ыймансыздык жана динсиздик болот. Сопулук, б.а., тасаввуф улууларынын жүрөгүнө келүүчү илхам, кашифтер (жүрөккө аян болгон илим) Ислам өкүмдөрү үчүн далил боло албайт. Кашифтер менен илхамдын тууралыгы анын Исламга ылайык болушу жана болбошуна карап өлчөнөт. Тасаввуфтун, олуялыктын жогорку даражаларына чыккан олуялар да илимсиз болгон төмөндөгү мусулмандар сыяктуу бир мужтахиддин жолунда болууга милдетүү. Баязид Бистами, Жунайди Багдади, Жалалиддин Руми жана Мухиддин Араби сыяктуу олуялар калган бардык мусулмандардын катарында бир мазхабды кармануу аркылуу жогору даражага көтөрүлүп, кемелге жетишкен. Ислам буйруктарына моюн сунуу бир дарак тигүүгө окшойт. Олуяларда пайда болгон илим, марифат (Жаратканды тануу илими), тажаллилер (көрүнүүлөр) Аллахты сүйүү жана Анын затына болгон махабат ошол дарактын мөмөлөрүнө окшойт. Албетте, дарак тигүүдөн максат – андан мөмө жемиш алуу. Бирок,

жемиш алуу үчүн дарак тигүү - шарт. Б.а., ыйман жок болсо жана Исламдын буйруктары аткарылбаса сопулук менен олуялыкка жетүү такыр мүмкүн эмес. Ибадатсыз, мазхаб өкүмдөрүнө моюн сунбай, харам-адалга көңүл бурбай бир гана зикир чалуу аркылуу жеттим деп айткандар зындык (динден кайткан) жана динсиз болушат. Мындай адамдардан арстандан качкандай качып, алыс болуу керек. Арстан кармаган адамдын бир гана жанын алат. Ал эми жогоруда аталган динсиздер болсо адамдын динин жана ыйманын уурдайт.

Рукнеддин Чашти **“Маражул бахрейн”** деп аталган китебинде Ахмад Зарруктан накыл кылып мындай дейт: төрт мазхаб имамдарынын бири болгон Имам Малик бин Анас «рахметуллахи алейх» айтты: “Фыкыхты үйрөнбөй, сопулук менен, тасаввуф менен алектенген адам динден чыгып **“зындык”** болот. Фыкыхты үйрөнүп, сопулуктан, тасаввуфтан кабары жок адам **“бидатчы”** болот. Экөөнө да ээ болгон адам акыйкатка жетет”. Фыкыхты туура үйрөнүп, тасаввуфтун (сопулуктун) даамын сезген адам кемел адам болот. Тасаввуф өкүлдөрүнүн бардыгы кемелдик даражага жетүүдөн мурда бир фыкх аалымынын мазхабын карманып, ошол мазхаб өкүмдөрүн орундап, такыбаа болушкан. Мисалы, белгилүү олуялардын бири болгон Жунайди Багдади – Суфйан Севринин мазхабында эле (бул мазхаб кийин унутулган). Абдулкадир Гейлани – Ханбали мазхабында, Абу Бакр Шибли – Малики мазхабында, Имами Раббани, Жарири, Ахмед Йассави – Ханафи мазхабында, Харис Мухасиби болсо – Шафии мазхабында эле (каддасаллаху таала асрарахум).

## Мужтахид

Сейийд Абдулхаким Арваси **“Асхабы кирам”** аттуу китебинде мындай дейт: “Ижтихад деп – адамдын күчү жеткенче кыйланып, тер төгүп, эмгектенүүсүн айтат. Б.а., Курани карим жана хадиси шарифтерде мааниси ачык айкын болбогон өкүмдөрдү жана маселелерди ачык жана толук түшүндүрүлгөн маселелер менен салыштыруу аркылуу, өкүм чыкарууга аракет кылуу **“ижтихад”** деп аталат. Бул ишти бир гана пайгамбарыбыз Мухаммед (алейхиссалам)

жана аны бардык сахабалары менен мусулмандар ичинде ижтихад даражасына көтөрүлгөндөр гана аткара алат. Бул жогорку даражалуу аалымдар **“мужтахид”** деп аталат. Аллаху таала Курани каримдин бир канча жеринде ижтихад кылууну буюрат. Андай болсо, мааниси айкын билинбеген аяттар жана хадистердин ичиндеги диний өкүмдөр жана маселелерди жети өлчөп бир кескен жогорку таланты менен түшүнө алган улуу адамдар, б.а., мутлак мужтахиддердин ижтихид жасоолору фарз болуп эсептелет.

Мужтахид болуу үчүн араб тилине тийиштүү жогорку илимдерди билүү, Курани каримди жатка билүү, ар бир аяттын түрдүү маанилерин билүү жана аяттардын келген убакыттары менен келүү себептерин, кандай түрдө экендигин, насихби же мансухбу, мукаййад же мутлакбы, кыраати саба, кыраати ашара (жети жана он түрдүү окуу ыкмасы) жана кыраати шазза менен (Курандын анча таанымал болбогон окуу түрү) кандайча окула тургандыгын билүү, Кутуби ситтадагы (атактуу алты Хадис жыйнагы) жана башка хадис китептериндеги жүз миңдеген хадисти жатка билүү жана ар бир хадистин качан, эмне үчүн айтылганын, маанилерин канчалык көлөмдүүлүгүн, кайсынысы кайсынысынан мурда же кийин айтылганын, ага тийиштүү окуялардын, кандай жагдай жана кандай окуянын үстүндө айтылгандыгын, кимдер тарабынан накыл жана риваят кылынгандыгын (жеткизилген, билдирилген), жеткизген адамдардын кандай адамдар экендигин, өмүр баяндарын, кулк-мүнөзүн билүү, фыкх аалымдарынын адистиктерин жана эрежелерин билүү, он эки илимди жана Кураны карим менен хадиси шарифтердин ишараттарын, румуздарын (белгилерин), ачык жана каймана маанилерин түшүнүү, ошол маанилердин рухуна бекем сиңген болуусу, күчтүү ыйман ээси болуу, итминанга (толугу менен тарбияланган, тазарган, ишенимге бөлөнгөн) толгон таза жүрөк менен ар-намыска ээ болуу керек.

Ошол өзгөчөлүктөрдүн бардыгы бир гана сахабаларда жана андан кийинки эки жүз жыл ичинде чыккан кээ бир ахли сүннөт аалымдарында бар эле. Кийин башкача көз караштар, ойлор пайда болуп, бидаттар тарады. Мындай улуу адамдар азайып барып, төрт жүз жылдан кийин жогоруда айтылган шарттарга жооп бере алуучу, ошолор сыяктуу мутлак мужтахид болуп таанылган эч ким чыккан жок”.

Хижраттан 400 жыл кийин мужтахиддерге муктаждык да сезилген жок. Себеби, Аллаху таала жана Расулу Мухаммед пайгамбар (алейхиссалам) кыяматка чейинки жашоо салттарында жана техникада боло турган өзгөрүүлөрдүн баарын камтыган бүт өкүмдөрдү адамзатка билдирген. Мужтахиддер да алардын баарын түшүнүп, түшүндүрмө жасашкан. Кийин келген аалымдар бул өкүмдөрдүн жана окуяларда кандайча колдоно тургандыгын тафсир жана фыкх китептеринде жазышат. **“Мужаддид”** деп аталган мындай аалымдар кыяматка чейин болуп турат.

“Техникалык инструменттер өзгөрүүдө, жаңы кубулуштарга жолугуудабыз”, - деп аяттарга жана хадистерге өзгөртүүлөр киргизүү керек деп айтуучу кишилердин Ислам дининин душманы – зындыктар[11] экендиги маалым болот.

Ислам өкүмдөрүн үйрөткөн илим **“фыкх”** деп аталат. Фыкх илимин билген аалымдар **“факих”** деп аталат. Фыкх илими адамдардын кылууга тийиш жана сактанууга тийиш болгон нерселерди үйрөтөт. Фыкх илими Курани каримден, хадиси шарифтерден, ижмаи уммат (үммөт аалымдарынын бир добуштан макулдугу) жана кыястан турат. Фыкх илиминин ушул төрт негизи **“адиллаи шария”** деп аталат. Мужтахиддер ушул төрт негизден өкүм чыгарган кезде **мазхаб**дарга бөлүнгөн. Сахабалар менен алардан кийинки кылымда келген мужтахиддер **“салаф-ус-салихин”** (салих, ишеничтүү кишилер) деп аталат. Алардын бир добуштан айткан маселелери **“ижма-и уммат”** деп аталат. Курани каримден же хадиси шарифтерден же болбосо ижмаи умматтан салыштыруу жолу менен чыгарылган Ислам өкүмдөрү **“кыяси фукаха”** деп аталат.

Бир иштин халал же харам экенин кыяс аркылуу билүү үчүн халал же харам экендиги ачык айкын белгилүү болгон башка иш менен салыштырылат. Ал үчүн ошол ишти харам же халал кылган себеп биринчи иште да болушу керек. Мужтахиддердин жалгыз төрт мазхабы гана китептерде толук жазылып, калгандары унутулган. Ошондуктан, азыркы кезде ахли сүннөттүн амалдагы төрт мазхабы бар: Ханафи, Малики, Шафии, Ханбали мазхабдары.

11 Зындык – эч бир динге ишенбеген, бирок, Исламды ичинен бузуу үчүн мусулман болуп көрүнүп жүргөн, куфур жана динсиздикти дин деп ваазлаган (айткан, насаат кылган) дин душманы, мунафык.

Фыкх илимин негиздеген, алгач калыпташтырган адам – Имам Азам Абу Ханифа «рахметуллахи таала алейх».

**Фыкх илими негизги төрт бөлүмгө бөлүнөт:**

1. Ибадат: намаз, орозо, зекет, ажылык, жихад болуп бешке бөлүнөт. Бул ибадаттар тууралуу ахли сүннөт аалымдарынын **фыкх китептерин**де кеңири жазылган. Жихад – адамдарды Ислам динине чакыруу, аны кабыл кылбагандар жана ушул чакырууну угулуусуна, уккандардын ыйман келтирүүсүнө тоскоол болгон заалымдардын аскери менен согушуу дегенди билдирет. Согуш мамлекеттер тарабынан жасалат. Мамлекеттин аскери согушат. Согушкандарга (б.а., өкмөткө, аскерге) мал-дүйнөсү менен идея менен (сөз жана жазуу менен), алардын катарына кошулуу менен, дуба кылуу менен көмөктөшүү да жихад болуп эсептелет. Хадиси шарифте: **"Капырларга каршы мал-жандарыңар жана тилдериңер менен жихад кылгыла!"** - деп айтылган.

Исламдын беш шартынан кийин ибадаттардын эң маанилүүсү – жихад. Шейит болгон адамдын кул акысынан башка бардык күнөөлөрү кечирилет. Кул акысын да Аллаху таала кыяматта ээлерине соопторду, сыйлыктарды берүү менен кечиртет. Жихадда, ажылыкка бара жатканда жана чек арада туруп кайтыш болгондорго кыяматка чейин ошол ибадаттарынын сообу үзгүлтүксүз жазылып турат. Денелери чирибейт. Ар бири кыямат күнүндө жетимиш адамга шапаат кылат. Абдулгани Наблуси «рахметуллахи алейх» **"Хадика"** китебинде: "Сууда чөгүп шейит болгон адамга жерде шейит болгон адамдан эки эсе көп сооп жазылат", - деп жазылган.

Хадиси шарифте: **"Ок атуу жана атка минүүнү үйрөнгүлө!"** - деп айтылган. Бир хадиси шарифте: **"Ок атууну үйрөнүп, аны кийин унуткан адам бизден эмес",** - деп айтылган. Дагы бир хадисте: **"Оюн-зооктун пайдасы жок. Бир гана ок атууну үйрөнүү үчүн, ат минүүнү үйрөнүү үчүн жана жубайы менен (таттуу өмүр сүрүү үчүн) ойноого болот",** - деп билдирилген. Б.а., аталган оюндар пайдалуу жана керек нерселер. Бул хадистер согуш куралдарынын баарын даярдоо жана

колдонууну тынчтыкта ишке ашырууну буюрган. Мындан жихадга даярдануунун ибадат экендигин түшүнүүгө болот.

2. **Мунакахат:** Үйлөнүү, ажырашуу, нафака сыяктуу дагы бир канча бөлүмдөрдү камтыйт.
3. **Муамалат:** Муамалат – соода-сатык, жалдоо, шериктештик, процент, мурас жана бир канча бөлүмдөрдөн турат.
4. **Укубат:** Укубат – шарият боюнча бериле турган жазаларды билдирет. Ал алты топко бөлүнөт. Адам өлтүрүү, ичимдик ичүү, уурулук кылуу, зина кылуу, таза, намыстуу аялга жалаа жабуу, динден чыгуу жазалары.

Фыкхтын ибадат бөлүмүн үйрөнүү ар бир мусулманга фарз. Мунакахат жана муамалат бөлүмдөрүн үйрөнүү – фарзы кифайа. Б.а., ушул жагдайларга туш келгендерге гана үйрөнүү фарз. Ар бир мусулман фыкхтын төрт бөлүмүн Исламдын негизинде орундоого тийиш. Мисалы, мусулмандар ушур (талаадан алынган түшүмдүн зекети) берүүсү керек, мусулман эмес жана динден чыккан аялдардын аврат жерлерине, баш, кол, буттарына кароо да харам.

Тафсир, хадис жана калам илимдеринен кийин эң маанилүү илим фыкх болуп саналат. Фыкх илимин окуу – түндө нафил намаз окуудан да сооптуу иш. Аалымдардын өзүнөн окуп үйрөнүүнүн да жалгыз үйрөнүүдөн сообу көп. Төмөндөгү алты хадис фыкх илиминин кадырын көрсөтөт:

**“Аллаху таала бир кулуна жакшылык кылууну кааласа, аны динде факих кылат”.**

**“Кимде-ким факих болсо, Аллаху таала анын каалаган нерсесин, ырыскысын күтпөгөн жерден жиберет”.**

“Аллаху тааланын эң улуу деп эсептеген адамы – динде факих болгон адам”. Имам Азамдын улуулугун билдирүүгө ушул хадистин өзү да жетиштүү.

**“Шайтанга каршы бир факих миң абидден** (көп ибадат кылган адам) **да күчтүү”.**

**“Бардык нерсенин тиреги бар, диндин негизги тиреги – фыкх илими”.**

## “Ибадаттардын эң маанилүүсү – фыкхты үйрөнүү жана үйрөтүү”.

Ханафи мазхабындагы Ислам өкүмдөрү сахаба Абдуллах ибн Масуд менен «радыйаллаху таала анх» башталган жолдун негизинде чыгарылган. Б.а., мазхабдын башчысы болгон **Имам Азам Абу Ханифа** фыкх илимин **Хаммад**дан, Хаммад **Ибрахим Нахаи**ден, ал **Алкамадан**, Алкама **Абдуллах бин Масуд**дан, ал болсо **Расулуллах**тан «саллаллаху таала алейхи васаллам» алган.

Имам Абу Юсуф, Мухаммед Шайбани, Зуфар бин Хузайл жана Хасан бин Зияд «рахимахумуллах» бардыгы – Имам Азамдын шакирттери. Алардын ичинде Имам Мухаммед дин жаатында миңдеген китеп жазган. Шакирти болгон Имам Шафиинин энеси менен никелешкендиктен кайтыш болгондон кийин анын китептери Имам Шафиге мурас калып, Имам Шафинин илимин артуусуна себеп болгон. Бул тууралуу Имам Шафии: “Ант берип айтам, фыкхтагы илимим Имам Мухаммеддин китептерин окуу менен көбөйдү. Фыкх илимин көбөйтүүнү каалаган адам Абу Ханифанын шакирти менен бирге болсун”, - деп айткан. Дагы бир жолу: “Бардык мусулмандар Имам Азамдын үй-бүлөсү, перзенттери сыяктуу”, - деген. Б.а., адам үй-бүлөсү, бала-бакырасы муктаж болгон нерселерин таап келүүгө милдеттүү болгону сыяктуу Имам Азам да адамдар муктаж болгон дин илимдерин ачыкка чыгарып берүүнү өз моюнуна алган, ошентип, адамдарды кыйын маселеден куткарган. Имам Шафинин бөлөк бир мазхаб кургандыгы Имам Азамды жактырбагандыгы же андан бөлүнүүсү дегенди билдирбейт. Сахабалардын да ар биринин бөлөк мазхабдары бар эле. Ушуну менен катар алар бири-бирин өтө катуу сүйүп, урматташар эле. “Фатх” сүүрөсүнүн соңку аяты буга далил.

Имам Азам Абу Ханифа «рахметуллахи таала алейх» фыкх илимдерин жыйнап, бөлүмдөргө ажыратып, эрежелерге жана системага койгону сыяктуу, Расулуллахтын “алейхиссалам” улуу Сахабаларына (рыдвануллахи таала алейхим ажмаин) билдирген ишеним, ыйман, акыйда илимдерин да жыйнап, жүздөгөн шакирттерине үйрөттү. Шакирттеринен **“илми калам”,** б.а., ыйман жаатында адистер жетилип чыккан. Алардын ичинен Имам

**Мухаммед Шайбани**нин шакирти **Абу Сулайман Журжани** жана анын шакирти **Абу Бакр Журжани** таанымал аалымдар эле. Анын да шакирти болгон **Абу Насыр Ияд** калам илиминде **Абу Мансур Матуриди**ни тарбиялап чыгарган. Абу Мансур Имам Азамдан келген калам илимдерин китептерге жазган. Ишенимде, итикадта мазхаб имамы болду. Туура жолдон тайгандар менен күрөшүп, ахли сүннөт ишенимин кубаттандырып, туш тарапка жайды.

## Мазхаб имамдары

### Итикадда (ишенимде) мазхаб имамдары

### Имам Абу Мансур Матуриди

Ал – ахли сүннөттүн ыймандагы имамдарынын бири. Самаркандга караган Матурид айылында дүйнөгө келген. Туулган жылы белгисиз. Хижраттын 333-жылы (м.944) Самаркандда кайтыш болгон.

Абу Мансур Матуриди Имам Азам Абу Ханифадан жетип келген ыйман илимдерин жыйнап, өзүнөн кийин келгендерге жеткирген. Имам Азам Абу Ханифа сахабалардан үйрөнгөн ыйман илимдерин шакирттерине үйрөткөн. Белгилүү шакирти Имам Мухаммед Шайбани тарбиялаган Абу Бакр Журжани калам-ыйман илиминде дүйнөгө таанымал болду. Анын шакирти Абу Насыр Ияд Абу Мансур Матуридини тарбиялап чыгарды. Абу Мансур Матуриди ахли сүннөттүн итикад жаатында мужтахид болгон.

Абу Мансур Матуриди Аббаси мамлекети алсызданып, ар түрдүү ишеничтеги топтордун арасында күрөштөр өтө күчөп, арта баштаган доордо жашаган. Ахли сүннөт ишенимин колдоп, аны анык түшүндүрүп, жайган. Мусулмандардын ушул туура ишенимди карманууларын камсыз кылган. Бул маселеде колдонгон усулу - Имам Азам Абу Ханифанын **“Фикхи акбар”, “ар-Рисала”, “ал-фикх-ул-Абсат”** аттуу китептеринде билдирилген ыйман-ишеним маалыматтарын акылдык жана накылдык далилдер менен түшүндүрүп, классификациялоо гана болгон.

Асхабы кирамдын[12] арасында ыйман маселесинде эч кандай келишпестик, айырмачылык болгон эмес. Алардын ыйманы пайгамбарыбыз Мухаммед (алейхиссалам) билдирген ыйман менен бирдей эле. Андан кийинки кылымдардагы мусулмандар арасында ыйман маселеси боюнча кээ бир айырмачылыктар пайда болду. Ыйман маселесинде бидат чыгарган, башкача ишенимге бурулуп кеткен бидатчы топтордун саны жетимиш экиге жетти. Алар Курани каримдин муташабих (жашыруун маанилүү) аяттарын жеке түшүнүктөрү боюнча тавил кылууга тырышты. Байыркы инд жана грек философторунун кээ бир ишенимдерин алууга аракет кылышкан. Сахабалардын арасындагы ижтихад айырмачылыктарды өздөрүнүн кыска көз караштары менен түшүндүрүүгө аракет кылышты. Тагдырга ишенбегендер, пенделер иштеринде эрктүү эмес, мажбур дегендер, сахабаларга душман болгондор, Расулуллахтын шапаатына, үммөттүн кутулуусуна васила (себепчи) боло тургандыгына ишенбегендер көбөйдү.

Ал эми, Курани карим жана хадиси шарифтерде ыйманда топторго бөлүнүүнүн жаман нерсе экенин кайра-кайра үгүттөп эскертилген. Аллаху таала **“Ниса”** сүрөсүнүн 114 аятында: **“Туура (ыймандуулукту) жолду окуп билгеден кийин Пайгамбарга моюн сунбай момундардын жолунан айрылган адамды адашкан жолуна карай сүйрөп эң жаман орун болгон Тозокко таштайбыз”,** - деп айтылган. **“Али-Имран”** сүрөсүнүн 103-аятында: **“Баарыңар Аллахтын жибинен** (Курани карим) **бекем кармангыла, топторго бөлүнбөгүлө!” -** деп айтылган.

Пайгамбарыбыздын бир хадисинде: **“Бани Исраил”** (Исраил уулдары – яхудилер) **жетимиш бир топко бөлүнгөн эле. Алардын жетимиши Тозокко барып, бирөө гана кутулду. Насара (христиандар) да жетимиш эки топко бөлүндү. Анын жетимиш бири Тозокко барды. Бир аз убакыттан кийин менин үммөтүм да жетимиш үч топко бөлүнөт. Анын жетимиш экиси Тозокко барып, бирөө гана кутулат”. Сахабалар кутулган бул топтун кимдер экенин сураганда: “Тозоктон кутула турган топ Менин жана сахабаларымдын жолу менен жүргөндөр”, -** деп жооп берген.

Мына ошентип, ахли сүннөт ишениминин негизин салган киши Пайгамбарыбыз болуп эсептелет. Сахабалар ыйман маселесинде

12 Асхабы кирам – Пайгамбарыбызды көргөн мусулмандардын жалпы аталышы. Сахабалар.

илимин ушул булактан алышкан. Табиини изам[13] жана төрт мазхабдын имамдары ушул ыйман маселелерин сахабалардан үйрөнгөн. Төрт мазхабдын имамдарынын бири болгон Имам Азам Абу Ханифа үйрөткөн ыйман маселелерин Абу Мансур Матуриди жыйнаган. Имам Шафинин үйрөткөн ыйман илимдерин Абул Хасан Ашари жыйнаган. Бул эки имам ахли сүннөттүн итикаддагы (ишеним) имамдары деп аталат. Алардын жыйнап, ireттеген ыйман маселелери **"ахли сүннөт ишеними"** деп аталат.

Абу Мансур Матуридинин Самарканддагы кабырын Совет мезгилинде орустар тарабынан бир яхудиге сатылган эле. Ошондуктан яхудинин участкасы ичинде калып, өтө жаман абалга келип калган эле. Стамбулдан келген Ихлас фирмасы бул жагдайды көрүп, ошол участокту х.1446 (м.1996-жылы) еврейден отуз миң долларга сатып алып, бузулган кабырды кайра калыбына келтирген.

## Имам Абул Хасан Ашари

Ал – ахли сүннөттүн итикаддагы (ишенимдеги) имамдарынын бири. Чыныгы аты – Али бин Исмаил. Сахаба Абу Мусал Ашаринин «радыйаллаху анх» урпагы. Хижраттын 260-жылы (м.873) Басрада туулуп, х.324-жылы (м.936) Багдадда кайтыш болгон. Өгөй атасы Абу Жибаи Мутазила бидат сектасынын аалымы эле. Абул Хасан Ашари алгач ошол өгөй атасынан илим алып, мутазила сектасында эле. Кийин тообо кылып, ахли сүннөт аалымы болду. Элүү беш чакты китеби бар. Курани каримге кылган тафсиринин өзү гана жетимиш томдон турат. Мутазила, Харижи жана Шии бидат топторуна каршы алардын адашкандыгын Куран жана хадистер менен далилдеп, китептерди жазган. Ал Имам Шафии хазиретинен келген ыйман илимдерин жайган. Абу Бакр Бакиллани, Абу Исхак Исфараини, Абу Исхак Ширази, Имам Газали жана **"Милал ва Нихал"** китебинин автору Мухаммед Шихристани сыяктуу аалымдар Ашари мазхабында эле.

Абу Мансур Матуриди менен Абул Хасан Ашари экөө, эки башка мамлекетте вааз кылган ыйман (итикад-акыйда) жолу Пайгамбарыбыздын сахабаларына, алардын табииндерге жана мазхаб

13 Табиин-ул-изам – Сахабаларды көргөн мусулмандар.

имамдарына үйрөткөн ишеними болуп эсептелет. **Ахли сүннөт вал жамаат** ишеними деп аталган жалгыз туура ишеним ушул.

(ЭСКЕРТҮҮ: Азыркы күндө пайда болгон кээ бир мазхабсыздар мусулмандардын арасында өздөрүн ахли сүннөтпүз деп көрсөтүү үчүн Матуриди жана Ашариден кийин үчүнчү (!) ыйман мазхабы катары "Салафи" сектасын көрсөтүүдө. Андай жаман ниеттүүлөргө алданып калбоо керек).

## Салафилик

Акыркы кезде кээ бир адамдардын оозунан **"Салафийа (жолу)"** деген сөз көп угулуп жатат. Мусулмандар мына ушул нерсени жакшы билүүгө тийиш, **<u>Исламда Салафийа мазхабы деген нерсе такыр жок!</u>** Исламда бир гана **салафи салихин**дин мазхабы (жолу) бар. <u>Салафи салихин – хадиси шарифте макталган, алгачкы эки кылымда жашаган мусулмандардын жалпы аталышы.</u> Үчүнчү жана төртүнчү кылымдын Ислам аалымдары **"халафи садыкин"** деп аталат. Бул кадырлуу кишилердин ишеними **"Ахли сүннөт вал жамаат мазхабы"** деп аталат. Бул жол – ишеним, ыйман, акыйда мазхабы. Салафи салихиндин, б.а., сахабалар менен табииндердин ыймандары бирдей болчу. Ишенимдеринде эч кандай айырмачылык жок. Азыр дүйнө жүзүндөгү мусулмандардын басымдуу көпчүлүгү ахли сүннөт мазхабында. Жетимиш эки бидат топторунун бардыгы экинчи кылымдан кийин пайда болгон. Кээ бирлеринин негиздөөчүлөрү мурда жашаган болсо да, китептеринин жазылып, башка фырка (секта) катары пайда болуусу жана ахли сүннөткө каршы чыгуулары Табиини изам доорунан кийин башталды.

Ахли сүннөт ишениминин негиздөөчүсү - Мухаммед алейхиссалам. Ыйман илимдерин сахабалар ушул булактан алышкан. Табиини изам аны сахабалардан алды. Кийин келгендер табииндерден алышкан. Мына ушундай жол менен ахли сүннөт ишеним илими бизге чейин накыл жана таватур[14] жолу менен жетип келди. Бул илимдерди акыл менен табуу мүмкүн эмес. Акыл аларды өзгөртө албайт. Акыл бир гана түшүнүүгө көмөктөшөт. Б.а., аларды түшүнүү, туура экенин, баркын билүү үчүн акыл керек. Хадис аалымдарынын бардыгы

14 Таватур – туура эмес бир маселеде биригүүлөрү мүмкүн болбогон ар кылымдагы эң ишеничтүү адамдардын бардыгынын бирдей кабар берген нерселери.

ахли сүннөт ишениминде болгон. Амалдагы төрт мазхабдын имамдары да ошол мазхабдын өкүлдөрү болушкан. Ишенимде мазхаб имамдары имам Матуриди жана Ашари ушул мазхабда болуп, аталган жолду үгүттөшкөн. Жолдон тайгандарга, байыркы грек философиясынын баткагына батып калган материалисттерге каршы ушул бир мазхабды коргошту. Ушул эки улуу аалымдын жашаган доору бир болгону менен башка жерлерде болгондуктан жана каршы чыккандардын түшүнүктөрү менен аракеттери ар түрдүү болгондуктан үгүттөө, колдоо системалары жана сындары бири-биринен айырмаланат. Бирок, бул алардын мазхабдарынын эки башка экендигин билдирбейт. Алардан кийин келген жүз миңдеген аалымдар жана олуялар ушул эки улуу имамдын китептерин изилдеп чыгуу аркылуу ал экөөнүн да ахли сүннөт мазхабында экендигин бир добуштан айтышкан. Ахли сүннөт аалымдары маанилери ачык **“Насс”**тарды (аяттар жана хадистерди) айкын маанилери менен алган. Мажбурлук болмоюнча андай аяттарга жана хадистерге **тавил** (өзгөчө түшүндүрмө) жасашкан эмес, ошол маанилерин өзгөртүшкөн эмес. Жеке илимдери жана ойлору боюнча өзгөртүүлөрдү киргизген эмес. Адашкан топтордун өкүлдөрү жана мазхабсыздар болсо, грек философторунан жана дин душмандарынан уккандарын ээрчип, ыйман жана ибадат маселелерине өзгөртүү киргизүүдөн тартынышкан эмес. Миссионелердин кылымдардан бери кылган аракеттери жана англис империясынын жиркеничтүү саясаты жана ар түрдүү материалдык күчтөрдү жумшоо аркылуу Ислам дининин коргоочусу болгон, ахли сүннөт аалымдарынын «рахметуллахи таала алейхим ажмаин» кызматчысы болгон Осмон мамлекети талкаланып жок болгондон кийин мазхабсыздар аны жакшы мүмкүнчүлүк деп билишти. Айрыкча, ахли сүннөт аалымдарына сөз сүйлөө укугу берилбей турган элдерде, мисалы, кээ бил араб элдеринде жалгандар жана куулуктар менен ахли сүннөткө жалаа жабылып, Исламды ичкериден жыгууга аракет кыла башташты. Бул элдерден таратылган алтындар, ушул фитнанын дүйнө жүзүнө таралуусун камсыз кылды. Пакистан, Индия жана Африка элдеринен келген кабарларга караганда диний маалыматы жок, Аллахтан коркпогон кээ бир дин адамдары (!) ушундай фитналарга ат салышканы жана колдоо көрсөткөндүгү үчүн жогору кызматтык орундарына, мал-

мүлккө ээ болушту. Андан да жаманы жаштарды алдап, ахли сүннөт мазхабынан чыгаруу үчүн кылган кыянаттарынын аркасында чоң байлыктарга ээ болушту. Медреселердеги шакирттерди, мусулман балдарды алдоо үчүн китептерди жазышты. Бул китептеринде бир мазхабды кармануу фанатизм деп жаман көрсөтүп, ахли сүннөт аалымдарына, алардын эмгектерине чабуул жасап жатышат.

Салафи салихиндин заманында жана алардын жолун жолдоочу болгон мужтахид аалымдардын доорунда, б.а., 400-жылдын аягына чейин жашоо шарттарында өзгөрүүлөр болуп, жаңы окуялар пайда болгондон соң мужтахид аалымдар күнү-түнү эмгектенишип, ал ишти кандай кылуу керектигин **адиллаи шарийа** деп аталган төрт булактан **(Курани карим, хадис, ижмаи уммат, кыясы фукаха)** издеп таап чыгарышкан. Калган бардык мусулмандар болсо, бул ишти өз мазхаб имамдарынын билдиргени боюнча жасашчу эле. Бул ишти жасагандар он же бир сооп алышчу эле. Себеби, хадисте ушундай айтылган. 400-жылдан кийин дагы мусулман ааламы мужтахиддердин ошол ижтихадтарына багынышкан. Бул көп кылымдар бою эч бир мусулман эч кандай маселеде кыйынчылыктарга туш келген эмес. Кийин мужтахиддердин жетинчи баскычында да аалым чыкпагандыгы үчүн эми төрт мазхабдын биринин аалымдарынын китептерин окуп, түшүнө алган мусулмандан же анын котормо китептеринен үйрөнүп, ибадаттарыбызды ага ылайык орундап, анын негизинде жашообуз кажет.

Аллаху таала бардык нерсенин өкүмүн Курани каримде билдирди. Анын улуу пайгамбары болгон Мухаммед алейхиссалам бул өкүмдөрдү сахабаларына түшүндүрүп берди. Ал эми ахли сүннөт аалымдары аларды сахабалардан үйрөнүшүп, китептерине жазышты. Азыр бул китептер дүйнөнүн бардык жеринде бар. Дүйнөнүн бардык жеринде кыяматка чейин пайда боло турган ар бир жаңы нерсенин кандайча колдонулушу ошол китептеги илимдер менен салыштыруу аркылуу чечилет. Анын бул өзгөчөлүгү – Курани каримдин мужизасы жана Ислам аалымдарынын керемети. Бирок, эң маанилүүсү – туш болгон бир иштин кандайча орундалышын ахли сүннөт болгон бир мусулмандан сурап билүү керек. Мазхабсыз дин адамынан суралса, фыкх китептерине каршы болгон жооп берип, адамдарды терс тарапка багыттайт.

Араб элдеринде бир канча жыл туруп, араб тилин үйрөнүп, ал жерде өмүрүн оюн-зоок менен өткөргөндөн кийин бир мазхабсыз адамдан, ахли сүннөттүн душманынан мөөр басылган диплом алып, Пакистанга, Индияга жиберилген мазхабсыз, илимсиз адамдар жаштарды алдоого аракет кылып жатышат. Алардын жасалма дипломдорун, арабча сайрап жатышканын көргөн жаштар аларды дин аалымы деп ойлошу мүмкүн. Бирок, алар бир фыкх китебин түшүнө алышпайт. Китептердеги фыкх маселелеринен такыр эле кабарсыз. Мурда Ислам аалымдары өздөрүнөн суралган суроолорго фыкх китептеринен издеп таап жооп беришкен. Туура жолдон адашкан дин адамдары фыкх китептерин окуп, түшүнө албагандыктан өз оюна келген нерсени айтып, адамдарды адаштырат. Алардын Тозокко баруусуна себепчи болот. Ошондуктан да, Пайгамбарыбыз: **“Аалымдардын мыктысы – адамдардын да эң мыктысы. Аалымдардын жаманы – адамдардын да эң жаманы”,** - деп айткан. Бул хадиси шариф ахли сүннөт аалымдарынын адамдардын эң мыктысы экенин көрсөтөт. Ал эми, мазхабсыз да – адамдардын эң жаманы. Себеби, биринчилер адамдарды Расулуллахтын жолун кармануута, б.а., Бейишке, ал эми экинчилер болсо адамдарды өздөрүнүн бузуку ойлорун кармануута, б.а., Тозокко тартууда.

Сахабалардан кийин адамдардын эң улуусу – сахабаларды көргөн жана алардын сухбаттарына катышкан мусулмандар болуп эсептелет. Алар **“табиин”** деп аталышат. Алар бардык илимдерин асхабы кирамдан алган. Табииндеи кийин адамзаттын эң жакшылары – табииндерди көргөн жана алардын сухбаттарына катышкан мусулмандар. Алар **“таба-и табииндер”** деп аталат. Алардан кийинки кылымдарда кыяматка чейинки адамдардын эң мыктылары аларга моюн сунгандар, алардын билдиргендерин үйрөнүп, алардын жолдору менен жүргөн мусулмандар болуп саналат. Салафи салихинден кийин келген дин адамдарынын арасында сөздөрү менен иштери Расулуллахтын жана Салафи салихиндин билдиргенине шайкеш, ыйманда жана амалда алардын жолунан айрылбаган акылдуу, зээндүү адам башкалардын жамандаганынан коркпойт. Алардын жалааларынан, сындарынан чочулап, туура жолдон тайбайт. Андай сабатсыздардын айткандарын ээрчип кетпейт. Өз акылына салып, мужтахид имамдардын төрт

мазхабынан айрылбайт. Мусулмандар ушундай аалым адамды таап, билбегендерин сурап үйрөнүп, иштерин анын айткандарынын негизинде орундоосу керек. Себеби, мындай аалым адам Аллаху тааланын кулдарын катачылыктан коргоо жана бардык нерсени туура жасалуусун камсыз кылуу үчүн жараткан руханий дабасын, б.а., рухту эмдөө илимдерин билет жана аны адамдарга үйрөтөт. Ал эми - рухунда оору болгондорду, акыйкатты түшүнө албаган адамдарды айыктырат. Мындай аалымдын ар бир сөзү, иши жана ишеними Исламга шайкеш болот. Ар бир маселени туура түшүнөт, суроолорго так жана туура жооп берет. Анын бардык ишинен Аллах ыраазы болот. Аллаху таала өзүнүн ыраазычылыгына жетишүүнү талап кылгандарга ыраазычылыгына жеткире турган жолдорду көрсөтөт. Ал эми ыйман келтиргендерди жана ыйманы талап кылган амалдарды орундагандарды караңгылыктан, кыйынчылыктардан куткарат. Аларды нурга, жан ыракаттуулугуна, бакытка жеткирет. Алар ар дайым жана ар бир иштеринде ыракат жана тынчтыкта болушат. Алар кыямат күнүндө пайгамбарлардын, сыддыктардын, шейиттердин жана салих мусулмандардын катарында болушат.

## Амалдагы мазхаб имамдары

### Имам Азам Абу Ханифа

Анын чыныгы аты – Нуман. Атасынын аты Сабит, чоң атасынын аты да Нуман. Ахли сүннөттүн төрт улуу имамынын биринчиси. **“Имам” – “улуу аалым”** дегенди билдирет. Мухаммед алейхиссаламдын жаркын дининин чоң тиреги. Теги Ирандын алдыңкы катардагы адамдарынын бирине барып такалат. Чоң атасы Ислам динин кабыл алган эле. Атасы Сабит Куфа шаарында Хазрети Али менен жолугушканда Али «радыйаллаху анх» ага жана анын урпагына кайырдуу дуба кылган эле. Хижрий 80-жылы Куфа шаарында туулган. Сахабалардан (алейхимуррыдван) Анас бин Малик, Абдуллах бин Абу Авфа, Сахл бин Саад Саиди жана Абуттуфайл Амир бин Васила доорунда жашаган. Фыкх илимин Хаммад бин Аби Сулаймандан үйрөнгөн. Таабиинден бир канча улуу кишилер менен жана Имам Жафар Садык менен маектешкен.

Көптөгөн хадиси шарифтерди жаттаган. Мазхаб имамы болбогондо, чоң хаким (казы) боло тургандай жогорку даражада эле. Өтө акылдуу, элдерди таң калтырган зээндүү киши болгон. Фыкх жаатында ааламда окшошу жок өтө жогорку даражага жетип, атагы ааламга белгилүү болду.

Эмевийлердин (Омаяддардын) акыркы, он төртүнчү халифасы болгон Марван бин Мухаммеддин доорунда Ирак акими Йазид бин Амр Имам Азамга Куфа казылыгын сунуштайт. Такыбаасы да илими сыяктуу өтө жогору болгондуктан бул сунушту кабыл кылбай четке каккан. Пендечилик менен кул акысында катачылыкка түшүп калуудан коркчу эле. Йазиддин буйругу менен башына жүз он камчы урулат. Эртеси күнү имамды чакыртып, казылык милдетин дагы сунуштайт. “Кеңешейинчи”, - деп уруксат алат. Меккеге барып, ошол жерде 5-6 жыл турат.

767-жылы Аббаси халифасы Абу Жафар Мансур сунуштаган казылык милдетин кабыл кылбагандыгы үчүн зинданга (абак) ташталат. Күн сайын 10 камчы көбөйтүп, урулат. Камчы саны 100-гө жеткен күнү шейит болот. Көзү өтөөрдө сажда кылды. Жаназа намазына элүү миңдей адам катышты. Жыйырма күн бою өтө көп адамдар келип, кабырын жанында намаз окуду. Селчук падышасы Султан Алпарсландын баласы, үчүнчү Селчук султаны Меликшахтын вазири Абу Саад Мухаммед бин Мансур Харезми Абу Ханифанын мазарына күмбөз тургузат. Кийин Осмон падышалары бул күмбөздү бир канча жолу рестоврациялап, кооздошкон.

Абу Ханифа фыкх илимин алгачкы жолу бөлүмдөргө бөлүп чыккан жана ар бир бөлүмгө тийиштүү илимдерди жыйнап, **“Фараиз”** жана **“Шурут”** деп аталган китептерди жазган. Фыкх жаатындагы жогорку билимин жана кыястагы (салыштырма) таң калардык талантын, күчүн харамдар жана шектүү нерселерден сактангандыгын, Ислам динин көркөм мүнөзүндө теңсиз үстөмдүгүн баяндаган өтө көп китептер жазылган. Анын шакирти өтө көп болгон, алардын арасынан мужтахиддер чыккан.

Ханафи мазхабы Осмон мамлекети доорунда бүт тарапка жайылган. Мамлекеттин расмий мазхабы болуп эсептелген. Азыркы

учурда жер бетиндеги мусулмандардын жарымынын көбү жана ахли сүннөттүн көпчүлүгү Ханафи мазхабы боюнча ибадат кылышат.

Имам Харезминин Абу Хурайрадан риваят кылган (билдирген) хадиси шарифинде: **“Үммөтүмөн Абу Ханифа деген бир адам чыгат. Ал кыямат күнү үммөтүмдүн чырагы болот”,** - деп айтылган. Дагы бир хадисте: **“Нуман бин Сабит аттуу Абу Ханифа деп аталган бир адам келет, Аллаху тааланын дини менен менин сүннөтүмдү жандандырат”** жана **“Ар бир кылымда үммөтүмдүн ичинен улуу адамдар чыгат. Абу Ханифа - өз доорунун эң улуу адамы”,** - деп кабар берилген. Ушул үч хадиси шариф “Мавдуат-ул-улум”[15] жана “Дурр-ул мухтар”[16] китептеринде жазылган.

**“Дурр-ул мухтар”** китебинин кириш сөзүндө мындай жазылган:

“Хадиси шарифте: **“Адам пайгамбар мени менен сыймыктанганы сыяктуу мен да үммөтүмдөн чыга турган аты Нуман, лакабы Абу Ханифа деген адам менен сыймыктанамын”,** - деп айтылган. Бир хадисте: **“Пайгамбарлар мени менен сыймыктанышат. Ал эми, мен Абу Ханифа менен сыймыктанамын. Аны сүйгөн киши мени сүйгөн болуп эсептелет. Ага душманчылык кылган адам мага душманчылык кылган болот”,** - деп жазылган. Ибн Хажер Мекки хазирети “Хайрат-ул хисан” деп аталган китебинде мына бул хадисти келтирет: “Дүйнө жүзүнүн сулуулугу жүз элүүнчү жылы кетет”. Улуу фыкх аалымы Шамс-ул-аимма Абдулгаффар Кардари: “Бул хадиси шарифтин Имам Азам Абу Ханифаны көрсөтүп турганы анык. Себеби, 150-жылы кайтыш болду”, -деген. “Бухари” менен “Муслим” хадис жыйнактарында келген хадиси шарифте: **“Ыймандуулук Чолпон жылдызына кетсе, Фарис уулдарынан бири аны алып келет”**, - деп билдирилген. Шафии мазхабынын аалымы Имам Суйути: “Бул хадиси шарифтин Имам Азам тууралуу айтылганын аалымдар бир добуштан кабар беришкен”, - деп айткан. Нуман Алуси “Галийа” китебинде бул хадистин Абу Ханифаны мүнөздөй тургандыгын, чоң атасынын фарси тегинен чыккандыгын жазат. Имам Газали «рахметуллахи алейх» “Ихйа-ул улумид-дин” китебинде Имам Азамды такыбаалуу, Аллах ашыгы, олуя адам деп деп мактайт. Сахабалардын жана дин аалымдарынын бири-биринен

15 Камалиддин Мухаммед, Ташкөпрүзада Мухаммед бин Ахмад Усамаддин.х. 1032 (м.1623) жылы Стамбулда кайтыш болгон.

16 Алауддин Хаскафий, Мухаммед бин Али. х. 1088 (м.1677) жылы каза болгон. Дамаск шаарынын муфтийи болгон.

өзгөчөлөнгөн сөздөрүн бири-бирин жактырбагандыктан айтылган деп эсептөөгө болбойт. Мужтахиддер «рахметуллахи таала алейхим ажмаин» Аллах үчүн, динге көмөктөшүү үчүн ижтихаддарында бири-биринен өзгөчөлөнөт.

Имам Азам жаш кезинде эле калам илими менен алектенип, чоң ийгиликтерге жеткен. Анан Имам Хаммадка 28 жыл кызмат кылып жетилген. Хаммад кайтыш болгондон кийин анын ордуна мужтахид жана муфтий болду. Анын билими, жакшылыктары, акыл-эси, такыбаасы, динди кармануусу, чынчылдыгы бардык адамдардан жогору болуп, өзүнүн замандаштары жана андан кийин келген мужтахиддер, жада калса, христиандар да аны макташкан. Имам Шафии: “Фыкх илиминде адамдардын баары Абу Ханифанын балдары болуп саналат”, - деген. Ошондой эле, ал: “Абу Ханифаны касиеттүү киши деп эсептейм. Аны менен берекеттенемин. Күн сайын анын мазарына барып зыярат кыламын. Татаал жагдайга дуушар болсом, анын кабырына барып, эки рекет намаз окуйм. Аллаху тааладан суранам. Тилегимди берет”, - деген. Имам Шафии - Имам Азамдын шакирти болгон Имам Мухаммеддин шакирти эле. Ал: “Аллаху таала мага илимди эки киши аркылуу берди: Хадисти Суфйан бин Уйайнадан, фыкхты Мухаммед Шайбаниден үйрөндүм”, - деген. Ошондой эле: “Дин илими жана дүнүйөлүк иштерде бир адамга карызмын, ал – Имам Мухаммед”, - деген. Дагы: “Имам Мухаммедден үйрөнгөн нерселерим менен бир жаныбарга жүк болорлук китеп жаздым. Эгер ал болбогондо андай илим эч алалмак эмесмин. Илимде бардык адам Ирак аалымдарынын шакирти болуп саналат. Ал эми Ирак аалымдары – Куфа аалымдарынын шакирттери. Куфа аалымдары болсо Абу Ханифанын шакирттери болуп эсептелет”, - деп айткан.

Имам Азам төрт миң адамдан илим алган. Имам Азамдын улуулугун таанытуу максатында аалымдар көптөгөн китептерди жазган. Ханафи мазхабында беш жүз миң дин маселеси өз чечимин тапкан.

Хафиз-и кабир деп таанылган Абу Бакр Ахмад Хорезми **“Муснад”** деген китебинде мындай дейт: “Сайфул аимма айты: Имам Азам Абу Ханифа Курани карим жана хадиси шарифтерден

бир маселени чыгарган кезде аны алгач устаздарына айтчу эле, бардыгы макулдамайынча суроо ээсине жообун айтчу эмес". Куфа шаарынын мечитинде сабак берген маалда, ар бир сабагына миң шакирти катышчу эле. Алардын кыркы мужтахид эле. Бир маселенин чечимин табууда аны ушул шакирттерине айтчу. Бардыгы биригип караштырчу эле. Курани каримге, хадиси шарифтерге жана сахабалардын сөздөрүнө бир добуштан ылайыктуу болсо, кубанып: "алхамдулиллахи валлаху акбар", - дечү. Шакирттери да ушинтип айтышчу. Анан аны жаздырчу.

Хадиси шарифте: "**Үммөтүмдүн эң жакшылары – менин доорумда жашагандар. Алардан кийинки жакшылар – алардан кийин келгендер. Алардан кийин жакшы болгондор – алардан кийин келгендер",** - деп айтылган. Бул хадис табииндердин табаи табиинден жакшыраак, жогору экенин билдирет. Имам Азам Абу Ханифанын кээ бир сахабаларды көргөндүгүн жана алардан хадистерди тыңдаганын, ошондуктан да, анын табиин экенин Ислам аалымдары бир добуштан билдирген. Мисалы: **"Аллах ыраазычылыгы үчүн мечит салган адамга Бейиштен сарай берилет", -** деген хадиси шарифти Имам Азам Абу Ханифа Абдуллах бин Авфа деген сахабадан уккан. Шафии аалымдарынан Жалалиддин Суйути "Табйидус сахифа" деп аталган китебинде Шафии аалымы Имам Абделкаримдин Имам Азамдын көргөн сахабалары тууралуу китеп жазганын айтат. "Дуррул мухтар" китебинде Имам Азамдын жети сахабаны көргөндүгү тууралуу жазылган. Төрт мазхаб имамдарынын ичинде табиин болуу бакыты Имам Азамга гана насип болгон. Бир нерсени кабылдаган адамдардын сөзүн аны кабылдабаган адамдардын сөзүнөн жогору билүү "илми усул" илиминин эрежеси болуп саналат. Мындан да белгилүү болгондой, Имам Азам Абу Ханифа табиин болгондуктан мазхаб имамдарынын эң жогорку даражалуусу болуп эсептелет. Мусулмандардын халифасы болгон Омар «радыйаллаху анх» хутба окуган кезде: "Эй, мусулмандар! Азыр менин силерге айтып турганым сыяктуу Расулуллах (алейхиссалам) да бизге хутбасында: "Адамдардын эң жакшысы – менин сахабаларым. Алардан кийинки жакшылар – алардан кийин келгендер. Алардан кийин адамзаттын эң жакшылары – алардан кийин келгендер. Ал эми, андан кийин келгендердин ичинде жалган

сүйлөөчүлөр да кездешет", - деген". Азыркы кезде мусулмандардын карманган төрт мазхабы – Расулуллахтын "адамзаттын эң кайырлуусу (жакшысы)" деп билдирген адамдардын мазхабдары (жолдору) болуп саналат. Ошол төрт мазхабдан башка жолдорду кармануугa болбой тургандыгын Ислам аалымдары бир добуштан билдиришкен.

**"Бахрур раик"** китебинин автору Ибну Нужайм Мысри «рахметуллахи таала алейх» **"Эшбах"** деген китебинде мындай дейт: "Имам Шафии: "Фыкх жаатында адис болууну каалаган адам Абу Ханифанын китептерин окусун", - дейт". Абдуллах ибни Мубарак: "Фыкх илиминде Абу Ханифадан да өткөн адис адамды көргөн жокмун. Улуу аалым Мисар да Абу Ханифанын жанында таазим кылып, билбегенин сурап үйрөнчү эле. Миң аалымдан сабак алдым. Бирок, Абу Ханифаны көрбөсөм грек философторуна алданып калаар элем", - деген. Абу Юсуф: "Хадис илиминде Абу Ханифадай аалым адам көргөн жокмун. Хадиске тафсир жасоодо андан да өткөн адам жок", - дейт. Улуу аалым жана мужтахид Суфйан Севри: "Биз Абу Ханифанын жанында шумкардын жанындагы торгой сыяктуу элек. Абу Ханифа – аалымдардын башчысы", - дейт. Али бин Асым: "Абу Ханифанын илими замандаштарынын илимдери менен салыштырылганда, Абу Ханифанын илими ашып түшөт", деген. Йазид бин Харун: "Миң адамдан сабак алдым. Алардын ичинен Абу Ханифадай динге бекем, такыбаа жана акылы андан артык болгон адам көргөн жокмун", - дейт.

Шам (Дамаск) аалымдарынан Мухаммед бин Юсуф Шафии **"Укуд-ул жуман фи манакибин Нуман"** деп аталган китебинде Хазрети Абу Ханифаны мактап, анын улуулугун көп баяндап, аны мужтахиддердин башчысы деп сыпаттайт. Абу Ханифа: "Расулуллахтын хадиси шарифтери – башыбыздын таажы, көзүбүздүн нуру. Сахабалардын сөзүн издеп, таап, аларга моюн сунгула. Табииндердин сөздөрү болсо, биздин сөздөрүбүз сыяктуу", - деген.

Имам Захаби жана Ибни Хажар Макки: "Имам Азам Абу Ханифа хадис аалымы эле. Төрт миң аалымдан хадиси шарифтерди жыйнаган. Алардын үч жүзү табиин доорунун хадис аалымдары эле", - деп жазат. Имами Шарани **"Мизан"** деп аталган китебинин 1-томунда: "Имам Азамдын муснад (хадис жыйнактары) китептеринин үчөөсүн

изилдеп чыктым. Бардыгы табииндин атактуу аалымдарынан алынган", - дейт. **"Хадаик"** китебинде мындай дейт: "Имам Азам Абу Ханифа жаттаган хадистерин жазып койчу. Жазган хадис китептерин сандыкка салып сактачу. Ушундай бир нече сандыгын өзү менен алып жүрчү эле. Аз хадис риваят кылганы анын жаттаган хадистеринин санынын аз экенин көрсөтпөйт". Ибни Хажар Макки Шафии мазхабынын аалымы болуп туруп **"Калаид"** аттуу китебинде мындай дейт: "Улуу хадис аалымы Амеш Имам Азамдан бир нече маселелер тууралуу сурады. Имам Азам ар бир суроого башка хадиси шарифтер менен жооп берди. Амеш Имам Азамдын хадис илиминдеги жогорку илимин көрүп: "Эй, фыкх аалымдары! Силер чыныгы дарыгерсиңер. Биз, хадис аалымдары болсо дарыларды сактай турган дарыканачы сыяктуубуз. Хадистерди жана аларды риваят кылгандарды биз кабар беребиз. Бирок, биздин айткандарыбыздын маанилерин силер түшүнөсүңөр", - дейт.

Имам Азам «рахметуллахи алейх» күнүнө багымдат намазын мечитте окуп, түшкө чейин шакирттеринин суроолоруна жооп берер эле. Бешим намазынан кийин куптанга чейин шакирттерине илим үйрөтчү эле. Куптандан кийин үйүнө келип, бир аз эс алып, мечитке кайра барчу эле жана багымдат намазына чейин ибадат кылчу. Бул тууралуу салафи салихинден болгон Мисар бин Кедам Куфи жана башка атактуу адамдар кабар берген. Мисар х.115-жылы (м.733) кайтыш болгон.

Ал соода-сатык менен алектенип тиричилик кылчу эле. Башка жерлерге товар жиберип, пайдасына шакирттерине керектүү нерселерди алчу эле. Өз үй-бүлөсүнө да көп жумшагандыгы сыяктуу ушунча көп акчаны кедейлерге да садага да кылчу эле. Ар жума сайын ата-энесинин рухуна деп кедейлерге 20 алтын таратчу эле. Устазы Хаммаддын «рахметуллахи таала алейх» үйү жети көчө узакта болушуна карабастан, ошол тарапка бутун узатчу эмес. Шериктештеринен биринин көп өлчөмдөгү товарды Исламга кайчы жол менен сатканын угуп, бул соодадан түшкөн токсон миң акчанын баарын кедейлерге тараткан. Куфа шаарынын айылдарына каракчылар чабуул жасап, койлорун уурдап кетишет. Такыбаасы ушунчалык эле, бул уурдалган койлор союлуп, сатылышы мүмкүн деген ой менен ошол күндөн баштап, жети жыл кой этин алып жеген

эмес. Анткени, бир кой эң көп дегенде жети жыл жашай тургандыгын сурап билип алган болчу. Харамдан ушунчалык деңгээлде сактанчу эле.

Имам Азам «рахметуллахи алейх» кырк жыл бою куптан намазынын даараты менен багымдат намазын окуду (б.а., куптандан кийин уктаган эмес). Элүү беш жолу ажыга барган. Соңку ажылыкка барганда Каабанын ичине кирип, эки рекет намаз окуйт. Намазда Курани каримди баштан аяк окуйт. Анан ыйлап туруп, “Эй, Раббим! Сага ылайыгы менен ибадат кылалган жокмун. Бирок, сени акыл менен түшүнүүгө болбой тургандыгын түшүндүм. Кызматымдагы кемчиликтерди ушул түшүнүгүмдүн урматын кечире көр”, - деп дуба кылат. Ошол кезде бир үн угулат: “Эй, Абу Ханифа! Сен Мени жакшы тааныдың жана мага жакшы кызмат кылдың. Сени жана кыяматка чейин сенин мазхабыңды кармангандарды кечирдим”. Имам Азам күндүзү бир жолу жана түнкүсү бир жолу Курани каримди башынан акырына чейин окуп чыкчу эле.

Имам Азамдын такыбаасы ушунчалык эле, 30 жыл бою (харам болгон беш күндөн башка) күн сайын орозо кармаган. Көбүнчө бир рекетте же эки рекетте Куранды аягына чейин окучу эле. Кээде бир азап же рахмет аятын намазда же болбосо намаздан сырткары жерлерде кайра-кайра окуп, титиреп ыйлачу эле. (Ханафи мазхабында Аллах үчүн ыйлоо намазды бузбайт). Мухаммед алейхиссаламдын үммөтү ичинде бир рекет намазда Куранды аягына чейин окуу бар гана Осман бин Аффан, Тамим Дари, Саад бин Жубайрга жана Имам Азам Абу Ханифага насип болгон. Эч кимден белек алчу эмес. Кедейлер сыяктуу кийинчү эле. Кээде Аллаху тааланын ниматтарын көрсөтүү үчүн кымбат баалуу кийимдерди кийчү эле. Элүү беш жолу ажыга барып, бир нече жыл Меккеде жашаган. Кайтыш болгон жеринде (зынданда) жети миң жолу Куранды толук окуп чыккан. “Өмүрүмдө бир жолу күлгөм. Ага да өкүнөмүн”, - деген. Аз сүйлөп, көп ойлончу эле. Кээ бир дин маселелери боюнча шакирттери менен аңгемелерди уюштурчу эле. Бир түнү куптан намазын жамаат менен окуп чыгып келе жатканда бир буту эшиктин сыртында, бир буту мечиттин ичинде туруп бир маселе боюнча шакирти Зуфар менен багымдат намазына чейин сүйлөшкөн. Экинчи бутун мечиттин сыртына чыгарбай туруп эле, кайра багымдат намазын окуу үчүн ичкери

киргени тууралуу китептерде жазылган. "Имам Али «радыйаллаху анх» төрт миң дирхамга чейинки нафака адал деген", - деп, тапкан акчасынын төрт миң дирхамдан артыгын кедейлерге таратчу эле.

Анын 730 шакирти болгон. Алардын бардыгы жакшылык жана дурус аракеттери менен таанымал болушкан. Көпчүлүгү казы жана муфтий болушкан. Өз уулу Хаммад да «рахметуллахи таала алейх» – көрүнүктүү шакирттеринин арасында эле.

Ижтихад менен түшүнүлө турган маселелерде Имам Азам менен шакирттеринин арасында айырмачылыктар болгон. **"Үммөтүмдүн аалымдарынын арасындагы айырмачылыктар – Аллахтын ырайымы",** - деген хадис бул айырмачылыктардын пайдалуу экенин билдирет.

Имам Азам Абу Ханифа Аллаху тааладан катуу коркчу. Курани каримге моюн сунууга ыкылас коюу менен карачу эле. Өз шакирттерине: "Бир маселеде менин сөзүмө кайчы келе турган кандайдыр бир далилге ээ босоңор, менин сөзүмдү коюп, ошол далилге таянгыла!" - деген. Бардык шакирттеринин ант берип, айтуулары боюнча: "Устазыбыздын сөзү менен бирдей болбогон өкүмдөрүбүздү да ошол кишинин өзүнөн эле уккан жана үйрөнгөн башка далилдерге таянып чыгардык".

Ханафи мазхабындагы муфтийлер Имам Азамдын сөзү менен фатва берүүгө тийиш. Анын сөзү табылбаса, Имам Абу Юсуфка багынуу керек. Андан кийин Имам Мухаммеддин сөзү менен амал кылынат. Имам Абу Юсуф менен Имам Мухаммеддин сөзү бир тарапта, ал эми Имам Азамдын сөзү каршы тарапта болсо, муфтий эки тарап боюнча да фатва бере алат. Кажет болгон зарурат кезде муфтий мужтахиддердин эң оңой сөзүнө ылайык да фатва бере алат. Бирок, эч качан эч бир мужтахиддин сөзүнө терс фатва берүүгө болбойт. Берилсе, ал - фатва болуп эсептелбейт. (Фатва – каалаган бир нерсенин Ислам өкүмдөрүнө ылайык же ылайык эместигин көрсөтүү дегенди билдирет. Аны көрсөтө турган ахли сүннөт аалымы **"муйтий"** деп аталат).

## Имам Малик бин Анас

Имам Малик бин Анас бин Малик бин Аби Амир Асбахи х.90-жылы (м.708) Мединада туулган. Хижрий 179-жылы (м.795) ошол эле жерде кайтыш болгон. "Жетимиш имам бата бермейинче фатва берүүгө баштаган жокмун", - деген Имам Малик: "Устаздарыман өтө аз киши менден фатва албаган", - дечү эле. Имам Йафии айтат: "Имамдын бул сөзү мактануу үчүн эмес, тескерисинче, Аллаху тааланын ниматтарын көрсөтүү үчүн айтылган".

Заркани **"Муатта"** деген китебине шарх (түшүндүрмө) жазган кезде мындай дейт: "Имам Малик – атактуу мазхаб имамы. Ал улуулардын улуусу, өтө бийик даражадагы адам. Пайгамбарыбыздын хадистеринин мурасчысы. Аллахтын кулдарына Анын динин түшүндүрчү эле. Тогуз жүз аалымдын сухбатында болуп, илимдеринен пайдаланган. Өзү жүз миң хадисти далилдери менен жыйнап, жазган. Он жети жашында сабак бере баштады. Анын сабактарына катышкандардын саны устаздарынын сабактарына катышкандардын санынан да көп эле. Хадис жана фыкх үйрөнүү үчүн анын эшигинин алдына өтө көп адам жыйналчу эле. Ошондуктан, жыйналгандарга кызмат кылуу үчүн кызматкерлер жалдоого да туура келди. Илим издеп келгендерден алгач шакирттерине, анан элдин ичинен каалагандарга ичкери кирүүгө уруксат берилчү эле. Имамдын өзү дааратканага үч күндө бир жолу барчу эле. "Дааратканага көп барууга, ал жерде көп болууга уяламын", - дечү эле. **"Муатта"** деп аталган китебин жазып бүтүргөн кезде өзүнүн ыкыласына шектенип, китепти сууга салат. "Эгер суу болуп калса, бул китеп мага керек эмес", - деген. Китептин эч бир жери суу болгон эмес.

Абдурахман бин Анас мындай дейт: "Хадис илиминде азыр дүйнө жүзүндө Маликтен да өткөн ишеничтүү адам жок. Андан да өткөн акылдуу адам көргөн жокмун. Суфйан Севри хадис илиминде имам, бирок сүннөттө имам эмес. Авзаи сүннөттө имам, хадисте имам эмес. Ал эми, Имам Малик болсо – хадисте да, сүннөттө да имам". Яхия бин Саид: "Имам Малик Аллаху тааланын кулдарына жер бетиндеги далил", - деген. Имам Шафии айтат: "Хадис окулган жерде Малик асмандагы жылдыз сыяктуу. Илимди үйрөнүүдө, түшүнүүдө жана

коргоодо эч ким Маликке жете алган эмес. Аллахтын илиминде мага эч ким Малик сыяктуу ишенимдүү эмес. Аллаху таала менен менин ортомдогу далил – Имам Малик. Малик жана Суфйан бин Уйайна болбогондо, Хижазда илим калмак эмес". Абдуллах атасы Ахмед бин Ханбалдан: "Захринин шакирттеринин ичинде эң мыктысы ким?" - деп сураганда: "Малик бардык илимдерде мыкты", - деп жооп берет. Ибни Ваххаб: "Малик менен Лайс болбогондо, баарыбыз адашар элек", - дейт. Авзаи Имам Маликтин атын укканда: "Ал аалымдардын аалымы. Мединанын эң чоң аалымы жана Харамейндин муфтийи", - дечү эле. Суфйан бин Уйайна Имам Маликтин кайтыш болгонун укканда: "Жер бетинде ага теңдеш адам калган жок. Ал ааламдын имамы эле. Заманынын далили, Хижаздын аалымы эле. Мухаммед алейхиссаламдын үммөтүнүн күнү эле. Анын жолун карманалы", - деген. Ахмед бин Ханбал Имам Маликтин Суфйан Севриден, Лайстан, Хаммаддан жана Авзаиден жогору экенин айтчу эле.

Суфйан бин Уйайна мындай дейт: "Пайгамбарыбыздын: **"Адамдар катуу кыйналган кездерде Мединадагы аалымдан да артыгын таба албайт",** - деген хадисинде Имам Малик тууралуу айтылган". Имам Малик: "Ар түнү Пайгамбарыбызды түшүмдө көрөмүн", - дейт. Мусаб мындай деген: "Атамдан уккан элем. Малик менен Масжиди Набавийада элек. Бейтааныш бирөө жаныбызга келип: "Кайсы бириңер Абу Абдуллах Малик болосуңар?" - деп сурады. Көрсөттүк. Жанагы киши ага салам берди да кучактап маңдайынан өптү: "Түшүмдө Расулуллах алейхиссаламды көрдүм. Маликти чакыргыла деди. Ушул маалда сиз келдиңиз. Титиреп турганыңызды көрүп, Пайгамбарыбыз: "Коркпо, эй, Абу Абдуллах! Отур да, көкүрөгүңдү ач!" - деп айтты. Ачкан кезде айланага жыпар жыт тарады", - деп айтты. Имам Малик ыйлады, анан: "Бул түшүңүздүн мааниси - илим", - деп айтты.

## Имам Шафии

Имам Шафинин «рахметуллахи алейх» чыныгы аты – Мухаммед бин Идрис бин Аббас бин Осман бин Шафии, сегизинчи атасы – Хашим бин Мутталиб бин Абди Манаф. Расулуллахтын аталарынын бири болгон Хашим – ошол Хашимдин агасы.

Бешинчи атасы Саиб Бедир согушунда душман тарабында эле. Кийин баласы Шафии экөө ыйман келтирип, сахаба болушат. Ошол себептен Имам Шафии деген ат менен таанымал болгон. Энеси Хазрети Хасандын тегинен чыккан. Имам Шафии хижраттын 150-жылы (м.767) Газзада дүйнөгө келди. х.204-жылы (м.820) Мысырда (Египед) кайтыш болгон. Эки жашында Меккеге алып барылып, кичинекей кезинде Курани каримди, 10 жашында Имам Маликтин **“Муатта”** китебин жаттады. Он беш жашында фатва бере баштады. Имам Маликтен илим жана фейз алды. Хижраттын 185-жылы Багдадга барат. Эки жылдан кийин Меккеге ажыга, 198-жылы Багдадга, 199-жылы Мысырга барып ошол жерде жайгашып калат. Кайтыш болгондон кийин көп убакыт өтүп сөөгүн Багдадга алып барууну каалагандар болду. Ошентип, кабыры казылган кезде бүт тарапка жыпар жыт тарады. Ошол жердегилер мас болуп, казуудан баш тартышты. Илим, ибадат, такыбаа, акылдуулук жана зэйректик жагынан доорундагы имамдарга караганда өтө жогорку даражада эле. Өзүнөн мурункулардын да көбүнөн жогору эле. Мазхабы бүт тарапка тарады. Харамейн (Мекке-Медина) жана Палестина толугу менен Шафии мазхабына кирди. **“Курайш аалымы жер бетин илим менен толтурат”,** - деген хадиси шариф Имам Шафини билдирет. Абдуллах атасы Ахмед бин Ханбалдын Имам Шафии үчүн көп дуба кылганын көрүп, анын себебин сурайт. Ошондо Имам Ахмед бин Ханбал: “Балам, Имам Шафинин адамдар арасындагы орду асмандагы күндөй. Ал – рухтардын шифаасы”, - деген. Ал кезде **“Муатта”** китебинде 9500 хадис болгон. Кийин кыскартылып, 1700 хадистен турган абалга келтирилген. Ага **“Насыр-ус-сунна”** (диндин жардамчысы) деген ат берилген. Төрт жылдай кыска убакыттын ичинде бир мазхаб калыптандыруу таң калардык жагдай эле. Имамдын өмүр баяны менен үстөмдүктөрүнө арналган кырктан ашуун китеп жазылган.

### Имам Ахмед бин Ханбал

Имам Ахмед бин Ханбал Шайбани Марузи «рахметуллахи алейх» хижраттын 164-жылы (м.780) Багдадда туулган. Хижратын 241-жылы (м.855) ошол жерде кайтыш болгон. Хадис жана фыкх илиминде

имам болгон. Сүннөттүн акыйкаты жана назик маселелерде чыныгы адис эле. Такыбаасы менен таанылган адам болгон. Хадиси шариф жыйноо үчүн Куфа, Басра, Мекке, Медина, Йемен, Шам жана Алжирге барды. Имам Шафииден фыкх илимин үйрөндү. Ал мындан хадис алды. Ибрахим Харби: "Ахмед ибни Ханбалды көрдүм. Аллаху таала бардык илимди анын моюнуна жүктөгөн эле", - дейт. Кутайба бин Саид: "Эгер Имам Ахмед бин Ханбал Севри, Авзаи, Малик жана Лайс бин Саад доорунда жашаганда алардан да жогору болмок. Ал бир миллион хадис жаттаган", - дейт.

Имам Шафии ага Мысырдан кат жиберет. Аны окуп ыйлайт. Себебин сурашканда: "Түшүндө Расулуллахты көрүптүр. Пайгамбарыбыз: "Абу Абдуллах Ахмед бин Ханбалга кат менен салам айт. Курани каримдин жаратылган нерсе экендиги тууралуу андан элдер сурашат. Жооп бербесин", - деп айтыптыр", - дейт. Анын жаназасына 800 миң эркек жана 60 миң аял катышкан. Ал дүйнөдөн көз жумган күнү 20 миң яхуди, христиан жана мажуси Ислам динин кабыл кылган.

Ахли сүннөттүн ушул төрт имамы хадис аркылуу макталган, экинчи кылымдын эң улуу адамдары болуп эсептелет. Төртөө да: **"Ихсанда аларга** (сахабаларга) **таби** (ээрчүү) **болгондордон Аллаху таала ыраазы",** - деген аяттагы бактылуулардын катарына кирет. Каалаган бир мусулман ошол имамдардын биринин мазхабын, жолун карманбай, хадисте **"жалгандар таралат"** деген эң жаман доордогу сабатсыз жана төмөн адамдардын биринин айтканын ээрчисе, бул анын акылсыздыгын көрсөтөт. Аллаху таала **"Улул-амрга багынгыла!"** - деп айтты. Улул-амр – "аалымдар же болбосо аалымдардын өкүмдөрүн аткаруучу өкмөттөр", - деп тафсир кылынган. Эки тафсир боюнча да, мазхаб имамдарына моюн сунуу важиб. Мутлак мужтахид[17] болбогон аалымдардын да белгилүү бир мазхабды кармануулары шарт болгон мукаллидге[18] жата тургандыгын усул аалымдары бир добуштан билдирген. Мужтахиддердин бир добуштан айткандарынан айрылуунун харам экенин Ниса сүрөсүнүн 114-аятынан көрүүгө болот.

17 Бир мазхаб кура ала турган деңгээлдеги улуу аалым. Сахабалардын бардыгы жана белгилүү төрт мазхабдын имамдары мутлак мужтахид эле.
18 Мутлак мужтахид болбогон жана белгилүү бир мазхабды кармануусу важиб болгон адамдар.

## Ибадаттын түрлөрү

**Ибадат үчкө бөлүнөт.**

1. Бир гана дене менен кылына турган ибадаттар. Намаз окуу, орозо кармоо, Курани карим окуу, зикир чалуу – ушуга жатат. Эч ким башка бирөөнүн ордуна дене ибадатын кыла албайт. Ар кимдин жеке өзү жасоого тийиш.
2. Бир гана мал-мүлк менен аткарыла турган ибадаттар. Мисалы, ушр, б.а., жерден алган түшүмдүн зекети, малдын зекети, алтын жана күмүштүн зекети, соода таварынын зекети сыяктуу зекеттерди берүү, кафарат, фитр садагасы, кедейлерди тойгузуу жана аларга кийим алып берүү. Бирөөнүн мал-мүлкү менен кылына турган ибадаттын анын уруксаты менен жана мал-мүлкү менен башка киши да орундай алат.
3. Дене жана мал-мүлк менен кылына турган ибадаттар. Ажыга баруу ушул сыяктуу. Өмүр сүрүп жаткан бир адам үзүрлүү себеби бар болсо, анын буйругу жана байлыгы менен анын ордуна башка адам ажыга барууга болот. Өзүнө ажылык фарз болбогон адам нафил ажылык үчүн себепсиз башка адамды жибере алат.

Фарз болсун, нафил болсун, каалаган бир ибадатты кылгандан кийин, мисалы, намаз, орозо, садага, Курани карим окуу, зекет, таваф, ажылык, умра, олуянын кабырын зыярат кылуу, маркумга кепин берүү сыяктуу ибадаттардын сообун тирүү же кайтыш болгон башка адамга белек кылууга, багыштоого болот. Шафии жана Малики мазхабдарында дене менен кылына турган ибадаттар багышталбайт. Имам Субки жана андан кийин келген Шафии аалымдары «рахметуллахи таала алейхим ажмаин» аларды да багыштоого болот деп айтышкан. Бирок, акыга ибадат кылдырууга же ибадаттын сообун башка адамга сатуу жаиз эмес. Ибадатты жасоодон мурда соодалашса, ибадатка акы талап кылынган болот. Кылынгандан кийин соодалашса, ибадатты саткан болот. Бул экөө тең туура эмес.

## Афали мукаллафин

Ыймандуу, акылдуу, балагатка жеткен эркек жана аял адам **“мукаллаф”** (милдеттүү) деп аталат.

Ислам динин билдирген буйрук жана тыюулар **“Ахками исламия”,** б.а., **“Ислам өкүмдөрү”** деп аталат. Ислам өкүмдөрүн үйрөтүүчү илим фыкх деп аталат. Алар буйруктар, тыюулар жана мубахтар болуп үчкө бөлүнө тургандыгы сыяктуу **фарз, важиб, сүннөт, мустахаб, мубах, харам, макрух, муфсид** болуп сегизге бөлүнөт. Булар **“афал-и мукаллафин”** (мукаллафтын милдеттери) деп да аталат.

1. **Фарз:** Курани каримде аткарылуусу ачык буйрук кылынган нерселер фарз деп аталат. Фарз – күмөнсүз далил менен белгилүү болгон, б.а., аяттан анык түшүнүлө турган болуусу керек. Ага ишенбеген жана маани бербегендердин ыйманы кетет. Ыйман келтирүү, даарат алуу, намаз окуу, орозо кармоо, зекет берүү, ажылыкка баруу, гусул алуу, өзүнө керектүү илимди үйрөнүү – ушуга жатуучу амалдар.

**Фарздын үч түрү бар:** 1. Фарзы даим, фарзы муаккад жана фарзы алал-кифая. Фарзы даим – **“Аманту биллахини”** аягына чейин жаттап, маанисин түшүнүп, ар дайым ишенип жүрүү. Ыйман тууралуу илим **“калам илими”** деп аталат. Фарзы муаккад – убакыты келгенде орундай турган фарз амалдары. Мисалы, беш маал намаз окуу, Рамазан айында орозо кармоо, жашоосуна кажет болгон диний жана дүнүйөлүк илимдерди үйрөнүү сыяктуу. Фарзы алал кифая – элүү же жүз адамдан бири орундаса, калгандарынын орундоосу кажет болбогон амалдар. Мисалы, саламга жооп берүү, жаназа намазын окуу, өлүктүү жуу, каары болуу, сарф, наху илимдерин окуу, вужух илимин үйрөнүү, жашоосуна керектүү болгондон артык диний жана дүнүйөлүк илимдерин үйрөнүү.

2. **Важиб:** Аткарылуусу фарз сыяктуу айкын буйруктар. Бул буйруктардын Курани каримдеги далилдери фарздыкындай ачык эмес. Булар күмөндүү, ачык болбогон далилдерге таянат. Витир намазын жана Айт намаздарын окуу, витир намазында Кунут дубасын окуу, алы-жагдайы болгондо курмандык чалуу, фитр-садага берүү, сажда аяты окулганда **тилават саждасын** кылуу важиб амалдарга

жатат. Важибдин өкүмү фарздыкындай. Важибди аткарбоо тахриман макрух. Бир нерсенин важиб экенине ишенбеген ыймансыө деп эсептелбейт. Бирок, аткарбаган адам Тозок азабына ылайык болот.

3. **Сүннөт:** Аллаху таала ачык билдирбеген, бирок, Пайгамбарыбыз «саллаллаху алейхи васаллам» мактап, өзү туруктуу түрдө аткарган же башкалар жасап жатканда тоскоол болбогон нерселер сүннөт деп аталат. Сүннөттү жактырбоо куфур. Жактырып, бирок, аткарбаган адамга азап кылынбайт. Бирок, себепсиз эч аткарбаган адам күнөөлөнүүгө жана сооптон куру калууга ылайык болот. Мисалы: азан айтуу, коомат келтирүү, жамаат менен намаз окуу, даарат алганда мисвак колдонуу, үйлөнгөн түнү тамак берүү (той берүү) жана уулун отургузуу (сүннөт кылуу).

Сүннөттүн эки түрү бар: Суннати муаккада жана Суннати гайр-и муаккада.

**Суннати муаккада:** Пайгамбарыбыз «саллаллаху алейхи васаллам» дайыма аткарган күчтүү сүннөттөр. Багымдат намазынын сүннөтү, бешим намазынын алгачкы жана акыркы сүннөтү, шам намазынын сүннөтү, куптан намазынын акыркы эки рекет сүннөтү мына ушундай. Багымдат намазынын сүннөтүн важиб деген аалымдар да бар. Буларды эч качан себепсиз аткарбоого болбойт. Жактырбаган адам ыйманынан ажырайт.

**Суннати гайр-и муаккада:** Булар Пайгамбарыбыздын ибадат максаты менен кээде аткарган амалдары. Аср жана куптан намазынын төрт рекеттик алгачкы сүннөттөрү мына ушундай. Булар бир нече жолу орундалбаса, эч нерсе болбойт. Себепсиз түрдө таптакыр аткарылбаса, күнөөлөнүүгө дуушар болуп, шапааттан куру калууга себеп болот.

Даарат алуу, тамак жеп ичүү жана ар бир пайдалуу ишти баштоонун астында “бисмиллах” деп айтуу сүннөт. Даарат алганда мисвак колдонуу да сүннөт.

4. **Мустахаб:** Сүйүктүү Пайгамбарыбыз «саллаллаху алейхи васаллам» өмүрүндө бир же эки жолу болсо да, аткарган жана сүйгөн, жактырган нерселер. Мындай амалдарды аткаргандарга көп сооптор берилет, ал эми аткарбагандар азапка тартылбайт. Жада

калса, шапааттан да куру калбайт. Мисалы, нафил намаз окуу, нафил орозо кармоо, нафил ажылык, нафил садага берүү сыяктуу.

5. **Мубах:** Аткарылуусу буйрук кылынбаган, бирок, тыюу да салынбаган нерселер **“мубах”** деп аталат. Башкача айтканда, күнөө же ибадат эмес экендиги билдирилбеген иштер. Жакшы ниет менен аткарылуусунда сооп, жаман ниет менен аткарылуусунда азап бар. Уктоо, түрдүү адал тамак жеп-ичүү, түркүн адал кийим кийүү сыяктуу иштер мубах. Булар Исламга баш ийүү, буйруктарга жармашуу максаты менен орундалганда сооп катары саналат. Ден-соолуктуу болуп, ибадат кылууга ниет кылып жеп-ичүү мына ушуга кирет.

6. **Харам:** Аллаху таала Курани каримде ачык түрдө тыюу салган нерселер. Харамга маани бербеген адам ыймансыз болот. Харамдыгына ишенип туруп кылган адам **“фасык”** (күнөөкөр) болот.

### Харамдын эки түрү бар:

**Харам ли айнихи:** Өзү негизи харам жана ар дайым харам болуп эсептелүүчү нерселер. Адам өлтүрүү, зина кылуу, гомосексуализм, кумар ойноо, ууру кылуу, арак жана ар түрдүү алкоголдук ичимдиктерди ичүү, жалган сүйлөө, чочконун эти, харам өлгөн өлүмтүктөрдү жеш, аялдардын жана кыздардын башы, колу-буттары ачык көчөгө чыгуулары харам болуу менен бирге абдан чоң күнөө болуп саналат. Кимдир бирөө жогорудагы күнөөлөрдү кылууда “бисмиллах” деп айтса, же аларды адал деп эсептесе, же Аллаху тааланын аларды харам кылганына маани бербесе ыйманын жоготот. Булардын харам экенине ишенип, коркуу менен бул ишке барган болсо ыймансыз болбойт. Бирок, Тозок азабына ылайык болот. Эгер буларды аткарууну улантып алардан баш тартпай, тообо кылбастан өлсө ыймансыз кетүүсүнө себеп болот.

**Харам ли-гайрихи:** Булар негизинде адал болсо да, харам жол менен келген нерселер. Бирөөнүн нерсесин ээсинен уруксатсыз колдонуу, үйдөгү керектүү нерсесин, акчасын уурдап, жумшоо, Исламга кайчы болгон жол менен бир нерсе сатып алуу сыяктуу аракеттер ушуга жатат. Бул жерде нерсенин өзү харам эмес,

кылынган иш харам. Киши буларды жасап жатканда “бисмиллах” деп айтса же буларды адал деп айтса ыймансыз болбойт. Бирөөндө беш жарым арпанын салмагындай акысы калган болсо кыямат күнү ошол кишиден жамаат менен окулган жана кабыл болгон 700 рекет намаздын сообун Аллаху таала акынын ээсине алып берет. Ошондуктан, кул акысынан сактануу керек. Харамдын эки түрүнөн да сактануу – ибадат кылуудан да артык сооптуу иш.

7. **Макрух:** Кылынган амалдардын сообун өчүрө турган нерселер **“макрух”** деп аталат. Макрухтун да эки түрү бар: тахриман макрух, танзихан макрух.

**Тахриман макрух** - важибди аткарбоодон пайда болуучу, харамга жакын макрухтар болуп эсептелет. Тахриман макрухту кылган адам атайын кылган болсо, күнөөкөр болот. Тозок азабына ылайык болот. Намазда кылына турган болсо, ошол намазды кайрадан окуу важиб болот. Эгер жаңылышып кылып койсо, саждаи сахв кылат.

**Танзихан макрух** – сүннөттү таштап коюдан улам пайда болот. Адалга жакын макрух. Кылган адам азапка тартылбайт. Көп кылса сооптон куру калуусу мүмкүн.

8. **Муфсид:** Амалдарды, ибадаттарды бузуучу жагдайлар. Ыйманды жана намазды, никени жана ажылыкты, зекетти жана сооданы буза турган нерселер, жагдайлар муфсид болуп саналат. Мисалы: Аллаху таалага жана китепке каршы жаман сөз айтуу куфур болуп, ыйманды бузат. Намаз окуп жатканда күлүү, даааратты жана намазды бузат. Орозо кармап жатканда билип туруп атайын жеп-ичүү орозону бузат.

Харамдан сактануу **“такыбаа”** деп аталат. Адал же харам экени күмөндүү нерселерден сактануу **“вара”** деп аталат. Күмөндүү бир нерсе кылып койбоо үчүн бир адал ишти кылбоо **“зухд”** деп аталат.

Фарздарды, важибдерди жана сүннөттөрдү кылган жана харамдан, макрухтан сактанган мусулмандарга акыретте **“сооп”** берилет. Харамдарды, макрухтарды кылган адамга жана фарздарды, важибдерди орундабаган адамга **“күнөө”** жазылат. Харамдан сактануунун сообу – фарзды орундоонун сообунан бир нече эсе көп. Бир фарздын сообу бир макрухтан сактануунун сообунан, ал эми бул бир сүннөттүн сообунан көп. Мубахтардын ичинде Аллаху таала жактыргандар **“хайрат”** (кайрымдуулук)

жана **“хасанат”** (жакшылык) деп аталат. Аларды жасаган адамга да сооп жазылганы менен ал сооп сүннөт сообунан аз болот. Сооп бериле тургандыгын билип жасоо **“Курбат”** деп аталат.

Аллаху таала кулдарына мээримдүүлүк кылып, тынчтык менен бакыттын булагы болгон диндерди жиберди. Диндердин акыркысы – Мухаммед пайгамбардын (алейхиссалам) дини. Б.а., Ислам дини. Башка диндер адамдар тарабынан өзгөртүлгөн. Мусулман болсун, мусулман болбосун, каалаган бир адам билип же билбей ушул диндин негизинде жашай турган болсо, дүйнөдө эч кандай кыйынчылыкка дуушар болбойт. Азыркы кезде Европа жана Америкадагы элдердин жашоо деңгээлинин жогору болуусу ыйман кылышпаса да Ислам динине ылайык аракет жасагандыктарынан улам болууда. Бирок, ыйман келтирбегендерге акыретте эч кандай сооп, сыйлык берилбейт. Ушундай эмгек кылып жаткандар эгер мусулман болсо, акыретте да түбөлүк бакытка ээ болушат.

Мусулман адамдын алгач ахли сүннөт ишенимине ылайык ыйман келтирүүсү, андан кийин харам иштерден сактануусу, анан фарздарды орундоосу, анан макрухтардан сактануусу, кийин мустахабдарды орундоосу керек. Бул тизмедегилер ушул тартип менен кылынбай турган болсо, б.а., биринчи турганды кылбай туруп кийинки турганды кылуу, анын эч кандай пайдасы болбойт. Мисалы, ыйманы жок адамдын харамдан сактануусунун, харам иш кылып жүргөн адамдын парызды орундоосунун пайдасы жок.

## Белгилүү фарздар

### Отуз үч фарз

Таяммумдун фарзы үч деген аалымдар да бар. Анда бардыгы отуз үч фарз болот.

**Ыймандын шарттары (6)**

1. Аллаху тааланын бар жана бир экенине ишенүү.
2. Аллаху тааланын периштелерине ишенүү.
3. Аллаху таала жиберген китептерге ишенүү.
4. Аллаху тааланын пайгамбарларына ишенүү.
5. Акырет күнүнө ишенүү.
6. Тагдырга, б.а., жамандык жана жакшылыктын Аллаху тааладан экендигине ишенүү.

**Исламдын шарттары (5)**

7. Калимаи шахадат келтирүү.

8. Күн сайын беш жолу маалы киргенде намаз окуу.

9. Мал-мүлкүнүн зекетин берүү.

10. Рамазан айында күн сайын орозо кармоо.

11. Колунда бар, күчү жеткен адамдын өмүрүндө бир жолу ажыга баруусу.

**Намаздын фарздары (12)**

А. Намаздын жети тышкы фарзы бар. Булар шарттары да деп аталат.

12. Хадастан тахарат (тазалануу).

13. Нажестен тахарат (тазалануу).

14. Сатр-и аврат (Аврат жерлерди жабуу).

15. Истикбал-и Кыбла (Кыбыланы кароо).

16. Убакыт.

17. Ниет.

18. Ифтитах же тахрима такбири.

Б. Намаздын беш ички фарзы бар. Алар рукун деп аталат.

19. Кыйам.

20. Кыраат.

21. Руку.

22. Сажда.

23. Када-и ахира (соңку отуруу).

**Даараттын фарздары (4)**

24. Даарат алып жатканда бетти жуу.

25. Колдорду чыканак менен бирге жуу.

26. Баштын төрттөн бирине масх тартуу.

27 Бутту кызыл ашыктары менен бирге жуу.

**Гусулдун фарздары (3)**

28. Оозду жуу. (мазмаза)

29. Мурунду жуу. (истиншак)

30. Денени толугу менен жуу.

**Тяммумдун фарздары (3)**

31. Жунуптуктан же дааратсыздыктан тазалануу үчүн ниет кылуу.

32. Эки колду таза топуракка уруп, бетке масх тартуу.

33. Эки колду таза топуракка уруп, сол кол менен оң колду, оң кол менен сол колду чыканактан алаканга чейин сылоо.

**Элүү төрт фарз**

1. Аллаху тааланын бир экенине ишенүү.
2. Халал тамак-аш жеп-ичүү.
3. Даарат алуу.
4. Беш маал намаз окуу.
5. Намаз үчүн аялдардын хайздан жана бардык мусулмандардын жунуптуктан тазалануу үчүн гусул алуулары.
6. Ырыскынын Аллаху тааладан экендигине жана ырыскыга Аллаху тааланын кепил экендигине ишенүү.
7. Адал, таза кийим кийүү.
8. Хакка тобокел кылып, эмгектенүү.
9. Канаат кылуу.
10. Берген ырыскылар үчүн Аллаху таалага шүгүр кылуу. Б.а., аларды буйрук ылган жерлеринде колдонуу.
11. Тагдырга ыраазы болуу.
12. Кыйынчылыктарга сабыр кылуу.
13. Күнөөлөрдөн тообо кылып, баш тартуу.
14. Аллах ыраазычылыгы үчүн ибадат кылуу.
15. Адам жана жин тайпасынын шайтандарын душман деп билүү.
16. Куран-и Каримдин өкүмдөрүнө ыраазы болуу.
17. Өлүмдүн акыйкат экенин билүү жана өлүмгө даярдануу.
18. Аллахтын досторуна дос, душмандарына душман болуу. Бул - хубб-и филлах жана бугд-и филлах деп аталат.
19. Ата-энеге жакшылык кылуу.
20. Жакшыга үндөп, жамандан кайтаруу (амр-и маруф нахй-и мункар).
21. Махрам болгон туугандар менен аралашып туруу.
22. Аманатка кыянат кылбоо.
23. Ар дайым Аллаху таaладан коркуп, харам иштерден сактануу.
24. Аллаху таалага жана Расулуна баш ийүү. Б.а., фарздарды орундап, харамдардан сактануу.

25. Күнөөлөрдөн качып, ибадат менен алектенүү.
26. Улул-амирге, жетекчилерге баш ийүү.
27. Ааламга сабак (ибрат) назары менен кароо.
28. Аллаху тааланын бар экенин ойлоо.
29. Тилин жаман сөздөрдөн коргоо.
30. Жүрөктү дүнүйөлүк нерселерден тазалоо.
31. Эч кимди маскара кылбоо.
32. Харам нерсени карабоо.
33. Кандай абалда болбосун сөзүндө туруу.
34. Кулагын харам нерселерди тыңдоодон коргоо.
35. Илим үйрөнүү. (Фарздарды, харамдардын эмнелер экендигин окуп үйрөнүү.)
36. Тараза жана башка чен-өлчөм каражаттарын дурус колдонуу.
37. Аллаху тааланын азабынан коркуу.
38. Мусулман кембагалдарга зекет берип, көмөк көрсөтүү.
39. Аллаху тааланын ырайымынан үмүт үзбөө.
40. Напсиге баш ийбөө, анын жаман каалоолоруна берилбөө.
41. Аллаху тааланын ыраазычылыгы үчүн ач адамдарды тойгузуу.
42. Жетиштүү өлчөмдө ырыскы табуу үчүн эмгектенүү.
43. Мал-мүлкүнүн зекетин, түшүмдүн ушурун берүү.
44. Хайз абалындагы жана жаңы төрөгөн жубайына жакын болбоо.
45. Жүрөгүн күнөөлөрдөн тазалоо.
46. Бой көтөрүүдөн сактануу.
47. Балагатка жете элек жетимдин мүлкүн коргоо.
48. Уул балага жакындабоо. (Б.а., ливата кылбоо. Ливата - чоң күнөө. Педофилия, гомосексуализм)
49. Беш маал намазды убактысында окуп, каза кылбоо.
50. Зулумдук менен эч кимдин мүлкүнө кол салбоо, тартып албоо.

Ажырашкан аялынын махр акчасын төлөө кул акысына кирет. Төлөбөсө дүйнөдө жана акыретте чоң азапка тартылат. Кул акысынын эң маанилүүсү – туугандарына жана кол алдындагыларга Аллаху тааланын буйруктарын үйрөтпөө. Аларга дин илимин үйрөтүүнү таштап коюу. Алардын жана бардык мусулмандардын динин үйрөнүүлөрүнө, ибадат кылууларына зулумдук менен же алдоо менен кедерги болгон адамдын ыйманы жок, Ислам душманы экендиги белгилүү болот. Бидатчылардын, мазхабсыздардын Ахли сүннөт ишенимин өзгөртүү, динди, ыйманды бузуулары ушундай.

51. Аллаху таалага шерик кошпоо.

52. Зинадан качуу.

53. Шарап жана алкоголдук ичимдиктерди ичпөө. Спирт ичимдиктери оор нажис болуп эсептелет.

54. Жок нерсеге ант ичпөө.

## Белгилүү харамдар

1. Себепсиз адам өлтүрүү.

2. Зина кылуу.

3. Ливата кылуу. (Бул бардык динде харам. Аналдык катнаш)

4. Шарап жана башка бардык алкоголдук ичкиликтерди ичүү. (Пиво ичүү харам.)

5. Уурулук кылуу.

6. Көңүл ачуу максатында наркотикалык зат колдонуу.

7. Башка бирөөнүн мүлкүн тартып алуу.

8. Жалган күбө берүү.

9. Рамазан айында орозо кармаган адамдардын алдында себепсиз тамак ичип-жеш.

10. Пайыз алып-берүү.

11. Көп ант ичүү.

12. Эне-атага каршы келүү.

13. Махрам жана салих тууганын зыярат кылбоо.

14. Согушта душманды көрүп качуу.

15. Жетимдин мал-мүлкүн адилетсиз жеш.

16. Таразасы жана өлчөм каражаты менен туура эмес тартуу.

17. Намазды маалынан мурда же кийин окуу.

18. Момун дин бир тууганынын көңүлүн оорутуу. (Каабаны кулатуудан да чоң күнөө. Аллаху тааланы эң көп капаланткан куфурдан кийин көңүл оорутуу сыяктуу чоң күнөө жок.)

19. Расулуллах «саллаллаху алейхи васаллам» айтпаган сөздү айтып, хадис деп Ага жалаа жабуу.

20. Пара алуу.

21. Чын күбө болуудан качуу.

22. Мал-мүлктүн зекети менен ушрун бербөө.

23. Алы жеткен адам мункарды б.а., күнөө кылып жаткан адамды көргөндө аны мындан кайтарбоо.

24. Тирүү жандыкты отко күйгүгүү.

25. Куран-и каримди үйрөнүп, бирок, кийин аны окууну унутуу.

26. Аллаху азим-уш-шандын ырайымынан үмүт үзүү.

27. Мусулман болсун-болбосун адамдарга кыянаттык кылуу.

28. Чочконун этин жеш.

29. Расулуллахтын Сахабаларынан (рыдвануллахи таала алейхим ажмаин) кимисин болбосун жактырбоо жана тил тийгизүү.

30. Курсагы тойгонуна карабастан тамак жешти улантуу.

31. Аялдардын күйөөлөрүнүн төшөгүнөн качуусу.

32. Аялдардын күйөөлөрүнөн уруксатсыз бир жерге кетүүсү.

33. Намыстуу аялды сойку деп атоо.

34. Намима, б.а., мусулмандардын арасында сөз ташуу.

35. Аврат жерлерин башка бирөөнө көрсөтүү. (Эркектин киндик менен тизесинин ортосу, ал эми аялдын чачы, колу, буттары аврат.) Башка бирөөнүн аврат жерин кароо да харам.

36. Өлүктү жеш жана башка бирөөнө жедириш. Динибизге ылайык союлбаган же өлтүрүлбөгөн жаныбар “леш”, б.а., тарп болот, этин жегенге болбойт.

37. Аманатка кыянат кылуу.

38. Мусулманды гыйбат кылуу.

39. Хасад кылуу б.а., ичи тардык, көрө албастык.

40. Аллаху таалага шерик кошуу.

41. Жалган сүйлөө.

42. Текеберлик, өзүн жогору эсептөө.

43. Өлүм алдындагы адамдын мураскорунан мал жашыруу.

44. Сараңдык, абдан ач көз болуу.

45. Дүнүйөгө берилүү.

46. Аллаху тааланын азабынан коркпоо.

47. Харамдын харам экендигине ишенбөө.

48. Адалдын адал экендигине ишенбөө.

49. Төлгөчүлөрдүн төлгөсүнө жана кайыптан кабар берерине ишенүү.

50. Дининен баш тартып, муртад болуу.

51. Себепсиз башка бирөөнүн аялын, кызын кароо.

52. Аялдардын эркек кийимин кийүүлөрү.
53. Эркектердин аял кийимин кийүүлөрү.
54. Каабада күнөө кылуу.
55. Маалын күтпөй азан айтуу жана намаз окуу.
56. Мамлекеттик кызматкерлеринин мыйзамдарына каршы чыгуу.
57. Аялынын аврат жерлерин энесинин аврат жерлерине окшотуу.
58. Аялынын энесине тил тийгизүү.
59. Бири-бирине курал такап мээлөө, коркутуу.
60. Иттин жугундусун жеп-ичүү.
61. Кылган жакшылыкты колко кылуу.
62. Жибек кийүү. (Эркектер үчүн)
63. Жахил (сабатсыз) бойдон жүрө берүү. (Ахли сүннөт ишенимин, фарздарды, харамдарды жана керектүү болгон маалыматтарды үйрөнбөө.)
64. Аллаху тааланын атынан Ислам дининде билдирилген ысымдардан башка нерселер менен ант ичүү.
65. Илимден качуу.
66. Жахилдиктин зыян экедигин түшүнбөстүк.
67. Кичине күнөөлөрдү кылууну улантуу.
68. Жөн эле каткырып көп күлүү.
69. Бир намаз маалы өткөнчө жунуп абалда болуу.
70. Хайз абалында жана төрөттөн кийин аялы менен жакындык кылуу.
71. Таганни кылуу. Адепсиз ыр ырдоо, музыкалык аспап чертүү.
72. Өзүн өзү өлтүрүү. Бул – башка адамды өлтүрүүдөн да чоң күнөө.

## Ислам дининдеги ыйык түндөр

Ыйык, касиеттүү түндөр Ислам板 дининде урмат кылына турган түндөр болуп эсептелет. Аллаху таала пенделерине мээримдүүлүк кылып, кээ бир түндөрдү кадырлуу деп сыпаттап, ошол түндөрдө окулган дубалар менен тооболордун кабыл боло тургандыгын билдирди. Пенделеринин көп ибадат кылып, дуба жана тообо кылуулары үчүн ошол түндөрдү себеп кылды. Ыйык түндөр андан кийин келе турган күндүн аты менен аталат. Мындай түндүн

убактысы алдындагы күндүн бешим намазы убактысынан ошол түндүн таңына чейин уланат. Бир гана Арапа жана үч Курман Айт күндөрүнүн түндөрү буга жатпайт. Бул төрт түн ушул күндөрдөн кийинки түндөр болуп саналат. Бул түндөрдү пайдасыз нерселер менен өткөрүп жибербөө зарыл. Б.а., каза намаздарын толуктап окуу, Курани карим окуу, дуба жана тообо кылуу, садага берүү, мусулмандарды кубантуу, бул ибадаттардан пайда болгон сооплорду кайтыш болгон мусулмандарга да багыштоо керек. Бул түндөрдү баалап урматтоо күнөөлөрдөн тыйылуу менен жүзөгө ашат.

## Мусулмандардын ыйык он түнү

1. **Кадыр түнү.** Бул түн Рамазан айында болот. Имам Шафии 17-чи, Имам Азам Абу Ханифа көбүнчө 27-чи түнгө туш келет деп билдирет. "Рамазандын жыйырмасы менен отузу арасында издегиле", - деп айтылган. Бул түн – Курани каримде макталган эң ыйык түн. Курани карим Пайгамбарыбызга ушул түнү түшө баштаган.
2. **Арапа түнү.** Арапа күнү менен Курман Айт майрамынын биринчи күнү арасындагы түн. Зилхижжа айынын тогузу жана ону арасындагы түн. Арапа күнүндө "Ихлас" сүрөсүн миң жолу окуу - өтө чоң сооп.
3. **Фитир майрамы түнү.** (Орозо Айт түнү). Рамазан айынын соңку күнү жана айттын биринчи күнү арасындагы түн.
4. **Курман Айт майрамынын түндөрү** – Курман айттын биринчи, экинчи жана үчүнчү күндөрүнөн кийинки түндөр. Бул үч күн "аййами нахр" деп аталат.
5. **Мавлид түнү.** Раббиул-аввал айынын он биринчи жана он экинчи күндөрү арасындагы түн. Дүйнөдөгү бүткүл адамзатка пайгамбар кылып жиберилген пайгамбарлардын эң акыркысы жана улуусу болгон Мухаммед алейхиссаламдын ааламга рахмат болуп келген түнү. Тарых китептеринде 571- жылы туулгандыгы айтылат. Бул түн – Кадыр түнүнөн кийинки эң ыйык, эң мубарак түн болуп саналат. Бул түнү Анын дүйнөгө келгенине кубангандар кечирилет. Бул түндө Расулуллахтын «саллаллаху алейхи васаллам» туулган кезинде болгон

жагдайларды, мужизаларды окуу, тыңдоо, үйрөнүү өтө чоң сооп болот. Пайгамбарыбыздын өзү да бул жагдайларды айтып берчү эле. Бул түнү сахабалар да бир жерге жыйналып, мавлид окуясы тууралуу окушуп, сүйлөшүп, бири-бирине баяндашчу эле.

6. **Бараат түнү.** Шаабан айынын он бешинчи түнү. Б.а., он төртү менен он бешинчи күнү арасындагы түн. Аллаху таала эзелде эч нерсени жаратпай туруп, бүткүл нерсени жаратууну каалады, тиледи. Алардан бир жыл ичинде бар же жок боло турган окуяларды, кубулуштарды жыл сайын ушул түнү периштелерге билдирип турат. Курани карим Лавхил-махфузга ушул түнү түшкөн. Расулуллах «саллаллаху алейхи васаллам» бул түнү көп ибадат кылып, көп дуба окучу эле.
7. **Мираж түнү.** Ражаб айынын 27-түнү. Мираж – “тепкич, баскыч деген маанини билдирет. Расулуллах асманга чыгарылган, биз билбей турган жерлерге алып барылган түн.

Меккенин эли ыйман келтирбей, мусулман болгондорго көп азап кылган жылдар эле. Ошондуктан Пайгамбарыбыздын көңүлү ооруган эле.

Бул окуя кезинде хижраттан бир жыл мурда, элүү эки жашында болчу. Зейд бин Харисти жанына алып, Таифке барат. Таиф калкына бир ай вааз-насыйкат айтып, ыймандуулукка чакырат. Эч ким ыйман келтирбей, аны маскара кылышыт. Ыйык денесин жаракатташып, азапташат. Өздөрүнө Аллахтан рахмат болуп келген улуу элчи “үммөтү” тарабынан таш баран кылынган. Алардан үмүтүн үзүп, чарчап, көңүлү ооруп кайра кайтып келе жатканда сүйүктүү Пайгамбарыбыздын буту жаракаттанат. Зейддин башы кан болуп кетет. Ысык талаада, күч-кубатсыз абалда экөө жолдун четине барып отурушат. Ошол жердеги бактын ээси Рабиа уулдары бай Утба жана Шайба деген ага-ини Аддас деген кулу аркылуу аларга жүзүм берип жиберет.

Расулуллах «саллаллаху алейхи васаллам» жүзүмдү жеп жатып “бисмиллах” деп айтат. Аддас «радыйаллаху анх» ал кезде христиан эле. Аны угуп ал таң калат. “Канча жылдан бери бул жердемин, эч кимден мындай сөздү уккан жок элем. Бул кандай сөз?” - деп сурайт.

Расулуллах: “Сен кайдан болосуң?” - дейт, Аддас: “Ниневаданмын”, - деп жооп берет.

Расулуллах: “Юнус алейхиссаламдын элинен турбайсыңбы?” - дейт. Аддас: “Сен Юнусту кайдан тааныйсың? Аны бул жерде эч ким билбейт”, - дейт. Расулуллах: “Ал менин бир боорум. Ал да мен сыяктуу пайгамбар болгон”, - дейт. Аддас: “Мына бул жылуу жүздүү, таттуу сөздүү адамдын калп айтуусу мүмкүн эмес. Мен сенин Аллахтын Расулу экендигиңе ишендим”, - деп мусулман болот. Анан: “Эй, Расулуллах! Канчалаган жылдар бою мына бул заалымдарга, жалганчыларга кулчулук кылып келем. Кожоюндарым элдин акысын жеп, аларды алдайт. Эч кандай жакшы касиеттери жок. Дүнүйөлүк жыйноо, кумарларын кандыруу үчүн эч кандай жамандыктан кайтышпайт. Аларды жек көрөмүн. Сиз менен бирге кетип, сизге кызмат кылып, акмактардын сизге багыттаган урматсыздыктарына көкүрөгүмдү тоскум жана сизди жахилдердин зыяндарынан коргогум келет”, - дейт.

Расулуллах жылмайып: “Азырынча кожоюндарыңдын жанында кала тур! Көп убакыт өтпөй ысымымды ар жерде уга баштайсың. Ошол кезде жаныма кел”, - деп айтат. Кийин бир аз тыныгып, жаракаттарын таңат. Меккеге карай Зейд менен бирге жолго түшөт. Караңгы түшкөндө шаарга кирип барышат.

Ошол кездерде бир нече ай Меккеде мусулмандар үчүн эң оор замандар башталып, бүт жак душмандарга толгон эле. Бара турган жерлери да жок болчу. Ааламдарга рахмат кылып жиберилген Пайгамбар алейхиссалам агасы Абуталибдин кызы Умму-Ханинин үйүнө барат. Умму-Хани ал кездерде ыйманга келе элек болчу.

- Бул ким? - деп сурайт Умму-Хани.
- Агаңдын баласы Мухаммедмин «саллаллаху алейхи васаллам». Конок болуп келдим,- дейт Расулуллах.
- Сиз сыяктуу туура сөздүү, ишенимдүү асыл конок үчүн жаныбыз курман болсун. Бирок, келе тургандыгыңызды алдын ала кабар бергениңизде, бир нерсе бышырып коёр элем. Азыр бере турган эч нерсем жок - дейт Умму-Хани.
- Көңүлүмө эч нерсе чаппай турат, эч нерсе ичпейм. Раббиме ибадат кылууга, жалбарууга бир орун болсо жетет, - дейт Расулуллах.

Умму-Хани Расулуллахты ичкери киргизип, ага төшөк, чылапчын жана кумган берет. Келген конокту сыйлоо, аны душмандардан коргоо арабдар үчүн эң жогорку милдет эле. Үйүндөгү конокко зыян тийсе, үй ээси үчүн бул өтө чоң уят, шерменделик деп саналчу эле. Умму-Хани: “Мунун Меккеде душмандары көп, жада калса, өлтүрөйүн деп жүргөндөр да бар. Аны коргоо үчүн таңга чейин үйдүн тегерегин көзөмөлдөп, кайтарайын”, - деп ойлоп, атасынын кылычын колго алып үйдүн айланасын тынымсыз көзөмөлдөйт.

Расулуллахтын ошол күнү көңүлү өтө ооруган эле. Даарат алып, Раббине жалбарып, кечирим сурап, кулдарынын ыйман келтирүүсү, түбөлүк бакытка ээ болуулары үчүн дубаларды окуй баштайт. Өтө чарчаган, курсагы ачка, кайгылуу эле. Төшөктүн үстүнө жатып, уктап калат. Ошол кезде Аллаху таала Жабраил алейхиссаламга: “Сүйүктүү Пайгамбарымды катуу таарынттым. Ушуга карабай, дагы да Мага жалбарып жатат. Менден башка эч нерсени ойлобойт. Бар, сүйүктүүмдү алып кел! Бейишти, Тозокту көрсөт. Анын өзүнө жана аны сүйгөндөргө даярдалган ниматтарымды көрсүн, ага ишенбегендерге, аны таарынткандарга даярдалган азаптарымды көрсүн. Анын көңүлүн көтөрөмүн. Анын назик көңүлүнүн жарасын мен айыктырам”, - дейт. Жабраил алейхиссалам бир заматта Расулуллахтын жанына келет. Ал таттуу уйкуда жаткан эле. Түртүп ойготууга батына албады. Ал адам сүрөтүндө келген эле. Расулуллахтын бутунун астын өөп ойготот. Ал Жабраил алейхиссаламды таанып: **“Эй, Жабраил бир боорум! Беймезгил убакытта эмнеге келдиң? Же болбосо ката кетирип, Раббимди таарынттымбы? Мага жаман кабар алып келдиңби?”** - деп сурайт. Жабраил: “Эй, бардык жаратылгандардын эң жогорусу! Раббиң сага саламын жолдоду. Эч бир пайгамбарына бербеген ниматын сага берди. Ал сени чакырды, тур, кетебиз”, - дейт. Ошентип, экөө Каабанын жанына барышты. Ошол жерде бирөө келип, Пайгамбарыбыздын көкүрөгүн жарып, жүрөгүн чыгарды. Аны замзам суусу менен жууп, кайра ордуна койду. Анан Бейиштен келген Бурак деп аталган ак түстүү жаныбарга минип, бир заматта Кудустагы (Иеруссалим) Масжиди Аксага келди. Жабраил чоң ташты бармагы менен тешип, Буракты ошол жерге байлады. Өткөн пайгамбарлардын кээ бирлеринин рухтары адам сүрөтүндө ошол жерге жыйналышкан болчу. Жамаат болуп намаз окуу үчүн Адам, Нух, Ибрахим пайгамбарлардан имам болууларын кезек

менен сурады. Алардын эч бирөөсү кабыл кылбады, кечирим сурап, айыптуу экендиктерин айтышты. Жабраил Аллахтын сүйүктүүсүн алдыга тартты: “Сен бар кезде башка адам имам боло албайт”, - деп айтты. Намаздан кийин мечиттен чыгып, белгизиз бир Мираж (көтөрүлүү) менен бир заматта жети кат асмандан өттү. Ар бир кат асманда бир улуу пайгамбарды көрдү. Жабраил Сидрада калды: “Эми илгери жүрсөм күйүп, жок боломун”, - дейт. Сидратул Мунтаха – алтынчы кат асмандагы чоң дарак. Расулуллах Бейишти, Тозокту, дагы башка жерлерди көрүп, “рафраф” деген Бейиштин килемине отуруп, күрсү, арш жана рух ааламдарынан өтүп, айтып түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон бир абалда Аллаху таала каалаган бийиктиктирге көтөрүлдү. Мекенсиз, убакытсыз, багытсыз, сыпатсыз түрдө Аллаху тааланы көрдү. Көзсүз, кулаксыз, багытсыз, ортоксуз Рабби менен сүйлөштү. Анан бир заматта Кудуска, ал жерден Меккеге Умму-Ханинин үйүнө келди. Жаткан жери дагы эле жылуу, идиштеги даарат суусу дагы эле кыймылдап турган эле. Сыртта жүргөн Умму-Хани уктап калган эле. Ал эч нерсени сезген жок эле. Эртең менен туруп, Каабанын жанына барып, Мираж тууралуу айтып берет. Аны уккан капырлар аны мазакташып: “Мухаммед акылынан адашыптыр”, - деп айтышты. Мусулман болууга ниеттенип жүргөндөр да бул ниеттеринен кайтышты. Капырлардан кээ бирлери кубанып, Абу Бакр Сыддыктын «радыйаллаху анх» үйүнө барышты. Анткени, анын акылдуу, тажрыйбалуу жана абройлуу соодагер экенин билишчү эле. Алар: “Эй, Абу Бакр! Сен Кудуска көп барасың. Меккеден Кудуска барып келүү үчүн канча убакыт керек?” - деп сурашат. Абу Бакр: “Бир айдан көп”, - дейт. Капырлар кубанып: “Акылдуу адамдын сөзү мына ушундай болот”, - дешет. “Сенин досуң Кудуска бир түндө барып келдим дейт”, - деп, Абу Бакрга урмат көрсөтүшөт.

Абу Бакр «радыйаллаху анх» Расулуллахтын атын угар замат: “Ал айткан болсо, туура айткан, мен ага ишенемин! Бир заматта барып келген!” - деп жумушун уланта берет. Капырлар эмне болгонун түшүнбөй калышат. Анан: “Эй, Мухаммед, кандай гана сыйкырчысың, Абу Бакрды да сыйкырлап салыптырсың”, - дешет.

Абу Бакр дароо эле кийинип, Расулуллахтын жанына барат. Калың элдин арасында туруп: “Эй, Расулуллах! Миражыңыз куттуу болсун! Аллаху таалага чексиз шүкүр. Бизге сиз сыяктуу улуу Пайгамбарга кызмат кылууну насип кылды. Сиздин нурдуу жүзүңүздү көрүүнү

жана көңүлдү ала турган сөздөрүңүздү угууну насип кылды. Эй, Расулуллах, сиздин бардык сөзүңүз чын, акыйкат. Мен ишенемин. Жаным сиз үчүн курман болсун", - дейт. Абу Бакрдын сөзүнө капырлар таң калышат. Айтууга сөз таппай, тарай башташат. Күмөнү бар, ыйманы начар адамдардын жүрөгүнө ишеним жайгашты. Расулуллах ошол күнү Абу Бакрга "Сыддык" деген ысым берди.

Капырлар бул жагдайдан улам аябай жинденишет. Момундардын күчтүү ыйманына, Пайгамбардын бардык сөзүнө дароо эле ишенгендигине чыдап туралбаган капырлар Расулуллахты жеңүү үчүн аны сынап, суроо сурай башташты: "Эй, Мухаммед (алейхиссалам)! Кудуска бардым деп айтып жатасың. Айтчы, мечиттин канча эшиги, канча терезеси бар?". Ал бардык суроолорго жооп берип турганда Хазрети Абу Бакр: "Ооба ушундай, эй, Расулуллах", - деп тастыктап турду. Ал эми, Расулуллахтын адептүүлүгү ушунчалык эле алдындагы адамдын бетине тике карачу эмес. Кийин өздөрү бир хадиси шарифинде: **"Мечит Аксада айланамды караган эмес элем. Алардын сураган нерсесин көргөн эмесмин. Ошол кезде Жабраил Масжиди Аксаны көзүмүн алдына алып келди. Ошону көрүп, санап, суралгандарга жооп бердим",** - деген. Анан ал жолдо төөлөр менен жолчуларды көргөнүн, бир төөнүн коркуп кетип кулаганы тууралуу айтып: "Иншаллах Шаршемби күнү келип калышаар", - дейт. Шаршенби күнү күн батарда кербен Меккеге кирип келет. Алар катуу добул ургандай болгонун, чынында эле бир төөнүн кулаганын айтышат. Бул абал мусулмандардын ыйманын күчтөндүрдү. Капырлардын душмандыгын көбөйттү. **"Рух-ул-байан"** тафсиринде **"Тафсири Хусейни"**ден алынган бөлүмдө жана **"Бахр"** китебинде имамдык тууралуу айтылган бөлүмдө "Расулуллахтын Меккеден Байтул-Мукаддаска (Иерусалимдеги Масжид-ул-Акса) алып барылганына ишенбеген адам ыйманын жоготот. Асмандарга жана бизге белгисиз болгон жерлерге алып барылгандыгына ишенбеген адам болсо, бидатчы болот", - деп билдирилген.

8. **<u>Ражаб айы жана Рагайиб түнү.</u>** Ражап айынын алгачкы жумасынын түнү **"Рагайиб түнү"** деп аталат. Ражаб айынын бардык түнү өтө ыйык. Ар жумасынын түндөрү да ыйык.

Ушул ыйык эки түн бириккенден кийин анын касиеттүүлүгү арткан. Рагайиб түнүнүн касиети тууралуу түрдүү хадистерде билдирилген.

Ражаб айы Адам пайгамбардын доорунан бери ыйык болуп эсептелет. Бул айда согушуу күнөө. Ар бир үммөт бул айды сыйлап урматтаган эле. Ражаб "ыйык, урматтуу, барктуу" деген маанини билдирет. Фарсча **"Анис-ул-ваизин"** китебинде билдирилгенине караганда: "Иса алейхиссаламдын заманында бир жаш жигит бир сулуу кызды сүйүп калат. Ага жетүүнү каалайт, көп убакыт өткөндөн кийин экөө макулдашып, бир түнү жолугушат. Чечинишет. Жигит өтө кубанып кетет. Кокусунан терезеден жаңы чыккан айды көрүп калат. "Азыр кайсыл ай?" - деп сурайт. Кыз: "Ражаб айы", - дейт. Жигит дароо эле кийимдерин жыйнап, кийине баштайт. Кыз таң калып: "Эмне болду?" - деп сурайт. Жигит: "Аталарымдан укканмын. Ражаб айында күнөө кылууга болбойт. Бул айды урматтоо керек", - деп кыздан кечирим сурап, үйүнө кетет. Аллаху таала Иса алейхиссаламга вахий жиберип, болуп өткөн окуяны билдирет. "Ошол жигитке бар жана салам айт!" - дейт. Ошол жигит Ражаб айын урматтаганы үчүн улуу Пайгамбардын өзүнө жиберилгенине сүйүнүп ыйман келтирип, жакшы момунга айланат".

9. **Мухаррам түнү.** Мухаррам айынын биринчи түнү мусулмандардын Камарий (ай жылсанагы боюнча) жыл башы түнү болуп эсептелет. Ал эми Шамсий (күн жылсанагы боюнча) жылбашы түнү болсо, Сентябрь айынын жыйырманчы түнүнө туура келет. Мухаррам айы – Ислам Камарий жылынын биринчи айы. Биринчи Мухаррам да мусулмандардын Камарий жылынын биринчи күнү болот. Мусулман эместер өз жылдарынын башталышы болгон Январь айынын биринчи түнү Санта Клаусту күтүшөт. Христиан дини буйрук кылган куфурларды жасашат. Мусулмандар да өз жыл башы түндөрүндө жана күндөрүндө кат жазышып, бири-бири менен кол алышып, бири-бирин куттукташат, бири-бирине барышып, белек-бечкек беришет, жаңы жылдын бүткүл мусулмандар үчүн кайырлуу жана берекелүү жыл болуусун тилешет. Жашы улууларга,

туугандарга, аалымдарга барышып, баталарын алышат. Ошол күнү таза кийинишет. Кедейлерге садага беришет.

10. **<u>Ашура түнү. Бул түн</u>** – Мухаррам айынын онунчу түнү. Мухаррам айы – Курани каримде ыйык деп билдирилген төрт айдын бири. Ашура – ушул айдын эң кадырлуу түнү. Аллаху таала кээ бир дубаларды Ашура күнүндө кабыл кылган. Адам пайгамбардын тообосунун кабыл болуусу, Нух пайгамбардын кемесинин топон суудан куткарылуусу, Юнус пайгамбардын балыктын ичинен чыгуусу, Ибрахим пайгамбардын Намруддун отунда күйбөй калышы, Идрис пайгамбардын тирүү кезинде эле асманга чыгарылуусу, Якуб пайгамбардын уулу Юсуф пайгамбар менен кездешүүсү жана көздөрүндөгү парданын алынуусу, Юсуф пайгамбардын кудуктан чыгуусу, Аййуб пайгамбардын оорудан айыгуусу, Муса пайгамбардын Кызыл деңизден өтүп, Фараондун сууга чөгүүсү, Иса пайгамбардын туулуусу жана яхудилердин кол салууларынан кутулуп, асманга көтөрүлүүсү - ушулардын бардыгы Ашура күнү жүзөгө ашкан (алейхимуссалам). Нух пайгамбар кемеде “ашура” деген тамак бышыргандыктан мусулмандардын Мухаррамдын онунчу күнү ашура бышыруусу ибадат болуп эсептелбейт. Мухаммед алехиссалам жана сахабалар мындай кылышкан эмес. Ашура бышырууну ибадат деп эсептөө - бидат, күнөө. Бир гана Мухаммед алейхиссаламдын кылган жана айткан нерселерин жасоо ибадат болуп саналат. Дин китептеринде жазылбаган, Ахли сүннөт аалымдары көрсөтпөгөн нерселерди жасоо сооп эмес, күнөө. Ушул күнү (каалаган) даамдуу тамак бышырып, кедейлерге садага берүү сүннөт жана ибадат болот.

Хазрети Хусейн «радыйаллаху анх» ошол күнү шейит болду деп аза күтүү да – бидат жана күнөө. Шииттер Хазрети Хусейн үчүн аза тутушат. Хазрети Хусейн Хазрети Алинин уулу болгондуктан ага сыйына тургандай сый урмат көрсөтүшөт. Ал эми Ахли сүннөт ишениминде болгондор аны Расулуллахтын небереси болгондуктан жакшы көрүшөт. Исламда аза күтүүгө болбойт. Мусулмандар бир гана Ашура күнү аза күтүшпөйт. Кербела окуясы эске түшкөндө көңүлдөр ооруйт. Эгер Исламда аза күтүү деген нерсе болгондо

Ашура күнү эмес, Таифта Расулуллахтын буту канга боёлгон күнү, Ухудда тиши сынып, бети канаган жана кайтыш болгон күндөрү аза күтүлөр эле.

Жогоруда аталган бешинчи, алтынчы, жетинчи жана сегизинчи түндөрү "Кандил түндөрү" деп аталат.

Жогорудагы он түндөн сырткары фитр майрамынын (Орозо айттын) калган түндөрү, Зулхижжа айынын алгачкы он түнү, Мухаррамдын алгачкы он түнү жана ар бир жума, Дүйшөмбү түндөрү да ыйык болуп эсептелет.

**Түрдүү китептерде мындай хадистер жазылган:**

1. **"Рахмат** (ырайымдуулук) **эшиктери төрт түндө ачылат. Ошол түндөрү кылынган дуба, тообо кабыл болот. Рамазан жана Курман Айт майрамынын алгачкы түндөрү, Шаабандын он бешинчи (Барат) түнү жана Арапа түнү".** (Кадыр түнү бир канча хадистерде билдирилгендиктен бул жерге жазылбады).
2. **"Аллаху таала ибадаттардын ичинен Зул-хижжанын алгачкы он күнүндө кылынгандарды жакшы көрөт. Бул күндөрдө бир күн кармалган орозого бир жылдык орозонун** (нафил орозо) **сообу берилет. Ошол түндөрү окулган намаз Кадыр түнүндө окулган намаз сыяктуу. Бул күндөрдө көп-көп тасбих, тахлил жана такбир айткыла".**
3. **"Мусулман адам Тарвиа күнү орозо кармап, күнөө сөз сүйлөбөсө, Аллаху таала аны, албетте, Бейишке киргизет".**
4. **"Арапа күнүн урматтагыла! Себеби, Арапа – Аллаху таала кадырлаган күн".**
5. **"Арапа түнү ибадат кылгандар Тозоктон бошотулат".**
6. **"Арапа күнү орозо кармагандардын эки жылдык күнөөсү кечирилет. Биринчиси - өткөн жылдын, экинчиси келерки жылдын күнөөлөрү** (Арапа – Зул-хижжанын тогузунчу күнү, башка күндөр Арапа эмес)".
7. **"Арапа күнү миң жолу "Ихлас" сүрөсүн окуган адамдын бардык күнөөлөрү кечирилет жана бардык дубалары кабыл болот. Бардыгын бисмиллах менен окуу керек".**

8. **“Ражаб – Аллаху тааланын айы, Ражаб айын урматтаган адамды Аллаху таала дүйнөдө жана акыретте урматтайт”.**
9. **“Ражаб айынын алгачкы жумасынын түнүн ибадат менен өткөргөн адамга Аллаху таала кабыр азабын тарткызбайт. Дубаларын кабыл кылат. Бир гана жети түрдүү адамдарды кечирбейт жана дубаларын кабыл кылбайт. Алар: пайызга акча берген же алган адам, мусалмандарды төмөнсүнткөн адам, ата-энесине азап чектирген, каршы чыккан бала, мусулман күйөөсүн тыңдабаган аял, ыр, музыканы тиричилик куралы кылып алган адам, гомосексуалдык жана зина кылган адам, беш маал намазды окубай таштап койгон адам”.** Бул күнөөлөрдөн баш тартып, тообо кылмайынча алардын дубалары кабыл болбойт. Эненин, атанын, жубайынын жана башка эч кимди Исламга туура келбеген буйругун орундоого болбойт. Ал эми, ата-энеге жылуу сөз сүйлөп, аларды таарынтпоо керек. (Каршы чыгуу менен харам болгон буйрукту орундабай калтыруу эки башка нерсе). Ата-энеси ыймансыз болсо аларды чиркөөдөн, шарапканадан көтөрүп болсо дагы алып келүү керек. Бирок, андай жерлерге алып барууга болбойт.
10. **“Жабраил мага келип: “Тур, намаз оку, дуба кыл! Бул түн – Шабандын он бешинчи түнү”, - деп айтты. Бул түндөрү ибадат кылгандарды Аллаху таала кечирет. Бир гана мушриктерди, төлгөчүлөрдү, сыйкырчыларды, адамдардын жакшылыгын көрө албагандарды, арак-шарап ичкендерди, пайызга акча бергендерди жана зина кылгандарды кечирбейт”.**
11. **“Барат түнүн баа жеткис табылга жана мүмкүнчүлүк деп билгиле. Себеби, ал белгилүү болгон түн. Шабандын он бешинчи түнү. Кадыр түнү кадырлуу болсо да кайсы түн экендиги белгилүү эмес. Бул түндө көп-көп ибадат кылгыла. Анткени, кыямат күнү өкүнүп каласыңар”.**

# ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

## Негизи бузулган диндер жана секталар

### Яхудилик

Ыйык китептер, тарыхый маалыматтар жана азыркы учурга чейин жетип келген эмгектер изилдене турган болсо, бир Аллахка ыйман келтирүүнү буйрук кылуучу дин болгон Исламдын Адам пайгамбардын доорунан бери бар экендиги белгилүү болот. Адам (алейхиссалам) пайгамбардан баштап Ибрахим алейхиссаламга чейинки убакыт ичинде көптөгөн пайгамбарлар келген. Аллаху таала аларга сухуфтарды (китепчелерди) жиберген. Атактуу жүз **сухуф**тун ону Ибрахим алейхиссаламга жиберилген. Тарыхчылардын айтуулары боюнча, Ибрахим пайгамбар б.з.ч. 2122 жыл мурда Фырат (Ефрат) жана Дижла (Тигр) дарыялары арасындагы мекенде туулуп, 175 жыл жашап, Кудуска жакын болгон Халилуррахман делген жерде кайтыш болгон. Ибрахим алейхиссаламдын өгөй атасы – **Азар.** Өз атасы **Тарух** Ибрахим кичинекей кезинде дүйнөдөн кайтат. Азар буттарды жасай турган чебер болгон. Ибрахим бала кезинде эле буттарга ибадат жасоого болбой тургандыгын түшүнүп, өгөй агасынын жасаган буттарын сындырып, ошол элдин, б.а., Вавилондун бийлөөчүсү Намрудду ыйманга чакыра баштайт. Намруд өтө заалым бийлөөчү эле. Легенда боюнча Намруд чыныгы аты эмес, (Фараон) сыяктуу наамы болчу. Бала кезинде мурдуна жыландын баласы кирип кетип, бети кыйшайып, түрү бузулуп кеткен болчу. Атасынын өзү деле анын түрүн көрүүгө чыдай албай өлтүрмөкчү болот. Бирок, энеси жалбарып, аны бир чабанга берет. Чабан да анын жагымсыз түрүн көрүүгө чыдай албай, бир тоонун башына алып барып таштайт. Тоодо Намруд деген ургаачы жолборс ал баланы эмизип, анын аман калуусуна себеп болот. Намруд деген наам ушундан калган. Атасы кайтыш болгондон кийин бийликке келген Намруд өзүн теңир деп эсептеп, калктын өзүнө сыйынуусун каалайт. Ибрахим (алейхиссалам) ошол жүзү суук, каардуу адамды акыйкат динге чакырат. Калкты буттар менен Намруддан баш тартууга чакырат. Бирок, алар ыйман келтиришпейт. Ошол

кездеги Калдани коомунун адаты боюнча жылда бир жолу бир жерге жыйналышып, майрамдашчу эле. Анан бутканага барышып, буттарга сажда кылып сыйынышып, үйлөрүнө кайтышчу эле. Ушундай бир майрам күнү Ибрахим алейхиссалам бутканага кирип, балта менен бардык кичи буттарды талкалап, балтаны эң чоң буттун моюнуна илип коюп, кетип калат. Калданилер бүткүл буттарын талкаланып жатканын көрүп, бул ишти кылган адамды жазаламакчы болушат. Ибрахим алейхиссаламды алып келишип: “Муну сен кылдыңбы?” - деп сурашат. Ибрахим алейхиссалам: “Муну өзү турганда кичи буттарга сыйынууңарды каалабаган мойнунда балта илинип турган чоң бут кылды. Ишенбесеңер өзүнөн сурагыла”, - дейт. Адамдар: “Андан сурагыла дейсиң, буттар сүйлөбөйт го”, - деп айтышат. Ошондо Ибрахим алейхиссалам: “Андай болсо сүйлөй албаган, өздөрүн кыйроодон куткара албай турган буттарга эмнеге сыйынасыңар?” - деп коомун буттарга сыйынуудан кайтарууга аракет кылса да пайдасы болбойт. Бул жагдай тууралуу Курани каримде “Анбия” сүрөсүнүн 52-аятынын аягында айтылган. Бул иш тууралуу Намрудга кабар берилет. Намруд Ибрахим алейхиссаламды чакыртат. Хазрети Ибрахим алейхиссалам Намруддун сарайына барганда ага сажда кылбайт. Намруд эмнеге сажда кылбаганын сураганда: “Мени жараткан Аллаху тааладан башкага сажда кылбайм”, - дейт. Намруд Ибрахим алейхиссаламдын далилдерине жооп бере албай, каршы чыгып, кабылдабайт. Ибрахим алейхиссалам Аллаху тааланын бар, бир, түбөлүк экендигин, бүт нерсенин жаратуучусу, ээси экендигин жана бүт нерсеге күчү жете тургандыгын, ал эми Намруддун алсыз бир пенде экендигин айтат. Буга катуу ачууланган Намруд жанындагылардын да колдоолору менен аны отто күйгүзүүнү чечет. Курани каримде Ибрахим алейхиссаламдын Намруд менен сүйлөшкөндүгү тууралуу маалымат келтирилген. “Бакара” сүрөсүнүн 258-аятында: “(Эй, Хабибим) Аллах өзүнө мүлк, султандык бергендиктен азгындап Ибрахим менен анын Рабби жөнүндө талашкан адамдын (Намруддун) кабарын укпадыңбы? Ибрахим: **“Менин Раббим өлтүрөт жана тирилтет”, -дегенде, (Намруд): “Мен да өлтүрүп, тирилте аламын”, -деди. Ибрахим: “Аллах Күндү чыгыштан чыгарат, сен аны батыштан чыгарчы?!” –дегенде, капыр (Намруд) далбастап калат. Аллаху**

**таала зулумдук кылган адамдарды туура жолго түшүрбөйт”, -** деп айтылган.

Ибрахим алейхиссаламдын отко ыргытылуусу тууралуу Курани каримдин “Саффат” жана “Анбия” сүрөлөрүндө кабар берилет. “Саффат” сүрөсүнүн 97-аятында: **“Капырлар атайын бир имараттын ичинде от жагышып, Ибрахимди отко ыргыткыла деп айтышты”, -** делген. Бирок, ал отко ыргытылган маалда от гүл бакчага айланат. Башка маалыматтарда айтылуусу боюнча, от жагылган имараттын ичи көлмөгө айланат. Отундар да балыктарга айланган. Курани каримде “Анбия” сүрөсүнүн 68, 69 жана 70-аяттарында: **“Капырлар: “Эгер бир нерсе кыла турган болсоңор Ибрахимди отко күйгүзгүлө. Ушундайча кудайларыңарга көмөктөшкүлө”, – деди. Биз: “Эй, от! Ибрахимге салкын бол!” – дедик. Алар Ибрахимге ушундайча тузак курмакчы болду. Бирок, биз алардын өздөрүн андан да оор зыянга учураттык”,** – деп билдирилген. Курани каримде Намруд деген ат кездешпейт. Бирок, бул ысым Тооратта (Ыйык китептин “Эски Осуят” бөлүмүндө) бар. Азыркы Туркиянын Урфа шаарына жакын жерде “Айн-и залика” же болбосо “Халилуррахман” деп аталган 50 х 30 метр чоңдуктагы бир көлмө бар. Бул жердин Ибрахим алейхиссаламдын отко ыргытылган жер экендиги жана отундардын балыкка айлангандыгы айтылат. Бул жердеги балыктарга эч ким тийбейт.

Ибрахим алейхиссалам эки жолу үйлөнгөн. Биринчи жубайы Саара жетимиш жашка чейин балалуу боло албайт. Ошондуктан, Ибрахим алейхиссалам Мысырда (Египет) Фараон белек кылган Хажар деген күңдү экинчи жубайы кылып алат. Андан Исмаил (алейхиссалам) дүйнөгө келет. Сара да Аллаху тааладан бала тилейт. Аллаху таала ага да бир бала берет. Ал – Исхак алейхиссалам эле. Исмаил алейхиссалам арабдардын, Исхак алейхиссалам болсо ибранилердин атасы болду. Б.а., арабдар менен ибранилер (еврейлер) атасы бир, энеси башка болгон туугандар. Ибрахим пайгамбар Мухаммед алейхиссаламдын аталарынын бири болуп саналат.

Ибрахим алейхиссаламга токсон жашында пайгамбар болгондугу билдирилген. Анын дини Аллаху тааланын бир экендигин билдирчү эле. Курани каримде “Али-Имран” сүрөсүнүн 67-аятында: **“Ибрахим**

**(алейхиссалам) яхуди да, христиан да эмес. Ал Аллаху таалага ишенген** (ханиф) **жана нагыз мусулман болчу”,** – деп айтылган.

Яхуди дининин негизи тууралуу үгүттөгөн адам – Муса алейхиссалам болжол менен б.з.ч 1705-жылы Мысырда Мемфис шаарында туулган. Фараон түшүндө ошол жылы туула турган бир эркек баланын өзүн өлтүрө тургандагын көрүп, ошол жылы туулган эркек балдардын баарын өлтүрүүгө буйрук берет. Муну угуп, Мусанын энеси баласын жыгач сандыкка салып, Нил дарыясына ыргытат. Аны Аллаху таалага аманат кылат. Бул сандыкты Фараондун аялы таап алат. Фараон да баланы көрөт. Бирок, сандыкты суу бетинде көргөн кезде аялынын: “Сандыкта байлык болсо сеники, жандык болсо меники”, - деген тилегин кабылдап, балага эч нерсе кыла албайт.

“Муса” сөзү “суудан куткарылган” деген маанини билдирет. Христиандар “Моше” жана “Моис” (Моисей) дешет. Мусанын энеси өзүн сүт эне катары көрсөтүп, Фараондун сарайына алдыртып баласын чоңойтот. Кырк жашка толгондо Муса туугандарынын жанына кетип калат. Өзүнөн үч жаш улуу болгон Харун пайгамбар менен жолугушат. Муса алейхиссалам ибранилерге каршы жасалган зулумдуктарга каршы чыгат. Аларды коргойт. Бир күнү бир Мысырлык капырдын бани Исраилдин бирине зулумдук кылып жаткандыгын көрөт. Аны куткарайын дегенде кокустан капыр өлүп калат. Муса алейхиссалам жабырлануучуну капырдын зулумунан куткарууну гана ойлогон эле. Ошондуктан, Мысырдан чыгып кетүүгө аргасыз болот. Мадиан шаарына көчүп келет. Ал жерде Шуайб алейхиссалам менен жолугуп, аны менен он жыл чогуу жашап, кызы Сафурага (Tsippore) менен үйлөнөт. Он жылдан кийин кайра Мысырга кайтып келет. Тур тоосуна келгенде мезгилсиз Аллаху таала менен сүйлөшөт. Ошондо ага пайгамбарлык берилет. Ага **Аллаху тааланын бир экендиги, Фараондун теңир эместиги** жана көптөгөн нерселер тууралуу билдирилет. Мысырдагы Фараонго барып, аны динге чакырат. Ага бир Жаратуучуга ыйман келтирүүнү насыят кылат. Исраил уулдарын боштондукка чыгаруусун суранат. Фараон буларды кабылдабайт. “Муса чоң сыйкырчы. Бизди алдап, элибизди колубуздан алууну каалайт”, - дейт. Жанындагы жардамчыларынан сурайт. Алар: “Сыйкырчыларды чакыр, аны жеңсин”, - деп айтышат.

Сыйкырчылар чакыртылат. Ошол жыйында шаардын белгилүү сыйкырчылары топтолуп, колдорундагы жиптерин жерге ташташат, жиптер жыланга айланып Муса алейхиссаламга карай сойлошот. Ошондо Муса алейхиссалам аса таягын жерге урган кезде ал чоң жыланга айланып жиптерди жутат. Ошондо сыйкырчылар таңданып: "Бул адам чындыкты айтууда", – деп, ага ишенишет. Бул окуя Курани каримде "Аъраф" сүрөсүнүн 111-123-аяттарында билдирилген. Муну көргөн Фараон катуу ачууланат. "Ал силердин устазыңар экен, колу-буттарыңды кесип, силерди курма дарагына асамын", - дейт. Алар: "Биз Мусага ишендик. Анын Раббисине сыйынабыз. Бир гана ошол Жаратуучунун мээримдүүлүгүн каалайбыз", - дешет. Фараон Исраил уулдарынын Мысырдан чыгып кетүүлөрүнө уруксат бербейт. Себеби, Исраил уулдары Мысырдан чыгып кете турган болсо, ал кызматчыларынан жана кулдарынан айрылып калат эле. Ушундай зулумдуктардын натыйжасында Кудайдын жазасы иретинде капырлардын суулары канга айланат. Асмандан курбака жаайт. Тери оорулары тарайт. Үч күн караңгылык басат. Фараон бул мужизаларды көрүп корконунан айласыз уруксат берет. Муса алейхиссалам Исраил уулдарын менен Мысырдан чыгып Кудуска бара жатканда Фараон ниетин бузуп, аскерлери менен алардын аркасынан кууйт. Суец кысымында деңиз экиге бөлүнүп момундар аркы бетке өтүп кетишет. Фараон аскерлери менен бирге өтүп бара жатканда деңиз кайтадан жабылып, баары сууга чөгүшөт. Муса алейхиссалам ушул көч кезинде Тур тоосунда Аллаху таалага көп жалбарат. Аллаху тааланын өзүн көргүсү келет. Аллаху таала анын бул тилегин кабылдабады. Бирок, аны менен Тури Синада дагы сүйлөштү. Муса алейхиссалам Тури Синада 40 күн жана 40 түн калып орозо кармайт. Аллаху таала Жабраил алейхиссалам аркылуу Тооратты лавхалардын бетинде жазылган абалда жиберди. Өзүнө ыйман кылгандардын моюн сунуу үчүн он лавхага жазылган он буйрук берди. Ошол замандан бери яхудилердин китептеринде жана Тоораттын (Тасния китебинин) 5-чи бабынын 6-чы аятында жана "Хуруж" (чыгуунун) 20-чы бөлүмүнүн башында берилген "Авамири Ашара" деп аталган он буйрук мына булар:

1. Сени Мысыр аймагынан, кулдук үйүнөн чыгарган Аллах – Менмин.

2. Менден башка Кудайың жок. Асмандагы, жердеги, жердин астындагы нерселердин эч кайсысынын сүрөтүнө, көрүнүшүнө сыйынбайсың.
3. Аллахтын ысымын боштон бош оозуна албайсың.
4. Жуманын алты күнүндө эмгектенип, жетинчи күнү дем аласың. Ишемби күнүн ыйык деп эсептейсиң.
5. Ата-энеңди сыйлап-урматтап, алардын айткандарын кыласың.
6. Адам өлтүрбөйсүң.
7. Зина кылбайсың.
8. Эч бирөөнүн акысын жеп, уурулук кылбайсың.
9. Кошунаңа каршы жалган күбөдө болбойсуң.
10. Кошунаңдын аялына, үйүнө, эгинине, кулуна, күңүнө, малына, эч бир нерсесине көз тикпейсиң.

Муса алейхиссалам Тур тоосунан кайтып келгенде бир тууганы Харун алейхиссаламга аманат кылып калтырган коомунун туура жолдон тайганын, бир алтын музоонун айкелин жасап, ошого сыйынгандарын көрөт. Муса алейхиссалам өтө сулуу, айбатуу, курч көздүү адам эле. Аны көргөн адам анын күчтүү таасиринин астында калчу эле. Бир жашында Фараондун маржандар менен кооздолгон сакалын жулуп, аны ачууландырган эле. Жубайы Асиянын шапааты менен өлтүрүүдөн мурда аны сыноодон өткөрөт. Ичинде алтын жана от салынган эки идишти алдына койгон кезде ал колун алтынга созуп бара жатканда Жабраил алейхиссалам анын колун отко карай буруп жиберет. Отту оозуна алып барып, тилинин учу күйүп, отту таштап жиберет. Ошол себептен алгачкы убактарда жакшы сүйлөй алчу эмес. Ошондуктан, адамдарга насыят кылуу талап кылынганда бул ишти бир тууганы Харун алейхиссаламга тапшырчу эле. Бирок, пайгамбарлыгы билдирилгенден кийин тили айыгып, Харун алейхиссаламдан да көркөм сүйлөй турган болгон. Ал Тури Синада жүргөндө Харун алейхиссаламдын көркөм сөздөрү коомунун туура жолдон таюусуна тоскоол боло алган эмес эле. Муса алейхиссалам кайрадан Тур тоосуна барып, Аллаху тааладан үммөтүн кечирүүсү үчүн жалбарат. Үммөттү тообо кылат. Аларды ээрчитип, Аллаху таала тарабынан убада кылынган жер – Арзи мавудду табуу үчүн чөлгө кетет. 40 жыл Тих чөлүндө болду. Чөлдө Аллаху таала аларга

“Селва” деп аталган куш этин жана “Мен” деп аталган кудурет азыгын тартуулайт. Муса алейхиссалам Арз-и мавуд көрүнө турган Ариха шаарынын тушундагы Ниба дөбөсүнө чейин барып, 120 жашында кайтыш болот. Тууганы Харун алейхиссалам андан 3 жыл мурда кайтыш болгон эле. Армандаган жери – Арз-и мавудга кирүү өзүнөн кийин келген Юша пайгамбарга насип болду.

Улуу Ислам тарыхчысы жана укукчусу Ахмед Жавдат Паша **“Кисас-и анбия**” китебинде мындай дейт:

“Ибрахим алейхиссаламдын уулу – Исхак алейхиссалам, анын уулу – Якуб алейхиссалам эле. Якуб алейхиссаламдын чыныгы аты – **Исраил** эле. Анын урпактары Бани Исраил (Исраил уулдары) деп аталды. Якуб алейхиссаламдын он эки уулунун бири – Юсуф да пайгамбар эле. Юсуф алейхиссаламдан кийин Исраил уулдары Якуб жана Юсуфтун диндери менен амал кылып, Мысырда жашашкан. Мысырдын байыркы эли болгон кыбтилер жылдыздарга, буттарга, ар кандай айкелдерге сыйынышчу эле. Исраил уулдарын кул катары колдонушчу эле. Исраил уулдары Фараондун зулумунан кутулуп, ата журту **Кенан**га кетүүнү каалашат. Бирок, Фараондор буга уруксат беришчү эмес. Анткени, Исраил уулдары оор жумуштарды кылышат жана жаңы шаарларды, имараттарды салышчу эле. Имран уулу Мусаны энеси сандыкка салып, Нил дарыясына агызып жиберет. Фараондун аялы Асия аны таап алып, бала кылып алат. Муса бир кыбтини каталык менен өлтүргөндөн кийин Мысырдан кетип, **Мадиан** шаарына барат. Ал жерде он жыл турат. Шуайб пайгамбардын кызына үйлөнүп, Мысырга кайра кайтып келет. Жолдо **Тур** тоосуна чыкты. Бул жерде Аллаху таала менен сүйлөштү жана ага пайгамбардык берилди. Фараонду динге чакыруу буйрук кылынат. Фараон ыйман келтирбейт. Муса алейхиссалам Исраил уулдарын жыйнап, баары Мысырдан чыгып кетишет. Кызыл деңизден өтүшүп, **Ариха** аймагына карай кетишет. Исраил уулдары ал жерге бара албай тургандыктарын жана Амалика менен согуша албай тургандыктарын айтышат. Муса алейхиссалам аларга каргыш дуба кылат. Өзүнөн үч жаш улуу тууганы Харун алейхиссаламды алардын жанында калтырып, Тури Синага барат. Аллаху таала менен дагы сүйлөшөт. Ага **Тоорат** китеби берилет. Коому тообо кылып, Лут көлүнүн түштүгүнө келишет.

Шариа дарыясынын чыгыш жагына Ариха шаарынын тушуна жайгашышат. Ордуна Юша пайгамбарды калтырып, дүйнөдөн кайтат”. **“Мирати каинат”** китебинде мындай деп айтылган: “Муса алейхиссалам үч жолу Тур тоосуна барат. Биринчи барганда ага рисалат берилди (пайгамбар болгондугу билдирилди). Экинчи жолу барганда “Тоорат-и шариф” жана “Он буйрук” жиберилди. Тоорат 40 бөлүмдөн турат. Ар бөлүмдө миң сүрө, ар сүрөдө миң аят бар эле. Азыркы колдогу Тоораттарда анча аят жок. Анткени, Тоорат менен Инжилдин кийин өзгөрүштөргө дуушар болгонун, кайрадан жазылганын Курани карим көрсөтүп турат. Жабраил алейхиссаламдын Муса алейхиссаламга алып келген Тооратты бир гана Муса, Харун, Юша, Узайр жана Иса алейхиссаламдар жатка билишчү эле”.

**“Камус-ул-алам”** китебинде мындай айтылат: “Ассирия бийлөөчүсү Бахтуннасар (Навуходоносор) Кудусту алып, Акса мечитин талкалаган кезде Тоораттын нускаларын өрттөп салат. Жетимиш миң яхуди аалымын туткунга түшүрүп, Вавилонго жиберет. Алардын арасында Даниял жана Узайр пайгамбарлар да бар эле. (Узайрды яхудилердин “Азра” деп аташкандыгы **“Мунжид”** китебинде билдирилет. Азыркы ыйык китептин **“Эски осуят”** бөлүмүндөгү **“Азра”** китебин жана башка да китептерди жазган адам – Узайр алейхиссалам эмес, ибрани дининдеги Азра деген адам эле). Яхудилер Тооратты унутту. Насыят кылууга жиберилген пайгамбарларына ишенишпеди. Көбүнчөсүн шейит кылышты. Иран падышасы Бахман Кейхусрав ассириялыктарды кыргынга учуратты. Яхуди туткундар менен Даниял алейхиссаламды бошотту. Масжиди Аксада кулчулук кылуучулар көбөйдү. Уулу Искендер Кудусту алгандан кийин яхудилердин арасынан Геродосту (Hirodes) башчы кылып дайындады. Бирок, бул кыянатчы яхуди Яхйа алейхиссаламды шейит кылат. Элге көп зулумдук кылды. Андан кийин Кудус Римдиктердин колуна өттү. Яхудилер көтөрүлүш кылгандан кийин 135-жылы Адриан Кудусту талкалап, яхудилерди кырып салат жана качкандар бүт жакка тарап кетишет. Барган жерлеринде христиандар тарабынан көп зулумдук көрүштү. Ислам дини келгенден кийин алар тынч жашоого ээ болушту. Кудус шаары Византия императорлору

тарабынан оңдолуп, “Илия” деп аталды. Шаар менен Масжиди Аксаны Эмевий халифаларынын бешинчиси Абдулмалик кайрадан салдырган. Христиандар кресттүү жортуулдарында аны талкалап салышат. Салахиддин Аййуби мечитти кайра көтөргөн. Кийин Осмон халифалары аны оңдоп-түздөтүшкөн”.

Яхудилердин Тоораттан кийинки ыйык китеби – **“Талмуд”.** Муса алейхиссалам Тури Синада Аллаху тааладан уккандарын Харун, Юша жана Ал-Йазарга айтып берген. Алар кийин келген пайгамбарларга жана ыйык Яхудага айтып беришкен. Ал экинчи кылымда буларды кырк жыл ичинде бир китепте жыйнаштырган. Бул китеп **“Мишна”** деп аталган. Үчүнчү кылымда Кудуста жана алтынчы кылымда Вавилондо Мишнага бир бирден түшүндүрмө жазылган. Алар **“Гамара”** деп аталган. Эки Гамаранын бири менен Мишнаны бир китеп кылып, аны **“Талмуд”** деп аташкан. Кудус Гамарасынан жасалганы **“Кудус Талмуду”,** Вавилон Гамарасынан жасалганы **“Вавилон Талмуду”** деп аталган. Христиандар бул үч китептин душманы. Иса алейхиссаламды асуу үчүн даярдалган крестти көтөргөн жана крестке асуу окуясына катышкан Шамум “Мишна”ны рываят кылгандардын катарында деп эсептешет.

Христиандар **“Ыйык китеп”** деп эсептеп жүргөн китеп **“Эски осуят”** (Ахди Атик) жана **“Жаңы осуят”** (Ахди Жадид) деген эки бөлүмдөн турат. Яхудилер анын **“Эски осуят”** деген бөлүмүнө гана ишенишет жана аны **“Китаби мукаддас”** (ыйык китеп) деп эсептешет. Анын **“Эски осуят”** деп аталуусун кабыл кылышпайт. Аны **“Танах”** деп аташат. Танахты да үчкө бөлүшөт. Анын биринчи бөлүмүн **“Тоорат”** деп аташат. Алардын **“Тоорат”** деген китептери беш бөлүмдөн турат:

1. Таквин (Genesis).
2. Хуруж (чыгуу, Exodus).
3. Левиликтер (Leviticus).
4. Адат (сандар, Numeri).
5. Тасния (Deuoronomium).

(Бул беш китептин жалпы аты Pentateuch).

Курани каримдин “Исра” сүрөсүнүн 2-аятында: **“Биз Мусага китеп бердик”,** - делген. Азыркы колубуздагы Тооратта кийин өзгөртүлгөн жана бирөөлөр тарабынан киргизилген көптөгөн сөздөр бар. Алардын

Муса алейхиссаламга түшкөн чыныгы Тооратка эч кандай тийешеси жок. Чыныгы Тооратта Аллаху тааланын “Мухаммед” (алейхиссалам) аттуу акыркы пайгамбар жибере тургандыгы тууралуу жазылган. Муса алейхиссаламдын экинчи жолу Аллаху таалага кылган мунажатында (дубамененкайрылуу)жолдонадашканкоомуүчүнкечиримсурагандыгы “Араф” сүрөсүнүн 155-157-аяттарында мындай билдирет: **“Муса: “Раббим, эгер кааласаң мени да алар менен кошо жок кылар элең. Арабыздагы начар адамдардын жаман аракеттерине байланыштуу бизди жок кыласыңбы? Бул сенин сынагыңдан башка эч нерсе эмес. Аны менен Сен каалаганыңды адаштырып, каалаганыңды туура жолго саларсың. Биздин досубуз Сенсиң. Бизди кечире көр! Бизге ырайым кыл! Сен кечирүүчүлөрдүн эң жакшысысың. Биз үчүн бул дүйнөдө жакшы моюн сунуу менен өмүр, акыретте Жаннатты бере көр! Биз күмөнсүз Сага тообо кылдык, Сага жүзүбүздү бурдук”, –** деди. Аллаху таала ага : **“Каалаган адамымды азапка учуратамын. Мээримим чексиз. Ал такыбаалууларга (куфурлук менен күнөөдөн сактангандар), зекетин бергендерге жана биздин аяттарыбызга ыйман кылгандарга буюрат. Алар сабатсыз пайгамбар болгон Расулга моюн сунат. Ал Расулдун** (ысымы менен сыпаттарын) **жандарындагы Тоорат менен Инжилде жазылганын көрөт. Ал Пайгамбар жакшылыкты, ыймандуулукту буюруп, жамандык менен куфурлукка тыйым салат. Таза нерселерди адал, жаман нерселерди харам кылат. Алардын жүктөрүн түшүрөт жана оор кыйындыктарын жеңилдетет. Ушу Пайгамбарга ишенгендер, ага таазим кылгандар, ага көмөктөшкөндөр, ага жиберилген нурга (Курани каримге) багынгандар, мына ошолор түбөлүк бакытка жете тургандар”, –** деп билдирилет.

Яхудилердин акыркы Пайгамбарга ишенгендиги жана анын келүүсүн күткөндүгү чындык. Кээ бир тафсирлерде яхудилердин согушта: “Эй, Рабби! Келе тургандыгы тууралуу бизге кабар берген акыркы Пайгамбарыңдын урматына бизге жардам бер”, - деп дуба кылгандыгы жана ошол согуштарда жеңишке жеткендиктери тууралуу жазылган.

Муса алейхиссаламдан кийин ибранилерге келген пайгамбарлардын ичинде Давуд жана Сулайман (алейхимуссалам) хак динди таратты.

## Яхуди dininin негиздери

**Ыйман:** Бир гана Аллах бар. Ал өздүгүнөн бар. Туулбаган жана туулбайт. Бадык нерсени көрөт жана билет. Кечирүү же болбосо жазалоо бир гана Анын кудуретинде.

**Ахлак:** Негизи он касиеттүү буйруктардан (авамири-и ашарадан) турат. Адам ушул он буйрукка багынышы керек. Адамдын руху менен денеси эки башка нерсе жана рух кыяматка чейин өлбөйт. Акырет жашоосуна ишенүү кажет.

**Дин негиздери:** Яхуди эмес улуттар бутпарасттар деп эсептелет. Алардан мүмкүн болушунча алыс болуу керек. Алар менен байланышты үзүү керек. Кандуу же кансыз курмандык чалууга тийиш. (Яхудилер бүт жаныбарларды, жада калса, көгүчкөндү, көбүнчө кой, эчки, уйду курмандык чалышчу. Кийин тузсуз нандан жасала турган "камырсыз" аттуу пиццалар курмандыктын ордуна колдонула турган болду. Аларды таратуу "кансыз курмандык" деп аталды). "Канга – кан, жанга – жан" эрежеси колдонулат. Эркек балдар хахам (раввин) тарабынан сүннөт кылынат. Этин жегенге боло турган малдардан союлуусу керек. Башка жолдор менен өлтүрүлгөн мал этин жегенге болбойт. (Азыркы мезгилде Европа менен Америкада Яхуди касапчыларынын дүкөндөрүндө "кашер" деп аталган белги коюлат. Анын мааниси ошол дүкөндө сатыла турган эттин хахамдар билдирген эрежелердин негизинде союлган эт экендигин билдирет. Яхудилер бир гана ушул жол менен союлган этти жешет. Мусулмандар да бир гана Аллаху тааланын ысымы менен союлган малдын этин жешет. Чочко этин такыр жешпейт.) Яхуди аялдары никеси кыйылгандан кийин башын жаап жүрүүгө мажбур. Азыр яхуди аялдар бул ишти Европада баштарына парик кийүү аркылуу жүзөгө ашырышат. Чочко эти яхудилер үчүн харам.

Яхудилердин ибадат адистери бир нече топко бөлүнөт. Ишенби – ыйык күн, бул күнү алар иш кылышпайт, от жагышпайт. Яхудилер бул күндү майрам кылып өткөрүшөт. Ал "шабат" деп аталат. Яхудилердин дагы бир канча майрамдары бар. Пасх – яхудилердин Мысырдагы кулчулуктан кутулуу майрамы. Шаввот – гүл майрамы, бул Тоорат менен он буйруктун берилүү майрамы. Кипур – улуу

орозо күнү, яхудилер тообо кылып, кечирүлүү майрамы. Сухкот – камыш майрамы, бул чөлдөгү жашоону эске түшүрөт.

Хахамдардын христиан поптору сыяктуу күнөө кечирүү укугу жок. Алар бир гана ибадаттарды башкарышат. Аллаху тааланын алдында бардык яхудилер тең, араларында эч кандай айырмачылык жок. Диний салтанаттар жана хахамдардын ибадаттарды башкаруу эрежелери Муса алейхиссаламдан кийин келген пайгамбарлар тарабынан көбөйтүлгөн, б.а., жаңы негиздер кошулган. Давуд алейхиссаламдан кийин ага жиберилген Забурдун диний ырым-жырымдарында окулуусу же болбосо инструменттер менен ойнолуусу ибадатка киргизилген.

Давуд пайгамбар болжол менен б.з.ч. 1000-жылы дүйнөгө келген. (Европалык тарыхчылар Давуд алейхиссаламдын бийликте болгон убактысын б.з.ч. 1015-975 жыл деп билдиришет, бирок, бул так эмес). Мурда чабан болгон Давуддун үнү өтө асем болгондуктан аны мамлекет башчысы Талут чакырып алып, аны рубабда (музыкалык инструментте) ойноочу кылып коёт. Мурдатан араларында достук мамилелер болгону менен Талут аны өзүнө жакын дос кылып алгандан кийин Давуддун атагы күн сайын артып, отуз жашында бир согушта алп Жалутту таш менен уруп өлтүрүүсү, калктын ага таң калуусу Талутту сестендирип, Давудду өзүнөн алыстатат. Бирок, Талут кайтыш болгондон кийин Давуд алейхиссалам калктын каалоосу менен анын ордун ээлеп, алгачкы жолу Кудусту исраилдиктердин борбору кылат. Давуд алейхиссалам 40 жыл бийликте болду. Ага **“Забур”** деп аталган китептин берилгендиги тууралуу Курани каримдин “Ниса” сүрөсүнүн 163-аятында жана “Исра” сүрөсүнүн 55-аятында жазылган. Анда Давуд алейхиссаламдын Аллаху таалага жалбаргандыгы, Андан кечирим сурагандыгы бар экендигине шек жок. Бирок, азыркы Касиеттүү китептеги Забурда ушулар менен бирге башка адамдар тарабынан жазылып кошулган бөлүмдөр да кездешкендиктен Аллаху таала жиберген калыбынан толугу менен өзгөргөн. Аллаху таала Давуд алейхиссаламды көптөгөн жакшылыктар менен сыйлаган. Курани каримде “Саба” сүрөсүнүн 10-аятында: “**Биз Давудга жакшылык** (пайгамбарлык, китеп, султандык, асем үн, темирди колу менен каалаган формага салуу усталыгын сыяктуу) **артыкчылыктарды бердик. “Эй, тоолор менен**

**куштар, силер да аны менен бирге таспих кылгыла”, - дедик. Ал үчүн темирди жумшак кылдык”,** – деп айтылган. “Сад” сүрөсүнүн 17-19-аяттарында: **“Эй, Мухаммед! Капырлардын айткан сөзүнө сабыр кыл. Кулубуз, күч ээси Дувудду эсиңе түшүр! Ал ар дайым Аллахка тообо кыла турган. Биз эртеден кечке чейин аны менен бирге таспих кыла турган тоолор менен куштарды анын бийлигине берген элек”** жана “Сад” сүрөсүнүн 25-аятында: **“Биздин алдыбызда анын жогору орду жана жаркын болочогу бар”,** - деп айтылган. Азыркы кездеги Тоорат менен Инжилде Давуд алейхиссаламдын карамагындагы Урия деген жоокердин Батшаба аттуу аял менен болгон окуясы катары “Экинчи Самуилдин” 11-бабында жазылган уятсыз аңгеме чындыкка жатпайт. Бул - улуу Пайгамбарга жабылган жалаа.

Курани каримде бул тууралуу так маалымат кездешпейт. Тескерисинче, Давуд алейхиссаламдын ар дайым Аллаху тааладан катуу корккондугу, ага илим жана чындыкты жалгандан айыра турган күч берилгендиги тууралуу жазылган. “Сад” сүрөсүндө (24-аят) бир кой маселесинде адилетсиздик кылып коюудан коркуп, сажда кылгандыгы, Аллахтан кечирим сурап, көп дуба кылгандыгы тууралуу жазылган. Бул Урия легендасынын Тоорат менен Инжилге кийин киргизилгенин Ислам аалымдары бир добуштан тастыкташат. **“Исраилийат”** деп аталган мындай ойдон чыгарылган аңгемелерди яхудилер сабатсыз мусулмандардын арасына да таратууну каалаганы менен Ислам аалымдары алардын жалган экендигин билдиришкен.

Давуд алейхиссаламдын уулу – Сулайман пайгамбар. Ал атасынын ордуна Исраил уулдарына пайгамбар жана жетекчи болду. Жин, жырткыч айбандар жана куштар менен сүйлөшчү. Сулайман алейхиссаламдын доору – исраилдиктердин эң жаркын доору болгон. Сулайман алейхиссаламдын дооруна чейинки Исраил бийлөөчүлөрү сарайдын эмне экенин билишчү эмес. Жогоруда аты аталган Талуттун үйү эң жаман дыйкандын үйү менен бирдей эле болгон. Сулайман алейхиссалам эң алгач Кудус шаарын жана бир сарай салдырат. Бир канча имараттарды, сарайларды, бакчаларды, курмандык чала турган орундарды, ибадатканаларды салдырат. Кудуста салдырган эң чоң ибадаткана **Масжиди Акса – Байти Мукаддас** (касиеттүү үй) деп аталат. Финикиялык усталарга салдырган бул

имараттын курулушунда жиндер дагы кызмат кылган. Бул мечиттин курулуусунда өтө баалуу заттар колдонулган. Аны алыстан караганда алтындай жаркырап турган. Анын курулуусу жети жылга созулган. Бул мечит Ассирия бийлөөчүсү Экинчи Бахтуннасар (Навухадоносор) Кудусту басып алган кезде өртөлгөн. Тооратттын нускаларынын баары күйүп кеткен. Масжиди Аксаны Кейхусрав оңдотот. Бирок, кийин аны Римдиктер өрттөп салган. Кийин Константинополь Грек-Византия императорлору Масжиди Аксаны оңдоп, Кудусту "Илия" деп аташат. Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам Масжиди Аксада намаз окуган. Кудус хижрий 16-жылы Омар радыйаллаху анхтын доорунда мусулмандардын колуна өтөт. Абдулмалик рахимахуллахтын доорунда азыркы мечит салынган. Жаңы курулуштун аймагына кирбей, сыртта калып кеткен мурдагы дубалдарды азыркы яхудилер "ыйлоо дубалы" деп атап, ушул жерде дуба окушат.

Сулайман алейхиссаламдын доорунда Кудус дүйнөнүн эң бай, эң кооз шаары болгон. Сулайман алейхиссалам салдырган керемет сарайлар, андагы баалуу заттар тууралуу көптөгөн аңгемелер бар. Дүйнөдө эч бир падыша Сулайман алейхиссалам сыяктуу жакшы өмүр сүргөн эмес десек жаңылыш болбойт. Сулайман алейхиссаламдын бир нече жубайы жана күңдөрү болгон. Сулайман алейхиссалам соодага көп көңүл бургандыктан байлыгы күн сайын артып барган. Ал сарайын жаңы жана баалуу нерселер менен кооздоткон. Бир нече кымбат баалуу жылкы, куштар жана башка жаныбарларды бакчу эле. Сарайда күнүнө 30 уй, 100 кой жана кийиктер союлчу эле. Сулайман алейхиссалам ар дайым тынчтыкты каалап, кошуна мамлекеттер менен достук мамилелерин бекемдеген. Кошуна мамлекет болгон Мысыр фараонунун кызына үйлөнгөн. Ошондой эле Саба ханышасы Билкисти да акыйкат динге чакырып, аны менен достук мамиледе болгон. Ислам тарыхчыларынын айтуулары боюнча ага да үйлөнгөн. Билкистин Сулайман алейхиссаламдан чакыруу алгандыгы Курани каримдин "Намл" сүрөсүнүн 29-39-аяттарында айтылат.

Сулайман алейхиссалам да бардык пайгамбарлар «алейхимуссалавату ваттаслимат» сыяктуу өтө адилеттүү башчы болгон. "Сулаймандын адилеттүүлүгү", Омардын «радыйаллаху анх» адилеттүүлүгү сыяктуу бүткүл ааламда адилеттүүлүктүн

үлгүсү деп кабыл кылынган. Ал атасы Давуд пайгамбардын динин уланткан.

Сулайман алейхиссаламдын жагдайы тууралуу Курани каримде “Саба” сүрөсүнүн 12-аятында: “**Сулайманга күндүз эскенде бир айлык жолду ала турган, кеч кайра эскенде бир айлык жол ала турган шамалды багындырдык. Ал үчүн ээриген жезден булак агыздык. Раббисинин буйругу менен ага кызмат кыла турган жиндерди да багындырдык. Алардан ким эмирибизден тайса ага жалындаган азаптан таттырдык”,** – делинген.

Курани каримдин “Сад” сүрөсү, 30-39-аяттарында: **“Давудга Сулайманды бердик, ал кандай гана жакшы кул эле. Анткени, ал (зикир жана тообо менен) Аллаху таалага багына турган, көп таспих айта турган. Ага бир кечте өтө баалуу күлүктөр алып келинди. Сулайман: “Мен бул жакшы аттар менен алектенип Раббимдин зикиринен куру калдым, кеч болду”, – деп катуу кайгырды. “Аны мага кайра бергиле!” – деп буттарын, моюндарын кести (этин кедейлерге таратты). Кийин мурунку абалына кайтты. “Раббим! Мени кечир! Мага менден кийин эч кимге насип болбой турган падышалык бер. Албетте, Сен өтө жоомартсың!” – деди. Ошол тилеги боюнча биз каалаган жерге жетүүгө анын буйругу менен оңой жүрө турган желди, ар түрдүү курулуш жасай турган жана деңизде чумкугуч шайтандар менен чынжырларга байланган макулуктарды ага багындырдык. Биздин ихсаныбыз (сыйлыгыбыз) мына ушу. Кааласаң аларды башкаларга да бер, же бербей кармап тур, эрк өзүңдө. Биздин сыйлыктарыбыз чексиз, эсепсиз”, – дедик. Чынында, дүнүйөдө берген ушул ниматтар сыяктуу акыретте да бийик мартабалары менен көркөм келечеги бар”**, – деп айтылган.

Яхуди жана христиан басылмалары азыр колдорундагы ыйык китептин, б.а., “Тоорат” жана “Инжил” деп аталган китептердин үч бөлүмүнүн Сулайман пайгамбардын китебинен алынгандыгын айтышат. Бул бөлүмдөр “Ахди атик”тин курамындагы “Сулаймандын макалдары”, “Үгүттөөчү” жана “Ырлардын ыры” аттуу китептери болуп эсептелет. Тооратта Сулайман алейхиссаламдын шамалга, куштарга жана башка айбанаттарга да буйрук бергендиги, алардын тилин билгендиги, куштар менен жапайы айбандардын анын буйругун дароо орундагандыгы, кол астындагы жиндердин көмөгү

менен салдырган бардык имараттарынын тез салынып бүткөндүгү тууралуу айтылат.

Сулайман алейхиссалам кайтыш болгондон кийин Исраил уулдары он эки коомго бөлүнүп кетет. Бул бөлүнүү иши Сулайман алейхиссалам тирүү кезде эле башталган болчу. Бирок, ал Аллаху тааланын жардамы менен, жакшылыгы менен аларды бириктирип кармап турган эле. Сулайман алейхиссаламдын ордуна уулу Рехобоам отурат. Ага он эки коомдун экөө гана баш ийет. Исраил мамлекети экиге бөлүнөт. Бул мамлекеттин бири **"Исраил"**, ага он коом кирген. Калган эки коом **"Яхуда"** мамлекети деп аталды. Алар Кудуста жашашкан. Алар жолдон тайышып Аллаху тааланын азабына учурашкан. Көп убакыт Ассирия мамлекетине көз каранды болгон. Ассирия бийлөөчүсү Бахтуннасар (Навухадоносор) б.з.ч. 587-жылы Кудус шаарын талкалаган. Исраил уулдарын Кудустан мажбурлап чыгарып, Вавилонго сүргүнгө айдаган. Бирок, Иран падышасы Кейхусрав (Кир) ассириялыктарды жеңгенден кийин яхудилердин кайрадан Кудуска кайтууларына уруксат берет. Яхудилер Кудуска жайгашып, өрттөнгөн шаарды бир аз жөнгө салышат. Алгач Ирандыктарга, кийин Македониялыктарга көз каранды болуп жашашкан. Б.з.ч. 64-жылы Римдиктер Кудуска кирет. Шаарды кайрадан талкалап салышат. Римдиктер экинчи жолу 70-жылы Кудусту талкалашат. Рим императору Титус Кудусту толугу менен жойгон.

Яхудилер Римдиктердин кол астыда болгон кезде Иса алейхиссалам туулган. Баягы апааттардын, согуштардын убагында чыныгы Тоораттын нускалары жок кылынган. Кийин "Тоорат" деген ат менен ар түрдүү китептер жазылган. Аларга бөтөн нерселер аралашкан, жаңылыш ишенимдер киргизилген эле. Ошондуктан, Аллаху таала яхудилер менен башка коомдорго туура жолду көрсөтүү үчүн Исаны (алейхиссалам) пайгамбар кылып жиберген. Яхудилер Исаны (алейхиссалам) пайгамбар деп таанууну каалашпайт. Бирок, алар Тооратта жазылгандай бир пайгамбар келе тургандыгын билишчү эле жана аны күтүп жатышкан эле. Бирок, күтүп жаткан пайгамбардын күчтүү, баатыр, кармаганын талкалай турган алп жана аларды Римдиктердин зулумдугунан куткара турган адам болушу керек деп ойлошкон эле. Мүнөзү өтө жумшак болгон Иса

алейхиссаламды алар ошондуктан жактырышкан эмес. Аны “жалган пайгамбар” деп, энеси Хазрети Мариямга жалаа жабышты. Азыркы кезде дүйнөдө 15 миллионго жакын яхуди бар. Алардын эч бирөөсү чыныгы Тооратка баш ийишпейт. Ансыз деле Тоораттын түп нускасы (оригиналы) жок. Эл аралык статистика болгон **“Britanica of the year”** альманахында айтылышы боюнча: “Алардын карманган диндеринин жалпы бир дин экени да күмөндүү”, - деп билдирилген. Анткени, яхудилердин ичинде ар түрдүү топтор (секталар) бар.

АКШнын Калифорния университетинин профессору Еллиот Фредмандын авторлугунда 1987-жылы жарыяланган **“Тооратты ким жазган?”** деп аталган китеп яхуди жана христиан дүйнөсүн дүрбөлөңгө түшүрдү. Ал Тоорат деп эсептелген беш китептин бөлөк-бөлөк адамдар тарабынан жазылгандыгын, Муса алейхиссаламга түшүрүлгөн Тоорат китебинин түп нускасы менен эч салыштырууга болбой тургандыгын айткан. Христиандар ишенген **“Китаби Мукаддастын”** (касиеттүү китептин) **“Жаңы осуят”** жана **“Эски осуят”** бөлүмдөрүнүн бири-бирине каршы экенин билдирген профессор Фредман китебинде ушуга байланыштуу мисалдарды келтирген. Ошондой эле Тоораттын ичиндеги китептердин да бири-биринин арасында, жада калса, ичиндеги бабдарынын арасында да карама-каршылыктар толуп жатканына көңүл бурган профессор Фредман мындай чыгармаларды “Аллахтын китеби” деп сыпаттоого болбой тургандыгын айткан. Тооратты курай турган беш китептин түшүндүрүү стили да бири-бирине окшобойт.

Профессор Еллиот Фредмандын пикири боюнча азыркы Тоорат Муса алейхиссаламдан бир нече кылым кийин жашаган беш хахам (раввин) тарабынан жазылган, кийин аларды Азра деген хахам бирден жыйнап, “Эски осуяттын” түп нускасы деп көбөйткөн. Профессор Фредман өзүнүн эмгегинде мындай дейт:

“Азыркы кезде Тоораттын үч нускасы бар.

Яхудилер менен протестанттар кабыл кылган ибраний тилиндеги нуска.

Католиктер менен православдар кабылдаган грек тилиндеги нуска.

Самирийлер кабылдаган самирий тилиндеги нуска.

Булар Тоораттын эң көөнө жана ишенимдүү нускалары деп кабыл кылынганы менен бир нусканын ичинде жана нускалардын арасында бир катар карама-каршылыктар бар. Эч бири илахий (Аллахтан келген) динде жок болгон, адамдарга зулумдук кылууга үгүттөөчү тексттер, пайгамбарлардын кээ бирөөлөрүнө каршы өтө жаман жана аттарына жарашпай турган сүрөттөмөлөр бар. Ал эми чыныгы Тооратта карама-каршылыктардын, төмөн сүрөттөмөлөрдүн болушу мүмкүн эмес. Чыныгы Тооратта карама-каршылыктар болбойт".

Француз попторунун бири болгон Ричард Симон **"Historia Critique du Vieux Testament"** китебинде Тоораттын Муса алейхиссаламга вахий кылынган Тоорат эмес экендигин, кийин ар түрдүү мезгилдерде жазылып, бир китеп катары жыйналгандыгын айтат. Аталган поптун бул китеби жыйнап алынып, өзү чиркөөдөн айдалган.

Илимдин доктору Джеан Аструк **"Conjectures il parait que Mouse sest Servi pour composer le livre dela Genese"** деп аталган эмгегинде Тоораттын беш бөлүмүнүн ар түрдүү жерлерден жыйналган китептер экенин жазат. Джеан бир бөлүмүндөгү аттардын эки-үч жерде өзгөртүрүлүп, кайталана тургандыгына айрыкча назар салган.

**"Таквиндин"** биринчи бабынын 11-аятында жана уландысында өсүмдүктөрдүн адамдан мурдар жаратылгандыгы жазылган. Экинчи бабынын 5,6,7,8 жана 9-аяттарында адамдын жаратылгандыгы жана ал кезде жер бетинде эч кандай өсүмдүктүн болбогондугу тууралуу жазылган. Ушул сыяктуу көптөгөн карама-каршылыктар, чоң жаңылыштыктарды ашкерелеген Джеан Аструк чиркөө тарабынан динсиз деп жарыяланган.

Готфред Эйчхорн "Таквинден" башка кийин келген беш китептин да тарыхы жана тили бири-биринен өзгөчөлөнгөндүгүн 1775-жылы жарыяланган китебинде жазган. Бирок, анын өзү да, китептери да "динсиздик" деп каралаган.

Немис акыны жана философу Херден (1744-1803) **"Von Geiste den hebraischen Poesie"** аттуу эмгегинде "Эски Осуяттын" "Мазмурлар" китебинин ичиндеги ырлардын бир канчасы ибраний акындарына таандык экенин, түрдүү убакыттарда жазылгандыгын жана кийин бир китепке жыйналгандыгын жазат. Ошондой эле **"Ырлардын ыры"** китебинин да дүйнөлүк жана адептүүлүккө каршы махабат

тууралуу ыр экенин, бул ырлардын Сулайман алейхиссалам сыяктуу бир пайгамбарды мактоо үчүн окуунун туура эмес экендигин айтат. Буга бул китепти окуган кез келген адам анык көз жеткизе алат.

XIX-кылымда ибраний тилинде кылынган изилдөөлөрдүн саны арткандан кийин Тооратгагы беш китептин Муса алейхиссаламга таандык эмес экендиги жана “Эски осуяттагы” китептердин ар кандай убакыттарда жыйналгандыгы далилденген. Ошол тема боюнча Европалык көптөгөн тарыхчылар, поптор жана епископтор өздөрүнүн чыгармаларын жарыялашкан.

Муд Инжил Институтунан доктор Грахам Скродж **“Инжил Кудайдын сөзүбү?”** деп аталган китепте “Эски осуят” жана “Жаңы осуяттын” Кудайдын сөзү эмес экендигин моюнга алган.

Ал “Таквин” китеби санжырага толгон. Ким кимден туулган? Кандай туулган? Ушулар тууралуу айтылат. Булардын мага эмне кереги бар. Булардын ибадат жана Аллаху тааланы сүйүү менен кандай байланышы бар? Кандай кылып жакшы адам болуу мүмкүн? Кыямат күнү деген эмне? Кимге кандайча эсеп беребиз? Бул маселелер тууралуу өтө аз жазылган. Көбүнчө ар түрдүү легендалар берилген”, - дейт. Мындай китеп кантип Аллахтын сөзү болсун?

Азыркы мезгилде яхудилердин **“Тора”**, христиандардын **“Эски осуят”** деп атаган китептерин окуган адам жогорудагы аты аталган поптордун айткан сын пикирлерине толугу менен кошула алат жана бул китептердин Аллахтын сөзү эмес экендигине чындап көздөрү жетет. Муну түшүнгөн бир нече батыштык поптор жана аалымдар көптөгөн китептерди жазып, акыйкатты адамдарга билдирүүгө аракет кылышууда.

Яхудилердин Тоораттан кийинки ыйык китептери – “Оозеки буйруктар” деп аталган китеп. Талмуд эки бөлүмдөн турат. Алар – Мишна жана Гамара. Яхудилердин колунда чыныгы Тоорат жок. Тоораттын нускалары толугу менен өзгөртүлгөн. Курани карим бардык китептердин өкүмдөрүн жойгон. Азыр бүткүл адамзат моюн суна турган китеп – эч өзгөртүлбөгөн **Курани карим.**

## Христиандык

Иса алейхиссалам – Хазрети Мариям деген кыздан туулган биз сыяктуу эле адам. Курани каримде бул маселе ачык көрсөтүлгөн жана ыйык рух тууралуу айтылган. Бирок, бул христиандар ойлогондой "Иса Аллахтын уулу" дегенди билдирбейт. "Ыйык рух" (рух-ул-кудс) түшүнүгү – Аллаху тааланын Иса алейхиссаламга жогорку куткаруучу кудуретинен бергендигинин белгиси. Иса алейхиссалам яхудилерге жаңылыш жолдо экендиктерин, туура жолдун өзү билдирген жол экендигин билдирген. Бирок, яхудилер күткөн куткаруучунун өтө катуу, айбаттуу, кармаганын талкалай турган алп жана яхудилерди башка улуттардын кулдугунан куткара турган адам болуусун күтүшкөн эле. Иса алейхиссаламга ишенишпеди. Аны жалган пайгамбар деп эсептеп, Римдиктерге кабар берип, ага каршы чыгышкан. Өздөрүнүн ишенимдери боюнча аны крестке асышты. Ислам дини крестке асылган адамдын Иса алейхиссалам эмес жана аны аз акчага Римдиктерге саткан Асхарют Яхуда (Judas) экендигин билдирет. Азыркы кездеги христиан тарыхчылары тарабынан кылынган изилдөөлөр Иса алейхиссаламдын крестте өлбөгөнүн далилдөөдө. Джон Ребан деген адам ушул маселе тууралуу 1978-жылы өтө көп сатылган бир китеп жарыялаган эле. Бул изилдөөлөр христиандардын "Иса крестте жан берди. Ата Теңир жалгыз уулун күнөөкөрлөр үчүн фида (курман) кылды" деген легендасына балта чабууда. Ошентип христиан тарыхчылары чиркөөлөргө чоң сокку берүүдө.

Иса алейхиссаламга **Инжил** китеби түшүрүлгөн. Бирок, яхудилер бул китепти сексен жылда жок кылышкан. Кийин жазылган христиандардын Аллаху таала тарабынан жиберилгенине ишенген **"Китаби мукаддас"** (Ыйык китеп) эки бөлүмдөн турат. Биринчиси **"Эски осуят" (Old Testament)** китеби ошол доорго чейин келген пайгамбарлардын, айрыкча, Муса пайгамбардын насыяттарын камтый тургандыгына ишенилет. Экинчиси **"Жаңы осуят" (New Testament)** Иса алейхиссаламга ишенгендердин ичинде Мартта **(Matthew),** Марк **(Mark),** Лука **(Luke)** жана Иоанн **(Jahn)** тарабынан жазылган китептер болуп, Иса алейхиссаламдын өмүр баянын, кылган иштерин жана айткан насыяттарын камтыйт.

Инжилди даярдоодо Курани каримдин жазылуусунда сакталган кылдаттык сакталган эмес. Чыныгы маалыматтарга бир канча жаңылыш түшүнүктөр, ырымдар, легендалар киргизилген. Х.1303, м.1885-жылы кайтыш болгон монастырдык мугалим ажы Абдуллах Абдибектин араб тилинде жазылган **“Рисала-и самсамийа”** жана түрк тилинде жазылган **“Изах-ул-марам”** китептеринде Инжилдер тууралуу кеңири маалымат берилген. Чыныгы Инжилге өтө жакын Инжил нускаларынын да бар экендиги азыркы кезде байкалууда.

Алардын эң маанилүүсү **Барнабас** Инжили. Барнабас Кипрдик яхуди болчу. Чыныгы аты Жозеф эле. Ал Иса алейхиссаламга ишенгендердин алгачкыларынын бири жана хаварийлердин (апостол) арасында маанилүү орунга ээ. Ага карата айтылган “Барнабас” аты “насыятчы”, “жакшылыкка чакыруучу” деген маанини билдирет. Христиан ааламы Барнабасты Павлос менен (Saint Paul) бирге христиан динин жайган кадырлуу адам деп таанышйт жана ар жылы мезгилдин он биринчи Июнунда пасхасын майрамдашат. Барнабас Иса алейхиссаламдан уккандарын, үйрөнгөндөрүн өзгөртпөй ошол бойдон жазып жүргөн. Бул Инжил христиандыктын алгачкы үч жүз жылында калган Инжилдер менен бирге колдон-колго өтүп окулган. 325-жылы Изникте **(Nicene-Никея)** поптордун руханий жыйыны ибраний тилиндеги бардык Инжилдерди жоюуга чечим кабыл кылган кезде Барнабас Инжили да жок кылынган. Анткени, төрт Инжилден башка Инжилди окуган жана сактаган адамдарды өлтүрүү тууралуу буйрук чыгарылган эле. Калган Инжилдер латын тилине которулган жана бир гана Барнабас Инжили өтө купуя түрдө жок болгон. 383-жылы папа Дамасус кокусунан колуна түшүп калган Барнабас Инжилинин нускасын папалыктын китепканасында сактаган. Х.993, м.1585-жылга чейин ошол жерде турган Барнабас Инжилин папа Сикстанын (Sextus) досу Фра Марино (Fra Marino.) “Fra” итальян тилинде “эркек тууган” жана “поп” дегенди билдирет) китепканадан таап алып, аны өтө кылдаттык менен изилдеп чыккан. Себеби, атактуу христиан дин жетекчиси Иранеус (130-200) болжол менен 160-жылы Аллахтын бир экенин, Исанын Аллахтын уулу эместигин айтып: “Павлос Римдиктердин бир нече теңирлерге сыйынуу адатын алып, үч Кудайга сыйынуу ишенимин христиан ишенимине киргизүүнү каалаган”, - деп, Павлосту сынга алганда буга далил

катары бир кудай ишенимин үгүттөгөн Барнабас Инжилин көрсөткөн эле. Аны билген Фра Марино Барнабас Инжилин кылдаттык менен окуп, болжол менен 1585-1590 жылдардын арасында аны итальян тилине которгон. Ошол итальянча кол жазма ар кимдин колуна өтүп, акыры Пруссия королунун кеңешчиси Кремердин колуна тийген. Кремер аны х.1120, м.1713-жылы түрктөрдү Зентада жеңгендиги жана алардан Мажаристан (Венгрия) менен Белградды алгандыгы үчүн Европада атагы чыккан принц Юган де Савойга (1663-1736) белек кылган. Ал кайтыш болгондон кийин Барнабас Инжили анын жеке китептери менен бирге 1738-жылы Венадагы королдук китепканасына (Hofbibliothek) өткөрүлгөн.

Алгачкы жолу бул китепканадан Барнабас Инжилин итальянча котормосун таап алган Роггар (Ragg) жубайлары аны англис тилине которгон. Ошол англисче котормосу х.1325, м.1907-жылы Оксфорддо басылып чыгарылган. Бирок, бул котормо да таң калыштуу болуп жок болгон. Анын бир нускасы “Бритиш музейинде”, бир нускасы да Вашингтондо Америка конгрессинин китепканасында бар. Пакистандын Курани карим коому “Qoran Council” англисче нускасын 1973-жылы кайрадан басып чыгарган.

**Барнабас Инжилинин 70-бабында:** “Иса өзүнө: “Сен Аллахтын уулусуң”, - деген Петруска ачууланды. Аны урушуп: “Кет, жогол! Сен шайтансың, мага жамандык кылайын деп турасың”, - деди. Андан кийин хаварийлерине карап: “Мага минтип айткандарды каргыш урсун. Анткени, Аллах мага аларга каргыш айтууга буйрук берди”, - деди”, - деп айтылган.

**71-бабында:** “Мен эч кимдин күнөөсүн кечире албаймын. Жалгыз Аллах гана күнөөлөрдү кечирет”, - дейт.

**72-бабында:** “Иса: “Мен бул дүйнөгө Хак тааланын дүйнөгө саламат алып келүүчү расулунун жолун даярдоо үчүн келдим. Бирок, силер абайлагыла, ал келгенге чейин алданып калбагыла. Анткени, менин сөздөрүмдү алып таштап, Инжилимди буза турган жалган пайгамбарлар чыгат”, - деди. Ошол кезде Андреастын: “Ошол расул тууралуу бизге айтып бересиңби?” - деген суроосуна: “Бул расул силердин дооруңарда келбейт. Силерден бир нече жылдан кийин менин Инжилим өзгөртүлүп жана чындыкка ишенген болжол менен 30 чактуу адам калган убакытта келет. Мына, ошол кезде

Хак таала адамдарга ырайымдуулук кылып, элчисин жиберет. Анын үстүндө ар дайым ак булут болот. Ал өтө кудуреттүү болот, буттарды талкалайт, бутпарасттарды жазалайт. Анын аркасынан адамдар Аллахты таанышат. Аны өтө урматташат жана мен дагы чыныгы адамдык абалым менен тааныламын. Менин адамдан башка нерсе экендигимди айткандардан өч алат", - деп жооп берет", - делген.

**96-бабында:** "Аллах тирүү. Аллаху таала биздин атабыз Ибрахимге: "Сенин тегиңен чыккан бардык адамдарды ниматтарыма бөлөймүн", - деп убада кылган. Бирок, ал Месих (Расул) мен эмесмин. Аллаху таала мени дүйнөдөн алып кеткен кезде шайтан бүт адамдарды мени Аллахтын өзү же болбосо Аллахтын уулу экендигиме ишендирет. Ошол каргышка дуушар болгур фитнаны кайра чыгарат. Сөздөрүм менен ишенимим бузулуп, ушунчалык өзгөрөт, отуз чактуу гана чыныгы ыймандуу адам калат. Ушундай заманда Аллаху таала адамдарга ырайым кылып, бардык нерсени ошол үчүн жараткан расулун жиберет. Бул расул түштүктөн чыгат. Өтө чоң кудуретке ээ болот. Ал буттарды талкалайт, бутпарасттарды жана шайтандын адамдарга болгон бийлигин жыгат. Анын сөзүнө ишенгендер Аллаху тааланын түрдүү ниматтарына ээ болот", - дейт.

**97-бабында:** "Айткан Месихиңдин аты ким жана анын келе тургандыгынын белгилери кандай?" - деп сураган көрөгөч бакчыга Иса мындай деди: "Месихтин аты таң калууга татыктуу. Аллаху таала анын рухун жараткан кезде ага ушул ысымды берди жана аны өзүнүн асмандагы өтө сонун жерине койду. "Күт, эй, Ахмед, сен үчүн мен Бейишти, ааламды жана көптөгөн нерселерди жаратамын. Аларды сага белек кыламын. Сени баркатаган адамды мен да барктаймын. Сага ишенбей куфурда болгон адамдар менин каргышыма дуушар болушат. Мен сени ааламга менин куткаруучу расулум катары жиберемин, сенин сөзүң акыйкаттан турат. Жер менен асман жок болсо да сенин ыйманың түбөлүккө калат", - дейт. Анын аты Ахмед болот. Ошондуктан, Исанын тегерегинде жыйналган эл: "Эй, Ахмед! Ааламды куткаруу үчүн тезирээк кел!" - деп кыйкыра башташты", - деп жазылган.

**128-бабында:** "Досторум! Мен топурактан жаратылган адаммын. Силер сыяктуу жерде басып жүрөм. Күнөөңөрдү билип, тообо

кылгыла. Шайтан Римдик аскерлердин жардамы менен силерге менин Кудай экенимди айтып, силерди алдайт. Алардын жасалма жана жалган теңирлерине сыйынуу аркылуу Аллахтын каргышына учурай тургандыгын көрүп, аларга ишенбегиле”, - деп айтылган.

**136-бабында:** “Тозок тууралуу түшүндүрмө берилип, Мухаммед алейхиссаламдын өзүнүн үммөтүнүн Тозоктон кандайча куткара тургандыгы жөнүндө айтылган.

**163-бабында:** “Хаварийлердин: “Келе тургандыгы тууралуу айткан адамың ким?” деген сууросуна Иса жүрөгү титиреп туруп: “Анын аты Ахмед. Ал келгенде көп убакыт жаан жаабаса да жерлерде мөмө жемиштүү бактар өсөт. Ал алып келген Аллахтын рахматынын аркасында адамдарда жакшы, кайрымдуу амалдарды кылууга мүмкүнчүлүк пайда болот. Аллахтын мээримдүүлүгү адамдарга жаайт”, – дегени билдирилген.

Иса алейхиссаламдын соңку күндөрү тууралуу Барнабас Инжили мындай маалымат берет **(215-222-бабдар):** “Рим жоокерлери Исаны туткундоо үчүн ишке киришкен маалда төрт улуу периште Жабраил, Исрафил, Микаил жана Азрайил Аллаху тааланын буйругу менен аны кучактап алып, терезеден чыгарып асманга алып чыгып кетишет. Рим жоокерлери өздөрүнө жол көрсөтүп жүргөн Яхуданы (Иуда, Judas) “Сен Исасың!” - деп кармашат. Анын каршылыгына, кыйкырып жалбарганына карабай сүйрөп алып барып крестке асышат. Кийин Иса алейхиссалам энеси менен хаварийлерге көрүнөт. Мариямга: “Апа, көрүп турасың го. Алар мени эмес, саткын Яхуданы асып өлтүрүштү. Шайтандан коргонгула! Анткени, ал дүйнөнү туура эмес ишеним менен алдап, жаңылыш жолго түшүрүү үчүн бардык нерсени жасайт. Көргөн, уккан нерселериңер үчүн силерди күбө катары көрсөтөм”, - деди. Андан кийин ишенгендердин коргонуулары жана күнөөкөрлөрдүн өкүнүп тообо кылуулары үчүн Аллаху таалага дуба кылды. Шакирттерине карап: “Силерге Аллаху тааланын ниматы жана мээрими болсун”, - деди. Анан төрт периште аны шакирттери менен апасынын көз алдында кайрадан асманга алып кетишти”.

Барнабас Инжили акыркы пайгамбар Мухаммед алейхиссаламдын келе тургандыгын андан 1000 жыл мурда айтып турат. Аллаху

тааланын жалгыз экендигин айтып, үч кудай ишенимин жокко чыгарууда.

Барнабас Инжили Мухаммед алейхиссаламдын келүүсүнөн 700 жыл мурда “куфур (капырчылык)” деп караланып, жыйналып жок кылынган. Демек, ошол кездин өзүндө эле анын ичинде фанатик христиандарга жакпай турган, б.а., Аллаху тааланын жалгыз экендиги, Иса алейхиссаламдан кийин башка Пайгамбардын келе тургандыгын билдирген сөздөр болгон. Аны италиян тилине которгон Фра Марио католик поп эле. Мына бул нерсени унутпоо керек, көп убакыт мурда, б.а., б.з.ч. 300-325-жылдардын арасында бир топ христиан дин адамдары Иса алейхиссаламдын Аллахтын уулу экендигин кабыл кылбай, анын да биз сыяктуу эле адам экенин далилдөө үчүн Барнабас Инжилин алдыга тартышат. Алардын эң таанымалы – Антиохия епископу Лучиан эле. Анын шакирти Ариус (270-336) андан да атактуу болгон. Ариус Александрия епископу, кийин Стамбул патриархы болгон Александр тарабынан “капыр” деп жарыяланып, куугунтукталган. Ушундан улам, Ариус досу Измит епископу Еусбюстун жанына барат. Ариустун ишениминин тегерегине көптөгөн жактоочулар жыйналышат. Жада калса, Византиянын императору Константин менен анын карындашы да ал негиздеген ариандар мазхабына кирет. Ариустан кийин жалгыз Мухаммед алейхиссаламдын заманында папа болгон Гонорий гана (Gonorius) Иса алейхиссаламдын адам баласы экенин жана үч теңир ишениминин туура эмес экенин айткан. 630-жылы кайтыш болгон папа Хонориус 48 жылдан кийин 678-жылы Константинополдо жыйналган Руханий жыйын тарабынан официалдуу түрдө “капыр” деп жарыяланган. (Anathematised) 1547-жылы Сицилиялык поп Камиллонун таасири астында болгон Л.Ф.М. Соззини христиандардын эң чоң дин аалымы жана Келвинизмдин куруучусу француз Джан Келвинге (1509-1564): “Мен үч теңирге ишенбейм”, - деп, Ариустун мазхабын тандай тургандыгын билдирип, маанилүү христиан ишеними болгон Адам алейхиссаламдын чоң күнөөсү жана Исанын ошол күнөөнү кечиртүү үчүн дүйнөгө келгендиги тууралуу ишенимди кабыл кылган эмес. Ошол адамдын жээни болгон Ф.П. Соззини 1562-жылы бир китеп жарыялап, Иса алейхиссаламдын кудай эмес экендигин анык көрсөткөн. 1577-жылы Соззини

Трансилванияда Клаусенбург шаарына барган эле. Анткени, ошол мамлекетти башкарып турган Сигисмунд үч кудай ишенимин кабылдачу эмес. Ошол жерде епископ Францис Давид (1510-1579) үчтүк ишенимге толугу менен каршы чыгып, бир мазхаб курган эле. Бул мазхаб Польшадагы Раков шаарында негизделгендиктен алар **“раковиандар”** деп аталган. Алардын бардыгы Ариустун мазхабын карманышчу эле. Көптөгөн ынсаптуу, акылдуу христиан дин жетекчилер колдорундагы Инжилдерге ишенишпей, туура Инжилдин Барнабас Инжили экендигин моюнга алышууда. Аны көргөн папалар жана алардын тегерегиндеги топтор Барнабас Инжилин жок кылууга болгон күчтөрүн жумшоодо.

Азыр христиандардын колундагы Инжилдерде (Библия) жана “Эски осуятта” ушунчалык өзгөртүүлөр киргизилгенине карабастан, Иса алейхиссаламдан кийин бир Пайгамбар келе тургандыгы тууралуу жазуу сакталып калган. Иоанн (Jahn) Инжилинин 16-бабынын 12-13-аяттарында мындай жазылган: “Менин дагы айта турган бир топ нерселерим бар. Бирок, силер буларга чыдай албайсыңар. Бирок, ал келген кезде акыйкатты жеткирет”. Иоанн Инжилинин бул жазмасы Британдык жана Америкалык Инжил фирмалары тарабынан 1886-жылы Стамбулда Бояжиян Агоб басмаканасында басылган. Ыйык китептин ибраний тилинен түрк тилине жасалган котормосунун 885-бетинде мындай жазылган: “Менин кеткеним силерге жакшы. Анкени, мен кетмейинче силерге камкор келбейт. Ал келгенден кийин дүйнөнү күнөө, жакшыруу жана өкүм маселелерине ишендирет. Силерге айта турган бир канча нерселерим бар. Бирок, азыр ага чыдай албайсыңар. Бирок, ошол акыйкаттын руху келген кезде силерди акыйкатка жеткирет. Анткени, ал өзүнүн сөзүн эмес, уккан сөздөрүн айтат жана боло турган нерселер тууралуу кабар берет. Ал мени кадырлайт, себеби, менден алганын силерге билдирет”. Бул жердеги “Ал” сөзү Инжилдин котормосу жана тафсирлеринде “рух” же “ыйык рух” деп көрсөтүлөт. Бирок, латынча асыл нускасында **“Paraclet”** деп жазылган. Бул сөз “сооротуучу” деген маанини билдирет. Демек, поптор, папалар бардык аракеттерине карабастан Инжилден “Менден кийин бир сооротуучу келет” деген сөздү чыгарып таштай алган эмес. Андан башка **Павло**стун жазган каттарынан (христиандар аны ыйык

китептин бир бөлүгү деп эсептешет) "Коринтостуктарга биринчи каттын он үчүнчү бабынын 8-аяты жана уландысында: "Махабат жок болбойт, бирок, пайгамбарлардын келүүсү токтойт. Тилдер да жоголот (мисалы, латын жана байыркы грек тилдери), илим да өчөт (орто кылымдын илимдери сыяктуу). Биз да алардын өтө аз бөлүгүн гана билебиз. Бирок, ал кемел жан келгенде кемчиликтер, ката жана аягына чыкпаган илимдер жоюлат", - деп жазылган. Бул сөз түркчө **"Ыйык китеп"**тин 944-бетинде да жазылган. Демек, христиандар азыр колдорундагы өздөрү туура деп эсептешкен Инжилдерде (Библия) акыркы Пайгамбардын келе тургандыгын билдирүүчү бөлүмдөргө ишенүүгө мажбур.

Инжил ибраний тилинде жазылган эле. Орто кылымдарда **"Итала"** деген наам менен латын тилине которулган. Насрани[19] дини тарала баштаган учурларда бутпарастар менен яхудилер ага каршы болушкан. Насранилер диндерин жашыруун түрдө улантууга аргасыз болушкан. Жер астында, үнкүрлөрдө, жашыруун жерлерде ибадат кылышкан. Яхудилер канчалык азап беришсе да Насрани дининин жайылуусуна тоскоол боло алышкан эмес.

Атагы чыккан яхудилердин бири жана христиан дининин эң чоң душмандарынан бири болгон Сауль насрани динин кабылдаганын айтат жана "өзүн Иса пайгамбардын яхуди эмес элдерди насранилик динине чакыруу үчүн шакирт кылып шайлаганы" тууралуу жалган сөздөрдү таратат. (Ыйык китеп, "Расулдардын иштери", 9-баб). Атын "Павлос" деп өзгөртөт. Мыкты насрани болуп көрүнүп жүрүп, Иса алейхиссаламдын динин бузат. Таухидди үчтүк ишенимге айлантат. Насранилик жана Исавийликти христиандыкка айлантат. Инжилди өзгөртөт. "Иса –Кудайдын уулу", - деп айтат. Шарап жана чочко этин христиандарга адал кылган. Кыбыла багытын чыгышка алмаштырган. Иса алейхиссалам үгүттөгөн динде жок болгон көптөгөн жаңылыш нерселерди насрани динине киргизген. Анын ката жана бузук пикирлери исавийлердин[20] арасында тез жайыла баштаган. Исавийлер ар түрдүү топторго бөлүнүп, Иса алейхиссаламдын туура жолунан тайышкан. Ар түрдүү легендаларды

19 Насранилик – Христиандыктын негизи бузулбаган замандагы аты. Бузулгандан кийин "христиандык" деп атала баштаган.

20 Исавилер – Исачылдык. Насрани динин карманган ыймандуулар. "Исанын (алейхиссалам) жактоочулары, жолундагылар" деген маанини билдирет. "Насранилер" же "Месихчилер" деп да аталат.

ойлоп чыгарышып, Иса пайгамбардын жалган сүрөттөрү менен айкелдерин жасап алышты. Крестти символ кылып алышты. Айкелдер менен кресттерге сыйына башташты. Б.а., кайрадан бутпарасттыкка өтүштү. Иса алейхиссаламды Аллахтын уулу деп кабылдашты. Бирок, Иса алейхиссалам аларга бул нерсе тууралуу эч нерсе айткан эмес болчу. Аларга бир гана ыйык рух, б.а., Аллаху тааланын өзүнө берген кудурети тууралуу айткан эле. Христиандар Кудайга, Анын уулу деп кабылдашкан Исага жана ыйык рухка ишенүүгө аргасыз болушкандан кийин бүткүл чыныгы диндердин негизи болуп эсептелген “Аллаху таала бир жана Ал өзгөрбөй турган Жаратуучу” деген ишенимден алыстап, үч теңирге бирдей сыйына турган күлкүлүү абалга түшүп калышты. Бул **“таслис – троица - trinite”** деп аталат.

Убакыт өтүп христиан дини чоң мамлекеттердин расмий дини болуп жарыялана башталгандан кийин орто кылымдарда караңгы жана коркунучтуу доор башталды. Иса пайгамбар үгүттөгөн адамгерчилик, мээримдүүлүк, кайрымдуулуктун негиздери толугу менен унутулду. Чыныгы христиандыктын ордуна Европада католик жана протестант чиркөөлөрүнүн ортосунда согуштар орун алды. Тарыхта белгилүү болгон инквизиция зулумдуктары болуп өттү. Байыркы грек жана Рим маданиятына таандык бардык чыгармаларды жоюуну каалашкан. Илим жана техникага каршы болушкан. Ислам аалымдарынын китептеринен окуп, жердин тоголок жана айлана турандыгын айткан **Галилей**ди динсиз (еретик) деп эсептешип: “Сөзүңөн кайтпай турган болсоң өлтүрөбүз”, - деп коркутушкан. Мекени үчүн күрөшкөн **Жанна д-Аркты** “сыйкырчы” деп тирүүлөй өрттөшчү.

Испаниялык доктор жана теолог Мишель Сервинин үч кудайлык менен Исанын теңир экендигин кабыл кылбай, анын жалгыз гана пайгамбар жана пенде экендигин көрсөтүүчү китеп жазгандыгы, анын протестанттардын жол башчысы Келвиндин сунушу менен 1553-жылы Женевада тирүүлөй өрттөлгөндүгү **“Камус-ул-алам”** китебинде жана **“Larousse”**де жазылган. Инквизициялык (Inquisition) соттор курулуп, жүз миңдеген адамды мал-мүлкүн тартып алуу үчүн жөн жерден эч кандай себепсиз динсиз (еретик, ведьма) деп жарыялап, ар түрдүү кыйноо жана кордуктар менен өлтүрүлгөн.

Жалгыз Аллаху таалага гана таандык болгон **“күнөөнү кечирүү”** сыпаты папалар менен попторго берилген. Алар сыйлыктар жана акча үчүн күнөөлөрдү “кечиришчү эле. Жада калса, Бейиштен жер сатышчу эле. Диний жол башчылары болгон папалар болсо королдуктардын үстүнөн бийлик курушкан. Ар түрдүү шылтоолор менен корольдорду “динден чыкты” деп жарыялап, кечирим суроо үчүн чиркөөгө кечирим сурап келүүгө мажбур кылышчу эле. 1077-жылы Папа Григорийге “динсиздик” күнөөсүн кечиртүү үчүн Каноссага келген немис королу **IV Генрий** кыштын күнү жыңайлак бойдон папанын сарайынын алдында бир нече күн күтүп турган. Папалардын ичинен көптөгөн өтө зыяндуу жан алгычтар чыккан. Алардын бири **Боргио** душмандарын жана алардын арасындагы попторду уулап өлтүртүп, байлыктарын ээлеп алган. Өзүнүн карындашы менен аял-күйөө катары жашаган, бирок, баары бир ыйык жана күнөөсүз папа деп саналган. Христиан динине **поптордун үйлөнбөөсү, үйлөнгөндөрдүн да эч качан ажырашпоосу, күнөө чыгаруу мажбурияты** сыяктуу негизсиз эрежелер киргизилген. Дүйнөдө жашоо күнөө сыяктуу болуп калган.

Жетинчи кылымда чыккан Ислам дини ошол караңгылыкка тараган жарык нур сыяктуу болду. Эң кемел жана логикага ылайыктуу, адамгерчилик негиздерине жараша курулган Ислам дини бутпарасттык жана негизи бузулган христиан динине каршы кыска убакыттын ичинде жайылган. Акылдуу ар бир адам ушул жаңы динди карманды. Илим менен билимге урмат менен кучагын жайган мусулмандар Аллаху таала жана анын Расулунун буйруктарына моюн сунуп, көптөгөн иштерди жасашты. Илимде көптөгөн жаңылыктар ачылган. Көп сандаган гений адамдар өсүп чыккан. Азыркы химия жана алгебра сөздөрү араб тилинен алынган. Ушул сыяктуу көптөгөн мисалдар мусулмандардын илимге кылган кызматтарын жана кошкон салымын ачык айкын көрсөтүп турат. Мусулмандар кыска убакыттын ичинде чоң илимий болборлорду – медреселерди ачышкан. Бүткүл ааламга илим, билим, тазалык, ынсап, маданият таратышкан. Грек философторунун чыгармаларын араб тилине которушкан. Алардын жаңылыш экенин далилдешкен. Дүйнөгө белгилүү философ Хришфельд (Hrischfeld): “Эч бир улут арабдардын Исламды кабылдагандыктан маданияттуулукка ээ

болгондой кыска убакытта маданиятка ээ боло алган эмес", - деген. Орто кылымдарда христиан ааламы караңгы өмүрдү башынан өткөрүп, поптор адамзаттын өмүрүн зынданга айлантып жатканда, мусулмандар жана мусулмандардын бийлиги астындагы элдер тынчтыкта жашашкан. Мусулмандардын колундагы өздөрү да ыйык деп эсептешкен Кудусту (Иерусалимди) алуу шылтоосу менен кресттүү жортуулдарды уюштурушту. (1096-1270).

Кресттүү жортуулдарда жөн жерге канча деген мусулмандардын каны төгүлгөн. Кудуска киришкен учурда христиан тарыхчылары айткандай мечиттерде өлтүрүлгөн мусулмандардын каны аттын соорусуна чейин жеткенин христиан тарыхчылары тарых китептеринде жазып калтырышты. Мисалы, булар тууралуу төмөндөгү булактарда кеңири тарыхый маалыматтар берилген:

«Кресттүүлөр шаарга кирип келишкенде кыргын башталды. Чабуулчулар мусулман, яхуди жана шаарда калган анча-мынча христиандарды өлтүрүп, Иерусалимди (Кудусту) анык кыргынга айлантышты".[21]

"Төмөндөгү үзүндү Мичауддун беш томдук кресттүү жортуулдары тууралуу китебинен алынган: "Х.492 [М.1099] кресттүү жортуулчулар Иерусалимди алышты. Качан алар шаарга киргенде жетимиш миң мусулман жана яхуди жашоочуларды өлтүрүштү. Көчөлөр канга толгон эле. Өлүктөрдүн көптүгүнөн көчөлөр торолгон. Кресттүүлөр ушунчалык варвар болгондуктан Германияга келгенде эле Рейн дарыясынын жээгиндеги он миң яхудини өлтүрүшкөн".[22]

"Шаардын кээ бир тургундары Сулаймандын ибадатканасынын[23] чатырында жашынууга аракет кылышкан. (Жылнаамалар тастыктагандай бул окуя Аль-Акса мечитинде болуусу мүмкүн жана автор ошону айткысы келип жаткандыр, себеби, Сулаймандын ибадатканасы *I кылымда* Титустун Иерусалимди басып алуусунда талкаланган болчу). Эртен менен кресттүү жортуулчулар ичиндеги адамдар менен бирге синагогду да өрттөшкөн".[24] Е. Монусова: "Батыш жылнаамачыларынын тастыктоолору боюнча шаардын он

21 "Эпоха крестовых походов" / под редакцией Э. Лависса и А. Рамбо. — М.: АСТ, 2005. — Б. 361-363.

22 Hakikat Kitabevi, Islam and Christianity, Istanbul – 2010, Б. 214, 215, 216.

23 Сулайман алейхиссалам курдурган эски Аль-Акса мечити.

24 Гибб, Гамильтон, " Дамасские хроники крестоносцев". — М.: Центрполиграф, 2009. — Б. 36-37.

миң жашоочусу кырылган, эми араб булактарында бул сандар алда канча жогору экендиги белгилүү”, - деп жазат.[25] “Сулаймандын ибадатканасында жана анын айланасында аттын соорусуна, ат үстүндөгү адамдын тизесине чейин жетип канга толгон...”.[26]

Бирок, кийин Кудусту алардан кайра алган Салахиддин Аййуби христиандарга чоң жоомарттык көрсөтүп, туткунга түшүрүлгөн англис королу арстан жүрөктүү Ричардды (Richard, Coeur de Lion) боштондукка чыгарып жиберет. Кээ бир христиан фанаттары Осмон мамлекетине каршы жасалган жортуулдарды да мусулмандарга каршы жасалган кресттүү жортуулдар деп эсептешкен. 1912-13-жылкы Балкан согушун бир француз тарыхчысы “тарыхтагы эң чоң кресттүү жортуулу” деп эсептөө фанатизимине чейин барган эле. **Андалусия** мусулман мамлекети 1492-жылы испандар тарабынан басып алынган учурда испандар ал жердеги мусулмандарды кырып ташташкан же болбосо кыйнап христиан динин кабыл кылдырган эле. (Испаниядагы бул тарыхый каргашалар тууралуу Пренс Салватор, профессор Граус, теолог Кирчбергер, барон вон Бибра, Трелфалл айым тарабынан Германияда Вюрцбург шаарында, 1894-жылы басылган “Spaneien”=Испания аттуу чыгармада баяндалган). Ушул сыяктуу жапайылык аракеттерин христиандар Американын жергиликтүү эли инктерге карата да колдонушкан. Испандар бул чарасыз улутту толук бойдон кырып ташташкан.

Ислам душмандарынын Ислам динине жана анын Пайгамбарына жапкан жалаалары жана жалгандары азыркыга чейин эң төмөн, эң адепсиз жолдор менен улантылууда. (Соңку убакыттарда болгон Даниядагы Мухаммед алейхиссаламды мазактап тартылган карикатура буга далил болот.) Индиялык Рахметуллах Мырза “рахимахуллаху таала” 1854-жылы Делиде жана кийин Стамбулда англиялык протестант дин башчылары менен араларында болгон пикир талашында аларды жооп бере албай турган деңгээлге жеткирген жана акырында поптор качып кеткен. Ошол Ислам аалымы бул жеңиши тууралуу жана аларга берген жоопторун Стамбулда кагаз бетине түшүргөн. Бул китеп **“Изхар-ул-хак”** деп

25 Монусова Е., “ История Крестовых походов”. –М.: АСТ, 2010. –Б. 58-62

26 Раймунд Ажильский, (Захват крестоносцами Иерусалима. 15 июля 1099 г.) Raimundi de Aguiliers. Historia Francorum qui ceperunt Iherusalem. - Recueil des historiens des croisades. Historiens Occidentaux, t. III. Paris, 1866, p. 297-300.

аталып, араб тилинде 2 том болуп, 1864-жылы басылган. Кийин Мысырда кайра басылган. Биринчи томунун түрк тилиндеги котормосу ошол эле ат менен Стамбулда, экинчи томунун түркчө котормосу **“Ибраз-ул-хак”** деген ат менен 1877-жылы Боснияда басылган. Англис, француз, гужерат, урду, фарси тилдериндеги котормолору да жарык көргөн.

Өзгөртүлгөн **“Тоорат”** жана **“Инжил”** китептериндеги жаңылыш ишенимдерге жана жалааларга далилдери менен жооп берген баа жеткис Ислам китептеринин ичинде Абдуллах Таржумандын араб тилиндеги **“Тухфат-ул-ариб”** китеби, Нажаф Алинин 1871-жылы Стамбулда жазган фариси **“Мизан-ул-мавазин”** китеби, Имам Газалинин «рахметуллахи алейх» **“Ар-раддул-жамил”** китеби жана Ибрахим Фасих Хайдаринин **“Ас-сиратул-мустаким”** китеби **“Хакикат китеп үйү”** деп аталган басмакана тарабынан басылган.

Христиандардын ичинде да поптордун зулумдуктарына, логикага терс жана негизсиз ишенимдерине каршы чыккандар да кездешет. 1517-жылы Лютер деген поп папага каршы чыккан жана ал Инжилди немис тилине которуп, Инжилде кездешпей турган “поптордун үйлөнбөөсү”, “үйлөнгөндөрдүн эч качан ажрашпоосу “, “күнөө кечирүү” жана “крестке сыйынуу” сыяктуу маселелерди христиан дининен чыгарып таштаган. Ошентип, 1524-жылы **“протестант”** деп аталган жаңы христиандык багытын негиздеген. Бирок, үчтүк ишенимди (ата, уул, ыйык рух) ошол эле бойдон калтырган.

1534-жылы англис королу VIII. Генрий да папага каршы чыгат жана анын сунушу жана күч колдонуусу менен англо-американ чиркөөсү негизделген. Атактуу француз адабиятчысы Вольтер “Кандид” деп аталган эмгегинде поптордун жаңылыш түшүндүрмөлөрү, өзгөртүлгөн диний ишенимдери жана ар түрдүү куулуктары тууралуу жазып, аларды шылдыңдаган. Андан кийин жазылган ошол сыяктуу чыгармалар француз революциясынын (1789) жүзөгө ашырылуусуна өтө чоң таасирин тийгизген. Ошол төнкөрүштөн кийин поптордун абийири төгүлгөн. Мусулмандардын арасынан ваххаби каракчылары сыяктуу бузуку адамдар чыгып, Исламды жаманатты кылып тааныткандыктан, христиандар Исламды кабылдоонун ордуна атеизмге берилип кетүүдө. 1917-жылдагы Орусиядагы большевик төнкөрүшү да динди жоюуга багытталган эле. Бирок, бир канча

убакыттан кийин төңкөрүштүн таасири азайгандан кийин адамдар кайрадан сыйынууга татыктуу бир кудуретти издей башташты. Нобель сыйлыгын алган адабиятчы Солженицин **“Алгачкы тегерек”** аттуу эмгегинде: “Экинчи Дүйнөлүк Согушта Сталин да Аллахка ишенген, жерге сажда кылып, жашыруун түрдө Андан жардам сурачу эле”, - деп жазат.

Иса алейхиссалам билдирген алгачкы Исавийлик тууралуу маалыматтарды камтый турган алгачкы Инжил бир канча өзгөртүүлөргө учурап, ага адамдар тарабынан башка бөлүмдөр да кошулган. Аллаху тааланын сөздөрү жок кылынган. Ошентип, Инжил ыйыктык касиетин жоготкон. Ислам аалымы Алхаж Абдуллах бин Дастан Мустафа **“Изах-ул-Марам фи кашф-из-зулам”** деп аталган түркчө эмгегинде мындай дейт: “ Иса алейхиссаламды яхудилер кармап өлтүрүүнү каалашканда жанындагы Инжилди да өрттөп салышкан же жыртып ташташкан. Ал мезгилде Инжил али дүйнөгө тарай элек болчу. Иса алейхиссаламдын дини да али бекем орной элек болчу. Себеби, Иса пайгамбар эки жарым, үч жыл гана динди үгүттөй алган болчу. Ошол себептен Инжилдин дагы бир нускасынын жазылган болушу мүмкүн эмес. Иса алейхиссаламдын сахабалары өтө аз жана алардын көпчүлүгү сабатсыз болушкан. Инжилди эч ким жаттаган эмес болчу. Дагы бир ыктымал да мындыйча: “Иса алейхиссалам дүйнөгө келгенден кийин 325 жыл өтүп, Изник (Никея) кеңешмесинде көптөгөн Инжилдин нускалары жаңылыш, негизсиз деп өртөлгөн болчу. Чыныгы Инжил ошолордун катарында жок кылынган болушу да мүмкүн”.

Инжилге бир катар бөтөн нерселердин кошулуп жазылгандыгын жана Аллаху тааланын буйруктары менен бирге бир топ адам тарабынан киргизилген жазмалар да бар экенин азыркы христиандар да моюнга алышат. Инжилдин алгач ибраний тилинде жазылгандыгы, кийин латын жана грек тилдерине которулгандыгы чындык. Ибраний тилиндеги нускасы грек тилине которулган учурда бир топ катачылыктар кетирилген, бутпарас гректердин “бир кудай” ишенимине каршы болгондуктары жана Инжилди Платон филасофиясына ылайыкташтырууну каалоолоруна байланыштуу ойго келбеген үч теңир (таслис-троица) ишеними пайда болгон.

Исавийлик чыккан учурда бул үч теңир ишеними жок болчу. Абдуллах бин Дастан Мустафа «рахимахуллах» мындай дейт: “Таслис (үч кудай) пикирин биринчи болуп философ Платон ойлоп чыгарган. Павлос деген яхуди аны христиандыкка аралаштырган.

Миладий (христиандык жыл санагы) 200 жылдан кийин Сибелиус деген поп бул ката ишенимди кайра жандандырган. Ошол мезгилде ыймандуулар бир гана Аллахка жана пайгамбар катары Иса алейхиссаламга ишенишчү эле. Сибелиустун сунушуна көптөгөн христиандар каршы болушкан жана натыйжада чиркөөлөр арасында кандуу кагылышуулар болуп өткөн. Французчадан арабчага которулган ошол доордун бир тарых китебинде ошол согуштар тууралуу кеңири маалымат берилген. 200-жылы динде жалгыз “ата” жана “уул” тууралуу пикирлер айтылган. Ага “ыйык рух” ишеними андан 181 жылдан кийин, б.а., 381-жылы Византия императору Теодосиус доорунда Константинопольдо өткөрүлгөн руханий кеңешмеде киргизилген. Бул чечимге каршы чыккан бир канча папалар да болгон. Папа Гонорий (Honorius) эч качан үч теңир системасын кабыл кылган эмес. Ал кайтыш болгондон кийин бир канча жыл өтүп, “динсиз” деп жарыяланганы менен үч теңир ишенимин кабылдабагандар жаңы мазхабдарды (жолдорду) курган. Иса алейхиссаламдын жалган сүрөттөрүн тартуу, айкелин жасоо жана аларды чиркөөлөргө коюу жана крест белгисинин ыйык белги деп таанылуусу сыяктуу маселелер бир канча карама-каршылыктарга, жада калса, кандуу согуштарга себеп болуп, чиркөөлөр буларды миладдан 700 жыл өткөндөн кийин гана кабылдаган.

Христиандардын Исавий (Насрани) дининин негизин өзгөртүү, папанын күнөөсүз деп эсептелүүсү, попторго күнөө кечирүү сыяктуу укуктун берилүүсү, адамдардын күнөөлүү болуп туула тургандыгын айтуу, Инжилде жазылып көрсөтүлсө да, акыркы пайгамбар Мухаммед алейхиссаламды кабылдабагандыктары, азыркы учурда да Инжил деп эсептелген китептерине өзгөртүүлөрдү киргизүүлөрү Аллаху тааланын азабына себеп болууда. “Ниса” сүрөсүнүн 171-аятында: **“Эй, китеп ээлери! Диндериңерде аша чаппагыла. Аллах үчүн бир гана чындыкты айткыла.** (Аны кемчиликтерден узак деп билип, улуулагыла. “Уулу бар” деп жалаа жаппагыла.) **Месих Иса – Мариямдын уулу, Аллаху тааланын**

**расулу, пайгамбары. “Бол” деген буйрук менен жаратылган ал кулду Мариямга бердик. Ал Аллаху тааладан берилген башка рухтар сыяктуу бир рух. Аллахка жана Анын пайгамбарына ишенгиле! “Теңир үчөө” дебегиле! Бул сөздөн баш тартканыңар өзүңөргө жакшы. Аллах – бир Кудай. Кудайдын баласы болбойт. Көк менен жердеги бардык нерсе Аныкы, баарын Ал жаратты”,** - деп айтылган.

Инжилди өзгөрткөндөр үчүн “Бакара” сүрөсүнүн 79-аятында: **“Китепти өз колдору менен жазып, арзыбай турган баага сатуу үчүн “Аллахтын сөзү” дегендерге кандай өкүнүч! Жазган колдоруна, тапкан табыштарына кандай өкүнүч!”** – делинген. “Ихлас” сүрөсүнүн 1-4-аяттарында да: **“Айт, Аллах бир. Ал эч нерсеге муктаж эмес, бардык нерсе ага муктаж. Туубаган, туулбаган, Ага окшош (тең болгон) эч нерсе жок”, -** деп айтылган.

Курани карим Иса алейхиссаламдын адал кыз болгон Мариямдын уулу экендигин ачык айкын билдирет. Жогоруда айтылгандай Аллаху таала ага ыйык рухтан берген. Бул жагдай тууралуу да “Бакара” сүрөсүнүн 87 жана 253-аяттарында да билдирилген. Бул аяттарда: **“Мариям уулу Исага ачык мужизаларды бердик, касиеттүү рух менен кубаттандырдык”. -** деп айтылган. “Али-Имран” сүрөсүнүн 48-аятында, “Маида” сүрөсүнүн 46-жана 110-аяттарында жана “Хадид” сүрөсүнүн 27-аяттарында Иса алейхиссаламга Инжил китебинин берилгендиги ачык билдирилген. Адал кыз болгон Мариямдан туулгандыгы тууралуу “Али-Имран” сүрөсүнүн 45-аятында жана уландысында билдирилген: **“Periштелер: “Эй, Мариям! Аллах сага “бол” дегенде дароо жаратыла турган, ысымы Мариям уулу Иса Месих болгон, дүнүйө менен акыретте кадырлуу жана Аллаху таалага жакын боло турган, адамдар менен бешикте жатып, кийин жигит кезинде сүйлөшө турган, салих, такваа, жакшы бала берет”, – деп сүйүнчү берди”. Мариям: “ Эй, Раббим! Мага эч кандай эркек жакындабаса кандайча балам болот?” – деди. Периште: “Аллаху таала ушундайча каалаган нерсесин жаратат. Бир нерсени кааласа “бол” дейт. Ал бар болот”, – дейт.**

Иса алейхиссаламдын бешикте жаткан кезде эле тили чыгат. Бала кезинде зээндүү болгон. Суроолорго таң кала тургандай жооп берер

эле. Бул анын келечекте өзгөчө бир адам боло тургандыгын көрсөтүп турчу эле. Кудуста динди үгүттөй баштайт. Болгону үч жылга созулган пайгамбарлык кезинде Курани каримде айтылган бир канча мужизаларды көрсөткөн. Өлгөндөрдү тирилткен, оорулууларды айыктырган, сокурлардын көзүн ачкан. Иса алейхиссалам үйү жок, токтоосуз кыдырып жүрүп, күн баткан жерде түндү ибадат менен, дуба кылуу менен өткөргөн пайгамбар эле. Өтө мээримдүү, өтө жумшак мүнөздүү, өтө карапайым жана кайрымдуу эле. Көрсөткөн мужизаларынан улам уялчу эле, айыктырган оорукчандардын рахмат айтууларын күтпөй тез эле кетип калчу эле.

Инжилдеги өкүмдөр (буйруктар жана тыюулар) өтө аз болчу. Иса алейхиссалам жаңы дин алып келгендиги тууралуу айткан эмес. “Мен жаңы дин куруп жаткан жокмун. Мен Исраил уулдарынын пайгамбарлары алып келген, азыр болсо бузула баштаган, жалгыз Аллахка ишенүү болгон чыныгы динди түшүндүрүү үчүн келдим”, - дечү эле. Андай болсо, Исавийликти жаңы дин деп кабыл кылуу туура эмес. Исавийлик жалгыз Аллах дини болгон Ибрахим жана Мусанын (алейхимуссалам) диндери менен бирдей. Иса алейхиссалам өзүнүн үгүттөрүн жазган эмес. Аллаху таала жиберген Инжил да колдо жок. Азыр христиандардын колундагы **“Китаби мукаддас”** (Ыйык китеп) Тооратан алынган **“Эски осуяттар”** сыяктуу бөлүмдөр менен **Матта, Марк, Лука** жана **Иоанн** тарабынан жазылган Инжилдер менен “элчилер” деп аталган шакирттери тарабынан жазылган китепче жана каттардан түзүлгөн **“Жаңы осуят”**тан турат. Бул төрт автордун китептери бири-бирине такыр окшобойт. Бир окуя тууралуу ар түрдүү жазылган. Калган хаварийлердин (апостолдордун) жазган Инжилдери топтолуп өрттөлүп жок кылынган. Бул окуя жогоруда айтылгандай 381-жылы Константинопльдо (Стамбул) болгон. Жада калса, андан да мурда 325-жана 364-жылдары король Константин, король Теодосиус доорунда жыйналган диний кеңешмелерде болгон. Ошол кеңешмелердин чечими менен өртөлгөн ошол Инжилдердин ичинде Мухаммед алейхиссаламдын келе тургандыгы тууралуу кеңири билдирген Барнабас Инжили да жок кылынган. Кийин жазылган ошол төрт китептин авторлорунан Иоанндан сырткары эч бири Иса алейхиссаламды өмүрүндө көргөн эмес.

Христиандар Иса алейхиссаламдын крестке асылып, ошол жерде кайтыш болгонуна, кийин тирилип асманга көтөрүлгөнүнө ишенсе, мусулмандар Иса алейхиссаламдын крестке асылбагандыгына, түздөн түз асманга көтөрүлгөндүгүнө, крестке асылган адамдын Римдиктерге Иса пайгамбар жашырынган жерди акчага айтып койгон Яхуда (Judas) экенине ишенет. Курани каримде бул маселе тууралуу “Ниса” сүрөсүнүн 156-158-аяттарында айтылган: “**Яхудилердин Исанын пайгамбарлыгын кабыл кылбоолоруна, Мариямга жалаа жабууларына жана Аллахтын расулу Мариям уулу Исаны өлтүрдүк дегендерине байланыштуу аларды каргадык, ырайымыбыздан куудук. Негизинде алар Исаны өлтүргөн да жок, крестке да аскан жок. Бирок, бул иште аларга окшотуу жасалды (Яхуда Иса алейхиссаламга окшотуп коюлгандыктан ошону асты). Бул маселеде өздөрү да күмөндөнөт. Алардын бул тууралуу маалыматтары да жок, болгону ойлору гана. Алар чындыгында Исаны өлтүрүшкөн эмес. Аллах аны өзүнүн кабатына көтөрдү. Аллах кадырлуу, өкүмүндө даанышмандык ээси”.**

Иса алейхиссалам асманга көтөрүлгөндөн кийин Насрани дини акырындык менен дүйнөгө жайыла баштады. Алгач бул жаңы дин бутпарас Римдиктер менен гректер тарабынан өтө катаалдык менен тосуп алынган. Исага ишенгендер кармалып, өлтүрүлгөн. Ареналарда жырткычтарга жем кылынган. Бирок, хак дин эл арасында өзүнө деген сүйүү жана сый урматын арттырып, таанылa берген. Тилекке каршы убакыт өтүп, чыныгы Инжил жок болду. Мунафык болгон Павлостун: “Исанын крестке асылуусу – кудайдын даанышмандыгы, адилеттүүлүгү жана адамзаттын кутулуусу. Себеби, Аллах адамдардын күнөөлөрүн кечирүү үчүн өзүнүн уулун курмандыкка чалды”, - деп билдирген маанасиз көз караштары азыркы христиан дининин ишеним негизин калыпташтырган. Иса алейхиссалам эч качан адамдардын күнөөлүү болуп туула тургандыгын айткан эмес. Бирок, азыркы христиан дини мындай деп айтууда:

1. Адамдар дүйнөгө күнөөлүү болуп келет. Себеби, алгачкы инсан – Адам пайгамбар Аллахка моюн сунбаган, ошондуктан, Бейиштен чыгарылган.
2. Адам алейхиссаламдан кийин келген бардык адамдар ошол күнөө менен келишет.

3. Иса алейхиссалам – адамдарды ошол күнөөдөн куткаруу үчүн дүйнөгө келген Аллахтын уулу.
4. Аллаху таала адамзаттын моюнундагы ошол чоң күнөөнү кечирүү үчүн өзүнүн уулун крестке астырган.
5. Дүйнө - кыйынчылыктардын мекени. Дүйнөдө көңүл көтөрүп, кубанууга болбойт. Адамдар кайгы чегүү жана ибадат кылуу үчүн жаратылган.
6. Адамдар түздөн түз Аллаху таалага ибадат кыла албайт. Аллаху тааладан эч нерсе сурай албайт. Бир гана дин башчылары, поптор адамдардын ордуна Аллахка жалбара алат жана алардын күнөөлөрүн кечире алат.
7. Христиандарды папа башкарат. Ал күнөөсүз. Анын бардык иши туура.
8. Адамдардын руху менен денеси эки бөлөк нерсе. Адамдын рухун бир гана поптор тазалай алат, дене болсо ар дайым күнөөлүү бойдон кала бере турган пас нерсе болуп саналат.

Христиан дининин негизи катары көрсөтүлгөн бул пикирлер акылга жана логикага жатпайт. Ошондуктан, яхуди динин оңдоого аракет кылган Иса алейхиссалам алып келген насрани дини чыныгы негизинен алыстап, “христиандык” деп аталып өзгөртүлүп, бурмаланган динге айланган. Христиан дининин кайрадан чыныгы насрани түрүнө кайтуусу үчүн көптөгөн жумуштар жасалган. Лютер деген поп протестанттык жолун негиздеп, бираз оңдоолорду киргиземин деп, бул динди толугу менен өзгөртүп, бузуп салган.

Мына, Ислам дини Иса алейхиссаламдан кийин ошол жаңылыштыктардын баарын түзөтүү үчүн, бара-бара өзгөрүлүп бара жаткан “Жалгыз Аллах” динин кайрадан илахий түрүнө киргизүү үчүн жиберилген. Аллаху таала түрдүү доорлордо түрдүү пайгамбарларына жиберген бардык диний китептеринде бир акыркы Пайгамбардын келе тургандыгы жана анын адамдарды эң туура жолго сала тургандыгы тууралуу кабар берип келген. Бул сөз Тооратта да, бурмаланган Инжилде да кездешет. Иоанн Инжилинин 16-бабынын 12-13-аяттарында: “Менин силерге айта турган көп нерселерим бар. Бирок, силер ага чыдай албайсыңар. Бирок, ал келген кезде силерди акыйкатка жеткирет”, - деп кабар берилгендиги Мухаммед алейхиссаламдын келе тургандыгын

билдирет. Барнабас Инжилинин 72, 96, 136, 163-бабдарында Хазрети Исанын өз хаварилерине (акыркы Пайгамбардын келе тургандыгын, аты Ахмед боло тургандыгын, ал келгенге чейин өзгөртүлө турган Инжилди кайрадан оңдой тургандыгын жана жаңы китеп алып келе тургандыгын, өзүнүн крестке асылбагандыгын, крестке асылган адамдын жашынып турган жерин айтып берген Яхуда экенин) ачык билдирген. Курани каримдин "Саф" сүрөсүндө бул маселе тастыкталган. "Саф" сүрөсүнүн 6-аятында: **"Мариям уулу Иса: "Эй, Исраил уулдары! Мени менен мурун келген Тооратты ырастай турган жана менден кийин келе турган Ахмед (Мухаммед) деген Пайгамбарды кабарлай турган, Аллаху тааладан силерге жиберилген пайгамбармын", – деди. Бирок, алар Пайгамбар (Мухаммед) аларга келген кезде, бул анык сыйкыр", – деди"**, – делинген. Азыркы христиандардын дин китеби болгон төрт Инжил Жабраил алейхиссалам аркылуу Иса алейхиссаламга көктөн түшүрүлгөн чыныгы Инжил эмес. Тескерисинче, Иса алейхиссалам асманга көтөрүлгөндөн кийин төрт адам тарабынан жазылган тарыхый китептер болуп эсептелет. Алардын бири болгон **Матта** (Матвей) досторунун каалоосу менен Иса алейхиссаламдын асманга көтөрүлүүсүнөн он эки жыл кийин **"Милад-и Иса"** аттуу китеп жазган. Бул китеп Иса алейхиссаламдын дүйнөгө келүүсү тууралуу жазылган тарыхый китеп болуп эсептелет. Экинчиси - Маркус (Маркос. Марк), ал Иса пайгамбарды көргөн эмес, хаварийлерден уккандарын, Иса алейхиссаламдын асманга көтөрүлүүсүнөн 28 жылдан кийин жазган. Үчүнчүсү – **Лука** деген адам. Ал дагы Иса алейхиссаламды көгөн эмес, хаварийлерден уккандарын 32 жылдан кийин Александрияда жазган. Төртүнчүсү – **Иоанн.** Анын хаварий экендиги тууралуу айтылат. Иса алейхиссаламдын асманга көтөрүлүүсүнөн 45 жылдан кийин анын өмүр баяны тууралуу жазган. Аллаху таала жиберген Инжил китеби – бир гана китеп эле. Ал эми чыныгы Инжилде бири-бирине терс кайчы келбеген эч бир нерсенин болбогондугу акыйкат. Ал эми, төрт Инжил болсо, өз ара карама-каршылыктарга толуп кеткен.

Курани каримде Иса алейхиссаламдын өлтүрүлбөгөндүгү, асылбагандыгы ачык билдирилген. Аталган төрт тарыхый китепте анын өлтүрүлгөндүгү тууралуу жазылгандыктан Курани каримде

айтылган жана Аллахтын сөзү болгон Инжилдин бул төрт китептен башка китеп экендиги байкалат.

Бул китептердеги окуялардын бир бөлүгүн Иса алейхиссаламдан укпагандыктары, аны Иса пайгамбар асманга көтөрүлгөндөн кийин жазгандыктары китептерден байкалат жана бул тууралуу поптор да айтат. Мисалы, камактагы жана өлтүрүлгөндүгү тууралуу пикирди ортого салган кезде Иса алейхиссаламдын оозунан келтирилген сөздөр ушуга мисал. Бул сөздөрдүн чыныгы Инжилде жок жана Аллахтын сөзү эмес экендиги белгилүү.

Азыр чыныгы Инжил жок. Христиандардын колунда да, мусулмандардада мындай китеп кездешпейт. Жада калса, поптордун көпчүлүгү асмандан түшүрүлгөн Инжилдин жок экенин айтышат. Бир легенда боюнча яхудилер Иса алейхиссаламды өлтүргөн учурда Инжилди өрттөп же болбосо жыртып ташташкан. Ошол учурда Инжил жайылбаган эле. Себеби, Иса алейхиссаламдын пайгамбарлык мезгили үч эле жылга созулган болуп, ыйман келтиргендер өтө аз болгон. Ыйман келтиргендердин көпчүлүгү окуу-жазууну билчү эмес, же болбосо, 325-жылы жок кылынган Инжилдердин ичинде туура Инжилди да жаңылыш деп эсептешип өрттөп салышкан. Ошол убакыттарда бири-бирине туура келбеген 40-50 түрлүү Инжил бар болчу. Ар бирине ишенгендердин арасында согуштар болуп, көп кан төгүлгөн. Ариус соту кезинде алардын төртөө гана калтырылып, калгандарын өртөлгөндүгү чиркөөнүн тарыхында жазылган. Бир англис попу тыюу салынган Инжилдерди издеп таап, тапкандарын англис тилине которгон, таппагандарын аттарын жазып, х.1236-жылы (м.1820) Лондондо басып чыгарган. “Ал-жаваиб” гезитинин катчысы Ахмед Фариси аны араб тилине которгон. “Инжил” делген китептердин аттарын **“Самсамия”** китебине киргизилген.

Христиандар ошол төрт Инжилдин колдорундагы **Тоорат, Забур** деген китептердин асмандан түшүрүлгөндүгүнө ишенишет. Ошол төрт Инжилде Иса алейхиссаламдын сөздөрү деп келтирилген сөздөр күмөндүү жана таанымал эмес. Марк менен Лука Павлостун шакирттери, алар Иса алейхиссаламды эч качан көрүшкөн эмес. Павлостун да Иса алейхиссаламды көрбөгөндүгү жана ал асманга чыгарылгандан кийин келип: “Иса мага асмандан көрүндү”, -

дегендиги "**Китаби мукаддастагы" "Расулдардын иш-аракеттери"** деген китебинин тогузунчу бөлүмүндө Лука тарабынан жазылган. Алардын хаварийлерден уккандарын жазгандыгына да ишенүүгө болбойт. Себеби, өздөрүнө ошол маалыматтарды жеткиргендердин эч кайсынысынын аттары жана жагдайлары тууралуу жазышкан эмес. Тескерисинче, Иса алейхиссаламды көрүп, түздөн түз өзүнөн уккандай жазышкан. Тарыхчылар мындай жазууларды жалган деп эсептешет. Мисалы, Иса алейхиссаламды яхудилер туткунга алуу максатында келген түнү жанындагы он бир хаварийдин (апостол) качып кеткендиги жана башчылары **Петру**стун алыстан карап, Иса алейхиссаламды алып кетип бара жаткан яхудилердин артынан баш раввиндин үйүнө чейин баргандыгы, кийин алардан коркуп качкандыгы **Матта**нын 26 жана **Марк**тын 14-бабдарында жазылса, төрт Инжилде: "Яхудилер Исаны кармап алышып, ошондой жасашты, ал мындай жооп берди", - деп көргөн сыяктуу жазат. Булардын жалган экендиги ачык эле көрүнүп турат.

Азыркы учурда бардык христиандар Изник консулунда (диний жыйын, кеңешме) поптор кабыл кылган төрт китептин асмандан түшүрүлгөн Инжил экендигине ишенишет. Иоанна Инжилинде жазылган таслис ишеними диндеринин негизи болуп саналат. Б.а., Иса алейхиссаламды теңир же теңирдин уулу деп эсептешет. Мухаммед алейхиссаламга ишенбегендиктери, мусулман болбогондуктары үчүн бардыгы ыймансыз болуп эсептелет.

## Брахманизм

Бул дин Иса алейхиссаламдан көптөгөн кылымдар мурда Индиядан чыккан акыйкат жана илахий дин болгон. Алар кийин бузулуп, капыр болушту. Бул диндин башында тургандар "брахман" деп аталат. "Брахма" – "ыйык сөз" деген маанини билдирет. Анын төрт баласы бар экени айтылат. Төрт уулунун бири оозунан, калган үчөө колу менен бутунан жаратылган деп айтылат. Ушул төрт баласына байланыштуу брахмандар адамдарды төрт топко бөлүшөт:

1. **Брахмандар**. Алар Брахма ишениминин ыйык дин жетекчилери жана аалымдары. Ыйык Веда китебин окуу, түшүндүрүп берүү жана башка брахма мүчөлөрүнө жол көрсөтүү – алардын

башкы милдети. Алардын буйруктарына эч ким каршы чыга албайт. Адамдардын бардыгы алардан тартынышат.

2. **Мухарибдер**. Бул топко бийлөөчүлөр, раджалар, мамлекеттик ишмерлер жана аскер кызматкерлери кирет. Алар “Кришна” деп дагы аталышат.
3. **Соодагерлер** жана **дыйкандар.** Алар “ваянса” деп аталышат.
4. Айылдыктар, жумушчулар жана башкалар.

Бул төрт топко кирбей тургандар **“парйа”** (адамдан төмөн макулуктар) деп аталышат. Алардын адамдай жашоого укугу жок. Төрт топко кирген адамдардын укуктарына ээ боло алышпайт. Брахма ишениминде буттар да кездешет. Бул буттардын түрү, мааниси, жегенге боло турган жана болбой турган нерселер, кылмыштар жана жазалар **“Манава Дхарина Шастра”** деп аталган ыйык китептеринде жазылган. Ал “Манунун дин китеби” деген маанини билдирет. Брахмандар бир канча теңирге ишенишет. Эң чоң теңири – жамандыкты жоюу үчүн адам кейипинде кирген **Кришна,** экинчи теңири – **Вишну.** Үчүнчү теңири – **Сива.** Алар үчүн Вишну өтө маанилүү. Мааниси – “адамдын санаасына таасир этүүчү” болгон Вишну кою көк түстүү дене жана төрт колдуу макулук катары сүрөттөлөт. Ал Гарута деп аталган бүркүткө минген же лотус гүлүнүн же болбосо бир жыландын үстүндө отурган түрдө сүрөттөлөт. Брахма ишеними боюнча Вишну азыркыга чейин дүйнөгө тогуз жолу (адам, жаныбар же гүл көрүнүшүндө) келген. Эми анын онунчу жолу келүүсү күтүлүүдө.

Брахма désinde өлтүрүүгө согушта гана уруксат берилет. Калган учурларда адамды, жаныбарларды өлтүрүүгө болбойт. Адам ыйык жаратылыш болуп эсептелет. Реанкарнацияга (Танасух – рухтун көчүп жүрүшү) ишенишет. Б.а., адам өлгөндөн кийин руху башка көрүнүштө кайрадан дүйнөгө келет деп эсептелет. Вишнунун да жаныбар кейипинде келиши мүмкүн деп, бул динде жаныбарларды өлтүрүүгө катуу тыюу салынган. Ошондуктан, фанат брахмандар эч кандай этти жешпейт.

Ману китеби боюнча адамдын өмүрү төрткө бөлүнөт:

1) Жалкоолук. 2) Үйлөнүү. 3) Мунзавийлик (жалгыз жашоо). 4) Сооп алуу үчүн кайырчылык жасоо.

Индиядагы Ислам аалымдарынын улууларынын бири жана тасаввуфта чоң аалым Мазхари Жаны Жанан «рахметуллахи алейх» 14-катын "Инду капырларынын майрамдары" тууралуу фарси тилинде жазган. Анда: "Аллаху таала бардык адамдарга бакыттын жолун көрсөткөндүгү сыяктуу, Индияга Берниха деген периште аркылуу **"Веда"** жана **"Бид"** деп аталган китептерди жиберген. Бул китеп төрт бөлүмдөн турган. Бул диндин мужтахиддери алардан алты мазхаб чыгарышкан. Ишеним-акыйда бөлүмүн "Дахрен Шайстер" деп аташкан. Адамдарды төрт топко бөлүштү. Ибадат бөлүмүн Керм Шайстер деп аташты. Адамдын өмүрүн төрткө бөлдү. Алардын ар бири "Жук" деп аталган. Бардыгы Аллаху тааланын бир экендигине, дүйнөнүн фаний (өткүнчү) экендигине, кыямат күнүнө, эсепке жана азапка ишенишип, дүйнөнүн кызыктарынан баш тартышчу эле. Кийин келгендер тарабынан бул динге киргизилген жаңылыктары динсиздикке себеп болгон. Ислам келгенден кийин диндеринин күчүн жойгон. Мусулман болбогондору ыймансыз деп аталат. Андан мурдагылары тууралуу эч нерсе айта албайбыз", - делген.

Брахмандардын бир бөлүгү болгон **"Мажусийлер"** отко, уйга, крокодилге сыйынышат. Алар **"Кисра"** деп аталган Иран падышасы Куштусабдын доорунда Зардушт деп аталган жашагандыгы же жашабагандыгы белгилүү болбогон бир адам тарабынан негизделген динге ишенишет. Алар өлгөн адамды көмбөйт, мунарага коюп кузгундарга жем кылышат. Дагы башка бир багыты болгон **"Сихтер"**де сакал өтө ыйык эсептелет. Сакалдарын алышпайт. Ошондой эле **"Хиндуист"** деп аталган бир топ да бар. Алар төмөн, караңгы элдердин бардык ката ишенимдерине ишенишет. Бул ишенимдин эч кандай баркы калган эмес.

Брахмандар адамдарга брахман дин башчыларынын буйруктарын тыңдоону, аларга ар дайым моюн сунууну, Ману китебинин негизинде аракет кылууну, парйалар менен эч кандай мамиледе болбоону, жандуу нерселерди өлтүрбөөнү үгүттөшөт. Бирок, рух жана дене тууралуу эч кандай маалымат берилбейт. Адамды ыйык жаратылыш деп эсептешет. Брахмандар Индиянын Ганга дарыясын ыйык деп эсептешет. Ошол дарыяда жуунуну, ошол дарыянын суусун ичүүнү, жада калса, өлгөн адамды ошол дарыяга таштоону да ыйык милдет деп эсептешет.

Иса алейхиссаламдын дүйнөгө келүүсүнөн 600 жыл мурда туулган Будда буттарга сыйына баштаган брахманизмди оңдоонун ордуна, тескерисинче, толугу менен бузуп салган. Ушул жагынан алганда Будданы Католик дининин бир топ каталарын жоюу максаты менен курулган, бирок, өзү андан да кооптуу жана капыр болгон протесттанттык тобун курган Мартин Лютерге окшотууга болот.

## Буддизм

Будда б.з.ч. 622-жылы Индиянын Бенарес шаарынын 160 чакырым түндүгүндө жайгашкан Капилавасту (Лумбини) айылында туулган. Чыныгы аты Гуатама же Сидарте. 29 жашында бир токойдо адамдардан алыстап, жалгыздыкта риязат чекти (ачка жүрүп, өзүн чыңдоого аракет кылуу). Риязат чегүү жана дүнүйөлүк иштерден баш тартуу менен эч нерсеге жетүүгө болбой турганын түшүнүп, мурдагы жөнөкөй жашоосуна кайтат. Ойго (тафаккур) берилет. 35 жашында Неранжаранын жээгинде, бо деген дарактын астында терең ойго батып отурганда оюна бир шоола төгүлгөнүн сезет. 80 жашта кайтыш болгонго чейин өз пикирлерин таратууга тырышат. Будда Брахма ишениминин бузулгандыгын, бутка табынуунун ката экендигин айткан. Аны тыңдагандар аны ээрчишет. Будда өзүн бир гана карапайым адам экенин айтып, өзүн эч качан кудай деп эсептеп, айткан эмес. Бирок, ал өлгөндөн кийин шакирттери ага кудай деп ишенишип, анын атынан ибадатканаларды салышып, айкелин жасашып, ага сыйына башташкан. Ошентип, буддизмди бутпарасттыкка айлантышкан. Буддизмде теңирлик ишеними жок.

Буддисттердин дининин төрт негизи бар. Алар:

1. Жашоо кыйынчылыктарга толгон. Ырахаттар жана кубанычкыялдар - алдамчы түш. Төрөлүү, карылык, ооруу жана өлүм – ачуу кайгы.
2. Бул кыйынчылыктардан кутулууга тоскоол боло турган нерсе – билбей жасалган тилектерибиз, каалоолорубуз, кандай максатта болсо да жашоого деген куштарлыгыбыз.
3. Кыйынчылыктарды жеңүү үчүн бардык өткүнчү каалоолордон жана чыныгы жашоо куштарлыгынан да тазалануу керек.

4. Жашоо тилегин жоюу аркылуу адам ырахатка жетет. Бул абал “нирвана” деп аталат. Нирвана эч кандай тилеги болбогон адамдын дүйнөнүн лаззаттарынан узак болуп, ыйык ырахатка жетүү дегенди билдирет. Будда адамдарга бактылуу болуу үчүн сегиз жолду сунуш кылат. Алар туура ишеним, туура чечим, туура сөз, туура аракет, туура жашоо, туура эмгек, туура ойлонуу жана туура баалоо.

Будда Брахма дининдеги белгилүү төрт топту кабылдабайт. Брахман тобунун артыкчылыктарын моюндабайт жана аларды өзгөчө деп эсептебейт. Адамдардын баарын тең деп эсептеп, аларга бирдей укуктарды тааныйт. Брахманизмдеги парйаларга кучагын ачат. Адамдарды ыйык деп эсептебейт. Тескерисинче, адамдардын кемчиликтери көп экенин жана азга канаат кылып, орозо кармоо аркылуу гана бул күнөөлөрдөн кутулуга боло тургандыгын айтат. Бирок, бул эрежелердин, илимдердин дин менен, Аллаху тааланын ыраазычылыгы менен эч кандай байланышы жок. Алардын рухтары бош. Себеби, буддизмде Аллах ишеними такыр жок.

Азиядагы Тайланд, Бангладеш жана Малайзия мамлекеттеринин арасындагы Бирма эли – сабатсыз, адамгерчилик принциптеринен алыс, төмөн кулк-мүнөздүү эл. Б.з.ч. 543-жылы Будда дини ошол жерге жетип барган. Бул динде акыйкат, адилеттүүлүк, мээримдүүлүк деген нерселер болбогондуктан жапайы адамдар арасында тез эле жайылган. Арадан 10 кылым өткөндөн кийин Индиядан келген мусулман соодагерлердин ошол аймакка Исламды алып келүүлөрү менен Ислам илими, Ислам ахлакы жайылган. Кийин Британиядан колонизаторлор келип табыгый байлыктарын талап кетишкен. Дүйнө жүзүнүн башка жерлеринде жасагандыктары сыяктуу эле ал жерлерде да жалган сөздөр менен, курал-жарактын күчү менен, тыңчылардын жана миссионерлердин куулуктары менен жергиликтүү элдин оюна Исламга карата душманчылыкты сиңиришкен. Экинчи Дүйнөлүк Согуштан кийин колонизаторлор бул аймактан толук чыгып кеткен болсо да, аркасында Исламга кас болгон жапайы жырткычтардын тобун даярдап калтырышкан эле. Зулумдуктан качкан дин адамдарынын жазган каттарынан белгилүү болгондой, Бирмалык аскерлер үйлөрдү басып алып, эркектерди өлтүрүп, аялдарды, кыздарды алып кетип, билгендерин

кылышууда, адеп жерлерин кесип, көздөрүн оюп алгандан кийин тоолорго, токойлорго таштап кетишүүдө. Мусулмандар шейиттерге Аллаху таала жаракаттардын, сыныктардын азабын сездирбей тургандыгына ишенишет. Ошондуктан, шейиттер дүйнөгө кайра келип, кайра шейит болуунун лаззатын тартууну каалашат. Бирмада мусулмандарга каршы колонизатордук пландарын ишке ашырып жаткан жапайылар болсо кожоюндары менен бирге дүйнөдө да, акыретте да илахий азап тартышат.

Б.з.ч. 479-жылы 70 жашында кайтыш болгон **Конфуций** Кытай философу эле. Ал адамгерчилик жана мамлекет башкаруу тууралуу жазган китептери менен таанымал болгон. Философиясы кийин диний мазхабка (жолго) айлантылган. Китептеринде самавий (Аллах тарабынан жиберилген) диндерге катыштуу эч кандай маалымат кездешпейт.

## Шаманизм

Нух пайгамбардын үчүнчү уулу Яфес урпактары менен Азиянын орто аймактарына отурукташты. Ошол жерде көбөйүшүп, Чыгыш Азияга жана ошол доордо бар болгон кургактык жолдору аркылуу Океания аралдарына тарашты. Яфес кайтыш болгондон кийин көп жылдар өтүп адамдар көөп-кутуруп, Нух алейхиссалам менен Яфестин динин, үгүттөрүн унутушуп, айбан сыяктуу жашай башташты. Жылдыздарга, айга, күнгө, буттарга, жиндерге сыйына башташты, ар түрдүү жолдорго бөлүнүштү.

Ушундай ойдон чыгарылган жаңылыш жолдордун бири – **Шаманизм.** Европалыктар тарабынан “Chamanisme’’ деп аталган бул бузук ишеним качандыр бир кездерде Чыгыш Азия капырларынын ойлоп тапкан дини болчу. Азыркы учурда Сибирь жана Тынч океанындагы аралдарда жапайы адамдар арасында кеңири тараган. Алар күндүн ичинде жашай тургандыгына ишенишкен кудайга жана жиндер менен периштелерге сыйынышат. Эң чоңун “шайтан” (демон) деп аташат. “Шаман” деп аталган дин башчылары аттын куйругун тагынып алат. Жинди кууп жиберүү үчүн моюндарына добулбас асып алышат. Кээде добулбас уруп жиндерди куушат. Сыйкырчылык аларда керемет болуп эсептелет. Бул дин да Брахман жана Будда

диндери сыяктуу бир замандарда пайгамбарлар тарабынан алып келинген чыныгы диндин кылымдар бою жахилдердин булмалап өзгөртүүлөрү натыйжасында калыпташкан.

## Бахаилик

Бул динсиздердин жетекчиси – Бахауллах. Ал Албаб Али Мухаммед деген Ирандыктын шакирти эле жана орунбасары эле. Албаб аны “күзгү” деп атачу. “Бул күзгүдөн Аллах көрүнөт деп айтчу. Ал өлгөндөн кийин ордун ээлеген Бахауллах аларга жетекчи болуп, “бахаилик” деп аталган негизсиз идеологияларын тарата баштаган. Өзүнүн ордуна уулу Абдулбаха Аббасты отургузган. Аббас **“Гаснии азам”** деген атка ээ болгон. Европа менен Америкага барган Аббас бахаиликке жүз миңден ашуун адамды тартып, 1921-жылы кайтыш болгон. Ордуна уулу Шавкий келет. Ал дагы бахаиликти жайган. Бахауллах өзүн пайгамбар жана акыр замандын куткаруучусу деп таанытчу эле. Өзүнө “капыр” деген кара такты алгачкы жолу ушул сөзүнүн натыйжасында алган. Эки миң жылдан кийин дагы бир пайгамбар келе тургандыгын айткан. Аларда 19 саны ыйык сан болуп эсептелет. Ишенимдери боюнча, ар бир бахаи он тогуз күндө бир жолу 19 бахаини үйүнө чакыруусу шарт имиш. Негиздеген ыймансыздык жолдору “Коомдук адилет үйү” аттуу жогорку кеңештерине шайланган он тогуз бахаи тарабынан башкарылат. Ар бир бахаи жыл сайын тапкан акчасынын бештен бирин ошол жогорку кеңешке берүүгө мажбур. Аларда 11 жашта үйлөнүү кажет имиш. Бойдок өмүр сүрүүгө тыйым салынган имиш. Жылаңач аялдар менен жыйналыш уюштуруу ибадат болуп эсептелет имиш. Башка ибадаттын кереги жок деп эсептелет. Ар түрдүү уятсыздыктар абройлук деп саналат. Ислам динин ыдыратууга аракет кылуучу топ болуп эсептелет.

Бахаилердин дүйнө жүзүндө 88 жерде уюмдары бар. Христиан, яхуди, мажусий, сихтер жана буддистерди алдап, өздөрүнө тартууда. Алар эң көп корко турган душмандары Ислам аалымдары. Өз динин билген, түшүнгөн эч бир мусулманды алдай алышкан эмес. Китептерин, үгүттөөчү басмаларын кырк сегиз тилге которушуп, жер жүзүнө таратышып, бул жолго миллиондогон акча жумшап

жатышканы менен Ислам дининин алдында алсыз болуп, барган сайын жоголуп барууда. Бирок, Европада, Америкада жана Австралияда 77 жергиликтүү коомду расмий каттоого киргизишкен. 1902-жылы Орто Азияда жана 1920-жылы Чикагодо салынга эки чоң ибадатканалары бар. Улут, уруу дегенди кабылдашпайт. Коммунисттер сыяктуу бүт дүйнөгө жайылууну, бир жерден башкарылууну көздөшөт. Жеке адамдардын кызыкчылыктарын ойлошпойт. Мамлекеттик капитализмди жакташат.

Ибадаттары, уюмдары, милдеттери “Акдас” деп аталган китептеринде жана “Осуяттар кагаздарында” жазылган. Аллаху таалага ишенүүнү жана башка бир топ маалыматтарды Ислам дининен алышкан. Исламга кайчы келе турган жактары да көп. Логикалык жана көпчүлүгү социалдык болгон көз караштары дин, “илахий вахий” деп түшүндүрүлүүдө.

Намаздары – Хайфаны карап туруп, Аллахты ойлоо. Ажылыктары Бабдын Шираздагы үйүн же болбосо Бахауллахтын Багдаддагы үйүн барып көрүү болуп саналат. Аят окуу – жүрөк менен Аллахты ойлоо болуп эсептелет имиш.

Азыркы учурда Ислам душмандары Исламды жыгуу үчүн бардык жаман жолдорго барышууда, Исламга душман болгон ар бир жамандыкты кооз сөздөр менен макташууда. Өздөрү Бахаиликке маани бербесе да, бир гана Исламга каршы топ болгондуктан, бул динсиздерди көкөлөтүп макташып, китептерди жазышууда жана аларды таратуу үчүн ат салышууда.

## Ахмадия (Кадиянилик)

Индиядагы Пенжаб шаарында 1880-жылы – Мирза Гулам Ахмед Кадияни тарабынан курулган. Ал 1835-жылы туулуп, 1908-жылы өлгөн. Ката пикирлерин Британдык колонизаторлор Индияны басып алгандан бир жылдан кийин тарата баштаган. Исламды ичинен жыгуу үчүн Британдыктар тарабынан курулуп, каржыланган бул секта Британ тыңчыларынын жардамы менен тез жайыла баштаган. Абдуррашид Ибрахимдин түрк тилиндеги **“Алеми Ислам”** (Ислам ааламы) аттуу китебинин экинчи томундагы “Англичандардын Ислам Душмандыгы” темасындагы жазуусунун бир жеринде:

“Ислам халифатын тезирээк кулатуу – Британдыктардын башкы максаты. Крым согуштарына себеп болгондуктары жана анда түрктөргө жардам бергендиктери – халифатты жойууга багытталган айлакерлиги болгон. Париж келишими аны көрсөтүп турат. (1923-жылы болгон Лозан келишиминин жашыруун отурумдарында алар ошол душмандыктарын ачык көрсөтүшкөн эле). Түрктөрдүн башына түшкөн кыйынчылыктардын, саясий балээлердин бардыгы кандай шылтоо жана эмне себептер менен жашырылса да ар дайым Британдыктардан келген. Британ саясатынын негизи – Исламды жок кылуу. Бул саясаттын себеби – алардын Исламдан коркуулары. Мусулмандарды азгыруу жана алдоо үчүн саткындардан усталык менен пайдаланууда. Аларды мусулмандардын арасында Ислам аалымы, дин таанытуучу, каарман катары таанытып, алардын колу менен пландарын ишке ашырышууда. Исламдын эң чоң душманы – англистер”, - деген. Американын укук жана саясат таануучусу Брайн Уиллиам Женнингс өзүнүн китептери, конференциялары менен жана 1891-1895-жылдарында АКШ Конгресинин өкүлдөр кеңешинин мүчөсү болуу менен таанылган адам. 1913-1915-жылдары АКШ Тышкы Иштер Министирлигинин өкүлү болгон. 1925-жылы кайтыш болгон. **“Индияда англис бийлиги”** аттуу китебинде Британдыктардын Исламга каршы душмандыктары жана кылган зулумдуктары тууралуу кеңири маалымат берген.

Британдыктардын куралы болгон Кадияниликтин куруучусу Гулам Ахмед Кадияни кайтыш болгондон кийин ордуна Хаким Нуреддин халифа болгон. 1914-жылы анын ордуна отурган Башируддин Махмуд 1889-жылы туулуп, 1965-жылы өлгөн. Ахмед 1905-жылы Индиянын Кадиян шаарында **“Ал-васият”** китебин жарыялап, өзүн убада кылынган **“Месих”,** б.а., Иса алейхиссалам деп таанытткан. Уулу Башир Ахмедилердин борборун Раббах деген жерге көчүрүп, Ахмадия жолунун бузук ишенимдерин **“Чыныгы Ислам”** деген ат менен жая баштады. **“Курандын тафсири”** деген наам менен чыгарган эки чоң китеби Курани каримге терс жана жаңылыш, бузуку сөздөргө толгон. Ал бул китебинде 1300 жылдан бери тафсирчилердин көңүл бурбаган экономикалык жагдайлар тууралуу жазгандыгын айтат. “Аллахтын мындай илимди бир гана пайгамбарларга жана алардын халифаларына бере тургандыгын

ишенич менен айта аламын", - деген. **"Курани каримге өзүнүн жеке көз караштары боюнча тафсир кылган адам капыр болот",** - деген хадиси шариф алардын Исламдан алыс, жаңылыш жолдо экендиктерин көрсөтүүдө. Мухаммед Сыддык Хасан Хан **"Китаб-ул-изаа"** деп аталган китебинде мындай дейт: "Азыркы учурдагы дажжалдардын бири – Гулам Ахмед Кадияни. Аллах аны андан да жаман кылсын. Жамандыгын бүт адамдарга билдирсин! Анын куфур жолуна түшкөндөрдү да ушундай кылсын. Анткени, ал чоң фитна чыгарды. Алгач Махди экенин айтты. Анан пайгамбардын ишине аралашты. Христиан мамлекеттерин мусулмандарды бөлүү саясатынын куралы болду". Алар: "Чыныгы Исламият бир гана Ахмадилик", - деп ишенишет. Экөө да хадиси шариф менен макталган алгачкы эки кылымдын туура жолунан тайып, адамдарды куфур жана жаңылыштыкка тартууда. Пенжаб жана Бомбейде сабатсыз элдин арасында бат эле тараган бул жол азыркы күндө Европа жана Америкада жайылууда. Өздөрүн мусулман деп эсептегени менен, бузук ишенимдери жана ритуалдарынын аркасында мусулмандыктан чыккан. Куфурга себеп болуучу нерселери көп болсо да, төмөндөгү үчөө өтө маанилүү:

1. "Ахмади" жана "Кадияни" деп аталгандардын пикири боюнча Иса пайгамбарды крестке асып өлтүрүүнү каалашкан эмес эле. Ал өзүнөн өзү өлдү жана жерге көмүлдү. Кийин кабырдан чыгып Индустандагы Кашмирге барды. Ошол жерде Инжилди үйрөтүп кайрадан кайтыш болду.
2. Жеке бир Махди келбейт, Иса жана Мухаммед (алейхимуссалам) пайгамбарлардын рухтары адам кейпинде көрүнөт. Ал – Мирза Ахмед.
3. Мусулмандыкта жихад бар. Бирок, ал курал-жарак менен эмес насихат менен болот. Кан төгүү, жан берүү жок, муздак согуш бар. Алар ушундайча Курани каримдин маанисин өзгөрткөн, жихад тууралуу айтылган аяттарды жокко чыгарган болуп саналат.

Гулам Ахмеддин уулу Башуриддиндин **"Жаңы дүйнө тартиби"** деп аталган китеби куфур сөздөргө толгон. Индиялык аалым Мухаммед Анваршах Кашмири кадиянилерге жооп катары "**Акидат-ул-Ислам фи хаяти Иса алейхиссалам", "Икфар-ул-мулхидин"**

жана **“Хатим-ун-набиин”** деп аталган китептерин жазган. 1933-жылы кайтыш болгон. Ушул үч китебинде Мирза Гулам Ахмед Кадияни тууралуу мындай дейт:

“Ал Иса алейхиссаламдын асмандан түшө тургандыгына ишенбейт: “Ал асылган, өлтүрүлгөн. Ал атасыз эмес болчу. Юсуф Нажжардын уулу эле”, - дейт. Улуу Пайгамбарга яхудилер сыяктуу жаман сөздөрдү айтат. Өзүнүн пайгамбар экендигин, жаңы дин алып келгендигин айтат. “Иса асмандан түшөт деген сөз менен менин келе тургандыгым тууралуу кабар берилген”, - дейт. Исламдын далилдерин өзүнчө өзгөртүп, ишенүүгө тийиш болгон нерселерди жокко чыгарууда. Мухаммед алейхиссаламдын пайгамбарлардын акыркысы экенине, баарынан жогору экенине ишенбейт. Өзүнүн миңдеген мужизасы бар экенин, алардын башка пайгамбарлардын мужизаларынан көп жана жогору экенин айтат. Көптөгөн аяттардын өзү тууралуу келгенин, Куранда макталганын айтууда”.

Ахмед Кадияни монгол-татар улутунан эле. Исмаили сектасындагы динсиз эле. Өтө көп китеп окуган. Ахли сүннөткө душман эле. Британдыктар Исламды ичинен жыгуу үчүн жасаган пландарын ишке ашыра турган бир саткынды Индияда да издеп жүрүшкөн болчу. Табылгандардын арасындан аны тандап алышат. Көп акчага сатып алышат. Ал алгач бахаи катары сахнага чыгарылган. “Мужаддидмин” - деп жүрдү. Анан: “Махдимин”, - деп айтты. Ал кийин: “Асмандан түшө тургандыгы тууралуу билдирилген Иса Месихмин”, - дейт. Акырында пайгамбар болуп, жаңы дин алып келгендигин жарыялады. Кадияндагы мечити – “Масжиди Акса”, шаары – “Мекке” шаары имиш. Кийин көчүп өткөн Лахор шаарын “Медина” деп эсептеди. Бир кабрыстан салдырып, аны **“Макбарат-ул-жанна”** деп атайт. “Бул жерге көмүлгөн адам Бейишке барат”, - дейт. Өзүнүн аялдарын **“уммахат-ул-муминин”** (мусулмандардын энелери) деп атаган. Алдаган адамдарын “үммөтүм” деп эсептеди. Мужизаларынын эң чоңу – **“Мухаммадибейгум”** деп аталган никеси экен. Асманда кыйыла турган бул нике өзүнө вахий аркылуу билдирилген экен. Динин 1888-жылы жарыялаган. 1908-жылы өлүп, Тозокко кетти. Өзүнө ишенбегендерди капыр деп атаган.

Ал **“Хакикат-ул-вахий”** деген китебинин 148-бетинде: “Аллах бул үммөт ичинде Исадан да жогору Месихти жаратты. Иса азыр

тирүү болгондо менин жасагандарымды жасай алмак эмес эле. Менин мужизаларым ал кишиде көрүлгөн эмес эле", - дейт. 107-бетинде: **"Фараонго расул жибергенимдей силерге да расул жибердим",** - деген аяттагы пайгамбардын өзү экенин жазган. 68-бетинде: "Аллах мени пайгамбар катары жиберди. "Убада кылынган Месих сенсиң", - деди. Мага үч жүз миң мужиза берди", - дейт. **"Барахим-ул-Ахмадия"** китебинин 56-бетинде өзүнүн мужизаларынын Мухаммед алейхиссаламдын мужизаларынан да көп экенин жазган.

Мухаммед алейхиссаламдын пайгамбарлардын акыркысы экендигин билдирген 150 хадиси шариф бар. Алардын 30 чактысы **"Кутуб-и ситтада"** жазылган. Иса алейхиссаламдын асмандан түшө тургандыгы тууралуу да ачык билдирилген. Аларга ишенбеген адамдын ыйманы кетет. Ошол себептен Кадияниликтин Ислам менен эч кандай байланышы жок.

"Кадияни" же болбосо "Ахмади" деп аталган бул жолдун Исламды ичинен жыгуу үчүн Британдыктар тарабынан курулгандыгын далилдери менен ачыктап берген **"ал-Мутанабби-ул-Кадияни"** деп аталган араб тилиндеги китеп Пакистандагы Мултанда 1967-жылы басылган. Бул китепке Анвар шах Кашмиринин **"Икфар-ул-мулхидин"** аттуу китебинин башындагы Мухаммед Юсуф Бинуринин баалуу жазмалары менен **"Хаванат-ул-Ислам"** аттуу рисаласы да киргизилип, 1973-жылы Стамбулда басып чыгарылган.

## Даразилер

Даразилер жаңылыштык менен "дурузи" деп аталууда. Мухаммед Амин ибн Абидин хазирети **"Радд-ул-мухтар"** китебинин үчүнчү томунда муртаддар тууралуу мындай дейт: "Даразилер мусулман ысымын алышты. Намаз окугандары да бар. Бирок, ыймандары жаңылыш. Танасухка (реанкарнация, рухтун адамдан адамга көчүп жүрүүсүнө) ишенишет. Арак жана зинакорлукту адал деп эсептешет. Теңирлик сыпаттар адамдан адамга өтөт деп айтышат. Өлгөндөн кийин тирилүүгө, намазга, орозого, ажылыкка ишенишпейт. "Алардын мааниси – дүйнөдөгү жашоону иреттөө", - деп ишенишет. Пайгамбарыбызга жарашпай турган сөздөрдү айтышат. Шам муфтийи Абдуррахман **"Имади**

**фатавасында”** аларды мулхиддер жана Исмаилиддер сыяктуу ишене тургандыктары тууралуу кабар берилген. Төрт мазхабдын аалымдары: “Алардан жизйа[27] алып, Ислам мамлекеттеринде турууларына уруксат берүү адал болбойт. Алардан кыз алуу, сойгон жандууларынын этин жеген – жаиз эмес (болбойт)”, - дешет. **“Фатаваи хайрийа”** китебинде алар тууралуу кеңири маалымат берилген. Алар “зындык”, “мулхид”, “мунафык” деп аталат. Ишенимдери жаңылыш болгондуктан шахадат калимасын айтканы менен мусулман болушпайт. Ислам динине кайчы келген ишенимдеринен кайтмайынча мусулман болбойт. Алар китептүү жана китепсиз капырлардан да өткөн зыяндуу”.

Бул мулхиддер (динсиздер) “Аллах Алинин жана анын урпактарынын сүрөтүндө көрүндү”, - дешет. Он биринчи Имам Хасан бин Али-Аскарининин адамы деп эсептелген Ибни Нусайрдын ойлоп тапкан жаман сөздөрүнө ишенишет. Сириядагы даразилердин өздөрүн “алеви” деп эсептей тургандыгы **“Мунжид”** китебинде жазылган.

## Язидилер

Улуу Ислам аалымы Сеййид Шариф Журжанинин **“Тарифат”** деген китебинде кыскача жана **“Милал-нихал”** китебинде кеңири жазылганы боюнча “харижа” деп аталган адашкан сектадагы (жолдогу) адамдар жети топко бөлүнөт. Алардын ичинде “Ибадия” тобундагылар – Абдуллах бин Ибад деген адамдын жактоочулары. Бул адам Хазрети Али «радыйаллаху анх» Хазрети Муавия менен аны башчы кылуу жөнүндө келишип алгандандыктан Хазрети Алиден айрылган. Андан кийин Траблусгарпка барып, “Ибадия фыркасын” (сектасын) курган. Хижрий 153-жылы анын адамдары халифага каршы көтөрүлүшүп, Траблусгарпты басып алышат. Өздөрүнөн башка мусулмандарды “капыр” деп эсептешкен. “Согуш учурунда алардын мал-мүлкүн тартып алууга болот”, - деп кабар таратышты. “Чоң күнөө кылгандар мусулман болбойт”, - дешет. Хазрети Алини жана бир топ сахабаларды капыр деп эсептешкен.

Ибадия тобу төрткө бөлүнөт. Алардын ичинде Язид бин Анисанын жактоочулары “Язидилер” деп аталат. Алар араб эмес

27 Бир мусулман мамлекет тарабынан дини башка жарандарынан алынуучу салык түрү.

элдерден бир пайгамбар келет, ага асманда жазылган бир китеп түшөт, Мухаммеддин dининен чыгат, жылдыздарга сыйына баштайт деп эсептешет. Чоң, кичине каалаган бир күнөөнү кылган адам ыйманынан ажырайт дешет.

1966-жылы ноорузда Ирактан Анатолияга келген язиди шейхи Умавинин айтуусу боюнча язидиликти жайган – Ади деген Сириялык киши. Ал Аббасилердин кысымынан качып, Ирактын түндүгүндөгү Сенгал тоолорундагы Ладеш тааласында жашынып, “Адавия” деген жолду курган. Күрттөр жана арабдардын арасында жайылган бул ишеним “Язидилик” деп аталат. Ал 1154-жылы 80 жашында өлдү. Ордуна тууганынын уулу II. Ади отурган. Кийин анын да уулу – шейх Хасен башчы болгон. Аны доорунда язидилердин сандары артып, сексен миңге жеткен.

Язидилердин ишенимдери мусулманчылык менен христиан дининин аралашмасынан турат. Алар шайтанга сыйынышат. Иблисти периште жана тоос деп эсептешет. Шайтанды жамандаган адамды өлтүрүшөт. Кыйынчылык, балээ-кырсыктарды шайтан жаратат деп ишенишет. Мусулмандар менен христиандардан уккандарын Язидилик деген ат менен үгүттөшөт. Мусулмандардын ыйманы жана ибадаттарынын эч бири аларда жок. Ладеш талаасындагы Баадир айылындагы кабрыстандарга барышып, айланууну ажылык деп эсептешет. Аны Сентябрь айында жүзөгө ашырышат. Күнүнө күн чыккан маалда аны карап турушат. Таңда күндүн нуру биринчи түшкөн топуракты өбүшөт. Күн батканда ага жалбарышат. Муну намаз окуу, ибадат кылуу деп эсептешет. Январь айында үч күн орозо кармашат. Ушул сыяктуу ар түрдүү амалдарын намаз, орозо, ажылык деп атап жүрүшөт. Бул сөздөрүн уккан адам аларды мусулман деп ойлойт. Язидилердин окуу, жазууну үйрөнүүсү күнөө болуп эсептелет. Ошол себептен алар сабатсыз. Мусулманчылык тууралуу эч нерсе билишпейт. Аларда сакал алуу да – күнөө. Адамдарды дүйнөдө жана акыретте кыйынчылыктарга сүйрөөчү ушул негизсиз динге каршы алгачкы жолу Мусул амири Имамуддин Занги ишке киришип, аскер башчысы Бадриддин Лулуну шейх Хасенге жиберет. Аларды талкалайт. Башчылары Умавиддин айтуусу боюнча бүгүнкү күндө он миллионго жакын язиди бар. Алар Ирак, Сирия, Йемен, Азербайжан, Түркия жана Индияда жашашат. Сабатсыз

болушкандыктан алар коммунисттик үгүт-насааттарга тез алданды. Орусияда үч миллионго жакын коммунист язиди бар экендигин жана Ирактагы Абдуссалам өкмөтү дарга аскан 1200 коммунисттин ичинде язидилер да бар экенин Умави айткан. Тарыхтагы Эмевий (Омаят) халифасы Язиддин булар менен эч кандай байланышы жок. Умави деген башчылары 1930-жылы Ладеште туулган. Ирак армиясында генерал званиясын алган. Ирактагы мусулман күрттөргө каршы Ирак аскери менен бирге согушкан.

Язидилердин: "Иранда бир пайгамбар келет", - деген сөздөрүнө байланыштуу алардын ыймансыз болгондуктары **"Барика"** жана **"Хадика"** китептеринде жазылган.

## Сурянилер

Суряни тилинде сүйлөй турган байыркы христиандардын калдыгы болуп эсептелет. Католиктердин Якубия фыркасынан (тобунан) чыккан Монофисия ишенимин кабылдашып, Исаны теңир деп эсептешет. Урфа патриархы болгон Якуб Бардаи тарабынан курулган. Антиохия патриархы Михаил Суряни тарабынан таралган. Михаил 1126-жылы туулуп, 1199-жылы өлгөн. Якуб 578-жылы өлгөн. Христиан désinde монофисия ишенимин алгачкы жолу Константинопол патриархы Утиха чыгарган. Александрия патриархы Диоскорус да аны кабылдаган. 451-жылы Кадыкөй кеңешмесинде Диоскорустун көз караштары кабыл кылынбай четке кагылган. 405-жылы кайтыш болгон Мармарон деген католик папасы "Марони" тобун курган. Сириядагы христиандардын бир бөлүгүнүн Суряни, ал эми бир бөлүгүнүн Марони экендиги **"Камус-ул-алам"** китебинде жазылган.

**"Мунжидде":** "Америкалык Шарль Руссел тарабынан 1872-жылы курулган "Иегова күбөлөрү" тобу адашкан жол болуп саналат. Алар Инжилге өздөрүнчө башка маани беришкен", - деп жазылган. Аларды "Иегова күбөлөрү" деп аташат. Өздөрүнө ишенгендерге материалдык жардам берүүнү убада кылган миссионердик уюмдун борбору Швецариянын Цюрих шаарында жайгашкан.

## Хуруфилик

Мусулмандарды ичинен жыгууга аракет кылуучу топтордун бири бул – жалган Бекташилер, б.а., хуруфилер болуп эсептелет. Бекташи дегенде эки түрдүү адамдар тууралуу ойлоого болот. Биринчиси – чыныгы Бекташи, б.а., Хажы Бекташи Валинин көрсөткөн акыйкат жолунда жүргөн таза мусулмандар. Алар азыркы күндө жок.

Экинчиси – жалган Бекташилер. Алар –ката жолдо жүргөн хуруфилер. Алар да азайып, жок боло баштаганы менен, кээ бир жерлерде кездешип турат. Жалган Бекташилер мусулмандар арасында ыракат жашоо үчүн, өз ишенимдерин жашырып, жаштарды алдоо үчүн Бекташ ысымынан пайдаланышкан. Ислам тарыхында ушул сыяктуу ар түрдүү ыйык аттардын артына жашырынган, алардан пайдаланган динсиздер кездешип турган. Мисалы, **маламилер.** Алар эч кандай ибадат кылышпайт, ар түрдүү күнөөлөрдү кылышат. Ал эми “малами” деген сөз “беш маал намаз сыяктуу парздарды мечитте окуп, харамдардан сактанып, нафил менен сүннөттөрдү үйүндө окуган, атак-даңктан алыс турган таза адам” дегенди билдирет.

Хуруфилик мазхаб эмес, адашкан бузук ишеним болуп эсептелет. Бул жолдогулар алгач ички ниеттерин жашырышчу эле. Хижрий 1288-жылдан баштап өз ойлорун ачык билдире башташкан. “Жавидан” деген жашыруун китептерин жарыялашкан. Бул китеп алты басма табактан турат. Бир басма табакты хуруфиликтин куруучусу Фадлуллах бин Аби Мухаммед Табризи фарси тилинде жазган. Калганын шакирттери оюнан чыгарып жазышкан. Алардын ичинен Фариштах уулу жазган “Ашкнама” аттуу китепчеде куфурлугу тиги китепчелерге караганда кагазга оролуп жашырылып жазылгандыктан 1871-жылы Стамбулда басып чыгарган.

Фадлуллах Хуруфи **“Карамытилер”** же болбосо **“карматтар”** деп аталган бузук жолдун калдыктарынын биринин дервиши болчу. Карматтар **“Ибахия”** деп да аталат. Алар харамдарды адал деп эсептешип, 70-80 жыл бою ажыларды тоноп, мусулмандарды өлтүрүшкөн. Курган өкмөттөрү 983-жылы ыдырагандан кийин тарап кеткен жерлеринде жашырынып жүрүшкөн. Алардын ичинен Хасан Саббах тарабынан курулган **Исмаилия** мамлекети 1256-жылы кулаган. Фадл Ирандын Астрабад шаарында жашыруун түрдө куфур

ишенимдерин жая баштайт. Өзүнө тогуз жардамчы табат. “Нукта илими” деген бир нерсени ойлоп табат. Туш келген бир маселеде “Бул иш адал, нук менен жуп келди. Баланча иш харам, нук менен так келди”, - деп өзүнчө чечим чыгарчу эле. Фадлуллахтын куфур пикирлери жайылгандан кийин Амир Темирдин уулу Миран Шах «рахметуллахи таала алейх» атасынын буйругу менен 1393-жылы Фадлуллахты өлтүрөт. Бутунан байлап, көчөдө сүйрөтүлөт. Ошентип, Ислам чоң душмандан кутулган. Явуз Султан Салим хан «рахметуллахи таала алейх» шах Исмаилди жеңип, шииликтин алдын алгандыгы сыяктуу, Амир Темир «рахметуллахи таала алейх» да Ислам үчүн өтө кооптуу болгон хуруфиликтин жайылуусуна тоскоол болуп, мусулмандыкка чоң салымын кошкон. Ошондуктан, жалган Бекташи, б.а., Хуруфи тарикатынын муриддери Амир Темирди жек көрүшөт.

Фадлуллах өлтүрүлүп, Астрабад кулагандан кийин анын тогуз жардамчысы качып кетет. Алардын бири Али-ул-Ала Анадолудагы (Анатолия) бир Бекташи теккесине барат. “Жавиданды” жашыруун түрдө жайып, сабатсыз адамдарды алдай баштайт. Хажы Бекташи Валинин жолу ушул деп көрсөткөн. Харамдарды мубах, напсинин каалолорун адал дегендиктен бул тарикат кулк-мүнөзү начар адамдардын арасында бат эле жайылган. Сөздөрүн “сыр” деп айтып, купуя сактоону айтчу эле. Сырды башкаларга ачып койгон адамды өлтүргөн жагдайлары да кездешип турган. Сырлар “Жавидан” деген китебинде ар түрдүү тамгалар менен берилген. Ар бири куфур болгон бул белгилер “Мифтах-ул-хаят” аттуу китепте түшүндүрүлгөн. Бул китепти “Сыр” деп аташат. Колунда “Сыр” китеби жок адам “Жавиданды” түшүнө албайт. Хижрий 800-жылдан баштап өтө көп мусулмандарды алдап, ыйманын уурдайт. Кийин араларына масондор да аралашкан. Аларды яхудилер каржылап турган. 1824-жылы куфур ишенимдерин жая башташкан. Осмон султаны Экинчи Махмуд хан «рахметуллахи таала алейх» тарабынан алардын белгилүү кишилери өлтүрүлдү. Алардын жыйнала турган жерлерин Накшибандилерге берүү тууралуу буйрук чыгарылды. Алар ар тарапка тарап кетишип, жашыруун жумуштарды аткарышты. Хижрий 1288-жылы кайра пайда болушту. Фариштах уулу Абдулмажиддин **“Ашкнама”** рисаласын басып чыгарышкан. Кайрадан жайыла башташкан. Сейийд

Ахмед Рифат Бектин 1293-жылы жазган **“Мират-ул макасид”** китебинде мындай делген: “Абдулмажиддин бир тууганы Фариштах уулу Абдуллатиф ахли сүннөт эле, сопулук тууралуу жазган китебинден анын таза адам экенин түшүнүүгө болот. Бир тууганы Абдулмежиддин Хуруфи тарикатына өткөнүнө катуу таарынган эле. Анын өзү аларга баш ийген эмес”. Фариштах уулу Абдулмажид “Ашкнамадан” сырткары башка китептерди да жазган. “Саадатнама” китебинде: “Муну “Жавидан”, “Ашкнама” жана “Махаббатнамадан” котордум, хижрий 826-жылы бүтүрдүм”, - деп жазган.

Фадлуллахтын башкы халифасы Махмуд өзүнүн шейхинен бөлүнүп кетет. Ал “Жавидани сагир” деген китепти жазды. Анда хуруфилердин бузуку, капыр, зындык, малун адамдар экенин көрсөтөт. **“Жавиданды”** окугандардын динсиз экендиги, “Курандын захири (сырткы) мааниси маанилүү эмес, батини (ички) башка маанилери маанилүү”, – деп, кайра тирилүүнү кабылдабагандыктары үчүн ыймансыз болгондуктары тууралуу Бурсалык Исмаил Хаккынын **“Хужжат-ул-балига”** китебинде жазылган. Хуруфилер куфурдагы эң активдүү адамдарды “сеййид” деп аташат. Ошондуктан, көпчүлүгү сеййидмин деп чыгышкан. “Бекташи тарикаты” деген ысымды жамынып алган хуруфилер мусулмандарды алдоо үчүн бир канча жолдор менен чабуул жасашат:

1. Фадли Хуруфини теңир деп эсептешет.
2. Хазрети Алинин сөздөрү деп ойлоп чыгарышкан **“Хутбат-ул-баян”** жана башка китептеринде хадистерди ойлоп чыгарышып, Алини сүйгөндөргө күнөө зыян эмес деп эсептешет. Ошондуктан, ибадат кылуу керек эмес деп ишенишет. Харамдарды адал деп, ибадатсыз Бейишке кирүүнү каалаган жахилдерди (сабатсыздарды) алдашат.
3. Бардык диндердин бир экенин айтышат. Жалган бекташилер шиилер да, алавилер (кызылбаш) да эмес, мушрик. Яхудилер менен масондордун колдоолору менен мусулмандарды ыймандан чыгарышууда. Жаңыдан мүчө болуп киргендерге “Жавиданды” көрсөтүшпөй, өздөрүн алеви кылып таанытышууда. Бирок, шиилердин аалымдары да ушул жалган Бекташилердин алеви эместиктерин, капыр экендиктерин айтышууда.

4. Харамдарды, жалган сүйлөөнү адал деп эсептешкендиктен, “Хамзанама” жана “Баттал гази” сыяктуу түрдүү жалган китептерди жазышты. “Баба” деп аталган улуу адамдарын ойдон чыгарылган “кереметтери” тууралуу айтышты. Жалган кереметтер менен жалган аңгемелерден адамдарды катарларына кошуу үчүн пайдалануучу бул “бабалар” жаштарды жыйнап, аты белгисиз болгон бабалардын “кереметтери” тууралуу айтышып, аларды кызыктырышат. **“Кашиф-ул-асрар”** китебинин автору Токаддык Исхак Мырза мындай дейт: “Ал жерде болуп, далилдер менен бабаны оозун ачалбай тургандай кылып, маскара кылдым. Үй ээси мени үйүнөн кууп чыкты. Алардын жалгандарынын бири да: “Адамдарга байлык, атак-даңк, бала берүү, адамдардын өлүүсү, оорулуулардын сакайуусу бабалардын колунда”, - деп айтуулары. Бир маал намаз окуу фарз. Өмүрүндө бир күн орозо кармашат. Гусулду да өмүрүндө бир жолу алуу фарз. Ушуларга ишенип, өз дининен чыккандарга сырлары айтыла баштайт. Мухаммед дегендери бул Али болчу. Аллах дегендери бул Али болчу деген сыяктуу куфур сөздөр айтылат. Эгер жаңыдан кирген адам буга ишенсе, алар: “Булардын бардыгы – фадл. Эми бардык нерсе сага мубах болду”, - дешет”.

## Шиилик

Хижранын он биринчи жылы Сафар айынын 27-чи күнү пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам сыркоолоп, башы ооруп калды. Жубайы Хазрети Айшанын «радыйаллаху анха» бөлмөсүнөн мечитке чыкты. Сахабалар (алейхимурридван) аны угуп, мечитке жыйналышты. Пайгамбарыбыз минбарга чыгып, сахабаларга насыят айтып, алар менен коштошту. Анан Абу Бакр Сыддыктын сахабалардын арасындагы бийик даражалуулугун, кадырдуулугун, андан ыраазы экенин айтты. Бир канча күндөн кийин оорусу күчөдү. Буга Мединанын жергиликтүү эли болгон ансар сахабалар катуу кайгырышты. Тынчсызданышып, мечиттин маңдайынан кетпей коюшту. Хазрети Аббастын уулу Фадл менен Хазрети Али бул тууралуу Пайгамбарыбызга кабар беришти. Пайгамбарыбыз

ооруп турганына карабастан, сахабаларына мээримдүүлүк кылып, экөөнүн колуна жөлөнүп, кайрадан мечитке чыкты. Сахабалар мечитке жыйналышты. Расулуллах «саллаллаху алейхи васаллам» минбарга чыкты. Аллаху таалага хамду сана (мактоо) айткандан кийин сахабаларына: "Эй, сахабаларым! Менин дүйнөдөн кайта турганымды ойлоп, кабатыр болуп турган сыяктуусуңар. Үммөтүнүн арасында түбөлүк калган пайгамбар болдубу? Мен дагы түбөлүк калбаймын, Раббиме барам. Силерге осуятым – мухажирлерди урматтагыла. Эй, мухажирлер! Силерге осуятым – ансарларга жакшылык кылгыла. Алар силерге жакшылык кылып, силерди үйлөрүнө кабыл алышты. Тиричилик кылуулары оор болуп турса да силерди өздөрүнөн артык көрүштү. Мал-мүлктөрүнө силерди да орток кылышты. Кимде-ким ансарларга бийлик жүргүзсө, аларга каралашсын, кемчилик кылгандары бар болсо, кечирсин", - деп айтты. Анан таасирдүү, жакшы сөздөрдөн айтып: "Аллаху таала бир кулуна дүйнөдө калууга же Раббине жетүүгө эркиндик берди. Ал кул Раббине жетүүнү каалады", - дейт. Бул сөздөн анын жакында кайтыш боло тургандыгы белгилүү болгон эле. Абу Бакр Сыддык бул сөздүн маңызын түшүнүп: "Жаныбыз сиз үчүн фида (курман) болсун, эй, Расулуллах", - деп ыйлай баштады. Расулуллах ага сабырдуу болууну айтты. Ыйык көздөрү жашка толуп: "Эй, сахабаларым! Ислам дини жолунда адалдык менен, ыкылас менен мал-мүлкүн фида кылган Абу Бакрдан өтө ыраазымын. Акырет жолунда жолдош алып кетүү колумда болгондо, аны тандамакмын", - деп айтты. Анан: "Эй, мухажирлер жана ансарлар! Убактысы белгилүү болгон нерсеге ашыгуунун пайдасы жок. Аллаху таала эч бир кулу үчүн ашыкпайт. Кимде-ким Аллаху таала тарабынан белгиленген тагдырды өзгөртүүгө аракет кылса, Анын каарына учурайт. Аллаху таалага айла колдонгусу келген адамдын иштери артка кетип, өзү алданат. Менин силерге карата рауф жана рахим (өтө ырайымдуу) экенимди билгиле. Силер да кайра мени менен көрүшөсүңөр. Кавсардын жээгинде жолугушабыз. Бейишке баргысы, мага жеткиси келген адам бош сөз сүйлөбөсүн. Эй, мусулмандар! Билгиле, ыймансыз болуу, күнөө кылуу жакшылыктын, ырыскы-берекенин азайуусуна себеп болот. Адамдар Аллаху тааланын буйруктарына моюн сунса, өкмөт башчылары, амирлери, акимдери жана башкаруучулары

да аларга мээримдүүлүк кылышат. Фасыктык, күнөөкөрлүк жана бузукулукка берилсе, мээримдүү башчыларга жете алышпайт. Менин өмүрүм силер үчүн кайырлуу болгону сыяктуу өлүмүм да кайырлуу болот. Эгер бирөөнү акысыз жерге урган же жаман сөз айткам болсом, мага да ушуну жасап, акысын алууга, бирөөдөн акысыз жерге бир нерсе алган болсом менден кайтып сураса ага ыраазымын. Себеби, дүйнөнүн жазасы акыреттин жазасынан жеңил. Ага чыдоо оңой", - дейт. Минбардан түштү. Намаз окуп, кайрадан минбарга чыгып, насыят сөздөрүн айткандан соң: "Силерди Аллаху таалага тапшырдым", - деп, бөлмөсүнө кайтты. Ооруп жүргөндө азан окулган маалда мечитке чыгып, имам болуп, жамаат менен намаз окучу эле. Кайтыш болоруна үч күн калганда оорусу күчөйт. Мечитке чыга албагандыктан: "Абу Бакрга айткыла, сахабаларыма намаз окутсун", - деп айтат. Абу Бакр Сыддык «радыйаллаху анх» Пайгамбарыбыздын тирүү кезинде мусулмандарга имам болуп, он жети ирет намаз окутту. Пайгамбарыбыз «саллаллаху алейхи васаллам» жаназа иштерин Хазрети Алинин аткаруусун буйрук кылган.

Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалламда өлүмдүн белгилери байкала баштагандан кийин Умму Айман согушка жиберилген аскердин аскер башчысы болгон уулу Усамага кабар жиберет. Усама, Омар Фарук жана Абу Убайда бул ачуу кабарды уккандан кийин, кошуундан айрылып, Масжиди Набавиге келишет. Айша менен башка аялдардын ыйлаган үндөрүнөн улам сахабалар эмне болгонун түшүнбөй калышты. Баштарына оор сокку тийгендей туруп калышты. Хазрети Али өлүк сыяктуу кыймылдабай калат. Хазрети Османдын тили тутулуп калды. Хазрети Абу Бакр ошол маалда үйүндө болчу. Чуркап келди. Пайгамбарыбыздын бетин ачып көрүп, кайтыш болгонун көрдү. Бети жана денеси нурдай жаркырап турган эле. "Өлүмүң да өмүрүң сыяктуу кандай жаркын, эй, Расулуллах", – деп өптү. Көп ыйлады, бетин жууп, үйдөгүлөрүн сооротту. Мечитке чыгып, кайгылуу кабардан дабдырап калган сахабаларга насыят айтып, аларды тынчтандырды. Ошентип, Расулуллахтын кайтыш болгонуна баары ишеништи. Ошол кезде Усаманын кошууну шаарга кирип келди. Бурайдат ибни Хасиб колундагы тууну Расулуллахтын

эшигинин алдына тикти. Кайгы, күйүт сахабалардын жүрөгүнө канжардай кадалды.

Хазрети Аббас уулу Фадл жана Али «радыйаллаху таала анхум» жана үйдөгүлөр көз жаштары менен жаназа, жерге берүү иштерин аткарышты. Хазрети Абу Бакр эшик алдында ичи өрттөнүп, кызматка көз салып турган эле. Бирок, кайгыдан пайда жок. Алдында Пайгамбардын жумушун улантуудай улуу бир милдет турган эле. Үммөттү башкаруучу жана Исламдын буйруктарын орундатуучу бир халифа керек эле. Ошол кезде бул жумушту аткарууга татыктуу жана жөндөмдүү адам – Абу Бакр Сыддык эле.

Хазрети Аббас менен Али «радыйаллаху анхума» Расулуллах алейхиссаламга андан да жакын эле. Бирок, Расулуллах «саллаллаху алейхи васаллам» Абу Бакрды баарынан артык көрчү эле. Ооруп жатканда, сахабалары менен коштошуп жаткан күнү эң көп Абу Бакрдан ыраазы экенин айткан. Ошондуктан, акыркы күндөрү мечитти көздөй ачылган бардык үйлөрдүн эшигин жаптырып, жалгыз гана Хазрети Абу Бакрдын эшигин ачык калтырган болчу. Түбөлүк ааламга кетерине үч күн калганда, мечиттеги имамдык милдетин да Хазрети Абу Бакрга тапшырып, Исламдын негизги шарттарынын башында турган намазда аны бардык мусулмандардын алдына өткөргөн эле. Булардын бардыгы Абу Бакрдын халифа боло тургандыгынын белгилери болгон. Сахабаларга бир гана жыйналып, аны шайлоо иши калган эле.

Бирок, ансарлардын бир бөлүгү өздөрүнөн чыккан Саад бин Убаданы халифа кылууну каалашат. Анын тегерегинде жыйналышат. Ансарлардын Авс уруусу Усайад бин Худайрдын тегерегинде жыйналышат. Курайш уруусу Арабстандагы эң жогорку, беделдүү коом эле. Халифа Курайш уруусунан шайлануусу керек эле.

Мына, ушундай татаал маалда Абу Бакр, Омар жана Абу Убайда «радыйаллаху анхум» сахабалар отурган жерге келишет. Хазрети Омар Фарук жана Абу Убайда бин Жаррах «радыйаллаху анхума» жыйналган сахабалардын алдында сөз сүйлөшөт. Алардын сөзүнөн кийин Абу Бакр Сыддык «радыйаллаху анх» Дүйшөнбү күнү (Пайгамбар кайтыш болгон күн) халифа болуп шайланат. Шейшемби күнү мечитке барып, сахабаларды жыйнады. Минбарга чыкты. Аллахка хамду сана айткандан кийин: “Эй, Мусулмандар!

Мен силерге амир болдум, бирок, силерден артык эмесмин. Эгер, жакшылык кылсам, мага жардам бергиле. Жамандык кылсам, мага туура жолду көрсөткүлө! Тууралык – аманат. Жалганчылык – кыянат. Силердин араңардагы алсыздар мен үчүн кымбат. Анын укугун коргоймун. Күчүнө ишене тургандар мен үчүн алсыз. Анткени, алардан башкалардын акысын аламын. Эч ким жихадды таштап кетпесин! Жихадды таштаган кор болот. Мен Аллаху таала менен Расулуна моюн сунамын, силер мага баш ийгиле. Эгер мен Аллах жана Расулуна моюн сунбай туура жолдон тайсам, силердин да мага баш ийүүңөр керек эмес. Тургула намаз окуйлу. Аллаху таала баарыңарды кечирсин", - дейт.

Андан кийин аял, эркек, бала, кул, бардык адамдар топ-топ болуп Расулуллах кайтыш болгон бөлмөгө кирип, кечке чейин жамаатсыз жаназа намазын окушат. Шаршемби күнү кечке маал ошол бөлмөдө Пайгамбарыбызды көмүшөт.

Сахабалар туш келген бир иштин кандай жасала тургандыгы тууралуу Курани карим жана хадиси шарифтерден таба алышпаса, рай жана кыяс жолу менен, б.а., аны башка бир белгилүү нерселер менен салыштырып, өкүм чыгарышчу эле. Ошентип, ижтихад маселеси (б.а., өкүм чыгаруу) башталды. Сахабалардын же болбосо башка мужтахиддердин бир маселе боюнча кылган ижтихады бирдей чыкса, ошол маселеде күмөн калбайт. Ижтихаддардын ушундай бири-бирине туура келиши **"Ижма-и уммат"** деп аталат. Ижтихад кыла алуу үчүн терең аалым болуу керек. Мындай аалым **"мужтахид"** деп аталат. Бир маселе боюнча мужтахиддердин ижтихаддары бири-бирине туура келбесе, ар бир мужтахиддин өкүмдөрдү өзүнүн ижтихады боюнча айтуусу жана орундоосу важиб болот.

Халифа шайлоо да ижтихад маселеси эле. Негизинен Абу Бакр Сыддык, Омар Фарук, Осман Зиннурейн жана Али Муртазанын «радыйаллаху анхум» халифа боло тургандыктарына хадистерде ишара (белги) бар эле. Бирок, эч биринин убагы ачык көрсөтүлгөн эмес болчу. Расулуллах да: "Менден кийин мына бул адамды халифа кылгыла", - деп айткан эмес. Бул ишти сахабаларына калтырган эле.

Абу Бакр жана Али ул-Муртаза «радыйаллаху анхума» халифа шайлоосунда мусулмандардын арасында бөлүнүү пайда болуусунан кооптонушкан. Хазрети Али халифа шайлоо кезинде өзүнүн

чакырылбагандыгына алгач таарынган эле. Абу Убайда бин Жаррах Хазрети Алинин отурган үйүнө келет. Хазрети Абу Бакр менен Омардын айткандарын ага билдирет. Хазрети Али «радыйаллаху анх» аны угуп, катуу таасирленди. “Эй, Абу Убайда. Бул үйдүн бурчунда отурганым халифа болуу үчүн же болбосо мусулмандарга кыр көрсөтүү үчүн эмес. Расулуллахтан айрылуу мага оор тийди, эсимен тана баштадым”, - дейт. Эртеси күнү мечитке барат. Сахабалардын арасынан өтүп, Хазрети Абу Бакрдын жанына барып, ага моюн сунууга ант берет. Халифа Абу Бакр ага: “Сен кадырлуу жана ырайымдуусун, таарынганда Аллаху тааладан коркосуң. Кубанганда ага шүкүр кыласын. Аллаху тааланын бергенинен башка нерсе каалабаган ал кандай бактылуу адам! Мен халифа болууну каалаган жокмун. Фитна чыкпасын деп, айла жоктон кабыл кылдым. Мага оор жүк жүктөлдү. Көтөрө тургандай алым жок. Аллаху таала күч-кубат берсин. Бул жүктү Аллаху таала сенин моюнуңан алды. Биз сага муктажбыз. Сенин үстөмдүгүңдү билебиз”, - дейт.

Хазрети Али менен Хазрети Зубайр халифа болууга сахабалардын ичинде эң ылайыктуусу Абу Бакр Сыддык экенин айтышты. Өздөрүнө шайлоо тууралуу алдын ала кабар берилбегендигине таарынгандарын айтышып, кечирим сурашат. Халифа аларды кечирди. Анан Хазрети Али уруксат сурап, кетет. Омар аны узатат. Кетип баратканда: “Азыркыга чейин келбегендигим халифаны кабылдабаганымдан эмес, эми келгеним болсо корккондугуман эмес”, - дейт. Хазрети Алиден кийин халифага хашимилердин бардыгы ант беришти. Халифа шайлоодо добуш бирдиги орун алды.

Халифаны шайлоо маселесинде Абу Бакр да, Али да «радыйаллаху таала анхума» өтө зээндүү жана өтө акылдуулук менен аракет кылышты. Хазрети Алинин Сакифага (шайлоо болгон жер) чакырылбаганы да орундуу болгон. Эгер ал ошол жерде болгондо ансарлар менен мухажирлердин ортосундагы тартышууга хашимилер да аралашып, маселе күчөп кетмек.

Халифаны шайлоодогу ижтихаддардын айырмачылыгы тууралуу биздин пикир талашканыбыз туура эмес. Мусулмандардын эң жакшылары – сахабалар. Алардын бардыгы – туура жолдун, ыйман жолунун жылдыздары. Курани каримдин мааниси алардан үйрөнүлдү. Жүз миңдеген хадиси шарифтер алар тарабынан

жеткизилди. Аллаху тааланын буйруктарын жана тыюуларын алар үйрөттү. Сахабалардан алган, сахабалар аркылуу жетип келген илимибизди алардын маселелерин талкуулоого жумшообуз орунсуз аракет болот.

Албетте, катачылык адамзаттын жаратылышында бар. Мужтахиддер да ката кетирет. Бирок, алар жаңылбаса он сооп, жаңыла турган болсо бир сооп алышат.

Сахабалардын бардыгы Исламдын тиреги болуп эсептелет. Араларындагы өзгөчөлүктөрдүн баары бир гана ижтихад айырмачылыгында. Бири-бирине катуу сүйлөсө да, бири-биринин кадыр-баркын билишчү эле. Хазрети Зубайр динди ойлобой, өз башын, өз коомун ойлой турган болсо, кайын атасы Абу Бакрдан айрылмак эмес. Халифа шайлоодо Абу Бакрды эң көп колдогон адам Хазрети Омар болгон. Ошондой эле Хазрети Алинин кадыр-баркын билген жана айткан сахаба да ал болчу. Хазрети Омар бир күнү Хазрети Алиден бир нерсе сурайт. Ал дароо эле жооп берет. Ошого байланыштуу: “Хазрети Али жок жерде татаал маселеге туш келүүдөн Аллах сактасын”, - деген. Хазрети Али да: “Расулуллахтан кийинки бул үммөттүн эң кайырлуусу – Абу Бакр менен Омар” - деп айтчу.

Бир айдан кийин Абу Бакр минбарга чыгып: “Халифалыктан баш тарткым келет. Мени дал Расулуллахтын жолунда көрүүнү кааласаңар айтайын, бул мүмкүн эмес. Анткени, шайтан ага жакындай алчу эмес эле жана ага вахий келчү эле”, - дейт. Мындай адамдын оюнда атак-даңкты сүйүү болушу мүмкүнбү? Аларга тил тийгизүүгө болобу?

Хазрети Абу Бакр Сыддык кайтыш болгондон кийин анын сунушу жана сахабалардын макулдугу менен Хазрети Омар Фарук халифа болуп шайланды. Андан кийин Хазрети Омар ордуна алты адамды сунуш кылды. Алардын бири – Хазрети Осман, бири – Хазрети Али болчу. Алты адамдан турган кеңеш араларынан Хазрети Османды тандады. Бардык сахабалар буга макул болушту. Хазрети Осман шейит болгондон кийин сахабалар Хазрети Алини халифа кылып шайлашты.

Омар менен Османдын доорунда Ислам Азия жана Африкада тездик менен жайыла баштагандан кийин Абдуллах бин Саба деген

Йемендик яхуди мусулман болуп көрүнүп, Мысырлыктарды (Египет) алдады. Хазрети Османдын шейит болуусуна себепчи болду. Чоң бүлүк чыгарды. Ал алгач Басрага барат. “Иса алейхиссалам кайрадан дүйнөгө келе турган болсо, Мухаммед алейхиссалам дагы келет. Али экөө дүйнөнү куфурдан куткарат. Халифалыкты Али алуу керек эле. Үч халифа аны тартып алышты”, - дейт. Басрадан куулгандан кийин, Куфага барып, калкты алдай баштайт. Ал жерден да куулуп, Шамга барат. Шамда сахабалар ага жакшы мамиле кылбагандыктан Мысырга кетип калат. Ал жерде да өзүнө жактоочуларды таап, өзүн ахли бейттин ашыгы кылып көрсөтөт. Адамдарга Хазрети Алиге моюн сунуу керек экендигин, ага моюн сунбагандарга душман болуу керектигин үгүттөйт. Өзүнө ишенген адамдарга: “Пайгамбардан кийин адамдардын эң жогорусу – Хазрети Али. Ал – Пайгамбардын мурасчысы, тууганы, күйөө баласы”, - дечү эле. Сөзүнө ишендирүү үчүн аяттардан жаңылыш мааниилерди чыгарып, жалган хадистерди айтып, сабатсыз калкты алдачу эле. Негизи ушундай кылгандар **“зындык”** деп аталат. Бул сөзүнө да ишенгендерге: “Пайгамбар өзүнөн кийин Хазрети Алинин халифа болуусун айткан. Сахабалар Пайгамбарды тыңдашпады. Алинин акысын жешти. Дүнүйөлүк пайда үчүн диндерин таштады”, - дечү эле. “Бул сырларды эч кимге айтпагыла!” - деп катуу эскертчү. “Мен атак-даңкты сүйбөйм. Максатым силерге бир гана туура жолду көрсөтүү”, - дечү эле. Ошентип, Хазрети Османдын шейит болуусуна себепчи болгон. Андан кийин Алинин аскерлеринин арасында алгачкы үч халифага карата душманчылыкты жаюуга аракет кылат. Анда да ийгиликтерге жетти. Ага алдангандар **“Сабаийа”** деп аталды. Хазрети Али ушундай сөздөрдү уккандан кийин минбарга чыгып, үч халифага тил тийгизгендерди айыптады. Кээ бирлерин дарра уруу менен коркутту. Абдуллах бин Саба бул жетишкендиктерин көрүп, өзүнүн жактоочуларына жашыруун түрдө Хазрети Алинин кереметтерин айтып, “мындай адам кылалбай турган таң каларлык иштери анын кудай экенин көрсөтөт”, - дейт. Хазрети Али бул сөздөрдү өзү да угат. Абдуллах бин Сабанын жана ага ишенгендерди өрттөй турганын айтат. Аларды Мадайн шаарына кууп чыгарат. Бирок, ал жерде да тынч турбайт. Адамдарын Ирак менен Азербайжанга жиберип, сахабаларга душманчылыгын үгүттөйт. Хазрети Али башка

согуштар менен алек болуп жаткандыктан, аларга көңүл буруугa убактысы болбойт.

Шиилик Хазрети Али доорунда курулган. Адамдар арасында кийин жайыла баштаган. Мусулмандар арасында бөлүнүү аракеттерин жүзөгө ашырган бидат топторунун кээ бирлери сахабалардын доорунда эле чыккан жана калгандарынын пайда болуп, мусулмандардын арасында жайыла башташы сахабалардын бардыгы дүйнөдөн кайткандан кийин башталган.

Хазрети Али катышкан Жамал жана Сиффин окуяларында согушту кызыткандар Абдуллах ибн Сабанын адамдары эле. Фитначылардын күндөн-күнгө көбөйүүсүнө байланыштуу Хазрети Алинин кошууну төрткө бөлүндү.

1. Алгачкы шииа тобу катары Хазрети Алиге моюн сунган. Сахабалардын эч бирине тил тийгизишкен эмес. Алардын баарын урмат менен эске алышкан. Шайтандын азгырыгынан кутулушкан. Согушкан адамдарын да бир тууган деп эсептеп, алар менен согушуудан баш тартышкан. Хазрети Али алардын сөзүн кабылдады. **“Шиа”** деген ысым алгачкы жолу ушуларга берилген. Алардын жолундагылар **“ахли сүннөт вал жамаат”** деп аталды.
2. Хазрети Алини сахабалардын баарынан жогору көргөн адамдар “тафдилия” деп аталды. Хазрети Али аларды уруу менен коркуткан. **“Шиит”** деген кезде ошол топтогулар ойго келет.
3. Бардык сахабаларды күнөөлүү, жада калса, капыр деп айтуучулардын тобу. Алар “Сабаийа” жана “Хуруфи” деп аталат.
4. Эң көп алдангандар гулат, б.а., көпкөндөр, чегинен чыккандар. Алар: “Аллах Хазрети Алинин денесине кирген”, - деп эсептешет. (Ошентип алар зындык, капыр болушту).

Хазрети Алинин экинчи уулу – Хусейн, анын уулу – Имам Зайнулабидин Али. Ал хижрий 94-жылы кайтыш болгон. Анын уулу Зейд халифа Хишамга каршы баш көтөрөт. Кошуун жыйнап, Куфаны көздөй жүрүш кылат. Зейд аскерлеринин сахабаларды жамандаганын угуп, аларды тыйды. Аскерлери тарап кетип, жанында аз эле адам

калат. 122-жылы шейит болду. Зейддин жанында калгандар "Зайдийа" тобу деп аталат. Качкандар өздөрүн **"Имамийа"** деп аташты.

Жогоруда билдирилгендей пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам кайтыш болгондон кийин сахабалар Абу Бакрды халифа кылып шайлашты. Анткени, Хазрети Абу Бакр сахабалардын ичинде эң жогорусу эле. Аны халифа кылып шайлагандардын ичинде Хазрети Али да бар эле. Абу Бакр Сыддыктын халифа болуусунда эң таасирдүү сөздөрдү айткан да Хазрети Али болчу. Мисалы, Жамал окуясынан кийин Абдуллах бин Кава Алиге келип: "Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам халифалык тууралуу сага эч нерсе айткан жокпу?" - деп сураганда, ал: "Биз баарынан мурда диндеги милдетибизге карайбыз. Диндин тиреги – намаз. Аллаху таала менен Расулунунун (алейхиссалам) динде биздин ичибизден жактырып, тандаганын, биз да дүйнөбүз үчүн тандайбыз. Ошондуктан, Абу Бакр Сыддыкты халифа кылып шайладык", - деп жооп берген. Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам ооруп жаткан соңку күндөрүндө Абу Бакрды өзүнүн ордуна намазда имам болсун деп айткан. Билал Хабеши «радыйаллаху анх» ар азан окуганда, Пайгамбарыбыз: **"Абу Бакрга айткыла, мусулмандарга имам болсун!"** - деп айтар эле. Мухаммед алейхиссалам өзүнөн кийин Абу Бакрдын халифа болууга ылайык экенин көрсөтүүчү жана Омар, Осман, Алинин өз доорлорундагы адамдардын ичинде халифалыкка эң ылайыктуу адамдар экенин билдирген көптөгөн нерселер тууралуу айткан. Шиилер сахабалардын эң жогоркусу Абу Бакр Сыддык, андан кийин Омар Фарук, андан кийин Осман Зиннурейн, андан кийин Али Муртаза экенин, халифалыктын да ушул тартип менен болуусуна ишенишпейт. Ошентип, чоң ката кетиришет. Аларды бул жаңылыш ишенимге Абдуллах бин Саба деген яхуди киргизген. Бул ишеним тарых сахнасындан жоголуп бара жаткан кезде Шах Исмаилдин Иранда мамлекет куруусу менен аталган фитна ишеними кайрадан пайда болуп, бузук китептер аркылуу жайыла баштады. Андан мурда Аламут чебинде Хасан Саббах бир мамлекет курган эле. Ушуга байланыштуу Осмон мамлекетинен чыккан тарыхчы жана аалым Ахмед Жевдет Паша **"Кисаси Анбия"** китебинде: "Хасан Саббах – Абдуллах бин Сабанын жолундагы мулхид (динден чыккан) эле. Харамдарга адал деп, көп адамды туура жолдон

адаштырган. Аламут чеби менен тегереги анын жактоочуларына толду. Алар каракчылык кылышчу эле. Ахли сүннөттү Йазиди деп аташчу эле. Бир йазидини өлтүрүү он капырды өлтүрүүдөн да көп сооптуу деп эшептешчү эле. Ошондуктан, ажыларга, жетекчилерге, аалымдарга, аскерлерге кол салышып өлтүрүшчү. Алар **“Батынийа”** же болбосо **“Исмаилийа”** деп аталат. Капыр жана чегинен чыккан адамдар эле. Хасан Саббах 35 жыл көптөгөн адамдын динине жана өмүрүнө кол салган. Хижрий 518-жылы (м.1124) өлүп, Тозоко кетти. Небереси Ахунд Хасан андан да өткөн айлакер зындык (мусулман болуп көрүнүп жүргөн дин душманы) эле. Мусулмандарды алдоо үчүн өздөрүнө **“Алеви”** (Алинин адамдары) деген ысым койгон адам ушул эле. Бардык харам нерселерди жактоочуларына адал деп жасаткан. Бул зындык х.561-жылы (м.1166) кайын иниси тарабынан өлтүрүлгөн. Небереси Жалалиддин Хасан бул жолдон баш тартты. Чынгыздын небереси Хулагу Исмаилилердин акыркы жетекчиси Рукнуддинди өлтүрөт. Алардын борбор чеби болгон Аламут жана башка борборлорун кыйраткан. Мусулмандарды алардан куткарган. “Динсиздин жазасы ыймансыздан келет”, - деген накыл сөздүн чын экени дагы бир жолу далилденди”.

Ал эми, пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын ыйык хадистери жыйналган китептерде төрт халифа тууралуу, сахабалардын артыкчылыктары тууралуу көптөгөн хадистер бар.

Курани каримден кийин Ислам дүйнөсүндө эң баалуу китеп болуп эсептелген **“Бухари”** хадис китебинде мындай айтылат:

Сахабалардан Абу Мусал-Ашари айтат: “Мединада бир бактын ичинде Расулуллах менен бирге отурган элек. Эшикти бирөө чалды. Расулуллах: **“Эшикти ач, келген адамга Жаннатка бара турганын айт”,** - деди, эшикти ачтым. Абу Бакр Сыддык кирип келди. Пайгамбардын сөзүн айттым. Ал Аллахка шүкүр кылды. Эшик дагы чалынды. Расулуллах: **“Ач да, ага да жанагы сүйүнчүнү айт”,** - деди. Омар Фарук кирип келди. Сүйүнчүнү айттым. Ал да Аллахка хамд айтты. Эшик дагы чалынды. **“Ач, Жаннатка бара турганын жана дүйнөдө кыйынчылыктарга дуушар болоорун айт”**, - деди. Кирип келген Хазрети Осман эле. Ага баарын айттым. Ал да Аллахка шүкүр кылды”.

Бир хадисте Абу Бакр Сыддыкка айтылды: “**Сен менин үңкүрдө жанымда болгон досумсуң. Кавсардын жанында жолдошумсун”. Дагы бир хадисте: “Мага Жабраил келди. Колуман кармады. Үммөтүмдүн биринин Жаннат эшигинен ичке киргенин көрсөттү”,** - дейт. Абу Бакр: “Эй, Расулуллах. Ал жерде сен менен бирге болууну каалайм”, - дейт. **“Эй, Абу Бакр! Үммөтүмдүн ичинде Жаннатка эң алгач сен киресиң”,** - деп айтты. Бул эки хадиси шарифти Тирмизи кабар берген.

Бухари жана Муслимде келтирилген бир хадиси шарифте: **“Бейишке бардым. Бир сарай көрдүм. Анын ичинде бир хури кыз көрдүм. “Сен ким үчүн жаратылдың”,** - деп сурадым. Ал: **“Омар бин Хаттаб үчүн жаратылдым”, - деп жооп берди. Үйгө кирип, аны көргүм келди. Бирок, сен кызгана турганыңды ойлоп, кирген жокмун, эй, Омар**”, - дегенде, Хазрети Омар: **“Ата-энем жана бардык нерсем Сиз үчүн курман болсун, эй, Расулуллах”,** - дейт. Дагы бир хадисте: **“Абу Бакр менен Омарды силердин алдыңарга мен чыгардым. Аларды Аллаху таала баарыңардын алдыңарга чыгарды**”, - делген. Дагы бир хадиси шарифте: **“Бейиште пайгамбарлардан кийин бардык адамдардын эң улугу – Абу Бакр жана Омар”,** - деп айтылган.

Үч халифа **“Фатх”** сүрөсүнүн 18-аятындагы: **“Сага бактын алдында колдорун созуп сөз бергендерге Аллаху таала ыраазы болду. Бардыгын жакшы көрдү”,** – деп урматталган адамдардын катарына кирди. Ошондуктан, аларды жамандоо, аларга акаарат кылуу куфурлук болот. Ошол себептен аталган үч сахабаны жакшы көрүү, урмат кылуу кажет.

Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам: **“Менден кийин сахабаларымдын арасында боло турган бөлүнүүлөр тууралуу Раббимен сурадым. Раббим: “Эй, сүйүктүү Пайгамбарым Мухаммед (алейхиссалату вассалам)! Сенин сахабаларың көктөгү жылдыздар сыяктуу. Биринен-бири ашкан жарык нур. Баарынан нур чачырайт. Алардын биринин жолун карманган адам туура жолго жетет”, - деди”,** - делген. Андан кийин мына ушул хадиси шарифти айтты: **“Асхабым көктөгү жылдыздар сыяктуу. Кайсы бирин ээрчисеңер да саламаттыкка, ыймандуулукка жетесиңер!”**

**“Аллаху таала бардык адамдардын ичинен мени тандады. Адамдардын ичиндеги эң жакшыларын менин сахабаларым кылып шайлады. Алардын ичиндеги эң улууларын мага тууган жана жардамчы кылды. Кимде-ким мени сүйгөндүгү үчүн аларды сыйлап, урматтаса, Аллаху таала да аны коопton коргойт. Аларга тил тийгизип, мени таарынткандарды Ал да таарынтат”.**

Хадиси шарифте мусулмандардын 73 топко бөлүнө тургандыгы айтылды. Алардын ар бири Исламга моюн сунгандыктарын айтышат. Тозоктон кутулуучу топтун өздөрүнүн тобу экенин айтышат. “Муминун” сүрөсүнүн 54-аятында жана “Рум” сүрөсүнүн 32-аятында: “**Ар бир топ туура жолдо экендиктерин ойлоп, кубанууда”,** - делинген. Бирок, ушул ар түрдүү топтордун ичинде туура жолдогу биринин белгилерин Пайгамбарыбыз мындайча билдирет: “**Бул топтогулар – менин жана сахабаларымдын жолунда болгондор”.** Бул жерде Пайгамбарыбыз өзү менен бирге сахабаларын да айтат. Б.а., **“Менин жолум – сахабаларым жүргөн жол. Туура жол – бир гана сахабаларымдын жолу”,** - деген. “Ниса” сүрөсүнүн 79-аятында: **“Расулума баш ийген адам, албетте, Аллаху таалага баш ийген болот”,** - делген. Расулга бай ийүү – Аллахка баш ийүү. Расулга баш ийбөө - Аллахка каршы чыгуу деген сөз. Ушул эки баш ийүүнү бири-биринен бөлөк деп санагандар үчүн “Ниса” сүрөсүнүн 149-аятында мындай деп билдирилген: **“Аллаху тааланын жолу менен Расулунун жолун бири-биринен айыргысы келет. Сен айткандардын кээ бирине ишенебиз, кээ бирине ишенбейбиз дейт. Экөөнүн арасынан бөлөк жол ачкысы келет. Алар, арийне – капырлар”.** Сахабалардын жолу менен жүрбөй, түздөн-түз Пайгамбарга моюн суна турганын айткан адам адашууда. Ал Пайгамбарга баш ийген эмес, каршы чыккан болуп эсептелет. Андай жолду кармангандар кыяматта кутула алышпайт.

Шииттер Хазрети Османга душманчылык кылышат. Ал эми, Осман «радыйаллаху анх» – үчүнчү халифа жана алгач мусулман болгондордун бири. Пайгамбарыбыздын эки кызына үйлөнүү бакытына ээ болгондуктан **“Зиннурейн”** (эки нурдун ээси) деп аталган, аны кийин бузулду деп эсептеген шииттер адашат. Себеби, Пайгамбарыбыз бузула турган адамга эки кызын бербейт. Хазрети Осман үйүн, жайын, малын таштап Хабашистанга көчүп барган.

Анан Мединага келди. Халифа болуп турган кезде Курани каримди көбөйттү. Табук согушунда Пайгамбардын кошуунуна 950 төө, элүү ат, көп акча берип, жардам кылды. **“Османга бүгүндөн баштап кыла тургандары эч кандай зыян тийгизбейт”,** - деген хадиси шарифтин сүйүнүчүсүн алды. Сахабаларды суусуздуктан куткаруу үчүн бир кудукту сатып алган. Хадисте: **“Мечитибизди кеңейткен адамга Жаннатта андан да жакшыраак мекен берилет”,** - деп айтылгандан кийин, тегерегиндеги алты бөлөк жерди сатып алып, мечитке кошкон. Пайгамбарыбыз Абу Бакр, Омар жана Осман менен Субайр тоосунда отурган маалда жер титирөө болот. **“Эй, Субайр! Силкинбе! Үстүңдө наби, сыддык жана шейит бар”,** - дейт Пайгамбар. Ошентип, Омар менен Османдын шейит боло турганын билдирди. Хазрети Османдын халифалыгында Азияда Кабул шаарына чейин, Анатолияда Стамбулга чейин Ислам жайылды.

Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам Аллаху тааланын буйругу менен кызы **Рукайаны** Османга жубайлыкка берди. Рукайа Бадр согушунда Мединада дүйнөдөн кайткан. Экинчи кызы Умму **Кулсум**ду да Хазрети Османга берди. Хижрий 9-жылы Умму Кулсум кайтыш болгондон кийин: **“Дагы кыздарым болгондо, аларды да Османга берер элем”,** - деген. Пайгамбарыбыздын жанына Хазрети Осман келгенде ал этеги менен мубарак буттарын жаап алды. Хазрети Айша мунун себебин сураганда: **“Андан периштелер да уялат. Мен уялбаймынбы?”** - деген.

Ал халифа болгондо ар кимге ылайыктуу милдеттерди жүктөдү. Ар кимге колунан келген жумушту тапшырды. Халифанын кайыпты билүүсү шарт эмес. Хазрети Османдын амирлери менен акимдери анын буйруктарын орундатууда, жоокерликте, мамлекеттерди Исламга ачууда жана эмгекчилдикте доорунун эң тандалган адамдары болушкан. Анын доорунда Ислам мамлекеттерин батышта Испанияга чейин, чыгышта Кабул жана Балхка чейин кеңейткен ушулар болгон. Ислам аскерлерин кургактыкта да, деңизде да жеңиштен жеңишке жеткизишти. Экинчи халифанын доорунда фитнанын борбору болгон Ирак менен Хорасанды тазалады. Хазрети Османдын өзүнүн туугандарына көп белектерди берип, мамлекеттик казынага зыян келтиргенин айткандар да кездешет. Ал эми, Хазрети Осман өтө бай адам болгон. Ал бул иштерге өзүнүн акчасын

жумшаган. Мамлекеттик казынадан айлык да алган эмес. Хазрети Осман Хижаз менен Ирактагы кароосуз калган жерлерди ишеничтүү адамдарына берген. Чарбачылык жабдуулары менен камсыз кылып, жумуш берди. Элге көп жер алып берди. Айыл-чырбачылыгын өнүктүрүп, бактарды тиктирди. Кудуктарды каздырып, суу каналдарын салдырды. Аравиянын чөлдүү жерлери анын доорунда эң берекелүү жерлерге айланды. Коопсуздук камсыз кылынды. Натыйжада каракчылардан жана жырткыч айбандардан келе турган кооптор жок кылынды. Соода менен унаа ташуу өнүктү. **“Аравияда дарыялар акмайынча кыямат башталбайт”,** - деген хадиси шариф Хазрети Османдын доорун билдирип тургандай эле. Ади бин Хатим Таиге айтылган хадис: **“Өмүрүң узак болсо, бир аялдын Хират (Герат) шаарынан чыгып, Каабага чейин Аллахтан башка эч кимден коркпой, эркин бара алышын көрөсүң”,** - деп айтылган. Ушунчалык ийгиликтердин ичинде аны көрө албагандар да чыккан. Абдуллах бин Саба деген яхуди Мысырлыктарды алдады. Анын жалгандарына кийин өздөрүн шииттер деп атаган топ да алданып, Хазрети Осман менен сахабаларга душман болушту.

Шииттер Хазрети Айшага да душманчылык кылышууда. Айша «радыйаллаху анха» – Пайгамбарыбыздын жубайы, Абу Бакр Сыддыктын кызы. Сахабалардын ичинде фыкх аалымы болгон, анда накыл сөздөр менен сүйлөөчү чечендик бар эле. Хадиси шарифте: **“Диниңердин үчтөн бирин Хумайрадан үйрөнгүлө!”** - делген. Пайгамбарыбыз Айшаны жакшы көргөндүктөн аны **“Хумайра”** деп атаган. Сахабалар жана Табииндердин көпчүлүгү Айшадан «радыйаллаху анха» уккан хадистерин билдиришкен. Хижрий 5-жылы **“Мурайси”** (Бани Мусталик) согушу болгон эле. Пайгамбарыбыз бул согушка Хазрети Айшаны да алып барган эле. Бул согушка көптөгөн мунафыктар да барышкан болчу. Тарых китептеринде жазылгандай Хазрети Айшага жалаа жабылды. Мунафыктардын бул жалаасы тууралуу Пайгамбарыбыз да угат. Чоң түшүнбөстүк пайда болот. **“Нур”** сүрөсүнүн 11-аятынан баштап, кийинки аяттарды Пайгамбарыбыз Абу Бакр менен Айшанын жанында туруп окуду жана: **“Сүйүнчү, эй, Айша, Аллах сени таза кылып чыгарды. Сенин пак (таза, ак) экендигиңе Өзү күбө болду”,** - дейт.

Хазрети Айша «радыйаллаху анха» үчүн келген 17 аяттын биринчисинин тафсири “Мавакиб тафсири” мындай жазган: “Айшага «радыйаллаху анха» жалаа жапкандар – силерден бир канча адам. Силер бул жалааны өзүңөр үчүн жамандык деп ойлобогула. Бул силер үчүн кайырлуу”. 19-аятта: **“Момундардын жаман ат менен эске алынуусун каалай тургандарга дүйнө жана акыретте ачуу азаптар бар”,** - делген. 26-аятта: **“Жаман, чирик сөз айтуу жаман, чирик адамдарга гана жарашат”,** - деп айтылган. Хазрети Айшага жалаа жапкандарга Аллаху таала оор азаптарды тарткыза тургандыгын билдирген. Шииттер Курани каримдин ушул аяттарына ишенишпесе керек, Абдуллах бин Саба деген яхудинин сахабаларга жапкан жалаасы жана ойлоп чыгарган жалгандарына ынанды. Мындай жалгандарга алданып калбоо жана туура ишенимде болуу үчүн ахли сүннөт аалымдарынын китептерин окуу керек.

Сахабаларды, жаратылгандардын эң улуусу болгон Мухаммед алейхиссаламдын сухбатына катышкан, Ислам үчүн бардык нерсесин курман кылган ошол улуу доордун улуу адамдарын туура тааныткан көптөгөн баа жеткис китептер жазылган. Ушулардын бири Имамы Раббани Ахдет Фаруки Сархандинин **“Радди Равафид”** китеби болгон. Имам Раббани ошондой эле, **“Мактубат”** аттуу баа жеткис китебинин түрдүү каттарында сахабалардын жогорку даражалары, кадыр-барктары, өзгөчөлүктөрү тууралуу толук маалыматтарды берген. **“Радди Равафид”** китебин ошол кездеги Бухаранын Өзбек ханы Абдуллах ханга жиберип: “Муну Иранда Шах Аббас Сафавиге көрсөтсүн. Кабылдаса, өтө жакшы. Кабылдабаса, аны менен согушуу жаиз (б.а., уруксат) болот”, - дейт. Шах Аббас кабылдабай, натыйжасында согуш болгон. Абдуллах Хан Герат жана Хорасандагы шаарларды ээлеп алган.

Надир шах хижрий 1148-жылы Иранга бийлөөчү болгон. Осмон мамлекетине элчилерди жиберип, Ахли сүннөт менен Имамийа шиилик тобунун кайсы бири туура экенин илимий жол менен аныктап берүүнү суранды. Осмондук аалым Хазрети Абдуллах Сувайди Иранга келди. Надир шахтын буйругу боюнча Нажафта шиит аалымдары менен жолугушту. Аларды жооп бере албай тургандай даражага жеткирди. Ахли сүннөт жолунун туура экенин, шииликтин бидат жол экенин акыл жана накыл жагынан далилдеп

берди. Надир шах бул тууралуу буйрук чыгарып, бүткүл Иранга жарыялады. Осмон мамлекетине да билдирди. Бул жердеги окуялар менен илимий тартышууларды камтыган **“Хужаж-и катийа”** деп аталган китеп Абдуллах Сувайди хазирети тарабынан жазылган.

Абдуллах Сувайди “Хужаж-и катийа” китебинде Ирандын шиит аалымдары менен болгон илимий муназара (тартышуу) окуясы тууралуу мындай дейт:

“Маегибизди шахка жеткизди. Ушуга байланыштуу Иран, Бухара жана Афган аалымдары менен биригип, куфурга себеп болгон нерселердин баарын токтотууга чечим кабыл алууга жана шахтын өкүлү катары ошол үч улуттун аалымдарына мени башчы кылууга буйрук берилди.

Түнкү саат төрттө башкы вазир келип, мага: “Шах сизге алкышын билдирип, салам айтты. Эртең жыйналып, кабыл алынган чечимдерди жазып, ага аалымдардын кол коюусун буюрду. Сиздин да кол коюп, күбө болууңузду каалап жатат”, - деди. Мен макул болдум.

Бейшемби күнү жыйнала турган жерге бардым. Хазрети Алинин «радыйаллаху анх» кабырынын тегерегинде алтымыш миңдей Ирандык жыйналган экен. Ошол жерге барып, отурдум. Узун кагаз алып келинди. Молдо башынын буйругу менен аны Муфтий Хусейн окуду. Ал фарси тилинде жазылган эле. Мааниси:

“Аллаху тааланын мыйзамы жана даанышмандыгы мына ушунда: буйруктарын жана тыюуларын билдирүү үчүн адамдарга пайгамбарларды жиберген. Кезек пайгамбарлардын эң кадырлуусу **Мухаммед Мустафага** (алейхиссалату вассалам) келди. Пайгамбарлардын акыркысы катары Аллаху тааланын буйруктарын жана тыюуларын билдирип, милдетин аткаргандан кийин кайтыш болду. Андан кийин кадырлуу сахабалар Абу Бакр Сыддыктын артыкчылыктарын, жакшылыктарын, кайырлуу иштерин эске алышып, халифалыкка эң татыктуу адам экенине бир добуштан макул болушуп, аны шайлашты. Алардын ичинде Хазрети Али да бар эле. Ал дагы Абу Бакрды эч кандай мажбурлоосуз, өз каалоосу менен шайлады. Ошентип, Абу Бакрдын халифалыгы сахабалардын баарынын макулдугу менен жүзөгө ашты. Аны шайлаган асхабы кирамдын «радыйаллаху таала анхум» баары адилеттүү адамдар. Курани каримде: **“Мухажирлер менен ансарлар – алдыңкы**

**катардагы адамдар..”** жана **“Сага бактын астында сөз берген момундарга Аллаху таала, албетте, ыраазы болду”,** - деген аяттар менен макталган. Алар тууралуу Расулуллах да: **“Сахабаларым көктөгү жылдыздар сыяктуу. Кайсы бирин ээрчисеңер да ыйман жолун, туура жолду табасыңар!”** - деп мактап айткан.

Абу Бакр Сыддыктан кийин ал өзү дайындаган (жана сахабалардын бардыгы моюн сунууга биат (ант) берген) Омар Фарук халифа болду. Хазрети Али да аны шайлагандардын арасында эле.

Хазрети Омар кайтыш болоорунун астында алты адамды көрсөттү. “Алар өздөрүнүн араларынан бирин тандап алышсын”, - деп айтты. Бул алты кишинин бири Хазрети Али болчу. Бешөө бир добуштан Хазрети Османды халифа кылып шайлашты (Сахабалардын бардыгы да биат кылып, макулдуктарын билдиришти). Хазрети Осман эч кимди дайындабастан шейит болгондон кийин сахабалардын бардыгы бир добуштан макулдашып, Хазрети Алини халифа кылып шайлашты. Бул төртөө бир жерде жашаган кездеринде араларында эч кандай тартышуу, келишпестик болгон эмес. Ар дайым жакшы мамиледе болушуп, бири-бирин урматташып, макташчу эле. Жада калса, Хазрети Алиден шейхайн, б.а., алгачкы эки имам (халифа) тууралуу сурашканда: “Бул экөө адилеттүү түрдө шайланган имамдар”, - деп жооп берген. Абу Бакр Сыддык халифа болгон кезде: “Араңарда Али бар кезде мени шайладыңарбы?” - деген.

Эй, ажемдер (Ирандыктар)! Төрт халифанын өзгөчөлүктөрү жана халифалыгы ушул тартип боюнча болгон. Кимде-ким аларды жамандап, тил тийгизсе, анын бала-бакырасынын канын төгүү шахка адал болот (б.а., өлтүрүлөт). Ушундай адамдарга Аллахтын, периштелердин, китептин жана пайгамбарлардын каргышы жаасын! Хижрий 1148-жылы (м.1735) Меган аянтында мени шах шайлаган кезде силерге шарт койгон элем. Эми мына ошол шартты да киргиземин. Мен шейхайнды, б.а., Абу Бакр менен Омарды жамандоого тыюу салам. Силер дагы бул жамандыктардан кайткыла! Кимде-ким ушундай кыла турган болсо, өзү өлтүрүлүп, бала-чакасы кул кылынат, мал-мүлкү алынат. Иран мамлекетинде мурда Абу Бакр менен Омарды жамандоо деген нерсе жок болчу. Шах Исмаил Сафави менен анын жолундагы уулдары ошол жаман ишти чыгарышкан. Куфур үч жүз жылга созулган.

Мына, ушул мазмундагы келишимге аалымдардын бардыгы тарабынан кол коюлуп, мөөр басылды. Анан Надир шахтын бүткүл элге арнаган "Фармани алиси" (буйругу) окулду. Мааниси:

## Шах буйругу (Фарман-и шахи)

Алгач Аллаху таалага сыйынамын. Шах Исмаил Сафави х.906-жылы (м.1500) чыккан. Сабатсыз жахил калктан кээ бирин өз айланасына жыйнады. Мына ушул кир дүнүйөлүккө жана напсинин армандарына жетүү үчүн мусулмандардын арасына фитне салды. Асхабы кирамды жамандоо жана шиилик фитнасын чыгарды. Ошентип, мусулмандардын арасына чоң душманчылык салды. Эки жүздүүлүк (мунафыктык) жана каракчылыктын аркасында бийликке келди. Зулуму ушунчалык эле, капырлар ырахат, тынч өмүр сүрүп, мусулмандар бири-биринин канын төгүп, душман болду. Ошондуктан, Меган аянтындагы жыйналышта чоң-кичине баарыңар мени шах кылып шайлагыңар келген кезде муну кабылдасам, силер шах Исмаил доорунан бери Иранда адат болуп калган жаңылыш ишенимдер жана пайдасыз сөздөрдөн баш тартабыз деп айткан элеңер. Кадырлуу ата-бабаларыбыздын мазхабы жана ыйык салтыбыз болгон төрт халифанын туура жолуна чын жүрөктөн ишенип, тил менен айта турганыңарды, аларды сөгүүдөн, жамандоодон сактана турганыңарды, төртөөнү да сүйүүгө сөз берген элеңер. Мына, ошол кайырлуу иш тууралуу тандалган аалымдардан, динге берилген улуу кишилерден сурадым. Бардыгы бир добуштан мындай дешти: " Пайгамбарыбыз хак жолго чакырган күндөн баштап сахабаи рашидин катарындагы төрт халифанын «радыйаллаху анхум» бардыгы дин жолунда мал-дүйнөсүн, жандарын беришти. Ушул жолдо бала-чакасынан, туугандарынан айрылышты. Ар түрдүү кордукка, жалааларга чыдашты. Ушул сабырдуулуктарынын аркасынан алар Расулуллахтын «саллаллаху алейхи васаллам» өзгөчө мамилесине, сухбатына жетишти. Ушундайча ***"Мухажирлер менен ансарлардан алдынкы катарда болгондор"*** деген аят менен макталышты. Пайгамбарыбыз кайтыш болгондон кийин сахабалардын келишими менен халифа болуп Абу Бакр Сыддык «радыйаллаху таала анх» дайындалды. Андан кийин халифанын дайындоосу жана

сахабалардын келишүүлөрү менен Омар Фарук «радыйаллаху таала анх», андан кийин алты адамдын арасынан бир добуштан Зиннурейн Осман бин Аффан «радыйаллаху таала анх», андан кийин Аллахтын арстаны, таң каларлык иштердин казынасы амир-ул-муминин Али Ибн Аби Талиб «каррамаллаху важхах» халифа болду. Алардын ар бири өздөрүнүн доорунда бири-бири менен эч качан келишпестикке түшкөн эмес. Бардыгы Ислам мамлекеттерин ширктен жана мушриктердин өчөштүгүнөн коргошту. Ошол төрт халифадан кийин мусулмандар ыйман жана ишенимде бирге болушту. Канча убакыт өтсө да, Ислам аалымдарынын орозо, ажылык, зекет жана башка аткарылуучу амалдарда айырмачылыктар болгону менен, ишеним маселесинде, Расулуллах жана анын сахабаларын урматтоодо жана аларды туура таанып-билүүдө эч кандай кемчилик, айырмачылыктар болгон эмес. Шах Исмаил чыкканга чейин, Ислам мамлекеттердин бардыгы ушундай таза жолдо эле. Силер толук акыл жана таза жүрөк аркылуу кийинчерээк чыгарылган шиит болуу, сахабаларды жамандоо жолун таштадыңар. Жүрөгүңөр Ислам дининин төрт негизги тиреги болгон төрт халифага болгон махабат менен толду. Ошондуктан, мен да ушул убадалашкан беш чечимибизди асмандай бийик, кургак менен деңиздердин падышасы, жер бетинин экинчи Зулкарнайны, улуу Ислам падишахы, досубуз, Рум (азыркы Түркия) элдеринин султанына айтууга убада беремин. Бул ишти өз каалообуз менен аяктайлы.

Ушул жазгандарыбыз Аллаху тааланын жардамы менен тезирээк ишке ашсын! Ушул кайырлуу ишти бекитүү үчун аалымдарыбыз аны кагаз бетине түшүрүп, бир жазма күбөлүк даярдашты. Ошентип, бардык күмөн пардалары жыртылды. Бардык жалаа, бидат, фитналарды Шах Исмаилдин чыгарганы белгилүү болду. Андан мурда да, Исламдын баштапкы мезгилдериндеги бардык мусулмандардын ыймандары, түшүнүктөрү бир жолдо болгон эле. Ошондуктан, Аллаху тааланын жардамы менен, Анын жүрөктөрүбүзгө салуусу менен ушул улуу чечимди кабылдап жатабыз. Ислам келгенден баштап шах Исмаил чыкканга чейин бардык мусулмандар төрт халифаны хак жана адилетүү халифа деп билишкен. Аларды жамандоодон, тил тийгизүүдөн сакташышчу эле. Хутба окуучу хатиптер жана үгүттөөчү ваиздер минбарларда, сабактарда бул халифалардын

жакшылыктарын, жакшы мүнөздөрүн, артыкчылыктарын айтышчу эле. Ыйык ысымдарын айтканда, жазганда «радыйаллаху анх» деп кошуп айтышчу эле. Мамлекетибиздин аалымдарынын башчысы Мырза Мухаммед Алиге ушул Фармани хумаюнубузду (ыйык буйругубузду) бардык Иран шаарларына таратууну буйрук кылдым. Калкым угуп, кабыл кылсын! Буга каршы чыккандар – Аллаху тааланын азабы жана улуу шахтын каарына учурайт".

Ушул буйрук окулгандан кийин шах мени чакырды. Мага илтифат (кичи пейилдик, жакшы мамиле) көрсөттү. Надир шах бул жетишкендикке абдан сүйүнүп, көп ыракмат айтып, аябай ыраазы болду. Жума намазын Куфа мечитинде туура окулуусун буйрук кылынды. Надир шахтын буйругу менен алгач заманыбыздын халифасы болгон Махмуд хан бин Мустафа хан хазиретине, андан кийин Надир шахка дуба окулду. Биринчи рекетте "Жума" сүүрөсү окулду. Намаздан кийин Надир шахтан уруксат алып, Багдадга кайттым. Болуп өткөн окуяны аким Ахмед пашага айтып бердим. Эки топтун бири-бирине берген ишеним каты аркылуу шах тарабынан элге тараган Фармани шахинин (шах буйругунун) бир нускасын тапшырдым. Ушулар жана болуп өткөн илимий муназара түшүрүлгөн жазма күбөлүктөр Стамбулга жиберилип, халифага сунулду. Бул факырга улуу халифа тарабынан берилген сыйлыктар ушунчалык көп эле, өмүрүмдүн аягына чейин аларга ыракмат айтып, дуба кылуу карызын төлөй албай тургандыгымды моюнга алам". Абдуллах Сувайди хазиретинин сөзү мына ушу менен аякталды.

Ислам дининин улуу аалымы Ахмед бин Хажар Хайтаминин заманында Индияда аалымдар, олуялар көп болуп, Исламдын нуру бүт дүйнөгө чачылып турганына карабастан, жүрөктөрү жахилдик менен карайган бузуку күнөөкөрлөр сахабаларга тил тийгизишчү эле. Ошол убакыттарда Индияны башкарып турган Хумаюн шах Гургания Ислам мамлекетин негиздеген Бабур шахтын уулу эле. Хумаюн шах динин сүйүп, аалымдарды урматтачу эле. Ошол бактылуу замандын аалымдары бузук жолдогулардын үнүн өчүрүү үчүн жыйналышып, Ахмед ибн Хажар Хайтамиге өтүнүчүн билдиришет. Ал асхабы кирамдын кадыр-баркы, артыкчылыктары тууралуу эки китеп жазып, далил, күбөлүк келтирип, душмандардын оозун жапты. Анын ичинде айрыкча **"Саваик-ул-мухрика"** китеби белгилүү. Ушул

китепте билдирилген белгилүү хадиси шарифте Пайгамбарыбыз мындай деген: **“Аллаху таала мени адамдардын эң асылы болгон Курайш уруусунан тандады жана мага адамзаттын ичинден эң мыктыларын дос, сахаба кылды. Алардын кээ бирин мага вазир катары динди адамдарга жеткизүүдө жардамчы кылып тандады. Алардын кээ бирин жубайым жагынан тууган кылды. Аларды жамандагандарга, тил тийгизгендерге Аллаху тааланын, бардык периштелердин жана адамдардын каргышы жаасын! Аллаху таала кыямат күнү алардын фарздарын, сүннөттөрүн кабыл кылбайт”.**

Ушул китепте билдирилген дагы бир хадиси шарифте: **“Сахабаларыма, туугандарыма, мага жардам бергендерге жана мен көрсөткөн жолдо болгондорго карата сүйүү менен менин укугумду, урматымды сактагыла. Аларды сүйүү аркылуу менин пайгамбардык укугумду, урматымды сактагандарды Аллаху таала дүйнөдө жана акыретте балээ-жалаадан, зыяндардан коргойт. Менин пайгамбардык урматымды, укугумду сактабай, аларды таарынткандарды Аллаху таала сүйбөйт. Ал эми Аллаху тааланын сүйбөгөн адамына азап кылуусу өтө жакын”,** - делген. Бул хадиси шарифтер сахабалардын баарын жакшы көрүп, урматташыбыз керек экендигин ачык көрсөтүп турат. Алардын өз ара согуштары Аллаху тааланын буйругун аткаруу максатында болгонуна ишенүү керек. Бул согушка катышкандардын эч биринде атак-даңк жана акчага деген кумар болгон эмес.

Улуу Ислам аалымы шах Валиуллах Дехлеви **“Куррат-ул-айнайн фи тафдил-иш-шейхайн”** аттуу китебинде шейхайндын (Абу Бакр менен Омардын) артыкчылыктарын билдирип, шииттердин аалымы Насриддин Тусиге жооп берүүдө.

Гулам Халим Абдулазиз Дехлевинин **“Тухфаи исна ашарийа”** аттуу китебинде шииликтин жаңылыш жол экендиги далилдери менен кеңири түшүндүрүлгөн. Фарси тилинде жазылган бул китеп Махмуд Алуси тарабынан араб тилинде **“Мухтасар-и Тухфа”** деген ат менен кыскартырылып которулган.

Азыркы учурда Ирандын бир канча айылдары менен Ирактын миллиондогон калкы ууланып, туура жолдон тайган. Алардын эң белгилүү китептери болгон **“Хуснийаны”** Муртаза деген Ирандык

яхуди жазган. Ал хижрий 436-жылы (м.1044) Багдадда өлгөн. Бул китеп түркчөгө да которулган. Хазрети Жафар Садыктын жанында чоңойгону айтылган Хуснийа деген күңдүн сөзү менен Ислам аалымдарына тил тийгизилет, аяттар менен хадистерден жаңылыш маанилер чыгарылып, сахабаларга душмандык кылынат. Ахли сүннөт аалымдары ахли бейтке душман кылып таанытылат. Ошол **"Хуснийа"** китебине **"Асхабы Кирам"** жана **"Хак сөздүн далилдери"** деп аталган китептерде толук жооп берилген. Анда шиийликтин бидат топ экендиги, туура жолдун ахли сүннөт жолу экендиги жазылган. Сеййид Аййуб бин Сыддыктын түрк тилиндеги **"Менакиб-и Чихар Йар-и Гузин"** китебинде төрт халифанын өзгөчөлүктөрү тууралуу толук маалымат берилген.

Хазрети Али бин Абу Талиб алгач ыйман келтирген мусулмандардын бири, Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын күйөө баласы, б.а., Фатима-туз-Захранын күйөөсү. Бейиш менен сүйүнчүлөнгөн он кишинин бири. Төрт улуу халифанын төртүнчүсү. Хазрети Али, жубайы Хазрети Фатима жана балдары Хасан менен Хусейн **"ахли бейт"** деп аталат. Шииттер ахли бейтти жакшы көрүшкөндүгүн айтышат. Ошондуктан, сахабаларга душманчылык аракеттерин жасашат. Ахли сүннөт ахли бейтти жакшы көрбөйт деп эсептешет. Ал эми, ахли сүннөт ишениминдегилер ахли бейтке болгон сүйүү акыркы демде ыйман менен жан берүүгө себеп болот деп ишенишет. Ахли сүннөт акыйдасын (ишенимин) кармангандар ахли бейтти да, сахабаларды да жакшы көрүп, урматташат. Он эки имамды да ахли сүннөт ишениминде болгондор туура таанып, урматтап, аларга татыктуу орун беришкен. (Алар: Хазрети Али, Хасан, Хусейн, Зайналабидин, Мухаммед Бакыр, Жафар-и Садык, Муса Казым, Али Рыза, Мухаммед Жавад Таки, Али Наки, Асан Аскарий Заки, Мухаммед Махди). Азыркы учурда өздөрүн "жафари" деп атоочулардын Имам Жафари Садык менен эч кандай байланышы жок. Ал киши улуу имам жана ахли сүннөт эле. Ахли сүннөт аалымдарынын жана олуялардын устазы эле. Ал дин илими тууралуу эч кандай китеп жазган эмес. Шииттердин төрт негизги китеби болгон Кулайнинин **"Кафи",** Ибни Бабавайх Абу Жафар Мухаммед бин Ахмед Али Кумминин **"Ман ла"** ("жок"), Абу Жафар Мухаммед бин Хасан Тусинин **"Тахзиб"** жана **"Истибсар"** китептеринде

имам Жафари Садыктан келген амирлер (буйруктар), кабарлар жазылганы менен, аларды риваят кылган, билдирген адамдардын ишеничтүү эмес экендиктерин авторлордун өздөрү да айтышат. Имамийа жолунун 32-тобу (фиркасы) **“Жафарийа”** деп аталат. Алар: “Хасан Аскари кайтыш болгондон кийин бир тууганы Жафар бин Али имам болду. Хасан Аскаринин уулу болгон эмес”, - дейт. Бул жафарилердин Имам Жафари Садыкка эч кандай байланышы жок. Шииттердин колундагы хадис жана фыкх китептерин Абу Жафар Мухаммед бин Якуб Кулайни менен Абу Жафар Мухаммед бин Хасан Кумми жазгандыктан, өздөрүн “жафари” деп аташат. **“Имам Жафардын буйругу”** деген китепти Жафар бин Хусейн Кумми жазган. Ал хижрий 340-жылы (м.951) Куфада кайтыш болгон. **“Рисала-и Жафарийа”** китебин Абу Жафар Мухаммед Туси жазган. Ал х.460-жылы (м.1068) өлгөн. Ошондой эле, тафсир китеби да бар. Шииттер ошол эки Жафардын китептерине байланыштуу өздөрүн “жафари” деп аташат. Болбосо, алардын Имам Жафари Садык менен эч кандай байланышы жок.

## Ваххабилик

Ваххабиликти курган Мухаммед бин Абдулваххаб х.1111, м.1699-жылы Наждда Хураймила делген жерде туулуп, х.1206, м.1791-жылы Дарийада өлгөн. Мурун саякат жана соода максатында Басра, Багдад, Иран, Индия жана Шамга барган. Хижрий 1125-жылы Басрада Британ тыңчысы Хемфердин тузагына түшүп, Британдыктардын **Исламды жыгуу** максатындагы аракеттерине курал болгон. Ахмед бин Таймийанын ахли сүннөткө каршы болгон китептерин окуп, **“Шейх-и Нажди”** деген ат менен таанымал болгон. Анын идеялары Британдыктардын акчасы менен куралдары аркылуу сабатсыз айылдыктар жана Дарийа калкы менен башчылары Мухаммед бин Сауд тарабынан колдоо тапты. Анын пикирин кабыл кылган адамдар **“Ваххаби”** жана **“Нажди”** деп аталат.

Мухаммеддин атасы Абдулваххаб жакшы мусулман киши болгон. Атасы жана Мединадагы аалымдар Абдулваххаб уулу Мухаммеддин сөздөрүнөн анын жаңы жол чыгара турганын түшүнүшүп, адамдарга аны менен сүйлөшпөөнү насият кылат. Бирок, ал х.1150, м.1737-жылы

ваххабиликти жарыялаган. Жазган китептеринде, анын ичинде эң таанымалы **“Китаб-ут-таухидде”** жана ага небереси Абдурахман бин Хасан тарабынан жазылган **“Фатх-ул-мажид”** деп аталган шархда (түшүндүрмөдө) 250дөн ашуун ката ишенимдер бар. Алардын көбү **“Усулул-арбаа”**[28] деп аталган китептин экинчи бетинде келтирилип, ахли сүннөт аалымдары аларга керектүү жоопторду берген. Ваххабилердин бузук ишенимдеринин үч негизи бар:

1. **Амал, ибадат – ыймандын бөлүгү деп эсептешет.** Бир фарзды аткарбаган адам ыйманынан ажырайт деп эсептешет. Аны өлтүрүп, мал-мүлкүн таратуу керек дешет. Алар тууралуу **“Фатх-ул-мажид”** китебинин түрдүү беттеринде жазылган.
2. Пайгамбарлардын (алехимуссалам) жана олуялардын (каддасаллаху таала асрарухумул азиз) рухтарынан шапаат сураган адам, алардын мазарына барып, аларды васила (себепчи) кылып, дуба кылган адам ыйманынан ажырайт деп эсептешет. **“Фатх-ул-мажид”** ваххаби китебинин 503-бетинде: “Пайгамбар тирүү кезде андан дуба кылуусун суранууга болот. Жада калса, тирүү жүргөн бардык салих адамдардан дуба кылуусун суранууга болот. Хазрети Омар Меккеге умра кылууга бара жатканда Расулуллах: “Эй, Омар, бизди дубаңан калтырба”, - деген. Тирүү адамдардын өлгөн адамдарга жана кабырдагы адамдарга арнап дуба кылууларына болот. Бирок, кабырдагы адамдан дуба суроого болбойт. Аллаху таала укпай тургандардан дуба суроону ширк экенин билдирди. Өлгөн жана жоголгон адамдар, алыстагы тирүү адамдар угушпайт жана жооп бере алышпайт. Алардын пайдасы да зыяны да жок. Сахабалар менен алардан кийин келгендердин эч бири Расулуллахтын кабырынан эч нерсе сурашкан эмес. Пайгамбар кайтыш болгондон кийин андан бир нерсе суроо жаиз (уруксат) болгондо, Омар «радыйаллаху анх» андан жамгыр сурамак эле. Бирок, анын кабырына барып, андан жардам сураган жок. Тирүү болгон жанындагы Хазрети Аббастан дуба кылуусун сурады”, - деп жазылган. 70-бетинде: “Өлгөн адамдан жана жанында жок адамдан бир нерсе суроо – Аллахка шерик кошуу (ширк келтирүү) дегенди билдирет”, - деп жазылган.

28 “Усулул-арбаа фи тардид-ил ваххабийа” – Мухаммед Хасан Жан Сирхинди. 1930-жылы кайтыш болгон.

Ваххабилердин бул сөздөрүн өздөрүнүн китептери жокко чыгарат. **“Фатх-ул-мажид”** китебинин 201-бетинде: “Бухари хадис китебинде Абдуллах ибн Масуд айтат: “Жеген тамагыбыздын тасбих кылган (зикир) үнүн укчу элек”. Абу Зарр: “Расулуллах колуна таштарды алды. Алардын тасбих кылган добуштары ишитилди”, - дейт. Расуллуллах хутба окуганда сүйөнүп отурган жыгач устундан добуш чыкканын билдирген кабарлар сахих (туура)”, - делген. Демек, Расулуллахтан башка мусулмандар да ар адам ишите албаган добуштарды ишитет. Ошол таштардын Абу Бакрдын колунда да тасбих кылган добуштарынын угулгандыгы тууралуу ошол кабарда берилген. Хазрети Омар Мединада хутба окуп турганда Иранда согушуп жаткан аскер башчысы Сарийаны көрүп: “Сарийа, тоодогу душмандан коргон!” - дегенин, аны Сарийа угуп, тоону колго түшүргөндүгү тууралуу окуя бардык китептерде келтирилген. Ваххабилер бутпарасттар үчүн келген аяттар менен жогоруда аталган бузук пикирлерин далилдөөгө аракет кылышат. Бирок, мусулмандар (б.а., ахли сүннөт жолундагылар) пайгамбар жана олуяларга сыйынышпайт. Алардын Аллаху тааланын сүйүктүү пенделери экендигине, Аллахтын алардын урматына пенделерине мээримдүүлүк кылаарына ишенишет. Зыян менен пайданы жаратуучу – бир гана Аллаху таала. Алар Аллаху тааладан башка эч кимге ибадат кылынбайт деп айтышат жана ишенишет. Мусулмандар кабырды зыярат кылып, андагы олуя киши аркылуу Аллаху таалага дуба кылышат.

Аллаху тааладан башка эч ким кайыпты билбейт. Кайыпты Аллаху таала жана Анын билдирген адамдары гана билишет. Аллаху таала көп нерсени Расулунун рухуна билдирет. Пайгамбарлар башкалар билбеген бир далай нерселерди билишет. “Жин” сүрөсүнүн 26-аятында: **“Аллаху таала кайыптагы нерселердин бир азын пайгамбарларынан каалаганына билдирет”, -** деп айтылган болсо да, Акаид (ишеним) илими китептеринде: “Олуялардын кереметтеринин бири – кайыптардын бир азын билүүлөрү”, - деп жазылган. Мутазила тобу ошол аятка таянып, олуялар кайыпты биле албайт деп эсептешет. Бирок, бул аят кайыптын васытасыз (б.а., куралсыз) бир гана вахий алып келүүчү периштеге билидириле тургандыгын көрсөтүүдө. Пайгамбарлар

жана олуяларга башка периштелер аркылуу же башка жолдор аркылуу билдирилет. **“Тафсир-и Мазхари”** китебинде ушул аяттын тафсиринде: “Аллаху таала олуяларына куралсыз да билдирет. Хазрети Омарга «радыйаллаху анх» Ирандагы Сарийаны көрсөттү. Муса алейхиссаламдын энесине уулун деңизге ыргытуусун, кайра кайтарып бере тургандыгын жана аны пайгамбар кылаарын билдиргенин айтат. Хаварилерге вахий сыяктуу билдиргенин жана Хазрети Мариямга: **“Курма дарагын күбү. Бышкан курма мөмөсү пайда болот. Аны же”,** - дегенин айтат. Алар пайгамбар эмес эле. Олуялар эле”, - делген.

Абдулгани Наблусинин **“Хадика”,** китебинин 2-том, 126-бетинде “Расулуллах аркылуу, сахабалар жана табииндер аркылуу тилегин суроого, алар кайтыш болгондон кийин да Аллаху таалага тавассул кылууга, б.а., алардын урматына деп тилек суроого болот. Тавассул кылуу – “шапаатын, көмөгүн суроо” дегенди билдирет. Ахли сүннөт аалымдары мунун жаиз (туура) экенин айтышты. Мутазила тобу болсо ишенбеди. Тавассул кылган, б.а., бир салих кишинин аты менен Аллахтан тилек сураган адамдын дубасынын кабул болуусу – тавассул кылынган адамдын керемети болуп эсептелет. Атап айтканда өлгөндөн кийин керемет көрсөтүүгө болот. Бидатчы, адашкан топтордун өкүлдөрү буга ишенишкен жок”, - деп айтылган. Имам Мунави **“Жами-ус-сагир”** шархында (түшүндүрмөсүндө) ошол жахилдерге (сабатсыздарга) жооп берүүдө. Имам Субки: “Расулуллах аркылуу тавассул кылуу, анын атынан Аллахтан жардам суроо – андан шапаат суроо дегенди билдирет. Бул жакшы нерсе. Ислам аалымдарынын мурда жана кийин келгендеринин эч бири буга каршы эч нерсе айтышкан эмес. Бир гана Ибни Таймийа ага каршы болгон. Ошентип, туура жолдон тайды. Өзүнөн мурдагы аалымдардын эч бири айтпаган бидатты чыгарды. Мусулмандар арасында ошол бидат менен таанылды”, - дейт. (Ваххабилик Ибни Таймийанын ката пикирлерине негизделип курулган). **“Хадиканын”** 151-бетинде: “Каалаган бир мужтахиддин жаиз деген (уруксат берген) нерсесин жасоого кедерги болбоо керек. Анткени, төрт мазхабдан биринин жолун кармануу – жаиз. Ошондуктан, кабырды зыярат кылгандарга, олуялардын кабырлары менен берекеттенгендерге, оорудан айыгуу же болбосо жоголгон нерсесинин табылуусу үчүн

аларга назр кылып, бир нерсе атагандарга тоскоол болбоо керек. Назр кылууда “Олуяга назр кылдым (бир нерсе атадым)” деп айтуу өтмө мааниде айтылып, негизги максаты ошол күмбөзгө кызмат кылгандарга жасалуучу назрды билдирет. Бул кедейге зекет бергенде (кедейге оор тийбеши үчүн) “карыз бердим” деп айтууга окшош. Ал эми мунун жаиз экендиги китептерде билдирилген. Бул жерде сөзгө эмес, маанисине каралат. Ошол сыяктуу эле кедейге “белек” деп берилген нерсе – садага болот. Бай адамга “садага” деп берилген нерсе болсо – белек болуп эсептелет. Ибн Хажар Хайтами «рахметуллахи таала алейх» олуялардын кабырына назр кылынганда, анын балдарына же шакирттерине, же болбосо ошол жердеги кедейлерге садага болушу үчүн деген сыяктуу башка бир **курбат,** б.а., кайрымдуулукка ниет кылынса, ушул назрдын сахих (туура) боло тургандыгына фатваа берген. Бул назрлар ниет кылынган адамдарга берилүүсү керек. Азыркы учурда күмбөздөргө, молдолорго кылынып жаткан назрлардын (атоо) бардыгында ушундай ниет кылынууда. “Олуяларга назрым бар, атаганым бар” деген сөздөн ушуну түшүнүү керек. Өткөн олуяларга тил тийгизүү, аларды жахил (сабатсыз) деп эсептөө, алардын сөздөрүнөн Исламга терс маани чыгаруу, өлгөндөн кийин да кереметтерди көрсөтө тургандыктарына ишенбөө, өлгөндөн кийин олуялыктары токтойт деп саноо жана алардын кабырлары менен берекеттенгендерге, зыярат кылуучуларга кедерги болуу мусулмандар тууралуу су-и зан (жаман ойдо болуу) кылуу, аларга зулумдук кылуу, байлыктарын тартып алуу, жалаа жабуу, жалган сүйлөө, ушактоо сыяктуу харам.

“Хадика” китебинин 182-бетинде Бухаринин Абу Хурайрадан «радыйаллаху анх» кабар берген хадиси шарифте: “Аллаху таала: **“Кулум фарздарды орундоо аркылуу мага жакындаганы сыяктуу башка эч нерсе аркылуу жакындай албайт. Кулум нафил ибадаттарын кылса, аны сүйөм. Ал мени менен көрүп, мени менен угат. Мени менен бардык нерсени кармайт. Мени менен жүрөт. Менден эмнени кааласа беремин. Мага сыйынса, аны коргоймун”,** - деген”, - деп жазылган. Бул хадис фарз намаздары менен бирге нафил намаздарын окуган адамдын Аллаху тааланын мээримине жетээрин жана дубаларынын кабыл болоорун көрсөтөт. Саид бин Исмаил Абу Осман Хайри Нишапури

«рахметуллахи алейх»: “Бул хадис кулдун (пенденин) көрүү, угуу, басуу, кармоо сыяктуу бардык каалоолорун дароо ишке ашырамын дегенди билдирет”, - дейт. **“Иштериңерде кыйналган кездерде кабырдагылардан жардам сурагыла”,** - деген хадиси шариф Аллаху таала сүйүктүү кулдарына өлгөндөн кийин да ошол кубатты бере тургандыгын билдирүүдө.

Имам Биргиви “Атфал-ул-муслимин” рисаласында: **“Бир мусулмандын кабырын зыярат кылганда: “Эй, Раббим! Мухаммед алейхиссаламдын урматына буга азап кылба”, - десе, Аллаху таала кыяматка чейин кабырдагынын азабын токтотот”,** - деген хадиси шарифти келтирет.

Кабырда жаткан адамда сезим бар экендиги тууралуу кабар берген көптөгөн хадиси шарифтер келтирилген. Сахабалар жана табииндер Пайгамбарыбыздын кабырын зыярат кылышчу эле жана аны менен **истигаса (истигаса** - “анын урматына” деп дуба кылуу) кылышчу эле. Бул тууралуу көптөгөн китептер жазылган. “Хиснул-хасин” китебинде дуба кылуу адеби түшүндүрүлүп жатып: “Дубанын кабыл болуусу үчүн пайгамбарлар (алейхимуссалам) менен салих кулдарды васила (б.а., себеп) кылуу керек. Бул **“Бухаридеги”** хадиси шарифте билдирилди”, - делген.

Али Рамитани хазирети: “Күнөө кылбаган тил менен дуба кылгыла, кабыл болот”, - деген, б.а., “Аллахтын достору болгон олуялардын алдында жалбаргыла, алар силер үчүн дуба кылышат”, - дейт. Истигаса, б.а., бир олуяга тавассул кылуу деген – мыну ушул.

Абдулваххаб уулунун ахли сүннөттү бутка жана мазарга табынуучулар деп билүүсү жана сүннү мусулмандарды өлтүрүп, мал-мүлкүн тартып алууну адал деп айтуусу анын аяттар менен хадистерге жаңылыш маани бергендигинен улам болууда. **“Бухари”** китебинде келтирилген хадиси шарифте Пайгамбарыбыз: **“Капырлар капырлар үчүн келген аяттарды мусулмандарга жүктөшөт”,** - деген. Дагы бир хадиси шарифте: **“Мусулман деп аталган адамдардын эң кооптуусу – Курани каримдин маанисин өзгөрткөндөр”,** - деп айтылат. Бул хадистер ушул сыяктуу адамдардын чыга тургандыгын, алардын туура жолдон тайып, адашкан адамдар экенин көрсөтүүдө.

Эгер кабырларды зыярат кылып, кабырдагы киши менен тавассул кылуу аркылуу Аллахка жалынып-жалбарган адам ыймансыз болгондо Пайгамбарыбыз менен да тавассул кылынбаган, ал аркылуу да жалбарынбаган болор эле. Бирок, Расулуллах аркылуу ал дүнүйөгө келүүдөн мурда, тирүү кезинде жана кайтыш болгондон кийин да адамдар Пайгамбарды ортого коюп, жалынып-жалбарышкан. **“Шавахид-ул-хак”** китебинин 153-бетинде келген **Ибни Мажа** билдирген хадиси шарифте Пайгамбарыбыз: **“Аллахумма инни асалука бихаккиссаилина алайка”** б.а., **“Эй, Раббим! Сенден сураганда Сен тилектерин берген адамдардын урматына Сенден сураймын”,** - дечү эле жана ушинтип дуба кылууну айтчу эле. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз, Хазрети Алинин «радыйаллаху анх» энеси Фатиманы «радыйаллаху анха» өз калу менен кабырга койгон кезде: **“Игфирли умми Фатимата бинти Асад ва васси алейха мадхалиха би-хакки Набиика вал анбия-иллазина мин кабли иннака архамур рахимин”,** -дегендиги тууралуу хадис аалымдары Табарани, Ибни Хиббан, Хаким жана Суюти кабар берет. Хадис имамдарынан **“Насаи”** менен **“Тирмизи”** да төмөндөгүлөрдү көрсөтүшкөн. Пайгамбарыбыздын жанына бир сокур адам келет. Көздөрүнүн ачылуусу үчүн дуба кылуусун Пайгамбарыбыздан суранат. Расулуллах ага: **“Кааласаң дуба кылайын. Кааласаң, ушуга көнүп, сабыр кыл. Сабырдуулук – сен үчүн эң жакшы нерсе”,** - дейт. Сокур адам: **“Дуба кылууңду каалайм. Мага карай турган эч кимим жок, катуу кыйналып жүрөмүн”,** - дейт. Пайгамбар ага жакшы бир даарат алып “Аллахумма инни асалука ва атаважжуха илайка би-Набиика Мухаммадин Набийиррахма. Йа Мухаммед инни атаважжаху бика ила Рабби фи хажати-хазихи, ли такдийа-ли Аллахумма шаффиху фиййа” деген дубаны окуусун айтат. Дубанын мааниси: “Эй, Раббим! Адамдарга ырайым катары жиберген сүйүктүү Пайгамбарың менен Сага жалынып-жалбарамын. Сенден сураймын. Эй, Мухаммед алейхиссалам! Тилегимдин орундалуусу үчүн Раббиме сен аркылуу жалбарамын. Аллахым! Аны мага шапаатчы кыл!” Сахабалар да ар дайым ушул дубаны окушчу эле.

Бул тууралуу Имам Байхаки билдирген. Ошондой эле: “турганда, көздөрү көрө баштады”, - дейт. Бул дубаны ага Расулуллахтын өзү

үйрөттү. Өзү дуба кылган жок. Анын тавассулга б.а., Пайгамбарды ортомчу кылып дуба кылуусун жана тилегинин ушундай жол менен жасалган дуба аркылуу орундалуусун каалады. Расулуллах тирүү кезинде да, кайтыш болгондо да аны менен истигаса[29] кылынган. Салаф-ус-салихин Расулуллахтан кийин ушул дубаны көп окуган жана ушул дуба аркылуу тилектерине, максаттарына жетишкен. Халифа Осман «радыйаллаху анх» бир адамдын суранычын кабыл кылбай жүргөн эле. Ошол адам сахабалардан Осман бин Ханифке барып, жардам сураганда, ал ошол дубаны окууну үйрөткөн. Ошол киши дубаны окуп, халифанын алдына барганда суранычы кабыл кылынып, маселеси чечилгени тууралуу Табарани менен Байхаки кабарлаган.

Табарани риваят кылган бир хадиси шарифте Расулуллах «саллаллаху алейхи васаллам» дуба кылган кезде: **“Пайгамбарыңдын жана андан мурда келген пайгамбарлардын акысы** (урматына) **үчүн”,** - дечү эле. Расуллуллах аркылуу же башка пайгамбарлар же болбосо олуялар аркылуу **“таважжух** кылуу”, **“тавассул** кылуу”, **“истигаса** кылуу” жана **“ташаффу** кылуу” деген сөздөрдүн бардыгы “салих киши аркылуу, аны ортого коюп, Аллаху таалага жалынып-жалбаруу” деген мааниде колдонулат. Амал жана ибадаттар аркылуу (аларды ортого коюп) да жалбарууга боло тургандыгы тууралуу Ислам дини билдирген. Эски доордо бир үңкүргө кирип, камалып калган адамдар Аллах үчүн кылган кайрымдуу амалдарын аташып, жалынып-жалбарышканда үңкүрдүн оозундагы таш ачылып, алардын чыккандыгы хадиси шарифте келтирилген. Аткарылган жакшы амалдар менен ибадаттарды себеп, васила кылып (ортого коюп) окулган дубалар кабыл болсо, ошондой ибадаттарды орундаган кишилердин өзүн себеп, васила кылып, алардын урматына деп кылынган дубалар, албетте, кабыл болот. Омар Бин Хаттаб «радыйаллаху анх» Хазрети Аббасты себепчи кылып, жамгыр дубасын окуду. Сахабалардын эч бири буга каршы эч нерсе айткан эмес. Расулуллахты жана анын кабырын васила (себепчи) кылбай, Хазрети Аббас аркылуу дуба кылуу - өзүн төмөн билгендиктен жана Расулуллахтын тууганын өзүнөн жогору көргөндүгүнөн эле. Хазрети

29 Шапаат, жардам суроо. Аллаху таaладан бир тилектин орундалуусу үчүн Пайгамбарларды жана олуяларды васила кылып (ортого коюп) суроо, жалбаруу, дуба кылуу. “Истигаса” термининин ордуна диний адабияттарда анын синонимдери болгон “тавассул” жана “ташаффу” сөздөрү да колдонулат.

Аббас менен тавассул кылуу, негизинен Расулуллах менен тавассул кылуу болуп эсептелет. “Таважжух, тавассул жана истигаса сөздөрү, дубанын кабыл болуусу үчүн себепчи кылынган салих кишинин аны себепчи кылып дуба кылган кишиден ар дайым жогору экенин көрсөтөт”, - деп айтуу туура болбойт. Расулуллах бир дубасынын кабыл болушу үчүн Мекке мухажирлерин себеп кылган. Истигаса – “бирөөдөн бир нерсе суроо үчүн, анын катуу сүйгөн адамынан жардам суроо” дегенди (б.а., ошол адам аркылуу суроо) дегенди билдирет. Ошол адам аркылуу суралганда, көздөлгөн максатка, тилекке жетүү оңой болот. Дубанын кабыл болуусу үчүн, Расулуллах менен же болбосо кабырдагы бир олуя менен истигаса кылынат. Ошентип, дуба кабыл болот. Дубаны кабыл кылуучу - жалгыз гана Аллаху таала. Ага себеп, васила боло тургандар – пайгамбарлар, олуялар. Аллаху таала чыныгы гавс, камкор, ал эми, Расулуллах болсо, өтмө мааниде гавс болуп эсептелет. Бухари кабарлаган хадиси шарифте: **“Кыямат күнү алгач Адам алейхиссалам аркылуу, анан Муса алейхиссалам аркылуу, кийин Мухаммед алейхиссалам аркылуу истигаса кылынат** (көмөк суралат)”, - делген. Ошондой эле, Расулуллах аркылуу истигаса же тавассул кылуу – анын дуба кылуусун каалоо дегенди билдирет. Себеби, ал кабырында тирүү. Сурагандардын тилегенин түшүнөт. Сахих бир кабарда: “Амир-ул-муминин Омар «радыйаллаху анх» доорунда жут болду. Сахабалардын бири Пайгамбарыбыздын кабырына келип: “Эй, Расулуллах! Үммөтүңө жамгыр үчүн дуба кыл! Үммөтүң өлүм абалына жетти”, - дейт. Расулуллах алейхиссалам ага түшүндө көрүнүп, жамгыр жаай тургандыгын айтты. Чынында да ушундай болду. Пайгамбарыбыз сахабага түшүндө: **“Омарга барып, саламымды жана жамгыр жаай тургандыгын айт. Жумшак мамиледе болсун!”** - деп да айткан. Омар «радыйаллаху анх» катаал адам эле. Диндин буйруктарын орундоодо катаалдык кылчу эле. Баягы сахаба халифага барып, болгон окуяны айтып берди. Халифа аны угуп ыйлады. Бир кабарда айтылуусу боюнча, бул түштү көргөн адам сахаба Билал бин Харис Музани эле. Бул жерде түшкө эмес, сахабанын Расулуллахтын кабырына барып, аны тавассул кылганына көңүл бурабыз. Мындан Расулуллахтын тирүү кезиндеги сыяктуу, кайтыш болгондон кийин да андан тилектин кабыл болуусу үчүн дуба кылуусун сурануга

боло тургандыгын түшүнүүгө болот. Кыямат күнү да үммөтү үчүн шапаат кылат жана шапааты кабыл болот. Муну Ислам аалымдары ижма менен (бир добуштан) билдиришкен. Абдуллах бин Аббастын «радыйаллаху анхум» билдирген хадисинде: **“Аллаху таала Иса алейхиссаламга: “Эй, Иса! Мухаммед алейхиссаламга ыйман келтир! Сенин үммөтүңдөн анын доорунда жашай тургадарга Ага ыйман келтирүүлөрүн айт! Мухаммед алейхиссалам болбогондо, Адам пайгамбарды жаратпас элем. Мухаммед алейхиссалам болбогондо, Бейишти, Тозокту жаратпас элем. Аршты суунун үстүндө жараттым. Кыймылдай баштады. Үстүнө “Лаа илааха иллаллах” деп жазгандан кийин токтоду”, - дейт”, -** деп айтылган. Бул хадисти Хаким сахих далилдер менен кабар берген. Ушундай жогорку даражалуу жана өтө кадырлуу, Жаратуучунун ниматына бөлөнгөн Пайгамбарды себеп кылып, Анын шапаатын тилеп, окулган дуба кандайча кабыл болбосун?!

**“Шавахид-ул-хак”** китебинде Имам Субкиден алынган сөздө мындай деп айтылат: “Расулуллах менен тавассул кылуу эки түрдүү болот:

1. Анын бийик мартабасы, берекети үчүн Аллаху тааладан суроо. Мындай дуба кыларда тавассул, истигаса жана ташаффу сөздөрүнөн каалаган бирөөсү колдонулат. Үчөө тең бир нерсени билдирет. Ушул сөздөрдү колдонуп дуба кылган киши Расулуллахты себеп кылып Аллахтан суроодо. Аны ортого коюп Аллаху таалага истигаса кылууда. Дүнүйөлүк иштерде да бир кишиден анын жакшы көрө турган адамы аркылуу бир нерсе сурала турган болсо сураганын дароо берет.
2. Тилекке жетүү үчүн Расулуллахтын Аллаху таалага дуба кылуусун андан суранууу, анткени, ал кабырда тирүү. Ал аркылуу дуба кылгандардын тилегендерин угуп, түшүнөт жана Аллахтан сурайт. Кыямат күнүндө да шапаатын сурашат, ал шапаат кылат жана шапааты кабыл болот.

Шихабуддин Рамли «рахметуллахи таала алейх» мындай дейт: “Пайгамбарлар менен олуялар кайтыш болгондон кийин да алар аркылуу истигаса же тавассул кылынат. Пайгамбарлар кайтыш болгондо мужизалары токтоп калбайт. Олуялар кайтыш

болсо да кереметтери бүтпөйт. Пайгамбарлардын кабырларында тирүү экендиктерин, намаз окуй тургандыктарын, ажыга бара тургандыктарын хадистер ачык түрдө көрсөтүүдө. Шейиттердин да тирүү экендиктери, капырлар менен болгон согуштарда жардамга келе тургандыктары маалым".

**Хаким** билдирген сахих хадисте: "Адам алейхиссалам Бейиштен чыгарылгандан кийин көп дуба кылды. Тообосу кабыл болбоду. Акырында: "Эй, Раббим! Уулум Мухаммеддин урматы үчүн мага ырайым кыл", - дегенде дубасы кабыл болуп, **"Эй, Адам! Мухаммед алейхиссаламдын ысымы менен эмне кааласаң да берер элем. Эгер, Мухаммед болбогондо сени жаратпайт элем", -** деп айтылган", - деп билдирилген. Бул кудси хадис **"Мавахиби ладуннийа"** жана **"Анвар-и Мухаммеди"** китептеринин башында да жазылган. Муну Алуси дагы **"Галия"** китебинин 109-бетинде кеңири жазган. Бул дубаларда өткөн "хак", "акы" сөзү – "урмат", "аброй" жана "кун" дегенди билдирет. Б.а., "бир олуянын акысы үчүн" делгенде, ошол олуянын Аллах алдындагы кадыры, абройу, куну үчүн суралган болот. Себеби, эч бир жаратылгандын эч кандай Аллахта акысы жок.

Ошол кезде Мухаммед алейхиссалам дүйнөдө жок эле. 313 миң жылдан кийин дүйнөгө келген. Адам алейхиссалам аны кайдан билген?

Адам пайгамбар Бейиште жүргөндө, Бейиштин ар жеринде жана Аршта "Лаа илаха иллаллах Мухаммадун Расулуллах" деген жазууну көргөн. Анын Аллаху тааланын эң сүйүктүү кулу экенин ушундан тушүнгөн эле. Ошол жерде Ислам ариптери менен жазылган эле. Демек, ошол ариптер адамга таандык эмес. Аалам менен Адам жок кезде ошол ариптер бар эле. Бардык китептер, сахифалар (рисала) Ислам ариптери менен жиберилген.

Бул дубалар Аллаху тааланын сүйгөн адамдары аркылуу жалынып-жалбаруу, б.а., аларды арага салып, алардын урматына Аллахтан тилөөгө боло тургандыгын көрсөтүүдө.

Ибни Абидин «рахметуллахи таала алейх» **"Радд-ул-мухтар"** китебинин 5-томунун 524-бетинде: "Расулуллахты арага салып, Аллаху таалага дуба кылуу өтө жакшы болот. Мурда жана кийин келген аалымдардын эч бири буга каршы эч нерсе айткан эмес. Бир гана Ибни Таймийа буга каршы чыкты. Эч ким айтпаган

нерсени айтып, бидат чыгарган. Бул тууралуу Имами Субки жакшы түшүндүрүп берген”, - дейт.

Ахмед бин Саид Зайни Дахлан «рахметуллахи таала алейх» – Меккенин муфтийи, аалымдарынын башчысы жана шафии мазхабынын шейхи эле. Бир нече эмгектери бар. “Хуласат-ул-калам фи баяни умара-ил балад-ил-харам”, “Фиррадди алал-ваххабиати атбаи мазхаби Ибни Таймийа” жана “ад-Дурар-ус-санийа” деген китептеринде ваххабилердин, мазхабсыздардын ички ниеттерин ачыктап, түшүндүрүп, жаңылыш жана бузук жолдо экендиктерин аяттар менен хадистер аркылуу далилдеп берген. “Хуласат-ул-Калам” китебинде мындай дейт:

“Расулуллах тирүү кезинде да, кайтыш болгондон кийин да аны себепчи кылып, дуба кылуу сахих (туура) жана жаиз (уруксат). Ошол сыяктуу олуялар жана салих адамдарды себепчи кылуу аркылуу дуба кылууга боло тургандыгын хадиси шарифтер көрсөтүп турат. Хазрети Омардын жамгыр дубасына чыгаарда Хазрети Аббасты эрчитип барганы – Расулуллахтан башка адам аркылуу да дуба кылууга боло турганын билдирүү үчүн эле. Ахли сүннөт аалымдары айтышат: “Таасирди берүүчү, жаратуучу, пайда жана зыян берүүчү, жок кылуучу – бир гана Аллаху таала. Анын шериги жок. Пайгамбарлар жана бардык тирүү жана өлгөн адамдар таасир, пайда жана зыянды жарата албайт. Бир гана Аллаху тааланын сүйүктүү кулдары (пенделери) болгондуктан алардан берекет күтөбүз. Ал эми булар (адашкандар) тирүү адам таасир эте алат, ал эми өлгөн адам таасир эте албайт деп ишенишет”. **“Фатх-ул-мажид”** ваххаби китебинин 70, 77, 98, 104, 239, 248, 323, 503 жана 504-беттеринде: *“*Өлүктөн жана узактагы укпай турган, көрбөй турган тирүү адамдан бир нерсе сураган (тилеген) адам мушрик болот. Адамдан күчү жеткен нерселерди суроого болот. Бир гана Аллахтын кудурети менен болгон нерселерди адамдан суроо жаиз эмес (болбойт)”, - деп жазылган. 70-бетинде: “Тирүү адам өзүнөн суралган нерсе үчүн дуба кылат. Аллах аны кабыл кылып, ошол нерсени жаратат. Өлүк же болбосо алыстагы адамдан суроо – анын кудурети жетпеген нерсени суроо дегенди билдирет. Бул ширк болот”, - дейт. 136-бетинде: “Салих адамдардын кабырлары аркылуу жалбаруу – Лат, Манат буттарына табынуу сыяктуу ширк”, - делинген. 208 – бетинде:

“Керектүү нерсени өлгөн адамдан суроо – ширк. Өлгөн адамдан шапаат кылуусун сурануу – жахилдик (сабатсыздык). Ал Аллахтын уруксатысыз эч кимге шапаат кыла албайт. Ага истигаса кылуу, шапаатын суроо – анын шапаат кылуусу үчүн уруксат берилүүсүнө себеп кылынбаган. Шапаатка жетүүгө себеп – ыймандуу болуу. Истигаса кылуу ширк болгондуктан шапаат кылууга тоскоол болууда”, - деп жазылган. Бирок, бул китеп өзүн өзү жокко чыгарат. Анткени, 200-бетинде: “Көктөр Аллахтан коркот. Аллах көктөрдө сезим жараткан. Алар сезишет жана түшүнүшөт. Куранда жердин жана көктөрдүн тасбих кылгандыгы билдирилди. Расулуллахтын алаканындагы таштардын тасбих айткандыгын жана мечиттеги ханнана деген тиректин ыйлагандай үн чыгарганын жана тамактын зикир чалганын сахабалар угушту”, - деп жазылган.

Тоолордо, таштарда, тирөөчтө сезим жана түшүнүү бар экенин айтып, пайгамбарларда жана олуяларда сезим болбойт деп айтуулары таң калардык нерсе. “Тирүү адамдар тавассул кылынат, өлүктөр тавассул кылынбайт”, - деп, өздөрү мушрик болууда. Анткени, бул сөз тирүүлөр угушат, таасир эте алышат, өлгөндөр укпайт, таасир эте албайт дегенди билдирет. Аллахтан башка адамдын таасир кыла ала турганына ишенүү болот. Ушундай ишенген адамдарды өздөрү мушрик деп аташат. Бирок, өлгөн да, тирүү да бир гана себеп болот. Таасир эте турган, жаратта турган – жалгыз гана Аллаху таала. Тавассул, ташаффу, истигаса жана таважжух мунун баары бир мааниде. Баары тең жаиз. **Бухари** хадисинде: **“Кыямат күнү адамдар алгач Адам алейхиссаламга истигаса кылышат”,** - деп билдирилген. Улуу сахаба Билал бин Харис «радыйаллаху анх» Расулуллахтын кабырына барып: “Эй, Расулуллах! Үммөтүң үчүн жамгыр жаашын сура”, - дейт. Жамгыр жаады. Буттар бизге шапаат кылат деп эсептеген капырлар буттарга сыйынышчу эле. Ал эми, шапаат тилөөчү момундар пайгамбарлар жана олуяларга сыйынышпайт. Экөөнү бирдей нерсе деп ойлоо кандай акмактык! **“Фатх-ул-мажид”** ваххаби китебинин 209-бетинде: “Курани каримде **“Бир гана Аллахтын уруксат берүүсү менен шапаат кылынат”** жана **“Бир гана ыраазы болгон адамдарына шапаат кылат”,** - деп айтылган. Шапаат сурап кабырга барган адам, өзүнө шапаат кылуусу үчүн Пайгамбарга уруксат берилгенин кайдан билет? Өзүнүн

Аллахтын ыраазылык билдиргендеринин катарында экендигин кайдан билип, шапаат сурайт?" - деп айтылган. Бул сөздөрү хадиси шарифтерге кайчы келип, өз сөзүн өздөрү жокко чыгарышат. Себеби, ошол китептин 208-бетинде ваххаби өзүнүн оозу менен: ***"Шапаатка жетүүнүн себеби – ыйман",*** - деген эле. Азан чакырылгандан кийин окулуусу буюрулган дубада Аллаху тааланын Пайгамбарыбызга (алейхиссалам) фазила жана васила (жакшылык менен ортомчу, себепчи болуу) даражаларын убада кылгандыгы көрсөтүлгөн. Бул дубаны окугандарга жана салават айткандарга, ошондой эле, кабырын зыярат кылгандарга Пайгамбарыбыз шапаат кылаарын айткан. Ушул сыяктуу канча деген хадиси шарифтер Пайгамбарыбызга каалаган адамга шапаат кылууга уруксат берилгенин билдирет. "**Чоң күнөө кылгандарга шапаат кыламын**" деген хадиси шариф ыймандуу болгон бардык адамга шапаат кылуу үчүн өзүнө уруксат берилгендигин көрсөтүүдө. Юсуф Набханинин «рахметуллахи алейх» **"Шавахид-ул-хак"** китебинин 130-бетиндеги кырк хадистин он үчүнчүсүндө: **"Кыямат күнү шапаат кыламын. "Эй, Раббим! Жүрөгүндө кыпындай болсо да ыйманы бар адамдарды Бейишке жибер",** - деп айтам. Алар Бейишке киришет. Анан жүрөгүндө аз гана нерсе барларга **"Бейишке киргиле" деп айтамын",** - деп айтылган. Бул хадис **Бухари**де билдирилген. Истигаса – тавассул кылуу, васила-себепчи кылуу, жардам суроо, тилегин тилөө дегенди билдирет. Пайгамбардан шапаат тилөө. Аны себеп кылып, Аллаху тааладан ыйман менен өлүүнү тилөө дегенди билдирет. **"Фатх-ул-мажид"** ваххаби китебинин көптөгөн жеринде, мисалы, 323-бетинде: "Алыстагы жана өлгөн адамдарды истигаса кылуу, алардан пайда күтүү – ширк. Аллах мушриктер менен согушууну буюрат", - деген. Бирок, Пайгамбарыбыздын өзү дуба кылганда өз атын арага коюп: **"Эй, Мухаммед, сени себепчи кылып,** (сенин урматың үчүн) **Раббиме таважжух кыламын, жалбарамын",** - дечү эле. Ал кайтыш болгондон кийин да сахабалар ошол дубаны окушчу эле. Табарани билдирген бир хадисте: **"Чөлдө жалгыз калган адам бир нерсесин жоготуп алса, "Эй, Аллахтын кулдары, мага жардам бергиле", - деп айтсын. Себеби, Аллаху тааланын силердин көзүңөргө көрүнбөгөн кулдары да бар",** - деп айтылган. Ибн Хажар Мекки "Изах-ул-манасик" китебинин хашийасында (китеп беттеринин

четиндеги бош жерге жазылган түшүндүрмөсүндө) бул дубанын бир канча жолу тажрыйбадан өткөрүлгөндүгүн айтат. Абу Давуд жана башкалар билдирген бир хадиси шарифте: **“Расулуллах сапарда жүргөндө караңгы түшкөндө: “Эй, Раббимдин жери! Сенин жамандыгыңдан куткар деп Аллахка сыйынамын” деп айтчу эле”,** - деп жазылган.

“Ихван-ул-муслимин” деп аталган мазхабсыздардын башчысы Сеййид Кутб да “Зумар” сүрөсүнүн 3-аятына тафсир кылган кезде: “Таухид жана ыкылас ээси Аллахтан башка эч кимден эч нерсе сурабайт. Эч бир жаратылышка ишенбейт. Адамдар Ислам дини билдирген таухидден алыстап кетти. Азыр бардык элдерде олуяларга ибадат кылынууда. Исламдан мурдагы арабдардын периштелерге, айкелдерге сыйынышканы сыяктуу, алардан шапаат тилешүүдө. Аллах билдирген таухидде Аллах менен кулдун арасында васыта, васила, себеп жана шапаат кылуу болбойт”, – деп айтат. Ушул сөздөрү менен ваххаби экенин жарыялайт.

Аллаху таалага таандык сыпаттар **“сифат-и затийа”** жана **“сифат-и субутийа”,** б.а., **“улухийат сыпаттары”** (Кудайлык сыпаттары) деп аталат. Бир жаратылган нерсеге ибадат кылуу – таш, бак, күн, жылдыз, уй, адам, эстелик, сүрөт сыяктуу нерселерде кудайлык сыпаты бар деп эсептеп, ага жалбаруу дегенди билдирет. Ушундай ишенүү **“ширк”,** ишенген адам **“мушрик”** деп аталат. Бул сыйынылган нерселер **“шерик”, “мабуд”, “бут”** деп аталат. Азыркы христиандардын көбү, буддисттер, брахмандар жана мажусилер (отко сыйынгандар) мушрик болуп эсептелет. Мусулмандар эч кандай олуяда улухийат (кудайлык) сыпаты бар деп ишенишпейт. Пайгамбарлардын жана олуялардын Аллахтын кулу экендигине ишенишет, аларга табынбайт. Зыярат кылуучулар жана дуба кылуучулардын тилектерин Аллахтын аларга билдирүүсүнө ишенишет. Ошондуктан, дубаларынын, тилектеринин кабыл болуусу үчүн Аллахтын алдында жардам кылууларын, шапаат кылууларын сурашат. Мусулмандардын ушундай ак ниет менен зыярат кылууларын “бутпарастыкка”, зыярат кылынган пайгамбарларды жана Исламдын улуу кишилерин “буттарга” окшотуулары ваххабилердин жаман максаттарын көрсөтүүгө жетиштүү.

3. **Ваххабилердин үчүнчү бузук ишенимдери** – кабырдын үстүнө күмбөз тургузууну, күмбөздөрдө намаз окууну, ал жерде кызмат кылгандарга жана намаз окугандарга шам жагуу, өлгөндөрдүн рухуна садага назр кылуу жаиз эмес деп эсептешет. Ваххабилердин айтуулары боюнча Харамайн (Мекке-Медина) калкы бүгүнкү күнгө чейин күмбөздөр менен дубалдарга сыйынышып келген имиш. **Ахли сүннөт менен** шиит тобундагы мусулмандар ошондуктан мушрик болуп эсептелет имиш. Аларды өлтүрүп, мал-мүлктөрүн тартып алууга болот имиш. Алардын сойгон малы харам болуп эсептелет имиш.

Күмбөздө намаз окууга боло тургандыгы **"Кыямат жана акырет"** китебинин 3-бөлүмү болгон **"Мусулманга насихаттын"** 14-бабында кеңири жазылган. "Күмбөз" – "бөлмө" дегенди билдирет. Күмбөздөргө тыюу салына турган болсо сахабалар «радыйаллаху таала анхум ажмаин» Расулуллахты, Хазрети Абу Бакрды жана Хазрети Омарды бөлмөнүн ичинде жерге беришпейт эле. Күмбөз өлгөн адамга сыйынуу үчүн салынбайт. Аны ардактоо, дуба кылууга келгендерди жаандан, күндөн сактоо үчүн салынат. **"Мажма-ул-анхур"**[30] китебинин 2-томунун 552-бетинде: **"Мухаммед бин Ханафийа Абдуллах бин Аббасты көмгөндөн кийин кабырынын үстүнө чатыр курду. Зыярат кылуучулар үч күн ушул чатырды баш паанек кылышты",** - деп айтылган. Сахабалардын жолундагы адам күмбөздөрдү талкалабайт, тескерисинче күмбөз салат.

**"Кашф-ун-нур"**[31] китебинде: "Аалымдардын, олуялардын кабырларынын үстүнө күмбөз аларды жахилдердин (сабатсыздардын) кастыгынан коргоо үчүн салынат", - деп айтылган. **"Жами-ул-фатавада"**[32] жана **"Танвир"**[33] китебинде: "Кабырдын үстүнө күмбөз салуу макрух эмес", - деп айтылган. "Жахилдер (сабатсыздар) олуяларды жаратуучу деп эсептешпесин деп күмбөздөрдү талкалап,

30 Абдуррахман Шейхизада, Пайгамбарыбыздын урпактарынан – сеййид, Арабстанда Забид муфтийи эле.

31 "Кашф-ун-нур ан асхаб-ил-кубур", Абдулгани Наблуси. Фыкх, тафсир, хадис жана тасаввуф аалымы. Хижрий 1050 (м. 1640) ж. Шамда (Дамаск) туулуп, х. 1143 (м. 1731) ж. ошол эле жерде кайтыш болгон.

32 Абул-Касым Самарканди, Ханафи фыкх аалымы, х. 556 (м. 1161) жылы кайтыш болгон.

33 "Танвир-ул-абсар", Шамсиддин Мухаммед бин Абдуллах Газзи – Тимурташи, Ханафи фыкх аалымы, х. 1004 (м. 1595). Палестинанын Газза шаарында кайтыш болгон.

бузуп салабыз” деген сөздөрү куфур болуп эсептелет. Фараон да мына ушундай деп айткан эле. Фитне-фасат (бүлүк) чыгарды деп, Мусаны (алейхиссалам) өлтүрүүгө аракет кылган эле. Аллаху таала олуяларын сүйөт. Алардын каалаган нерсесин жүзөгө ашырат. Ваххабилер болсо, Аллаху таалага, олуяларга жана бүткүл мусулмандарга су-и зан (жаман ойдо болуу) кылышууда. Мусулманга су-и зан кылуу – харам. Олуя тирүү кезинде да, өлгөндөн кийин да эч нерсе жаратпайт. Аллаху тааланын жаратуусуна себепчи болот. Олуялардын рухтары кабырдагы денелери менен байланышта болот. **“Кунуз-уд-дакаик”**[34] китебинде жазылган Дайламининин билдирген хадисинде: **“Өлгөндөн кийин да тирүү кезимдегидей биле турган боломун”,** - деп айтылган. Тирүү же болбосо кайтыш болгон олуянын фейзине, мээримине бөлөнүү үчүн, андан пайда ала билүү үчүн аны сүйүп, урматтоо керек. Жахил (сабатсыз) эл өлгөн кишини жердин ичинде аракетсиз жатканын көрүп, өзүнөн төмөн деп эсептейт. Күмбөздү бардык адамдардын урматтап, зыярат кылып жатканын көрсө, ал да аны урматтайт. Б.а., күмбөз өлгөн адам үчүн эмес, тирүү адамдардын урматтуулук менен зыярат кылуулары, олуялардын файзы жана берекетинен пайдалануулары үчүн салынат. Ахли сүннөт аалымдары: “Кабырдын үстүнө эстелик үчүн, мактануу үчүн күмбөз салуу – харам, унутулуп кетпесин деген максатта салынса – макрух. Сөөктү уурудан, жырткыч айбандардан коргоо максаты менен салынса – макрух болбойт. Сөөктү алдын ала даярдап коюлган күмбөздүн ичине көмүү – жаиз болот”, - деген. Расулуллах уулу Ибрахимдин кабырын бир карыш бийик кылып жасап, шыбатып койгон эле. Бир күнү Ибрахимдин кабырынын бир чети ачылып калганын көрүп, ошол жерин бүтөгөндүгү “Хуласа” китебинде жазылган. Ислам аалымдарынын эч бири күмбөздөрдү бутка окшоткон эмес. Эң оор жазганы да “харам” деген. Күмбөздү зыярат кылып, олуяларды тавассул кылган мусулмандарга миң жыл бою эч бир Ислам аалымы су-и зан кылган эмес жана жамандаган эмес. **“Фатх-ул-мажид”** ваххаби китебинин 242-бетинде: “Ибни Хажар Мекки “Заважир” китебинде: “Кабырдын үстүнө күмбөз салуу чоң күнөө. Мусулман падышалардын, акимдердин бул күмбөздөрдү бузуп салуусу – важиб. Эң алгач Имам Шафиинин күмбөзүн талкалап салуу керек” деген”, - деп жазат. Бирок, Ибн Хажари Мекки «рахметуллахи алейх» **“Заважир”**

34 Абдуррауф Мунави (же Манави), Шафии фыкх аалымы, “Кунуз-уд-дакаик” китебинде 10 миң хадис бар, х. 1031 (м.1621) ж. Каирде кайтыш болгон.

китебинде: “Кабырлардын үстүнө күмбөз салуу – чоң күнөө”, - деп айтпайт. “Жалпы, б.а., көп адамдар көмүлө турган жана вакыф кылынган (мусулмандардын жалпы пайдалануусу үчүн садага кылынган мүлк) мазарлардагы күмбөздөрдү бузуу керек. Себеби, орун ээлеп, башка мусулмандарды көмүүгө тоскоол болот”, – дейт, (б.а., өлгөн адамдын жеке мүлкү болбогон жерлерде башкалардын көмүлүү укугун чектегени үчүн күмбөз салынбасын дейт). Имам бул жерде күмбөз салууну, аны зыярат кылуу куфур деп эсептебейт. Аяттар менен хадистердин маанилерин бурмалап, өзгөртүүдөн тартынбаган ваххабилердин ахли сүннөт аалымдарынын китептериндеги маалыматтарды жана сөздөрдү да бурмалап, өзгөртүп жазып, мусулмандарды алдоого аракет кылышканын ачык далили алардын Ибн Хажар Меккиге жапкан ушул жалаалары болуп эсептелет.

Ибн Хажари Макки **“Фатава-и фикхийа”** китебинин 125-бетинде: “Пайгамбарлардын күмбөздөрүндө намаз окуу сахих (туура). Жада калса, макрух да эмес. Пайгамбарлар кабырларында тирүү. Бирок, алардын жашоосу биздин жашообуз сыяктуу эмес, жеп-ичүүсү, ибадат кылуусу кажет эмес. Периштелердин жашоосуна окшойт. Ыракаттануу үчүн ибадат кылышат, себеби, кабыр жашоосунда Аллахты сезүү мүмкүнчүлүктөрү дүйнө жашоосундагындан да жетилген сыпатта”, - деп жазат.

Судандык Ислам аалымы Тахир Мухаммед Сулейман Малики **“Захират-ул-фикхил-кубра”** китебинде мындай дейт: “Шейх Адви кабырдын үстүнө күмбөз салуу төрт шарт менен жаиз болот деди. Кабырдын орду өлгөн адамдын жеке мүлкү болуусу керек. Күмбөздө бидат нерселерди жасабоо керек. Күмбөздөр мактаныч үчүн салынбоо керек. Кабырдагы олуяларга белги катары салынуусу керек. Ибни Таймийанын бузук ниеттеги сөздөрүнүн эч кандай мааниси жок”.

Мусулман экендигин айтып, ибадат кылган, б.а., **“ахли кыбла”** деп аталган адамдын ахли сүннөткө терс болгон ишеними, мааниси ачык, анык бир далилди жокко чыгара турган сыпатта болсо, бул тавил (башка маани чыгаруу) аркылуу болсо да, болбосо да куфур. Ал киши **“мулхид”** деп аталат. Бул ишеними ачык айкын эмес, күмөндүү бир далилдин ар түрдүү маанилеринен ачык жана белгилүү болгонуна терс болсо жана буга тавил кыла алса, куфур болбойт, бидат болот. Тавил жасоодон кабары болбой, бидатчы аалымдардын

жолун карманса же напсинин каалоолоруна берилип, дүнүйөлүк кызыкчылыктар үчүн ушундай ишенген болсо бул да куфур болот.

Ахли сүннөт болсун, бидатчы болсун, динин дүнүйөлүк кызыкчылыктар үчүн колдонгон жахил (сабатасыз) адам **"сокур динчи"** деп аталат. Эч бир динге ишенбей, мусулмандарды алдап, алардын имандарын жок кылуу, Исламды ичинен жыгуу үчүн мусулман болуп көрүнүп, куфурга себеп болгон нерселерди далилдөө үчүн далилдерден жаңылыш маанилерди чыгарган адамдар **"зындык"** (динсиз) деп аталат. Бидатчылар, мулхиддер жана алардын жолун карманган жахил (сабатсыз) адамдар **"мазхабсыздар"** болуп эсептелет. Мазхабсыздар жана ыйман уурулары болгон зындыктар **"динде реформисттер"** катары таанылууда.

Ибни Абидин «рахметуллахи таала алейх» **"Радд-ул-мухтар"** китебинде витр намазы тууралуу: "Витр намазынын негизин, б.а., ибадат экенин кабыл кылбаган адам ыйманынан ажырайт. Эгер далилинен башка маани чыгарса же далилине шектенип, кабыл кылбаса капыр болбойт. (Бидатчы болот). Бардык важибдер менен сүннөттөр да ушундай. Себеби, витр намазы – динде зарури (милдетүү түрдө) билинген, таанылган ибадат, муну **"Ижма-и уммат"** көрсөтүп турат. Ижма-и уммат менен билдирилген зарури (милдетүү) ибадатка эч бир себепсиз ишенбөө Ханафи аалымдарынын өкүмү боюнча ыймансыздык болот. Динде бар экендиги зарури (милдеттүү түрдө) билинген нерсе деген сөз – динибизде бар экендиги сабатсыздарга да маалым болгон диний өкүмдөр, маалыматтар дегенди билдирет. Бул – беш убакыт намаздын фарз экендигине ишенүү сыяктуу нерсе. Жалгыз аалымдар гана биле турган диний өкүмдөрүн кабыл кылбоо куфурлук болбойт. Мисалы, мурас илиминде чоң эненин мурасынын алтыда биринин алына тургандыгын кабыл кылбоо ушуга жатат".

Ибн Мелек (же Мелик) "Манар" шархында мындай дейт: **"Ижма"** - **"биригүү"** деген сөз. Бир кылымда жашаган муҗтахиддердин бир маселенин өкүмү боюнча биригүүсү. Бул – сөз же иш-аракет болуусу мүмкүн. Ижтихад жасоону талап кылбай турган маселелерде бир кылымда жашаган мусулмандардын баарынын биригүүсү керек. Биригүү – бирдей сөз айтуу же бирдей иш кылуу болуп эсептелет. Бир кылымда жашаган муҗтахиддердин бир бөлүгү айтса же

жасаса, калгандары угуп, унчукпаса, каршы болбосо Ханафи мазхабы боюнча ижма болот. Шафии мазхабында бул ижма болуп эсептелбейт. Ижтихад маселелеринде ижма ээси болуу үчүн мужтахид болуу керек. Курани каримдин, намаз рекеттеринин жана зекет өлчөмүнүн, нанды карызга алуунун жана мончого баруунун бизге накыл жолу менен жеткизилгендиги сыяктуу ижтихад кылууну талап кылбаган нерселердин ижмасында мужтахид болуу керек эмес. Мындай нерселерде мужтахид эместердин ижмалары да колдонула берет. Бирок, алардын бидатчы жана фасык (күнөөкөр) болбошу керек (ошондуктан, шииттер менен ваххабилердин китептеринде жазылган ката нерселер эч качан ижма боло албайт. Харам, халал жана фарздар үчүн далил боло албайт). Мындай ижмалар (сөз бирлиги) жүзөгө ашуусу үчүн сахабалар менен ахли бейттин урпагы болуу шарт эмес. Мединанын тургуну болуу да керек эмес. Көптөгөн аалымдардын пикири боюнча “салаф” деп аталуучу мурда келген аалымдардын ар түрдүү билдирген маселесинде кийин келген аалымдардын ижма кылуусу жаиз болот. Бир мужтахид башкача ижтихад кылса, ижма жүзөгө ашпайт. Хабари-вахид менен, б.а., бир гана киши кабар берген хадисте жана мужтахиддин кыяс кылуу менен чыгарган өкүмүндө ижма кылууга болот. Аяттар менен белгилүү хадистерден анык түшүнүлө турган өкүмдөрдө ижма болбойт. Алардын өздөрү ансыз да далил болуп эсептелет. Салаф-ус-салихиндин, б.а., сахабалардын «радыйаллаху таала алейхим ажмаин» бизге ар кылымдын ижмасы менен келген ижмалары мутаватыр хадис сыяктуу, б.а., сахабалардын ушундай ижмаларын үйрөнүп, ушуларга ылайык аракет кылуубуз керек. Буга Курандын Аллахтын сөзү экендиги, намаз менен орозонун, зекеттин фарз экендиги жатат. Бир салих адам аркылуу жетип келген ижмалар болсо, вахид кабарлар менен билдирилген хадистер сыяктуу болуп эсептелет. Алар менен бир гана аракет кылуу важиб, анын илими менен билүү (ишенүү) важиб эмес. Бешим намазынан мурда төрт рекет сүннөт окуу ушуга жатат.

Ижманын даражалары бар. Сахабалардын ачык түрдө жана ар кылымдын ижмасы аркылуу кабар берилген ижмалары аяттар менен мутаватыр хадистер сыяктуу кубаттуу болуп эсептелет.

Кабыл кылбаган, ишенбеген адамдын ыйманы кетет. Сахабалардын бир азы ижма кылып, калгандары унчукпаган ижмалар да накта далил болсо да, аны кабыл кылбаган адам капыр болбойт. Ижманын үчүнчү даражасы – сахабалардын башка-башка пикирде болбогон маселелеринде кийинки кылымдардын ижмасы. Алар белгилүү кабарлар сыяктуу кадырлуу болуп эсептелет. Андан кийинкиси – сахабалардын ар түрдүү ижтихад кылган өкүмдөрүндө кийин келгендердин ижмасы. Алар вахид кабар менен билдирилген хадистер сыяктуу болуп, аны менен аракет кылуу – важиб, ыйман кылуу – важиб эмес. Бир кылымда жашаган мусулмандар (аалымдар) бир маселе боюнча бир добушка биригишпесе (башка-башка көз караште болушса), кийин келгендердин ошол ар түрдүү сөздөрдүн эч бирине ылайык болбогон жаңы өкүм чыгаруусу чоң жаңылыштык болот. Бул сөздөрдөн башка жаңыча багытта сөз айтуулары жаиз болбойт.

**Кыяс** – бир нерсени башка нерсеге окшотуу дегенди билдирет. Фыкхта өкүмү аят менен хадистен ачык түшүнүлбөй турган бир нерсенин өкүмүн ушуга окшош башка нерсенин өкүмүнөн түшүнүү дегенди билдирет. Кыястын да динибизде далил экендиги акыл жолу менен да накыл жолу менен да белгилүү. **“Эй, илим ээлери! Итибар кылгыла** (назар салып байланыштыргыла)!” деген аяты карима, **“Билбегениңерди билгендериңер менен салыштыргыла!”** дегенди билдирет. Анткени, “итибар” – “окшотуу” дегенди билдирет. Сахабалардан Муаз бин Жабал «радыйаллаху анх» Йеменге барып, ижтихад кыла турганын айтканда, Расулуллах ыраазы болуп, аны мактагандыгы кыястын динибизде далил экенин көрсөтөт. Кыястын шарттары, рукундары, өкүмдөрү жана дефи болот. Мужтахиддин аларды билүүсү керек”. **“Манар”** шархынан алынган үзүндү аяктады.

Ахли сүннөт мусулмандарына ваххабилердин көрсөткөн каршылыктарына жана жапкан жалааларына Ислам аалымдары ар түрдүү жоопторду берген. **“Усул-ул-арбаа фи тардид-ил ваххабия”** китебин окуган адам ваххабилердин алдангандыгын, туура жолдон тайгандыктарын, мусулмандарды балээлерге сүйрөп жаткандыктарын түшүнүп алат. Ушул китепте мындай деп жазылган: “Аллаху тааладан башка нерсеге таазим кылууга, б.а., улуктоого боло тургандыгын Курани карим, хадистер жана салаф-ус-

салихиндин сөздөрү менен иштери, ошондой эле көптөгөн аалымдар билдирген. **“Хаж”** сүрөсүнүн 32-аятында **“Кимде-ким Аллаху тааланын ши’аирине** (белгилерине) **таазим кылса** (улуктаса), **ал иш жүрөктөрдүн такыбаалыгынан”,** - деп айтылган. Ошондуктан, Аллаху тааланын ши’аирин, белгилерин улуктоо важиб болду. “Ши’аир” деген сөз “белги”, “нышан” дегенди билдирет. Абдулхак Дехлеви: “Ши’аир” – “ша’ирелер” деген сөздү билдирет. Ал эми Ша’ире “белги” дегенди билдирет. Көрүнгөндө Аллаху тааланы эске салуучу бардык нерсе Аллаху тааланын ши’аири (белгиси) болот”, - дейт. **“Бакара”** сүрөсүнүн 158-аятында: **“Сафа менен Марва – Аллаху тааланын ши’аирлеринин ичинде”,** - деп айтылган. Бул аяттан Аллаху тааланын ши’аирлеринин ушу менен гана чектелбегендиги көрүнүп турат. Ушул сыяктуу ши’аирге бир гана Арафат, Муздалифа жана Мина деген жерлер жатпайт. Алардан башка ши’аирлер (белгилер) да бар. Шах Валиуллах Дехлеви **“Хужжатуллах-ил-балига”** деген китебинин 69-бетинде: “Аллаху тааланын эң улуу шиаирилери төртөө: Курани карим, Каба-и муаззама, пайгамбарлар жана намаз”, - дейт. Шах Валиуллах «рахметуллахи таала алейх» “Алтаф-ул-кудс” деген китебинин 30-бетинде: “Аллаху тааланын ши’аирлерин (белгилерин) таазим кылуу, улуктап жакшы көрүү – Курани каримди, Пайгамбарды (алейхиссалам) жана Каабаны жакшы көрүү деген сөз. Жада калса, Аллаху тааланы эске түшүрө турган бардык нерсени жакшы көрүү деген сөз. Аллаху тааланын олуяларын жакшы көрүү да ушуга кирет”, - дейт. [Анткени, **“Олуяны көргөн кезде Аллах эске түшөт”** деген хадиси шариф **Ибн Аби Шайбада** жана **“Иршад-ут-талибин”**[35] жана **“Кунуз-уд-дакаик”** китептеринде жазылган. Бул хадиси шарифтен Аллаху тааланын ши’аирине (урматка ылайык белгилерине) олуялардын да кире турганы маалым болот. Олуяларды, аалымдарды таазим кылуу, урматтоо үчүн, алардын кабырларына күмбөз тургузууга боло тургандыгы **“Жами-ул фатава”** китебинде да билдирилген.] Мекке шаарындагы Масжид-ул-харамдын алдындагы Сафа менен Марва деген эки дөбөнүн арасында Исмаил алейхиссаламдын энеси Хажар барып келгендиктен бул эки дөбө Аллаху тааланын

35 Санауллахи Пани-Пути Дехлеви, ханафи аалымы, 10 томдон турган арабча “Тафсир-и Мазхари” китеби жана башка отузга жакын китеби бар. х. 1143 (м. 1730) ж. Индиянын Пани-пут шаарында туулуп, х. 1225 (м. 1810) ж. Ошол жерде кайтыш болгон.

ши’аиры (белгиси) болгон. Ал жер касиеттүү энени эске түшүрүүгө себеп болсо, бүткүл жаратылгандардын эң улуусу жана Аллаху тааланын сүйүктүүсү болгон Мухаммед алейхиссаламдын туулуп өскөн, ибадат кылган, көчкөн, намаз окуган, кайтыш болгон жери жана ыйык күмбөзү менен үй-бүлөсүнүн, сахабаларынын орундары эмнеге ши’аир (ыйык белги) болбосун? Алар эмне үчүн талкаланып, жок кылынуусу керек?!

Курани карим кылдаттык менен окула турган болсо, бир катар аяттын Расулуллах Мухаммед алейхиссаламды таазим кыла тургандыгы, улуктай тургандыгы айкын байкалат. “Хужурат” сүрөсүндөгү аятта: **“Эй, ыйман келтиргендер! Аллаху тааланын жана Расулунун алдына озбогула! Аллаху тааладан корккула! Эй, ыйман келтиргендер! Добушуңарды Пайгамбардын добушунан бийик чыгарып сүйлөбөгүлө. Ага (алейхиссалам) өз араңарда сүйлөшкөндөй сүйлөбөгүлө! Мындай кылгандардын ибадаттарынын сообу жок кылынат. Расулуллахтын жанында төмөн добуш менен сүйлөгөндөрдүн жүрөгүн Аллаху таала такыбаалыкка толтурат. Алардын күнөөлөрүн кечирет жана көп сооп жазат. Аны сырттан кыйкырып чакыргандар ойлонушпайт. Сыртка чыкканча күтсө өздөрүнө жакшы болот деп!”,** - деп айтылган. Ушул беш аятты ынсап менен окуп ойлонгон киши Аллаху тааланын сүйүктүү Пайгамбарына кылынуусу керек болгон урмат жана таазимдин канчалык жогорулатканын түшүнөт. Ушул буйрук менен үммөттүн Пайгамбарга өтө адептүүлүк менен мамиле кылуусун катуу талап кылгандыгын көрөт. Анын алдында үнүн бийик көтөргөндөрдүн бүткүл ибадаттары жок боло турганын ойлогон адам, ушул буйруктун канчалык маанилүү экенин түшүнүү мүмкүн. **Бани Тамим** уруусунан 70 адам Мединага барып, сырттан кыйкырып, Пайгамбарыбызды үйүнөн чакырган. Ошол аяттар ушулар үчүн жаза катары келген эле. Кээ бир кишилер өздөрүн Бани Тамим тегинен чыкканбыз дейт. Ошондуктан, Пайгамбарыбыз хадиси шарифте: **“Одонолор менен душманчылык кылуучулар – чыгышта”** жана **“Шайтан ал жерде фитна чыгарды”,** - деп, колу менен Нажд тарапты көрсөткөн. Мазхабсыздардын бир бөлүгү – **Нажди**лер. Алар Нажд аймагынан чыккандыктан ушундай аталган. Жогоруда аталган хадис кабар берген фитна 1200 жылдан кийин

чыккан. Алар Нажддан Хижазга (Мекке-Медина аймагы) барып, мусулмандардын мал-мүлкүн тартып алышкан. Эркектерин өлтүрүп, аялдары менен балдарын кулдукка салышкан. Капырлардын жасабаган зулумдуктарын ошолор жасашты.

Жогоруда көрсөтүлгөн аяттарда кайра-кайра **“Эй, ыймандуулар!”** деп айтылган. Бул кыяматка чейин келе турган бардык мусулмандардын Расулуллахты урматтоолору, адептүүлүк кылуулары тууралуу айтылгандыгын көрсөтүүдө. Бир гана сахабаларга айтылган болсо, **“Эй, сахабалар!”** делген болор эле. Себеби, **“Эй, Расулдун аялдары”** жана **“Эй, Медина эли”** деп жалгыз бир коомго арналган буйруктар да кездешет. Намаздын, орозонун, ажылыктын, зекеттин жана башка ибадаттардын кыяматка чейин келе турган бардык мусулмандарга фарз экенин билдирүү үчүн **“Эй, ыйман келтиргендер!”** деп айтылган. Ошентип, ваххабилердин: “Расулуллах тирүү кезинде аны улуктоого, ага урмат көрсөтүүгө болор эле. Өлгөндөн кийин урмат кылынбайт, андан жардам суроого болбойт” деген сөздөрүнүн Куранга кайчы экендиги аяты карималар менен далилденип турат.

Жогорудагы аяттар Аллаху тааладан башканы да улуктоо керек экендигин көрсөтөт. “Бакара” сүрөсүнүн 104-аятында: **“Эй, ыйман келтиргендер! “Раина” деп айтпагыла, “Бизге назар сал”, –** деп айткыла. Аллаху тааланын өкүмдөрүнө кулак салгыла!” - деп айтылган. Момундар Расулуллахка “раина”, б.а., “бизди корго” деп айтышчу эле. “Раина” сөзү яхуди тилинде жамандоо деген маанини билдирет. Яхудилер Пайгамбарыбызга ушул мааниде “раина” деп айтышчу эле. Жаман мааниси болгондуктан Аллаху таала момундарга бул сөздү колдонууга тыюу салган. “Анфал” сүрөсүнүн 33-аятында: **“Сен алардын ичинде болгондуктан Аллаху таала аларга азап кылбайт”, -** деп айтылган. Кыяматка чейин үммөттүн азапка тартылбай тургандыгы убада кылынды. Бул аят ваххабилердин “Ал араңардан кетти, топуракка айланды” деген сөзүн жокко чыгарат.

“Бакара” сүрөсүнүн 34-аятында: **“Периштелерге: “Адамга сажда кылгыла!” – деген кезибизде сажда кылды. Бир гана Иблис сажда кылбады”,** - деп айтылган. Бул аят Адам пайгамбарга таазим кылууну, аны улуктоону буюрат. Шайтан Аллаху тааладан башкага таазим кылууга, улуктоого болбойт деп, Адам алейхиссаламды

жамандап, сажда кылбады. Ваххабилер да шайтандын жолунда. Юсуф пайгамбардын ата-энеси, бир туугандары ага сажда кылып, урмат кылышар эле. Аллахтан башканы урматтоо, улуктоо ширк жана куфур болсо, Аллаху таала сүйүктүү кулдары тууралуу айтканда ошол сыпаттарын атап мактабайт эле. Ахли сүннөт ишеними боюнча Аллахтан башкага сажда кылуу – харам. Бул ибадат саждасына окшогондуктан харам, таазимге (улуктоо) окшогондуктан эмес!

Шайтан Расулуллахка дайым Нажддык карыя кейпинде көрүнчү эле. Капырлар Меккеде Дар-ун-надва деген жерде жыйналышып, Расулуллахты өлтүрүүгө чечим чыгарышкан учурда шайтан Нажддык карыя болуп көрүнүп, кандай өлтүрүү керектигин үйрөтөт. Алар: "Нажддык карыянын айтканын кылат", - дешкен. Ошол күндөн баштап шайтан **"Шейх-и Нажди"** деп аталды. ("Шейх" – "аксакал", "карыя" деген маанини билдирет).

Мухиддин Араби **"Мусамарат"** деп аталган китебинде мындай дейт: "Курайш капырлары Каабаны ондогон кезде уруу башчыларынын бардыгы **хажар-ул-асвад** ташын ордуна коюуга талашышты. "Эртең таң эрте биринчи келген адамдан бул маселе боюнча калыс болуп берүүсүн сурайлы, ал кимди айтса ошол койсун", – деген чечимге келишет. Биринчи келген адам Расулуллах (алейхиссалам) болду. Ал кезде жыйырма беш жашта эле. Баары кубанып: "Бул эмин, ишеничтүү адам, анын айтканын кылабыз", - дешти. Расулуллах: "Бир килемче алып келип, ташты салып, ар уруудан бир адам анын четинен кармап, ташты коюла турган жерине алып баргыла", - деп айтат. Анан аны өзү ыйык колу менен алып, ордуна койду. Ошол кезде шайтан Шейх-и Нажди (Нажддык карт адам) болуп көрүнүп, бир кесекти көрсөтүп, "мына муну тирөөч кылып кой", - дейт. Максаты ошол кесектин эзилип, хажар-и асваддын ордунан кулоосу жана ошол аркылуу элдердин Расулуллахка "колу оор", "жолу жаман" деп айтууларына себеп болуу эле. Расулуллах аны байкап: **"аузу биллахи минаш-шайтани-ир-ражим",** - дейт. Шайтан ошол заматта жок болду". Мухиддин Араби «рахметуллахи таала алейх» ошол сөзүндө шайтандын **шейхи нажди** экендигин айтканы үчүн мазхабсыздар менен ваххабилер ага душман болушкан. Жада калса, аны капыр деп айтышкан. Мазхабсыздардын устазынын шайтан экендигин ушул жерден да түшүүгө болот. Шайтандын

шакирти болгон мазхабсыз ваххабилер Расулуллахтан калган эстелик жерлер менен күмбөздөрдү ошон үчүн талкалап салууда. Бул жерлер адамдарды мушрик кылат деп эсептешет. Ыйык жерлерде Аллаху тааладан тилегин суроо ширк болсо, Аллаху таала ажылыкка барууну буйрук кылбайт эле. Расулуллах таваф кылган кезде ташты (хажар-и асвад) өппөйт эле. Арафатта, Муздалифада дуба окулбайт эле, Минада таш ыргытылбайт эле, Сафа менен Марванын арасында чуркалбайт эле. Бул ыйык жерлер ушундай улукталбай эле.

Ансарлар жыйналган жерге башчылары Саад бин Муаз «радыйаллаху анх» келгенде Расулуллах: **“Башчыларың үчүн ордуңардан тургула”,** - дейт. Бул буйрук Саадды таазим (сый урмат көрсөтүү) үчүн берилген эле. “Саад ооруп турган эле. Аны минген атынан түшүрүү үчүн айтылган”, - деп айтуу жаңылыш. Себеби, бул иш алардын бардыгына айтылган. Аттан түшүрүү үчүн айтылса, бир-эки адамга айтылмак эле. Бир гана “Саад үчүн” деп айтылат эле. “Башчыларың үчүн” деп айтуунун кажети болмок эмес.

Абдуллах бин Омар «радыйаллаху анх» ажыга Мединадан Меккеге бара жатканда жолдогу ыйык жерлерге, Расулуллах отурган жерлерге токтоп, намаз окуп, дуба кылчу эле, ошол жерлер менен берекеттенчү эле. Расулуллахтын минбарына колун коюп, бетин сүртчү эле. Ханбали мазхабынын куруучусу Имам Ахмед бин Ханбал Мухаммед алейхиссаламдын күмбөзүн жана минбарын өөп, берекеттенчү эле. Ханбали мазхабынан экендиктерин айтып туруп, ошол мазхабдын имамынын жасагандарын ширк деп айтышат. Андан алардын “Ханбалибиз” деп жалган айтып жаткандыктарын түшүнүүгө болот. Имам Ахмед бин Ханбал Шафии мазхабынын куруучусу Имам Шафиининин көйнөгүн суулап, ошол суудан ичкен. Ушундан берекет алган. Халид бин Зейд Абу Аййуб-ал-Ансари «радыйаллаху анх» Расулуллахтын кабырына бетин сүрдү. Бирөө келип, аны ордунан тургузмакчы болгондо: “Мени жөн кой. Ташка, топуракка келген жокпун. Расулуллахка келдим”, - деген.

Сахабалар (алейхимуррыдван) Расулуллахтын нерселери менен берекеттенишчү эле. Мисалы, даарат алган суусу, көйнөгү, аса таягы, кылычы, чынысы, шакеги сахабалар үчүн таберик (ыйык) эле. Момундардын энеси Умму Саламада «радыйаллаху анха» сакалынын бир талы бар эле. Ооруп калган адам келсе, аны сууга

салып, ушул суудан ичирчү эле. Пайгамбарыбыз колдонгон чыныга суу куюп, даарылык максатында ичишчү эле. Хадис аалымы Хазрети Имам Бухаринин кабырынан өтө жагымдуу жыпар жыт келчү эле. Зыяратка келгендер топурагынан алып кетишчү эле. Эч бир аалым жана муфтий ага тоскоолдук кылган эмес жана каршы чыккан эмес. Хадис жана фыкх аалымдары буга уруксат беришкен". "**Усул-ул-арбаа"** китебинен алынган үзүндү аяктады.

**"Ал-усул-ул-арбаа фи тардид-ил ваххабия"** китебинин экинчи бөлүмүнүн акырында фарси тилинде мындай деп жазылган: "Ваххабилер жана ушул сыяктуу мазхабсыздар межаз менен **истиара**нын эмне экендигин билишпейт. Бирөөнүн бир нерсе кылганын айтуу, бул сөз межаз болсо да (өтмө мааниде айтылган болсо да), куфур деп айтышат. Бирок, Аллаху таала Курани каримдин бир канча жеринде иштин чыныгы жаратуучусу, орундоочусу Өзү экендигин, межази орундоочусу кулдары экендигин айтат. "Ан'ам" сүрөсүнүн 57-аятында жана "Юсуф" сүрөсүндө: **"Өкүм – Аллахка гана таандык",** б.а., "өкүм кылуучу жалгыз гана Аллах", – деп айтылган. "Ниса" сүрөсүнүн 64-аятында: **"Араңардагы келишпестиктерге Сени өкүм чыгаруучу кылмайынча ыйман келтирген болуп саналбайт",** - делинген. Биринчи аят акыйкат өкүм чыгаруучунун бир гана Аллаху таала экендигин, ал эми экинчи аят адамга да межаз (өтмө мааниде) катары "өкүм чыгаруучу" деп айтыла турганын көрсөтөт.

Ар бир мусулман тирилтүүчү да, өлтүрүүчү да бир гана Аллаху таала экенин билет. Анткени, "Юнус" сүрөсүнүн 56-аятында: **"Тирилтүүчү да, өлтүрүүчү да бир гана Ал",** – делинет. "Зумар" сүрөсүнүн 42-аятында: **"Өлүм убагында адамды Аллаху таала өлтүрөт",** - деп айтылган. "Сажда" сүрөсүнүн 11-аятында межаз катары: **"Өлтүрүү үчүн өкүл кылынган периште силерди өлтүрөт",** – деп айтылган.

Ооруларга шифаа берүүчү да бир гана Аллаху таала. Себеби, "Шуара" сүрөсүнүн 80-аятында: **"Мен ооруп калганда мага бир гана Ал шифаа берет",** - делген. "Имран" сүрөсүнүн 49-аятында Иса пайгамбардын: **"Сокурдун көзүн ачамын жана ала-пес оорусун айыктырамын, Аллаху тааланын уруксаты менен өлгөндөрдү тирилтемин",** - дегендиги билдирилген. Адамга перзент берүүчү

чындыгында Аллаху таала. Жабраил алейхиссаламдын межаз катары: **“Сага таза уул беремин”, -** дегенин “Мариям” сүрөсүнүн 18-аяты көрсөтөт.

Адамдын чыныгы ээси - Аллаху таала. “Бакара” сүрөсүнүн 257-аятында: **“Аллаху таала ыйман келтиргендердин ээси”, -** деп, ушуну ачык түрдө билдирет. “Маида” сүрөсүнүн 56-аятында: **“Силердин кожоюнуңар – Аллах жана анын Расулу”** жана “Ахзаб” сүрөсүнүн 6-аятында: **“Пайгамбар момундарга өздөрүнөн да көбүрөөк ээ!”** - деп айтылып, кулдун да межаз катары ээ боло алышын көрсөтүүдө. Ошол сыяктуу, чыныгы жардамчы - Аллаху таала. Бирок, Аллаху таала межаз жолу менен кулдарын да “муин” (жардамчы) деп атаган. “Маида” сүрөсүнүн 3-аятында: **“Жакшылык менен такыбаалыкта бири-бириңерге көмөктөшкүлө!”** - деп айтылган. Ваххабилер Аллахтан башканын кулу деген маанини билдирген Абдуннаби, Абдуррасул деген мусулмандарды мушрик деп эсептешет. Бирок, “Нур” сүрөсүнүн 32-аятында: **“Араңардагы бойдоктордон аял, кул, күңдөрдүн салих болгондорун үйлөндүргүлө!”** - деп айтылган. Адамдын чыныгы Раббиси – Аллаху таала. Бирок, межаз катары башкага да “Раб” деп айтылат. “Юсуф” сүрөсүнүн 42-аятында: **“Раббиңдин** (кожоюнуңдун) **жанында мени зикир кыл** (эске ал)”, - деп айтылган.

Ваххабилердин эң көп тирелип кала турган маселеси – **“истигаса”** сөзү болуп эсептелет. Аллахтан башкадан көмөк суроону, ага сыйынууну алар ширк дешет. Ооба, истигаса чындыгында Аллаху таалага кылынат. Муну билбеген мусулмандын өзү да жок. Бирок, башкага да истигаса кылына тургандыгын межаз катары айтууга болот. Себеби, “Касас” сүрөсүнүн 15-аятында: **“Өз коомунан чыккан душманына каршы андан истигаса** (көмөк) **сурады”, -** делинген. Хадиси шарифте да: **“Махшарда адамдар Адам пайгамбардан истигаса кылышат (көмөк сурашат)”, -** деп айтылган. **“Хиснул-хасин”**[36] деген китепте жазылган хадиси шарифте: **“Жардам керек болгон адам: “Эй, Аллахтын кулдары, бизге жардам бергиле” десин!”** - деп жазылган. Бул хадис жанында жок адамдан көмөк суроону буюрууда”. **“Ал-Усул-ул-арбаа”** китебинен кылынган котормо аяктады.

36 Ибни Жазари: Шамсиддин Мухаммед бин Али, Шафии аалымы. х. 715 (м. 1350) ж. Шамда туулуп, х. 833 (м. 1429) ж. Ширазда кайтыш болгон. “Хисн-ул-хасин” дуба китеби арапча жана фарси котормолору менен бирге басып чыгарылган.

Хижрий 1150-жылы (м.1737) Мухаммед бин Абдулваххабдын Британ тыңчысы Хемфер менен бирге жайган ваххабилик ишеними кыска убакыттын ичинде саясий мүнөзгө ээ болгон. Британдыктардын саясий жана аскерий көмөгү менен Арабстанга тараган. Осмон падышасы халифа II Махмуд Хандын буйругу менен Мысыр акими Кавалалы Мухаммед Али Паша Арабстанды ваххаби каракчыларынан тазалаган. Биринчи Дүйнөлүк Согуштан кийин Халифат кулатылып, Арабстанга кайрадан Британдыктардын колдоосу менен ваххабилер жайгаштырылган. Анын натыйжасында 1932-жылы Сауд Аравия мамлекети курулган.

## Диндеги кээ бир реформисттер

### Ибни Таймийа

Адашкан жолдогу дин адамдарынын жана мусулмандарга көп зыяны тийген адамдардын бири. Чыныгы аты – Ахмед бин Абдулхалим Харрани. **“ал-Васита”** жана башка китептеринде **ижма-ул-муслуминден** (мусулмандардын бир добуштан ишенген жана карманган жолдорунан) айрылган. Курани карим менен хадиси шарифтерде айкын билдирилген нерселерге жана салаф-и салихиндин жолунда болгон эмес. Кыска акылына, жаңылыш ишенимине баш ийип, бидат жолуна түшкөн. Илими көп болгон. Аллаху таала анын илимин адашуусуна себеп кылды. Напсинин каалоолоруна баш ийген. Бузук, жаңылыш ишенимдерин хак деп, туура деп таратууга аракет кылган.

Ибни Таймиййа деген ат менен Ахмед бин Абдулхалим Харрани хижрий 661-жылы (м.1263) Харранда туулуп, х.728-жылы (м.1328) Шамда камакта жаткан кезде ооруп, кайтыш болгон. Көптөгөн китептерди жазган. Ханбали мазхабынын фыкх жана хадис аалымы болгон. Шииттер менен байыркы грек философторуна каршы эмгектери бар. Кийин ахли сүннөткө кайчы болгон сөздөрүнө байланыштуу Мысырда эки жолу камалган. **“Ал-убудийат”** китебинде Аллаху тааланын ысымын зикир кылуунун бидат жана адашкандык деп көрсөтүп, тасаввуф аалымдарына оор жалаа жапкан. Бул китепти Садруддин Сахиб деген ваххаби урду тилине

которгон, 1981-жылы ал **“Хакикат-и убудийат”** деген аталыш менен жарыяланган. Мардан шаарынын казысы алламе (аалым) Хабуб-ул-Хак Пермули ага каршы жооп жазып, бул китебин **“Зикруллах”** деген аталыш менен жарыялаган Ахмед Ибни Хажар Мекки **“Фатава-и хадисия”** китебинде Ибни Таймийа тууралуу: “Аллах адашуусуна илимин себеп кылган адам”, - деген. Жамиул-азхардагы Ханафи аалымы Мухаммед Бахиттин “Татхир-ул-фуад” китеби, “Ат-тавассул”, “Шавахид-ул-хак” жана “Жавахир-ул-бихар” аттуу китептер Ибни Таймийанын адашкан жолдо экендигин далилдер менен көрсөтүп берет.

Индиялык улуу аалым Мухаммед Абдулазиз Фархарави “Набрас” деп аталган “Шархи акаид” түшүндүрмөсүнүн хашиясынын 116-бетинде мындай дейт: “Ибни Хажар Аскалани ***“ад-Дурар-ул-камина”*** китебинде “Ибни Таймийа Пайгамбарыбыздын кабырын зыярат кылуу үчүн сапарга чыгуу – харам. Али «радыйаллаху анх» ыйман келтирген кезде бала болгондуктан анын мусулмандыгы сахих (дурус) эмес дейт. Осман ибни Аффан «радыйаллаху анх» дүнүйө-мүлктү жакшы көрчү эле. ***“Сунан”*** китептериндеги хадистердин зайыфтарын[37] да кабылдабаган. Аалымдар Ибни Таймийанын фитнасы тууралуу маселеде карама-каршы көз караштарда болушкан”, - деген. Аны мактагандардан Имам Захаби да: “Ал дагы адам, күнөөлөрү, каталары, албетте, болот”, - деген. Ахмед ибни Хажари Мекки ***“ал-Жавхар-ул-мунзам”*** китебинде мындай дейт: “Ибни Таймийа чыгарган фитна ушунчалык эле, анын терс сөздөрү менен негизсиз далилдерине каршы Исламдын эң улуу аалымдары жооп беришкен, анын пикирлеринин негизсиз экендигин ачып беришкен. Шам, Мысыр жана Кудуста казылык кызматын аткарган Шафии фыкх жана хадис аалымы Мухаммед Изз-ибни Жамаа ал тууралуу: “Аллаху таала туура жолдон адаштырган, көптүргөн жана зиллат (абройсуздук) көйнөгүн кийгизген адам. Ал Ислам аалымдары менен төрт улуу халифагаа каршы акмактык менен талашып тартышкан адам. Акылы кем адамда ирфан (илим) болобу?” - дейт. Имам Абул Хасан Субки: “Ибни Таймийа акылына караганда илими көп адам. Аны “Шейхул-Ислам” деген адамдын

37 Сахих жана хасен болбогон хадистер. Равилеринин биринин эске тутуму, адилеттүүлүгү бошоңку же акыйдасында күмөн бар. Бул хадис боюнча көп ибадат кылынат, бирок, ижтихадда буларга таянылбайт.

капыр боло тургандыгын айткандар бар”, - дейт. Жалалуддин Давани ***“Акаиди Адудия шархи”*** деп аталган китебиде: “Ибни Таймийанын кээ бир китептеринде “Арш – кадим (түбөлүк)” дегенин окудум”, - дейт. Жалалиге жасалган хашияда (түшүндүрмөдө): “Ибни Таймийанын бузук сөздөрү чегинен чыккандан кийин Каирде Калаи Жабалда кадил кудат (баш казы) Зайнуддин Малики башкарган аалымдар кеңеши жыйналып, Таймийага суроолорду беришет. Ал жооп бере алган эмес. Хижрий 705–жылы болчу. Аны камакка алууга өкүм чыгарылган. Шамда жана башка жерлерде “Ибни Таймийаны ээрчиген, багынган адамдын мал-мүлкү жана жаны адал” деп, андайлардын өлтүрүлүп, мал-мүлкү алына тургандыгы тууралуу ***“Мират-ул-жанан”*** китебинде жазылган. Ал хажрий 707-жылы тообо кылып, камактан чыгарылган. Бирок, сөзүндө турбай тообосун бузгандан кийин кайрадан камалган. Кайра тообо кылып, Шамга отурукташкан”, - деп жазылган. Небрас деп аталган шарх-и акаид хашиясынан котормо аяктады.

Ибни Таймийанын “Каза намазын окуу керек эмес, ар бир жакшы иштер каза намазынын ордуна өтөт” деген сөзү – анын адашкандыгынын эң чоң далили. Буга ишенбөө керек жана алданып калбоо керек.

Улуу аалым Жамалиддин Мухаммед Музжажи **“Хидаят-ул-халик”** китебинде Мухиддин Арабини мактап, Ибни Таймийаны жокко чыгарган.

Ибни Таймийа ахли сүннөт аалымдарынын улуулугун түшүнбөгөн, тасаввуф илиминин бар экендигин кабыл кылбаган жана ахли сүннөттөн айрылган адам болуп эсептелет. Анын бузук пикирлерине толгон китептери өздөрүн **“Салафилер”** деп атаган мазхабсыздарга негизги булак болуп эсептелет. Мазхабсыздар аны мактап, Ислам мужаддиддеринин (жаңыртуучуларынын) пири деп эсептешет. Ибни Таймийанын шаки жана адашкан жолдо экендиги **“Сайф-ул-Жаббар”** (Фадли Расул Бадаи) жана фарси тилинде **“Талим-ус-субйан”** (М.Юсуф Хорасан) китептеринде жазылган. Абдурразик паша мындай дейт: “Ваххабилик бир жагынан Ибни Таймийага барып такала тургандыгы сыяктуу соңку кылымдарда Ислам мужаддиди деп таанылган Мухаммед Абдухтун диндеги реформа тууралуу пикирлери да бир жагынан Ибни Таймийага

барып такалат”. Абдурразик паша х.1366-жылы (м.1946) өлгөн. Анын устазы Абдух менен жардамчысы Рашид Ризанын Жами-ул-асхардагы тараткан ыдыратуучу пикирлерин таратуудагы аракеттери натыйжасыз калган.

Судандык Малики аалымы Тахир Мухаммед Сулейман **“Захират-ул-фикх-ил-кубра”** китебинде: “Ибни Таймийанын сөздөрүнүн кадыры жок. Ал адашкан адам, мусулмандарды да адаштырууда. Мусулмандардын ижмасынан (добуш биримдигинен) бөлүнүп, бидат жолун карманган адам. Ислам аалымдары анын адашкан, бузук экенин бир добуштан билдирген”, - дейт. Кутбуд-Бардири **“Шарх-и Мухтасар”** китебинде бул тууралуу кеңири маалымат берген”.

## Жамалиддин Афгани

Жамалиддин Афгани х.1254-жылы (м.1838) Афганистанда туулган. Хижрий 1261-жылы (м.1845) Кабулга барган. Ошол жерде он жыл болуп, философия китептерин окуган. Бираз убакыт орустарга Афганыстандагы тыңчылык кызматын аткарган. Орустардан көп акча алган. Хижрий 1285-жылы (м.1870) Мысырга барып, масон болгон. Али паша аны Стамбулга чакырып алып, кызмат тапшырган. Ал кезде Стамбул университетинин ректору жана садразам (пример министр) болгон масон Мустафа Рашид паша тарабынан Парижде окутулган, капыр экендигине фатва берилген масон Хасан Тахсин тарабынан ага университетте конференцияларды өткөздүрүлөт. Бирок, чегинен чыккан сөздөрүнөн улам ошол доордун шейхул-исламы болгон улуу аалым Хасан Фехми хазирети «рахметуллахи таала алейх» тарабынан Жамалиддин Афганинин капыр экенине фатва берилген. Хасан Фехми хазирети доорунун эң улуу аалымдарынын катарында болгон. Ал Осмон мамлекетинин 110-шейхул-исламы эле. Хасан Фехми хазирети сыяктуу аалымдар басымдуулук кылып, Жамалиддин маскара болгон. Али паша аны Стамбулдан чыгарууга мажбур болгон. Мысырлык **Адиб Исхак**тын **“ад-Дурар”** деген китебинде Жамалиддиндин Мысырда масон ложасынын башчысы болгондугу жазылган. Жамалиддин Афгани Мысырда болгон кезинде Мысырлыктардын арасында революция пикирин таратуу менен алектенген. Атагын чыгаруу үчүн **“Араби**

**паша”** окуясын даярдагандар менен бирге Британдыктарга каршы сыяктуу көрүнгөн. Мысырдын муфтийи Мухаммед Абдух бир сөзүндө: “Жамалиддинди көрбөстөн мурда көзүм сокур, кулагым дүлөй, тилсиз экенмин”, - деген. Француз тилинде жазылган **“Les franco-maçons”** китебинин 127-бетинде: “Мысырда курулган масон ложасынын башына Жамалиддин Афгани, андан кийин Мухаммед Абдух алып келинген. Алар мусулмандардын арасында масондуктун жайылуусуна көп көмөк беришкен”, - дейт. Лондон менен Парижде “диндеги реформа” деген ат менен көптөгөн зыяндуу нерселерди жазган. Хижрий 1303-жылы (м.1886) Иранга барган. Ал жерде да жөн жүрө албады. Ошондуктан, чынжыр менен байланып 500 атчан аскер менен Осмон мамлекетинин чек арасына алып келип ташталган. Кийин Багдадга, ал жерден Лондонго кеткен. Иранга каршы макалаларды жазып жүрдү. Ал жерден Стамбулга келип, бахаилерге кошулуп, динди саясатка курал катары колдонгон. Иранда фитна чыгарууга аракет кылды. Бир жылдан кийин жаагында рак оорусу пайда болуп, х.1314-жылы (м.1897) өлгөн. Стамбулдагы Мачка аскердик горнизонунун алдындагы “шейхтер” кабырыстанына көмүлгөн. Бир америкалык жаран келип анын үстүнө көк таш койдурган. Экинчи Дүйнөлүк Согуштан кийин сөөгү Афганистанга алынып кеткен. Масондор анын Исламга душмандыгын, революционер жана бүлүкчүл аракеттери тууралуу башкача кылып жазышат. Аны улуу кылып көрсөтүү үчүн Осмон мамлекетинин шейхул-исламы Хасан Фехми хазиретине жана башка Ислам аалымдарына “артта калган жахилдер” деп жалаа жабышууда.

Мухаммед Абдух

Соңку кылымда бир топ адамдын туура жолдон чыгуусуна себеп болгон, адашкан дин адамдарынын бири Мухаммед Абдух деген масон киши.

Мухаммед Абдух х.1265-жылы (м.1849) Мысырда туулуп, х.1323-жылы (м.1905) ошол жерде өлгөн. Ошол кезде Мысырда чыгып жаткан “Вакаи-ул-Мысрийа” гезитинде, “ал-Манар” журналында жана “ал-Ахрам” гезитинде жарыялаган макалалары анынката пикирлерин көрсөтүп турат. Бир аз убакыт Бейрутта да бир топ иш-чараларды ишке ашырган. Ахли сүннөт аалымдары анын бузук ниетин түшүнүп калышкандан кийин абройу түшүп, Парижге кетип калат. Ошол жерде

Исламга каршы масондук пландарын ишке ашырууга даярданып жаткан Жамалиддин Афганинин иштерине кошулган. Аны менен бирге **"ал-Урвет-ул-вуска"** журналын чыгарган. Кийин Бейрут жана Мысырга кайтып келип, Парижде кабылданган чечимдерди жүзөгө ашыруу максатында жаштарды өзүнө тарта баштаган. Хидив Тавфик паша өкмөтү анын сабактарынын жана жазууларынын зыяндуу экенин түшүнүп, аны сот кызматтарында колдонду. Бирок, ал жазган бардык эмгектеринде Исламды кулатууга, масондук пландарын ишке ашырууга аракет кылган. Масондордун көмөгү менен Кирде муфтий болгон. Ахли сүннөткө каршы баш көтөрө баштаган. Алгачкы жумушу катары Жамиул-азхар медресесинин окуу программасын бузууга, жаштарга баалуу маалыматтардын окутулуусуна тоскол болууга аракет кылган. Медреселерден университ программалары алынып ташталган. Лицей жана орто мектептин китептери жогору класстарда окутулган. Масондор андан мурда Осмондуктарга да ушундай кылышкан эле. Масон Мустафа Рашид пашанын буйругу менен медреселерден жаратылыш таануу илимдери алынып ташталып, диний сабактар да жогорку даражадагы илимдерден куру калтырылган (ажыраган). (Шотландия жана Париж масондору Ислам дүйнөсүнүн бардык жерлеринде ошол ыкманы колдонуу аркылуу мусулмандардын артта калуусуна себеп болушкан). Анткени, Ислам дини илимге негизделет. Илим жок болсо, чыныгы аалымдар калбаса, Ислам бузулат. Булут жокто жамгыр күтүү мужиза суроо менен барабар. Аллаху тааланын аны берүүсү мүмкүн. Бирок, Аллахтын адаты андай эмес. Ислам аалымы жетилип чыгуусу үчүн Ислам илимдеринин бүт тарапка жайылган болуусу керек.

Бейруттагы масон ложасынын башчысы Ханна Аби Рашид х.1381-жылы (м.1961) жарыялаган **"Даира-тул маариф-ул-масонийа"** китебинин 197-бетинде: "Жамалиддин Афгани Мысырда масон ложасынын башчысы эле. Аалымдар менен мамлекеттик ишмерлерден турган үч жүзгө жакын мүчөсү бар эле. Андан кийин имам устат Мухаммед Абдух башчы болду. Абдух чоң масон эле. Анын масондук рухту араб элдерине жайгандыгын эч ким четке кагалбайт", - делинген.

Мухаммед Абдухтун кылган реформаларын көрүп аны Ислам аалымы деп эсептегендер аз эмес. Ахли сүннөт аалымдары

анын жазгандарына керектүү жоопторду жазышкан жана анын Исламды жамынган кара ниетин ашкерелешкен. Ката пикирлерин төмөндөгүдөй көрсөтүүгө болот:

Ал акыл менен динди бөлөк нерселер деп эсептеп: “Аларды алгачкы жолу бириктире турган мен болом”, - деп айткан.

Өзүнөн мурдагы Ислам аалымдарынын логика, математика, тарых, география илимдерин окубагандыгын айтып, табият таануу илимдерин окуунун күнөө деп эсептешкенин, аларды Исламга өзү киргизе тургандыгын билдирген. Ошол илимдердин кылымдардан бери бардык медреселерде окутулгандыгын, бул тармактарда миңдеген китеп жазылганын моюнга албайт. Ошентип, ахли сүннөт китептерин окутууну токтотуп, Ислам душмандарынын “философия” деген ат менен жазган динсиздикке багытталган үгүт-насияттарын Ислам мамлекеттерине жаюуга аракет кылган. Ошол душмандык үгүттөргө каршы болгон Жамиул-азхар профессорлоруна илимдин, табият таануу менен логиканын душманы, эскичил деп жалаа жапкан.

Өзүнөн мурда келген миңдеген Ислам аалымдарынын динге, Исламга катышы жок нерселерди киргизгендигин, аят менен хадистерди түшүнүүдө каталашкандыгын айтып, аларды түзөтүү менен алектенүүдө экенин билдирген.

**“Исламият жана насраният”** аттуу китебинде: “Бардык диндер бирдей. Сырткы көрүнүштөрү гана башка”, - деп, яхуди, христиан жана мусулмандардын бири-бирин колдоолорун каалайт. Лондондо бир попко жазган катында: “Ислам жана христиандык сыяктуу эки чоң диндин биригүүсүн күтөмүн. Ошол кезде Тоорат, Инжил жана Куран бири-бирин колдоочу китептер катары бардык жерде окулат. Бүт элдер тарабынан урмат сыйга ээ болот”, - дейт. Христиан динин хак (чыныгы) дин деп эсептеп, мусулмандардын Тоорат менен Инжилди (Библия) окуй турган заманды күтүүдө.

“Мусулмандар туура жолдон тайып, азыркы абалга түшкөн. Дин илим менен биригет. Ошол кезде Аллах нурун толуктаган болот”, - дейт. Анын пикири боюнча Аллаху таала нурун Расулуллахтын «саллаллаху алейхи васаллам» заманында толуктап бүтүргөн эмес имиш. Ислам аалымдары да илимден узак калышкан имиш.

**“Исламият жана насраният”** китебинде: “Исламга эскичилдер “Бир адамдан жүз жактан капыр экендиги, бир жактан да ыймандуу экенин билдирген бир сөз чыкса, ал адам ыймандуу деп эсептелет” деген эреже киргизилиптир. Каалаган бир философтун, пикир адамынын жүз жактан капыр экенин көрсөткөн сөз айтып туруп, бир жактан ыйманын көрсөтө турган сөз айта албай тургандыгын ойлоо акмактык эмеспи. Ошондуктан, ар бир адамды ыймандуу деп эсептөө керек. Исламда “зындык” (динсиз) деген сөз жок. Бул сөз кийин Исламга киргизилген”, - деп жазат. “Куфуру ачыкча белгилүү болбогон бир мусулмандын сөзүндөгү бир ыйман аны капыр болуудан куткарат” деген эрежени жаңылыш түшүндүрүп, бүткүл капырларды, философторду ыймандуу деп айтат. Өзү дагы зындык болгондуктан бул сөздүн айтылуусун каалабай жатат. **“Кунуз-уд-дакаик”** китебинде жана Дайламиде жазылган: **“Үммөтүмдүн арасынан зындыктар** (өздөрүн мусулман деп таанытуучу динсиздер) **көбөйөт”** деген хадисин кабылдабайт.

**“Зилзал”** сүрөсүндөгү **“ Кыпындай гана болсо да жакшы иш кылган адам анын кайтарымын, албетте, көрөт”** деген аятка тафсир жазган кезде; “Мусулман болсун же болбосун кайырдуу, салих иш кылган адамдардын баардыгы Бейишке кирет”, - дейт. Анын эң сабатсыз, эң жахил (сабатсыз) адамдар да күлө турган ушул акмак пикирин анын жолундагы маңкурттар да кабылдашпаган. Алардын ичинен абдухчу Сеййид Кутб “Ниса” сүрөсүнүн 124-аятына тафсир кылган кезде Абдухтун аяттарга кайчы көз караштa болгондугун айтууга аргасыз болгон. Ооба, Абдухка Парижде жуткузулган масондук апийиминин дозасынын көп болгону ушунчалык эле, акылы менен түшүнүгү аяттардын арасындагы байланыштарды көрө албай турган даражада башаламан эле.

**“Аср”** сүрөсүнүн тафсиринде: “Ыйман – акыл менен виждан (уят, ынсап) жете албай турган нерселерге таклид (айтылганды ээрчип) менен ишенүү эмес, ата-энеден бир нече сөздөрдү жаттап алып айтуу ыйман болбойт. Ислам таклидке, тууроочулукка каршы. Мурунтан бери келе жаткандар маанилүү болуп эсептелбейт, бардык нерсе акыл менен чечилет”, - деп айтат. ***“Таухид”*** рисаласында болсо: “Динде болгон нерсени акыл түшүнө албаса да, ага ишенүү керек”, - деп, өз сөзүнө каршы пикир айтууда.

Мысырда "Хилал" басмасынын ээси жана **"Маданийати Исламия"** тарыхынын автору Журжи Зейдан Абдух тууралуу: "Ал эски аалымдардын сөздөрүнө моюн сунбады, алар белгиленген эрежелерге маани бербеди", - дейт.

"Фатиха" сүрөсүнүн тафсиринде: "Курани карим ошол кезде жашаган адамдарга карата сөз айткан. Бирок, алар артыкчылыктуу болгондуктары үчүн эмес, алар да адам болгондуктан айткан", - деп, сахабалардын «радыйаллаху анхум» ээ болгон артыкчылыктарын билдирген хадиси шарифтерди жокко чыгарууда.

**"Күнөөкөрлөрдүн амал дептери сижжинде"** деген аятты өзү тафсир кылууга аракет кылып: "Кээ бир адамдардын китебинен "Сенжум" сөзү Хабаш (эфиоп) тилинде "балчык" деген маанини билдире тургандыгын окудум. Бул сөз хабаштардан Йеменге келген болушу мүмкүн. Аяттын мааниси: "Күнөөкөрлөрдүн иштери балчык сыяктуу" дегенди билдирет", - дейт. Расулуллахтын, сахабалардын тафсирлерин жактырбай, аяттарга өзүнчө туш келген жана оюна келген маанилерди берүүдө.

**"Фил"** сүрөсүнүн тафсиринде: "Абабил куштары чымын-чиркей болушу мүмкүн. Аскерлер чечек жана кызамыктан өлгөн болушу мүмкүн", - дейт. Кызык, эгер жүз жылдан кийин келе турган болгондо бул аяттан эмне деп маани чыгармак? Бирок, булардын маанисин Расулуллах «саллаллаху алейхи васаллам» ачык айкын түшүндүрүп берген. Тафсир аалымдары ошол маанилерди таап китептерине жазып калтырышкан.

**"Ваннас"** сүрөсүнүн тафсиринде: "Ар адамдын ичинде бир шайтан бар. Бирок, бул – адамдын ичинде жаман каалоолорду пайда кылуучу кубат дегенди билдирет. Жинге окшош таасир", - деп жазат.

Ислам аалымдарынын китептеринен, илимдеринен кабарсыз болгон бул шордуу адам "акылга, билимге, табият таануу илимдерине багынуу керек" деген идея менен чыгып, мазхаб имамдарына моюн сунууну кабылдабайт. Бардык дин илимдерин доорунун жаңыдан ачылган жаңылыктарына, философтордун ошол кездеги түшүнүктөрүнө ылайыкташтырууга аракет кылууда. Ислам аалымдарынын китептерин окууну каалабаганы, табият таануу илимдерин да окубагандыгы үчүн, кыска ой жүгүртүүсүнө жана уккандарына таянып дин китептерин жазган. Ошол жазгандарын дин илими деп жайган. Бул аракеттери калам,

фыкх жана тасаввуф илимдеринен кабарсыз экенин, мусулмандыктын даамын татпаганын көрсөтөт. Ислам аалымдарынын улуулугун аз болсо да билгенде, напсинин каалоолорунан кутулуп, материя менен рухтун акыйкатын түшүнгөн болгондо, мындай адашмак эмес.

Мухамммед Абдух яхудиликтен келген Али Муртазанын тууганы Радинин **"Нахж-ул-балага"** аттуу китебине шарх (түшүндүрмө) жазган. Мусулмандардын бөлүнүүсүнө себеп болгон бул китепке мурда Ибн Абил Хадид Абдулхамид Мадаини менен Мейсум Бахрани деген эки шиит түшүндүрмөлөрдү жазышкан эле. Абдухтун түшүндүрмөсү х.1301-жылы (м.1885) Бейрутта басылган.

## Мавдуди

**Адашкан жолдогу дин адамдарынын бири "ал-жамаат-ул-исламия" уюмунун куруучусу – Мавдуди.**

Мавдуди – чаштия тарикатынын улуу кишилеринен бири болгон Кутбиддин Мавдуди Чаштинин тегинен. Мазары Ажмиде болгон Муинуддин Чашти – Кутбиддиндин халифаларынан Осман Харунинин халифасы болот. Кутбиддин Мавдуди хижрий 527-жылы (м.1132) Гератка караштуу Чашт деген жерде кайтыш болгон.

Мавдуди х.1321-жылы (м.1903) Хайдарабадда туулуп, х.1399-жылы (м.1979) Сентябрь айында Америкада өлгөн. Пакистанда көмүлгөн. Жашоого журналист катары аралашкан. Алгачкы жолу 1927-жылы **"Исламдагы жихад"** деп аталган китебин жазган. Бул китебинде төнкөрүшчүл пикирлери жазылган эле. Араб тилине которулгандан кийин Хасан ал Беннанын түшүнүктөрүнө таасир кылып, Мысырда мамлекетке каршы көтөрүлүп, өлтүрүлүүсүнө себеп болгон. Мавдудинин илимдеги кемчилиги ушинтип көптөгөн мусулмандарды материалдык жана руханий кыйроого учураткан. Анткени, эч бир Ислам аалымы саясатка аралашкан эмес. Төңкөрүш тууралуу оюна да алган эмес. Алар элди илим менен насыят менен ыймандуулукка чакырышкан. Исламды төңкөрүш менен эмес, илим менен, адилеттүүлүк менен, адамгерчилик менен жайыла тургандыгын айтышкан. Мавдуди Исламдын бардык негизги эрежелерин жеке логикасы менен чечүүгө аракет кылып, Ислам аалымдарынан жана Ислам эрежелеринен алыстаган. Китептерин

окуган кезде анын өзүнүн жеке логикасын, жеке түшүнүктөрүн Ислам дини катары таратууга тырышкандыгы ачык байкалат. Исламды жаңычыл өкмөт түрлөрүнө шайкештендирүү үчүн аны түрдүү калыптарга салат. Исламдын халифат түзүлүшүнө да өзүнүн жеке пикири боюнча баа берип, халифалардын бардыгына дээрлик каршы чыгат. Британдыктар жана алардын жалдаган адамдары тарабынан Ислам аалымдарынын жок кылынуулары аркылуу Ислам илимдеринин да жок кылынуусу Мавдудинин бузук пикирлеринин жайылуусуна да таасирин тийгизген. Ислам аалымдарынын «рахметуллахи таала алейхим ажмаин» китептерин окуп, түшүнө ала турган даражага жетпеген сабатсыз адамдар аны дароо эле аалым жана мужахиддердин катарына кошуп жиберишкен. Анын саясий түшүнүгү “Исламий илим” деп аталды.

Мавдуди мусулмандардын ошол жагдайынан пайдаланган. Динди саясаттын куралы кылып, саясатчыларга жакындап алган. Индиялык мусулмандардын улуттук көтөрүлүшүнө катышкан. Сергек ойлуу мусулмандар менен Ислам мужахиддеринин ийгиликтерин менчиктештирип алуу үчүн көптөгөн эмгектерди жарыялаган. Чыгармаларында өзүн улут жол башчысы жана акылманы кылып көрсөттү. Айлакер аракеттери менен партиянын жетекчилик кызматына келди. Бирок, Пакистанды куруу идеясын ортого койгондор менен бул жолдо эмгектергендер башкалар эле жана алардын саны көп болгон. Алар Индиялык мусулмандарга азаттык идеясын сиңирип, аларды бириктирүүгө аракет кылып жатканда Мавдуди өз кызыкчылыгына тийиштүү талаптарды койгон. Фитнанын алдын алуу үчүн аны камоого фатва берилген. Фитнанын алды алынып, х.1366-жылы (м.1947) Пакистан мамлекети курулгандан кийин ал 1950-жылы камактан бошотулган. Ахли сүннөттүн таза мусулмандары жаңы мамлекетти Ислам аты менен байланыштырып жатканда Мавдуди “Кадияни” деп аталган бузулган динди тарата баштагандыктан 1953 –жылы соттолуп, 26 айга дагы камалган. Ал камакта жатканда мусулмандарды коргоочу негизги закон (контитуция) даярдалып, 1956-жылы күчүнө кирген. Ал камактан чыга салып эле жарыялаган төнкөрүштүк идеясын үгүттөөчү макалалары менен абалдын курчуусуна себеп болгон. Мусулмандардын пайдасы үчүн болгон негизги мыйзамга тыюу

салынып, адат болгон башкаруу системасынын жарыяланууссуна себеп болгон. 1962-жылы жаңы конституция күчүнө кирген. Бирок, Мавдуди тынч жаткан жок. “Ислам коому” уюмунун жоюлуусуна себеп болгон. 1964-жылдын башында кайрадан камакка алынган. Бирок, амнистиядан пайдаланып, аз убакыттын ичинде боштондукка чыгат. Адам укуктары жана адилеттүүлүк деген ураан менен төңкөрүш жасоого аракет кылган. Кашмирде түшүнбөөчүлүктөрдүн пайда болуусуна себеп болгон. Индулар ушул абалдан пайдаланышып, Кашмирге чабуул жасашкан. Өкмөт кыйын абалга туш болгон. Ошол чыккынчы аш-аракетери менен канааттанбаган Мавдуди жашыруун түрдө Сауд Аравиясы менен да кызматташтык мамилелерин курган. Мазхабсыздыкты бүткүл Ислам мамлекеттерине таратуу үчүн курулган Мединадагы ваххаби кеңешине мүчө болгон. Бирок, **“Бир заалымга көмөктөшкөн адамга Аллаху таала ошол заалымды каршы коёт”** деген хадиси шариф акыйкатка айланып, өзү жакындагысы келген адамдар тарабынан камакка алынган.

**“Ал-Устадул-Мавдуди”** китебинде Абул-ула Мавдудинин диний сабатсыздыгы жана мазхабсыз экендиги кеңири түшүндүрүп берилген. 7-бетинен баштап: “Мавдуди бала кезинде Нияз Фетхпури деген мулхидди (динсизди) жанына катчы кылып алат. Анын зыяндуу пикирлери менен түшүнүгү өзгөрүп, бузулган. Анын көмөгү менен көптөгөн басмаларга макалаларды жиберип күн көрүп жүргөн. Кийин **“Жамият-ул Уламаил-Хинд”** коомунун жетекчилик кызматына дайындалган. Муфти Мухаммед Кифаятуллах жана шейх Ахмед Саид Дехлевинин көмөгү менен **“Муслим”** журналын чыгарган. Хижрий 1352-жылы (м.1933) **“Таржуман-ул-Куран”** деп аталган журналын чыгарган. Андан соң төрт досу менен бирге **“Дар-ул-Ислам”** бийлигин курду. Достору Мухаммед Мавзур Нумани, Абул Хасан Али Надви Лакнави, Амин Ахсан-у Ислахи жана Масуд Алим-ул Надви эле. Хижрий 1360-жылы (м.1941) алар **“ал-Жамаат-ул-исламия”** уюмун түзүшкөн. Кубаттуу жазуулары менен көптөгөн макалаларды жарыялады. Шейх Муназир Ахсан-ул-Гейлани, Сеййид Сулайман-ун-Надви, Абдулмажид Дарябади сыяктуу атактуу адамдар тарабынан макталган. Бирок, өзүнүн жеке пикирлерин тарата баштаганда келечекти көрө билген аалымдарда күмөн пайда

болду. Анын китептерине алгач каршы пикирин жазган киши шейх Муназир Ахсан-ул-Гейлани эле. Абдулмажид Дарябади чыгарган “Сидк-ул-Жадид” жыйнагында **“Жаңы харижи”** деген тема менен алгачкы каршы пикирин билдирген. Андан кийин Сулейман Надви менен Хусейин Ахмед-ул Мадани дагы Мавдудиге каршы макалаларды жазган.

Мавдудинин адашуу себеби - дин илимдерди дин адистеринен окубагандыгы. Араб тилине тийиштүү илимдерде адис боло алган эмес. Чыныгы дин тармагынын аалымдарынын сухбаттарына катыша алган эмес. Англис жанан араб тилдерин толук үйрөнгөн эмес. Араб тилинде чыккан китептеринин бардыгын урду тилинде жазды. Аны шейх Масуд Алим Надви жана анын шакирти араб тилине которгон эле. Мукабасында **“Мавдуди”** деп жазылып тургандыктан окугандар аны Мавдудинин араб тилинде жазган китеби деп ойлойт.

Мавдуди дин адамы эмес, саясаттын адамы. Урду тилинде өтө чебер калемгерлик жөндөмдүүлүгү бар. Бирок, китептеринин зыяны пайдасынан көп болгон. Айрыкча, урду тилинде чыккан китептеринде сахабаларга тил тийгизет. Төрт рашид халифанын бири – Хазрети Османды каралайт. Исламдын өкүмдөрүн жана аяттарды өзгөртөт. Салаф-и Салихинди төмөн санаган. Бардык макалаларында көздөгөн максатынын жогорку кызматка жетүү экендиги ачык көрүнүп турат. Ваххабилер тарабынан курулган **“Рабытат-ул-алам-ил-ислами”** уюмунун мүчөлөрү жана Нажд менен Рияддагы мазхабсыздар Мавдудини жакташат. Анын арабча китептерин дүйнө жүзүнө таратышууда. **“Сарранын”** автору Кусайми менен **“Жамиат-ул-Медина”** мугалими Насыр Албани да ошолордун катарына кирет. Пакистандагы дин адамы Мухаммед Закария да мурда Мавдудинин чыгармаларын жактырчу эле. Кийин анын ката жолдо экенин түшүнгөндөн кийин ага насаат катары кат жазат. Ошондон кийин анын ката пикирлерин ачып берген рисала жарыялаган. Доктор Абдурразак Хазаравы Пакистани аны урду тилинен араб тилине которуп, ага түшүндүрмө жазып жарыялаган. Аны окугандар Мавдудинин пикирлерин ачык түшүнөт. Пикирлеринин бир бөлүгү – күнөө, бир бөлүгү – бидат, дагы бир бөлүгү – илхад (динден чыгуу). Кээ бир пикирлери динде такыр сабатсыз экендигин көрсөтөт. Түрдүү макалаларындагы пикирлери бири-бирине туура келбейт.

Индияда ар бир топтун, ар бир мазхабдын аалымдары 27-Шаввал, 1370-жылы (м.1951, Август) жыйналышып, Мавдудинин жана ал түзгөн **“ал-Жамаат-ул-Исламия”** уюмунун мусулмандарды жаңылыш жолго жана балээге тартып жаткандыгы тууралуу чечим кабылдашып, бул фатваны китептерде жана гезиттерде жарыялашкан. **“ал-Устазул-Мавдуди”** китебине жасалган котормо аягына чыкты.

Пакистан аалымдары да Мавдудинин адашкандыгы тууралуу чечим кабыл алып, бул чечимдерин 22-Февраль, (м.1976), х.1396-жылы Равальпинди шаарындагы **“Ахбар-ул-жамия”** басмасында кайра жарыялаган.

Мавдуди **“Исламдагы жандандыруу аракеттери”** деген китебинде Имам Газалини реформист катары көрсөтүп: “Анын түшүнүгү рационалдуу пикирлердин зыяндуу таасирине түшүп калган. Ошондой эле, сопулукка берилүү кемчилик болуп эсептелет. Хадис илиминдеги маалыматы жетишсиз”, - деп жазган. Ибни Таймийанын өтө таасирдүү адам экендигин, Исламды туура түшүндүрүүнүн ошол адамга гана насип болгондугун айтат. Ошондой эле, бул китебинде Ислам дининин өзүнө таандык философиясы тууралуу жазат. Ислам илимдерин – философия, аалымдарын философ деп эсептейт. Хазрети Османга тил тийгизип, бардык мазхабсыздар сыяктуу ал дагы мазхабдарды пикир келишпестиктеринин натыйжасы деп эсептейт.

## Сейийд Кутб

“Ислам аалымы” деп таанытылган дин адамдарынын бири – Сейийд Кутб. Ал х.1321-жылы (м.1903) Мысырда туулган. Каир илим институтунда окуган. Алгач социалисттик идеяларын жайган. Анан дин адамы көрүнүп, мурдагы Каир муфтийи жана масон ложасынын жетекчиси болгон Абдухтун диндеги реформалык жолун карманды. “Келечек Исламдыкы” деген китебинде: “Ислам мамлекеттерин татар чабуулдарынан коргогондордун эң башында руханий лидер Ибни Таймийа турган”, - деп жазат. Эч кандай тарыхка туура келбей турган бул сөзү Ибни Таймийаны ахли сүннөт аалымдарынын даражасына чыгарууга тырышкандыгынын белгиси эле. **“Дүйнө тынчтыгы жана Ислам”** деген китебинде мамлекет тармагында кызматтары аз

деп, алты жүз жылдык Осмон мамлекетин тарых ирээтинде болсо да атап кетүүнү кызганып, көңүл сыртында калтырган. Аталган китепте Исламдын таралуу түрү менен Исламдагы жихадды өзүнүн жеке көз карашы боюнча бурмалап, түшүндүрөт. Зекеттин берүү эрежесин азыркыга чейин эч бир аалым көрсөтпөгөн түрдө түшүндүрөт.

**“Исламда социалдык адилеттүүлүк”** деп аталган китебинде Хазрети Османга арсыздык менен тил тийгизет. **“Фи-зилал-ил-Куран”** деген тафсир китебинин биринчи томунда жихаддын бир бөлүгүн кабылдап, негизги бөлүгүнө каршы чыгат: “Адамдардын динге кирүүсүн жеңилдетүү үчүн жихад кылынбайт”, - дейт. **“Жихад зулумдук кылгандарга жана заалымдарга каршы кылынат”** деген аятты негиз кылып алып, мусулмандарды өкмөткө каршы баш көтөрүүгө, фитна чыгарууга чакырат. Бирок, заалым кишилерге, жада калса, мусулман эмес өкмөттөргө да каршы чыгууга динибиз тыюу салат. Мындай баш көтөрүү жихад эмес, бул - акмактык. Андай замандарда кылына турган жихад Ислам илимдерин таратуу, ыймандуу жаштарды тарбиялап чыгарууга аракет кылуу болуп эсептелет. “Хаж” сүрөсүнүн 39-аятында: **“Момундарга чабуул жасаган заалымдарга каршы жихад кылууга уруксат берилди”,** - делген. Меккеде капырлар мусулмандарга зулумдук кылып, өлтүрүп жаткан кезде мусулмандар аларга каршы согушуу үчүн Пайгамбарыбыз аркылуу Аллахтан кайра-кайра уруксат сурашкан. Уруксат берилбеген. Мединага хижрат кылынгандан кийин ошол аят келип, жаңыдан курулган Ислам мамлекетинин Меккедеги заалымдар менен согушуусуна уруксат берилген. Бул аят мусулмандардын мусулман эмес, заалым өкмөткө каршы баш көтөрүүсүнө эмес, Ислам мамлекетинин элдердин Исламды угууларына, мусулман болууларына тоскоол болгон заалым диктаторлордун аскерлери менен согушууга уруксат берет.

Сеййид Кутбдун ушу негизсиз идеялары Мысырда фитна чыгуусуна, он миңдеген мусулмандардын зынданга ташталуусуна, көптөгөн адамдардын өлтүрүлүүсүнө себеп болду. Ал булардын жазасын кыяматта тартат. Сабатсыздык менен кылган иш-аракеттери жана акмактык менен жазылган жазуулары аркылуу өкмөткө каршы төңкөрүштүн чыгуусуна себеп болгондуктан, х.1386-жылы (м.1966)

өлүм жазасына тартылган. Билими, акылы жана ыкыласы болбогон дин адамдары тарых боюнча дайым ушундай саясий апааттарга себеп болгон. Ислам илимдерин фитна чыгарбай, тынч жол менен жайган билимдүү жана акылдуу дин аалымдары ар дайым ийгиликке жеткен.

Кадызада Ахмед хазирети **“Биргиви осуятнамасы”**нын шархынын (түшүндүрмөсүнүн) 200-бетинде: “Күч колдонуу аркылуу амри маруф жана нахйи мункар кылуу, б.а., күнөө кылып жаткандарга тоскоол болуу - өкмөт адамдарынын милдети. Сөз менен, жазуу менен жихад кылуу – аалымдардын милдети. Жүрөк аркылуу, дуба кылуу аркылуу жихад кылуу – ар бир момундун милдети. Таасири боло тургандыгына, натыйжага жете тургандыгына көзү жетсе, бул милдеттерди аткаруу важиб болот. Фитна-фасаддын чыгуусуна себеп болот деп ойлосо, насыятты таштоо важиб болот. Фитна чыккан жерге зарыл болбостон барууга болбойт. Эгер динин коргоо үчүн хижрат (көчүү) кыла турган болсо жакшы болот. Бейишке кирүүгө ылайык болот. Шапаатка жетет. Амри маруф жана нахйи мункар (жакшылыкты буюруп, жамандыктан кайтаруу) кылган кезде, ниеттин калыс болуусу, жагдайды жакшы изилдеген болуусу, Аллаху тааланын бул маселедеги буйругун жакшы билүүсү, сабырдуу болуп, чыр-чатак чыгарбоосу, жылуу сүйлөп, жазуу менен жеткирүү керек”, - деп жазылган. Демек, күч колдонуу аркылуу жасала турган жихадды өкмөт жасайт. Жихад Сеййид Кутбдун айтканы сыяктуу эмес. Стамбулдагы жогорку Ислам институтунун мурдагы директору жана мугалими Ахмед Давуд уулу х.1394-жылы (м.1974) Стамбулда басылган **“Динди түздөйм деген дин бузгучтары”** аттуу китебинде: “Сеййид Кутб адабиятчы, бираз диний маданияты бар, Мехмед Акифке окшош. Сөзү динде далил боло албайт. Анткени, ал дин аалымы эмес”, - деп жазат. Сеййид Кутб “Зумар” сүрөсүнүн 3-аятынын тафсиринде: “Таухид менен ихлас ээси Аллахтан башка эч кимден эч нерсе сурабайт. Эч кандай жаратылган нерселерге ишенбейт. Адамдар Ислам көрсөткөн таухидден ажырады. Азыркы кезде бүткүл Ислам мамлекеттеринде олуяларга ибадат кылынат. Исламдан мурдагы кездерде арабдардын периштелерге, айкелдерге сыйынышкандыгы

сыяктуу алардан шапаат тилешет. Таухид менен ихлас ээлери Аллах менен кул арасына бир ортомчуга муктаж эмес. Эч кимден шапаат тилебейт", - деп жазат. Бул сөздөрү менен ахли сүннөт аалымдарынын ага берген жооптору **"Faideli Bilgiler"** китебинде жана араб тилинде жазылган **"Фитнатул-ваххабия"** китебинин соңунда берилген.

### Хамидуллах

Ката жолдогу дин адамдарынын бири – Хамидуллах. Ал хижрий 1326-жылы (м.1908) Индиянын түштүгүндө жайгашкан Хайдарабадда туулган. 1971-жылы Стамбулда аны менен сухбат өткөрүлгөн. Ислам аалымдарына, Салаф-и салихинге ишенбей турганын, Хайдарабаддагы устазынын сөздөрүнө каршы келүүчү маалыматтардын бардыгына каршы экендигин айткан. Ошол жерде Османия университетинде окуган. Мамлекеттик укук тармагында доктордук диссертациясын жактаган. 1947-жылы Индия өкмөтү аны жарандыгынан ажыраткан. Өзү Париждеги CNRS илимий изилдөөлөр борборунун мүчөсү. Исмаилий мазхабында ахли сүннөт душманы болуп жетилип чыккан. Эмгектери аркылуу ачык айкын жана айлакерлик менен Исламды бузууга, ахли сүннөт аалымдарын каралоого тырышууда. **"Исламга кириш"** жана **"Ислам пайгамбары"** деген китептеринде ката жолдогу пикирлерин таратууда. "Саба" сүрөсүнүн 28-аятында: **"Сени бардык адамдарга пайгамбар кылып жибердим",** - деп айтылат. Ал эми, ал болсо бир гана мусулмандардын пайгамбары экенин көрсөткөн ат менен китеп жазган. Капырлардын көпчүлүгүнүн ишеними ушундай.

**"Ислам пайгамбары"** китебинде мираждын бир гана рух менен жүзөгө ашкандыгын айтып, өзүнүн ахли сүннөттөн эместигин билдирген. Ошол китепте: "Кыркка толгон бул адам элдерди тарбиялоого киришти", - деп, Пайгамбарыбызга каршы адепсиз сөздөрдү колдонот. Пайгамбарыбыздын али пайгамбар экени билдирилбей туруп, кара бир койду буттардын алдында курмандыкка чалганы, бала кезинде карындашы Шайманын ийинин тиштеп алгандыгы сыяктуу жалгандарды "дин" деп жаза тургандай деңгээлде душмандыгын ашкерелейт. Хамидуллахты көптөгөн адамдар аалым деп эсептешет, бирок, анын китептери дыкаттык менен окулуп изилдене турган

болсо, анын Исламга жана Ислам тарыхына христиан чыгыш таануучу жагынан короого аракет кылгандыгы байкалат. Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламга кандай адептүүлүк көсөтүү керек экендигин билүү үчүн анын сахабаларын жакшы таануу керек. Согушта арстандай айбатуу, тынч замандарда ар илимдин чебери болгон **асхабы кирамды** таануу үчүн да **ахли сүннөт аалымдарын** таануу кажет.

### Мусулмандар эмне себептен артта калган?

Тарыхтын бардык доорлорунда теги, тили, үрп-адаттары ар түрдүү миллиондогон адамдардын араларындагы айырмачылыктарды таштап, бир ишенимдин же болбосо пикирдин тегерегинде жыйналып, империяларды кургандыктары кездешет. Ушундай империянын же мамлекеттин эң чоңу Орто Кылымдарда курулган. Эч кандай өзгөртүү киргизилбеген жалгыз дин Ислам дининин жакшы ахлак (адамгерчилик) эрежеси менен коөздолгон, бири-бирин сүйгөн, бири-бирине жардамдашуу колун созгон, ар түрдүү тектен куралган чоң коомдордон түзүлгөнүн билебиз. Бул коомду сактап турган негизги нерсе Аллаху таала тарабынан буйрук кылынган эмгекчилдик, адилеттүүлүк, жакшылык, урмат сыяктуу диний негиздер эле. Осмондук түрктөрүн Сакария дарыясынын жээгинен кыска убакыттын ичинде Венага чейин жеткизген күч Султан Осмон менен анын балдары карманган Ислам дининин рух менен денени жетилдирген жаркын жолу эле. Себеби, Исламда мусулмандар бири-бирине бир тууган болуп эсептелет.

Христиан динин карманган Европанын жалгыз күчтүү мамлекети болгон Францияны алууга чыккан Атилланын (хижраттан 168 жыл мурда өлгөн) карамагындагы Туран гунндары каалаган бир акыйкат динди карманган болгондо жана ошол аймакка ошол акыйкат диндин ахлагын, руханий дүйнөсүн алып барганда, Хазрети Омардын «радыйаллаху анх» аскеринин адилеттүүлүгүнө, мээримдүүлүгүнө таң калып, кубаныч менен мусулманчылыкты кабыл кылган Шам христиандары сыяктуу попторунун кысымынан, королдордун эзүүсүнөн тажаган Батыш христиандары да аларга кучагын жайып, азыркы Европанын дини менен көрүнүшү башкача болор эле.

Омаяддар Ислам динин Испаниядан Европага алып кирген. Фес, Куртуба (Кордова) жана Гренада университеттерин ачып, Батышка илим жана техниканын жетишкендиктерин жеткизди. Христиан дүйнөсүн ойготуп, азыркы цивилизациянын ошол кездеги негизин түздү. Дүйнө жүзүндөгү алгачкы университет Фес шаарында жайгашкан Хайруан университети экендиги бардык энциклопедияларда жазылган. Ал х.244-жылы (м.859) негизделген.

**“Камус-ул-алам”** китебинде: “Андалусия султаны үчүнчү Абдуррахман «рахметуллахи таала алейх» элинин территориясын кеңейтип, бекемдеген. Фесте бийлик курган Идрисилерди жаңылыш жолдогу Фатимилерге каршы колдогон. Аларды өзүнүн бийлигине кошуп алган. Күчтүү деңиз флотун калыпташтырган. Өзү да жактоочулары да өтө билимдүү, адептүү кишилер болгон. Аалымдарга жана илимге чоң маани берчү эле. Ошондуктан, Андалусияда илим жана техника интенсивдүү түрдө өнүккөн. Сарай менен мамлекеттик уюмдар илим борборуна айланган. Ар тараптан илим үйрөнүү үчүн Куртубаны көздөй адамдар агып келе баштаган. Куртубада чоң жана өтө өнүккөн медицина факультети ачылган. Бул Европада ачылган алгачкы медицина факультети эле. Европалык королдор менен мамлекеттик адамдар дарылануу үчүн Куртубага барып, ал жердеги маданиятка, адамкерчиликке, цивилизацияга, меймандостукка таң калышчу эле. 600 миң китеби бар китепкана да салдырган. Куртубадан үч сааттык жерде жайгашкан **Вади-ул-Кабир** талаасында **“Аззахра”** деп аталган өтө чоң кол өнөрчүлүк чеберчилиги менен кооздолгон сарай, кооз бакчаларды жана чоң мечит салдырган. Куртубадан көптөгөн атактуу аалымдар чыккан. Андалусиядагы **“Бани Умаййа”** халифаларынын сегизинчиси болгон III. Абдуррахман элүү жыл адилеттүү бийлик куруп, хижрий 350-жылы (м.961) 72 жашта кайтыш болгон”, - деп жазылган.

Бирок, кийин Андалусия мусулмандары Ислам ахлагына, Аллаху тааланын буйруктарына маани бербей койду. Мамлекеттин ичинде ахли сүннөт ишеними бузулуп, Исламды ичинен жыгуу аракеттери орун алды. Ошол себептен цивилизация токтоп, алар Пиреней тоолорунан аша алышкан эмес. Хижрий 423-жылы (м.1031) Омаяддар мамлекети кулады. Андан кийин Андалусияда алгач **Муласимин** жана **Мурабитин** деп аталган мамлекеттер, кийин

**Мувахидин** деген мамлекет бийлик курган. Бирок, испандар х.897-жылы (м.1492) Гренада шаарын басып алып, мусулмандарды кырган (миңдеген баа жеткис китептер да жок кылынган). Ошентип, элдер үстүртөн Исламиятты кабылдап, Аллаху тааланын буйруктарына моюн сунбагандыктын жазасын тартышкан. Испандык кыргын болбогондо, ошол жердин философтору болгон Ибнуррушд менен Ибни Хазмдын бузук пикирлери балким “дин-ыйман” иретинде бүткүл дүйнөгө тарап, бүгүнкү мусулмандыктын начар жагдайы бир нече кылым мурда башталат беле? Аллаху таала мусулмандарга Курани каримге моюн сунууну, анын өкүмдөрүнүн негизинде биригүүнү буйрук кылат. Сахабалар буйруктардын бардыгына толугу менен моюн сунгандыктан, өз ара биригишип бир тууган болушкан. Аллах “Фатх” сүрөсүндө алардын ошол жакындыктарын атап, мактайт. Биригүүдөн күч туулат. Бөлүнүү балээ-жалаага, кыйынчылыкка алып барат. Асхабы кирам сыяктуулар биригип, кубаттануунун аркасында тынч жана жыргал өмүр сүрүшкөн. Алар акыретте да түбөлүк бакытка жетишет. Сахабалардын ошол жолун бекем карманбагандар бул дүйнөдө да кыйынчылыктарга дуушар болду. Акыретте да азап тартышат.

Демек, адамзаты кыйынчылыктардан куткаргандар – Фатимиттер, Расулиттер сыяктуу аты мусулман, ыйманы менен амалдары бузук мамлекеттер эмес, Омаяддар, Тимур уулдары жана Осмондуктар сыяктуу ахли сүннөт жолундагы динине бекем элдер болгон. Алар Исламдын дин жана табият таануу илимдеринде адамзатка шоола чачкан. Тилекке каршы, кийинирээк аларда да Ислам басаңдай баштаган. Мамлекет башчылары шейит кылынган. Бир топ бийлик органдары диний сабатсыздар менен масондордун кысымында калган. Мусулмандар Аллаху таала буйрук кылгандай эмгек кылууну жана бир тууганчылыкты таштап коюшкан. Масондор мусулмандарды артта калтырып, сабатсыз кылуу үчүн мектептерден табият таануу илимдерин алып ташташкан. Анын натыйжасында дин адамдары так илимдерден куру тарбияланып, Исламды өз ичинен жыгып башташкан. Бир жактан илим жана билим жоюлган, экинчи жактан ахлак, адептүүлүк, ар-намыс жана дин бузулган. Империя кулады. Бирок, Ислам так илимдерди, билимди, техниканы, өнөрчүлүктү өнүктүрүүнү катуу талап жана буйрук кылган дин.

Улуу Селчук падышасы Мухаммед Алпарслан «рахметуллахи таала алейх» хижрий 463-жылы (м.1071) Малазгиртте Византия императору Диоген жетектеген 200 миңден ашуун аскерден турган армияга каршы 40 миң аскери менен согушуп, жеңишке жеткенден кийин, мусулмандар Анатолияга барып жайгашты. “Батыш түрктөрү” деп аталган бул огуз түрктөрүн христиан Европалыктар он кылым бою канча жолу кресттүү жортуулдары аркылуу Анатолиядан чыгаруу үчүн чабуул жасашса да, аларды жыйырманчы кылымда (х.14-кылымда) улуу мусулман түрк эли катары сактап турган жана жашаткан чоң күчтүн - элдин жүрөгүндөгү бекем ыйман экендиги шексиз.

XI-кылымда (х.5-кылымда) түрктөр үч багыт боюнча тарашкан:

1. Газневи падышаларынын карамагындагы Калач жана башка түрк урууларынын Индияга жайылуусу. Алар ошол жерге Ислам динин жана маданиятын алып барышкан. Азыр Индияда жүз миллиондон ашуун мусулман элинин бар болушу ушунун натыйжасы болуп эсептелет.
2. Огуз түрктөрүнүн Ирандан өтүп Малазгирт жеңишинен кийин Византиянын кол астындагы Анатолияга баруусу. Огуздар да Ислам динин алып барышкан. Арадан канчалаган кылымдар өткөн болсо да, мусулман болуп калууларынын аркасында азыркы күнгө чейин Анатолияда жашап, аалам саясатына аралашууда.
3. Кара деңиздин түндүгүнөн баштап Балкандарга карай багытталган аракет. Араларында огуздар да болгон печенек жана куман түрктөрү Балкан жарым аралына барып отурукташкан. Тилекке каршы, алар Исламды тааный электе кетишкен эле. Тегерегиндеги христиан мамлекеттеринин кысымынан улам кыска убакыттын ичинде өздүктөрүнөн айрылып, унутуп калышкан. Каада-салттарын жоготушкан. Индияда, Анатолияда жана башка жерлерде азыр жашап жаткан тектештери сыяктуу болушкан жок. Алар эмне себептен алар жашай алышкан эмес? Алардан ким калды? Эмнеге ушундай болду? Мусулмандар ушулардын себептерин изилдөөгө тийиш.

Түрк мамлекеттери менен элдерин сактап калган башкы күч – ыйман жана Ислам дининдеги адилеттүүлүк, жакшылык, адалдык жана адамгерчилик, көркөм кулк-мүнөз болуп эсептелет.

Игнатьев Осмон мамлекетинде орус элчиси катары көп убакыт иштеген. Эстеликтеринде султан II Махмуд Хандын доорунда Фенер патриархиясынын эшигинде асып өлтүрүлгөн х.1237-жылкы (м.1821) Грек көтөрүлүшүнүн пландоочусу патриарх Григорийдин орус падышасы Александрга жазган катына түшүндүрмө берилет. Каттын мазмуну төмөндөгүдөй:

“Түрктөрдү материалдык жактан эзүү, жыгуу мүмкүн эмес. Анткени, түрктөр мусулман болгондуктан өтө сабырдуу жана чыдамкай адамдар. Өздөрүнө ишенимдүү жана ыйманы бекем адамдар. Бул касиеттери - алардын диндерине болгон бекемдиктери, тагдырга болгон ыраазычылыгы, каада-салттарынын туруктуулугу, падышаларына, мамлекет кызматкерлерине, жол башчыларына, улууларга деген адалдыктарынан улам болууда.

Түрктөр өтө зээндүү эл. Өздөрүн туура жолдо башкара турган башчыларына адал кызмат жасайт. Өтө канаатчыл. Алардын бардык өзгөчөлүктөрү, жада калса, баатырдык жана эр жүрөктүк сезимдери алардын каада-салттарына болгон багынууларынан, адамгерчилик касиеттеринен келип чыгат.

Түрктөрдүн алгач багынуу сезимин жоюп, руханий байланышына жик түшүрүп, динге бекемдигин алсыратуу кажет. Мунун эң кыска жолу – улуттук каада-салттары менен руханияттарына кайчы келе турган түшүнүктөр менен аракеттерге аларды үйрөтүү.

Руханий бекемдиги ыдыраган кезде түрктөрдүн өздөрүнөн бир нече эсе күчтүү жана көп болгон каршылаштарын жеңүүсүн камсыз кылып келген негизги күчтөрү басаңдап, аларды материалдык үстөмдүк аркылуу жыгууга мүмкүнчүлүк туулат. Ошол себептен, Осмон мамлекетин жоюу үчүн бир гана согуш майданындагы жеңиштер жетишсиз. Жада калса, бир гана ушул жол менен баруу алардын намысына тийе тургандыктан, аң-сезимдеринин ойгонуусуна себеп болушу мүмкүн. Аткарылууга тийиш болгон нерсе – түрктөргө сездирбестен алардын алсыз жерлерине сокку берүү”.

Бул кат мектеп окуу китептерине киргизиле тургандай өтө маанилүү чындыктарды көрсөтүп турат. Катта үлгү болуучу бир топ маанилүү маалыматтар айтылган болсо да, эң маанилүүсү мына бул экөөсү:

1. Мусулмандардын руханий дүйнөсүн жана динин жоюу үчүн аларды өз маданияттарына жат болгон пикир жана адаттарга үйрөтүү.
2. Мусулмандарга байкатпай ички дүйнөлөрүндөгү бузгунчулукту жүзөгө ашыруу.

Бул максаттарга батыштын ишенимин, модасын, үрп-адаттарын жана бузукулуктарын тууроо аркылуу гана жетүүгө болот.

Батыштын билим, техника жана ар тармактагы илимий жетишкендиктерин, албетте, алуу керек. Муну ансыз деле Ислам дини буюрууда. Чет тилдерин үйрөнүү керектиги хадиси шарифтерде айтылган. Зейд бин Сабит «радыйаллаху таала анх»: “Расулуллах (алейхиссалам) мага яхуди тилин үйрөнүүмдү айтты. Үйрөнгөндөн кийин яхудилерге жазылган каттардын көбүн мага жаздырды. Алардан келген каттарды да мага окутчу эле”, - деп айтат. Бул кабар **“Тирмизи”** хадис китебинде кеңири жазылган. Хазрети Зейд ушундай эле ибраний жана суряний тилдерин үйрөнгөн. Улуу Ислам аалымы Сеййид Абдулхаким Арвасий араб жана фарси тилдерин мыкты билсе да: “Чет тилин билгенимде бүткүл дүйнө жүзүнө пайдалуу болмокмун”, - дечү эле. Бул аалым Европа тилдерин билбегендиги үчүн катуу өкүнчү эле. Ал: “Ислам дининин артыкчылыктарын, тынчтык жана бакыттын булагы экенин, маданиятта, илимде жана адеп-ахлакта илгерилөөгө таасир эте тургандыгын дүйнөгө билдирүү, кыскасы, Исламга жана бүткүл адамзатка кызмат кылуу үчүн чет тилин милдеттүү түрдө үйрөнүү керек”, - дейт. (Буларды үйрөнүп жатканда ахли сүннөт ишениминен бөлүнбөө, фарздарды орундап, харамдардан оолак болуу, Исламдын көркөм кулк-мүнөзүнө ээ болуу жана адамдарга жакшылык кылуу да кажет)

Бардык диндерди терең изилдеп чыккан англиялык окумуштуу Лорд Давенпорт XX-кылымдын башында Лондондо басып чыгарган

**“Хазрети Мухаммед жана Курани карим”** деп аталган англис тилиндеги китебинде мындай деп жазат:

“Көркөм кулк-мүнөзү Исламдын кыска убакыттын ичинде тездик менен жайылуусуна себеп болду. Мусулмандар согушта моюн сунган башка дин адамдарын ар дайым кечирим менен кабылдаган. Журио: “Мусулмандардын христиандарга кылган мамилеси менен папалардын жана королдордун өз диндештерине карата жасалган аракеттерин салыштырууга болбойт. Мисалы, х.980, м.1572-жылы 24-августта “Сант Варфоломей” аттуу христиан майрам күнү IX Чарл жана каныша Катеринанын буйругу менен Париж жана ага жакын жерде 60000 протестант өлтүрүлгөн. Сант Варфоломей он эки хаварийдин бири эле. Ал 71-жылы Августта Эрзурумда христиандыкты үгүттөп жүргөн кезде шейит кылынган эле. Ушул сыяктуу ар түрдүү кыргындарда жана кол салууларда каны төгүлгөн христиандардын саны мусулмандар тарабынан согушта өлтүрүлгөн христиандардын санынан бир нече эсе көп. Ошондуктан, көптөгөн алданган адамдарды “Ислам – заалым дин” деген түшүнүктөн арылтуу кажет. Мындай сөздөрдүн эч кандай далили жок. Папалыктын кылган жырткычтык аракеттеринин жанында мусулмандардын мусулман эместерге каршы кылган аракеттери эч нерсе эмес. Ислам башка диндердин негизсиз жана себепсиз ишенимдери жана күмөндөрүнүн баткагындагы ачылган гулдөй көтөрүлүп, акыл жана пикир тазалыгынын символу болду”, - деп айтат. Мильтон: “Константин чиркөөнүн абалын жакшыртып, каржысын көбөйткөндөн кийин поптордун жогорку чин жана байлыкка болгон куштарлыгы арта түштү. Анын жазасын ыркы кеткен христиан дини тартты”, - дейт.

Ислам теңирлер үчүн адам канын төгүү деген жаман адаттан адам баласын куткарды. Анын ордуна ибадат жана садаганы киргизип, адамдарга жакшы касиеттерди сиңирди. Социалдык адилеттүүлүктүн негизин тургузду. Ошентип, куралсыз дүйнөгө жайылды. Илим маселесине мусулмандар сыяктуу чоң маани берген башка эл жок деп айтууга болот. Хазрети Пайгамбардын (алейхиссалам) көптөгөн хадистери илим үйрөнүүгө, илимди урматтоого чакырат. Ислам дини мал-мүлккө караганда илимге көбүрөөк маани берген. Хазрети Мухаммед муну болгон күчү менен

колдоп-кубаттаган. Анын сахабалары да бул жолго болгон күчтөрүн арнашкан. Азыркы техника жана маданияттын негизин салгандар, байыркы жана жаңы чыгармалар менен адабияттарды сактагандар Омаяддар, Аббасиддер, Газнавилер жана Осмондуктардын доорундагы мусулмандар «рахметуллахи таала алейхим ажмаин» болуп эсептелет".

Ушул жерге чейин кээ бир жерлеринен үзүндү келтирилген жогоруда аталган англис тилиндеги китепти миссионерлер менен яхудилер бир нече жолу жыйнап алып, жок кылууга аракет кылышкан. Алгачкы миссионердик уюм – "Жизвит" коомдору 1512-жылы (х.918) курулган.

(Адамдардын ден соолугу чың, мыкты, эркин, кызыктуу түрдө өмүр сүрүүсүнө жана акыретте түбөлүк бакытка жетүүсүнө себеп болгон пайдалуу нерселер **"нимат"** деп аталат. Аллаху таала өтө ырайымдуу болгондуктан пенделерине керектүү бардык ниматтарды жаратты. Аларды кандай колдонуубуз, кандай пайдалануубуз керектигин пайгамбарлары аркылуу жиберген китептеринде көрсөткөн. Бул берилген маалыматтар **"дин"** деп аталат. Эң акыркы дин – Ислам дини, эң акыркы Пайгамбар – Мухаммед алейхиссалам, эң акыркы китеп Курани карим. Мусулман болсун, мусулман болбосун каалаган адам ошол китепке ылайык жашаса бул дүйнөдө тынчтыкта, эркиндикте өмүр сүрөт. Мисалы, дарыканада жүздөгөн пайдалуу дарылар бар. Ар бир дарынын кутусунда аны колдонуунун ыкмасы жазылат. Ошол ыкмага ылайык колдонгондор да пайдасын көрөт. Курани каримге ылайык өмүр сүргөн адам да ниматтардын пайдасын көрөт.)

## Түркстандын кээ бир олуялары

**Юсуф Хамадани** «рахметуллахи таала алейх»: Абу Якуб Юсуф бин Аййюб Хамадани. Ахли сүннөт аалымдарынын жана “Силсилат-уз-захаб” деген ат менен таанымал болгон белгилүү олуялардын улууларынын бири. **“Умдат-ул-макамат”** китебинде ал тууралуу: “Отуз жети жолу жөө ажыга барган. Курани каримди миңдеген жолу башынан аягына чейин окуп чыккан. Түнкү намаздарында ар рекетте бир жүз (пара, бөлүм) окучу эле. Тафсир, хадис, калам жана фыкхтан 700 жүздүк маалыматты жатка билчү эле. Эки жүз он үч муршиди камилден сабак алган. Жети миң капырдын ыйман келүүсүнө себепкер болгон. Хызыр «алейхисалам» менен көп сүйлөшкөн. Имам Азам Абу Ханифанын тегинен чыккан”, - деп жазылган. Хижрий 440-жылы (м.1049) Хамаданда туулуп, х.535-жылы (м.1141) Гератта кайтыш болгон. Кабыры Мерв шаарында. 18 жашында Багдадга барып, Абу Исхак Ширазиден сабак алган. Ханафи мазхабынын фыкх жана муназара илиминде аалым болгон. Абу Али Фармадиден фейз алып, кемелге жеткен. Мухиддин Араби хазирети бир китебинде: “602-жылы Шейх Авхадеддин Хамид Кезмани Конияга барган. Хамаданда Юсуф Хамадани 60 жылдан ашык убакыт вааз-насаат кылган. Бир күнү бир жерге бара турган болот. Аттын ноктосун бош коёт. Жаныбар аны шаардын сыртындагы бир мечитке алып барат. Мечитте бир жаш жигит андан бир нерсе сурады. Ал жооп берди”, - дейт. Мухиддин Араби бул жерде: “Адал шакирт устазын жанына тартат”, - дейт. **Фатаваи хадисия**да: “**Абу Саид Абдуллах, Ибнус-Сакка** жана **Абдулкадир Гейлани** илим алуу үчүн Багдадга барышат. Юсуф Хамадани Багдадда Низамия медресесинде сабак берчү эле. Ибнус-Сакка деген атактуу аалым бир нерсе сурады. Ага: “Отур, сенин сөзүңдөн куфур сезилип турат”, - дейт. Чындыгында, баягы аалым кийин Костантинопольго элчи катары барып, ошол жерде христиан болгон”, - делген. Абдулхалык Гиждувани жана Ахмед Яссави сыяктуу улуу олуяларды тарбыялаган. Анын “Зинат-ул-хаят”, “Маназил-ус-саирин” жана “Маназил-ус-саликин” деп аталган китептери белгилүү.

**Абдулхалык Гиждувани** «рахметуллахи алейх»: Олуялык жолдун жол көрсөтүүчүлөрүнүн бири. Улуу Ислам аалымы. Бухарада Гиждуван айылында туулуп, х.575-жылы (м.1180) ошол жерде кайтыш болгон. 22 жашында Бухарада Юсуф Хамаданинин сухбаттарына катышып, илимин чыңдаган. Имам Маликтин тегинен чыккан. Атасы Абдулжамил Малатиялык киши эле. Хызыр алейхиссаламдан сабак алган. Тасаввуфтагы айтылуу он бир сөз Абдулхалык Гиждуваниге таандык.

**“Осуятнаама”** китебинде: “Сага осуят кыламын, эй, балам! Ар дайым илим жолун изденип, адептүү бол. Такыбаалыкты карман. Ислам аалымдарынын китептерин оку. Фыкх жана хадисти үйрөн. Жахил (сабатсыз) тарикатчылардан сактан! Атак-даңкты сүйүүчү болбо! Атак-даңкта апаат бар. Көп сима[38] менен алектенбе! Симанын көбү жүрөктө нифак чыгарып, көңүлдү өлтүрөт. Бирок, симага каршы да болбо! Себеби, улуу кишилер да сима кылышкан. Арстандан качкан сыяктуу жахилдердер (сабатсыздардын) кач! Бидатчылар, адашкандар жана дүнүйөгө берилгендер менен дос болбо! Адал нерселерди же. Көп күлбө. Каткырып күлүү көңүлдү өлтүрөт. Баарына мээримдүү бол. Эч кимди кемсинтпе. Эч ким менен талашып-тартышпа! Эч кимден эч нерсе сураба! Тасаввуф (сопулук) өкүлдөрүнө тил тийгизбе! Аларга каршы чыккандар, аларга ишенбегендер балээлерге дуушар болот. Негизиң – фыкх, үйүң – мечит болсун”, - деп жазылган.

**Ахмед Яссави** «рахметуллахи таала алейх»: Ахмед бин Мухаммед Яссави – Юсуф Хамаданинин үчүнчү халифасы. Түркстанда Сайрам кыштагында туулуп, х.590-жылы (м.1194) Яссыда кайтыш болгон. Хожа (Кожо) Ата Яссави деп да аталат. Навои тилинде “ата” деген сөз атаны билдирсе да, түрктөр шейхтердин улууларын **“ата”** деп аташкан. Бухарада сабак берип, кийин Түркстанга барат. Кайтыш болоор алдында Хаже Абдулхалык Гиждуваниге багынуу тууралуу шакирттерине осуят калтырат. Алгачкы Түркстан шейхи болуп эсептелет.

38 Обонсуз диний ырларды ырдоо.

**Махмуд Инжирфагнави** «рахметуллахи таала алейх»: Ал Исламдын улуу аалымдарынын ичинде кемел киши болуп эсептелет. Бухаранын Фагна айылында туулуп, Акбениде отурукташкан. Архитекторлук өнөр менен тиричилик кылган. Х.715-жылы (м.1315) кайтыш болгондугу тууралуу **“Саба-ул-асрар”** жана **“Таж-ул-асфия”** китептеринде жазылган.

**Мухаммед Баба** Саммаси «рахметуллахи таала алейх»: Улуу аалымдардын бири. Рамитан менен Бухаранын арасындагы Саммас айылында туулуп, х.755-жылы (м.1354) ошол жерде кайтыш болгон. Али Рамитанинин халифасы. Өтө көп кереметтери көрүлгөн.

**Сейийд Амир Кулал** «рахметуллахи таала алейх»: Пайгамбарыбыздын урпагы, сейийд. Мухаммед Бухаринин устазы. Ал Бухаранын Сухари деп аталган жеринде туулуп, х.772-жылы (м.1370) ошол жерде кайтыш болгон. Хаже Баба Саммасинин шакирти болгон. Бала кезинде күрөш менен алектенген. Кийин кыш-кумара менен алектенгендиги үчүн “Кулал” деген ат менен таанылган.

**Мухаммед Бахауддин Бухари** «рахметуллахи таала алейх»: Ал “Шах-и Накшибанд” деп аталат. Олуялардын улууларынын бири, мусулмандардын ардактуу аалымы жана сейийд болуп эсептелет. Бухарадагы **“Касри арифан”** деген шаарчада х.718-жылы (м.1318) туулуп, х.791-жылы (м.1389) ошол жерде кайтыш болгон. Эки жолу ажыга барган. Көптөгөн олуяларды тарбиялап жетилдирген. **“Аврад”, “Тухфа”** жана **“Хадия”** деп аталган өтө баалуу китептери бар. Анын өмүр баяны жана кереметтери тууралуу **“Анис-ут-талибин”** китебинде кеңири жазылган. Бул китеп Стамбул – Фатихте **“Хакикат китеп үйү”** басмаканасы тарабынан 1993-жылы офсет формасында басылган. Иззи Сулейман Мырза түрк тилине которгон.

**Алауддин Аттар** «рахметуллахи таала алейх»: Мухаммед бин Мухаммед Бухари. Бахауддин Бухаринин күйө баласы жана шакирти болду. Өз доорунун кутби иршады (туура жол көрсөтүүчүлөрдүн башчысы) эле. Бухаранын Чаганиян деген жеринде х.802-жылы (м.1400) кайтыш болгон. “Олуялардын кабырын зыярат кылуунун

таасири көп болот. Айрыкча, рухтарына таважжух кылуу өтө пайдалуу", - дечү эле. Абдулгани Наблусинин анын мубарек рухунан көп фейз алгандыгы тууралуу **"Иргам-ул-мерид"** китебинде Захид Кавсари билдирген. Улуу аалым Сеййид Шариф Журжани: "Алауддин Аттардын сухбатына катышкандан кийин, Раббимди тааныдым", - деп айткан.

**Якуби Чархи** «рахметуллахи таала алейх»: Ал – Алауддин Аттардын көрүнүктүү шакирттеринин бири. Улуу аалым, вали-ул-камил (кемел олуя) эле. Газнадагы Чарх айылында туулуп, х.851-жылы (м.1447) Хулфатуда кайтыш болгон. Герат жана Мысырда окуп, Бухарада Бахауддин Бухаринин сухбаттары жана таважжухуна ээ болгон. Курани каримдин "Табарака" жана "Амма" жүздөрүнө (бөлүмдөрүнө) кылган тафсири жана фарси тилиндеги **"Рисала-и унсия"** аттуу китеби Индияда басылган.

**Убайдуллах Ахрар** «рахметуллахи таала алейх»: Убайдуллах бин Махмуд бин Шахабуддин – улуу сопулардын бири. Х.806-жылы (м.1404) Ташкентте туулуп, х.895-жылы (м.1490) Самаркандда кайтыш болгон. Якуби Чархинин шакирти болгон. Ал эми, Мавлана Казы Мухаммед Захид Бадахшинин устазы болгон. Захири жана батыни илимдердин казынасы эле. Бала кезинен баштап кереметтери көрүнө баштаган. Адал жол менен тиричилик кылуу үчүн дыйканчылык менен алектенген. Ушунчалык берекеттүү болгондуктан 1300дөн ашуун чарбачылыгы болуп, алардын ар биринде 3000ден адам эмгектенчү эле. Жыл сайын 800 миң батман данды ушурга берчү эле. "Тасаввуф илиминин максат менен натыйжасы өзүн кыйнабастан, убара болбостон ар убакыт Аллаху таалага таважжух жана икбал (берилүү), б.а., ар дайым Аны эстен чыгарбоо". "Кимде-ким арбаби жамият ээсинин сухбатында отуруп, көңүлүн Хак таалага оодара алса, анын зикир чалуусунун кереги жок", - дечү эле. "Рабыта кыла тургандар (руханий байланыш кургандар) үчүн дененин алыста болуусу руханий жакындыкка тоскоол болбойт", - деген. Ошондой эле: "Катуу ачка калуу жана уктабай коюу мээни чарчатат, акыйкатты жана өтө ичке билимдерди түшүнүүгө кыйынчылык пайда кылат. Ошондуктан, риязат тарткан (чилдеде отурган) адамдардын

кашфтары (көңүлүндө пайда болгон билимдер) каталуу болот”, - дечү эле. Дагы: “Зикир жана муракаба бир мусулманга кызмат кылынбаган бош убакытта жасалат. Көңүлдүн кабыл болуусуна себеп боло турган кызмат зикир менен муракабадан да маанилүү”, - деп айткан.

**Мухаммед Захид** «рахметуллахи таала алейх»: Кады Мухаммед Захид Самарканди – улуу аалым жана кемел олуя эле. Рух илимдеринин адиси эле. Х.936-жылы (м.1530) Хисардын Вахш айылында кайтыш болгон. Мурда көп риязат жана мужахаде (чилдеде отуруу) кылган болсо да, Убайдуллах Ахрардын «куддиса сиррух» таважжуху менен алгачкы сухбатында эле кемелге жетти. Якуби Чархинин кызынын баласы эле. **“Ал-Хадайик-ул-вардия”** китебинде кереметтери тууралуу жазылган. **“Силсилат-ул-арифин” жана “Масмуат-и Мавлана кады Мухаммед Захид”** деген китептери белгилүү. Тарбиялаган олуялардын ичинен жээни Мавлана Дервиш Мухаммед – ошол тарикаттын улууларынын бири.

**Дервиш Мухаммед** «рахметуллахи таала алейх»: Улуу олуя, рух илиминин адиси эле. Тайакеси Мухаммед Захидден фейз (руханий жактан билим) алды. Тайакеси кайтыш болгондон кийин ал Самарканддагы жаңылыш ишенимдер менен бидаттарды жойду. Он беш жыл зухд менен риязат аркылуу зикир жана тафаккур менен алек болгон. Кийин Хызыр алейхиссаламдын сунушу менен Кады Мухаммед Захиддин сухбатына катышып, кемелдик даражасына жетти. Көптөгөн олуяларды тарбиялап чыгарган. Х.970-жылы (м.1562) Маварауннахрдын Бустар деген жеринде Дасфарар айылында кайтыш болгон. Силсила-и алия санжырасынын жыйырманчы фарди камили (кемел кишиси) болуп эсептелет.

Хажеги Мухаммед Имканаги «рахметуллахи таала алейх»: Хижрий 918-жылы (м.1515) Бухаранын Имкана деген жеринде туулуп, х.1008-жылы (м.1600) ошол жерде кайтыш болгон. Руханий илимдердин адиси болчу. Атасы Дервиш Мухаммедден руханий жактан илим, фейз алган. Көптөгөн олуяларды жетилдирип чыгарган.

**Имам Бухари** «рахметуллахи таала алейх»: Мухаммед бин Исмаил. Х.194-жылы (м.810) Бухарада туулуп, х.256-жылы (м.870)

Самаркандда кайтыш болгон. Курани каримден кийинки ааламдагы эң баалуу китеп болуп эсептелген **“Жами-и сахих”** деп аталган хадис китеби **“Бухари-и Шариф”** деген ат менен таанылган. Китебинде 7275 сахих хадис бар. Аларды 600 000 хадистин арасынан тандап алган. Ар бир хадисти жазардан мурда гусул алып, эки рекет намаз окуп, истихара кылчу эле. Ушул китебин он алты жылда жазып бүтүргөн. Көптөгөн шархтары (түшүндүрмөлөрү) жана басылмалары жарыяланган. Имам Бухаринин кабырынан мушки амбар (миск) жыты жайылып турчу.

**Нажмиддин Кубра** «рахметуллахи таала алейх»: Ахмед бин Омар Хорезмден чыккан. Бир адамдын рухуна таважжух кылса ал адам олуялык даражасына көтөрүлчү эле. Агасы Абу Нажиб Сухраварди менен Мысыр шейхи Руз-и Бахандан руханий түрдө илим-фейз алган. Хижрий 539-жылы (м.1145) туулган. Х.618-жылы (м.1221) Хорезмге Чыңгыз хандын аскерлери басып киргенде шакирттерине: “Элиңерге кайткыла. Чыгыштан фитна оту келе жатат. Ал бардык жерди өрттөйт. Исламда мурда анчалык фитна болгон эмес”, - деп айтат. Алар: “Дуба кылсаңыз балким бул балээ мусулмандардан алыс болор”, - деп айтышканда: “Бул өзгөртүлбөй турган тагдыр. Дуба менен жойууга болбойт”, - дейт. Капырлар шаарга киргенде согушка катышып, шейит болгон. Кубравия тарикатынын негизин түзгөн.

**Садуддин Тафтазани** «рахметуллахи таала алейх»: Масуд бин Омар – эң улуу шафии аалымдарынын бири. Хижрий 722-жылы (м.1322) Хорасандагы Тафтазан деген жерде туулуп, 792-жылы (м.1389) Самаркандда кайтыш болгон. **“Мутаввал”** китеби **“Талхистин”** шархы (түшүндүрмөсү) болуп, бади, баян, маани жана балагат илимдерин билдирген. **“Талхисти”** Жалалиддин Мухаммед Казвини жазган, өзү х.739-жылы (м.1339) кайтыш болгон. **“Акаид-и Насафий шархы”** китеби таанымал. Садруш-шарианын **“Танвих”** китебине жасаган шархы болуп саналган **“Талвих”** китебинен улуу аалым Имам Раббанинин шакирттерине сабак бергендиги **“Баракатта” “Бадиуддин”** атында жазылган. Тафтазанинин илми калам тармагына байланыштуу **“Макасид”** китеби менен ага жасалган шархы – түшүндүрмөсү өтө баалуу.